Жыйынтыктап айтканда, байыркы ата-бабаларыбыздан калган “эр сайыш” оюну – элибиздин нукура салттуу жөрөлгөлөрүбуздүн бири болгон, сыймыктанычуу атаандаштыктын өнөрү катары жаштарыбызды намыскөйлүккө, мекенчилдикке тарбиялоодо өрнөктүү орду бар экенин шексиз. Алыбетте, азыркы учурда “эр сайыш” адам өмүрүнө залал алып келүүчү кооптуу өнөр катары спорттук оюндардын арасында жок. Бирок, ата-бабаларыбыздын кызыктуу жана салттуу оюну катары, аны келечекте ийкемдүү, коопсуз эрежелерин иштеп чыгуу менен кайрадан кыргыз элинин спорттук мелдештеринин катарына киргизсек болчудай.

Тиркемеде 3 сүрөт бар:

Айкөл Манас хан менен калмак Конурбай баатырдын «эр сайыш» - эрөөлү. Т. Герцендин гравюрасы.



“Эр сайыш” фото сүрөт болжолдуу - 1949- ж. (Интернеттен).

“Эр сайыш” - каскадерлордун өрнөк көрсөтүүсү. Экинчи Көчмөндөр оюндары. Чопон-Ата, Кырчын 5.09.2016. (Интернеттен).

Адабияттар

1. Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во втор. пол. XIX и начале XX века. -Ф.: Илим, 1967.

2. Акмат Карыбай уулу. Садыр аке. -Б., 2002.

3. Аристов. Н.А. Усыни и кыргызы или кара кыргызы. -Б., 2001.

4. Арстанбек Касен. Кыргызские игры и развлечения. -Б.: Илим, 2004.

5. Аттокуров С. Кыргыздар XVIII кылымда: Окуу куралы. -Б.: КАУ, 2002.

6. Аттокуров С. Тайлак-баатыр. -Б., 1994.

7. Атыгаев Н. Э. Казахское ханство в потоке истории. Алматы, 2015.

8. Бектенов З. Саякбай Каралаев//Замандаштарым жөнүндө эскерүүлөр. -Б.,1996.

9. Гродеков Н. И. Киргизы и каракиргизы Сыр-Дарьинской области. Т. 1. Юридический быт. -Ташкент, 1889.

10.Дмитриев С. Е. Байга у кара киргизов по случаю смерти манапа Шабдана Джантаева в Пишпекском уезде. Читанное на заседании ИРГО по отд. Этнографии 18 января 1913 г. // Архив Географического Общества России. Разряд 75. Оп. 1. Ед. Хр. 1. Л. 15.

11.Дмитриев С. Е. Шабдандын ашындагы ат чабыш// Шабдан баатыр. // Ала-Тоо журналынын тиркемеси / Баш. ред. К. Жусупов. Тузгөн Н. Капаров. Б., 1992.

12.Загряжский Г. С. Киргизские очерки: аш или тризна по умершим//Туркестанские ведомости. Ташкент, 1873. №.1.

13.Кененсарин Б. Аш-тойлор// Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт/ Түз. К. Жусупюв. Б.: Кыргызстан, 1991. 568-б.

14.Кенчиев Ж. Бабалар баяны. -Б., 2002.

15.Кенчиев Ж. Медет датка. -Б., 1996.

16.КР УИА КЖФ Инв. № 342. 58-59-бб.

17.Кылым балбаны// Де-факто. 2015. 12- июнь. 12-б.

18.Макелек Өмүрбай уулу Кармыштегин. «Манастын акылы». -Б.: Улуу тоолор, 2016.

19.Малая Кебень// Семиреченские ведомости. 1912. №228. 20 октябрь.

20.Омурзаков Д. Киргизские национальные виды спорта и народные игры. -Ф.: Кыргызмамбас, 1958.

21.Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча Манас. 3- китеп. -Ф., 1981.

22.Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча Манас. 4- китеп. -Ф., 1981.

23.Симаков Г.Н. Общественные функции киргизских народных развлечений в конце XIX – начале XX века. Историко-этнографический очерк. Ленинград: Наука, 1984.

24.Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 1- китеп. -Б., 1993.

25.Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-китеп. -Б.,1993.

26.Усенбаев К. Ормон хан. -Б.,1999.

27.Франко Кардини. Истоки средневекового рыцарства: перевод с италянского В. И. Уколовой. -М.: Прогресс, 1987.

28.Чоробаев А. Тайлак баатыр. Казал. -Ф., 1959.

29.Чоробаев А. Тайлак баатыр. Казал. Экинчи басылышы. -Б., 2002.

30.Шапрашты Казыбек бек Таусарулы. Туп-тукианан өзүмө шейин. Алматы, 1993.

31.Юдахин К. Киргизско - русский словарь. -М., 1963. С. 963.

УДК: 256:930.1.

Рыскулов Т.М. *к.и.н., БГУ*

ТЮРКСКИЙ МИР И ЗЕМЛЕДЕЛЬЧЕСКИЕ ЦИВИЛИЗАЦИИ: ИДЕНТИЧНОСТЬ И ИСТОРИЧЕСКАЯ ПАМЯТЬ

ТҮРК ДҮЙНӨСҮ ЖАНА ЖЕР ИШТЕТҮҮ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ: ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ТАРЫХЫЙ ЭСТЕ КАЛУУСУ

THE WORLD OF TURKIC AND AGRICULTURAL CIVILIZATIONS: IDENTITY AND HISTORICAL MEMORY

Аннотация: *В статье утверждается, что тенгрианство - монотеистическая религия. Рассмотрен ее вклад в мировой цивилизационный поток. С точки зрения нового исторического осмысления прошлого рассмотрены взаимоотношения Золотой Орды и Руси, раскрыты прогрессивные моменты взаимоотношений тюрков и славян.*

Ключевые слова: *Тенгрианство, монотеиз, симбиоз, Золотая Орда, Русь, Джасак.*

Аннотация: *Бул макалада тенгричилик бул монотеистик дин экенин ырастап, анын дүйнөлүк цивилизациялык агымагы салымы каралган. Өткөндү жаны тарыхий ой жүгүртүү көз карашында Алтын Ордо жана Рустун өз ара алакалары каралган жана түрктөр менен славяндардын өз ара алакаларындагы прогрессивдүү моментери ачып көрсөтулгөн.*

Түйүндүү сөздөр*: Тенгричилик, монотеизм, симбиоз, Алтын Ордо, Рус, Жасак.*

Annotation: *Article argues that Tengrianism is a monotheistic religion, its contribution to the world civilizational flow is considered. From the point of view of a new historical interpretation of the past, the relationship between the Golden Horde and Russia is examined, progressive aspects of the relationship between the Turks and the Slavs are revealed.*

Key words. *Tengry studies, monotheism, symbiosis, Golden Horde, Russia.*

В современный период глобализации идей, религий, информационных войн, всеобщей унификации каждая нация пытается сохранить свое историческое лицо, этнический код, память, национальное мировоззрение на фундаменте, которого формировались народы с своеобразной ментальностью и мироощущением, что резко отличало их от окружающих оседлых народов. Стержнем была религия тенгрианство, давшая им возможность создать величайшие империи древности и средневековья, имеется в виду империя гуннов, Аварский каганат, империя Чингисхана и т.д. оставившие, неизгладимый след в мировом цивилизационном потоке в области политики, в военном искусстве, ремеслах, культуре, в земледелии и т.д.

Религия тюрко-монгольские народов тенгрианство, ярко проявившая себя в среде народов–номадов гуннов, усуней, сформировалось уже в первом тысячелетии до н.э. с наряду буддизмом, конфуцианством и оказала решающее основополагающее влияние на повседневный быт, социальные отношения в целом на общество, государство и законотворчество. Подчеркнем, что тюркоязычные народы вплоть до XVI столетия оказывали громадное цивилизационное влияние на окружающие оседлые народы, и не только силой оружия, хотя и это было одним из решающих аргументов. Но и своим психологическим обаянием, заключенном в кодексе воина, стержнем которого, являлось честность, верность долгу и нравственное совершенство. Данный психофизический тип тюрка - воина, правителя властвовавшего на планете включительно до XVI века выкована древней благородной религией тенгрианство. Отметим, что в настоящее

время люди далекие от истории, всячески принижают ее давая ей разные не научно обоснованные прозвища шаманизм и т.д.

Но ведь давно известно и принято в научной среде, как аксиома, что по названию служителя культа религию не именуют, во вторых служитель культа у тенгрианцев имел статус кам, а не шаман?

Хотим, отметить еще один немаловажный аспект тенгрианства его монотеизм – единобожие, об этом не раз писали, авторитеты католической церкви и государственные деятели и ученые мусульманского мира Средневековья, такие как «Плано Карпини, так же как и другие средневековые авторы (Г.Рубрук, Марко-Поло, Гайтон Армянский, Рашид-ад-дин, Джувейни и др.), считалось, что у монголов существовало единобожие и что богом в христианском смысле этого слова у них почиталось божество Тенгри, или Небо. [6, 198] Таков вывод о вере тюрко-монголов известно католическому теологу и путешественнику Плано Карпини будущего архиепископа Антиварийского, одного из основателей монашеского ордена францисканцев и близкого друга самого Франциска Ассизского.

В результате знакомства с тенгрианцами, он пришел к следующему выводу. «Они веруют в единого бога, которого признают творцом всего видимого и невидимого, а также и признают его творцом, как блаженства в этом мире, так и мучений, однако они ни чтут его молитвами или похвалами, или каким-либо обрядом». [6, 28] О том, что тенгрианство – это единобожие были уверены и представители XIII в., так Гильом де Рубрук, который подробно излагает разговор о вероисповедание с Менгу-ханом, он пишет: «Затем он начал исповедовать мне свою веру - «Мы, Моалы, сказал он, «верим, что существует только единый Бог, которым мы живем и с которым умрем и имеем к Нему открытое прямое сердце». [6, 173]. Далее он прибавил, и в этих словах мы видим гимн толерантности тенгризма: Вот они «Но как Бог дал руке разные пальцы, так Он дал людям различные пути. Вам Бог дал Писание и вы христиане, не храните его». [6, 174] В отличие от всех мировых религий Средневековья, адепты, которых считали истинной только свою веру, и не признавали равными истинными даже течения внутри христианства и ислама, тенгрианцы всегда признавали равенство всех богов и религий и в этом одно из разительных толерантных преимуществ тенгрианства, но данное обстоятельство было одной из причин его не конкурентноспособности и упадка. В это же время представители других мировых религий активно занимались прозетелизмом, и не только словом, но и мечом. Но благодаря этому тенгрианство избежало таких жесточайших потрясений, как религиозные войны, как между мировыми религиями так и внутри них. Дела святой инквизиции, борьба с инакомыслием и ведьмами – отдельная тема.

Постулаты тенгризма были сформулированы следующими тезисами – нет религиозной войне, преследованиям на религиозной почве, нельзя заставлять человека верить в своего бога, это право выбора каждого. Пощада и уважение всем священно-служителям, неприкосновенность храмов, мечетей и церквей даже во время войны!

Но самое главное эти постулаты существовали не только в теории, но и активно применялись на практике в период войн, соседства, торговли. В этом контексте поучительна и показательна оценка последствий завоевания Руси монголами данная Митрополитом Ташкентским и Средне-азиатстким Владимиром, который отмечает, что «в установление власти Орды над Русью видится деяние Всеблаго Промысла Божия. На Руси, раздираемой игрой княжеских честолюбий, православные люди проливали кровь друг друга в нескончаемых междоусобных войнах.

Князья-властолюбцы попирали святыни, то и дело нарушая «крестные целования» и клятвы о мире, жгли монастыри и храмы божие в уделах своих соперников…. Раздробленная и обескровленная Русь катилась к гибели, вот-вот должна была добычей хищного Запада. Что это сулило русскому народу…

Немедленно начиналась подавление Православия и искоренение русской культуры. Монголы брали дань, но не касались веры и обычаев». [4, 170–171] Уже Батый сразу после покорения Руси дал церкви привилегии, каких она не имела при русских князьях. Представление об их характере дает ярлык великого хана Менгу-Тимура, выданный чуть позже в 1270 году: « На Руси да не дерзнет никто посрамлять церквей и обижать митрополитов и подчиненных им архимандритов, протоиереев, иереев. Свободными от всех податей и повинностей да будут их города, области, деревни, земли, охоты, ульи, луга, леса, огороды, сады, мельницы и молочные хозяйства. Все это принадлежит Богу, и сами они Божьи. Да помолятся они о нас». Данный ярлык для историков-специалистов известен, но не популяризирован, отмечаем, что и у христиан и у мусульман подобного отношения к иным религиям не наблюдалось и не практиковалось, здесь мы опять видим Высшее проявление тенгрианской толерантности и веротерпимости!

Для сравнения отметим, как поступали в аналогичных случаях в период удельных войн русские князья, которые брали города у конкурирующих династий, так тверские дружинники, взяв новгородский Торжок, обобрали с икон все серебряные иконы, а церкви спалили.

В 1434 году великий князь Василий Васильевич взявший Галич, хладнокровно спалил все тамошние церкви, часто дружинники насиловали и монахинь христовых невест. По тенгрианскому «Джасаку» Чингис-хана их бы ожидала неминуемая казнь за такое отношение к церквям, иконам и служителям культа! Основанный на идеях тенгрианства «Джасак» Чизгис-хана требовал его принятия на подвластных территориях он легко исполнялся, был прост и понятен и благороден в изложении. Поэтому последующие взаимоотношения Золотой Орды и Руси, были построены на отношениях симбиоза для блага обоих государств и народов. Далее рассмотрим иной ход событий, что было бы, если бы Русь попала в хищные объятия католического Запада? А в случае подчинения Западу Руси грозила духовная и физическая ассимиляции, потеря души народа, грозная опасность. И эта мысль отчетливо и ясно, логично изложена православным священнослужителем высокого ранга и светлого ума. Для подтверждения данной теории, приведем точ-

ку зрения, позицию Л.Н. Гумилева, он утверждал, что «Евразийские народы (хунны, тюрки, сельджуки, монголы) переселяются в ландшафты, сходные с родными им, и ищут компромисса с народами, даже им покоренными. Подобно романо-германцам вели себя предки современных китайцев, народ государства Срединной равнины. Их политика в отношении соседей сводилась к «окитаеванию» последних или к прямому уничтожению». [2, 37] Достаточно вспомнить практически тотальное уничтожение испанцами коренного индейского населения Южной Америки, которые не только не сопротивлялись, но и наоборот широко и гостеприимно встречали незванных пришельцев, которых затем вместо благодарности, просто садистски уничтожали. Для тех, кто интересуется данной проблемой, достаточно прочитать книгу "Историю обеих Индии", честного испанского монарха очевидца этих событий Лас Касаса. А в 1856 – 1857 гг. в Китае в ходе войны с западными монголами уничтожил до 80% состава их населения. Возникает вопрос, что получила Русь за почти 300 летнее Золотоордынское управление, сразу отметим, что были установлены практически вассальные отношения, которые можно охарактеризовать, как симбиоз, Русь была одним из улусов-княжеств Золотой Орды, во главе, которой стоял назначенный ханом, для Руси царем эмир-князь, дань была символической об этом не раз упоминал Л.Н. Гумилев. Приведем сумму дани она «впечатляет» и так: «после гибели Москвы (в 1382 г. Т.Р.) князь Дмитрий вновь смирился с игом и 1383 г. послал к хану своего сына Василия с огромным двухгодовым «выходом» в 8 тыс. рублей». [1, 97-98] Понятно, что так называемый огромный для Руси «выход» на самом деле, как отмечает Л.Н. Гумилев, это небольшой финансовый символ вассалитета, ведь на эти восемь тысяч хан наверно и скромно не поужинает. Подчеркнем Золотая Орда, которая в тот период практически монополизировала торговлю между Востоком и Западом, процветала. Поэтому для хана Золотой Орды восемь тысяч рублей это мелочь, ведь в этом государстве в финансовом обороте были сотни миллионов золотых и серебряных динаров. Во-первых, одним из средств аккумулирования золота была мировая торговля, во-вторых развитое ремесло и металлургия, с Орды шло на экспорт, первоклассное вооружение панцири, сабли, мечи, тугие луки, седла, ювелирные украшения, одной из достопримечательностей коей является знаменитая шапка Мономаха, золотоордынское ювелирное изделие, которое изумляет до сих пор. О компетентности и мастерстве ювелиров можно судить по золотоордынским экспонатам из запасников Эрмитажа и других российских музеев. Мне запал в память интересный случай во время аспирантской командировки в Ленинград 1990 году в это время случился казус с этими экспонатами. Этот инцидент был опубликован в одной из ленинградских газет «Час Пик». Дело обстояло следующим образом, в связи с перестройкой и демократизацией общественной жизни в стране руководство города решило продемонстрировать горожанам часть золотоордынских экспонатов Эрмитажа, после просмотра ленинградцы были потрясены и шокированы увиденным, ведь от школы и до вуза им была внушена мысль, что Орда – это дикость и мрак, а здесь такие артефакты, которые и в комментариях не нуждаются. Общее мнение сформулировал журналист, написавший статью о выставке и потрясённый также, как остальные увиденным: его вывод в конце статьи: «А как же препарировали историю в СССР!».

А ведь музейщики экспонировали только небольшую и не самую ценную часть экспонатов, относящиеся к государству Золотая Орда. Выставку собирались вести в Москву, но после случившегося казуса в Ленинграде, было решено не шокировать москвичей, дабы не услышать возмущенных возгласов, а как же препарировали Историю. Глас народа, но не ученых-историков – молчание.

Третьим составляющим бюджета Золотой Орды было развитое животноводство, о его размахе говорит следующий факт в книге «Путешествия в восточные страны» автор подчеркивает, что человек имеющий пять тысяч лошадей имеет право поставить на свою телегу белый флаг, он пишет, что он видел многих с несколькими белыми флагами, это впечатляет. Наблюдательный Гильом Рубрук отмечает, что хан Батый: «…во всякий день (он получает молоко от трех тысяч кобыл и за исключением другого белого молока, которое приносят другие». [6, 97] Имперский размах и роскошь. Видно и обывателю.

Четвертый крупный источник доходов пушнина: соболя, куницы белки, которые беспрерывным потоком шли из улуса Сибирь, мягкое золото. Вывод государство Золотая Орда была богатым и процветающим государством, а его военная мощь гарантировала безопасность его улусам в том числе и Руси – рыцарские «Дранг нах Остен» прекратились на триста лет! Границы закрыты, это безопасность поданных, мирный труд.

Имея столь значительные капиталы ханы привлекали отовсюду мастеров строителей, архитекторов и за какие то короткие 60 лет были построены громадные, прекрасные города, с огромными рынками, складскими помещениями для товаров, ханскими дворцами, библиотеками, медресе, мечетями, банями, фонтанами, что приводило в изумление иностранных гостей и купцов. Города Золотой Орды резко отличались от городов Европы того периода, для сравнения вот как выглядел средний европейский город того периода. Он был небольшим, населением насчитывало 5-7 тысяч жителей, и эти города были полу аграрные, горожане держали мелкий рогатый скот, свиней, территория его была небольшой, так как он был ограничен крепостными стенами, да и сами города вплоть до XI века были деревянные. Облик такого города выглядел следующим образом «Свиней из города не выгоняли, они и в самом городе находили себе обильную пищу, так как весь мусор, все остатки пищи выбрасывались на улицу. В городе поэтому была грязь и вонь, не легко было пройти по улицам средневекового города, не испачкавшись в грязи. В бездождье в городе трудно было дышать из-за едкой и зловонной пыли. В дождливую погоду улицы города превращались в непроходимые болота. В подобных условиях повальные болезни в городах не прекращались, и во время больших эпидемий, которые время от времени вспыхивали в средние века,

больше всего страдали города. Смертность в городах была необычайно велика». [3, 269]

В связи с тем, что ночные горшки опорожнялись прямо на улицу, для сбережения и чистоты одежды, для граждан, был придуман закон, согласно которому, прежде чем выплеснуть содержимое горшка требовалось крикнуть: Берегись, не зевай! Поэтому контраст между городами Золотой Орды и Центральной Азии и европейскими городами был виден и невооруженным глазом это отмечают многие путешественники и более позднего периода.

Все вышесказанное приведено для того, чтобы разрушить долго устоявшийся историко-политический стереотип о дикости, невежестве, бескультурье тюрков-номадов, а ведь они с раннего средневековья проживали в городах, как Суяб, Самарканд, Баласагын, Узген, включая и Константинополь и т.д. А тюркская армия великого тюрка Бабура привнесла в Индию средне-азийское зодчество, правильную разбивку парков и садов, подчеркиваем огромное влияние средне-азийских тюрков на расцвет индийского городского ренессанса! Воины – строители. У них был большой опыт градостроительства и жизни в городах, ведь в средневековье во всех городах Центральной Азии жили тюрки, а что собой представляли эти города дают следующие арабские авторы и полководцы так Ал-Умари пишет: «Что касается Самарканда, это высокий город, имеющий крепость. Посмотрев на город, (Человек) видит зелень деревьев, блеск дворцов, сливающиеся реки и светлые строения. И куда бы ни пал взор, он вкусит усладу, и какой бы сад ты не увидишь – придешь в восхищение».

Автор «Ашкал ал – ард» говорит: «Там кипарисы стрижены так, что походят на различных зверей, слонов, верблюдов, коров и разных диких зверей, бросающихся друг на друга…» Или: сказал Муслим ибн Кутайба: «а его дворцы подобны звездам на небесах». [5, 31]

Еще одним отличительным положительным, качеством тенгрианства был культ женщины – матери и ее действительное высокое положение в тюркском обществе. Образы свободных дев – воительниц тюркского мира проникали в мировой и русский эпос. «Это образ «поляницы», т.е. женщины – богатырши. Хорошо известно, что ы эпоху средневековья во всех европейских государствах положение женщины было чудовищно тяжелым. Христианская религия (как и мусульманская) способствовали этому. Женщина была по их учениям, грязным «сосудом греха». [7, 68-70] В рассматриваемом эпизоде былинный Добрыня Никитич встречает девушку богатыршу в чистом поле вооруженную и верхом на добром коне. Во время поединка девушка стаскивает его арканом, и берет в полон Добрыню эпического богатыря. В эпосе девушка богатырша Настасья, названа дочерью польского короля. Но ученый востоковед С.А. Плетнева разбирая легенду, указывает, что польские и русские девушка в это время не ездили в поле вооруженные и свободные, таким правом обладали только тюркские девушки.

Следует сказать, что женщины в половецком обществе пользовались большой свободой и почитались наравне с мужчинами. Женщинам – предкам сооружались святилища. Многие женщины вынуждены были в отсутствие своих мужей, постоянно уходивших в далекие походы (и погибавших там), брать на себя заботы по сложному хозяйству кочевий и по обороне. Так и возникал в степях институт «амазонок», женщин-воительниц, сначала запечатленных в степном эпосе, песнях и изобразительном искусстве, а оттуда перешедших в русский фольклор. [7, 68-70]

Литература

1. Анисимов Е. История России. -М.,2009.

2. Гумилев Л. Ритмы Евразии Эпохи и Цивилизации. -М., 2008.

3. История средних веков, том1. / Под редакцией Е.А. Косминского., С.Д. Сказкина. -М.,1952.

4. Митрополит Ташкентский и Средне-азиатский Владимир (Иким). По стопам апостола Фомы Христианство в Центральной Азии. -М., 2011.

5. Ибрагимова Н. Ибн Баттута и его путешествия по средней Азии. -М., 1988.

6. Путешествие в восточные страны Плано Карпини и Рубрука. -М., 1957.

7. Плетнева С.А. Половцы. -М., 1990.

УДК:39:37.013

Искендерова С.И.,*ф.и.д.,проф. БГУ*
Ражапбаева П.А. *БГУнун ага окутуучусу*

ЖАШ МУУНДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО ЭЛДИК ОЮНДАРДЫН МААНИСИ

ЗНАЧЕНИЕ НАРОДНЫХ ИГР В ВОСПИТАНИИ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ

THE VALUE OF THE NATIONAL GAMES IN THE UPBRINGING OF THE YOUNG GENERATION

Аннотация: *Жеке билим берүүнүн теория жана практика жүзүндө пайдубалдарынын бири элдик педагогика болуп эсептелинет. Оюндар аркылуу келечек муунду элдик каада-салттарга, улуттук үрп-адаттарына үйрөтүүгө болот. Оюндардын эрежелери аркылуу баланы социумдагы эрежелерге үйрөтүү процесси да оңой өтөт. Улуттук оюндар өспүрүмдү эмгек ишмердүүлүгүнө даярдайт. Улуттук оюндардагы колдонуучу каражаттар көп акчалай чыгым талап кылбайт.*

Түйүндүү сөздөр: *элдик педагогика, этнопедагогика, улуттук оюндар, көчмөндөр оюну, адеп-ахылакка тарбиялоо, дене тарбия (физикалык), инсан, жаш муун, үрп-адат, каада-салт, маданият, оюн-шоок, социум.*

Аннотация: *Одним из основ теории и практики воспитания личности является опыт народной педагогики. На протяжении всей истории посредством игры детям прививается уважение к народным обычаям, традициям, приучение их к правилам поведения игре и непосредственно в социуме. Именно народная игра готовит детей к трудовой деятельности. А средства используемые в народной игре не требуют больших денежных затрат.*

Ключевые слова: *народная педагогика, этнопедагогика, народные игры, игры кочевников, нравственное воспитание, физическое воспитание, личность, молодое поколение, традиции и обычаи, культура, игры и развлечения, обучение, социум.*

Annotation: *One of the foundations of the theory and practice of personal education is the experience of folk pedagogy. Throughout history, children are taught respect for folk culture through play, teaching them to the rules of behavior of the game and directly in society. It is the national game that prepares children for work. And the funds used in the people's game do not require large cash costs.*

Key words: *folk pedagogy, ethnopedagogy, folk games, nomadic games, moral education, physical education, personality, young generation, traditions and customs, culture, IRG and entertainment, education, society.*

Кыргыз эли социалдык-экономикалык шарттарына байланыштуу, башка улуттар сыяктуу эле, улуттук-маданий жактан көптөгөн жетишкендиктерди жаратуу менен бирге, оюн-шоок, дене-тарбия көнүгүлөрдү пайдаланышкан. Бул мектеп кыргыз элин, анын ичинен жаштарды турмушка, коомдук ишмердүүлүккө жана ата-журтту коргоого даярдаган. Анткени жаш өзгөчөлүктөрүнө, жынысына карата тарбиялык көнүгүүлөр ылайыкташтырылып, муундан – муунга кызмат өтөгөн. Тарыхый этнографиялык материалдарга кайрылсак Н.Я. Пучирин, В.И. Липский, Ч.Валиханов, В.В.Радлов, М.А.Лекина, Иш-Мухамед-Букин, А.Н.Диваев ж.б окумуштуулардын эмгектеринен Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин жазылган кыргыз элинин дене тарбиясы жөнүндөгү маалыматтарды билебиз. Енисейлик кыргыздар мал чарбачылыгы жана мергенчилик менен жан сактап VI-XI кылымдарда эле турмуш тиричилигинде лыжа жана коньки пайдаланышканы белгилүү. Байыркы кыргыздарда спорттун прикладдык түрлөрү: сайыш, оодарыш, аламан байге, кыз куумай, күрөш жана башка көптөгөн элдик оюн-шоок кеңири колдонушканы айтылып келатат.

Кыргыздардын боз үйдө өзүнчө катаал шартта турмуш-тиричилигин жүргүзүүсү, ар дайым аларды эркин такшалтууга алып келген. Улуу саясатчы Н.М.Пржевальский кыргыздарды “темирдей” бекем болгон адамдар деп, алардын ийкемдүүлүгүнө жана ден-соолугунун чыңдыгына суктанганы бекеринен эмес го.

Адабият, философия, педагогика илимдеринин классиги В.Г.Белинский дүйнө жүзүндө жашаган элдердин тарыхы жана маданияты жөнүндө ой жүгүртүп,кийинки пикирди айткан: “Бардык элдердин ар дайым өздөрүнүн тарыхы болгон:кээ бирөөлөрүндө уламыш түрүндө, башкаларында жомок түрүндө, дагы бирөөлөрүндө поэма түрүндө, андан башкаларында хроника түрүнд”. В.Г.Белинскийдин айткандарына таянып биз кыргыз элинин дене тарбия, улуттук спорту, оюн-шоок жана көнүгүүлөрүнө ой жүгүртүүдө элдик фольклорго кайрылсак: Манас, Семетей, Сейтек, Эр Төштүк, Кожожаш, Эр Солтоной, Эр Табылды, Курманбек, Жаңыл Мырза, Кедейкан, Олжобай менен Кишимжан ж.б. кээ бир чыгармалардан массалык түрдө ойнолуучу элдик оюн-шооктордун, улуттук спорттун чагылыштырылганын көрөбүз. Аларда адамдын жөө басуу, чуркоо, тоого чыгуудан баштап, ат чабыш, оодарыш, улак тартыш, кыз куумай, жамбы атмай, тыйын эңмей,күрөш, алты бакан селкинчек, шакек жашырмай, жоолук таштамай, топ чапмай, бүркүт, куш кармоо, ордо, тогуз коргоол, упай, топ таш жана башка көптөгөн кыргыз элинин оюндарын кездештиребиз. Бул оюндарды азыркы заманда колдонулушу жаш муунга, келечеке, тарыхка, этнопедагогикага абдан маанилүү.

Кыргыз эли өзүнүн салттуу оюн-шоокторун, тамаша мелдештерин жакшы көрүп, колдонуп келүүдө. Биздин тарыхыбызда, ата-бабаларыбыз той аш, жыйындарынын бири да оюн тамашасыз өткөрбөгөнүнө элдик эпостор далил. Ушуну улай Көчмөндөр Оюнунун түзүлүшү, өткөрүлүүшү келечек муунга, кыргыз маданиятына, бүтүндөй кыргыз жергесине улуттук каада-салттын, элдик оюн-шоокту унутпоого мааниси чоң. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары – бул Кыргызстан үчүн гана жаңы бренд тартуулабастан, Юнесконун долбоорун XXI кылымда жаңы деңгээлде жана жаңы форматта уланткан дүйнөлүк спорттук-маданий салтка айлануруга тийиш экенин адистер айтып келүүдө. Азыркы кезде мамлекеттик деңгээлде улуттук салттарга кайрылуудабыз, атап айтсак “Көчмөндөр оюнуна” эл аралык дүйнө жүзүнөн элдер катышты. Жыл сайын С.Шернияздын жетекчилиги менен “Акындар айтышынын”, “Улуттук кол өнөрчүлүгүнүн” көргөзмөсүнүн жыл сайын өтүүсү, кыргыз киносунун ийгиликке жетүүсү “Курманжан датка” тасмасы аркылуу дүйнө жүзүнө кыргыз аялзаты даңазаланды.

Эмгек – элдик тарбиянын негизги каражаты. Эмгектен сырткары эстетикалык да, физикалык да адеп ахлактык да тарбия жок, эмгексиз толук баалуу акыл тарбиясы да болбойт. Кыргыздарда тарбия ишиндеги ийгиликке балдарды эмгекке ыраттуу жана билгичтик менен тартуу салт болуп калгандыгы менен жетиштүү. Иштеп келип чарчаган кишиге кам көрүү, жумушуна жардам берүү, эмгек куралдарын ордуна коюу, кийимдерин илүү ж.б. Уйчу менен койчу болуп ойноо-көндүмдөрүнүн өз алдынча өнүгүшү үчүн чөйрө түзүлөт.

Өзүн – өзү тейлөө, тууган-туушкандарын тейлөө, 5-6 жаштан баштап эле:

1. Өзүн-өзү кароо жана кийимдерин күтүү;
2. Түймө түйүү жана жип ийрүү;
3. Бешиктеги баланы багуу жана уктатуу;
4. Боз үйдүн тегерегиндеги ирээттүүлүктү сактоо;
5. Жүн тытканды,үйдөгү күнүмдүк жумуштарды жасоо;

Эмгекке тарбиялоодо мугалим насаатчы жана окутуучу болуп эсептелет. Кыргыз эл оюндарынын жана тамашаларынын тарбиялык милдеттери көбүнчө эле акыл эс, эстетика жагына тарбиялайт мисалы: айланкөчөк, жашынмак, тым-тым оюну, ак терек, көк терек,көк бөрү, улак тартыш.

Элдик үрп-адаттар балдарды тарбиялоонун каражаты баланын төрөлүшү, бешикке салуу, 9-10 жаштагы кыз баланын чачын өрүү ж.б.

Эл өзү жараткан элдик оюндарын сүйөт, каада – салтын жакшы көрөт. Элдик оюндар бир жагынан дене тарбияга кызмат өтөсө, экинчи жагынан элге күлкү, кубаныч, шат, жүрөктү элжиреткен ырахат-жыргал сезимдер менен кошо жаш муунду патриоттуулукка алып келет.

Кыргыз эли өз жашоо тарыхында татаал жолдорду басып өтүп, эли-жерин, ал тургай коңшулаш жашаган тектеш тилдүү калктарды да сандаган жоодон, табигаттын катаал кырсыктарынан коргоп келгени тарыхта белгилүү. Ошону менен катар өз биримдигин, үрп-адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын сактап келген. Не бир ажайып ыр күүлөр, элдик кол өнөрчүлүктүн түркүн түрү, макал-лакаптар, жомоктор, залкар эпостор тилден дилге өтүп, аздектелип ушул күнгө чейин жеткени кыргыз эли үчүн чоң жетишкендик.

Элдик оюндардан этнопедагогиканын мыкты үлгүлөрү, элдик терең философиялык көз, улуттук өзгөчөлүктөрү көрүнүп турат. Эл тагдырына көмөктөш оюндар социумдун бардык мезгилдеринде өмүр сүрүп, доорунун өнүгүшүнө, өзгөрүшүнө, талабына жараша жаңыланып, толуктанып, кээ бирлери алынып, ар канда сапаттарг, түрлөргө өтүп түбөлүктүү жашоосун уланта береген. Элдик маданияттын негизги бөлүгүнө айланат. Баарынан да калкты дене түзүлүш жактан жеткиликтүү тарбиялоодо кооздукка, сулуулукка умтулууда бирден бир курал – бул кымылдуу оюндар, ыр-күүлөр, санат-санжыраалар, жаңылтмачтар, табышмактар болот.

Кыргыздар байыртадан ар бир доорго, мезгилге, ошол кездин социалдык шартына жараша өздөрүнө мүнөздүү оюндарды жаратышкан. Эл канчалык көчмөн өмүр сүрүп, сабатсыз болгонуна карабай бүткүл калктын башынан өткөргөн өмүрдүн элесин, тарыхын, анын ичинен маданияттын унтулгус кылыш, оюн өнөрүндө калтырып, келечек урпактарга белек катары сактап келгени анык. Ар бир оюнду өткөрүүдө ага катышууга оюнчуулардын жаш курактарын, даярдыктарын, жекече өзгөчөлүктөрүн, жынысын, оюнда колдонуучу аспаптарды, оюн өткөрүлүүчү жайларды эсепке албай коюга болбойт. Эзелтен келген оюндар келечек муунга тарыхы, ата-бабасы өткөргөн жашоошарты, мүнөзү, эрдиги жөнүндө айтып турат. Элдик оюндар ар дайым күнүмдүк саясаттан жогору турууну, саламаттыкты жана сергектикти, ыкчам, көрөгөч, ий-

кемдүү жана зирек болууну даңазалайт.Ушундан улай элдик педагогиканын тажрыйбасы теориялык жана практикалык тарбиялоодо бирден бир баалуулуктардан болуп эсептелинет.

Элдик оюндар элдик тарбиянын ажырагыс бөлүгү. Оюндар кенже курактан баштап балдарды элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл эстүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын кылымдан бери адатка айланган талабы болгон.

Азыркы кезде да элдик оюндар жаш муундардын турмушка алгачкы даярдоо процессинин негизги фактору бойдон калууда. Элдик юндар балдардын кеңири ой жүгүртүүгө, эске тутуп билүүгө, чыгармачылык менен элестете билүүгө, байкагычтыкка жана баамдагычтыкка, туруктуулукка, айлакердикке, эпчилдикке, ийкемдүүлүккө, тыкаандыкка, тез тыянак чыгара билүүгө жана башка бардык оюндар тарбия берүүнүн комплектүү каражаттарынын бири болуп саналат.

Орус улуу окумуштуусу Петр Лесгафт дене тарбия жана анын педагогикалык ишмердүүлүгү жөнүндө, анын ичинде улуттук оюндар аркылуу балдарга тарбия берүүгө болорун XIX кылымда эле далилдеп айтканы аныk: “Оюндар – бул жаш балдарды ар кандай ыкмаларды, адаттарды жана салттарды үйрөнүү үчүн пайдалануучу кыймыл аракеттер”. Элдик педагогиканын, анын ичинде улуттук оюндардын негизги, шексиз баалуулугу болуп анын турмушка ылайыктуулугу, эффективтүүлүгү жана мезгил менен текшкрилип, аныкталгандыгы болоору талашсыз. Анткени элдик педагогиканын ыкмалары, формалары жана методдорунун арсеналы чоң (оозеки элдик чыгармачылык, улуттук майрамдар жана ырым-жырымдар, ар кандай улуттук оюндар жана мелдештер, декоративдик-прикладдык өнөрдүн түрлөрү, жомоктор, табышмактар, жаңылтмачтар, ырлар, макал ылакаптар).

“Манас” эпосунун педагогика жаатында иш алып барышкан окумуштууларга кайрылсак, А.Э.Измайлов, М.Байжиев, Т.В.Панкова, С.Байгазиев ж.б. , “элдик педагогиканын казынасы” катары аныкташкан.

Кыргыз элинин улуттук оюндары менен этнопедагогикалык жактан анализдеген кезде ал оюндарды ойноо, көнүгүү жана машыгуу процессинде окуучулар моралдык, кайраттуулук, билүү, таануу, физикалык жана башка сапаттарга ээ болоору айкын. Кыргыз элинин улуттук кээ бир оюндарына токтоло кетсек:

- кыймыл-аракет оюндарында көңүл ачуу оюндары бар: селкинчек (жеке тебүү), алты бакан селкинчек (2-3 киши тебет);
- жамааттык кыймыл-аракет оюндары: жоолук таштамай, так орун, качма топ, көз таңмай, урма топ, орто топ, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, жашынмак, токту сурамай, коон үзмөй, колго түшмөй, шакек таштамай, ак терек-көк терек, оропой тебүү, селкинчек, аркан тартыш ж.б.;
- аң улоочу: бүркүт кармоо, таптоо, аны салуу-саяпкерчилик, куш кармоо, таптоо;
- спорттук элементтери бар оюндар: ордо, чокон атуу, каныш дат, кан таламай, упай, тогуз коргоол, учту-учту, уюм тууду, кетти-кетти ж.б.;
- көңүл ачуу оюндары: кимдин мөөрөйү, коңгуроо кайда, томук катмай, жип кесмей ж.б.

Айтып кеткен оюндардын бары жаш муунга адепахылактык тарбиялоо жаатында мааниси чоң. Анткени алар оюн-шоок менен бирге жашоо тиричиликке окутат. Бул оюндар баланы тарбиялоодо рухий элдик маданияттын универсалдуу каражаты болуп, инсанга улуттук-мүнөздүк көрсөткүчтөрүн ыйгарат.

Адабияттар

1. Анаркулов Х.Ф. Кыргыз эл оюндары. –Б.,1996.

2. Апышев Б.Народные традиции и их использование в трудовом воспитании старшеклассников. – М.,1974.

3. Конгантиева С.А. Этнопедагогика. Окуу куралы/ ЖОЖдордогу бардык адистиктеги студенттери окутуучулары, мектеп мугалимдери үчүн.-Б.: “Кут- бер”, 2017.

УДК:808.1 (575.2)(04)

Кулбаракова З. А.
КРУИА, Ч. Айтматов атындагы
Тил жана адабият институтунун
илимий кызматкери
zarina217@mail.ru

«КӨК БӨРҮ» ОЮНУ ЖАНА «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ТОТЕМДИК ИЗДЕРИ

ИГРА КОЧЕВНИКОВ «КЁК БЁРЮ» И СЛЕДЫ ТОТЕМА В ЭПОСЕ «МАНАС»

THE NOMAD'S GAME OF "KOK BORYU" AND THE VESTIGE OF TOTEMS IN THE EPOS "MANAS"

Аннотация: *«Көк бөрү» оюну кандайдыр бир деңгээлде бөрү тотеми менен байланыштуу аталып калган. Тотемдик калдыктарды оюндун аткарылышынан жана «Манас» эпосунан көрүүгө болот. Оюн эпоско трансформацияланып ар түрдүү эпикалык форманы алган. Бирок бир тектүү тотемдик белгилерди көрүүгө болот.*

Түйүндүү сөздөр: *«Көк бөрү», бөрү, ички тотем, сырткы тотем, тотемдик издер, кырк чилтен.*

Аннотация: *Национальная игра кочевников «Кёк бёрю» в какой то степени взаимосвязана с тотемом волка. Тотемных знаков можно заметить в процессе игры и в устно-творческом эпосе «Манас». «Кёк бёрю» трансформировалось в эпос и имеет разные эпические формы. Но мы можем увидеть тотемных знаков одного генезиса.*

Ключевые слова: *«Кёк бёрю», волк, внутренний тотем, внешний тотем, следы тотема, кырк чилтен (духовный защитник).*

Abstract: *The national game of nomads "Kok Boryu" is to a certain extent interconnected with the totem of the wolf. Totem signs can be seen during the game and in the oral-creative epic "Manas". "Kok Boryu" was transformed into an epic and has various epic forms. But we can see totem signs of one genesis.*

Keywords: *"Kok Boryu", wolf, internal totem, outer totem, traces of a totem, kyrk chilten (forty spirit defender).*

«Көк бөрү» оюну кыргыз элинде жана тектеш түрк элдеринде кездешкен, көчмөндөрдүн кызуулук менен ойнолгон оюндарынын бири. Анын маңызын терең-ден аңдап билүү үчүн «Манас» эпосуна кайрылдык.

«Ач бөрүдөй жулушуп, аябай жатып урушуп» деген салттуу поэтикалык формула «Манас» эпосунда баатырларга карата «Көкөтөйдүн ашында», «Чоң казатта», «Манастын бала чак» эпизодунда кайталанып турган формулалардан. «Көк бөрү» улуттук оюну да бөрүлөргө көркөм салыштыруу менен аты ошондой айтылып калган чыгаар. Анткени бөрүлөр жаратылышынан аң уулаганда ар тараптан чыгып, корумдап, кубалап жетип чабуул коёт. Бөрү аң уулап жатканда абдан айлакер жана акылдуу болот. Жеткен олжосун жулмалап, бири-биринен тартып жешет. «Көк бөрүнүн» оюнчулары да улакты жулмалап тартып, карматпай кеткен тарап улактын этин жешкен. Алар жеңишке жетти дегенди билдирген. Бул оюн алгач аскерлерди машыктырууда стратегиялык оюндардан болгон. Дагы бир версиялардан улак тартыш салттуу оюндардан келип чыккан деп айтылат. Үйлөнүп жаткан жаш жубайлардын үйлөнүү үлпөтүндө, балалуу болгондо же аш-тойлордо эки тарап улак тартышкан. Күйө баланын жолдоштору улак тартышка түшкөн. Улакты карматпай кыз-күйө отурган үйгө же кыздын ата-энесинин өргөсүнө улакты алып келип ташташ-кан. Бул да сый урматтын белгиси катары бааланган. Кээде той өткөрүп жаткан үйдүн алдына алып келип,

той ээси жеңишти кимге ыйгарааарын өзү чечкен [9. 334-б.]. Айрым Г.Н. Симаков сыяктуу этнографтар бул оюнду мергенчилердин бөрүгө ууга чыкканынан башталган дешет. Карышкырды ат менен кубалап барып союул менен бир чаап өлтүрүп, өлтүргөн мергенчи аны өңөрүп алып айылына чаптырган. Аны кубалаган атчан башка мергенчилер жеткен болсо тартып алышкан. Ким тезинен өңөрүп айылга жеткирсе олжо ошонуку болгон. Бул мергенчиликти «бөрүчө олжолоо», «бөрү олжо» деп аташкан [4. 2-б.]. «Көк бөрү» оюнунун мындай кызыктуу этимологиясы арбын. Алардын түпкү чындыгы окшош: бөрүнүн сапатына окшотуп аталган оюндун мүнөзүнө жараша аталып калганы. Биздин оюбуз боюнча да «Көк бөрү» оюну бөрүлөрдүн кулк-мүнөзүн алган жигиттердин кызуулук менен ойногонунан улам аталып калган. Биринчиден оюндун физиологиялык сапаты окшош келсе, экинчиден түрк тилдүү элдерде байыртадан бөрү тотем катары орчундуу орунда болгон, аны эркек кишиге ыйгаруу генетикалык мүнөздөн. Руханий жана физиологиялык жактан бөрүлөрчө кармашкан оюнчулардын элестүү картинасы аргасыз «бөрүлөрдүн кармашын» көз алдыңа тартат.

Бөрү дүйнө элдеринин көпчүлүгүндө учурай турган тотем, бара-бара элдик оозеки чыгармачылыка ар түрдүү формада (мифтик, культтук, экзогамиялык, табу, партеногенезистик) кирип кеткен. Алгачкы коомдо бөрү көпчүлүк Европа жана Азия элдеринин ыйык да, коркунучтуу да эсептеген тотеми катары эки тараптуулукту алып жүргөн. Европа элдеринин азыркы күнгө чейинки мифтик уламыштарында бөрүгө айланган адамдар жөнүндө айтылып келет (оборотень: Вервольф (нем.), Виавульф (англ. саксон), Вилктаки (литовс.)). Абхаз элинде карышкырга айланган адам айылды кыдырып малдуулардын малына кол салып же аларды дубалаган. Скандинавия мифологиясында карышкыр Фенрира, жер ээси катары кезип аймакты кайтарган. Ал абдан чоң бөрүнүн сырттаны катары сүрөттөлөт. Анын апасы дөө аял Ангрбоданын Ермунганда-жылаңы жана өлүүлөр өлкөсүнүн падышасы – Хель аттуу дагы эки баласы болот. Карышкыр дөө аялдын айтканы менен болуп айрым учурларда малчылардын малдарын көтөрүп кетип турган [20. 65-б.].

Бөрү тотеми Орто Азия, Алтай жана Монголия, Сибирь чөлкөмүндө кеңири тараган. Анын көк түрктөр менен байланышы тыгыз болгон. Түрк сөзүнүн пайда болгонуна чейин эле көктүн жиберген уруу колдоочусу катары карашкан. А.Н. Кононовдун айтканына караганда "түрк" ("күчтүү, чымыр") жыйынды ат болуп, кийин уруулук бирикменин этностук атына айланып кеткен [6. 20-б.]. Бөрүнүн балдарыбыз, биз түркпүз деген жазуулар да түрк менен бөрү сөзүн параллель алып жүргөн учур болгонун айгинелейт. Бул бирикмеге Ашина уруусу кирген. V-к. тарыхтын аренасына чыккан, анын бардык өкүлдөрүнө ошол мезгилдеги уруулар аралык тил — сянби тили, т.а. байыркы монгол тили болгон. Ошол мезгилде бул буйруктун, базардын, дипломатиянын тили болгон. Окумуштуу Гумилев бул тил менен Ашина уруусу 439-жылы Гобинин түндүк чет-жакасына өткөнүн айтат. "Ашина" деген сөз "бөрү" дегенди билдирет. Түркчө бул — бөрү же карышкыр, ал эми моңголчо шоно//чино деген сөз. "А" — кытай тилиндеги урматтоонун префикси. Демек, "Ашина" "айкөл бөрү" дегенди билдирет. Кытайчаланбаган бул сөз араб жазуусунда Шанэ деген ат менен сакталып калган [6. 19-б.]. Кытай булактарында түрктөргө кол салуу аскердик планында көчмөндөрдү чилдей таратып, бөрүлөргө кол салуу керек деген жазуу камтылган. Ашина алдында бириккен түрк-монгол урууларынын башчылары да бөрү аталган. Мисалы, Сянби ханышасы күйөсүн бөрү касиетиндеги хан деп эсептеген. Желегинде жала калкандарында бөрүнүн баштары тартылган сүрөт дайыма орун алган [6. 21-б.].

Ашина уруусуна тиешелүү уламыштардын биринде Хси-Хай элине душмандар тийип, элди кырып жалгыз калган эркек баланы колу-бутун кесип мунжу кылып таштап кетишет. Аны бөрү эне келип эмизип, тамак-аш ташып багат. Бала чоңойгондо бөрү сулуу кызга айланат, экөө үйлөнөт. Алардан тараган балдар Ашина уруусун негиздейт. Түрк мифологиясы эмгегин жазган Бахаеддин Өгел Кытай жазма булактарынан табылган тобалардын уламышын келтирет. Тобалар көк түрктөрдүн курамына кирип, бирок Кытай чек арасына жакын жашаган урууларын болгон. Уламышында Као-чы (кытай булактарындагы аталышы, окумуштуулар дөөлөс, төөлөс деп чеч.) элинин Каганы кыздарын теңирге турмушка берүүнү көксөйт. Анткени кыздары абдан сулуу жана акылдуу, эмгекчил болушат. Алар теңирге гана татыктуу деп эсептеп, кооз кийимдерди кийгизип тоо башына алып барат. Тоо башында отурган эки кыз канча күн өткөнү белгисиз көктөн түшкөн теңирдин белгиси такыр көрүнбөй коёт. Ошондо эркек карышкырдын жакындап калганын көрүп кичүү кызы бөрүнү жиберген экен, мен бөрүгө турмушка чыгам деп бөрү менен кетип калат. Алар үйлөнүп бөрү менен Кагандын кызынан Као-чы эли тараган имиш [2. 18-б.]. Дагы бир бөрү тууралуу уламыш Усундарга таандык, Бань Гу жазып калтырган маалымат боюнча гунндар усундардын өлкөсүнө кол салып башчысынын жөргөлөп жүргөн уулу Кун-мону өлтүрө албай чөлгө таштап кетишет. Анын үстүнөн карга каалгып учуп бир кесим эт таштаса, жанына бөрү эне келип эмизип аман алып калат. Гунндардын ханы (Модүй шанүй деп айтылып жүрөт кийинки изилдөөлөрдө) баланы жөн бала эмес экенин туюп жанына алып чоңойтот. Ал баладан бөрүдөй чапчаң жана шамдагай аскер чыгат. Аны усундардын башчысы кылып дайындайт. [2. 14-б.]. Бөрү уламыштарда тотем катары коргоочулук жана айрым бир урууларын ататеги катары белгилүү. Эпикалык чыгармаларда бөрү көп грандуу функцияга өтүп кеткен.

«Манас» эпосундагы кырк чилтендин бөрүгө айланганы колдоочу тотемдик белгиден кабар берсе «Огуз хан» эпосунда Огуз ханга жол көрсөтүүчү катары жолдоштук кызматты аткарат. Огуз хан жер кыдырып жерлерди уулдарына бөлүштүрүп жүргөндө көп жерден адашат. Адашууда бөрү жол көрсөтөт. Карлуктардын жерине келгенде Огуз хандын алдына жарык түшүп көк жүндүү жана көк көздүү карышкыр адамча сүйлөйт. Мындай адамча сүйлөп кайрылуу типтүү мотивдердин бири. Аны байыркы мифтик тотемден тартып сыйкырдуу жомоктор жана эпикалык чыгармаларга чейин кирип кеткенин көрөбүз. «Аскерлериңди жана бектеринди алып менин аркаман бар» - дейт карышкыр. Анын аркасынан жүрүп отуруп жоон топ элге туш келет. Анын атын карлуктар деп коёт. Бөрү-

нүн адамча кайрылышы космогониялык доордон эсхотологиялык мезгилге өткөн мифтешкен мезгилге таандык деп Мелетинский Е.М. белгилейт [19. 44-б.]. Мелетинскийдин ою боюнча бөрүнүн адамча сүйлөгөнү кудайлардын карама-каршы туруп бири-бири менен согушкан мифтик мезгилдин учуруна таандык. Ал эми Жирмунский В.М. адам менен сүйлөшкөн бөрүнү кереметтүү жомоктордон трансофрмацияланган сюжети катары карайт. Түпкү негизи адам баласынын дүйнөгө болгон көз карашындагы аллегориялык мифтик понтеондо жатат деп эсептейт [19. 45-б.]. Мындай карама-каршылыктуу ойлордун чечимин чыгарууда бөрү адамдын дүйнөгө болгон көз карашындагы мифтик формада жанданган жандык экендигин аңдап турабыз. Бирок мифтик аспектиден кароо менен дүйнө элдеринин ишениминде жаныбарлар социалдык-этнографиялык тарыхый чындыкты алган культ болгонун эске алуубуз керек. Пропптун айтымында фольклордун эң баалуу тарабы тарыхый-чындыктын камтылышында [21. 84-б.]. Пропптун пикирине кошулуу менен кыргыз элинин жана түрк тилдүү элдердин эпосторунда бөрү культтук мотивди алып жүргөн тотемдик белгини сактап калган деп айтаар элек. Анын эпоско элдик оозеки уламыштардан, жомоктордон киргени табигый көрүнүш, тарыхыйлуулук принцибин сактаган. Анын үстүнө түрк уруулары жашаган аймакта карышкырды ата-теги катары кароо, уруунун атын, хандардын атын, жоокерлерди атоо тотем тутуу культунун бирден-бир негизи. Бул тарыхый чындык.

Огуз хан жөнүндө эпостон башка толгон токой варианттагы уламыштар да сакталып калган. Ал уламыштарда Огуз хан өзү карышкыр белдүү, аюу көкүрөк, киш (жапайы жандык) желкелүү, бука буттуу алп катары чагылдырылат [7. 147-б.]. Мындай сүрөттөөлөр да «Манас» эпосундагы Манас баатырдан тартып Алмамбет, Сыргак, Чубак, Кошой, Жолой сыяктуу баатырларга жаныбарлардын сырткы келбетин ыйгарып сүрөттөө мүнөздүү. Зооморфтук белгилер менен баяндоо эпикалык баатырдын бирден-бир өзгөчөлүгү. Биринчиден алар тотемдик дүйнөнүн белгилери болсо экинчиден элдик чыгармалардан сугарылып кирген тарыхый чындыктын кайсы бир деңгээлин камтыган. Е.А. Костюхиндин «Типы и формы животного эпоса» деген эмгегинде жаныбарлардын элдик чыгармаларга айланып калыптанышы тотемдик ишенимден андан кийин гана мифтик формадан тураарын айтат. Тотем менен мифти дүйнөнү көрүү гана эмес сезүү фактысы катары карайт – ал факты ыр, жомок, уламыш, баян, аңыз, элдик тамсилдер, эпикалык ырлар, эпостор болуп ар түрдүү формалардан тураарын белгилейт [8. 35-б.]. Мындай фактылыкты биз «Манас», «Огуз хан» «Маадай Кара» эпосторунан көрө алабыз. Түрк-монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында тотемдик белгилердин камтылышы да дүйнөнү кабылдоонун фактылык материалы катары баштапкы катмарында сакталып кала берген. Бирок мезгил өткөн сайын түрдүү мотивдерге өзгөргөн. Алсак «Маадай Кара» эпосунда Көгүдей-Мергендин алгачкы бала кездеги эрдиктеринин бири, карышкыр менен карганы өлтүрүп жан-жаныбарларды аман сактап калат. Карга менен карышкыр душман катары сүрөттөлүп Алтай ээси кемпирдин айтымында кара күчтүн жиберген желдеттери болуп баяндалат. Мындай тескери мотивдин алтай эпосунда орун алышы карга сыяктуу да карышкырдын эки тараптуулукту алып жүргөн сапатка ээ болгондугун билдирет. «Гэсэр» эпосунда да баатыр жер үстүндөгү алптар менен согушуп, аларга жардамга келген карышкырлар менен да алышат. Карышкырдын көк түрктөрдө тотем катары саналса, алтайлыктарда, монголдордо кара-күчтүн ээси катары да эсептелген. Жакшы-жаманды, ак-караны бирдей алып жүргөн образ катары карооо болот. Мындай жуурулушкан көрүнүш албетте эпостордо орун алып калган, бирок көктүн жиберген көк бөрүсү сыяктуу негизги мотив түрк элдеринин эпосторунда салттуу түрдө сакталып калды. Эгерде алгачкы мезгилдерде тотемдик түшүнүктөрдүн өкүм сүрүшүнө байланыштуу көөнө чыгармаларда чагылдырылган жырткыч жаныбарлар урууну же эпикалык каармандарды колдой турган магиялык мүнөздөгү кейипкер болуп катышса, баатырдык эпостордун эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки этаптарында мурдагы тотемдик-колдоочулук, коргоочулук касиети унутулуп же жумшарып, эпикалык салттарда гана алардын аты аталуу менен кыймыл-аракеттери өтмө мааниде чагылып, көркөм каражаттын милдетин аткарып калган [2. 159-б.].

«Манас» эпосундагы кырк чилтендин бөрүгө кубулган катмарын жана баатырларды сүрөттөөдө көркөм каражат катары колдонулган бөрү сөзү башка түрк эпосторуна салыштырмалуу коргоочулук тотемдик белгини сактап калган. Коргоочулук касиети подтекст катары берилип салыштыруу, эпитет сыяктуу поэтикалык тилдин көркөм каражатына айланган. Мисалы, «Көсөө куйрук көк бөрү, Көкжал эрдин жөкөрү» - делип Манаска, кырк чорого карата ыйгарылып айтылган.

С. Орозбаковдун варианты боюнча «Манас» эпосундагы жаныбар-тотемди ичине каткан кырк чилтен кийинки сюжеттерде баатырды дайыма коштоп жүргөн. Бөрү деген сөз кырк чилтен жөнүндө сөз болуп жатканда көп учурайт. Ал Манастын алдынан утурлап чыккан баяндоодо кадимки бөрүлөрдүн элесин тартат.

Куп ошондой билиңиз,
Кырк чилтен айта салганы,
Бир силкинип бирөө
Көк бөрү боло калганы.
«Бирде бөрү, бирде адам,
Анык сонун экен!» — деп,
Көөнүнө бала алганы [11. 186-б.].

Кырк чилтендин балага кезигүүсү кут даарыды дегенди билдирет. Анткени бөрү көзгө көрүнгөндө башыңа кут конот деген алигиче кыргыздарда ишеним бар. Адам кейпин кийип баланы өзүнө тартуу эпикалык салттуу мотивдерден.

«Бери бастыр, балам» — деп,
Кырк чилтен сүйлөп калганы.
«Кайгырбагын өзүң — деп,—
Жумгун балам көзүң!» — деп,
Кайберен кырк чилтен,*
Балага айтып туруптур [10. 214-б.].

Албетте, кырк чилтен катмарланган мотив. Анын чилтен (иран. чил-кырк, тен-дене, адам) сөзүнө кыргыздын “кырк” ыйык саны айкалышып кеткен [2. 378-б.]. Кырк чилтендин бөрүгө, кайберенге айланышы байыркы тотемдик ишенимдин калдыгы. Коргоочулук функцияны бөрү (кайберен), кырк саны, чилтен

бирдей аткаргандыктан тарыхый кыртыштын камтылганын көрөбүз. Кырк чилтендин ичине аларды бириктирген архетиптик модели коргоочулук жана колдоочулук касиети. Балким түрк уруулары тиешелүү болуп келген бөрү тотеми да исламдын келиши менен кызырга, чилтенге, шайык же шаймерденге алмашып эволюциялык мүнөздө эпоско кирген. Мындай чиеленишкен кырк чилтендин образында бөрүнүн колдоочулук белгиси, тактап айтканда тотемдик калдыгы сакталып калган.

Башкыр (башкорт, башкурт) элинин ишениминде да жана аңыздарында карышкыр жол баштоочу же жол көрсөтүүчү, коргоочу жаныбар катары көрсөтүлөт. Мисалы түштүк-чыгыш башкорт эли (усергандар, тангаурдар жана бурзяндар) душмандын чабуулунан кийин жер кезип чөлдүн кучагынан чыгалбай турганда карышкыр элди чөлдөн алып чыгып кеткен деген аңыз айтылат. Ушундан улам айрым илимпоздор баш-башчы, корт-карышкыр деп чечмелешет. Урал тоолорун мекендеп калган уруулар асабасына карышкырдын башы чегерилген сүрөттү желбиретип алып жүрүшкөн. Ал эми Таджетдин Ялсыгул (1767–1838) аттуу башкыр элинин жазуучусу айле уруусунун санжырасына байланыштырып төмөнкүдөй аңызды келтирет: «Хантыл атуу адам Медина шаарынан Булгар шаарына чейин карышкырдын аркасынан ээрчип жүрүп жеткен жана ал элине кайтып келгенде айле уруусунун башчысы болуп калган. Андан кийин Хантылдын тукуму башкорт аталып жалпы элдин атына өткөн». Мындай мотивди жомоктордон да көрүүгө болот, жолдон адашкан баатырларга жол көрсөтүп карышкыр жардамга келген. Башкыр эл жомокторунун негизги мотивдеринин бири болуп адамга карышкырдын жол көрсөтүп жардам бергени (Мисалы: «Алтын канат», «Санай баатыр», «Алтын алма», «Юлбат» ж.б.) саналат [5. 369-б.].

Демек, бөрү тууралуу тотемдик түшүнүк жана анын издери «Манас» эпосунда образдарды сүрөттөөдө салыштыруу, эпитет жана коргоочу-колдоочу кырк чилтен катары кездешет. Эпостун башкы каарманы Манастын туруктуу эпитеттеринин бири «көк жал», «көк бөрү» болуп берилет. Кошойдун «кыргыздарды кырк уруу бөрү» сыпатында мүнөздөшү, Манастын көк бөрү болуп кубулган кырк чилтенге жолугушу, анын атасын алып, дамамат колдоого ээ болуп жүрүшү өңдөнгөн мотивдер байыркы тотемдик ишенимдин эпостун жалпы мазмунуна, көркөмдүк деңгээлине, образдык системасына белгилүү таасир тийгизгенин күбөлөйт. Көк бөрү оюну да жоокерлердин бөрү мүнөзүн тулку боюна сиңирип алуу кыймыл-аракетинен аталып калган чыгаар. Мисалы, жазма булактардан Махмуд Кашгаринин эмгегинде да böri/бөрү жана kurt/курт (солужан уруусундагы аталышы) сөзү менен карышкырдын аты кездешет. Börleyü / бөрлейү – бөрү сыяктуу болуу, бөрүдөй болуу маниси этиштик кызматтагы жаныбар аты катары адамга карата пайдаланылганын көрөбүз. Бөрүдөй күчтүү, айбаттуу, тайманбас болуу сымал жырткычтын кулк-мүнөзүн адамга колдонуп же адамдын мүнөзүнө салыштырып айтуу ошол кездеги тотемдик белгиден кабар берет. Окумуштуу Э.Б. Тайлор тотемдин эки түрүн белгилейт: **Ички тотем** – жаныбарды адам мүнөзүнө жакындатып кайсы бир тарабын окшотуп, адаттарын сиңирип, кулк-мүнөзүн үйрөнүп денесинен тырмак, тиш же терисин алып жүрүү. **Сыртқы тотем** – жаныбар адам баласын ар тараптан коргоо менен колдойт жана коргоочу пири катары жандап жүрөт [23. 457-б.]. Албетте, «жолборс тиш», «бүркүт тырмак», «бөрүнүн тиши» сыяктуу буюмдашкан тотемдин сүрөт формасына жалганган түрү жана кийинки эволюциялык баскычы болуп аны ыйык саноо, уруунун атына белги катары алып жүрүү болгон. Акыры «ыйык», «сыйкырдуу» «жандуу» сыяктуу анимистик түшүнүк кетип анын ордуна патриоттуулук, эрдүүлүк, элин сүйүү, коргоо сыяктуу түшүнүктөр ээлеген. Азыркы учурга чейин Кыргызстандын аймагында жолборс жокко эсе, бирок карышкырга аңчылык кылынган мезгилде тишин же тырмагын айыл жергесинде «бөрү жатыш» тери оорусуна каршы колдонуп келишет. Ооруп калган адамдын мойнуна же куруна тагылат, ооруну өзүнө тартып алат деген ишеним бар. Тактап айтканда, бөрүнү алгач көбүрөөк ички тотем катары тишин же тырмагын алып, кулк-мүнөзүн ыйгарышкан. Бул ыйгаруу эпоско колдоочулук жана коргоочулук мотивде сүңгүп кирген.

Жыйынтыктап айтканда «Көк бөрү» оюну бөрүнүн кулк-мүнөзүн, кыймыл-аракетин сиңирип алуу аракетиндеги (ички тотемдин калдыгы сакталып калган) аталышка ээ болгондугун жана «Манас» эпосунда ошол эле кулк-мүнөз колдоочу-коргоочулук (сырткы тотем) касиетти алганын көрүүгө болот. Ал эми оюн катары аз гана «Көкөтөйдүн ашында», аскердик машыктыруу жана согуштук жагдайды сүрөттөөдө салыштыруу иретинде көбүрөөк «Чоң казат» эпизодунда кездешет.

Кыйкырышып көк бөрү,
Тартып аткан андан көп,
Көк бөрүнү тытышып,
Талашып аткан андан көп,
Жолдошторун табалбай,
Адашып аткан андан көп [21. 531-б.].

Адабияттар

1. Bahaeddin Öğel, Türk Mitolojisi, I, II – Ankara, 2010. – 644-s.

2. Mahmud Kaşgari, Divani Lügat-it Türk Dizini.– Ankara, 200. – 420-s.

3. www.wikipedia.org.// 28.03.2017

4. Бускунов А.М., Кульшарипов М.М. Культы животных и птиц в башкирской мифологии и истории общественной мысли // Вестник Башкирского университета. №1, Башкортостан, – 2012. – 8-с.

5. Гумилев Л.Н. Байыркы түрктөр. – Б., 1999. – 412-б.

6. Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. – Б., 2003. – 265-б.

7. Костюхин Е.А. Типы и формы животного эпоса. – М., 1987. – 270-с.

8. Манас энциклопедиясы. I - т., II - т. – Б., 1995. – 439-б.

9. «Манас». С. Орозбаков варианты, IV-т. – Б., 1997.

10.«Манас». С. Орозбаков варианты, I-т. – Б., 1995.

11.«Манас». С. Орозбаков варианты, VIII-IX-т. – Б., 2014.

12.Мелетинский Е.М. От мифа к литературе. – М., 2001. – 166-с.

13.Мифы народов мира. – М., 2008. – 1147-б.

14.Мусулманкулов М. Манас. – Б., 2017 – 727-б.

15.Пропп В.Я. Фольклор и действительность. – М., 1976. – 324-с.

16.Тайлор Э.Б. Миф и обряд в первобытной культуре. – С., 2000. – 624-с.

17.Тайлор Э.Б. Первобытная культура. – М., 1989. – 573-с.

УДК 811.512.154 (81’42)

Камбаралиева У.Дж.
филол. и. д., БААУ

УБАКЫТ-МЕЙКИНДИК КАТЫШТАРЫНЫН КӨЧМӨН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНДА ЧАГЫЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

ОСОБЕННОСТИ ОТРАЖЕНИЯ ПРОСТРАНСТВЕННО-ВРЕМЕННЫХ СООТНОШЕНИЙ В МИРОВОЗЗРЕНИИ КОЧЕВОГО КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

FEATURES OF THE REFLECTION OF THE SPACE-TIME RELATIONS IN THE WORLD VIEW OF THE NOMADIC KYRGYZ PEOPLE

Аннотация. *Макалада көчмөн кыргыз элинин дүйнө таанымында мейкиндик-темпоралдык катыштарын параметрлештирүүнүн кээ бир өзгөчөлүктөрү анализденет, ошондой эле мейкиндик жана убакыт маанилеринин кыргыз тилдик дүйнө сүрөтүндө вербалдашуусунун этномаданий спецификасы каралат.*

Түйүндүү сөздөр: *мейкиндик-убакыт катыштары, улуттук менталитет, тилдик дүйнө сүрөтү, тилдик моделдер*

Аннотация. *В статье подвергаются анализу некоторые особенности параметризации пространственно-темпоральных соотношений в мировоззрении кочевого кыргызского народа, а также рассматривается этнокультурная специфика вербализации значений пространства и времени в кыргызской языковой картине мира.*

Ключевые слова: *пространственно-временные соотношения, национальный менталитет, языковая картина мира, языковые модели*

Annotation. *The article analyzed the some peculiarities of the parametrization of spatial-temporal relations in the worldview of the nomadic Kyrgyz people, and considered the ethno cultural specificity of the verbalization of the values of space and time in the Kyrgyz language picture of the world.*

Key words: *spatial-temporal relations, national mentality, language picture of the world, language models*

XX кылымдын аягынан баштап тил илиминде кеңири орун алган, ар бир тилди ошол тилде сүйлөөчүлөрдүн маданиятына тиешелүү өңүттө анализдөө гана алгылыктуу жыйынтыктарга алып келери тууралуу пикир азыр аксиомага айланган десек жаңылышпайбыз. Окумуштуулар белгилегендей, «реалдуу дүйнөдөн түшүнүктү карай жол жана андан кийин анын сөзгө айланышы ар түрдүү элдерде ар башка, бул алардын тарыхтагы, географиядагы, ошол элдердин жашоосундагы айырмачылыктары, мунун негизинде алардын коомдук аң-сезиминдеги өзгөчөлүктөрү менен шартталган, анткени биздин аң-сезимибиз коом тарабынан («маданият» деген сөздүн кеңири, этнографиялык маанисинде), ошондой эле жеке-индивидуалдык тараптан (дүйнөнү спецификалык кабылдоо) шартталгандыктан, тил барлыкты түз эмес, реалдуу дүйнөдөн ой жүгүртүүгө жана ой жүгүртүүдөн тилге карай чагылдырат» [1: 39]. Ар бир элдин жашоосу аны курчап турган табият менен тыгыз байланышып, табияттан көз каранды болгон. Л.Н.Гумилевдун пикири боюнча адамзат «ар кандай ландшафттарга: тропикалык токойго, кургак талаага, тундрага, ж.б. ыңгайлашуу менен көндүмдөр менен салттарды иштеп чыккан, мунун өзү адамзаттын этнос деп аталган ар кыл

жамааттарга бөлүнүүсүнө алып келген» [2: 237–238]. Ал эми бул процесстин натыйжасында жашоонун көчмөн, жарым көчмөн, отурукташкан түрлөрү пайда болгону белгилүү. Көчмөндөрдүн жашоо-тиричилиги отурукташкан элдердин жашоо-шартынан айырмаланганы алардын дүйнөтаанымында, ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрүндө чагылдырылган. Көчмөндөр цивилизациясынын болуп өткөнүнө көп убакыт болсо да, ал эзелтеден тоолорду мекендеп келген көчмөн кыргыз элине чоң таасирин тийгизгендиги анын тилинде, же улуу жазуучу Ч.Т.Айтматов айткандай, анын «автопортретинде» таасын көрүнөт.

Отурукташкан элдердин өздөрү жайгашкан мейкиндикти убакыттын агымында кабылдоосу турак-жайларынын аймагы менен бир багыттуу, аз динамикалуу кабылданса, көчмөндөр үчүн мейкиндик чексиз болгонун, ал эми убакыт алардын жоокерчилик жашоосундагы душманга каршы аткан жебедей, алдындагы минген аргымагындай көзгө илешпей учканын тилдик моделдердеги образдардан көрүүгө болот.

Мейкиндик жана убакыт объективдүү дүйнөнүн, анын бардык объектилеринин, алардын алкагында болуп өткөн бардык окуялардын болушунун, орун алышынын, өмүр сүрүшүнүн формасы болуп эсептелүү менен, илимдер тарабынан негизги, онтологиялык деп табылат. Мейкиндиктик - убакыттык катыштардын ичинен мейкиндикти кабылдоо адамдарда эртеээк калыптангандыгы илимде эчак далилденген, анткени алгач адам өзүнүн мейкиндиктеги параметрлештирүү аркылуу алган ордун аныктап, андан кийин убакыттын агымы менен багытын болжолдой алган. В.А.Маслова белгилегендей, «…адамдар мейкиндикти координаталар системасы аркылуу эмес, мейкиндиктеги объектилердин арасындагы мамилелер аркылуу аңдап-билишет» [3: 95], ошондуктан көчмөндөрдүн жашоосуна мүнөздүү болгон, мейкиндикте орун алган объектилерди аныктоо мейкиндик-убакыт катыштарын тактоого өбөлгө түзөт. Демек, мейкиндикти, анын өлчөмүн кабылдоо көчмөн кыргыз элинин метафоранын жардамы менен «зат (нерсе)» жана «орун» түшүнүктөрү боюнча ой жүгүртүүлөрүнө байланыштуу.

Кыргыз элинин мейкиндикти параметрлештирүүсү адамдын мейкиндиктеги ордунун аныктамаларына тиешелүү болуу менен, тилдик дүйнө сүрөтүндө бинардуу оппозициялык маанидеги координаталардын белгилери аркылуу билдирилет: *өйдө (жогору) – төмөн (ылдый), алды (асты, маңдай, каршы) – арт (арка), оң – сол, батыш – чыгыш.* Мейкиндикти параметрлөөгө колдонулган тилдик каражаттар көчмөн кыргыздын аң-сезиминде мейкиндиктин ар кандай дифференциясынын ар түрдүү образдары жашаганынан кабар берет. Бир жагынан караганда, мейкиндик чексиз, бирок ал көчмөн турмушта дискреттүү жана антропоборборлуу ориентирлөөгө ээ. Кыргыздардын курчап турган дүйнөнү аң-сезиминде кабылдап, дифференциялоосунун символу катары анын кылымдар бою жашап келген турак-жайы – боз үйдү карооо болот. Анын түндүгүнөн, же чамгарагынан чексиз дүйнөнүн бир бөлүгү - көк асман көрүнгөнү, күндүн горизонттогу чыгыштан батышка карай сапары кыргыздын өзү орун алган геомейкиндикти структуралап, тилде репрезентациялоосуна шарт түзгөн. Боз үйдүн негизги орду болуп эсептелген төрдөн караганда бардык нерселердин орду да өз алдынча бааланат. Кыргыздардын дүйнөтаанымында оң тарап оң сапаттарга ээ катары каралса, ал эми сол жак терс сапаттардын алып жүрүүчүсү катары сыпатталат. Ички мейкиндик – борбор дайыма адамдын алган, жайгашкан ордуна шайкеш локалдык мааниге ээ. Байыркы убактан бери биздин күндөргө чейин жеткен мейкиндик – убакыт катыштарынын параметрлөө системасы кыргыздардын жан дүйнөсүндө, архетибинде сакталып, концептуалдык жана тилдик дүйнө сүрөттөрүндө өзгөрүүгө дээрлик дуушар болбогонуна байыркы жазма эстеликтер күбө боло алат. Алсак, «Күлтегинге арналган жазууда» төмөнкүдөй саптар бар:

Когда вверху голубое небо (жогору жакта көк асман болгондо),

[а] внизу бурая земля возникла (или: была сотворена) (ылдый жакта кара жер пайда болду (же: жаралды)),

между ними возникли (или: были сотворены) человеческие сыны (алардын ортосунда адам баласы пайда болду (же: жаралды)).

Над человеческими сынами мои предки (адам баласынын үстүнө менин ата-бабаларым)

Бумын-каган [и] Истеми-каган сели [на царство] (Бумын-каган [жана] Истеми-каган отурду [төбөлдүккө]. [4:54; 178].

Бул үзүндүдө байыркы кыргыздын аң-сезиминдеги барлыктын дифференциялоосу даана берилген: алгач вертикалдык параметрдеги көк асман, андан кийин горизонталда, жерде адам баласы, алардын үстүндө болсо - башкаруучу төбөлдөр жайгашкан. Демек, мейкиндикти кабылдоо боюнча байыркы кыргыз дүйнөтаанымындагы вертикалдык жана горизонталдык координаталар түшүнүктөрүнүн негизинде ар кандай тилдик моделдер (лат. modulus – өлчөм, ченем, үлгү, аналог) пайда болгон. Өздөрүнүн алган орду боюнча көчмөндөрдүн аң-сезиминде мейкиндикти шарттуу түрдө борбор – чет-жакага, же ядро - периферияга бөлүү орун алган, бул метафоралык моделдерде байкалат. Кыргыздардын мейкиндикти параметрлөөсүнүн символдору катары этномаданий мааниге ээ болгон ар кандай концепттерди көрсөтүүгө болот: *тоо, талаа, жол, жер,* ж.б. «Тоо» - метафоралык мааниде байыркы кыргыз элинин дүйнөтаанымындагы дүйнөнүн түзүлүшүндө эң биринчи жаралган көк асмандын «тиреги», ландшафттын базалык элементи жана ориентир болуучу символдук белги - бийиктик, ошондой эле кыргыз эли үчүн сакралдык жер, «өз» жерди «бөтөндөн» бөлүп туруучу чек ара, муундардын өз ара байланышын сактоочу күч. Ошондуктан, адамдын жаш курагын, мансабын сүрөттөөдө тоо кыркаларына тиешелүү айтылуучу лексемалар жигердүү колдонулат: *жаш өйдөлөгөндө / ылдыйлаганда, белестен ашканда, кырктын кырында, алтымыштан ашканда, мартабасынын туу чокусунда, ж. б.* Муну менен бирге тоо кыргызга энедей эң жакын жер, ошондуктан тоону персонификациялоо тилде кеңири колдонулат: *тоо коюнунда/ кучагында, тоонун төшүндө, жонунда, этегинде,* ж.б. Мейкиндикти аймактарга бөлүштүрүүдө тоо - ядролук борбордун ролун аткаруу менен вертикалдык параметрлештирүүнү ишке ашыруучу белги. Илимде «көчмөн эл» түшүнүгү талаа менен элестетилип – ассоциацияланары белгилүү. Бирок, кыргыз эли-

нин тилдик дүйнө сүрөтүндө чагылдырылган талаага тиешелүү семантикалык белгилер этноспецификалык мүнөздө болгондуктан, кыргыз көчмөндүгү илимде жалпы кабыл алынган стереотиптик алкактарга туура келбейт деп ойлоого болот. Мисалы: *үйүндө көптү талаада урбайт («бөтөн жерде»); талаада жүрүү («үйдөн алыс», «бөтөн жерде»), ай талаага чачып салуу («жөнсүз коротуу»); талаага кетүү («бекерге кетүү», «акталбай калуу»), сөз/ эмгек талаада калуу («маани берилбей», «бекерге кетүү»), (киши) талаада калуу («багуусуз калуу», «коомдон бөлүнүү»); кур талааны сүйлөө («маанисиз сөз сүйлөө»), ж.б.* [5: 195]. Бул сыяктуу тилдик фактылардын негизинде «талаа» түшүнүгү көчмөн кыргыз элинин дүйнөтаанымында мейкиндиктин горизонталдык координатасын гана көрсөтүүчү, аксиологиялык жана коннотативдик компоненттерге ээ, көчмөн кыргыз менталитетинин символу болуп саналбай турган концепт катары кабылданат.

Жогоруда келтирилген мисалдардагы сыяктуу метафоралаштыруу дүйнөнү таанып-билүүнүн негизги куралдарынын бири катары колдонулат. Тил илиминде когнитивдик өңүттөн метафора – адамдын аң-сезиминин феномени катары (Дж.Лакофф, Е.С.Кубрякова, ж.б.), ал эми лексикологиялык өңүттөн болсо – көп маанилүүлүктүн бир түрү катары (В.Г. Гак, Н.Д. Арутюнова, ж.б.) аныкталары белгилүү. Мейкиндиктин бинардуу оппозициялык мүнөздөмөсү интерпретациялоого жол ачуучу төмөндөгү лексемалар менен такталат: *жогору (өйдө) – ылдый (төмөн), терең – тайыз, арты (аркасы) – алды (асты), жакын –алыс, толтура – бош, тиякка – биякка, ж.б.* Тилдик дүйнө сүрөтүндө мейкиндик түшүнүгү ушул маанини семантикалык мазмунунда алып жүргөн лексемалардан тышкары (тактоочтор, зат атоочтор) жөндөмөлүк-жандоочтук конструкциялар аркылуу жана алар менен валенттүүлүктүн негизинде айкашкан этиштин формалары менен билдирилет. Кыргыз тилиндеги оппозициялык маанидеги мейкиндик багыттары көп өлчөмдүү чектер катары тилде орун алып келет. Алсак, горизонталдык багыттагы визуалдык, б.а. көз көргөн эң жакын жер: *көз алдында, мурундун учунда, ээк алдында, кол сунум жерде, бир кадам, ж.б.* Ошондой эле аудиалдык, же угуу аркылуу аныкталуучу жакын жер: *жөтөлсө (чүчкүрсө, кыйкырса, сүйлөсө), ит үрсө угулган жер, ж.б.* Алыстагы перселер: *таяк таштам (ыргытым) жер, тай /ат чабым жер, ж.б.* Ал эми мейкиндикте алган ордун болжолдой албаган алыс жер: *көз көргүс кулак уккус, барса келгис, адам аягы баспаган жер, ж.б.* сыяктуу бирдиктер менен экспликацияланат.

Ал эми вертикалдык аралыкты көчмөн кыргыз көздөрү көрүп, камтый алган аралык аркылуу болжолдогон. Мисалы, *көктүн / асмандын жети катында / катмарында, жердин жети катында/ катмарында, ж.б.* Муну менен катар кыргыздардын жашоосунда ченөлчөм маанисинде колдонулуучу зат, буюмдардын узундуктары, куштун учкан бийиктиги мейкиндикти вертикалдык-горизонталдык координаттарда ченөө үчүн салыштырылуучу бирдик катары колдонулган: *сөөм, карыш, кулач, киши бою, аркан бою, бакан таяк учу бою (боз үйдү көтөрүүчү), уук бою, сабоо бою, көктө куш учкан бийиктикте, ж.б.*

Материянын бар болушун шарттоочу эки категориянын бири – убакыт. Убакыттын өтө абстракттуу маңызынан улам адам анын агымын түшүнүүгө, өзү үчүн жөнгө салууга аракеттенгенинин жыйынтыгы катары саат, календарь сыяктуу адам коомунун өсүшүнүн атрибуттарын айтууга болот. Ал адамдын мейкиндиктеги практикалык жана башка ишкердүүлүктөрүн жөнгө салуучу жана адамдын жашоосун, дүйнөнү тартипке келтирүүчү эң маанилүү курал катары кызмат кылат. Убакыт жана мейкиндик категориялары өтө тыгыз байланышкан, кепте колдонулган убакыт маанисин билдирген сөздөрдүн ар бири метонимиялык өтмө мааниде «убакыттын ошол кесиндисинде болуп өткөн, демек, белгилүү бир мейкиндикти ээлеген окуяларды» билдире баштайт (жекшемби тууралуу айтып бер – жекшембиде – бир жерде болуп өткөн/ боло турган перселер тууралуу) [6: 239]. Бирок, убакыт координаталары мейкиндиктин координатасынан такыр башкача, ошондуктан убакытты кабылдап – аңдоо мейкиндиктен өзүнчө болуу менен спецификага ээ.

Көчмөн кыргыз эли өз жашоосундагы алган маанисине жараша мейкиндиктик-убакыттык континуумду моделдештирүүдө өзү таанып-билген перселердин, түшүнүктөрдүн образдарын колдонуп, баарын горизонталдык жана вертикалдык координаталар аркылуу дифференциялайт. Көчмөн жашоодо чоң мааниге ээ болгон мейкиндиктик – убакыттык катыштар алгач мейкиндикте өз ордун таануунун, андан кийин гана ошол мейкиндикте убакыт аралыгында болуп өтүп жаткан окуялардын тизмегин ассоциациянын негизинде категориялаштыруунун жыйынтыгы болуп саналат. Когнитивдик белгилердин жардамы менен координациялык параметрлердин образдарын аныктоодо вертикалдык өзөк адамдын үстү жагында болгондугу үчүн ал көчмөн кыргыз үчүн идеалдуу, кынтыксыз жакшы сапаттардын, жете алгыс перселердин көптүгүнүн орду катары кабылданат. Ал эми горизонталдык сызыкта адам өзү жайгашкандыгы үчүн ал негизги орун катары бааланат, андан тышкары чет-жакада, перифериядa орун алган бардык нерсе жат жана жакшы сапаттары болбогон сыяктуу мүнөздөлөт.

Убакыттын абстракттуулугуна байланыштуу анын образы мейкиндикте орун алган перселердин, жандыктардын, колдонулган зат-буюмдардын кыймыл-аркетинин адамдын аң–сезиминде метафоралаштыруунун негизинде пайда болот. Убакытты аңдап-билүү үчүн образдардын негизинде түзүлүп, көчмөн кыргыздын аң-сезиминде орун алган моделдердин төрт түрү (түз сызыктуу, циклдик моделдер, салттуу жол модели жана перцепциялык модель) мейкиндик алкагында болуп өткөн, болуп жаткан жана болуучу окуяларды камтуу менен мейкиндик жана убакыттын ажырагыс байланыштарын жана катыштарын даана көрсөтөт.

Илимде кеңири каралган түз сызыктуу модель вектор түрүндө элестелүү менен, көчмөн жашоодо адамдын көзү көрүп, фиксация боло турган перселердин образы аркылуу чагылдырылат. Көчмөн кыргыздын жашоосунда мейкиндикте орун алган бир багыттуу динамикалуу, кайра артка кайрылгыс перселер убакыттын түз сызыктуу образын жаратууга өбөлгө болгон: жебенин атылышы, аттын чуркашы, суунун агымы, куштун учушу, ж.б.

Жаратылыштагы кубулуштардын көчмөн кыргыздардын жашоо – шарты үчүн чоң мааниге ээ кайталануучу өзгөрүүлөрү циклдик моделдин негизи

катары кабыл алынган: күн-түндүн, мезгилдердин алмашуусу. Ал эми өткөн менен келечектин учур чак аркылуу байланышы жана өткөндө жасалган иш-аракеттин келечек үчүн мааниси кыргыз эли үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон - убакыттын салттык жол моделинин мазмунун түзөт. Дайыма динамикалуу көчмөндүк жашоого параллелдүү аңдалып-кабыл алынган перцептивдик модель адамдын мейкиндикте алган ордунан убакытты индивидуалдык-жеке кабылдоонун өзгөчөлүгүн аныктайт.

Мейкиндик-убакыт маанисине байланышкан концепттер кыргыз элинин жашоосундагы «коммуникативдик муктаждыкка» байланыштуу көчмөн кыргыздын дүйнөтаанымындагы образдарды чагылдыруучу этномаданий мазмундагы тилдик бирдиктер аркылуу вербалдашууга дуушар болушу, же образдын вербалдашпаган белгилери катары каралышы мүмкүн [7: 95].

Демек, мейкиндик-убакыт катыштары бул эки категориянын ажырагыс тыгыз байланышын көрсөтүү менен көчмөн кыргыз элинин улуттук дүйнө сүрөтүндө төмөнкүдөй касиеттерге ээ болгон: мейкиндиктин борбор-перифериягa чектелиши убакыт алкагында болуучу буюм-нерселер, көрүнүштөр менен белгиленет; мейкиндиктин дискреттүүлүгү кыргыз элинин жашоосунда орун алган конкреттүү көрүнүштөр аркылуу тастыкталса, убакыттын дискреттүүлүгү адамдын кабылдоосунан көз каранды; мейкиндикте болуп өткөн окуялар, болгон жана болуучу көрүнүш, нерселер учур чакта эмес, келер чакта көбүрөөк маанилүү.

Адабияттар

1. Тер-Минасова С.Г. Язык и межкультурная коммуникация. – М.: Слово/Slovo, 2000. - 624 с.

2. Гумилев Л.Н. Ритмы Евразии: эпохи и цивилизации. –М.: Экопрос, 1993.- 576 с.

3. Маслова В.А. Введение в когнитивную лингвистику. Уч. пособие. 8-е изд. – М.: Флинта: Наука, 2017. - 296 с.

4. Стеблева И. В. Поэтика древнетюркской литературы и ее трансформация в раннеклассический период. – М.: Наука. Главная ред. восточной литературы, 1976. – 214 с.

5. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. Кн. 2. Л-Я. – Фрунзе: Главная редакция Киргизской Советской энциклопедии, 1985. – 480 с.

6. Падучева Е.В. Пространство в обличии времени и наоборот (к типологии метонимических переносов) // Логический анализ языка. Языки пространств /отв. ред. Н.Д. Арутюнова, И.Б. Левонтина. – М.: Языки русской культуры, 2000. – С. 239–254.

7. Камбаралиева У.Д. О некоторых особенностях киргизских концептов. - Культура общения и ее формирование: межвузовский сборник научных трудов. - Вып. 32. / Под.ред. И.А.Стернина. - Воронеж: изд-во «Истоки», 2016.- С. 94-96.

УДК-81.2. О-72

Осекова Т.К.,
ОГПИ, колледж мамлекеттик тил кафедрасынын башчысы

ЭЛДИК ОЮНДАР – КӨЧМӨН КАЛКТЫН ТАРБИЯ МЕКТЕБИ

НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ – ШКОЛА ВОСПИТАНИЯ КОЧЕВНОГО НАРОДА

NATIONAL GAMES - ARE NOMADIC PEOPLE'S EDICATION

Аннотация: *Макалада элдик оюндар, алардын түрлөрү менен таанышты-рылат жана бала тарбиялоодо, жаштарга атуулдук тарбия берүүдө элдик оюндардын орду жогору экендиги баса белгиленет.*

Түйүндүү сөздөр: *оюн, маданият, кыраакы, көчмөндөр, элдик тарбия, ат оюну, шамдагай, тапкыч, эр жүрөк, атуул.*

Аннотация: *Статья знакомит с видами национальных игр кочевников, также в ней особо подчеркивается роль народных игр в патриотическом воспитании молодежи.*

Ключевые слова: *игра, культура, бдительный, кочевники, народное воспи-тание, конные игры, ловкий, находчивый, отважный, гражданин.*

Abstract. *In this article nomadic games, their types with getting aguainted and briging up the children, youth gioing the civic edication national games place high specialy noteced.*

Key words*: game, culture, watchful, nomads, people's bringing up, horse-games, guick, discoverer, brave, citizen*

Кыргыз эли жашоо тарыхында татаал жолдор-ду басып өтүп, эли -жерин, мал жанын, ал тургай коңшулаш тектеш тилдүү калктарды да сандаган жоодон, табигаттын катаал кырсыктарынан коргоп келген. Ошону менен катар өз үрп-адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын көөнөртпөй сактаган. Не бир ажайып ыр күүлөр, элдик кол өнөрчүлүктүн түмөн түрү, макал - лакаптар, жомок-тор, залкар эпостор ал гана эмес элдик оюндарга чейин тилден дилге өткөрө аздектелип, эс -акылдын кудурети менен ушул күнгө жетти.

Ааламдашуунун шарттарында илим жана техно-логиянын жетишкендиктери менен кошо кайталан-гыс маданияттардын, үрп-адат, салттардын жоголуу коркунучу жаралып турган мезгилде ата-бабалары-быздын мурасын сактоого жана кеңири жайылтууга багытталган кадам - бул «Көчмөндөр оюну» болду. 2014-жылы өткөн биринчи «Көчмөндөр оюнуна» дүйнөнүн 19 өлкөсүнөн өкүлдөр келишсе, 2016-жылы 4-сентябрда өткөн «Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары-на» дүйнөнүн 62 өлкөсүнөн өкүлдөр келишинен эле бул оюндар кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, табиятын дүйнөгө даңазалап, биримдик менен ын-тымагыбызды бекемделип жаткандыгынын далили болуп эсептелет. Мындай иш-чаралар жер жүзүндө-гү бардык көчмөн элдердин өз ара түшүнүшүүсүнө түрткү берип, кызматташуусун арттырды. Көчмөндөр оюндары кулачын кенен жайып, дүйнө эли кызыгып көргөн, төгөрөктүн төрт бурчунан келген спортсмен-дер катышкан, глобалдык масштабдагы уникалдуу иш-чара катары белгилүү болду. [4]

Көчмөндөр оюндарын өткөрүү менен ата-баба-ларыбыздын баскан жолун даңазалап таазим этебиз. Көчмөндөрдүн рухун жүрөк түпкүрүнө сактоо менен урпактарга өткөрүп , муундардын байланышын улап, өткөнүбүзгө сыймыктанып, келечекке үмүт артабыз.

Кыргыз эли көчмөн өмүр сүрүп, сабатсыз бол-гонуна карабай калың калктын башынан өткөргөн өмүрүнүн элесин унутулгус кылып, келечек урпак-тарга белек катары сактап келишкен. Маданияттын башаты, адам баласынын канаты болгон атка ми-нип, ат жалында эркин ойноп, көчүп -конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк-мүнөзүнө, улут-тук өзгөчөлүктөрүнө жараша сандаган кыймыл-дуу оюндарды ойлоп табышкан. Элдик оюндарда элдин ой-тилеги, үмүт- мүдөөсү, кубанычы, өкүнү-чү, эрдиги, адилеттик жана теңсиздик үчүн болгон күрөшү, эркиндик менен теңдикке болгон умтулуусу камтылган. [5:154-б]

Элдик оюндар элдин түбөлүктүү жашоосун улантуу менен бирге элдик маданияттын, дөөлөттүн ажырагыс бөлүгүнө айланган. Элдик оюндар – элдик

тарбиянын ажырагыс бөлүгү. Баланы тарбиялоодо элдик оюндарды балдарга үйрөтүү, ойнотуу , ойноо шартын түшүндүрүү ата-энелердин да атуулдук милдети, ошондуктан ар бир ата-эне балдарына татыктуу тарбия берүүдө муну эске алуусу зарыл. Элдик оюндар көңүл ачууда, маданияттуу эс алууда, денени чындоодо эле чоң мааниге ээ болбостон, балардын руханий дүйнөсүн калыптандырууда аларга патриоттук тарбия берүүнүн, улуттук маданияттарды жакындаштыруунун жана өз ара байланыштыруунун маанилүү каражаты болуп эсептелет.

Оюн бул – адамдардын ишмердүүлүгүнүн бир түрү.Оюн аркылуу бала айлана-чөйрөнү тез таанып билүүсүнө шарт түзүлөт. Ошондой эле окуучулардын мектепте алган билимдерин бышыктоодо жана илимге, эмгекке кызыгуусун арттырууда чоң роль ойнойт. Анткени окуу процессинде өздөштүрүүгө кыйын болгон нерсени оюн учурунда оңой эле өздөштүрүп алууга болот.Оюндарды ойноо менен балдар практикалык ишмердүүлүккө көнүгүшүп, ден соолуктарын чындашып, өз ара аракет жасоого үйрөнүшөт. Ошондой эле оюн аркылуу моралдык жана эстетикалык рахат алышат. Элдик оюндар тарбия берүүнүн комплекстүү каражаттарынын бири болуп саналат.

Изилдөөчүлөрдүн байкоолоруна караганда кыргыздардын жакшы көрүп, баалаган оюндарынын ичинен күчтүү жана шамдагайлыкты сыноочу оюндар биринчи орунда турат. Элдик оюндарды мүнөзүнө карай төмөндөгүдөй топторго бөлүштүрүүгө болот:

1. Кыймылдуу оюндар: селкинчек, ак чөлмөк, шакек салмай, жоолук таштамай, жашынмак, ороmпой,дүмпүлдөк, аркан тартыш, күрөш, чүкө атмай, ордо, ак терек-көк терек, эшек секиртмей, элден-элден эл чабар ж.б

2. Акыл оюндары: тогуз коргоол, алты коргоол, чатыра таш, чатыраш –киште, нартөө, катар, уюм тууду, бөрү таш, топ таш ж.б

3. Ат оюндары: ат секиртмей, көк бөрү, ат жарыш, кунан чабыш, улак тартыш, эр эңиш, эр сайыш, жамбы атыш, кыз куумай, тыйын эңмей, жорго салыш ж.б

Элдик оюндардын бул түрлөрү биринчиден элибиздин бийик маданиятын даңазаласа, экинчиден балдарга тарбия берүүдө тийгизген таасири жогору. Элдик оюндардын кайсы түрүн үйрөнүүгө аракеттенсек ошонун баарын «Манас» эпосунан табабыз.

Ордо - кыргыз эли ордо оюнун тээ байыркыдан эле уруу- уруу же айыл – айыл болуп ойноп келишкен. Кыргыз элинин ордо оюну алгач «Манас» эпосунда ойнолгондугу кеңири белгилүү:

«Ажыбай, Кыргыл чалдары,
Ордого башчы коюшкан.
Бир туугандай болушкан.
Ажыбай жагы оодарыш,
Чүкөнү алды, ханды алды
Кыргыл чал жагы кур калды»- деп айтылат.

Ордо ойнолуучу жер күн мурунтан шыпырылып, кары күрөлүп, айлана-чөйрөсү тазаланат. Ордо ойнолуучу жерге какырбайт, түкүрбөйт, адепсиз ойлор айтылбайт, улуу-кичүүнү сыйлоо даана байкалат. Ордо ойноп жаткан ар бир адам өзүнүн адептүүлүгүн көрсөтүүгө аракеттенет. Ордо оюну аркылуу жаштарды күчтүү, эрктүү, шамдагай, ошондой эле эрдик көрсөтүү мүнөздөргө тарбиялайбыз.Мына ушундай тарбиянын жактарын терең түшүнгөн адамга ордону кыргыз элинин «Асман алдындагы мектеби» десек жаңылыштык болбос эле. [6;143-б]

Аркан тартышуу – аш-тойдо, келин алууда, бала отургузууда, чоң шеринелерде ойнотулуп, балдарды ден соолугу чын, ар кандай нерселерге туруштук бере алууга тарбиялайт. Бардык эле нерсени бирдей деңгээлде өздөштүрө албаган баланы оюн аркылуу делебесин козгоп, ар кандай шартка ылайыкташууга өбөлгө түздүргөн оюн болуп эсептелет.

Шакек жашырмай- оюнун ойнотуу менен балдардын сезгичтик, билгичтик, тапкычтыгын арттырып, ачык көңүл , шайыр - шатман болуп, жамаат арасында өзүн алып жүрүүгө багыт беребиз.

Селкинчек – келин-кыздар жигиттер аралаш ойнойт. Мында экиге бөлүнбөй эле, оюн-шоок үчүн айылдын чет жагына селкинчек салып коюп, күнтүн дебей бош боло калганда айдын жарыгында, күндүн ачыгында селкинчек тебишет. Селкинчек тепкендер көккө бир чыгып, жерге бир түшкөнсүп ойку-кайкы болуп, тизелерин бүгүп, өздөрү да күүлөнүшөт. Селкинчекте күч тарбияланат, тең салмактуулук сакталат, чечкиндүүлүккө, тартипти сактоого үйрөтөт. [2]

Жашынмак- жаш балдардын, кыздардын оюну. Экиге бөлүнүп ойнолот. Жашынбаган тарап эки жакты карабай турат, ал эми жашырынуучулар эң бир байкоосуз жерлерди ойлонуп таап жашынышат. Мисалы, үйдүн ичине, тактанын алдына, жүктүн бурчуна, жыйган отундун, чөптүн арасына ж.б. Кылдап жашынып таптырбай койгону кыйын, таап алганы кыраакы болот. Бул оюн аркылуу балдарды сезгичтикке, кыраакылыкка, эс- акылдуу болууга тарбиялайбыз.

Күрөш- кыргыздын байыртан берки сүйүктүү оюну. Бардык диний, чарбалык, турмуштук майрамдарда күрөш уюштурулат. Кыргыз күрөшү -элдин турмуш- тиричилигин шарттарына толук жооп берген күрөш өзүнүн көп кырдуулугуна карабай анын ыкмалары атаандаштардын бири-бирине гумандуу мамиле жасоосуна байланышкан. Күрөштө күчтүүсү эле эмес, шамдагай, тапкыч, ыкмаларды билгени жеңип чыккан. Демек, күрөш кара күчтөн сырткары шамдагай болууну, күрөшүү ыкмаларын билүүнү талап кылат.

Тогуз коргоол- акыл оюну. Бул оюн коллективдин пайдасы үчүн өзүн-өзү чектөө жана курмандыкка баруу жөнүндөгү түшүнүктү берет. Анткени окутуу жана тарбиялоо процессинде уюмдашып иштеген коллектив гана ийгиликке жете алат. Оюн баланын ар тараптан гармониялык жактан өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк берет, чыгармачылык көндүмдөрүн өркүндөтөт, ой-жүгүртүүлөрүн, эс-тутумун өнүктүрөт. [9;25-б]

Улуттук ат оюндары жаштарды күчтүү болууга шамдагайлыкка, ыкчамдыкка, чыдамдуулукка даярдайт. Ошондой эле улуттук оюндар жаштарды турмушка, практикалык эмгектерге даярдоонун жана аскердик атуулдук тарбиянын мектеби болуп эсептелет.

Улак тартыш (көк бөрү) - бүгүнкү күндө майрамдык мааракелерде, аш-тойлордо кеңири кулач жайды. Чоң байге коюлуп, жер - жерлерден улакчылар келишип, оюн жогорку деңгээлде өтүүдө. Бул оюн аркылуу аймактан келгендер таанышып,жакындашып, элибиздин улуттук маданиятын көкөлөтсө , экинчи жагынан күчтүүлүк, ыктуулук, шамдагайлык жана кайраттуулук сапаттар калыптанып, жаштарды эр жүрөк, патриот балууга үндөйт.

Эр эңиш- кыргыз элинин арасына кеңири таралып, азыр да маанисин жогото элек улуттук оюндун бир түрү. Эр эңишке бирдей жаштагы кишилер түшөт, оюндун эрежеси боюнча аттын үстүнөн кармашып, оодара тартып жерге түшүрүү менен жеңишке жетишет. Бул оюн аркылуу күчтүү , шамдагай болуп, ден соолукту чындоого өбөлгө түзүлөт.

Кыз куумай- башка элдерден айрмаланып кыргыз кыздары ат оюндарына шыктуу келет. Буга жер жарган кошун арасында ат үстүндө көзгө илешпей аркырап учуп, тулпарчан жигитке жеткирбей, намыс алышы күбө. Оюндун шарты боюнча кыз тандаган атын минип, андан артканы гана жигитке тийген, атты чапкан кыз көзгө илешпей кетсе, намыстуу жигит артынан куып жетип, кызды бетинен өпкөн, жетпей калса кыз атынын башын буруп, камчы менен жигитти кубалап сабаган. Демек, кыз дебей, жигит дебей ат үстүндө шамалдай учуп, кыргыз элинин эр жүрөк чыдамкай, шамдагай калк экенин башкаларга таанытышат. [5;154-б]

Ат оюндарына жигиттер гана эмес, кыргыздын кыз-келиндери да катышып, өз күчтөрүн сынашкан. Эгерде азыр да «эр оодарыш», «улак тартыш» сыяктуу жана башка улуттук оюндар мектептерде балдарга үйрөтүлсө, кыздар да артта калбастан үйрөнүшөрү айдан ачык. Азыркы учурда уландар менен кыздар спорттун бул түрүнө карата аз кызыгышат. Себеби республикабызда спорттун бул түрлөрүнө көп көңүл буруп, колдоого алынбай айыл - кыштактарда, райондордо, ал гана эмес ипподромдордо ат үстүндөгү улуттук оюндар , мелдештер дайыма өткөрүлбөй, бул оюндар үчүн атайын машыгуулар болбой, болсо да тар чөйрөнү камтыганы менен чектелүүдө. Натыйжада, айыл мектептеринде тарбияланып, тоодо өскөн азоо минип, ат жалында ойногон кыргыздын улан –кыздары шаарга келип окушканда, ат эмес, ипподром кайда экенине да кызыгышпай жатышат. Азыркы кыз келиндер гана эмес, кыргыз жигиттеринин көпчүлүгү бул оюндарга жөндөмсүз болуп жаткандыгы кээде боло калуучу аш –тойлордо, майрамдык маарекелерде «улак тартыш», «эр оодарыш» оюндарына улгайып калган кишилер катышып, ал эми жаштар «күйөрмөн» болуп турушканы далил болот. Демек, бул азыркы кыргыз жаштары барабара улуттук оюндарга кызыкчылыктарын жоготуп бара жаткандыгына жандуу күбө.

Иштин ушул жагын эске алып, ат спортуна байланыштуу кыргыздын улуттук ат оюндары боюнча мектептерде спорттук кружокторду уюштурууга неге болбосун. Мындай болгон учурда балдардын көңүлдүү эс алуусун камсыз кылып, шамдагай жүрүүнү үйрөтүү менен бирге, улуттук оюндарды эл арасына жайылтууну кеңири үгүттөсөк болот. Элдик оюндардын жөнөкөй түрлөрүн тандап алып, сабакта да колдонуу балдар үчүн жеңил болот. Татаалдашкан теманы да оюн аркылуу кызыктуу өтө турган болсо, сабак да бири-бирине окшошпой улам кызыктуу болмок. Биз оюн аркылуу балдардын жан дүйнөсүн келечекке карай гана багыттабастан, алардын жолунда жолуккан тоскоолдуктарга чыдамкай мамиле кылып, ат чабышып, ат жалында эркин ойноосуна дайыма билими менен күч сынашып, алдыга озуусуна, көздөгөн максатына жетүүсүнө, жоро-жолдошторунун ишенимине ээ болуусуна, жакшы жөрөлгөлөрдү жаратсак бул алардын келечегине кенен жол салуу болуп саналат. [6;150-б]

Эгерде спорттун бул түрүнө чын дилибиз менен баа берип, мектеп окуучуларын тартсак, анда алардын ден соолуктары чың болуп өсүп, келечекте улуттук спорттун бул түрүн андан ары карай улантуучулардан болуп калышаар эле. Экинчиден, мындай жаштардын арасында келечекте спорттун башка категориялары боюнча дасыккан гимнастиктерди, балбандарды, боксер, жеңил атлетиктерди ж.б даярдоого ыңгайлуу шарт түзүлгөн болоор эле. Үчүнчүдөн,дүйнөлүк масштабда чоң мааниге болгон «Көчмөндөр оюндары» сыяктуу иш-чараларда өлкөбүздүн желегин желбиретүүчүлөрдүн саны арбымак.

Кыргыз элине ар тараптан өнүккөн эрктүү, эл жерин сүйгөн, эли үчүн жанын аябаган, шамдагай, чыдамкай жана намыскөй балдарды элдик оюндар аркылуу гана делебесин козгоп, эл керегине жараган атуулдарды тарбиялап чыгаруу бүгүнкү күндө негизги милдеттердин бири экендигин түшүнүүбүз абзел. Чындыгында, улуттук оюндар жаштарды дене тарбия жактан даярдоодо чоң өбөлгө болуу менен бирге келечекте аларды аскердик атуулдук жактан тарбиялоого жол ачат.

Адабияттар

1. *Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. -Б., 1996.*
2. *Анаркулов Х.Н. Кыргыз эл оюндары. -Ф., 1981.*
3. *Апыш Б . Тарбия жараяны. -Б., 2008.*
4. *//Кыргыз туусу №70 6-сентябрь 2016.*
5. *Максутов Т. Мырсабеков А. Улуттук педагогиканын негиздери. - Ош, 1996.*
6. *Максутов Т., Байымбетов М. «Манас» эпосу элдик тарбиянын кенчи. -Б., 1999.*
7. *Саралаев М. Кыргыздын улуттук спортунун түрлөрү. -Ош, 1993.*
8. *Сейдалиев К. Элдик педагогиканын булактары. -Ош, 1998.*
9. *Токторбаев С. Манас ата акыл оюндары. -Ош, 2001.*

УДК 811.512.154 (81’42)

Камбаралиева У.Дж.
филол. и. д., БААУ

КӨЧМӨН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОНЦЕПТУАЛДЫК ДҮЙНӨ СҮРӨТҮНДӨ ТЕМПОРАЛДЫК КАТЕГОРИЯЛАШТЫРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

ОСОБЕННОСТИ ТЕМПОРАЛЬНОЙ КАТЕГОРИЗАЦИИ В КОНЦЕПТУАЛЬНОЙ КАРТИНЕ МИРА КОЧЕВОГО КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

PECULIARITIES OF TEMPORAL CATEGORIZATION IN THE CONCEPTUAL PICTURE OF THE WORLD OF THE NOMADIC KYRGYZ PEOPLE

Аннотация. *Макалада көчмөн кыргыз элинин концептуалдык дүйнө сүрөтүндөгү темпоралдык категориялаштыруунун этномаданий спецификасын чагылдырган убакыттын жана убакыт катыштарын моделдештирүүнүн өзгөчөлүктөрү каралат.*

Түйүндүү сөздөр: *концептуалдык дүйнө сүрөтү, вербалдаштыруу, темпоралдык моделдер, эндемикалык концепт.*

Аннотация. *В статье рассматриваются особенности моделирования времени и временных соотношений, которые отражают этнокультурную специфику темпоральной категоризации в концептуальной картине мира кочевого кыргызского народа.*

Ключевые слова: *концептуальная картина мира, вербализация, темпоральные модели, эндемический концепт.*

Annotation. *The article considers the features of modeling time and time relationships, which reflect the ethnocultural specifics of temporal categorization in the conceptual picture of the world of the nomadic Kyrgyz people.*

Key words: *conceptual picture of the world, verbalization, temporal models, endemic concept.*

Убакыт - материянын бар болушун шарттоочу, мейкиндик менен өтө тыгыз байланышкан категория. Убакыттын өтө абстракттуу маңызынан улам адам анын агымын түшүнүүгө, өзү үчүн жөнгө салууга аракеттенгенинин жыйынтыгы катары саат, календарь сыяктуу адам коомунун өсүшүнүн атрибуттарын айтууга болот. Ал адамдын мейкиндиктеги практикалык жана башка ишкердүүлүктөрүн жөнгө салуучу жана адамдын жашоосун, дүйнөнү тартипке келтирүүчү эң маанилүү курал катары кызмат кылат. Коомдун өнүгүү деңгээлине карабастан, дүйнөнүн бардык адамдарынын убакыт жана аны өлчөө усулдары тууралуу өз түшүнүктөрү бар. Бул түшүнүктөрдө адамдардын астрономиялык байкоолорунун негизинде алынган билгиликтери жалпыланып көрсөтүлөт.

Психолингвистикалык изилдөөлөргө ылайык, убакытты кабылдоонун төрт негизги аспектиси бар: 1) убакыттын кыска интервалдарын кабылдоо (азыркы учур, ритм); 2) убакыттын узактыгын кабылдоо; 3) бир учурдагыны жана 4) убакыт перспективасын, б.а. окуялардын өткөндөгү, учурдагы, келечектеги жайгашуусун кабылдоо (www.pomorsu.ru).

Көчмөн кыргыздардын аң-сезиминдеги концептуалдык дүйнө сүрөтүндөгү жана анын вербалдашуусунун натыйжасы болгон тилдик дүйнө сүрөтүндө чагылдырылган конкреттүү материалдардын негизинде убакытты мейкиндик алкагында сүрөттөөдө

моделдердин *төрт түрү* бар экендигин далилдөөгө болот: *түз сызыктуу, циклдик моделдер, салттуу жол модели жана перцепциялык модель.* Байыркы убактан бери көчмөн кыргыздардын аң-сезиминде параллелдүү жашап келген моделдер кыргыз элинин дүйнө түзүлүшүн түшүнүүгө болгон далалатын көрсөтөт. Түз сызыктуу модель абстракттуу убакыттын модели, аны схема түрүндө бир тарапка багытталган вектор же түз сызык катары белгилөөгө болот. Аны мүнөздөөчү белгилерге: убакыттын бир жолу гана болушу, кайталангыстыгы, кайра кайрылбастыгы, бир тарапка багытталганы сыяктуу белгилерди киргизүүгө болот. Көчмөн кыргыздын аң-сезиминдеги убакыт кесиндилеринин цикл түрүндө алмашуусу, анын алкагында болуп өткөн окуялардын кайталанышы түз сызыктуу модель менен байланышкан, ошондуктан бул моделдин схемасы өзөктүн айланасындагы спираль сыяктуу көрсөтүлүшү мүмкүн. Бул моделдин белгилерине: көп ирет болуу, кайталануу, кайрылып келүү, ошондой эле башталышынын жана соңунун жоктугу кирет.

Салттуу жол моделин көчмөн кыргыз элинин ата-бабалардын мурда басып өткөн жолунан жашоо принциптерин үйрөнүү менен келечекке карай багыт алуу салтынын репрезентациялашы мүнөздөйт. Убакыттын өзүн эмес анын алкагында аткарылган иштерди баалоо, муундар байланышы кыргыз элинин жети атаны сөзсүз түрдө билүү сыяктуу байыркы салтынан көрүнүп турат. «Ак кеме» повестиндеги Баланын сөздөрү менен Ч.Т.Айтматов айткандай, «адамдар бузулуп кетишпесин үчүн» жети атаны билүү шарт: *«…баары бир балдарым, балдарымдын балдары билбей калат деп, адамдар арам иштен жийиркенбей, тартынбай калат, …жакшылык кылбай калат дейт»* [1: 116]. Тилдик материалдардын негизинде өткөн заман көчмөн кыргыз үчүн чоң панорама сыяктуу деп айтууга болот деген ойдобуз. Ал панорамадан кыргыз эли жашоосунун маңызын түзгөн философиялык, тарыхый, адеп-ахлактык, ж.б. баалуулуктардын баарын иргеп алуу менен келечекке карай жолдорду салат. Балким, ушул себептен кыргыз тилинде өткөн чакты билдирүү үчүн беш форма колдонулса керек (айкын, белгисиз, адат, капыскы, арсар өткөн чак формалары).

Перцепциялык моделдин калыптаныш негизин кыймыл-аракет жана өзгөрүү түшүнүктөрү, объективдүү барлыктын көрүнүштөрүнүн жалпы мейкиндиктик-убакыттык байланыштары менен адамдын андагы өз ордун аңдап-билүүсү түзөт [2: 10]. Убакытты кабылдай билүү адамга курчап турган чөйрөдө ориентир алууга мүмкүнчүлүк берет, бирок адамдын убакытты сезүүсү сөзсүз түрдө эле реалдуу убакытка дал келе бербей тургандыгын белгилей кетүү абзел, анткени ар бир адамда жеке болуучу «биологиялык саат», адамдын борбордук нерв системасынын ар кандай кырдаалдагы абалы (стресс, чарчоо, ж.б.) да убакытты аңдап-билүүгө таасирин тийгизери белгилүү. Эгер объективдүү дүйнөдө реалдуу убакыттын агымы өзгөрбөс болсо, перцепциялык убакытта ал жайлашы, тездеши, же болбосо таптакыр токтоп калышы мүмкүн. Мунун сүрөттөмөсүн көркөм чыгармалардан көрүүгө болот: *Тыңшады, бир дагы шыбырт жок. Теребелде мээ чыңылдаткан жымжырттык. Ага убакыт токтоп калгандай сезилди (Т.К.)*

Убакыттын татаалдыгы менен абстракттулугунан анын маанисин метафоралык жактан моделдөө үчүн адам өзүнө белгилүү жана конкреттүү, жөнөкөй нерселердин образдарын колдонот. Н.Д.Арутюнова белгилегендей, убакыттын тилдик моделдери өтө көп болуу менен көптүктөрдү түзүшү мүмкүн жана аларды эки түргө бөлүүгө болот: биринчи түрдө негизги фигура болуп адам өзү эсептелет, ал эми экинчи түрдө моделдер убакыттын өзүнө ориентирленген [3: 689]. Убакыттын мындай антропоборборлуу дифференциялануусунун негизинде эки топтогу моделдерди түзүүчү темпоралдык категориялаштыруунун эки түрүн бөлүп көрсөтүү мүмкүн деген ойдобуз [4: 255]. Биринчи түрүн *актологиялык* (лат. *aktum* – «аракет кылуу» этишинен) деп атоого адамдын өзүнүн активдүү ишкердүүлүктүн аткаруучусу, катышуучусу катары ролу негиз болот, ал эми категориялаштыруунун экинчи түрүндө адам убакыттын агымына жана ага байланыштуу көрүнүштөргө катышпастан, сырттан байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө гана ээ болгондуктан бул түрдү *обсерватившдик (*лат. *observare* – «байкоо жүргүзүү») деп атоо максатка ылайык.

Категориялаштыруунун биз сунуштаган бул эки жаңы түрү көп моделдерден туруп, моделдердин универсалдуу катары кабылданган түз сызыктуу жана циклдик топтору менен да байланышта болорун белгилеп кетүү абзел.

Актологиялык категориялаштырууну дифференциялоо үчүн негиз болуп адамдын иш-аракеттеринин убакыт кесиндисинин алкагындагы жыйынтыгы эсептелет. Бул дайыма аткарылуучу адамдын ишкердүүлүгүнүн, тиричилигинин аталыштары менен байланышкандыктан аларды чагылдырган темпоронимдерди үч топко бөлүү максатка ылайык деген ойдобуз: 1) күнтүн алкагындагы иш-аракеттерди локалдаштыруучу темпоронимдер (*тамак ичүү маалдары; намаз убакыттары*); 2) жылдын төрт мезгилинде аткарылуучу иш-аракеттердин аталыштары (*жер айдоо маалы; эгин эгүү маалы; чөп чабык; эл жайлоого чыккан маал, ж.б.*); 3) адамдын күн-түндүн, жылдын алкагы менен чектелбеген, күнүмдүк жашоодогу иш-аракеттерин чагылдырган темпоронимдер (*чай кайнам/ кайнатым; эт кайнам/кайнатым; эт/аш бышым, бээ саам, ж.б.*).

Ал эми *обсерватившдик* темпоралдык категориялаштыруу адамдын катышуусуз убакыттын өзүнө багытталган. Бул категориялаштырууга кирүүчү моделдерге курчап турган чөйрөдөгү ар кандай өзгөрүү белгилери концептуалдык белги катары негиз боло алат. Көчмөн кыргыз тарабынан фиксация болгон аталыштарды эки топко бөлүү мүмкүн: биринчи топко аба-ырайынын көрүнүштөрүнүн, абалдарынын аталыштары *(жамгыр, аптап, кургакчылык, жер көчкү, ж.б),* ал эми экинчи топко курчап турган чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдүн аталыштары кирет *(кышкы чилде, жайкы чилде, ж.б.).*

Биздин оюбузча, жогоруда каралган категориялаштыруунун түрлөрүн ажыратуунун критерийлерине: 1) күн-түндүн ар кандай убактысында күндүн дискинин кыймылы жана айдын фазаларынын көрүнүшү; 2) адам ишкердүүлүгүнүн түрлөрүнүн ар кайсы убактардагы, мезгилдеги кайталанышы; 3) жашоо шарттары жана образы (тоо, түздүк, ж.б.; көчмөн, жарым көчмөн, отурукташкан) кирет. Бирок, жашаган жеринин өзгөчөлүгүнө жана ал жерлерде кайталануучу ар кандай көрүнүштөргө байланыштуу болгон убакыт

дифференциялоосун да кыргыз тилинде байкоого болот. Мисалы, чоң дарыя, көлгө жакын жашаган кыргыздардын кебинде төмөнкүдөй айтымдар бар: *суудан (буу) боз көтөрүлгөн маалда* (жайкы таңда болжол менен саат 4. Же: *күндүн нуру сууга тийип калды* (саат 7. 30. - 8 чамасы).

Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе – бул көчмөн кыргыздардын таң каларлык деңгээлдеги өтө так астрономиялык билимдеринин болгондугу. Алар айдын фазаларынын алмашуусу, планеталардын, жылдыздардын жылышы жана бири-бирине карама-каршы келиши тууралуу өтө так маалыматтарга азыркы убактагыдай атайын аспаптардын жардамысыз эле ээ болушкан. Мунун негизинде кыргыз эли бир канча жыл мурда эле аба ырайынын өзгөрүүлөрүнө, сел, кургакчылык сыяктуу кырсыктарга даяр турууга мүмкүнчүлүк алышкан. Азыркы учурда эң өкүнүчтүүсү – бул билимдердин элге, дүйнөгө белгилүү болбой, жоголуп баратышы.

Демек, темпоралдык категориялаштыруу когнитивдик процесс катары өзүнчө концепттерде табылуучу жана концепттердин тобунда байкалган улуттук когнитивдик классификациялоочу белгилерди калыптандырат. Бул белгилер концепттерди этноспецификалуу дискреттик менталдык түзүлүштөрдүн көптүгү – концептосферанын ичинде тартипке келтирет. Классификациялоочу белгилер көчмөн кыргыздардын жашоосунда «коммуникативдик жактан актуалдуу болгондугу үчүн» [И.А.Стернин] вербалдашып, тилде ар кандай деңгээлдеги бирдиктер менен фиксацияланган, ал эми кээ бир когнитивдик белгилер этномаданий мүнөздө болуу менен эндемикалык концепттерди [5:38] түзөт.

Адабияттар

1. Айтматов Ч.Т. Чыгармалар жыйнагы: 3-том. – Б.: Бийиктик, 2008. – 480 б.

2. Жалейко, Р.А. Перцептуальное время и его выражение в функционально-семантическом поле темпоральности: автореф. дис. канд. филол. наук. – М., 1980. - 21 с.

3. Арутюнова, Н.Д. Время: модели и метафоры// Логический анализ языка. Язык и время. - М., 1999. - 282 с.

4. Камбаралиева У.Дж. Темпоральная категоризация в концептуальной картине мира. Монография. / Под ред. И.А. Стернина. – Б., 2018. – 380 с.

5. Стернин И.А., Камбаралиева У.Д. Эндемичные киргизские концепты (на фоне русского). - Продолжающееся научное издание: Сопоставительные исследования 2016. - Воронеж: изд-во «Истоки», 2016. - С. 36-41.

УДК 39

Н.Э. Усенова, *преподаватель*
БГУ им. К. Карасаева,
Бишкек, Кыргызстан
nurgul.usenova.1975@mail.ru

ПАМЯТЬ КАК ХРАНИТЕЛЬ И ТРАНСЛЯТОР КУЛЬТУРЫ КОЧЕВЫХ НАРОДОВ

ЭС ТУТУМ КӨЧМӨН ЭЛДЕРДИН МАДАНИЯТЫН САКТООЧУСУ ЖАНА ТРАНСЛЯТОРУ КАТАРЫ

MEMORY AS A KEEPER AND REPRESENTER OF CULTURE OF THE NOMADIC PEOPLES

Аннотация: *Данная работа исследует память как деятельность человека в хранении и транслировании культурного наследия. Благодаря памяти можно познать историческое прошлое, воспринимать явления окружающего мира и передавать культурный опыт следующему поколению. Память является важнейшим функциональным инструментом в осмыслении и сохранении культуры кочевых народов.*

Ключевые слова: *память, человек, кочевник, народ, преемственность, традиция, культура, эпос, история, устное народное творчество, наследие.*

Аннотация: *Бул макала маданий мурасты сактоодо жана жайылтууда адамдын иш-аракетин эс-тутум аркылуу изилдейт. Өткөн тарыхты билүү, айлана-чөйрөнүн кубулуштарын кабыл алуу жана маданий тажрыйбаны кийинки муунга өткөрүп берүү эс-тутумдун жардамы менен мүмкүн. Эс-тутум бул көчмөн элдеринин маданиятын түшүнүүчүлүккө жана сактап калууга эң негизги функционалдуу курал болуп саналат.*

Түйүндүү сөздөр: *эс-тутум, адам, көчмөн, эл, үзгүлтүксүздүк, каада-салт, маданият, дастан, тарых, элдик оозеки чыгармачылык, мурастоо.*

Annotation: *This work explores memory as a person's activity in storaging and representing cultural heritage. Thanks to memory, one can know the historical past, perceive the phenomena of the surrounding world and transfer cultural experience to the next generation. Memory is the most important functional tool in understanding and preserving the culture of nomadic peoples.*

Keywords: *memory, human, nomad, people, continuity, tradition, culture, epos, history, oral folklore, heritage.*

Мы должны знать изобретения наших предков
Марк Туллий Цицерон

Сегодня хранение и транслирование наследия культуры стала велением времени и необходимым процессом мирового масштаба. Каждая нация приобретает способность увековечиванию своего исторического прошлого через сохранение богатства духовной культуры, где память выполняет роль хранителя и транслятора всего наследия многонациональной планеты. Безусловно, мир начал понимать, что без функциональных способностей памяти стало невозможно передать культуру своего исторического недавнего прошлого. Мнемонические учения античных, западноевропейских и современных ученых

доказала существование памяти в процессе развития общества.

Память кочевого мира смогла регулировать, закреплять и передавать целую систему ценностей, формирующих обычаи, правила и традиции богатого опыта. С течением времени совершенствовались способы сохранения всего богатства культурного наследия. Но в самом опыте культуры постоянно происходил отбор того, что следует оставить неизмененным, и того, что должно быть изменено[1]. Поэтому, в кочевом мире память человека решает и отбирает информацию, которую следует сохранять, а какую транслировать следующему поколению. Следовательно выделяются две группы трансляторов культурного наследия:

- информаторы;
- хранители-реконструкторы.

Тирүүлөрдүн баарына боорукер бол,
Сөздө, иште ак болуп, түзөгүн жол.
Жөнөкөй бол, пейлиңди кенен карма,
Айыбын ачпа бирөөнүн эл алдында.

Дастанда ар бир адам мүнөзүнө кеңири талдоо жүргүзүлүп, кайсы мүнөз кандай тагдырга алып келери жөнүндө так, даана ачып көрсөтө алган акындын сөз кудуретине бали дейсиң. Жыйынтыгында, кыргыз адабияты сабактарында Ж.Баласагындын "Кут алчу билим" чыгармасындагы негизги идеяларды окуучуларга жеткире билсек, бүтүндөй коомдун келечегине жол ача тургандыгы, өлкөбүздөгү билим берүүнүн мындан аркы өнүгүшүнө чоң салым кошорун белгилеп кетмекпиз. Ошондой эле чыгармадагы идеялар аркылуу жаш муундарда адилеттүүлүк, билимге умтулуучулук, жакшылыкка үйрөнүү, адептүүлүк сыяктуу эң жакшы сапаттарды калыптандырууга болоруна көзүбүз жетти.

Адабияттар

1. Кыргыз Республикасында мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты.

2. Айтматов. Ч.Т. Чыгармалардын сегиз томдук жыйнагы., 8-том. Б., 2008.

3. Анвар Байтур "Тянь- Шань кыргыздарынын коому жана маданияты"// Кыргыздар. Түзгөн К. Жусупов. 2 томдук, 2-т.- Б., 1991.

4. Баласагын Жусуп "Куттуу билим" (Байыркы түрк тилинен которгон Козубеков Т.). -Б., 2011.

6. Бартольд В.В "Кыргыздар"// Түз.: К. Жусупов . 2 томдук, 2-т., -Б.: Кыргызстан, 1991.

7.Нурунбетов Б., Мурзакматов А., Апышев Б., "Бабалардын осуятынан- мамлекеттик идеологияга " (колдонмо), Ош, 1997.

8. Шериев Ж. " Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты". -Б ., 1996.

УДК: 124.42:94(575.2)

Кайназарова М. А., *ст. преп. ИНДО БГУ им. К.Карасаева*
e-mail: kainazarova_mira@mail.ru

АРХЕТИП ВОИНА В КОЧЕВОЙ КУЛЬТУРЕ КЫРГЫЗОВ

КӨЧМӨН КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНДА ЖООКЕРДИН АРХЕТИБИ

THE WARRIOR ARCHETYPE IN THE NOMADIC CULTURE OF THE KYRGYZ PEOPLE

Аннотация: *Цель статьи – дать характеристику базовым качествам в архетипе героя-воина у кочевников с психолого-культурологических позиций. Архетипы как врожденные первообразы, которые действуют бессознательно, начинают господствовать над сознанием и выражаются в определенном стандартном поведении. В рамках статьи была предпринята попытка выяснить причины успеха архетипа героя в древней и средневековой истории номадов и как он трансформировался в новейшей истории кыргызов.*

Ключевые слова*: архетип, воин, номад, кочевое скотоводство, кыргызы, Тенир, оседло-земледельческие культуры, мигрант.*

Аннотация: *Макалада көчмөн жоокер-баатырынын архетибине негизги сапатына психологилык маданий көз карашта мүнөздөмө берилген. Байыркы жана орто кылымдардагы номадтардын тарыхындагы баатыр архетипдин ийгиликтеринин себептери аныкталып жана анын кыргыздардын соңку тарыхына трансформацияланганы каралган.*

Түйүндүү сөздөр: *Тенир, кыргыздар, архетип, жоокер, номад, көчмөн малчарбачылык.*

The purpose of the current article is to characterize the major attributes in the archetype of a warrior among nomads in frame of psychological and cultural approaches. As innate prototypes, the unconsciously operating archetypes begin to dominate over the consciousness and can be expressed in a certain standard behavior.

In current article, an attempt has been undertaken, in order to find out the causes of the success of warrior archetype in the ancient and medieval history of nomads as well as to consider transformation of warrior archetype in modern history of the Kyrgyz people.

Key words*: archetype, warrior, nomad, nomadic cattle breeding, Kyrgyz people, settled and agricultural cultures, migrant.*

В поисках новых пастбищ для своих многочисленных табунов лошадей, кочевники перемещались на огромные расстояния, что неизбежно формировало в характере такого сорта людей черты, необходимые для успешного воина. Уходить на критически дальние расстояния могли только люди смелые и отчаянные. Встречая на своем пути сопротивление и многочисленные «вызовы» со стороны своих соседей, кочевник выберет скорее насильственный способ решения возникшей проблемы, чем попытается решить все мирно. Быть мобильным, смелым и опасным для «других» становится базовыми элементами в психологическом «портрете» кочевника. Не случайно, хищные животные - волк, барс, беркут, приобретают образ прародителя-демиурга. После того, как кочевник освоил стрельбу на полном скаку, он стал настоящим бедствием для всех, кто встретится ему на пути. Безусловно, быть блестящим лучником и одновременно всадником требовало многолетних тренировок, что еще больше закаляло характер.

К слову здесь можно отметить и такой немаловажный факт, как употребление в своем ежедневном рационе исключительно высокобелковой пищи животного происхождения или проще говоря, постного мяса. Следовательно, мужчины-кочевники обладали повышенным уровнем гормона тестостерона. Современные врачи-андрологи в шутку называют этот гормон «сделавшим» из человека мужчину. И призна-

ками его высокого уровня являются мышцы, кипучая энергия, невероятная выносливость.

Выдающийся арабский историк и философ Ибн-Халдун (1332-1406) говорит о кочевниках, что это «самые дикие из людей и по отношению к цивилизованным людям занимая ступень дикого, необузданного и хищного животного». Их жизнь – это ежедневная борьба с суровой природой и постоянное ожидание опасности. По этой причине они хорошие воины и составляют прочные группировки, способные завоевать изнеженных, трусливых и разобщенных неравенством земледельцев.[1]

Кочевники первыми сталкивались с незнакомыми племенами и народами, знакомились с традициями и обычаями других этносов, слышали непонятные языки и диалекты, изучали новые товары. Во время бесконечных войн происходил обмен передовыми технологиями, особенно в производстве оружия. Номады были «распространителями» культурно-технологического прогресса, поддерживая, например, бесперебойное функционирование трансконтинентальной магистрали Великого шелкового пути.

Таким образом, можно выделить первую группу характеристик в архетипе воина под общим названием – повышенная жизненная энергия. Сюда относятся умение сражаться и защищаться, быть яростным и сильным, находиться в постоянном движении и «открытости» для всего нового, умение находить решение в самых сложных ситуациях, быть «опасным» для врагов и надежным для своих.

Закладка воинского архетипа происходила с самого раннего детства и обязательно в окружении мужчин. Место погибшего отца занимал старший сын или любой другой родственник, так как воина мог воспитать только воин. Источниками внутренней уверенности в своей правоте номады черпали в уважительном отношении к природе, к земле, в подчинении стихиям и природным циклам. «Земля являлась неизменной основой всего существующего. При этом земля рассматривалась как живая материя и ей приписывали черты духовности». [2] Отношение к земле у кочевников было как к дару богов и Неба, и выражалось в таких понятиях, как «эл-журт» и «ата-мекен».

Обезличенное божество Тенир – Небо всюду следовало за человеком и «тюрки верили, что нет такой силы, которая может остановить их войско, и нет пределов их господству, пока им покровительствует Тенгри. Каганы говорили: "Так как Небо даровало силу, то войско моего отца-кагана было подобно волку, а враги его были подобно овцам"». [3]

Еще одним надежным источником для своей уверенности кочевник получал в сильных покровителях-предках. Обладая прекрасной памятью все мужчины от мала до велика могли с легкостью перечислить всех своих отцов, дедов и прадедов до седьмого и даже до двенадцатого колена, а в минуты опасности обращались с просьбой именно к ним. Если же приходит забвение и живущие не вспоминали своих предков, то считалось, что их духи начинают мстить живым и государство неминуемо приходит в упадок. [4]

Кочевой скотоводство как вид хозяйства не предполагает института рабства, как это было в классических рабовладельческих государствах. Поэтому понятие «свобода» становится структурным важнейшим элементом в архетипе воина-кочевника. Как невозможно заковать и посадить на цепь ветер, так и номада закрепить на определенной территории. Отсюда будет несколько презрительное отношение кочевников к оседло-земледельческим народам, которые обречены держаться за маленький клочок земли и терпеть унижения со стороны своих хозяев, к тому же они еще едят траву и растения, а по представлению кочевников траву едят только животные. Земледелец ждет и получает, а кочевник ищет и завоевывает.

Следует заметить, что кочевой образ жизни выработал равнодушное отношение к материальным излишествам и накопительству. Очень трудно себе представить воина, который бережет каждую копейку и трясется от страха потерять богатства.

Таким образом, вторым базовым блоком в архетипе воина у кочевников можно определить как сакральность связей с природой, с землей в широком смысле, с духами предков и свободой.

Общая характеристика архетипа воина-кочевника была бы неполной без анализа и «слабых» сторон данного портрета. Иначе можно скатиться в идеализацию и «любование» этим образом.

Архетип воина направлен на постоянное расширение своей территории, на внешнюю экспансию, но не на удержание уже существующего статус-кво. В подобных условиях «человеческий» ресурс стремительно заканчивается. Примером может послужить период в средневековой истории Центральной Азии, когда тюркские каганаты сменялись один за другим или же период Кыргызского Великодержавия. Огромная территория осталась по сути незащищенной из-за малочисленности населения.

Внимательный и критический взгляд на историю показывает, что архетип воина был выгоден и весьма выигрышен в определенные периоды человечества, когда технологии были довольно отсталыми и ведущую роль играл человеческий фактор. Требовалась храбрость и выносливость, щедрость и преданность, личный героизм был востребован и возведен в культ. Однако в конце концов тонкий, изворотливый ум, хитрая и коварная дипломатия, умение ослаблять и своих врагов, и своих союзников, использовать шантаж и, самое главное, умение предвидеть и ждать дало блестящие плоды. Примером может послужить Китай и его знаменитые стратагемы. Они (стратагемы) являются многоходовым планом, в которых скрывается смертельная ловушка, коварная уловка, искусные приемы и философия хитрости. Система хитроумных ловушек стала считаться едва ли не наиболее яркими проявлениями ума в политике и дипломатии, военном искусстве, тесно связанных между собой. [5]

Подводя итоги, можно с уверенностью сказать, что сегодняшний кыргызский народ сохранил в своем национальном самосознании архетип воина. В новейшей период истории архетип кочевника успешно трансформируется в архетип «добытчика и кормильца» в образе активного трудового мигранта, сумевшего с «нуля» построить свой бизнес. Сегодня бывшие кочевые народы в демографическом плане довольно малочисленны и, безусловно, имеют не очень благоприятные шансы на дальнейшее «самовыживание», на сохранение себя как

этнос. Поэтому перед нынешним поколением стоит важная задача умело сочетать в себе и воина-добытчика и искусного дипломата, не растерять лучшие качества кочевника, но и заимствовать проверенные временем базовые характеристики у других архетипов, такие как «мудрец», «правитель», «хранитель» и так далее.

Литература

1. Исабаева Н.А. Научные гипотезы, и взгляды и мнения древних историков и путешественников о кочевниках. Режим доступа: https://ia-centr.ru/experts/test/12680/

2. Мусабекова Н.М. Понятие «журт» в устной традиции казахского народа. Режим доступа: http://book.lib-i.ru/25ekonomika/712220-1-http-wwwenukz-musabekova-pavlodar-kazahstan-ponyatie-zhurt-ustnoy-tradicii-kazahskogo-naroda-htt.php

3. Бисенбаев А.К. Мифы древних тюрков. Режим доступа: http://www.kyrgyz.ru/articles/library/ak_bisenbaev_mify_drevnih_tyurkov/

4. Особенности дипломатической практики Древнего Китая.- Казахстан, 2001.

5. Особенности дипломатической практики Древнего Китая. -Казахстан, 2001.

УДК-75.5. А-90

Асанова А.Р.,
Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун окутуучусу

КЫРГЫЗДЫН АКЫЛ ОЮНУ «ТОГУЗ КОРГООЛДУ» ЖАНДАНДЫРУУ

ВОЗРОЖДЕНИЕ ИНТЕЛЕКТУАЛЬНОЙ ИГРЫ КЫРГЫЗОВ «ТОГУЗ КОРГООЛ»

REVIVAL OF THE INTELLECTUAL GAME OF THE KYRGUZ «TOGUZ KORGOYL»

Аннотация: *Макалада оюндун өткөндөгү жана учурдагы актуалдуулугу тогуз коргоолду ойноонун ар кыл ыкмалары жана каражаттары маалымдалат.*

Түйүндүү сөздөр: *улуттук оюн, акыл-эс, ден соолук, мелдеш, жоокерчилик, үй, казан, уя.*

Аннотация: *В статье дается информация о истории игры «Тогуз коргоол» и её актуальности в настоящем, о различных приёмах и средствах проведения игры.*

Ключевые слова: *национальная игра, психическое здоровье, ответственность, конкуренция, дом, казан, лунки*

Abstract: *The article gives information about the history of the game "Toguz korgoyl" and its relevance in the present, about various methods and methods of the game.*

Key word: *national game, mental health, responsibility, competition, house, cauldron, holes*

Ар бир эл өзүнүн салты, үрп-адаты менен гана эмес өздөрүнө тиешелүү болгон улуттук оюндары менен да айырмаланат. Ал эми кыргыздын улуттук оюндары болуп ордо, тогуз коргоол, оромпой, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, селкинчек, балбан күрөш, жаа тартуу,жамбы атуу, ат чабыш жана башка оюндардын түрлөрү эсептелет. Кыргыз эли көчмөн тарыхында татаал жолдорду басып өтүп, эл жерин, тоолорун, сууларын, кен байлыктарын табигаттын катаал кырсыктарынан коргоп келген. Ошону менен катар өз биримдигин, үрп-адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын көөнөртпөй сактаган. Не бир ажайып ыр күүлөр, элдик кол өнөрчүлүктүн түмөн түрү, макал-лакаптар, жомоктор, уламыш, болмуштар, ал эмес улуу эпосторго чейин тилден тилге, ооздон-оозго өткөрүлүп аздектелип, эс акылдын кудурети менен ушул күнгө жетти. Ат жалында эркин ойноп, көчүп конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк мүнөзүнө, акыл эсти өстүрүүгө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша сандаган кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ал оюндар азыр биз жашап жаткан күндөргө да жетип, кай бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө дуушарланган.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү идеясы Кыргызстанга таандык. 2012-жылы Кыргыз Республикасынын Президентти Алмазбек Атамбаев азыркы ааламдашуу доорунда көчмөндөрдүн басып өткөн өмүр жолун эскерип, жандандырып, сактап калуу максатында демилгечи блгон . Бул демилгесин Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңеши колдоп чыккан. Оюндарды эки жылда бир жолу өткөрүү чечилген. Кыргызстан биринчи Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын 2014-жылы баштап берген. Кыргыздарда Евразиядагы көчмөн цивилизациянын бир бөлүгү катары илгертеден эле жоокердик өнөр күчтүү өнүккөн. Ат кулагы менен тең ойноо, кылыч чабуу, аңчылык өнөрү, саат оюндары, жаа тартуу жана интелектуалдык оюндардан ордо, тогуз коргоол оюндары ойнолуп келе жатат.

Мына ошол тогуз коргоол оюну бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон манкала оюндарынын бири. Кыргызстандан тышкары батыш Монголияда «Эсен коргоол» жана Казакстанда «Тогуз кумалак» ат менен белгилүү. Бул оюн Орто Азия өлкөлөрүнөн башка түндүк-чыгыш Ооганстанда (Бадахшан), Орусияда (Алтай, Хакассия, Якутия, Татарстан жана Тува), батыш Монголияда жана түндүк-батыш Кытайда (Үрүмчү, Жунгария) ойнотулат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим мнистрлигинин буйругу менен «Мектептин бардык класстагы окуучуларына тогуз коргоол оюну ойнотулсун» деген буйругу киргизилген. Бул оюндун электрондук версиясын кыргыз информатиги К.Картанбаев 1999-жылы түзгөн. Оюнду кыргыз жаранда-

рына таратуу максатында тогуз коргоол федерациясы 1993-жылы түзүлгөн.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүн биз көздүн карегиндей сактап, муундан –муунга өткөрүп берүүчү белгилеринин бири-улуттук оюндар. Булар жаштардын акыл-эсин, дене түзүлүшүн, ден соолугун чыңдоого бирден бир курал катары колдонулуп келген. Ошолордун бири - тогуз коргоол 2009-жылы Кыргызпатент уюмунан кыргыз элинин салттуу билими катары ырастама алган.

«Манас» эпосундагы баатырдык мелдештерин, оюн-зоокторун, акыл оюндарын изилдеген окумуштуулар да болгон. Өзгөчө «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесин белгилегенде нечен китептер, макалалар жаык көргөн. Мында кыргыздын салттуу мелдештери, оюн-зооктору Манас атабыздын мезгилинде эле калыптанып жана өнүгүп келгени көрсөтүлгөн. Эпос боюнча «ордо» жана «тогуз коргоолду» Манас өзү ойлоп тапкан жана кийинки мүндарга мурас катарында калтырылган деп айтылат. [4]

«Манас» эпосунда эң алды менен «тогуз коргоол» жана «ордо» оюндары кеңири сүрөттөлөт. Тогуз коргоол оюну азыркы биз жашап жаткан күнгө чейин жетип отурат бирок, ат оюндарындай эл арасына сиңип кете элегин баарыбыз эле билебиз, ошол биздин ата-бабаларыбыз ойноп, Манас атабыз мурас катары калтырган оюндарды кийинки муундарга жеткирүү биздин милдетибиз. Азыркы коомдо ар бир мен кыргызмын деген инсан «тогуз коргоол» кыргыздын улуттук оюну экенин билбейт. Мунун себеби бул оюндун күнгө-күнгө той аштарда, ар кандай мелдештерде ойнотулбай баратканында.

Орустун изилдөөчүлөрү «Байлардын кылаарга иштери жок тогуз коргоолду ойлоп табышкан» дешет. Ал эми кыргызда малчылар балдардын логикасын тарбиялоо үчүн ойлоп тапкан. Венгер окумуштуусу Жорж Алмааши «Азиянын жүрөгүнө саякат» аттуу китебинде «тогуз коргоол акыл-эс оюнун кыргыз эли гана ойнойт экен» деп көзгө сая көрсөткөн. Казактарда Каныкеев деген окумуштуу «Илгери адамзат дене даярдыгына муктаж болушкан. Аңчылык кылышкан, согуш чыгышкан. Дене даярдыгын сапаты түгөнүп калгандан кийин алардын логикасын ойготуучу бир нерсе керек болгон. Башкача айтканда, оюн ойлоп табуу керек болгонунун негизинде тогуз коргоол улуттук оюну пайда болгон» деген.

Кыргыз элинде тогуз коргоол байыртадан бери келе жаткан көөнөрбөс эстелиги, акыл-ой байлыгынын казынасы, көчмөн турмуштун, жоокердик мамилелердин сырдуу түйүнү жана көпчүлүктүн черин жазып эрмектөөчү ортолук оюну. Тогуз коргоол оюну «Манаста» чагылдырылган негизги оюндардын бири катары төмөндөгүчө айтылат:

Кыркың кызык ойнотуп,
Чатыраш оюн салыңар,
Тогуз, онуң биригип,
Тогуз коргоол алыңар.
Жыйылып алып жыйырмаң,
Топ таш-чакмак алыңар
Жалпак жыгач чаптырып,
Чараларын оюшуп,
Бир жагына бир тогуз,
Бир жагына бир тогуз
Үй чыгарып коюшуп,
Ою менен олтуруп,
Тогуз коргоол ойгону,
Ордо тогуз коргоол деп
Жаш Манас кылып койгону …
Тогуздан коргоол салганы,
Бу Манастын кылганы… (Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча «Манас эпосунан үзүндү)

Кыргыздын бир нече жолку чемпиону, эл аралык мелдештердин жеңүүчүсү, эл аралык даражадагы спорт чебери, өлкөнүн кыз-келиндер курама командасынын башкы машыктыруучусу, улуттук даражасы калыс Нурия Султанмуратованын айтымында оюн гундар доорунан бери ойнолуп келе жатат. Оюндун пайда болушуна ар кандай божомолдор бар. [3]

Эл арасында тогуз коргоол тууралуу божомолдор да айтылып келет. Божомолдо жолоочулар төөлөрүнүн үстүнө ар түркүн нерселерди жүктөп алып кетип бара жатып бир жерге түнөөгө мажбур болушуп конуп калышат экен. Эки чоң нар төөнү жүгү менен ортого коюп, калгандары тегерете уктап калышат. Эртеси баягы кетип жаткан жолун андан ары улантып кетишет. Кокусунан өтүп бара жаткан башка жолоочулар жакшылап көз жүгүртүшсө эки тарабы тогуздан он сегиз, ортосунда эки чоң төө жаткан орундар жерге чөгүп кетиптир. Төөлөр жаткан чуңкурларга төөнүн коргоолдору кургак болуп калыптыр. Окуяга кабыл болгон жолоочулардын бир ойлонуп олтуруп ушул оюнду ойлоп чыккан деген пикирлер да айтылат. Төөнүн кыгын да коргоол дешет, ошондуктан оюндун «тогуз коргоол» деп аталып калган деген имиштер бар.

Бирден тогузга чейинки турмушта колдонулган сандардын баарын катыштырып, негизги математикалык амалдарды үйрөтүү максатында ойлоп чыгарылган логикалык, спорттук оюн. Илимдердин падышасы делген математика жагынан алып карагандa-сандарды кошуп, кемитип, бөлүп, көбөйтүп, жуп сан менен так сандын айырмасын түшүндүрүү, жаратылыш жагынан – аралыкты, багытты айырмалоо, дене-тарбия тарабынан- туз олтуруу, көп коргоолдорду колго батыруу, ыкчамдуулук, шамдагайлык, психология жагын карасак- атаандашка болгон мамиле жол тапкычтык, эске тутуу жөндөмүн өрчүтөт. Жеңишке жетишүүгө умтулуу, токтоолук, сабырдуулук, логикалык ой жүгүртүү сыяктуу көп тармактуу касиеттерди өзүнө камтыйт. Кыргыздар жаш муундарга жашоо - турмушта эң керектүү болгон сапаттарды ушул оюн аркылуу негиздегенге, тарбия-таалим берүүгө аракет кылышкан. [2]

Оюнду ойлоп чыкканда натуралдык сандардын бирден тогузга чейинкиси колдонулган. Тогуз саны кыргызда бир санды гана эмес, көп сандардын жыйындысын түшүндүрөрү бизге белгилүү, мисалы, тогуз токоч таратып, тогуздап мал айдап, тогуздап торко кийип сыяктуу. Тогуз деген сан ата-бабабызда ыйык сан катары бизге маалым.

Тогуз коргоолдун тактайындагы «уялар» менен аймактык бөлүнүштөр, элдердин айрым топтордун ээлеген орду белгиленип көрсөтүлгөн. Ушул максатта жөнөкөй тегерекчелерди, айлана сызыктарды байыркы географ-окумуштуулар да колдонушкандыгы белгилүү. Маселени ушул багытта караганда «уялардын» аталышы рельфтин, элдин, жоокерчиликтин, көчтүн

талаптарына карата болуш керек. Ал оюндун жүрүшүнөн да даана байкалат.

Оюндагы үйлөрдүн аталыштары аймактык өзгөлүктөргө карата ар кандай аталышта болот.

Үйдүн катар номери	Үйлөрдүн аттары		
	Нарындык-тарда	Ысык-Көлдө	Казак элинде
1	Куйрук	Куйрук	Арт
2	Ат өтпөс	Ат өтпөс	Тектурмас
3	Жаман үй	Текилдек	Ат өтпөс
4	Далы	Белден алды	Атсыратар
5	Бел	Бел	Бел
6	Ак колдук	Ак далы	Белбасар
7	Эки тиштү	Эки тишти	Канды капкан
8	Көк моюн	Көк моюн	Көк моюн
9	Ооз	Ооз	Маңдай

[2;61]

Бирок уялардын чыныгы аттары унутулгандыктан, кийинки учурда мал-чарбачылыктын таасири менен эч кандай маани бербеген жөн гана аталыштар айтылып калган (тегилдек уй, жаман уй, бел уй, куйрук уй ж.б.) Ал эми тактайдагы «казына», «туз» деген аталыштар мурунтадан бери сакталгандыгы оюндун маанисинен даана байкалат. Ушуну менен бирге оюнду ойноо учурунда, анын эрежелеринде алдуусу алсызды талап турган замандагы көчмөн тиричилик, жоокерчилик турмуш чагылдырылып, көчүп конууда, чабуулга өтүүдө, коргонууда «так» болуп бөлүнбөй, «жупташып» жамаатташып, биргелешип аракеттенүүнүн өзгөчөлүктөрү тогуз коргоолдо айкын көрсөтүлгөн. Айрыкча атаандаштардын «чабуулга» өтөр алдында бири-бирине берген суроо жоопторунда жана ойноо ыкмаларында жоокерчилик замандагы каршылаштардын чалгын чалуу, бөгөт коюу, алаксытуу ж. б. окшогон тактикалык сырлары чагылдырылат.

Тогуз коргоолдун тактасында 162 коргоол болот. Тактанын эки жагында үй жана ортодо эки казан бар. Оюнчунун казаны атаандашына жакын болот. Казан оюнда колдонулбайт, бир гана коргоолдорду чогултуу үчүн керек. Оюн башында ар бир үйдө тогуздан таш бар, казандар бош.



[2;60]

Оюндун негизги максаты: жоокерчилик мезгилдеги каршылашкан эки жактын бири-биринин күчтүү жактарынан буйтап өтүп, экинчи жактын күчүн, айласын кетирип,жеңишке жетүүдөгү согуштук ийкемдүүлүк менен анын жашыруун табышмактуу сырларына негизделген. [2]

Атаандашынан өз казанына 82 же андан көп таш утуп алуу оюнда негизги максат, 81 коргоол уткан болсо, оюн тең чыгуу менен аяктайт. Оюнду баштоо укугу тараптардын келишими же үчүү кулак кармоосу менен аныкталат. Жүрүш жасаган оюнчу өз тарабындагы каалаган үйдөн таштарды алып, ошол эле үйдөн баштап оң жакка карай бирден салып жүрүп отурат. Үйлөрдү секирип же болбосо бир үйгө экиден таш салуу мүмкүн эмес. Жүрүш тогузунчу үйдөн кийин атаандаштын үйлөрүнө кетет. Эгер акыркы таш атаандыштын үйүнө түшүп, ал үйдөгү таштардын саны жуп болсо жүрүш натыйжалуу болуп эсептелет да, оюнчу ошол үйдөгү таштардын баарын өз казанына алат. Эгерде жүрүш жалгыз ташы бар үйдөн жасалса, таш кийинки үйгө конот да, жүрүш башталган үй бош калат. Оюнчуларга оюндун эрежеси боюнча бир жарым саат берилет. Берилген убакыттын ичинде отуз жүрүш жүрүлгөн болсо, кошумча катары жарым саат берилет.

Жаштарга, деги эле жалпыга бал оюндун эрежелери түралуу жазып жүргөн Шербол Жапаралиевдин айтымында, өзгөчө башталгыч класстагы балдардын кошуу, кемитүү, көбөйтүү жана бөлүү сыяктуу математикалык эсептерди тез өздөштүрүүсүнө жардамчы боло алат. Кичине кезинде тогуз коргоол ойногон балдар так илимдерден мыкты болушат. Ааламдашуу алкагында көчмөн цивилизациясы өз баалуулугун жоготуп баратканы ачыктан-ачык көрүнүп турат. Себеби – жаш муундун кызыгуусунун жоктугу болсо керек. Анын үстүнө башка түшкөн таш сыяктуу улуттук дөөлөттөрүбүздү колубуздан тартып алгысы келгендер бар. Кыргыз рухунун туу чокусу эсептелген «Манас» эпосу айрымда талашка түшкөн сымал, эми улуттук оюндарыбыз да талашка түшөбү?- деген жоопсуз суроо ар бир кыргыз жаранын кыжаалат кылбай койбойт...

Тогуз коргоол оюну ар бир атаандаштан тактикалык чеберчиликти, логикалык туура ой жүгүртүүнү, так эсептөөнү, жыйнактуулукту, чыдамкайлыкты жана чечкиндүүлүктү талап кыла тургандыгы түшүнүктүү. Тогуз коргоол оюнун көчмөндөрдүн баш катырма кызыктуу оюну катары кароого болот. Оюнду атайын мелдеш, таймаштарда гана ойнобостон, күндөлүк турмушта мектепте окуган өспүрүмдөрдөн улуу муундарга чейин ойной билүүнү өркүндөтүү жагы жолго коюлса. Акыл калчоо оюунунда ар бир оюнчунун акыл ойлоосун, чечкиндүүлүгүн бекемдеген оюн экендиги маалым. Тогуз коргоол ушул көрүнүшүндө элибиздин көөнөрбөс эстелиги болуп кала берет.

Адабияттар

1. Анаркулов Х.Н. Кыргыз эл оюндары. -Ф., 1981.

2. Манас энциклопедия. -Б., 1994.

3. Саралаев К. Кыргыздын улуттук спортунун түрлөрү. -Ош, 1993.

4. Саралаев М. К., Букуев М. О., Мамбеткалиев С. М. «Манастан калган оюндар». -1995. 70-71-б.

5. Токторбаев С. Манас ата акыл оюндары. -Ош, 2001.

УДК. 39+37

Сатыбалдиева А. , Турукбаева А.
ИГУ им. К.Тыныстанова

ЖАШТАРДЫ КӨЧМӨН ЭЛИНИН МАДАНИЯТЫ, КААДА-САЛТЫ МЕНЕН ТАРБИЯЛООНУН МААНИСИ

ЗНАЧЕНИЕ КУЛЬТУРЫ, ТРАДИЦИЙ И ОБЫЧАЕВ КОЧЕВЫХ НАРОДОВ В ВОСПИТАНИИ МОЛОДЕЖИ

IMPORTANCE OF CULTURE, TRADITIONS AND CUSTOMS OF NOMADIC PEOPLE IN THE EDUCATION OF YOUTH

Аннотация: *Берилген илимий макалада кыргыз калкынын салт-санаасын, үрп-адатын жана маданиятынын негизинде келечектеги жаштарга таалим-тарбия берүү жана маанисин жоготуп албоо үчүн атайы каралган билим булагы.*

Түйүндүү сөздөр: *көчмөн эл, кыргыз, салт-санаа, маданият, «Манас» эпосу, тарбия, жаштар, этносоциология.*

Аннотация: *Данная статья предназначена для того чтобы приоткрыть завесу над истоками народных традиции и обычаев кыргызов, уходящих вглубь веков. Работа содержит основные принципы этнического воспитания. В статье рассматривается значение культуры, традиции и обычаев кочевого народа.*

Ключевые слова*: кочевой народ, кыргыз, традиция, культура, обычаи, эпос «Манас», воспитание, молодежь, этносоциология.*

Abstract: *This article is intended to lift the veil over the origins of Kyrgyz folk traditions and customs that go back centuries. The work contains the basic principles of ethnic upbringing. The article deals with the meaning of culture, traditions and customs of nomadic people.*

Key words: *nomadic people, Kyrgyz, tradition, culture, customs, Manas epic, upbringing, youth, ethnosociology.*

Каждый народ имеет в себе масштаб своего совершенства, несравнимый с другими народами.
Иоганн Готфрид Гердер

История кочевых народов начинается с легенды. В глубокой древности все кочующие племена, натягивающие лук и живущие за войлочными стенами, составляли одну семью кочевых народов. Шли годы, которые складывались в века, а с ним изменился и мир кочевых народов. И только обычаи, традиции, культура, легенды, игры передавались из поколения в поколение. Издревле по Центральному Тянь-Шаню кочевали древние кочевые народы, в их числе были кыргызские племена. Жилище утварь, одежда кыргызов все было приспособлено к кочевому образу жизни. Под его влиянием сложились и многовековые традиции жизненного уклада кыргызского народа. Традиции позволяли передавать накопленный тысячелетиями опыт новому поколению. Поэтому обряды, традиции, выполнялись беспрекословно и нарушители уставов жестоко наказывались. Традиции давали кочевнику шанс выжить в суровом мире. [5, 6-7]

Б. Абдиев считает что в этносоциально-ролевом аспекте кыргызской народной педагогике развитие личности – есть освоение и исполнение этносоциальных ролей на всех возрастных этапах жизни. В этом плане показателем этнической воспитанности личности является готовность и способность полноцен-

но выполнять определенную этносоциальную роль. А каждая роль предполагает исполнение определенной последовательности действий, трансформирующихся со временем в народные обычаи и традиции. Обычаи и обряды – это исторически сложившиеся устойчивые формы общественных отношений людей. В основе их лежат социальные нормы, запреты и правила поведения. Наша цель раскрыть перед будущим поколением все многообразие национальных обрядов и традиций, зародившихся еще в те далекие времена, когда кыргызы были кочевниками.

Социальные нормы и правила поведения (обычаи) лежат в основе родственных отношений. В этих и других формулах связи предполагаются исполнение определенных последовательных действий т.е. обычаев и обрядов, которые несут в себе и выражают определенные ценности и идеи. В сущности, традиции гостеприимства, уважение старших, заботу о пожилых и.т.п., присущие кыргызам есть нечто иное как практическая реализация этносоциальных ролей этнической общностью в целом. [1, 30] Особую роль обрядность родственных отношений имеют взаимоотношения по линии родства жены (мужа)и сватов (куда соок). Все важные события в жизни семьи, рода (рождение ребенка, свадьба, похороны и т.д.), проходят с приглашением сватов. Как правило обычаи и обряды кочевых народов были особо важными. Например, свадьбы и тои (пир) проходили с особым размахом, резали крупно рогатую скотину, накрывали пышный стол Проводили разные состязания, игры. [1, 29-30]

По нашему мнению в культурах народов нет незначимых фактов и ненужных деталей. Все в культуре значимо и ценно, все несет смысловую нагрузку. Культура кыргызов прошла долгий и сложный путь развития. Кыргызы имели культурное взаимодействие с соседними народами. Поэтому есть смешанные черты культур с народами Средней Азии. Кыргызская самобытность выражается в уникальном фольклорно эпическом комплексе, прикладном искусстве, музыке, обычаях и традициях. Несмотря на суровый кочевой жизни народ в свободное время занимался наставничеством. Девушки занимались вышиванием национальных орнаментов из войлока. А юноши учились боевому искусству и охоте, так как кочевые народы нередко подвергались к разным набегам врагов. Наши предки учили любить труд, уважать старших, бережно относиться к окружающей среде. В итоге появляются неотразимые войлочные изделия и деревянные утвари. Одним из величайших достижений кочевой цивилизации стало создание мобильных, легких и комфортных сборно-разборных жилищ – юрт, яранг, чумов и шатров. Идеально приспособленные к суровым условиям пустыни, степи и тундры, они верно служат своим хозяевам более пяти тысяч лет, с эпохи первых кочевников-скотоводов. Уникальная культура с войлоком и деревянным каркасом сделать жилище без единого гвоздя это шедевр кочевых народов. Сегодня, когда человечество становится все более мобильным, в век «туристического бума», традиционные жилища кочевников обретают новую жизнь. Юрта-весьма удобный вид жилища в условиях кочевого образа жизни. Деревянный каркас и войлочное покрытие легко разбирается на отдельные вьюки которое можно легко перевозить на верблюдах, лошадях или яках. [5,44-45] В культуре кыргызкого народа юрта осталось и останется одним из национальных достоинств. Ни один праздник и ни одно культурное мероприятие не проходит без юрты.

Суровую жизнь кочевников сопровождала большая детская смертность, поэтому рождение ребенка ожидали с особым трепетом, строго выполняя все принятые обряды и ритуалы. Ребенок - дар всевышнего так считали наши кочевые предки и нынешний день оно считается правильным. Ведь ребенок продолжение рода и всего человечества. По случаю рождения младенца существовали и существует целый ряд действий. Во-первых, это был «суйунчу» - оповещение, цель которого заключалась в том, чтобы получить подарок за сообщение радостной вести, затем «корундук» - подарки за право посмотреть новорожденного первый раз, «жентек» или «бешик той» - пир, который устраивают в честь новорожденного. Особое значение придавали наречению имени ребенку -«ат койуу». Так как во многих кочевых народов имя выбирали внимательно и значениями слов. Например Элхан –чтобы в будущим ребенок был лидером, оберегал свой народ от врагов, возглавлял свой народ справедливо.

В последнее время под воздействием разных процессов как научно техническая и информационная революция, политическая и экономическая нестабильность приводит к утрате многих народных нравственных ценностей. [6] Как показывает социально культурная практика развитию общества, и разным воздействиям может противостоять устойчивая система духовных и нравственных ценностей народа. История кочевых народов выполняет важную миссию передачи основных знаний и опыта, накопленного народом, нацией, этносом, растущему поколению.

Психолого-педагогическое воспитание у подрастающего поколения коллективизма, дружбы и товарищества, развитие духовного и физического здоровья было одной из тенденций традиционной педагогики. Кыргызы, один из древних народов Средней Азии на протяжении истории накопили свой опыт воспитания будущего поколения. Этот опыт уходящий в далекое прошлое составлял основы норм поведения, охранял труд и жизнь людей от разрушения сложившегося порядка, передавался от поколения к поколению. [4,10-11]

Воспитание молодежи – старейшее из человеческих дел, оно ни на один день не моложе человечества. Чем более развито общество тем более значительную роль играет в нем воспитание. Основным источником воспитание детей была народная педагогика –сказки, пословицы, поговорки загадки, легенды назидательные стихи, эпические поэмы и другие жанры устного народного творчества, в которых нашли свое отражение не только мировоззрение но и национальное своеобразие, самобытная культура кыргызского народа, определенные нормы и принципы поведения людей, воспитание у детей трудолюбия, честности, правдивости, мужества и других нравственных качеств. В воспитании детей большую роль играли кыргызские сказки, в которых отражены мечты народа о лучшей жизни, о социальной справедливости, победе над уг-

нетателями. В сказках народ высмеивает жестокость и жадность баев, манапов создает идеальный образ народного героя. Благородные чувства дружбы, товарищества, любви, отраженные в кыргызских сказках, воспитывали достойных представителей кыргызского народа на протяжении веков и до сих пор служат делу воспитания молодежи. В них были сконцентрированы педагогические взгляды. Среди произведений кыргызского фольклора, несущих в себе педагогическо-воспитательное содержание, исключительно важное место занимают эпосы, эпические памятники героического и лирико-романтического характера. К их числу относятся, прежде всего, героический эпос «Манас» и так называемые малые эпосы, в которых нашли отражение важнейшие этапы развития кыргызского общества с древнейших времен. Эпос «Манас» воздействовал воспитанию у молодежи мужества, патриотизма, честности, трудолюбия и других нравственных качеств. Эпическая поэзия кыргызского народа развивалась с древнейших времен. Величайшее поэтическое творение кыргызского народа – героический эпос «Манас» это одна из самых грандиозных по своим масштабам эпических поэм мира, поистине океан поэзии, подлинный кладезь народной педагогики. Древний кочевой народ Кыргызы –носители уникальной эпической культуры, венцом которой является «Манас» отметим четко что берущие начало еще с седой старины мифологии и религии, нравы и обычаи, история и философия, эстетика и мораль-словом, духовный капитал кыргызского народа содержится в эпосе грамотно. [3,3-4]

Успешное решение задач обучения, воспитания и формирования личности в значительной мере зависит и от того, в какой степени педагогическая наука сможет использовать прогрессивные идеи народной педагогики - жемчужины педагогической мысли прошлых поколений и передовой опыт обучения, воспитания молодежи. Таким образом, мы узнали что кыргызы – неутомимые наездники, способные в течение долгого времени не сходить с седла, преодолевать тяжелые перевалы, стремительные горные реки. Их Вселенная-это земля, по которой они кочуют, и небо, населенное божествами и духами предков. Их сила в незыблемости традиций, передаваемых из поколения в поколение. Вся жизнь кыргызов – материальная, хозяйственная, общественная, культурная – была связана с кочевым укладом. На всем лежала печать вечного движения миграции. Однако времена меняются, меняется образ жизни, и уходят в небытие обычаи, существовавшие тысячи лет. Это – закон развития жизни и цивилизации. Но часть обрядов остается живет среди народа. [5,55-56] Теперь когда мы знаем смысл воспитания молодежи через культуру, традиции обычаи кочевых народов мы обязаны передать как в заповеди Манаса «Через кропотливый и неустанный труд из знания – к процветанию и благосостоянию страны».

Литература.

1. Абдиев Б. Этнопедагогика (методические указания) ИГУ имени. К. Тыныстанова. - Каракол,2000.

2.Абрамзон С.М. Киргизы их этногенетические и историко культурные связи. -Ф.: Кыргызстан, 1990.

3.Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов.-Б., 1998.

4.Базаркулов М.Б., Балтабаев М.Р. Антология педагогической мысли Киргизской ССР. –М.: Педагогика,1988.

5. Кадыров В. Традиции и обычаи киргизов. -Б.: Раритет, 2005.

6.www.dissercat.com.

УДК-63.5. К-98

Кыдырова Б.А. *ОГПИнин окутуучусу*
Ош шаары

КӨЧМӨН ЭЛДИН КААДА-САЛТЫ – БАЛА ТАРБИЯЛООНУН БАШАТЫ

ТРАДИЦИИ КОЧЕВЫХ НАРОДОВ – ИСТОКИ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

NOMADIC PEOPLES' TRADITIONS IS THE BEGINNING OF BRINGING UP CHILDREN

Аннотация: *Баланы тарбиялоодо көчмөн элдин каада-салттары бул макаланын өзөгүн түзөт.*

Түйүндүү сөздөр: *каада-салт, тарбия, үй-бүлө, көчмөн эл, маданият, тарых, руханий мурас, элдик*

Аннотация: *В статье говорится о влиянии традиций кочевого народа на воспитание детей.*

Ключевые слова: *традиция, воспитание, семья, кочевники, культура, история, народный, духовное наследие.*

Abstract: *The main point of this article is nomadic traditions in children's upbringings*

Key words: *tradition, bring up, family, nomad, culture, history, national, spritual, haritage .*

Улуу муундан урпактарга каада-салттын руханий байлыгын, материалдык кенчин тарбия аркылуу берүү менен кийинки муундун ата-бабадан калган мурас байлыкка, өспүрүм мезгилде өздөрүнүн айланачөйрөсүндөгү жамааттан алган тарбиянын таасирине ээ болушун камсыздайт. Бала өзү жашаган коомдо, үй-бүлөдө, сырткы чөйрөдө сынчыл көз караш менен өзүнүн жеке көз карашынын бекем, туруктуу болушуна өбөлгө түзөт. Ынтымакта туруктуулук менен өз элинин абийирин, аброюн, улуулугун, бийиктигин, түбөлүктүүлүгүн баарынан жогору коюп, кылым кезген кыргыздын улуу атын түбөлүк өчпөс кылып легендага айландырууга көмөк көрсөтүп, ар тараптан тарбия берүүдө балага таасир берүүчү көчмөн элдин тээ тереңде тамырланган каада-салттары орчундуу мазмунга ээ.

Ата-бабаларыбыздын нарк нускалуу маданий, интеллектуалдык баалуулуктарын сактап, бир нече ондогон кылымдар бою чогулган, элдик тарбиянын мурастарына негизделген, тарбия -таалим берүүдө элдик каада-салттар баланы тарбиялоонун башаты болуп саналат. Жакшы жүрүм-турумга, үзүрлүү эмгектенүүгө түрткү берүүчү, күчтүү сезимди ойготуучу идеалдык ишенимди балдарды тарбиялоого калыптандырууда негизги милдет келип чыгат. Ал идея адамдын ишениминен жеке тарбияга айлануусу абзел. Балдардын таасирдүү, ишенимдүү жүрүм-турумуна алардын сезими чоң таасирин тийгизет. Элдик каада-салт - ар бир муун өзүнүн кичине үлүшүн кошуп отуруп, бай кенчке айландырган руханий мурас, түбөлүктүү кенч. Көчмөн элдин жашоо турмушунда, каада-салты, санжырасы, боз үйү, улуттук баш кийими, мүнүшкөрлүгү, кол өнөрчүлүгү, башка улуттан айырмалаган тарыхы, тили жөнүндө урпактарга берүү - улуулардын бизге калтырган мурасы. Кийинки мезгилде унутулуп да, колдонуудан чыгып да бараткан, кыйла замандардан бери муундан-мууга мурас болуп келе жаткан улуттук каада-салт, үрп- адат, дөөлөттөрүн көздүн карегиндей сактап, баалоо атуулдук парзыбыз. Тарыхтын татаал жолун басып өткөн көчмөн элдин өзүнчө элдик өзгөчөлүктөрүн сактап, бүгүнкү күндө өз маданиятына, руханий байлыгына ээ болгон көз карандысыз эгемендүү мамлекетке айланды. Мына ошол көз карандысыз мамлекетте жашап, эмгектенип, билим алып, тарбияланып, мекен жүгүн аркалоону милдет кылган ар бир кыргыз атуулу, өз элинин тилин, тарыхын, маданиятын, улуттук бай маданий мурастарын сыймык менен кийинки мууна калтыруу милдети турат. Ар бир улуттун өзүнүн улуттук мүнөзүнө, дүйнө таанымына жараша турмуш – тиричилигине, тарбия маанисине байланышкан каада-салты, үрп-адаттары бар. Элибиздин өзүнө гана мүнөздүү каада-салттарын үйрөнүп билүү үчүн, коомдогу үй – бү-

лөлүк мамилеге, бала тарбиялоого токтолуу керек. Анткени ар бир кыргыздын үй – бүлөсүн ар кандай үрп-адат, ырым – жырым коштоп жүрөт. Маселен, баланын төрөлүшүнөн тартып, баланы тарбиялоо, балакатка жеткирүү, балтыр бешик кезинен бапестөө, үйлөнтүп- жайлантып, өзүнчө энчи берүү, там салып берүү, турмуштан орун –очок алдыруу, жашоо бүтүп, оо дүйнөгө сапар алышында түрдүү каада-салттар турмуштун мыйзам ченемдүү көрүнүштөрү катары кабыл алынып калган. Таалим-тарбиялык маани зор бул каада-салттар кыргыз маданиятынын бир жагын көрсөтсө, экинчиден келечек муунду тарбиялоонун уюткулуу үлгүсү боло алмакчы. Кыргыз поэзиясынын эң бийик чокусу, элдин сыймыгы, кыргыз турмушунун энциклопедиясы болуп эсептелген, улуттун маданиятын, каада-салттарды өзүндө сактаган «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармачылыгыбыз, бүгүнкү күндө кыргыз элинин коомдук өнүгүшүнүн баардык этаптарын көркөм чагылдырып берет.

«Манас» эпосунда балага таазим кылуу, алаканга салып бөпөлөө ачык билинип турат. Жакыптын уулу жок эле, ошон үчүн ал өкүнүч менен «Бут аалам кулашын каалайм!»-деп айткан. Элибизде: «Бала үйдүн падышасы!»-деп бекеринен айтышпайт. Жаңыдан төрөлгөн баланы колуна алган бүбүлөр аны ошол эле замат жылуу сууга кириндирип жатышып, «Суукка да, ызгаарга да чыдасаң, аны көтөрө билесиң» деп айтышкан. [6;65-б]

Демек, жаңыдан көз ачып, жарык дүйнөгө келген баланы колго алаар менен эле чыдамкай,көтөрүмдүү, ысык суукту жеңе билген, туруктуу, эл жүгүн көтөргөн, ыйманы таза баланы тарбиялоодо, тарбиянын мындай катаал түрү,элдин татаал турмушуна мүнөздүү болгон. Эпостун мисалынан- көчмөн кыргыздар өз жашоо шартынын өзгөчөлүгүнө ылайыкталган дүнүйөнүн оозеки жаралып, оозеки сакталган көркөм мухит деңизинен башка эч бир кезикпеген,өзү сыяктуулардын арасында теңдешсиз экенин байкоого болот. Элдик ички рухий дүйнөсүнө, Ала Тоонун таза абасынан жутуп, өсүп келе жаткан балдардын таалим-тарбиялык нускалуу мааниси да ушунда. Балдарды тарбиялоого колдонуп үйрөтүүчү каада-салттардын башкысы:

Салам айтуу салты. Көчмөн элдин каада –салтында эч бир мыйзам аркылуу эмес, атадан балага калыптанган жакшы белгилердин бири - салам айтуу же кол берүү. Мында улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо наркы бар. Илгери кыргыз элинде аттуу келе жаткан адам , жөө адамга салам айткан. Улуу болсо аттан түшүп, кол берүүчү, улуу адам рахматын айтып, алкап ыраазы болуучу. Салам айтуучу же алик алуучу тарап атчан болушса, бири-бирине кол берип учурашчу. « Улууну сыйласаң, кичүүдөн сый көрөсүң»- деген макал тегин болбосо керек. Мында баланы кичипейил, жөнөкөй, илбериңки тарбиялоодогу белгилердин бири.

Конок тосуу- илгерки ата-бабалардан келе жаткан каада-салттардын бири. Көчмөн кыргыз байыртан эле меймандос, кең пейил, дасторкондуу эл болуп «кудайы конок» же «милдеттүү конок» болсун, келген конокко бир малын союп, алынын жетишинче сыйлап, ат улоосуна жем- чөп берип жакшы узатканкан. Алдына калың төшөк салып, жылуу жаап жакшы жаткырат. Кыскасы коноктон эч нерсесин аябай, үйдө эт - ашы болбосо, башкадан карыз алып болсо да конок сыйлаган.

Ошондуктан элибизде:

«Коноктуу үйдө кут бар,
Колоңсолуу кишиде жыт бар» ,
«Үйгө киргенче конок уялат,
Үйгө кирген соң үй ээси уялат».

«Конок келсе, ырыскысын ала келет» деген макал-лакаптар бар. [5; 118-б]

Атактуу меймандарды алдын ала күтүү менен аларга сый көрсөтүлөт. Конокко шек билдирбей урматтап, сыйлайт. Мисалы, билермандарды тосуу, куда-сөөк, дос-жар, тааныш-тамырларды тосуу өңдүү мамилелерди айтсак болот.

Коноктун колуна суу куюу- мунун ата салты, эне наркы бар. Көбүнчө уул бала суу куюшу шарт. Майлыкты сол ийинге илип, чылапчынды четинен кармап, жылымык суусу бар кумганды оң колго кармап, эт жээр алдын сол тараптан суу куюлат. Колун жууган адам «өмүрлүү бол», «тилегиңди берсин», «бар бол», «ата-бабаңдын жолун жолдо» өңдүү бата берет. Эт желип бүткөндө да суу куюлуп, бата алат. Балага суу куйдуруу салт. Мындан бала адептик таалим-тарбия алат.

Дасторкон жаюу салты. Кыргыз эли мейман дос келет. Дасторкон жаюунун да тарбиялык мааниси бар. Сыңар тизилип, дсторкондун туюк учун төрдү каратып жаят. Эң улук тамак – нанды алгач коёт да, кезеги менен калгандарын жайгаштырат. Даам татууда абалы нанды ооз тийүүдөн башталат. Чай куюу, устукан тартуу улуусунан берилет, тамакты балчылдатып чайнабайт, чайды чамасы менен куйбайт. Даамды адептүүлүк менен жейт.

Табак тартуу салты. Элибизде: «Эрдик кылып кой сойду, иттик кылып төш тартты» - деген сөз айтылат. «Мансап улуу эмес, жаш улуу» деген макал бар. [1;59-б] Этти конокко туш келди эле тарта бербейт. Табак тартуунун да өзүнчө маданияты бар. Ошондуктан куймулчак, жамбаш, кашка жилик, жото жилик, кар жилик, далы өзүнчө мааниге ээ. Улуулата жамбашты эркек адамга, куймулчакты аял адамга тартат. «Устукандоо» ата-бабанын жөрөлгөсүн сактоо, баланы мейман достукка тарбиялоо болот.

«Адамды алдоо болбойт тамак менен,
Акылды өлчөп болбойт кадак менен!»
«Казанын кара эмес» - деп таарынбайбыз,
Күтүп ал, жаркылдаган камак менен. [1;60-б]

Дасторкон үй ээсинин бактысы, сыймыгы. Даам тарттыруу да пейилди билдирет. Акыл эстүү адамды тамак менен алдоого болбогон сыяктуу, акылды кадак менен өлчөөгө болбой тургандыгы айтылып, дасторкон үстүндө үй ээсинин жубайы кабагы ачык тосуп алса, коноктун да көңүлү жай болот. Баланы тарбиялоодо колдонулган салттан, бата кылуу да өзгөчө мааниге ээ. «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт» демекчи конок сыйы бүткөндөн кийин бата тиленет. Көбүнчө суу куйган балдарга карата айтылып, андан кийин үй ээлерине карата ыраазычылык билдирилет. Эл жапырт алакан

жайып, «бак карасын, кыдыр даарысын, өмүрүң узун болсун, таалайлуу бол, эч нерседен кем болбо?»- деп бата берүү карыялардын, байбичелердин салты. Бата тилөө элдик педагогика. Бата тилеп, бата алуу оңой иш эмес. Көчмөн элдин руханий маданиятынын бир бөлүгү болгон анын каада-салттарында, адам коомунун негизги функциясы болгон тарбия башаты зор мааниге ээ. «Жакшы сөздү кунт коюп уксаң ыкылас, жаман ишке такыр барбайт ыпылас», «Ынтымактуу болсоң эл менен, ырыс-кешик бирге болот сен менен» -деген макалдарында таалим-тарбиялык мааниси, баланы ыпылас иштен алыс болуп, эл менен ынтымакта болсо, ырыс-кешик бирге болору айтылган философиялык ой жатат.

Каада-салттар өз убагында айкын гумандуулукту, кажыбас күжүрмөндүүлүктү, курбулук асылкечтикти, улуулардын устаттыгын, кичүүлөрдүн ысык ымандуулугу менен адептүүлүгүн мурас катары камтып келет. [1;49-б]

Илгертен ата-бабаларыбыздын канында жашап келген асылбаа салт, нарктар менен жаштарыбызды сугаруу керек. Жаштардын руханий жан дүйнөсүн байытуу, элдин бай казыналуу рухунун бийиктигине акырындап тарбиялоо маселеси турат. Нечен кылымдардан түпкүрүнөн берки ата-бабаларбыздын бизге, урпактарга мурас кылып калтырып кеткен баалуулуктарын ар тараптан үйрөтүшүбүз абзел. Бул ыйык каада-салтты түбөлүк сактап, укумдан- тукумга жеткирүү таасирдүү тарбия алуу - биздин жаштардын мезгил талабы.

Адабияттар

1. Абдылдаев А.А. Ата-бабалар табериги. - Б., 2011.

2. Акматалиев А.А. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-том. -Б., 2004.

3. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. -Б., 1-бөлүк. 1996.

4. Апышов Б. Элдик педагогика жана адептүүлүк тарбиясы. -Ош, 1998.

5. Каада-салттар, ак баталар. Эл адабияты сериясы 29-том Б.: 2003.

6. Максутов Т., Байымбетов М. «Манас» эпосу элдик тарбиянын кенчи Б., 1999.

7. Максутов Т., Мырсабеков А. Улуттук педагогиканын негиздери. -Ош, 1996.

УДК: 39:903'15:94(575.2)

Намазбекова А. Н.
К.Карасаев атындагы БГУнун
Үзгүлтүксүз жана дистанттык билим берүү
институтунун окутуучусу
e-mail: vatashi13@mail.ru

РЕСПУБЛИКАЛЫК БАСЫЛМАЛАРДА КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

ОТРАЖЕНИЕ КОЧЕВЫХ ИГР В РЕСПУБЛИКАНСКИХ ИЗДАНИЯХ

REPUBLICAN PUBLICATIONS REFLECT NOMADIC GAMES

Аннотация: *Кыргыз элинин тили, каада-салты, үрп-адаты жана анын маданияты улуттун улут экендигин билдирип турат эмеспи. Андыктан, ата-бабалар мурастап берген руханий байлыктарды сактай билүү жана келечекке тартуулап берүү азыркы муундун милдети!*

Түйүндүү сөздөр: *улуттук каада-салт, үрп-адат, мурас, макал-лакаптар, улуттук оюндар, элдик өнөр, тил,"Манас"эпосу, Ч.Айтматов "Гүлсарат", Кыргыз Туусу гезити,жарнама ж.б.*

Аннотация: *Язык, традиции, обычаи, нравы и культура кыргызского народа является основным показателям нации. Поэтому наследие, переданное нам нашими предками нужно сохранить и передать настоящему и будущему поколению.*

Ключевые слова: *традиция, обычьи, наследие, пословицы и поговорки, национальные игры, народные творчество,язык, эпос "Манас", Ч.Айтматов "Гулсарат", газета "Кыргыз Туу", реклама.*

Annotation: *The language, tradition, custom, morals and culture Kyrgyz nation is the basic indicators of the nation. So we must keep up and give the heritage of our ancestors to the present and future generation.*

Key words: *national traditions, customs, muras, proverbs and sayning, national games,folk skills, language, « Manas» epic, Ch.Aitmatov «Gulsarat», Kyrgyz Tuusu paper, edvertisment.*

Мезгил өзүнүн калыбынан өзгөрүп, совет өкмөтү акырындан калыбына келип кыргыз эли бир кыйынчылыктан кутулуп, элдин социалдык турмушу жаны жолго багышталып келе жактанда Кыргыз Туусу газетасы биринчи 1924-жылдын 7-ноябрында кыргыз эли үчүн чоң жетишкендиктердин бири болгон. Кыргыз элинде жана анын мамлекеттүүлүндө тарых баракларында алтын тамга менен жазылып калган даталардын бири. Анткени бул күнү кыргыз элинин көктөн издегени жерден табылып, канча жылдан бери жетпей жүргөн максаттарына жетип алгачкы тун гезити жарыкка чыккан. Гезит чыккан күнү кыргыз элинин кубанычында чек жок эле. Бул убаккка чейин үгүт-насаат иштери, маданий-массалык иштер оозеки түрүндө же орус тилинде же Ташкенттен, Алматы, Казандан чыккан борбордук гезиттер аркылуу жүргүзүлүп келген. Ошондуктан Кыргыз автономдуу областынын жетекчилиги кыргыз тилинде гезит чыгарууну чечкен. Аны «Эркин Тоо» деп аташкан. Кыргыздын тун гезити араб тилинде жарыкка чыккан. Гезиттин чыгышы кыргыз эли үчүн абдан кубанычтуу жаңылык болгон. Гезиттин алгачкы эмгек жамааты чакан эле болгон. Башкы редактор О.Алиевден сырткары С.Карачев – жоопту катчы, адабий кызматкерлер, корректор - К.Карасаев, М.Салихов, М.Акматовдор гана болгон. 1924-жылдын декабрына чейин гезиттин алты номери Ташкентте чыккан. Декабрда болсо гезиттин чакан жамааты атайын бөлүнгөн техника менен Пишпекке көчүп келишкен.

1927-жылы 29-августта Кыргыз обком партиясынын токтому менен «Эркин Тоо» «Кызыл Кыргызстан» деген атка өзгөртүлгөн. Ушундай ат менен гезит 1956-жылга чейин чыгып турган. Андан кийин «Советтик Кыргызстан» болуп өзгөртүлгөн. Ал эми

1991-жылдан бери газета «Кыргыз Туусу» деген ат менен чыгып келет.

Совет учурунда гезиттин жасаган иши, көтөргөн жүгү төө көтөргүс жүктөй болгон. Себеби ошол мезгилдин саясатын даана, ачык чагылдырган биринчи гезиттердин бири болгон. Бирок Совет кеңешинин кулашы менен гезит дагы өз учурунда мамлекет башынан кечирген кыйынчылыкты гезит дагы башынан өткөргөн.

Бул жылдары гезиттин дагы аты өзгөртүлүп, «Кызыл Кыргызстан» деген аталыштан «Кыргыз Туусуна» өткөн. Гезиттин минтип аталып калышына ошол кездердеги башкы редактор болуп иштеп турган белгилүү журналист Тилектеш Ишемкуловдун салымы чоң болгон. Гезиттин атынын өзгөрүшү менен анын мазмуну дагы өзгөргөн. Себеби мамлекет эгемендүүлүктү алаары менен гезит мамлекеттин менчигине өткөн. Ошол күндөн тарта гезит мамлекеттин жүргүзгөн саясатын чагылдыруучу милдетти аркалап келет. Анын эмгек кылуучусу - өкмөт. Демек, бул журналисттер аркылуу эл өкмөттө болуп жаткан жаңылыктардан кабардар болуп жана аткарылып жаткан маселелерден, президенттин бардык иш-аракеттеринен кабар алып турат.

Мезгил өзүнүн калыбынан өзгөрүлүп учурдагы технологиянын тынымсыз өнүгүшү менен катар гезиттин да нугу өзгөрүлүп глобалдуу болуп турган интернет мейкинине да өз ордун таба алды. Биз сөз кылчу бул гезиттин элекрондук варианты жөнүндө kyrgyztuusu.kg — Кыргыз Республикасынын улуттук тун гезитинин сайты. Сайтка "Кыргыз туусу" гезитинин ар бир санына (гезит жумасына эки ирет чыгат) жарык көргөн маектер, дубандардан келген маалыматтар, адабий, маданий жаңылыктар, чыгармалар, тарых, аналитикалык материалдарды камтыйт . Андан тышкары ар күн сайын болуп жаткан коомдогу негизги жаңылыктарды жарыялайт.

Кыргыз Туусу гезитин сайтында да салттуу гезиттей эле көптөгөн рубрикалар орун алган – аналитика, саясат, экономика, коом, дубандар, коррупция, көйгөй, кылмыштар жана кырсыктар, дүйнөдө, маданият, адабият, тарых, спорт, медиа, сынак. Андан тышкары жаңылыктар, комментарийлер, сурамжылоо бөлүктөрү бар. Сурамжылоо бөлүмүндө ар сан сайын коомчулукта орчундуу маселелер көтөрүлүп, окурмандардын ортосуна курч проблема боюнча суроо жарыяланып, ага бир канча даяр жооп берилет, окурман өзүнө ылайык бирөөнү тандап алат. Кыргыз Туусу газетасында жана электрондук варианты боюнча берилген маалыматтар экөөндө тең бирдей эле маалыматтарды беришет. Жалпылап айтканда басма түрүндө чыгарылгандары ошол эле электрондук сайтында да берилет. Мисалы, быйыл сентябрь айында өтүлүүчү III Дүйнөлүк көчмөндөр оюнуна карата маалыматтар, жарнамалар ММК каражаттарынан тынбай эле берилип келе жатат. Ушул эле маалыматтар боюнча Кыргыз Туусу газетасы да өзүнүн маалыматтарын берет. Анда көчмөндөрдөн келе жаткан каада-салты менен өтүлүүчү улуттук оюн-зооктор жана көчмөндөр оюнунда боло турган 40 дай спорттук оюндун түрлөрү, 60тан ашуун мамлекеттин катышуусу менен дүйнөлүк көчмөндөр оюну өтүлө турганы тууралуу маалыматтар басма сөздө берилип жатат. Бирок, берилген маалыматтарга таянсак көчмөндөрдүн эзелтеден келе жаткан көк бөрү улуттук оюну боюнча "Көк бөрү – көркөм, ат чабыш-ата салтындай болсо", Көчмөндөр оюндарына 316 млн.сом бөлүндү" деген ж.б.у.с маалыматтар чыгарылган. "Көк бөрү-көркөм, ат чабыш-ата салтындай болсо" деген темада макаланы алып караганда, макалада ат оюндары тууралуу жазылган. Автордун айтуусунда (Темирбек Алымбеков," Кыргыз Туусу" гезити), ал ат оюндары көк бөрү менен ат чабышты кандай деңгээлде жана ата бабадан калган салт менен өткөрүп алуубузду айтып чыккан. Бул эң туура маселелердин бири деп ойлойм. Анткени ат оюндарында көк бөрү менен ат чабыштын эзелтен бабалар кандай өткөрүп келишкендери тууралуу толук айдың маалыматтар жазылган. Бул макалада ата бабалардын муундан-муунга өткөрүп келгендиги, тайказан тууралуу, ортого коюлчу "бөрү", оюнчулардын мерт болуу себептери жана алардын формасы, ат жабдыктары, аламан байге андай болбойт деген сыяктуу маселелерди козгогон.

Көк бөрү – кыргыздын улуттук ат оюну. Кыргыздарда көк бөрү тартышуу оюну тээ илгертеден келе жаткан, ат үстүндөгү күч сынашуу оюну эсептелет Татаал, коркунучтуу, кокустуктары көп оюн болгондуктан атаандаштардын ортосунда кадыр-барктуу, тажрыйбалуу кишилерден бокобулдарды (калыстарды) дайындашып, ошолордун чечими боюнча оюн өткөрүлгөн. Кыргыздардын ар кандай "майрамдык чогулуштарында көкбөрү тартышпай өткөн эмес. "Манас" эпосунда да көк бөрү абдан көп сүрөттөлөт. Заманыбыздын залкар жазуучусу болгон Ч.Айтматов да "Көк бөрү" оюну боюнча да чыгармаларында да из калтырган. Алсак, Гулсарат повестинен алынган үзүндү мындай жазылган экен. "Эр жигиттин көкбөрү оюнун мураска калтырган ата бабаларыма рахмат!" деп жазылган жерин да кездештирсек болот. Демек, жеке эле кыргыз элине эле белгилүү болгон көк бөрү оюну боордош казак элдерине да таралган. Ошондуктан кыргыз басма сөз каражаттары жеке эле мамлекеттик болгон "Кыргыз Туусу" гезитинин чыгарылыштарына эмес, бүтүндөй кыргыз журтуна жетип жаткан массалык маалымат каражаттарынын бул боюнча кенериреэк маалыматты жеткирип турушса деген ой –тилек. Көчмөндөр оюнуна дүйнөнүн төрт бурчунан элдер келип жаткандыктан ар-кандай сын көз караштарга кабылбай тура алсак. Буга мисал, көчмөндөр оюну боюнча тартылып жаткан жарнамалык роликтердин теле аркылуу тынымсыз кетип жаткандагысы. Бул жарнамада аталган күрөш боюнча чыккан жарнамада эреженин туура эмес берилиши боюнча казак элдеринин сын-пикирин укканбыз. Анткени күрөш башталган убакта эреже боюнча эки балбандын баштары бири-биринин баштарына оң жагында тийип туруш керектиги айтылган. Ал эми биздин жарнамада сол жак жагына башы туруп калган деген сындарды айтышкан эле. Бул боюнча илимий семинарларда да бир канча жолу айтылган эле. Көчмөндөр оюнун өткөрүүнүн жетекчилери да тике көз карашта караш керек эле. Мамлекет тарабынан көзөмөлгө алынып оюндун негизги эрежеси тууралуу маалымат каражаттарына тапшырма катары берилсе, келечекте өсүп келе жаткан муунга руханий баалуулук бере алмак деген терең үмүт. Бирок, кыргыздын каада-салтына, үрп-адатына тиешелүү болгон кыргыздын эр эңиш, аламан бай-

ге, күрөш ж.б.тууралуу маалымат аз, аны биз теледен же гезит беттеринен эле окуп көрбөсөк дээрлик билишпейт. Алыс кетпей эле мамлекеттик гезит болгон "Кыргыз Туусу" гезитине III Дүйнөлүк көчмөндөр тууралуу байма-бай ар бир санында өтүлүүчү оюн эрежелери боюнча макалалар жазылып, аны менен катар тарых изилдөөчүлөрдөн, саясий ишмерлерден, катышып жүргөн катышуучулардан оюндун эрежеси тууралуу кенерирээк маалымат алып, коомго тартуулап турса бирден бир болсо да улуттун улут экендигине салым кошмок.

Дегеле, көк бөрү, аламан байге, эр эңиш, күрөш оюндары эле эмес көчмөндөр оюндарына тиешелүү ата-бабанын салты менен адаты менен терең изилдеп алып анан ойнотсок андан жакшы болмок. Жыл катары менен көчмөндөр оюнун өткөрүп келе жаткандан кийин кыргыз эли бул жагынан эки эсе тажрыйба топтоп келе жатканы тана албайбыз. Кетирген каталар болсо тиешелүү жактар менен чечишип, кеңешип-кептешип кайрадан боло турчу оюндарды андан да жакшы, мындан да мыкты деңгээлде өткөрүп алуубуз кажетсиз. Анткени, бул нерсени оңдоп түздөө жана аны алып кетүү боюнча кыргыз эли күжүрмөн жактан тайбаса керек. Андан сырткары бул каада-салт менен өтүлүп келе жаткан оюндар биздин руханий дүйнө-бүзгө сиңип калган бир чоң өзгөрүүсүз адат. Биз муну муундан-муунга ата-бабалар бизге кандай өткөрүп берсе , биз да келечекке ошондой кылып эч өзгөрүүсүз өткөрүп берүү бул милдет деп эсептейм. Ошондуктан, учурдун талабына жооп берип жаткан массалык маалымат каражаттары анын ичинен мамлекеттик гезит болуп эсептелинип келген "Кыргыз Туусу" гезити да учурдан артта калбай ишти алып барып жаткандыктан коомго туура жана жеткиликтүү маалыматтарды берип турса. Көчмөндөр оюнунда өтүлүүчү оюн-зооктордун туура эрежелери, адаттары, кандай деңгээлде өткөрүлүшү боюнча маалыматтар гезиттин ар бир санында берилсе, бул да болсо коомго тийгизген бирден бир туура иштердин бири болот эле ойдобуз.

Адабияттар

1. Кыргыздардын улуттук маданияты / Түз.: К.Жусупов, Ж.Бакашова , К 97 К.Иманалиев, М.К.Өмүрбай уулу. – Б., 2012.-972 б.

2. Кыргыз Туусу, №29 (24226) 2018жылдын 20-апрели, kyrgyztuusu.kg

3. Ибраева Г.К., Куликова С.В. История развития и современное состояние СМИ в Кыргызстане: результаты исследования. -Б., 2002.

УДК: 377.

Кадырова Анара *- филология илимдеринин кандидаты, доцент, ЖАМУ.*
kadyrova.20.04@maiI.ru
Матисакова А., *Жалал-Абад мамлекеттик университетинин улук окутуучусу, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы*

КӨЧМӨНДӨРДҮН БӨБӨКТӨРДҮ ТАРБИЯЛООГО АРНАЛГАН ЖӨРӨЛГӨЛӨРҮНҮН ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

ОТРАЖЕНИЕ ОБЫЧАЕВ КОЧЕВНИКОВ, ПОСВЯЩЕННЫЕ ВОСПИТАНИИ МЛАДЕНЦЕВ В УСТНОМ НАРОДНОМ ТВОРЧЕСТВЕ

THE DESCRIPTION OF NOMADS' CUSTOMSFOR BRINGING UP THE CHILDS IN THE FOLKORAL WRITING

Аннотация: *Макалада көчмөндөрдүн бөбөктөрдү тарбиялоодогу жөрөлгөлөрүнүн (элдик педагогикалык идеяларынын) элдик оозеки көркөм мурастарда чагылдырылышы жана аларды азыркы муундардын (үй-бүлө мүчөлөрү, тарбиячылар, мугалимдер) бөбөктөрдү тарбиялоо процессинде колдонгон ыкмалары, практикалык иш-аракеттери тууралуу кеп козголду.*

Түйүндүү сөздөр: *көчмөндөр, бөбөктөр, тарбия, жөрөлгө, элдик педагоги ка, орток мурастар, баалуулуктар, үй-бүлө, муктаждык, маселе чечүү*

Аннотация: *В статье рассматриваются идеи и ценности народной педагогики в воспитании младенцев кочевниками. Переданные в устном поэтическом творчестве кочевых народов и использование их методов, приемов васпитание в современном обществе.*

Ключевые слова: *кочевники, младенцы, воспитание, народная педагогика, обряды, национальные ценности, приемы, старания, семья, потребности, решение проблем*

Abstract: *The article discusses the nomad people's upbringing described in folk art, modern people's upbringing and their skills and practice*

Key words: *nomads, children, upbringing, idea, pedagogies, heritage, values, action, family, needs, problem*

Улуу ойчулдар мамлекеттин бекемдиги бекем үй-бүлөгө жараша, ал эми үй-бүлөлүк тартип үй-бүлө мүчөлөрүнүн моралы менен туруктуулугуна жараша болорун белгилешкен жана тарбиялоо менен билим берүүнү өзгөчө айырмалап көрсөтүп келишкен. Учурда дүйнөнүн элдерин, улуттарын, ар кандай цивилизацияларын анын ичинен маданий баалуулуктарын жана билим, тарбия берүү салттарын жакындаштырып, алардын арасындагы орток мурастарды интеграциялап пайдалануу маселесин күн тартибине койду. Күн тартибиндеги маселени чечүү максатында белгилүү ойчулдардын, элдик педагогдордун идеяларын билим жана тарбия берүү процессинде колдонуунун илимий педагогикалык негиздери айрым жакынкы, алыскы чет өлкөлүк жана улуттук окумуштуулар тарабынан аныкталды. Улуттук окумуштуулардын ичинен айрымдарынын атын атасак : С. Байгазиев, Н.И. Имаева, Б. Исаков, С. Иптаров, Ж. Койчуманов, А. Муратов, М.Р. Рахимова, С. Рысбаев, Т. Ормонов ж. б.

Көчмөндөр бала төрөлгөндөн баштап көп түрдүү жөрөлгөлөрдү өткөрүүгө басым жасашкан. Жаш ата-энелер элдик жөрөлгөлөрдүн маани-маңызын, максат-милдеттерин, аткарылуу тартибин аң-сезимдүү түрдө кабылдап, өз практикасынан өткөрүп, тажрыйба топтоого жана жөрөлгөлөр дүн баланы тарбиялоодогу ыкмаларына ээ болушун максатташкан. Ошол үчүн дүйнөлүк эпикалык чыгармалардан теңдеши жок "Манастан" баштап, кыска көлөмдөгү дидак-

тикалык чыгармаларга чейинки көркөм мурастардын борборунда бала турат. Бала менен турмуш уланат, элдин учу узарат. Бала - атанын мураскору, ата-энени жипсиз бириктирген көпүрө. Көчмөндөрдүн элдик педагогикасында: *"Балалуу үй - базар, баласыз үй мазар", "Бала - үй-бүлөнүн мөмөсү"* делет. Айтылган ушул ойлорго карама-каршы маанидеги: *"Баланын бары да балээ, баланын жогу да балээ", "Балага бирөө зар, бала кимдир бирөөгө кор"* деген макалдарды да жаратышкан.

Көчмөндөр Жаратканга таза ишеним-ыкласы менен жашап, тарыхтын ар кандай сыноолорунда кыргыздын улуулугу менен, нукуралыгы менен, илимбилимдин, улуттук философиянын өзөгүн сактап калгандыгы менен өзгөчөлөнүп келгени тарых баракчарынан, санжыра-жомоктордон белгилүү. Ошондой эле алар көчмөндөрдүн руху бар, элдик философиясы бар, тарбиялоо ыкмалары бар, этнографиясы, этнопсихологиясы, этнопедаго гикасы, жашоо-турмушу, ой жүгүртүүсү бар көркөм мурастарын урпактарына аманат калтырышкан. Мындай маданий дөөлөттөрдүн каймагын калпып өзүнүн тулку боюна сиңирген элдик педагогиканын залкар идеялары жаш муундарды тарбиялоодогу негизги багыттардан болот.

Биздин иликтөө кайсы бир чыгарманы алып, ага адабий талдоо берип, көркөмдүк деңгээлин ар тараптан ачып берүүнү максаттабайт, тагыраак айтканда, мисалга тартылган чыгармада кыргыз элинин тарбиялоо жөрөлгөлөрү кандайча чагылдырылгандыгын, элдик педагогика каармандардын жүрүш-турушунда, кулк-мүнөзүндө, кебинде кандайча берилгендигин, тарбиялык салттар эл тарабынан кандай максатта колдонулуп жаткандыгын көрсөтүү милдети коюлду.

Көчүп-конуп, малчылык менен аңчылыкты кесип кылып, байыркы баео ишенимдеринии негизинде ой-тилектеринин кабыл болоруна *"аян"* берилиши, *"түш көрүп", "түш жорутуусу",* хан Жакыптын Теңиринен телмире тилеген тилеги кабыл болуп, ууздуу болушу, *"ымыркайым сүйкүмдүү болсун сүйгөнгө, көрктүү болсун көргөнгө"* деп, сүйүнчүнү, көрүндүктү мол чыгарышы, мал жандыктуу, оокат-аштуу, ырыс-кылуу-кешиктүү болсун деп май менен ооздантуусу, ыймандуулугун тилеп, Аллахтын уккулуктуу азанын кулагына айттыруусу, кадыр-барктуу адамдарга ысым койдурушу, бөбөк жети күндүк болгондо, таята-тагалары карын чачын алып, тай энчилеши, жерге жакын өссүн, мөмөлөсүн деп карын чачын аспиеттеп, мөмөлүү даректын алдына жашырышы, кырк күн толгондо берекелүү жентек той бериши, бешикке салуу аземи ж.б.у.с. төрөлгөндөн башталган жөрөлгөлөр курак өзгөчөлүгүнө жараша өмүрүнүн аягына чейин коштолуп барат.

Элдик философияда: "Тойдун болгонунан да, болоту кызык", - деп айтылат. Мисалы: *"Бай Жакып баарын күтүнүп, байбиче тонун бүтүрүп, кедейлер кийимин жамашып, келиндер чачын тарашып, кызматкер кийим тандашып, кыз-балдар чачын сылашып, кызык тойду көрсөк деп, катасыз күндү санашып"*, - деп, чоң тойго ар кимиси колунда барын даярдап, өз камылгасын көрүшөт. Мындай кызыктуу тойдун эл тарабынан күтүлүшү, эртеңки кубанычтын жакындашы. Ушунун баары баланын жарык дүйнөгө келишине арналган, аздектелген жөрөлгөлөр. Ошондой эле карапайым калкка руханий жактан да, эл-журтту ырыс-ынтымакка баш коштуруу жагынан да, тарбиялык жактан да таасирин тийгизген санжыралуу салттар.

Ар бир жөрөлгөнүн жеке өзүнө таандык эреже талаптары, ыкмалары болот. Аны улуу курактагы ата-энелер жаштарга көчмөндөрдүн колдонгон эреже талаптарынын негизинде, кошумчалабай, алымчылабай, ырааты менен үйрөтүшөт. Үйрөнүүчү тараптар эреже талаптарды так аткарууга милдеттүү болот. Мисалы, бөбөктөргө арналган *"Алдей, алдей", "Сал билек", "Той бөбөк"* ырлары апалар тарабынан бөбөктөргө обону менен ырдалат. Анда баланы уктатуу, тынчтандыруу, алаксытуу, эркелетүү, мээрим төгүү сыяктуу эмоциялык сезимдери гана билдирилбестен, ата-эненин баласына каалаган тилеги, андан күткүн максат-талаптары баары айтылат. *"Алдей, алдей ак бөбөк, ак бешикке жат бөбөк, кунан койду сой бөбөк, куйругуна той бөбөк"; "Алдей балам, тумарым, ата жолун уларым, журтка кызмат кылса деп, жараткандан сурадым"*(Карабаева А.); *"Айтканына бек турган, байкер болор бекенсиң, баатыр Манас атаңдай, айкөл болор бекенсиң"* (Шакирова Г.). Бул ыр саптар бөбөктөрдүн сенсордук процесстерин өстүрүүгө, эстетикалык жана акыл-эс тарбияларын берүү мүмкүнчүлүктөрүнөн улам жаралган. Ошондуктан чех элинин улуу педагогу Я.А. Коменский: "Адам тарбия, тажрыйба, табит жана тааныпбилүү аркылуу гана адам боло алат", - деген. Бөбөктүн алгачкы кадамдары байсалдуу болсун, оош-кыйыштуу, татаал тагдыр жолунда мүдүрүлбөй, тайгаланбай шар кетүүсүн тилеп, ала жип, кара жипти чалып, тушоо кесүү тойду өткөрүшкөн, ал аркылуу "ата журт", "тага журт" деген түшүнүктөрдү калыптоого көңүл бурушкан: *"Тайтай, тай балам, жыгылбастан тур, балам, таятаңа бар, балам, тору атыңа мин, балам, тай-тай, тай балам, чоң атаңа бар, балам, аргымагың мин, балам, чочубастан бек туруп, чуркап кеткин, тай балам"*. Мында баланын биринчи кадамынан тартып. таятасынын энчилеген тору атына чейинки аралык, мезгил сүрөттөлүп жаткан жери жок, мында кыргыз турмушунда жашаган баланын тагдыры, жашоосу ат менен коштолуп жүрөрүн, ошондуктан балага ат жалында чоңоюшу эскертилип турат.

Бөбөктөрдү тарбиялоодо оюн ырларынын да орду маанилүү экендигин белгилөөгө болот. Мисалы: *"Буудай кууру, таруу кууру, коюу-коюу талкан бас, талканыңдан бере көр, айланайын, ак бөпөм"*. Бул ыр саптарды бөбөктүн жакын адамдары бөбөктүн алаканын жайып, сөөмөйү менен айлантып, тегеретип кытыгылап, бөбөктүн көңүлүн ачып ойнотот жана алакан сезүү екализаторлорун ойготуп, аны калыптандыруу менен айлана-чөйрө, турмуш-тиричилик, "арпа", " буудай" сыяктуу эң алгачкы дүйнө таанымдарын пайда кылышкан. Ошентип, көчмөндөрдүн бөбөктөрдү тарбиялоо ыкмалары муундан-муунга өтүп, актуалдуулугун жоготпой жашап келе жатат.

Адабияттар:

1. Акматалиев А. Балдар фольклору. -Б.: "Шам", 1998, 37-38-беттер.

2. Апыш Бекенбай. Педагогика. -Б., 2011. 13-бет.

3. Мусаева В. Көркөм сөз кудурети.- Б., 2006. 10-бет.

4. Саттарова А. Кыргыз балдар фольклору. -Ош-2003, 34-бет.

УДК:316.728:903.24(575.2)(04)

Джаналиева А.Н., *доценттин м.а.*
К.Карасаев атн. БГУ

ААЛАМДАШУУ ДООРУНДАГЫ КӨЧМӨНДӨР МАДАНИЯТЫ

КУЛЬТУРА КОЧЕВНИКОВ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

MOMAD CULTURE IN THE GLOBAL WORLD

Аннотация: *Бул макалада бир кылым ичиндеги Орто Азияда жашаган көчмөндөрдүн маданияты, маданий нормалары жана баалуулуктары жана маданий окшоштуктары чагылдырат.*

Түйүндүү сөздөр*: көчмөндөр маданияты, маданий өзгөчөлүк, маданий нормалар жана баалуулуктар, үрп-адаттар, толеранттуулук, музыкалык аспаптар.*

Аннотация*: Эта статья раскрывает культуру кочевников Средней Азии, их достижение за столетний период и их культурные сходства.*

Ключевые слова*: культура кочевников, культурная идентичность, культурные нормы и ценности, традиции, толерантность и музыкальные инструменты.*

Abstract*: This article reveals the Nomad Culture of Middle Asian people, their achievements for a century, and their cultural similarities.*

Key words*: nomad culture, cultural identity, cultural norms and values, traditions, tolerance, musical instruments.*

Адамзат тарыхында көчмөндөр маданиятынын өзгөчө орду бар. Дээрлик бүт дүйнө элдерин көчмөндөр десек болот. Жакынкы эле казактар көчмөндөр болгон. Түркмөндөр, якут, монгол, арабдар, Американын уйчулары, Австралиянын койчулары, Индеецтер, ж.б. Көчмөндөр деген кимдер? Көчмөндөр деген соз “nomads” грек тилинде жыл мезгилдери алмашканда бир жерден экинчи жерге жаныбарлар менен же жоо жалан көчүп жүргөн адамдарды билдирет. Көчмөндөр маданияты экономикалык абалына карап негизинен үч топко бөлүнгөн:

- Мергенчи көчмөндөр;
- Мал чарбачылыгы менен жан багып жайлоодон кыштоого көчкөн көчмөндөр;
- Бир жерде жашабай дайым жер кезип жүргөндөр;

Орто Азияда жашаган элдерди алсак, Кыргыздар - мергенчи көчмөндөр жана мал чарбачылыгы менен алектенип, жайлоодон кыштоого көчүп жүргөн элдер болсо, Казактар талаада жашаган, Өзбектер калаада отурукташкан, Тажиктер Памир тоолорунда отурукташкан, Түркмөндөр чөл калаасындагы көчмөндөр болушкан. Алар 1917-жылга чейин өз алдынча мамлекеттүүлүгү жок, илим билимге ээ болбогон уруулар менен өз ара мамиледе болгон элдер болгон. 100 жыл ичинде Орто Азиядагы элдер өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн, тилин, маданиятын, улуттук баалуулуктарын, үрп-адаттарын сактап калышты.

Улуу Октябрь Революциясы менен бирге Орто Азиядагы жашаган элдер көп жетишкендиктерге ээ болушту. Эн негизгиси алар Советтер Союзунун республикалары болушту. Алар Орто Азия республикалары болуп Советтер Союзунун мамлекет болуп өнүгүшүндө өз салымдарын кошушту. Ар бир мамлекетте коллективдешүү болуп, жүздөгөн мектептер курулуп, сабатсыздык жоюлду, илим-техника өнүктү, башка мамлекеттер менен болгон экономикалык, илимий, маданий карым-катнаштар жакшырды.

Азыр ааламдашуу доорунда 200-300 саны бар улуттар да кездешет. Алар жоголуп кетүү коркунучунда турушат. Кичине сандагы мамлекеттерди ааламдашуу доорунда эмне күтөт? Алар өздөрүнүн улуттук жүзүн сактап калуу үчун эмне кылуу керек? Ар бир элдин улуттук баалулуктары алардын улуттук тили, маданияты, үрп адаттары. Алар өз тилин, маданиятын сактап калуу менен бирге дүйнөлүк тилдерди, дүйнөлүк маданиятты билиши зарыл, башка маданияттар менен карым-катнашта болуп өнүгүүсү зарыл.

Кылым карыткан көчмөн эл болгон Кыргыз маданиятынын өзгөчөлүктөрүн, баалуулуктарын эмнеден баамдасак болот?

Кыргыз эли өзүнүн тили, өзгөчө маданияты, «Манас» эпосу, комузу, үрп-адаттары, уламыштары, манасчылары, акындары менен баалуу. Кыргыз элинин баалуулуктарын Манас бабабыздын жети осуяты айтып турат:

1. Эл журттун ажырагыс бүтүндүгү, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган бүтүндүгү.

2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.

3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.

4. Арыбас мээнет, алдынкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу.

5. Гуманизм, айкөлдүк жана кечиримдүүлүк.

6. Табият менен таттуу мамиледе болуу.

7. Кыргыз мамлекетин чындоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

Көчмөндөр маданиятында биримдүүлүк, ынтымак, эл журттун ажырагыс бүтүндүгүн камсыз кылган, анткени өз ара биримдүүлүк тышкы душмандарга каршы туруп, өз эл жерин баскынчылардан, күтүлбөй келген жоодон, кырсыктан сактоодо эң маанилүү болгон.

Улуттук аралык ынтымак, достук жана кызматташтык, башка мамлекеттер менен экономикалык, маданий - илимий байланышта болуп, өлкөнүн өсүшүн, улуттук маданияттын башкалардын билүүсүн, жана башка маданияттын баалуулуктарын билүү менен мамлекеттин өнүгүшүн камсыз кылат.

Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет мамлекетинин күчтүү болуусуна, анда жашаган ар бир жарандын жашап жаткан өз мамлекетинин жетишкендиктерине өз билими, жетишкендиктери аркылуу салымын кошууну билдирет.

Арыбас ак мээнет, алдынкы билим, өнөр ар бир адамды бакыбат жашоого жеткирет. Ак эмгеги менен таанылган кыргыздын уулу, 20-кылымдын залкар жазуучусу, кыргыз маданиятын дүйнөгө таанытткан Чыңгыз Айтматовдун эмгек жолу буга бир далил.

Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк башка маданияттар менен жанаша жашап өнүгүүгө, ошондой эле өз улуттук кызыкчылыгыбызды коргоодо керек.

Биздин ата-бабалар айлана-чөйрөгө, табиятка илгертен аяр мамиле жасашкан. Алар көчүп келген жер кандай таза болсо, көчүп кеткенде да ошондой таза болгон. Жан-жаныбарларды жөнү жок атып, өлтүрүшкөн эмес.

Илгертен кыргыз эли сөз баккан, ырга жакын, макал-лакаптар менен кыска жана нуска сүйлөгөн эл болгон. Макал-лакаптардын азыр да турмушта, тарбия таанымда өз орду бар.

Мисалы:

1. Улууга урмат, кичүүгө ызат.

2. Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт.

3. Аганы коруп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт.

4. Ырыс алды ынтымак.

5. Биринчи байлык ден-соолук.

Көчмөндөр негизинен биримдүү эл болуп, кубаныч, жакшылыгын, жамандыгын чогуу бөлүшкөн. Мисалы, боз үйдү орнотууда жана чечүүдө бир адам эмес, көпчүлүк болгон. Кийиз жасоодо, килем жасоодо, сүмөлөк жасоодо, той, аш өткөрүүдө көпчүлүк болгон. Азыр да алар сакталууда.

Өзгөчө Кыргыз маданиятында табунун өз орду бар. *Табу* бул адамдын же нерсенин өз атынан атабай, башка сөз менен айтуу. Кайын-ата, кайын-эне, кайын-эже, кайын-сиңди, кайын журттун атынан атабоо. Мисалы, Доктур ата, куруучу бала, мугалим эже, кичине кыз, жаман оруу, кайтыш болуу, ж.б. Көчмөндөр баалуулуктарын төмөнкү тыйуулардан да байкасак болот:

- Улуулар менен айтышпа.
- Улуудан өйдө отурба.
- Аттын башына камчы урба.
- Баш кийимди жерге койбо.
- От менен ойнобо.
- Отту теппе.
- Бөйрөгүңдү таянба.
- Сууга түкүрбө. Ичкен кудугуна түкүрбө.
- Улуу- кичини кемсинтпе.
- Күүгүм киргенде уктаба.
- Күл төккөн жерге ойнобо.
- Жалган айтпа.
- Башкалар сүйлөп жатканда сөзүн бөлбө.

Орто Азиядагы Кыргыз, Өзбек, Тажик, Түркмөн, жана Казак элдеринин көп маданий жана тил окшоштуктары бар. Алардын бардыгында үй-бүлө, ата-энеге, улууга урмат, кичүүгө ызат деген окшоштуктар, жакшылыктарды туугандар жана кошуналар менен бөлүшүү, жаратылышка аяр мамиле кылуу, музыкалык аспаптарында, улуттук кийимдеринде, баалуулуктарында көп окшоштуктар кездешет. Мисалы, кыргыз улуттук баш кийими - ак калпак, казак улуттук баш кийими – калпак, өзбек улуттук баш кийими – допу, тажик улуттук баш кийими – допу, туркмен улуттук баш кийими тахья. Жаныбарлардан жылкы, тоо, жана ит чоң рол ойногон. Бир жерден экинчи жерге көчкөндө ат, тоо же өгүз менен көчүшкөн. Кыргыз улуттук оюну - ат чабыш, көк бөрү, улак, кыз куумай. Казак улуттук оюну - ат чабыш, улак, күрөш, кыз куумай. Тажик улуттук оюну-ат чабыш, күрөш. Туркмен улуттук оюну-ат чабыш, күрөш. Кыргыз улуттук үйү-боз үй. Казак улуттук үйү боз үй. Түркмөн улуттук үйү-боз үй. Кыргыз улуттук валютасы-сом. Казак улуттук валютасы-тенге. Өзбек улуттук валютасы-сум. Туркмен улуттук валютасы – динар. Кыргыз улуттук музыкалык аспабы-комуз, сурнай, сыбызгы, кыл кыяк. Казак улуттук музыкалык аспабы – домбра, кобыз, жетиген, өзбек улуттук музыкалык аспабы – эки кылдуу дутар, дойра, уйломо аспабы сурнай. Тажик улуттук музыкалык аспабы – домбра-кыл аспабы, доул-урма аспабы. Туркмен улуттук музыкалык аспабы – дутар, фарсы тилинде эки кылдуу аспап деген маанини билдирет. Гиджак - кыл аспабы, туйдук – үйлөмө аспабы.

Көчмөндөрдүн улуттук аспаптарындагы окшоштук – алардын койдун же эчкинин ичегисинен жасалгандыгы, үйлөмө аспаптар сыбызгынын чоподон, ал эми чоордун жыгачтан жасалышы. Комуз, домбра, дойра, дутардын негизи жыгачтан – өрүктөн жана кой ичегисинен жасалышы. Улуттук тамактардан эт, беш бармак, кымыз кыргыз менен казак элинин улуттук тамагы болсо, плов же палоо өзбек, тажик жана түркмөн элинин улуттук тамагы болгон. Сүмөлөк бардык Орто Азия элдеринин Новруз майрамына жасаган улуттук тамагы болгон. Новруз майрамын илгертен эле жыл жаңыруу катары майрамдап келишкен.

Кыргыз эли, билимге, жанылыкка, маданиятка кызыккан эл. 1918- 2018- жылдар ичинде башка Орто Азиядагы маданияттар менен бирге коз карандысыз мамлекет болуу менен бирге, дүйнөлүк маданиятта өз ордун тапты. Алты миллион калкы бар кыргыз маданияты дүйнөлүк маданиятта улуттук Кыргыз тили ме-

нен, залкар жазуучу Чынгыз Айтматов менен, дүйнөнүн керемети болгон Ысык - Көлү менен, улуттук баш кийими ак мөңгүлүү Ала-Тоону элестеткен ак калпагы менен, музыкалык аспабы комуз, кыл-кыяк, сыбызгы менен, дүйнөнүн төрт бурчунда болуп биздин улуттук музыкабызды дүйнөгө тааныткан улуттук «Камбаркан» тобу менен, ЮНЕСКО нун улуттук баалуулуктар тизмесинен орун алган «Манас» эпосу, Сулайман тоо-буз менен, Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарын өткөргөн өлкө катары өз ордубузду таптык.

Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюну көчмөндөр маданиятынын баалуулуктарын, өзгөчөлүктөрүн эле даңазалабастан, Манас бабабыздын осуяттарын, карым катнаш мамилелерди чындоо, башка улуттар менен кызматташуу менен бирге ар бир улуттун баалулуктарына толеранттуу мамиле жасоого, маданий байлыктарыбызды көздүн карегиндей сактоо менен бирге аларды өсүп келе жаткан жаш муундарга үйрөтүү болуп эсептелинет. *Үйгө канча бут кирсе, ошончо кут кирет* демекчи, Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюнунда катышуучулар жакшы ийгиликке жетишип, көп улуттуу Кыргыз жерибизге, Кыргыз элибизге кут береке, жакшылык келип өлкөбүз өнүгүп өсүп, башка элдер бизди тааный берсин!

Адабияттар

1. Асанов Жаныш Заманбап Кыргыз Илимий –Билимдеринин Өнүгүү тарыхы, Фабула № 23, 14 бет, Б., 2018.

2. Абдылажан Акматалиев Чоор Сүйүүнүн Жана Кайгынын Символу, Бишкек 2018.

3. Автандил Кадыркулов Айтматов Аламы Менин Жан Дүйнөмдө, Б., 2018.

4. Нооруз Майрамынын Тарыхы, Кабар № 12, 9-бет.

5. www.google.com

УДК 373.01.

Муратова А. М.
старший преподаватель КГУ им. И.Арабаева.
dustdaram72@mail.ru
Токмергенов Т., *преподаватель*
КГУ им. И.Арабаева.

НАРОДНАЯ МУЗЫКАЛЬНАЯ КУЛЬТУРА В ЖИЗНИ ШКОЛЬНИКА

ЭЛДИК МУЗЫКАЛЫК МАДАНИЯТ ОКУУЧУНУН БИЛИМ АЛУУСУНДА

FOLK MUSICAL CULTURE IN THE LIFE OF PUPILS

Аннотация. *В данной статье рассматривается важность музыкального образования школьников посредством кыргызского фольклора, а также цели и задачи, поставленные перед учителями музыки. Народные музыкальные произведения, отобранные для уроков, являются ценными и образными с идейно-художественной точки зрения. Они воспитывают духовное сознание школьников, вносят неоценимый вклад в формирование их музыкальной культуры, открывают возможности для пробуждения творческой активности, способностей, талантов, а самое главное – развивают мировосприятие учеников.*

Ключевые слова: *музыка, народная музыка, обучение, воспитание, культура личности, школьники, фольклор, песенное творчество, музыкальное занятие, народные песни.*

Аннотация. *Макала кыргыз элдик музыкасы аркылуу мектеп окуучуларын эли-жерин сүйүп, ошол элдик музыка аркылуу оз элинин када-салты, үрп-адаты, тарыхы, маданияты менен тааныштырып, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырып, музыкалык тарбия берүүнүн максаттары менен милдеттерин ишке ашыруу маселелери каралат.*

Түйүндүү сөздөр: *музыка, элдик музыка, билим берүү, тарбия, инсандык маданият, окуучулар, фольклор, ырчылык, музыкалык сабактар, элдик ырлар жана күүлөр.*

Annotation. *This article examines the importance of musical education of schoolchildren through Kyrgyz folklore, as well as the goals and objectives set for music teachers. Folk musical works selected for lessons are valuable and imaginative from an ideological and artistic point of view. They educate the spiritual consciousness of schoolchildren, make an invaluable contribution to the formation of their musical culture, open up opportunities for awakening creative activity, abilities, talents, and, most importantly, develop the perception of the pupils.*

Key words: *music, folk music, education, upbringing, personality culture, schoolchildren, folklore, song creativity, music, folk songs.*

Музыка, как и другие виды искусства, является специфической формой художественного отражения действительности. Глубоко и многообразно воздействуя на чувства, волю людей, музыка способна благотворно сказываться на их творческой деятельности, влиять на формирование личности.

Музыкальная культура личности - это процесс открытия человеком ценностей произведений искусства для себя, уровень их восприятия и освоения.

Музыка вызывает у школьников духовное удовольствие, наслаждение. Без удовольствия, наслаждения, которые дают человеку труд, наука, искусство, его жизнь оказывается обедненной и бессмысленной. Музыка способна успокаивать, снимать психическое напряжение, помогает преодолевать стрессы, становится одним из источников здоровья человека.

Анализ научной литературы позволяет говорить о том, что народная музыкальная культура является

совершенным средством в воспитании школьников, способствует воспитанию таких качеств, как: любовь к народу, к Родине, к традициям своего народа, в тоже время обладает огромной силой эмоционального воздействия. Овладевая языком своего народа, его обычаями, школьники получают представления о культуре своего народа.

Кыргызская народная музыка олицетворяет собой веками накопленные непреходящие ценности, музыкальный опыт и национально-своеобразный музыкальный язык народа. Кыргызская народная музыка – органичная часть музыкальной культуры кыргызского народа. Он обладает социальной функцией и способствует комплексному воздействию на личность – духовному, нравственному, эстетическому, так как несёт веками сформированные общечеловеческие ценности. С другой стороны, данное искусство несёт в себе национальное своеобразие, которое проявляется в национальном характере, языке, этническом самосознании, национальном мировоззрении, а также в своеобразном музыкальном языке, освоение которого будет способствовать накоплению у школьников национально-своеобразных интонационно-слуховых представлений. В тоже время музыка композиторов Кыргызстана сохраняя народный колорит, тесно связана с народным музыкальным творчеством кыргызского народа; она соединяет в себе великие творческие принципы мировой классической музыки и методы развития народной мелодии, рождая новую интонационно-образную систему национального мышления.

Цель музыкального образования школьников средствами кыргызского музыкального искусства – познакомить их с кыргызской музыкальной культурой, привить любовь и интерес к ней, сформировать чувство самоуважения и уважения к кыргызской музыкальной культуре, к культуре народов, населяющих республику.

Данная **цель** реализуется в ходе следующих **задач:**

1. Формировать интерес и уважение к кыргызскому музыкальному искусству, желание глубже узнать культуру своего народа, посредством знакомства школьников с различными жанрами кыргызского музыкального фольклора, кыргызскими народными инструментами, а также с историей, обычаями, традициями и бытом кыргызского народа.

2. Прививать любовь к Родине, формировать у школьников патриотические чувства, чувство национальной гордости.

3. Развивать способность эмоционально-образного восприятия национального музыкального искусства.

4. Осваивать национально-своеобразный язык кыргызского народа и формировать на этой основе музыкальные представления.

5. Формировать навыки восприятия и интонирования кыргызских народных песен, игры на народных инструментах, исполнения кыргызских народных танцев, радоваться им, развивать эстетическое отношение к произведениям кыргызского музыкального искусства.

6. Знакомить школьников с творчеством кыргызских композиторов, их произведениями, формировать понимание того общего, что объединяет кыргызское народное и профессиональное искусство, кыргызское и народные музыкальное искусство стран мира.

7. Формировать творческое воображение, художественный вкус, расширять кругозор, развивать эмоциональную отзывчивость, музыкально-сенсорный слух в ходе освоения кыргызского искусства, развивать чувство стиля, способность различать на слух произведения кыргызского музыкального фольклора.

Национальное своеобразие музыкального искусства любого этноса ярче всего проявляется в народной музыке, поэтому мы должны знакомить школьников с кыргызскими народными песнями, инструментальными произведениями, наигрышами, играми и плясками. Несмотря на «речитативный характер», народное песенное искусство доступно школьникам. Школьник, более или менее способен почувствовать притягательность музыкальной культуры своего народа, найти в ней «родственные» чувства и звуки, несмотря на не которые преграды. Так например, написал А.В. Затевич в сборнике «Киргизские инструментальные пьесы и напевы» [4] кыргызская мелодика проста по складу, непосредственно по образно-эмоциональному содержанию. В структуре ее почти всегда можно обнаружить членение, определяемое особенностями народной поэтики: семи-восьмисложный стих, с цезурой перед тремя последними слогами, с долгим последним слогом и т.п. Кыргызская музыка диатонична, но в живом музицировании терция имеет переменную функцию: звучит то, как большая, то как малая. Вследствие этого один и тот же, напев в процессе исполнения может окрашиваться то в минорный, то в мажорный оттенки или приобретает ладово нейтральный характер. Каждая пьеса выдержана в том или ином диатоническом ладе мажорного или минорного наклонения.

Рассматривая репертуар, используемый на занятиях, также можно отметить, что школьникам наиболее доступны для исполнения календарно-обрядовые песни, игровые, хороводные песни; которые больше похожи не на песни, а на творческие задания-упражнения, направленные на развитие дикции, ритмического чувства. Такие произведения детского музыкального фольклора являются умственной и физической тренировкой, школой нравственного и эстетического воспитания. Образность, сказочность сюжетов многих народных песен позволяет развивать фантазию детей; календарно-обрядовые песни позволяют насытить занятия игровым материалом.

Особое значение имеет фольклорная музыкальная игра, которая компенсирует недостаточность физических, умственных и эмоциональных нагрузок, несёт отдых и подпитывает школьников положительной энергией. Народные музыкальные игры сочетают в себе практическую педагогику, искусство и физическую культуру в едином гармоничном сочетании. Например, «Ак терек, көк терек", "Ак ийнек", "Сармерден" и т.д.

Многие кыргызские песни и кюи могут быть использованы для слушания и музыкально-ритмической деятельности, например, «Оп, майда", "Санат ырлары", "Бекбекей", "Селкинчек", Н. Абдырахмано-

Бешик ыры

Обону, сөзү элдики

Созулуңку

Шырылдаң

Сөзү,обону элдики

Ылдамдата, төкмөлөп.

Жарамазан

Элдик ыр

Орточо, шаңдуу



ва “Улуу тоолор”, Т. Сатылганова “Чоң кербез”, “Бала кербез”, А. Огонбаева “Кыз кербез”, Ы. Туманова “Жаш тилек”, К. Орозов “Насыйкат”, “Ибарат” и т.д.

Слово «насыйкат» означает – наставлять, назидать, давать добрый совет. В кюи содержится призыв от млада до стар и от мала до велика к разуму, справедливости, совести, нравственности, а сюжет кюу “Ибарат”: **Ибарат в пословицах:**

Кто камнем бьет, бей его пищей.

Лучше получить благословление отца, чем его верблюжонок.

Хвала – вспучит – клевета убьет.

Камень брошенный тобой вернётся бедой

Вопрос: Какие качества величия есть в человеке?

Ответ – ибарат: Величие человека в этичности, умении рассуждения, а не в происхождении и должности.

Конечно, формирование целостного представления о кыргызской музыкальной культуре невозможно без изучения кыргызского профессионального искусства. Часть произведений кыргызских композиторов используется на фольклорных праздниках, часть на занятиях в качестве материала для слушания, пения, игры на музыкальных инструментах и в музыкально-ритмической деятельности.

Школьники приобщаются к кыргызской музыкальной культуре посредством занятий и праздников. Занятия могут быть комплексные, тематические, интегрированные, монозанятия (посвящённые творчеству какого-либо композитора), занятия-путешествия, занятия-инсценировки, занятия-праздники, занятия-встречи, занятия-посиделки и др.

Особое внимание уделяется фольклорным праздникам. Здесь соединяются радость и веселье, земледельческие и экологические знания, нравственные ценности, сведения о быте, традициях, обычаях народа, театральное, танцевальное, музыкальное искусство.

Таким образом, изучение кыргызского музыкального искусства является необходимостью, и введение его в практику музыкального воспитания способствует становлению музыкальной культуры школьников, воспитанию в них чувства уважения к кыргызскому музыкальному искусству и кыргызскому народу в целом.

Литература

1. Виноградов В.С. Киргизская народная музыка. – Фрунзе: Киргосиздат, 1958. – С. 153.

2. Дюшалиев К., Лузанова Е. Кыргызское народное музыкальное творчество: учеб. пособие. – Бишкек, 1999. – С. 145-146.

3. Дюшалиев К. Традиционная музыка: теория и методика. – Бишкек, 2012. – уточнить количество страниц

4. Затаевич А.В. Киргизские инструментальные пьесы и напевы. – М.: Сов. композитор, 1971. – С. 12, 14, 15.

5. Субаналиев С. Киргизские музыкальные инструменты (идиофоны, мембранофоны, аэрофоны). – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – С. 3.

УДК:398.5(575.2)(04)

Өмүралиева Ж. О.
КР УИА

“МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ АТ ОЮНДАРЫНЫН ЖАЙ ТУРМУШТА ЖАНА АСКЕРДИК ДЕМОКРАТИЯДАГЫ ОРДУ ЖАНА РОЛУ *(С.Орозбаков, М.Мусулманкулов, Б.Сазановдордун варианттарынын негизинде)*

МЕСТО И РОЛЬ КОННО-СПОРТИВНЫХ ИГР В ВОЕННОЙ ДЕМОКРАТИИ И МИРНОЙ ЖИЗНИ В ЭПОСЕ «МАНАС» *(на основе вариантов С.Орозбакова, М.Мусулманкулова, Б.Сазанова)*

THE PLACE AND ROLE OF MILITARY DEMOCRACY AND PEACE EQUESTRIAN GAMES IN THE EPIC "MANAS" *(based on the options of S.Orozbakov, M.Musulmankulov, B.Sazanov)*

Аннотация: *Бул макалада кыргыз элинин улуу мурасы болгон «Манас» эпосундагы ат үстүндө ойнолуучу элдик ат чабыш, жамбы атыш, эр эңиш жана эр сайыш оюндарынын кыргыз элинин жашоосундагы жай турмушта жана согуш учурундагы маанисин чечмелеп берүүгө аракеттендик. Кыргыз жигиттери бул оюндарды аш-тойлордо жөн гана оюн катары кызыкчылык же шаңдануу үчүн ойнобостон алар, тынч жашоодо ат үстүндө ойноп эс алуу менен бирге элди, жерди коргоого машыгып, жоокердик турмушта сырткы душмандарга каршы дайым даяр турушкан. «Манас» эпосундагы ат жалында ойнолгон оюндардын элдин келечек турмушундагы маани-маңызына илимий негизде анализдөөгө аракет жасалды.*

Түйүндүү сөздөр: *элдик оюндар, эр жигит, ат оюндары, ат чабыш, эр сайыш, эр эңиш, жамбы атуу, көк бөрү.*

Аннотация: *В данной статье были раскрыты значения конно-спортивных игр, таких как: «ат чабыш», «жамбы атыш», «эр эңиш» и «эр сайыш» (скачки, состязания в стрельбе, бой всадников на пиках, состязание всадников, состоящее в сталкивании друг-друга с коня и выбивании из седла) в мирной жизни и в военное время, описанных в великом наследии кыргызского народа эпосе «Манас». Кыргызские воины, проводили эти игры на праздниках и мероприятиях не только ради развлечения и веселья, но и вместе с тем, воспитывали стойкость в обороне своего народа и родной земли, своими тренировками закаляли свой боевой дух. Также была предпринята попытка на примере эпоса научно проанализировать перспективы и значение эпоса «Манас» в народных играх.*

Ключевые слова: *народные игры, воин, конно-спортивные игры, «ат чабыш», «эр сайыш», «эр эңиш», «жамбы атуу», «көкбөрү».*

Annotation: *In this article, the values of equestrian sports games such as "at chabysh", "atyash jambs", "er eish" and "er saiysh" (jumps, shooting competitions, riders on peaks, riders competition, consisting of colliding with each other from the horse and*

knocking out of the saddle) in peaceful life and in wartime, described in the great legacy of the Kyrgyz people epos "Manas". Kyrgyz warriors, conducted these games at festivals and events not only for fun and fun, but at the same time, brought up the fortitude in the defense of their people and native land, trained their morale with their training Also, an attempt was made, using the example of the epic, to scientifically analyze the perspectives and significance of the Manas epic in folk games..

Keywords: *folk games, a warrior, equestrian sports games, "at chabysh", "er sayysh", "er enish", "zhamby atuu", "kokboru".*

Кыргыз адабиятынын фольклор таануу тармагында бүгүнкү күнгө чейин изилденип келген жана мындан ары да иликтөөнү талап кылган «Манас» эпосундагы күнүбүздүн актуалдуу темаларынын бири – көчмөндөр маданияты. Көчмөндөр маданиятынын ички мазмунун элдин каада-салты, үрп-адаты, ой жүгүртүүсү, ишенимтүшүнүгү сыяктуу калктын жалпы жашоо-тиричилигине байланыштуу компоненттер түзөөрү анык. Ал эми каада-салттын эң маанилүү бутагы катары элдик (улуттук) оюндар деп ишенимдүү айта алабыз.

Бир жерден экинчи жерге көчүп-конуп, мал чарбачылыгы менен күн өткөргөн кыргыз элинин өткөн турмушун жылкысыз (атсыз) элестетүү мүмкүн эмес. Ат – кыргыздардын жесе тамагы, көчсө унаасы, согушса жолдошу, чапса байгеси болуп келген. Ошондуктан, кыргыз элинде: «Ат – адамдын канаты», «Ат жалында казан ас», «Ат сыйлаган жөө калбайт» деген философиялуу мааниси терең маанилүү сөздөр айтылып калган. Ат үстүндө эркин ойноп, көчүп-конуп жүрүүгө машыккан кыргыз эли өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүнө, турмуш шарттарына жараша ар кандай кыймылдуу ат оюндарын өздөштүрүп алышкан. Атап айтсак «Манас» эпосунда: ат (тай, кунан) чабыш, эр сайыш, эр эңиш, жамбы атуу, көкбөрү ж.б. оюндарды белгилөөгө болот. Бул ат оюндардын кээ бирлери бүгүнкү күндө да сакталып, кыргыз элинин турмушунда дагы деле активдүү ойнолуп келет. Күнүбүздө "Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары" деп аталган маданий иш-чаранын жана анын алкагында кыргыз элинин жашоо маданияты менен тыгыз байланышкан ат оюндарынын да кайра жанданып, дүйнөгө таанытылып жатышы көчмөн кыргыз элинин тарых жана маданиятка, "Манас" эпосу сыяктуу руханий улуу мурастарга болгон терең таазими катары түшүндүрүлөт. Теманын актуалдуулугу мына ушунда.

"Манас" эпосунда активдүү ойнолгон ат оюндарын атап айтсак: көк бөрү, эр эңиш, ат чабыш (кээде ат жарыш деп да айтылат), эр сайыш, жамбы атыш ж.б. Эпостогу ат оюндары бири-бирине карама-каршы эки башка мезгилде ойнолгон жана душман босогодо камап, бирде басып алып, бирде багынып берген баатырдык доордогу бул оюндардын ар биринин элдин жашоосундагы орду жана аткарган функциясы чексиз экени чындык. Илимий изилдөө учурунда жогоруда саналган ат үстүндө ойнолуучу оюндардын ар бирине токтолуп жатып классик манасчылар Сагынбай Орозбаков (С.О.), Молдобасан Мусулманкулов (М.М.) жана Багыш Сазановдордун (Б.С.) вариантарында бул оюндар канчанчы том, кайсы беттерде кездешерин да көрсөтүүнү пайдалуу деп таптык. Бул оюндар тууралуу кызыккан изилдөөчүлөргө мындай текстологиялык көрсөткүч иш учурунда сюжетти же мисалдарды тексттен издеп табууда бир кыйла оңойлук туудурат деген ишенимдебиз. Эпостогу ат оюндарынын ойнолуш мезгили жана максатына карап төмөндөгүдөй классификациялоого болот.

Согуштук, аскердик өнөрдү камтыган ат оюндары: жаа тартыш, саадак атуу, эр сайыш, эр эңиш ж.б. оюндар.

Көңүл ачуу, машыгуу иретинде ойнолгон ат оюндары: ат (тай, кунан) чабыш, жамбы атыш, көк бөрү (улак тартыш) ж.б.

Биринчи, согуштук өнөрдү камтыган ат оюндарынын сюжеттик-текстологиялык көрсөткүчүн беребиз. Мисалы:

жаа тартмай: С. О. – [1995, II: 333, 349, 350, 353; 1995, III: 140, 171, 177; 1997, IV: 43, 156, 190, 307, 309; 2006, V: 156, 173, 325; 2006, VI: 217, 602; 2014, VI-VII: 30, 275; 2014, VIII-IX: 197, 263, 266, 356, 431, 448, 456, 512, 517, 603, 621, 666] - беттерде кездешет.*Ок жаадырды жаа тартып* (353). М. М. – [2017: 58, 82, 90, 142, 162, 481, 487, 519, 520, 521, 634]. *Тамашага жамбы атып, Маш ойношуп жаа тартып* (58). Б. С. – [2017: 10, 301, 302, 393, 564, 568, 572, 633]. *Жамгырдай кылып жаа тартып* (301).

саадак атуу: С. О. – [2006, VI: 602; 2014, VI-VII: 117]. *Балбандар саадак чоюшуп, Несаана саадак атышып* (117). Б. С. – [2017: 393]. *Саадак атып, жаа тартып*(393).

эр сайыш: С. О. – [1995, III: 97-106; 1997, IV: 181-182, 285; 2006, V: 153, 163, 541; 2014, VIII-IX: 34, 58, 130, 133, 153-167, 171, 186, 509, 513, 516, 581]. *Туулганын этек жагынан, Туйгунуң найза салганы* (166). М. М. – [2017: 143, 144, 152-153, 159, 182, 402].*Балбан күрөш, эр сайыш* (402). Б. С. – [2017: 61-62, 514-515, 640]. *Канкор менен кыз Сайкал,Күндөп-түндөп сайышып* (640).

эр эңиш: С. О. – [1995, I: 303; 1995, III: 110; 2014, VI-VII: 246, 258, 278; 2014, VIII-IX: 28, 33, 59, 167-168, 509]. *Алар эңиш салсын деп, Чабандеси жеңсин деп* (167). М. М. – [2017: 266, 467]. *Эр эңишке эр барды, Эң көпчүлүк эл барды* (266).

Экинчи, көңүл ачуу, машыгуу иретинде ойнолгон ат оюндарынын текстологиялык көрсөткүчү:

ат (тай, кунан) чабыш: С. О. [1995, I: 162-165, 275; 1995, III: 96, 110-111; 1997, IV: 81; 2006, V: 541; 2006, VI: 436-440, 578-585, 607-608; 2014, VI-VII: 106, 117, 283; 2014, VIII-IX: 24, 103-110, 169-177, 197, 519]. *Коюу чаңы бөлүнүп, Суук-Дөбөнүн оюнан, Ат сүрөөчү көрүнүп, Ат бубагы баары буу, Айгайлаган ызы-чуу* (175). М.М. – [2017: 58, 161, 183, 188, 195, 226, 245, 266, 327, 402, 411, 436, 480, 663, 686]. *Ат, кунанын чаптырып, Айгайлашып сүрөшүп* (266).

жамбы атуу: С. О. – [2014, VI-VII: 278; 2014, VIII-IX: 59, 112-121, 154, 508, 513, 517]. *Жамбы байлап атышып* (278). М. М. – [2017: 58, 161, 166, 188, 226, 245, 266, 326, 327, 402, 411, 431]. *Көктөн жамбы аттырып* (326).

көк бөрү (улак тартыш): С. О. – [2006, V: 541; 2014, VI-VII: 106, 117, 147, 258, 278]. *Көк бөрүнү тарты-*

шып, Көп аңгеме артышып (147). М. М. – [2017: 57, 152, 155, 161, 226, 245, 324, 326, 327, 336, 352, 402, 411, 431, 436, 470,480, 482, 487, 663, 685, 686, 689]. *Ак келтесин артынып, Көк бөрүсүн тарттырып* (324).

Мында биз эпосто кездешкен ат оюндарын шарттуу түрдө гана түшүнүктүү болсун үчүн эки топко бөлүп карадык. Негизгиси эки топтун оюндары, жалпы эле ат жалында ойнолгон оюндардын баары тең жай турмушта эр жигиттерди машыктырып, денесин чыңаса, эл башына түн түшкөн согуш учурунда эр азаматтарды тажрыйбалуу адис катары жеңишке жетишүүсүнө жардам берген. Демек, эки топтун оюндары бири-бири менен маани-мазмун, функциясы, максаты жагынан айкалышып турат. Ат оюндарынын дээрлик бардыгынын эрежелери жана ички мазмуну согуштук ыкмаларды камтып турат.

Ар бир оюндун өз эрежелери бар. Мисалы, эр сайыштын эрежелери: оюн жекеме-жеке ойнолот. Эки тараптан эки адам чыгат, кыз же эркек болушу маанилүү эмес. Оюнчулардын башында туулга, сырт кийимдери жана ат жабдыктары ок өтпөгөн, найза тешпеген калың, бекем кайыштан же металлдан болушу оюнчунун өз коопсуздугу үчүн пайдалуу. Бири-бирине карама-каршы чыккан эки оюнчунун оң колунда найза, сол колунда тизгин менен коргонуу үчүн калкан кармалат. Алгач экөө эки тараптан ар бири өзү үйрөнүп, көнгөн ыкмасына жараша атаандашын кантип өлтүрүү же аттан оодаруу боюнча ой жүгүртөт, бири-бирин мээлешет, андан соң экөө бир убакытта бири-бирин көздөй найзаларын сунуп, ат коюшат[1].

Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Алтын ээр чети – деп,
Айбалка төштүн бети – деп,
Өлчөдү Манас акыры[2].

Чаап келип жолугушкан жерден бири-бирине найза коюп өтүшөт. Найзасы түшүп калганда кээде кылыч менен же чокмор менен чабышуу да болуп кетет. Бирок найзадан башка курал менен чабышуу оюндун шартына туура келбейт. Өз күчүнө ишенген, мыкты машыккан, согуштук тактиканы жакшы өздөштүргөн, жашы жеткен, билеги күчтүү эр жүрөк баатырлар улуунун же аскер башчысынын уруксаты менен оюнга чыккан. Анткени өтө олуттуу бул оюнда көз ачып-жумгуча өлүп калуу коркунучу турган. Согуш учурундагы эр сайышта өлгөндөрдү кыргыздар баатырларча шейит кетти деп урматташкан. Мына ушундай өзгөчөлүгү менен бул оюн чыныгы баатыр, намыска жаралган эр жигиттердин оюну болуп саналат.

Кайсы гана ат оюну болбосун, жеңишке жетүүнүн сыры – бул, туура ат тандап минүү. Ат багып, ат менен кошо өсүп, ат оюндарын мыкты өздөштүргөн кыргыз жигиттери, ар бир ат үстүндө ойнолгон оюндардын кандай ойнолушуна, абалына, эрежесине жараша аттарды сындан өткөрүп, ылайыктуу ат тандап минишкен. Оюндун ойнолуш шарттарына жараша туура көлүк тандап минүү атаандашын багынтууда чоң мааниге ээ болгон. Анткени, оюнчу менен анын минген аты экөө бир команданы түзүп жана алар ийгиликке жетиш үчүн бири-бирине өйдөдө өбөк, ийилсе жөлөк болушкан. Көкөтөйдүн ашында Манас Коңурбай менен сайышка түшөрдө Аккула жарышка айдалып жиберилгендиктен Кошой Манаска атайын кыдырып, ар бир атты сынап жатып баатырга ылайыктуу ат тандап берет.

Ат үстүндө түрдүү оюндарды ойноо менен кыргыз жигиттери өздөрүн ошол жоокердик заманда алдыда боло турган согушка, душман камап кирсе элин коргоп, душмандын мизин кайтарууга, таамай мээлөөгө машыктырышкан. Оюн учурунда оюнчулар мергенчиликке, сергектикке, кылдаттыкка үйрөнүшкөн. Ат жалында ойнолгон оюндарда эр жүрөктүүлүк, тайманбастык, күчтүүлүк, дал мээлөө талап кылынган. Бул оюндарга катышууну каалагандар үчүн айрыкча, жаш өзгөчөлүгүнө жана согуштук машыгуу тажрыйбасына чоң маани берилген. Мисалы эр сайышка жашы жете элек, балтыр эти толо элек, же болбосо үй-бүлө күтүп, балалуу боло элек жаш балдар, өспүрүмдөр чыгарылган эмес. Каалаган учурда эр сайышка чыгууга жолдомо алыш үчүн жигиттер жөнөкөй тынч жашоодо аңчылыкка чыгып, ар кандай мелдештерди уюштурушуп машыгышкан, өз ара эл ичиндеги чакан тойлордо оюнга чыгып өздөрүн көрсөтүшкөн, элдин сынынан өтүшкөн. Замандын талабына ылайык эр жүрөк, тайманбас, чыдамдуу, күчтүү баатырлардын катарына кошулуу үчүн эс тарткандан эле атка минип, машыккан жигиттер бир жагынан өз ден-соолугун чыңаса, экинчиден элин, жерин коргоого үйрөнүшкөн. Бул машыгуулар, кезеги келгенде өзүн, элин коргоосу үчүн, душманын жеңип, согуштук курал-жарактарды ыктуу колдоно билиши, эр сайышка чыгып намысты сактап калуусу үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон. Ошентип эл сынынан өткөн жигиттер эр жигит деген наамга татыктуу болуп, эл алар менен сыймыктанган жана алар бизди коргойт деген ишенимдери арткан. Натыйжада, элдин баскынчы душмандарга туруштук берүү түшүнүктөрү өрчүп, аң-сезиминде жай, ырахаттуу жашоо үчүн шарт түзүлгөнүн сезишкен. Тактап айтканда жөнөкөй жашоодо, мелдештерде эр сайыш, эңиш, жамбы атуу же болбосо балбан күрөшкө чыгып жеңишке жеткен эр жүрөк жигиттер, сырткы душмандардан да коргой алат деген ишеними арткан. Буга «Манас» эпосундагы Манас, Кошой, Алмамбет, Бакай, Сыргак, Серек, Чубак ж.б. сыяктуу баатырлардын эл ичинде да душмандын алдында да көрсөткөн баатырдык иш-аракеттери толук далил боло алат.

Адабияттар

1. Манас энциклопедиясы. – Б., 1995, 2-том.

2. Орозбаков.С. «Манас» Баатырдык эпос. – Б., «Турар» 2014, VIII том, 165-б.

3. Манас. Баатырдык эпос. С. Орозбаковдун варианты боюнча. 1-9-томдор.

4. Манас. Батырдык эпос. М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Б., 2017.

5. Манас. Баатырдык эпос. Б. Сазановдун варианты боюнча. – Бишкек, 2017.

6. Айдаркулов. К. «Манас» эпосундагы элдик оюндар. – Б., 1994.

УДК: 39

Сейткожоева З.А., *к.п.н., доцент*
Бишкекского гуманитарного университета имени К.Карасаева,
Кыргызская Республика

НАЦИОНАЛЬНЫЕ ТРАДИЦИИ КОЧЕВЫХ НАРОДОВ

КӨЧМӨН ЭЛДЕРДИН УЛУТТУК САЛТТАРЫ

NATIONAL TRADITIONS OF NOMADIC PEOPLES

Аннотация: *В настоящее время актуализировались вопросы, связанные с возрождением национальных традиций, как одними из форм воспитания человека. Издревле в народной педагогике использовались средства материальной культуры, фольклор, игры. Организация и проведение Всемирных Игр Кочевников в Кыргызстане свидетельствуют о том, что народные традиции в виде игр стали занимать значительное место у народов, истоки которых восходят к кочевому образу жизни. По определению ученых игра представляет первооснову цивилизации и всех видов искусств. Игры кочевников способствуют сближению культур разных народов, воспитывают толерантность, терпимость, гостеприимство, закаляют физически и духовно подрастающее поколение.*

Ключевые слова*: полиэтнические государства, языковая картина мира, архаические диалекты, разные вероисповедания, национальная педагогика, национальные традиции, игры кочевников.*

Аннотация: *Азыркы учурда адамды тарбиялоонун түрлөрүнүн бири катары, улуттук салттардын кайра жаралышы менен байланышкан маселелер, азыркы мезгилде орчундуу мааниге ээ болуп олтурат.*

Байыркы замандан бери карай элдик педагогикада материалдын маданияттын фольклордун ооз эки чыгармачылык, оюндардын каражаттары кеңири пайдаланып келген. Кыргызстанда Көчмөндөрдүн Дүйнөлүк Оюндардын уюштурулуп жана өткөзүлүшү өзүнүн тамырлары турмуштун көчмөндүк оюндар түрүндөгү элдик салттар элдин турмушунда маанилүү орундарды ээлеп жаткандыгынын күбөсү болуп эсептелет.

Илимпоздордун аныктамасы боюнча мындай оюндар цивилизациянын жана искусствонун (көркөм өнөрүн) бардык түрлөрүнүн эн биринчи негизин түзүп турат.

Көчмөндөр оюндары ар кандай элдердин маданияттарынын өз ара жакындашуусуна көмөк көрсөтүп, толеранттуулукту , чыдамкайлыкты, мейман достукту тарбиялап, өсүп келе жаткан жаш муундун физикалык (күчтүк) жана руханий жактан такшалышына жол ачат.

Түйүндүү сөздөр: *полиэтникалык бирге мамлекеттер, дүйнөнүн тилдин өзгөчүлүктөрү, архаикалык эски диалекттер, ар түрдү динге ишенимдер, улуттук педагогика (тарбия илими), улуттук салттар, көчмөндөрдүн оюндар.*

At the present time, the issues connected with the revival have been actualized, as one of the forms of education of the person. From the ancient times in the pedagogy of the people used the means of material culture, folklore, games. The world Nomadic Games in the Kyrgyzstan testifies that folk traditions in the form of games occupy a significant place among people's whose origins go back to the nomadic way of life. By the definition of Scientists the game represents the fundamental principles of civilization and all forms of art. Games of nomads contribute to the rapprochement of cultures of different nations, educate tolerance, hospitality and temperature the physically and spiritually rising young generation.

Key words: *polytechnic states, the linguistic picture of the world, archaic dialects, different creeds, national pedagogic, national traditions, nomadic games.*

Сегодня в мире происходят события, которые обозначили и актуализировали вопросы, связанные с взаимоотношением между обществом и языком в полиэтнических государствах. Об этих изменениях говорил известный языковед А.О.Орусбаев еще почти 30 лет назад. [6,3]

Неоднократно на территории Кыргызстана происходили волнения на межэтнической почве между разными группами населения, много пострадало народа, было уничтожено и разграблено имущество граждан, был нанесен урон и достопримечательностям республики. Но издревле народ Кыргызстана отличался гостеприимством, добрососедским отношением к представителям других этносов, живущих на территории республики.

Обращение к языковой картине мира позволяет определить количество функционирующих языков, которых насчитывается более 6000. В последнее время наблюдается тенденция вымирания языков, которые остались только в устных вариантах. Исчезновение языка происходит также потому, что на нем уже и некому становится говорить, лишь в некоторых местах сохранились архаические диалекты. Ученые подсчитали, что со временем на земле могут остаться лишь 600 языков, насаждение искусственных языков ни к чему не приведет. Для сохранения мира, спокойствия на земле, в пределах одной республики, страны важна терпимость к разным вероисповеданиям, уважительного отношения к языковым и культурным отношениям разных народов.

Для создания полной картины существующей этноязыковой информации на территории Кыргызской Республики нелишним будет сравнение полилингвистической ситуации на протяжении нескольких десятков лет. Так, в 1990 годах доминирующая роль в языковых и социальных процессах принадлежит киргизам, которые составляли 54% всего населения республики, русских –20%, узбеков –11,5 %. Остальную часть населения составляли представители 114 этносов, из которых значительную часть составляли украинцы, немцы, татары, уйгуры, казахи, дунгане и таджики. [6, 23]

Сравнение численности населения 1 января 2016 года показывает увеличение доли населения Кыргызстана и составило 6 млн 19 тыс. 480 человек. Отмечено увеличение числа этнического населения-кыргызов до 73%. Численность узбеков составила 14,6% также на фоне увеличения. Удельный вес русских составил 6% против 6,2% в 2015 году и 7,8% в 2009-ом. Уменьшение числа русского населения свидетельствует об усилении миграции в Российскую Федерацию, зарубежные государства.

Вместе с тем наблюдается увеличение популярности русского языка, которое заметно по рекомендации на обучение в школах с русским языком обучения детей-кыргызов.

Развитие билингвизма на территории республики в сельской ее части позволяло всем этносам свободно общаться как на русском, так и на кыргызском языках. Упущением языковой политики явилось то, что изучению и распространению кыргызского языка абсолютно не уделялось внимания. Автор этих строк также был в числе тех, кого, можно сказать, вычеркнули из той среды, которая должна была параллельно изучать по общеобразовательным программам и усвоить несколько языков, в особенности кыргызский. Можно привести немало примеров из числа городских жителей, известных государственных деятелей, чье образование пришлось на 1970-2000 годы, испытывающих трудности в общении на литературном кыргызском языке, но блестяще владеющих русским, иностранными языками. Постепенно данная проблема все же находит решение и тому свидетельством стали государственные программы по изучению кыргызского языка в общеобразовательных заведениях, начиная с дошкольных образовательных учреждений, поэтапный переход на использование кыргызского языка в качестве государственного в официальной переписке на территории республики.

Но есть сферы деятельности, в которых роль русского языка неизмерима, а кыргызский язык не функционирует из-за ненадобности.

Таких сфер насчитывается более десяти, и они связаны с использованием русского языка в сфере воздушного транспорта, связи, развитии наук, отраслей промышленности и т. д.

Последние данные переписи населения свидетельствуют о росте этнического населения кыргызов, но также наблюдался за последние годы отток населения в другие республики бывшего Союза, усиленная миграция и в зарубежные государства с целью устройства на работу.

Курс проводимой политики правительством республики заметно укрепил социальные, экономические, политические связи между Россией, Арменией, Азербайджановм, Казахстаном, Беларусью, Туркменистаном, Турцией, Ираном, Китаем, Японией и другими государствами.

Личность любого человека формируется во взаимодействии с окружающим миром, в осуществляемой им деятельности. [7,8] Формирование личности – непрерывный процесс, воспитание человека толерантного к другим культурам, к другому языку возможно используя то ценное в воспитании, что накопила национальная педагогика. Одним из понятий воспитания становится формирование человека под влиянием общества, например соблюдения национальных традиций. Влияние этнокультурных условий на социализацию человека наиболее существенно определяется тем, что принято называть менталитетом, который определяет ярко выраженные черты его представителей, общее мировоззрение, способы понимания окружающего мира и на когнитивном, аффективном, и на прагматическом уровнях. [1,26]

Приобщение к русской культуре позволило около 80 хозяйств кыргызов перейти от кочевого образа жизни на оседлость в 1931-1937 годах, что означало реальное переустройство быта, развитие хозяйственного уклада на более высокий уровень. [7,62]

Кыргызская Республика за все годы существования добилась огромных успехов в развитии культуры, науки, техники. Но все же на одном из первых мест стоит проблема, связанная с человеком, его благосостоянием, его приоритетам интересам, личным мотивациям. За короткий срок кыргызский народ

сменил кочевой образ жизни на оседлый, однако традиции кочевников остались и даже стали развиваться дальше. Одними из таких традиций стали народные игры. Важно определить их роль в воспитании подрастающего поколения, толерантного отношения к другим культурам. Э.Берн рассматривал игру как одну из форм человеческого общения. [3,18] Многие исследователи традиционные игры считали не только элементом культуры, но и средством педагогического воздействия. Этнопедагогические аспекты народных игр широко представлены Г.Н.Волковым в его работе «Этнопедагогика», в которой автор отмечает тесную взаимосвязь игры с особенностями жизни, быта и культуры. [5,34]

Игры занимали большое место в жизни кочевников, которых называли номадами. Кочевники, в основном, занимались скотоводством и в поисках лучших пастбищ часто перемещались с места на место. Разборные жилища – юрты, шатры, палатки были местом проживания целых семейств. В литературе есть немало описаний происхождения кочевничества, классификации кочевничества, его расцвета, модернизации и упадка. Кочевники сыграли значительную роль в развитии цивилизации, так как благодаря перемещениям кочевых народов осваивались пустынные залежи, распространялись различные инновации в области культуры, индустриализации. Но и многое было уничтожено в результате набегов, опустошительных нашествий, но и вместе с тем сохранились целые ряды культур в кочевнических традициях.

В Кыргызстане издревле пропагандировались кочевнические игры, которые проводились на праздновании национальных праздников, отметке семейных событий, связанных с рождением ребенка в семье и в качестве поминального обряда при уходе из жизни знаменитых старейшин. Но именно Кыргызстан стал центром возрождения Всемирных Игр Кочевников, впервые в мире организованных на Иссык-Куле с целью возрождения национальных традиций — международные спортивные состязания по этническим видам спорта стали аналогом Олимпийских игр.

В программу были включены такие игры, как Көк-Бөрү, Тогуз коргоол, Кыргыз күрөшү, Алыш, Оодарыш, Ат-чабыш, Жорго-салыш, Кунанчабыш, Ордо, Кыз-Куумай. Также во время игр были разыграны медали по народным играм: тыйынэнмей, кулатуу, салбуурун. Данные игры постоянно присутствовали не только в жизни кыргызов, но и казахов, туркменов, азербайджанцев, алтайцев, башкирцев.

Игра является действенной формой воспитания и критерием становления человека. По этому поводу уместно привести слова Ф.Шиллера: «Человек играет только тогда, когда он является человеком в полном смысле этого слова, и только тогда он становится человеком, когда играет». [4,23]

Возрождение народной педагогики, восстановление системы народного воспитания, воспитание уважения национальных традиций включают не только физическое развитие, формирование трудовых навыков, но и умственное развитие, нравственное совершенствование.

Литература

1.Альжев Д.В. Социальная педагогика. Конспект лекций-/Д.В.Альжев –М.: Эксмо,2008.

2.Андрианов Б.В. Неоседлое население мира. -М.: Наука, 1985.

3.Берн Э. Игры, в которые играют люди: психология человеческих взаимоотношений: Люди, которые играют в игры. Психология человеческой судьбы.-Спб.: Ленинздат,1992.

4.Вайнштейн А. Игры как путь к гармонии //Alma mater.-1993.№2.

5.Волков Г. Н. Этнопедагогика /Под ред. И.Т.Огородникова. Чебоксары: Чувашское книжное издательство, 1974.

6.Орусбаев А.О.Языковая жизнь киргизии.-Ф.: Илим.,-1990.

7.Рудов Г. Россия-Кыргызстан, Российско-Кыргызские отношения: История и современность /отв.ред.академик В.М.Плоских. –Москва; Б.: Илим,2001.

УДК 392/393.37(575.2)

Суералиева Д.С., *ст. преподаватель,*
Кыргызская государственная юридическая академия
Джунушева Б.А., *ст. преподаватель,*
Кыргызская государственная юридическая академия

КЫРГЫЗДАРДЫН КӨЧМӨН МАДАНИЯТЫ ЖАНА ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООДО АНЫН МААНИСИ

КОЧЕВАЯ КУЛЬТУРА КЫРГЫЗОВ И ЕЕ ЗНАЧЕНИЕ В ВОСПИТАНИИ МОЛОДЕЖИ

KYRGYZ NOMADIC CULTURE AND ITS IMPORTANCE IN THE EDUCATION OF YOUTH

Аннотация. *Бул макалада кыргыз элинин кээ бир элдик каада-салттары менен этникалык оюндары боюнча маалыматтар берилип, алардын мал чарбачылык ишмердүүлүгү жана жаштарды тарбиялоодогу тыгыз байланышы каралат. Макалада элдик оюндардын актуалдуулугу баса белгиленип, азыркы учурдун шарттарында этникалык оюндарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлгөн.*

Түйүндүү сөздөр. *Көчмөн кыргыз эли, каада-салттар, тарбиялоо, этникалык оюндар,этномаданияттык комплекси, кыймылдуу кыргыз оюндары, улуттук оюн, жаштар; адеп-ахлак, эстетикалык, физикалык жактан өнүгүү.*

Аннотация. *В статье дается обзор некоторых народных традиций и этнических игр кыргызского народа, которые рассматриваются в тесной связи с скотоводческой деятельностью и воспитанием молодежи. В статье подчеркивается актуальность народных игр, показана возможность использования этнических игр кыргызов в современных условиях воспитания.*

Ключевые слова. *Кочевой кыргызский народ, традиции, воспитание, этнические игры, этнокультурный комплекс, подвижные кыргызские игры, национальные игры, молодежь; нравственное, эстетическое, физическое развитие.*

Annotation. *The article gives an overview of some national traditions and ethnic games of the Kyrgyz people, which are considered in close connection with cattle pasture activities and education of young people. The article emphasizes the relevance of folk games, shows the possibility of using the ethnic games of the Kyrgyz in modern conditions of education.*

Keywords. *Nomadic Kyrgyz people, traditions, upbringing, ethnic games, ethno-cultural complex, Kyrgyz spry games, national games, youth; moral, aesthetic, physical development.*

Биз бул макалада байыркы замандан азыркы мезгилге чейинки келе жаткан көчмөн кыргыз элинин кээ бир каада-салттарын карап чыгабыз. Кыргыз элинин каада-салттары менен материалдык маданияты өзүнүн тарыхый өнүгүүсүндө татаал жолду басып өттү. Көчмөн малчылар жакшы жайыт жана суу булактарын издөө менен үй-бүлөлөрү, уруулары менен бир жерден экинчи жерге отурукташа беришкен. Ошол отурукташуу учурда маданий баалуулуктары, эмгек көндүмдөрү, ар кандай маалыматтар менен алмашуу процесси жүрчү.

Бүгүнкү күндө муундан муунга өтүп келген каада-салттар өзүнүн мазмунунда бай жана татаал этномаданияттык комплексти түзөт. Бардык кыргыз салттарын шарттуу түрдө бир нече типке бөлсөк болот. Мисалы: адамдын төрөлүшүнө, турмушуна байланыштуу каада-салттар, кудалашуу, үйлөнүү, өрлүктөө, адамдын өлгөнүнө байланыштуу салттар, жыл сүрүү ж.б. салттар.

Көчмөндөр деген кимдер? Көчмөндөр – тарыхый турукташкан көчмөн – номаддык, этномаданияттык

шарттардагы этностор, элдер жана уруулар (бирок, бул жерде көчмөн деген термин жөн эле номад же селсаяк-трэвеллер эмес).

Азыркы мезгилде «Көч, Көш» (Qoch, Qosh) деген түрк сөзүнө, аныктамасына байланышкан көчмөн чарба жүргүзгөн, ага ылайыкташтырылган маданияттагы, же этномаданият жагынан салттуу көчмөн маданияттка, чарбага таандык калктарды айтабыз. Окшош, бирок маниси жагынан тектеш эмес номад, номадизм сөзү да бар. Көчмөн – малчы, номад – саякатчы деген түшүнүктү берет.

Көчмөн турмушту көчмөндөр дүйнөсүндөгү тарыхый түрк, монгол этностору жана башка урал-алтай тилдердеги элдер жүргүзүшкөн. Кээ бир тарыхчылар расалык жактан жана урал-алтай тилдеринин жакындыгынын негизинде, Япон аралдарын басып алган, азыркы япон элинин ата-бабаларын, алтайлыктардан алыстап кеткен корей элдерин урал-алтай көчмөн калктарынан деп эсептешет. Ошондой эле байыркы жана орто кылымдардагы Кытай династиялары, мисалы, Хан династиясы көчмөн хандын наамынан коюлган. Тан династиясы көчмөн Табгач элинен келип чыкса, ал эми акыркы Цин династиясы көчмөн манчжур элинен келип чыккан. Кытайдын юань улуттук валютасы көчмөн чингизиддердин наамынан аталган.

Кыргыздар да көчмөн түрк элдерине кирүү менен өз тарыхый жолунда көптөгөн кылымдар бою көчүп жашап келишкен. Көчүүгө аябай даярданышчу. Ошол күнү бардыгы майрамдагыдай кийинишип, салтка байланыштуу «эски журт» деп, «түлөө» өткөзүшчү. Көчүп келе жатышканда жолдогу айылдын элдери суусундукту кандырчу «айран», «кымыз» беришип, ак жол тилеп узатышчу. Жаңы жерге отурукташканда жаңы айылдагылар «өрлүктөө» деп ар кандай тамактарын алып келишип, жакшы маанайда тосуп алышчу.

Кыргыз элинин көчмөндүгү анын каада-салттарында байкалат.

Бир дагы улуттук той, майрам, салтанат спорттук оюндарсыз өтчү эмес. Белгилүү «аркан-тартмай», «аркан-тартышуу», «күрөш», «ат-чабыш» - 20-30 км чейинки аралыкта, «жорго-салыш» - 2-10 километрге чейинки аралыкта, ат үстүндө жаа атмай, «жамбы атмай», ат үстүндө күрөш «оодарыш», «улак-тартыш» же «көк-бөрү», «кыз-куумай», «тыйын-эңмей» ж.б. оюндары бүгүнкү күнгө чейин сакталып келди. Ар бир майрам «айтыш», «сармерден» менен коштолчу.

Азыр ошол кээ бир оюндар бүгүнкү күнүндө да калк арасында кеңири колдонулууда. Ошондой болсо да кыймылдуу кыргыз оюндарын мектепке чейинки бала бакчаларда, мектепте, ЖОЖдо дене тарбия сабагында айрым бир учурларда колдонсок болот. Анткени, ата-бабаларыбыздын бул бай мурастары бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготкон жок. Ар бир улуттук оюн жаш балдардын физикалык сапатын, адеп-ахлактык, эстетикалык жөндөмдүүлүгүн өстүрөт, ой жүгүртүүсүн тездетет, максатка умтулуу, чынчылдык, жамаатта болу ж.б. жакшы сапаттарын өнүктүрөт. Кыргыз улуттук оюндардын мазмунунда жана өзгөчөлүгүндө азыркы спорт оюндарына тиешелүү мөнүздөрү камтылган. Ошондуктан «качмай топ» - лапта, «уйчу-пастух», «жоолук таштамай – подбросить платок», «оромпой тебүү - выталкивание, прыгая на одной ноге», «урмай топ – игра с мячиком», «акчөлмөк – белая кость, командная игра в борьбе за овладением реквизитом» оюндарын колдонсок, өсүп келе жаткан жаш муундардын физикалык жактан даярдыгынын эффективдүү өсүшүнө көмөк көрсөтүүсү абзел. Биринчиден, жалпыга белгилүү, экинчиден, табигый кыймыл (чуркоо, секирүү, мээлөө) аракеттери менен оюндун жүрүшүндө алар абдан эмоционалдуу болушат. Кыргыз салт – санаабыз тарыхый өзгөрүүлөргө учураса да, кандайдыр бир бөлүктөрү адаптацияланып, азыркы мезгилде булл оюндар дене тарбия сабактарында, сабактардан тышкаркы учурдарда өтүлүүчү спорт мелдештерин өткөзүүдө колдонулуп жатат. Ал оюндарды төмөндөгүдөй кылып бөлсөк болот: интеллектуалдык, экологиялык, кыймыл аракеттик, эмоционалдык тең салмактуулук, кол оюндары ж.б. Бул оюндар өсүп келе жаткан муундардын

- Кунт коюсуна,
- Кабыл алуусуна,
- эс тутумуна,
- ойлонуусуна,
- тапкычтыгына,
- шамдагайлыгына,
- дүйнө таанымына

багытталган машыгуу десек жаңылышпайбыз. Элдик оюндар балдардын өсүшүндө негизги ролду ойноо менен руханий жактан тарбиялоонун, элдик маданияты сиңирүүнүн, адамзаттык баалуулуктарды калыптануунун бирден бир каражаты.

Педагогикалык адабияттардагы изилдөөлөрдү карасак, жогоруда айтылган балдардын адеп-ахлак, эстетикалык, физикалык жактан өнүгүүсү жана алардын өзүнүн орду бар экендиги аныкталган. Мисалы алсак, А.П. Усова өзүнүн эмгектеринде «народная педагогика рассматривала народные детские игры как необходимое содержание воспитания не только в младенческий и дошкольный период жизни ребенка, но и в годы его школьной жизни» десе, улуу орус педагогу К.Д. Ушинский «народные игры наиболее понятны для детей в силу доступности их образов, сюжетов детскому воображению» – деп айткан. Ал эми П.Ф.Лесгафт «в национальных играх ребенок приобретает знакомство с привычками и обычаями только известной местности, семейной жизни, известной среды, его окружающей» - деп баса белгилеген. «Эгерде элди билгиң келсе, анда ал элдин балдары кайсы оюнду, кантип жана эмне менен ойноорун байка» -деген элдик накыл кеп бар эмеспи.

Элдик балдар оюндарынын мааниси боюнча кыргыз окумуштуулары Х. Анаркулов, Ю.Мусина, Т.В. Панкова, М.Р. Рахимова, М.К. Саралаева, Г.Н. Симакова, С. Токторбаева ж.б. да кайрылышкан.

Кыймылдуу элдик оюндарды ойногондо балдар мейкиндик ой жүгүртүүсүнүн калыптанышы, өз алдынча машыга алуусу, тура багыттагы кыймылды тандай алуусуна шарт түзөт. Буга байланыштуу кыймылдагы ар бир бала кандай гана шарттар болбосун, ал өзгөрүү шарттарга карата тездик менен тура багыттагы чечимдерди кабыл алуу көндүмүн калыптандырат. Ал эми чечим максатка жетүүсүнө түрткү берет жана айланачөйрөгө карата өзүнүн ордун аңдап билет. Буга байланыштуу «Айланкөчөк» («Водяной жук») оң жана сол жакты аныктоого, «Каркыра-турна, желе тарт» («Журавли, выстраивайтесь в ряд») белгиленген багытка ка-

рай кыймыл-аракет жасоого, «Ак сандык, көк сандык» («Белый сундук, зеленый сундук») өйдө-ылдый, алдыга-артка карата мейкиндик багыттарын айырмалоого, «Көз таңмай» («Жмурки»), «Жоолук таштамай» («Подбрасывание платка») үн боюнча сезимтаалдыгын өстүрүүгө, «Ашкабак чапмай» («Попади по тыкве»), «Чак ачапмай» («Попади по ведру») тура багыт алуу аракети таамай чаба алуусун калыптандыруу менен өжөр, кайраттуу, чечкиндүү, көздөгөн максатына жетүү сапаттарын өстүрүп тарбиялоого көмөк көрсөтөт.

Элдик оюндарда элдин чарбачылыгы, жашоо турмушу, анын тарыхы, колорити жана улуттук маданияты, этникалык салттары ачык көрсөтүлүп турат. Мисалы, балдардын «чүкө, көкбөрү, улак тартыш» оюндары мал менен, кыздардын «бешташ» оюну жаратылыш менен болгон байланышына айгинелейт. Ошондой эле «ордо» оюну тегиздиктеги геометриялык форма жана фигураларды, «Тогуз коргоол» математикалык эсептөөлөрдү, «беш таш» физикалык тартылуу күчтөрүн үйрөтөт.

Демек, кыргыз элинин маданияты менен каада-салттарын үйрөтүүдө кыймылдуу кыргыз оюндарын колдонгон учурда физикалык, эмгектик, моралдык, жактан гана өсүүсүнө түрткү болбостон, предметтик жалпы билим алуусуна, дүйнө таанымында да активдүү роль ойнойт.

Жыйынтыктап айтканда, элдик педагогикалык тажрыйбалар жана каада-салттар жаштардын улуттук аралык мамилелер маданиятын сактоо менен коомчулукта, мектепте, үй-бүлөдө бул мамилелер аркылуу жаш муундардын жоопкерчилигин, калыстыгын, чынчылдыгын башка улуттун өкүлдөрүнө сый-урмат көрсөтүү мүнөзүн калыптандырат.

Адабияттар:

1. Анаркулов Х.Ф. Кыргыз эл оюндары. - Б.: Кыргызстан, 1991. - 192 с.

2. Дениз Арык. Использование кыргызских подвижных игр для развития физической подготовленности учащихся. - [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/ispolzovanie-kyrgyzskih-podvizhnyh-igr-dlya-razvitiya-fizicheskoy-podgotovlennosti-uchaschihsya

3. Кочевые традиции кыргызов. – [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://www.horses.kg/ru/tradition

4. Лесгафт П.Ф. Руководство по физическому образованию детей дошкольного возраста, Т.2. - М.: АПН РСФСР, 1952.

5. Обычаи и традиции кыргызского народа. – [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://www.centralasia-travel.com/ru/countries/kirgistan/custom

6. Рахимова М.Р., Панкова Т.В. Кыргызская народная педагогика: Учеб.-метод. пособие. - Б.,1993. - 79с.

7. Уметов Т.Э. Игры народов Средней Азии и Казахстана. - Москва-Воронеж, 2006. - 208с.

8. Ушинский К.Д. Избранные педагогические произведения. - М.: Просвещение, 1968. - 557с.

9. Якиманская И.С. Развитие пространственного мышления школьников. - М.: Педагогика, 1980. - 240 с.

УДК-82.3 А-62

Амиркулова Н.Р., *ОГПИнин окутуучусу*

УЛУТТУК ОЮНДАР ӨЗӨГҮ «МАНАС» ЭПОСУНДА

ОСНОВА НАРОДНЫХ ИГР В ЭПОСЕ "МАНАС"

THE BASIS OF FOLK GAMES IN THE EPIC " MANAS"

Аннотация: *Бул макалада «Манас» эпосундагы улуттук оюндар, алардын балдарды тарбиялоодогу маанисиа жана оюндардын чечмелениши баяндалат*

Түйүндүү сөздөр: *«Манас» эпосу, улуттук оюндар, тарбия, акыл-эс, кыргыз эл, салттык, адептүүлүк*

Аннотация: *В этой статье рассматривается разьяснение и роль в воспитании молодежи народных игр в эпосе Манас.*

Ключевые слова: *эпопея «Манас», национальные игры, воспитания, умственное, кыргызский народ традиционная, воспитанность*

This article discusses the explanation and role of the national games in the education of youth in the Manas epic

Key words: Epic *"Manas", national games, education, mental, kyrgyz people, education*

Кыргыз элдик педагогикасынын нукура үлгүлөрүн, жоболорун, кыргыздын улуттук педагогикалык таалим-тарбия берүүчү эрежелерин «Манас» эпосунан көрүүгө болот.Кыргыз эли үчүн «Манас» эпосунун тарыхый-фольклордук мааниси абдан зор. Кылымдар бою кыргыздар бул эпостон улуулуктун, биримдиктин, адамгерчиликтин, ынтымакчылыктын булактарын, элдик оюндардын түрлөрүн алып келишкен. «Манас» эпосу кыргыз элинин, анын ичинде ар бирибиздин улуттук сыймыгыбыз. Биз кыргыз эли өзүбүздү дүйнөгө «Манас» эпосу жана андагы асыл сапаттар аркылуу, улуттук оюндарыбыз аркылуу таанытсак болот. «Манас» эпосунун таалим-тарбиялык жагын эпостогу бир эле инсандардын образдарынан гана албастан,ошол кездеги оюндардан да ала алабыз. Бабаларыбыз балдарын сезимтал, акыл-эстүү, күч-кубаттуу жана алды жагын көрө билген, татаал кырдаалда туюктан жол таап чыга билген амалкөй болуусуна өбөлгө түзүп, ар түрдүү элдик оюндарды пайдаланышкан. Улуттук оюндардын өзөгү «Манас» эпосунда экенин тарых дайым далилдеп келе жатат. «Манас» эпосундагы оюндарды карап көрсөк, аларда кыргыз элинин каада-салты, тарыхы камтылып кеткен. Байыртан эле кыргыз эли уул-кыздарын согуш өнөрүн үйрөтүүгө жогорку деңгээлде көңүл бөлүп келишкендигин биз тарыхыбыздан билебиз. Кыргыздар балдарын жаш чагынан ыкчам,чыдамкай болууга, согуш учурунда колу сынса, колун мойнуна таңып, буту сынса канжыгасына байлап алып урушууга даярдашкан.Согуш өнөрүн кыргыз эли балдарына оюн түрүндө жаш кезинен баштап үйрөтүшкөн. Манас өзү баш болуп ойногон кыргыздардын аскердик-патриоттук оюндары «Ордо», «Жамбы атыш», «Эр сайыш», «Эр эңиш», «Ат чабыш», «Жаа тартмай», «Көк бөрү» «Балбан күрөш» жана акыл оюндары «Тогуз коргоол», «Чатыраш» оюндары жана алардын тарбиялык мааниси тууралуу азыноолак токтоло кетсек.

Ордо оюну-чыныгы аскердик оюн. Аны биринчи ойлоп таап, ойноо эрежесин киргизген Манас десек да жаңылышпайбыз.Бул оюндун төмөндөгүчө маанисин эсте сактоого тийишпиз.Тегерете чийим-чеп коргон, шаар маанисинде: дал ордосу- борбор, ордодон оңой менен атып чыгара албай турган кылып, чүкөнүн сыныгын коюп аны «кан»деген.Бул чындыгында кан, канды тегерете коюлган көп чүкө-кандын аскери. Ордо атуучулар эки бет болуп чүкө калчашып, кимисинин чүкөсү консо, ошол жак биринчи атат.Бул күчтүү кол чабуул кылганы: ар бир ордо атуучуга беш чүкө тийиш болот, үч аткан оюнга ээ болот, мисалы беш аскердин үчөөсү согушка киргени жоо болгону, чийинден өтпөстөн атат,-коргон сепилден атканы-:эгерде аткан чүкөсү чийинден чыгып турса, оюнду улантып ата берет.Мисалы беттешкен жоосун өлтүрө берген сыяктуу:чийинге жакын келген чүкөнү кадайт,жекеге чыккан же кароолго чыгып келген жоону өлтүргөнү:атылган чүкө чийинден чыгып, чийиндин ичине эки кадам, томпою чүкөгө жакын жатып калса, бир бутун тамандап чүкөнү олтуруп чертет,мисалы:аты өлүп жоо менен жөө согушуу,жаа менен эмес, колмо-кол согушуу:черткен кишинин сыртында чүкө калган болсо, оюну өлөт.Жоо сыртынан курчап кеткени:бир же үч чүкө черткен соң канды чертишке урук-

сат,-кандын кароолун өлтүрүп, канга кол салганы:четки чийинге жакын келген чүкөнү кайра тооруп атып алат. Муну «тоорумак» дейт-четке келген жоону кайта байлап кеткени, четтеп жалгыздап жүргөндүгү өлтүрмөгү: беш чүкө үч атканга жарайт,-беш аскердин үчөө согушта, экөө коштоо болгону: үч чүкө эки атканга жарайт,-үч аскердин экөө согушта, бири коштоо болгону: бир чүкө бир атканга жарайт,-жоодон кырылып бир киши калса да согушуу: бир жактын теңинен көбүнө оюн жетпей калса, жеңилгенге эсеп-көбү кырылып, аттан ажырап, жөө калганда жеңилгени;каны бар жакта бир чүкө, бир оюну болсо да жеңилбестен атышат. Жоо өлбөстөн аман калып, атуучуну өлтүргөнү;кан ордодо турганда канга бет алдырып атат,качан болсо канга,тууга бет ала согушуу керек дегени.Ошентип ордо оюнчулары кезеги келгенде мүмкүн болушунча өз атаандаштарын жеңүүгө аракет кылышкан.Тарыхта кандай гана согушту албайлы аскерлер жеңишке эртерээк жетүүнү эңсешкен. (142-143 3.) СНОСКА«Манас» эпосунда төмөндөгүдөй саптар бар:

Кырк таман ордо чийдирип,
Кылым журтка билдирип,
Кыркалай чүкө атышат,
Кызыгын журтка сүйдүрүп,
Чийинин басып аткылап,
Чогултуп чүкө үйдүрүп (С.О.в) деп эпосто белгилеп кеткендей Ордо оюнунун эң негизги максаты жаштарды күчтүү, эрктүү, шамдагай, ошондой эле эрдик көрсөтүү мүнөзгө тарбиялоо болуп эсептелген. Ордо оюнунун жүрүшүндө адамдарды тазалыкка, адептүүлүккө, улууну урматтоого, кичүүнү ызаттоого Ата Журтту сүйүүгө багытталган белгилер бар. Ордо жөн эле оюн эмес кыргыз элинин муундан-мууга үйрөнүп алуучу улуттук тарыхы болуп эсептелет. Кыргыз эли жаштарды китепсиз, доскасыз эле өзүнүн улуттук педагогикасы менен тарбиялап келген. Ошондой педагогиканын бир бөлүгү ордо оюну болуп эсептелет.

Дагы бир кыргыз эли сүйүп ойногон оюн «**Тогуз коргоол»,** оюндун жүрүшүндө айыгышкан арифметикалык төрт амалды чебер пайдалана билип, өзүнүн жүрүшүн да, атаандашынын оюн да, чагылгандай тез таап алууга тийиш. Тогуз коргоол –Манас ата, кыргыз эли сүйүп ойногон оюн. Тогуз коргоол аң-сезимдүүлүккө, акыл-эстүүлүккө, математикалык ой-жүгүртүүнү өркүндөтүп, аналитикалык акылды түптөп, интелектуалдык потенциалды бийик көтөргөн оюн. Манастын убагында тогуз коргоол оюну ойнолгондугун төмөндөгү саптардан көрө алабыз.

...Жалпак жыгач чаптырып,
Чараларын оюшуп.
Бир жагына бир тогуз,
Бир жагына бир тогуз.
Үй чыгарышып коюшуп,
Ою менен олтуруп.
Ташын салып толтуруп,
Тогуз коргоол ойгону
Ордо, тогуз коргоол деп,
Жаш Манас кылып койгону
Тогуздан коргоол салганы
Бу Манастан калганы...

(С.О.в1.172) деген саптар тогуз коргоол оюну байыртадан эле ойнолуп келе жаткандыгын баяндайт.

Мындан да татаалыраак оюн-**чатыраш**.Чатыраш кыргыз элинде байыртадан бери ойнолуп келе жаткан шахмат оюнунун бир түрү.Кыргыз эл бул оюнду тойлордо, бош убактыларында,эс алып, көңүл ачуу үчүн ойной тургандыгы «Манаста» баяндалат.

Сыр аякка бал салып,
чатыраш ойноп дың салып,
туу байталды сойдуруп...

Чатырашты элибиз байыркы доордон, азыркы күнгө чейин ойноп келе жатат.Кыргыз эли мындай оюндар аркылуу балдардын акыл-эсинин өсүшүнө, ой-жүгүртүүсүн өстүрүүгө тарбиялап келишкен. Азыркы кезде да шахмат оюнун кары-жашына карабай сүйүп, ойношот.

Кыргыз элинин ата-бабалардан муундан-мууна мурас катары өтүп келаткан элдик оюндары бар. Аларга «Балбан күрөш», «Эр сайыш», «Жамбы атыш», «Ат чабыш» ж.б.оюндар. Бул оюндар Манас баатырдын убагындагы Көкөтөй хандын ашында ойнотулгандыгы баарыбызга белгилүү.Семетейдин убагында улак тартуу дагы болгон деген маалыматтарды биз окуп келебиз.Кыргыз элинин оюндары түрдүү мезгилдерде болот.Чоң аш, тойлордо, азыркы кезде майрамдарда дагы болот.Ар бир эл өзүнүн салты,үрп-адаты менен гана эмес өздөрүнө тиешелүү болгон улуттук оюндары менен да айырмаланат.Улуттук оюндардын өзөгү «Манас» эпосунда деп айтып келебиз, эпостон «Көкөтөйдүн ашы» эпизодундагы оюндарга токтоло кетсек.

Ат чабыш кыргыз элинин эң маанилүү жана кызыктуу оюндарынын бири. «Манас» эпосунда да ат чабыш тууралуу көп маалыматтар бар.Күлүк аттарды саяпкерлер таптайт, чабылуучу аттын кандай күлүк экендигин алдын ала көрө билген сынчылар, чабышка түшкөн аттардын сүрөөчүлөрү болот. Маселен: Көкөтөйдүн ашында

Хан Көкөтөй ашында
Катышкандар уккула
Каада оюн башталды
Камда тулпар аттарды
Көкөтөйдүн баш байге
Кырк миң кызыл алтындан
Калбай баары угуптур
Аттын баарын суутуптур
Ырчы уул салып кабарды
Аттарды элдер чубатты...

Элдин баары аттарын сынаш үчүн жана байге үчүн ат чабышка салышат.Манастын Аккуласы жана Жолойдун Ачбууданын кошуп эсептегенде миң тулпар жарышка түшөт.Манастын Аккуласы биринчи марага келип, элдин баары байгени бөлүп алышып, сүйүнүп калышат. «Ат адамдын канаты» дегендей кыргыз эли жана көчмөн элдер баарысы атка өтө аяр мамиле жасап келишет.

Балбан күрөш- Көкөтөйдүн ашында Ырчы уул ырдап кабар айтып,күрөшүүгө балбандарды тандагыла деп жар салат.Нескара кабарды угуп, калкынан балбан карап, Жолойду чыгарат, ошондо кыргыздардан эч ким чыкпай Манас Кошойду күрөшкө чыгып бериң деп суранат. Күрөшкө чыгар алдында Манас Канықей тиккен кандагай шымды алп мүчөлүү Кошойго берет.

Балбан Кошой Манаска «Балалуу бол» деп бата берип, Жолойду жыгып намысты алат.

Олуя Кошой абаңдын
Айанар жери калбады
Колдорун катуу салышты
Ача кармай алышты
Белден бура кармашып
Күркүрөтүп айлантып
Ачуусу менен бек кармап
Төбөсүнө артылта

Көөдөн менен тирешип
Буттары жерди жирешип
Жан аябай күрөштү
Булкуп-силкип имерип
Аркасынан таштады
Жетимиш төрттө абаңдын
Кайраты тоодон ашканы

Балбан күрөштө эки балбан тартип боюнча жекеме-жеке кармашып, күчтүүсү алсызын жыгып намысты алат.Балбан күрөш байыртадан белгилүү болгон элдик оюн, чоң-чоң аш, тойлордо, азыркы кезде майрамдарда да ойнотулуп келет.

Жамбы атуу

Ат чубуртуп Айдарды
Алаштын эли камынып
Жыгачка жыгач улатып
Темир менен кадаты
Мамыны койгон орнотуп
Бир миң элүү беш кулач
Жамбысын ага астырып
Мергендин баары жыйылды
-Жамбыны атып ким алса
Тогуз аттан комдуу төө
Тогуз ичик булгундан
Жүз сарыпай чапан бар...
Арылып чаңы калбады
Жамбы атуучу жерине
Бир-бирине куратып
Жер каздырып бекитип
Узундугу бул жыгач
Жетимиш танап тактырып
Дайарлатып коюптур...
Көкөтөйдүн ашында
Жамбыны кошо алары
Тогуз бедөө жакшы ат
Топо жукпас кулпунган

деп Ырчы уул жар салат.Жамбы атууга мергенчилер даярданып атыша баштайт.Кырк чоро жамбыны бирден атып өтүшкөндө кырк жери үзүлүп, акыркысы калат,Манас туура тартып атканда жамбыны илген жыгачты кошо сындыра атат.Мында да кыргыздар намысты бербей, душмандын көөнүн сындырып, байгеге ээ болушат.

Эр сайыш

Ырчы уул атка мингени
Ырын баштап ийгени
Эр сайышуу мөөрөй бар
Баатырларың ылгап ал...
Алгарасын аргытып
Коңурбай өзү жөнөдү
Эр сайышка барууга
Коңурбай чыкты деп угуп
Айкөл Манас баатырың
Токтоно албай удургуп...
Ортодо турган Коңурду
Опол тоодой доңузду
Айкөл Манас кабылан
Капталдан ары бир койду

Эр сайышка калмак, манжуу тараптан Коңурбай, кыргыздардан Манас чыгат. Эки хандын беттешүүсү эки тарап үчүн тең чоң мааниге ээ болот, эки баатыр тең жеңилип калууну өз элинин мөөрөйдү колдон алдырышы, калктын намысынын кетиши катары санашат. Манас менен Коңурбай бири-бирин ач арстандай качырышып, айкырып найза сунушуп, алтымыш найза сындырышат.Акыры Манас каардана качырып барып, сыр найза менен таамай туштап өткөндө, Коңурбай Алгаранын үстүнөн тоо кулагандай кулап түшөт. Намысты кыргыздар колго алат.

Жаа тартмай. Кыргыз эли душмандарына каршы күрөш жүргүзүп,эли-жерин баатырдык менен коргоп келишкен.Өз эркиндигин коргоодо аскер куралдарын, анын ичинде жааны да колдонгондугу баарыбызга белгилүү.Манастын чоролору Көкөтөйдүн ашында төрткө бөлүнүп, жоокердик түрдүү оюндарды көрсөтүшкөн,ошонун ичинде жаа атышып, кырк чоро Тазбайматтын тебетейин көккө ыргытышып, жерге түшүрбөй кырк жолудан аткан деген маалыматтарды биз угуп жүрөбүз.Ошондон калган макал «Эр жигит эл четинде,жоо бетинде»

Жаа байыртадан эле кыргыз элинин мергенчилик куралы болгон.Аскер куралдарынын бири катары да пайдаланышкан.Атчан чаап бара жатып жаа тартышкан.Азыркы кезде спорттук оюн катары кеңири колдонулат.Жаа тартмай аралыкты көз болжол менен өлчөй билүүгө, бутаны түз мээлөөгө шамдагайлыкка көндүрөт.Азыр бул оюндун ат минбей жөө туруп жаа тартышкан жөнөкөй түрү кеңири тараган.Оюн тегиз жерде ойнолот.

Эр эңиш-эки балбандын ат үстүндөгү алышуусу. Бул оюндун келип чыгуусу куралынан ажырап калган атчан жоокердин ат үстүндөгү кармашуусуна шартталган. «Манас» эпосунда Көкөтөйдүн ашындагы Чыноончу менен Шаңдөөгөрдүн эңиши,эр эңиштин байыркы оюн экендигин далидеп турат.

Көк бөрү- улак тартуу той-аштарда жана майрамдарда ойнолуучу улуттук оюн.Азыркы учурда Көк бөрү колго алынып, эл кызыгып көрүп, колдоп турган оюн. Эпосто Көк бөрү жөнүндө төмөндөгүдөй саптар бар:

Бөлүнүп ордо, чын мөрөй
Атпай турган жер бекен
Жатпай оюн, көк бөрү
Тартпай турган жер бекен (С.К.в)

Улуттук аскердик-атуулдук оюндар жаштарды күчтүү болууга, шамдагайлыкка, ыкчамдыкка, чыдамдуулукка даярдаган.

«Манас» эпосунда дагы биз жазбай, изилдебей калган көптөгөн оюндун түрлөрү бар.М:Тыйын эңмей,

Салбуурун, Оромпой, Эрөөл, Жөө Кунан чабыш, Жоолук таштамай жана башка оюндун түрлөрү бар.

«Манас» эпосундагы элдик, салттык оюндар аркылуу кийинки муундарга патриоттуулук, Ата Мекенин, эли-жерин душмандардан коргоо ыйык милдет экендигин жеткирип келгендиги чындык.Улуттук оюндарыбызды өзүбүз баалап, ойноп жана эл аралык аренага алып чыгуу менен бирге, биз кыргыз элинин байыркы, түпкүлүктүү эл экендигин, өзүнүн баатырдык эпосторундагы көз карандысыздыгы үчүн жүргүзүп келген күрөшүн, улут катары жөн эле жашап келбей, андан ары өсүп-өнүгүү жөнүндөгү идеяларын дүйнөгө тааныта алабыз.Кыргыз эли уюткулуу эл болгондуктан бала төрөлгөндөн баштап эле,элибиз улуттук оюндары аркылуу балдарга аскердик тарбия берип,руханий байлыгын өстүрүп, мекенине болгон сүйүүсүн арттырып келишкен.Балдар жаш кезинен баштап, аш-тойлордо өткөрүлгөн элдик, салттык оюндарга аралашып жүрүп, убагы келгенде ошол оюндар аркылуу баралына жетип, эли-жерин коргоочулардан болушкан. Улуттук оюндар илгертеден кыргыз элинин канына сиңген салттык көрүнүш, жогоруда көрсөтүлгөндөй мелдештерге түшкөн адамдар жеке гана байге үчүн эмес, Ата Мекенинин намысын талашкан.Элдик, салттык оюндарыбыз атадан балага мурас катары берилип, ойнолуп келгендиги, элибиздин тарыхынынын бир бөлүгү болуп саналат.Мына ушундай даанышман идеяларды өзүнө камтыган, жаш муундарга таасирдүү таалим-тарбия берүүнүн эң сонун үлгүлөрүн баяндаган педагогикалык эстелик-ал «Манас» эпосу. Ал өзү эле бүгүнкү жаштар үчүн, биз үчүн өз алдынча тарбия берүүчү чоң мектеп.

Адабияттар

1. Байгазиев С. Балдарга Манас баатыр жөнүндө. -Б., 2008.

2. Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, «Манас» энциклопедиясы. -Б., 1995. 1-т 440 б.

3. Максүтов Т.Байымбетов М. «Манас» эпосу элдик тарбиянын кенчи. -Б., 1999 (142-143)

4. Максүтов Т.Мырсабеков А. Улуттук педагогиканын негиздери. -Ош., 1996.

5. Саралаев М.Кыргыздын улуттук спортунун түрлөрү. -Ош., 1993.

6. Токторбаев С. Манас Ата акыл оюндары. -Ош., 2001.

УДК:364.662:39(575.2)

***Укуева А.А.**, зав. кафедрой мировой экономики БГУ*
***Садыгалиев У.К.,** и. о. доцента БГУ*

ВЛИЯНИЕ НАСЛЕДИЯ КОЧЕВОГО ОБРАЗА ЖИЗНИ НА РЕШЕНИЕ ПРОБЛЕМ БЕДНОСТИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

КӨЧМӨНДӨРДҮН ЖАШОО МҮНӨЗҮНҮН МУРАСТАРЫНЫН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАКЫРЧЫЛЫК КӨЙГӨЙЛӨРҮН ЧЕЧҮҮГӨ БЕРГЕН ТААСИРИ

EFFECT OF NOMADIC TRADITIONS ON POVERTY ALLEVIATION IN KYRGYZSTAN

***Аннотация:** рассматриваются пути сокращения бедности в Кыргызстане, основанные на традициях кочевых народов.*

***Ключевые слова:** бедность, черта бедности, адресная помощь, народные обычаи, традиции.*

***Аннотация:** Бул макалада көчмөн элдердин үрп – адат, салтынын негизинде Кыргызстандагы жакырчылыкты кыскартуу жолдору каралат.*

***Түйүндүү сөздөр:** жакырчылык, жакырчылык чеги, даректүү жардам, элдик салт, үрп – адат.*

***Abstract:** explores poverty alleviation strategies based on traditions of nomadic people*

***Keywords:** poverty, poverty line, targeted social assistance, national customs and traditions*

Бедность выступает одним из основных показателей уровня развития страны и является большим препятствием для роста экономики любого государства [2]. По данным официальной статистики в 2016 году в стране к бедным относилась 25.4% или четвертая часть населения. За чертой крайней бедности находилось 0.8% населения (49 тыс.) [4].

Бедность в Кыргызской Республике определяется комплексом факторов: относительно высоким уровнем фактической безработицы, структурой экономики с ярко выраженной аграрной направленностью, многодетностью семей, низкими доходами (сравнительно низкие размеры заработной платы, пособий, стипендий, пенсий), поселенческим аспектом, недостаточным финансированием социальной сферы. В сельской местности бедность распространена больше, чем в городской местности.

Решение проблем бедности в Кыргызстане выступает одним из приоритетных задач. Государственная политика по социальной защите основывается на принципах адресности, направлена на обеспечение материальной поддержки нетрудоспособным гражданам, социально уязвимым слоям населения. Основным моментом в реализации программы сокращения бедности является обеспечение доступности важнейших социальных благ и услуг малообеспеченным группам населения: образования, здравоохранения, жилья, объектов культуры, быта. [3, 276-278]

Важным компонентом в комплексе подходов, мер и мероприятий по сокращению бедности использование этнокультурных традиций, обычаев кыргызского народа.

Издревле наш народ отличался традициями родо-племенных отношений, в основе которых лежали помощь бедным, нуждающимся, решение социальных проблем совместными усилиями. Среди них особое место занимал обычай родовой взаимопомощи, когда в разных случаях жизни кыргыза обязательное участие принимали сородичи и оказывали моральную, материальную помощь. В народе это называли "жардам". Родственники, соседи, знакомые всегда были готовы оказать помощь остронуждающейся семье в

пище, жилище, одежде, перекочевке. Существовали (и существуют) группы людей, которые отличались особой сплочённостью и коллективизмом. Это такие, как семейно-родственные группа - "бир атанын балдары", сообщества типа "топ", "ража". Характеристика подобных групп - это совместное осуществление выпаса скота, выбор летних, зимних стойбищ, охраны скота, обеспечение безопасности членов группы. Наиболее отчетливо проявлялись лучшие качества коллективизма и взаимопомощи на похоронах и торжественных мероприятиях.

Нужно отметить, что в системе взаимоотношений между определёнными категориями людей существовал обычай дарения - "тартуу", "белек". Наряду с другими целями, этот обычай часто использовался именно для материальной поддержки нуждающихся, исходя из морально-этических соображений.

На современном этапе в этой же плоскости, подобном мировоззренческом подходе осуществляют свою благотворительную деятельность различные общественные фонды, НПО (неправительственные организации), группы населения и отдельные граждане. Они являются важным источником материальных ресурсов на местном уровне. Для малообеспеченных пенсионеров актуальное значение имеют различные виды натуральной помощи, прежде всего, через предоставление продуктов питания, медицинских препаратов со стороны богатых меценатов, различных общественных фондов. Немаловажную, действенную помощь получают со стороны спонсоров дома-интернаты, реабилитационные центры для детей и подростков с ограниченными возможностями, специализированные учреждения для безнадзорных детей и несовершеннолетних правонарушителей, программа «Таза Суу».

Вклад наиболее обеспеченных и высокодоходных представителей сообществ в рамках поддержки односельчан, в первую очередь, самых низкодоходных слоев населения позволяет обеспечить минимальную потребительскую корзину, достаточную для нормальной физиологической и социальной жизнедеятельности человека и воспитания детей.

Помощь со стороны обеспеченных представителей определенного сообщества, что нужно особо подчеркнуть, обеспечивает соблюдение принципа адресности, который является основополагающим в мерах по оказанию помощи населению в рамках сокращения бедности.

Общенародное движение «ашар» получило признание среди широких слоев населения Кыргызстана. Посредством традиций «ашара» оказывается помощь неблагополучным семьям, детям с ограниченными возможностями, строятся и ремонтируются социальные объекты – школы, библиотеки, клубы и т.д. Трудовые мигранты из Кыргызской Республики поддерживают своих родственников, односельчан помогая им финансово, а также осуществляя меценатство посредством покупки компьютерной техники школам, интернатам. Широкое распространение в регионах страны получило оказание адресной материальной помощи ветеранам войны и труда, многодетным семьям, одиноким матерям и инвалидам.

Надо сказать, что проводимые мероприятия и объемы помощи, основанные на национальных традициях, очень разнообразны и значительны. Официальная статистика, как правило, их не учитывает. Соответственно, существует проблема учета благотворительной деятельности и оценки роли вклада различных неправительственных субъектов в снижении бедности.

Отметим еще один немаловажный факт в решении проблем бедности. Эффективность мер государства по сокращению бедности в стране будет высокой только при поддержке их большей части населения. Соблюдение традиций, обычаев народа позволяет объединить усилия органов власти, местных сообществ, граждан для решения конкретных социальных вопросов — осуществлять помощь детским домам, домам престарелых, проводить совместное благоустройство и так далее.

Программные цели государства по сокращению бедности в стране должны включать и поддерживать инициативы населения по использованию лучших этнокультурных традиций кыргызского народа. Подобный подход позволит:

а) расширить возможности предоставления ресурсов для снижения остроты проблемы нищеты,

б) уменьшить разрыв в уровне жизни между различными группами населения,

в) выявить решения, направленные на улучшение доступа к услугам, более сбалансированное распределение имеющихся ресурсов, большую социальную сплоченность.

Реализация преимуществ обычаев, традиций может служить эффективному руководству деятельностью, направленной на борьбу с бедностью, снижению уровня коррупции и недобросовестного управления, протекционизма и нелегальной экономики, обеспечению справедливого распределения ресурсов и доступа к услугам.

Для этого в средствах массовой информации необходимо всемерно и наглядно освещать положительные примеры деятельности людей, которые добиваются положительных изменений в жизни бедного населения.

Литература

1. Национальный комитет статистики Кыргызской Республики.stat.kg/ru/opendata/category/120/

2. Всемирный банк. Обзор бедности www.vsemirnyjbank.org/ru/topic/poverty/overview

3. Селиверстов А. С., Митрофанов Д. Е., Буцкая А. А., Евстратов А. Д., Николаева К. А. Проблема бедности в современной России и возможные пути её решения // Молодой ученый. — 2017. — №7. — С. 276-278.

УДК 903'15(4/5)

Вторые Игры кочевников показали стремление многих стран в участии на этих соревнованиях. Чем можно объяснить такую заинтересованность? Современный спорт с использованием научно-технических разработок приводит к тому, что чемпионами на мировых первенствах и олимпиадах становятся подростки., в возрасте 14-15 лет. Что же делать спортсменам, которым сегодня больше, чем 25 лет? Это с одной стороны, с другой: влияние технического прогресса заставляет спортсменов уходить от национальной культуры и этнических особенностей той или иной нации, т.е. происходит влияние глобализационных процессов на спорт и культуру в целом.

В связи с вышеизложенным можно предположить, что на Третьих Играх участвовать уже будет больше стран, с целью не только победить, но и развивать народные игры и традиции у себя на родине, тем самым отстаивая свою национальную культуру и опровергая идею, что неевропейские расы – это отсталые народы.

В Туркестанском сборнике имеется информация о развитии у кыргызов, а также и других народов, различных видов спортивных игр. Так, например: «После угощения начинаются игры: джигитовка, стрельба, скачки, борьба силачей и прочее. Самая забавная игра, в которой участвуют оба пола, состоит в том, что молодая девушка скачет на коне от своих преследователей, которые стараются ее догнать и поцеловать. Если девушка обладает ловкостью смелой наездницы, то игра эта возбуждает общий смех, когда степная амазонка, увертываясь от молодых людей, осыпает их ударами нагайки. За джигитовку, скачки и искусную стрельбу выдаются призы». [1, 121]

У кыргызов, практически больше игр связанно именно с конем кыргызской породы. «Эта порода редко бывает красивых статей, но переносить голод и труды с особенною легкостью, не отличается вообще быстротой скачки, не бывают замечательные скакуны, за то это животное в состоянии пробежать огромное пространство без корма, воды и отдыха: бывали примеры таких поездок более чем за 100 верст, и лошади не погибали. На второе лето уже начинается езда: обыкновенно мальчики, лет от 12 до 15, пасущие табуны, поочередно ездят на этих стригунах и оседлавши такую лошаденку с утра, по киргизскому обычаю, не слезают до вечера. Такая выездка, конечно, делает лошадь весьма смирною, но вместе с тем мешает ее физическому развитию. С третьего года начинается уже езда как следует. Не смотря на ранее укрощение этих животных, в больших табунах лошади, оставаясь потом по нескольку лет не езженными, делаются весьма неукротимыми и трудно идут снова в езду». [2, 135]

Заветная мечта мальчиков 10-15 лет участие в баранте или в джигитовке при наличии коня. Возможно баранта и легла в основу такой игры как улак-тартыш. Окончательный исход баранты невозможно было предугадать, и бывали случаи, когда погибал не один, а несколько участников баранты. Но выявить лучшего помогали игры.

В прежние времена, до прибытия сюда русских, баранты были беспрерывны, как единственное развлечение, дающее исход праздным силам и духу удальства джигитов, а также как потребность мщения, не говоря о приманке легкого обогащения за счет оплошности врага.

Том 47 полностью состоит из заметок английского комиссара Роберта Ша в Ладаке «Очерки Татарии, Ярканда и Кашгарии». В этой книге дается много информации о природе, климате, жителей с их обычаями и нравами, также имеются заметки о кыргызах, которые проживали в Кашгарии. Автор этой статьи не просто дал описание, но очень интересовался Восточным Туркестаном, и был знатоком в этом деле. Его описание игр жителей Кашгара и Ярканда: «Игра состояла в том, что один другого ловил за пояс, пытаясь стащить своего противника с лошади; вообще все боролись между собою, сидя на лошадях, которые в это время скакали во весь опор через рытвины и кочки. В заключение каждый завладевал турбаном своего противника. Юзбаши подстрекал борющихся тем, что пускал внезапно своего коня во весь мах с криками и смехом, к смущению моих гудских слуг, которые плохо сидели на седле». [3, 131]

«Народ здесь обладает множеством игр, для которых требуется необыкновенное искусство в наездничестве. В одной из деревень юзбаши показал мне забаву, которую они называют «ухлак». На землю кладется тело козла без головы, и каждый старается поднять его, не слезая с коня. Страшная теснота бывает в то время, когда они, держась одной рукой и ногой за седло, опускают другую руку до земли. Но вот одному удалось – он снова усаживается на седле и ускакивает. Остальные бросаются преследовать его, а он всячески старается увернуться, наконец то тому, то другому удается отнять козла. Тот, у кого добыча, придерживает ее ногой, и таким образом вся эта ватага носится по степи до тех пор, пока все лошади не выбьются из сил. Красиво видеть совершенство и грацию их езды. По видимому их посадка свободнее нашей, и, по непонятной для меня причине, напоминает мне искусного пловца, держащегося на воде без всякого усилия: его тело повинуется всякому движению волн. Во время ухлака они, кажется, совсем забывают о своих лошадях. Они редко касаются руками поводьев, и перескакивают рвы и кочки, едва сидя на седлах и борясь друг с другом. Эта игра впрочем не безопасна. У одного киргиза из нашего каравана лопнули подпруги, когда он нагибался, и он упал на землю, мулла шериф, и его горячий пони сделал настоящий сальтомортале». [4, 141]

Английский комиссар также приводит описание калмыцкого лука: «Юзбаши пришел мне показать калмыцкий лук и стрелы. Лук сделан из рога и натянут с помощью стрелы. Оба конца его загнуты вниз, так что струна касается обоих углов и поддерживается двумя подставками наподобие смычка от скрипки. Расстояние между подставками сорок-четыре дюйма. Длина луки от одного конца до другого пять футов шесть дюймов. Длина стрел сорок-девять дюймов, они имеют три пера и различных форм железные наконечники». [5, 301]

В трудах доктора зоологии Н.Северцева рассматриваются феноменальные способности кыргызских охотников: «За спугнутым с своей кладовой медведем погнался кара-киргиз, взятый Атабеком для охоты, с фитильной винтовкой; он на скаку выстрелил и ранил медведя, которому эта пуля сначала только прибавила прыти, но скоро зверь стал уставать, киргиз, не останавливаясь в преследовании, зарядил еще, и вторым выстрелом еще замедлил бег медведя; еще зарядил, еще погнался: медведь привстал на задние лапы, не удержался, присел; слез и киргиз с лошади, и положил зверя третьей пулей, в сердце.

Чтобы оценить этот охотничий подвиг вполне по достоинству, нужно принять еще в расчет, что кроме заряжения на бегу, нужно еще было для каждого выстрела, все не останавливаясь, высечь огня на фитиль, кремнем и огнивом, и затем вправить зажженный фитиль в курок так, чтобы он попадал при спуске курка прямо на полку с порохом; вся эта мешкотная процедура потруднее на полному скаку, чем стрельба из пистонного ружья – а тот же кара-киргиз из своего фитильного ружья убивал на скаку лисиц одной пулей, как я увидал впоследствии.

За медведя он, кроме полуимериала и ситца на рубашку, получил еще постоянное от меня снабжение порохом и свинцом - что ему было всего желательнее. А золотой он у меня же разменял на более знакомую серебряную монету». [6, 197]

Этот хорошо проанализированный материал дает возможность понять какой силой, умением и навыками охотника обладали кыргызы, не всякий сегодня это сможет повторить.

Из всего вышеприведенного можно сделать следующие выводы, что: игры у всех народов Средней Азии (несмотря на то, что авторами этих статей были как русские офицера, так и английские) очень схожи, и пользовались очень большой популярностью среди жителей, несмотря на разные национальности и обычаи. И даже сейчас спустя 150 лет пользуются популярностью среди жителей не только Средней Азии, но и Дальнего Востока.

Сама идея организации и проведения «Всемирных Игр кочевников» очень замечательна тем, что она объединяет такое количество людей и служит делу во имя процветания и дружбы народов, исключая любую возможность разрушения духовной целостности любого этноса и народа.

Литература

1. Том 16. Туркестанский сборник. -Санкт-Петербург, 1867. Стр.121

2. Том 22. Туркестанский сборник. -Санкт-Петербург, 1867. Стр. 135

3. Том 47 Туркестанский сборник. -Санкт-Петербург, 1870. Стр.131

4. Том 47 Туркестанский сборник. -Санкт-Петербург, 1870. Стр.141

5. Том 47 Туркестанский сборник. -Санкт-Петербург, 1870. Стр. 301

6. Том 49 Туркестанский сборник. -Санкт-Петербург, 1873. Стр.197

УДК: 94(575.2) 394. 3

Тыныстанова А. А.
И. Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик техникалык университетинин улук окутуучусу

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН САЛТТУУ УЛУТТУК ОЮНДАРЫ

ТРАДИЦИОННЫЕ НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

TRADITIONAL NATIONAL GAMES OF KYRGYZ PEOPLE

Аннотация: *Бул макалада кыргыз элинин салттуу улуттук оюндарынын маани жана алардын айрымдарынын тарыхы жөнүндө айтылат.*

Түйүндүү сөздөр: *кыргыз эли, улуттук, оюндар, салттар.*

Аннатоция: *В данной статье рассказывается об истории традиционных национальных игр и рассматриваются вопросы сущности этих национальных игр.*

Ключевые слова: *кыргызский народ, национальные, игра, традиция.*

Annotation: *This article describes the history of traditional national games and discusses the nature of these national games*

Keywords: *Kyrgyz people, national, games, traditionally.*

Кылымдарды карыткан кыргыз элинин тээ байыртадан бери эле каада-салттары, үрп-адаттары, ырым-жырымдары, көөнөрбөс тарыхый булактары бар экендиги белгилүү. Кыргыздар эл болуп жаралгандан өздөрүнө мүнөздүү ар кыл дооролго, мезгилдерге, ошол кездин социалдык шартына жараша ошого таандык оюндарды жаратышкан. Ар бир оюнду өткөрүүдө ага катышууга оюнчулардын жаш куратарын, даярдыктарын, жекече өзгөчөлүктөрүн, жынысын, оюнда колдонулуучу аспаптарды, оюн өткөрүлүүчү жайларды эсепке албай коюуга мүмкүн эмес эле. Ар бир эл бири-биринен өзүнүн салты, үрп-адаты менен гана эмес өздүрүнө тиешелүү болгон (салттык) улуттук оюндары менен да айырмаланат. [1]. Кыргыз элинин салттуу улуттук оюндарынын катарына төмөндөгүлөр кирет: Ат секиртмей, Багалак, Орто топ, Токол эчки, Урмай уруу, Сөөк сындырмай, Ит тартыш, Чатышмай, Төө жана жамбаштаган кыргыз (төө сатуу, төө чечмей), Келин жарыш оюну, Чүкө бекитүү, Так орун, Кыз куумай, Ак чөлмөк, Жоолук таштамай, Ак терек, көк терек, Аркан тартыш, Беш таш, топ таш (Беш таш), Жашынмак, Качма топ, Таламай, Селкинчек, Шакек салмай, Тогуз коргоол, Ат чабыш, Оодарыш, Улак тартыш. Ошондой эле ат үстүндө куржун эңмей, Ат чабыш, Ачакей жумакей, Баш кийимди уруп түшүрмөй, Беш таш (топ таш), Бут тепсемей, Дарткам, Жаа тартмай, Жаңгак атмай, Жамбы атыш, Жарма данек, Жашынмак, Жоолук таштамай, Жорго салыш, Жыдымай, Казык жыкмай, Каз өрдөк, Калдым, Камбартеп – кыргыздардын эр өнөрү, Кан таламай, Каным дат, Качма топ, Келин жарыш, Көк бөрү, Кулатуу, Кур оюн, Күзгүбү, таракпы, Кыз куумай, Кыйык атуу, Кыл аркан салмай, Лейлек күрөшү, Мангел менен уруу, Найза ыргытмай, Опол Ордо, Орто топ, Оодарыш Салбурун, Селкинчек, Созмо атуу, Сөөк сындырмай, Таламай, Ташты баштан ары артка ыргытып уяга түшүрмөй, Ташты бийиктикке ыргытуу, Ташты бийиктикке ыргытып кайра тутуу, Таяк менен тегеректен чүкөлөрдү уруп чыгаруу, Таякты алыстыкка ыргытуу, Тебетейди бийиктикке ыргытып кол чабуу, Тогуз коргоол, Токол эчки, Топуракты таш менен уруп чаңытуу, Төө жана жамбаштаган кыргыз (төө сатуу, төө чечмей), Укурук салмай, Упай Урмай уруу, Үч тапан, Чакан Чикилдек, Чүкө бекитмей, Чүкө чертмей, Шакек салмай, Ыргытылган кесекти бут менен тебүү, Элечек чечмей, Эр сайыш, Эр эңиш жана башка оюндар кирген. [2]

Кыргыз эли ат жалында эркин ойноп, шайдоот жүргөн калк болгондуктан, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша көп сандаган кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Бул оюндардын көпчүлүгү бүгүнкү күнгө чейин жетип, айрымдары социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Ошол оюндарда элдин ой тилеги, үмүтү, кубанычы, эрдиги, эркиндик теңдикке умтулуусу жана башкалар камтылган. Кыргыздардын оюндарынан элдин табитинин мыкты үлгүлөрү, элдик терең философиялык көз караштар, улуттук өзгөчөлүктөр көрүнүп турган. Элдин жашоо-тиричилигине ылайык улуттук оюндар жылдын бардык мезгилдеринде өмүр сүрүп, доордун өнүгүшүнө, өзгөрүшүнө, талабына жараша жаңыланып алымча-кошумчаланып, ар кандай сапаттарга, түрлөргө өтүп түбөлүктүү жашоосун уланта берген жана элдик маданиятты, дөө-

лөттүн айнигыс бөлүгүнө айлантат. Кыргыздардын улуттук оюндары баарынан да калктын дене түзүлүшүнө, кооздукка, сулуулукка умтулуусуна бирден бир жардам берүү менен - бул кыймылдуу оюндар, ыр күүлөр, санат-санжыралар, жаңылмачтар, табышмактар менен коштолуп турган. Улуттук оюндардын көпчүлүгүн элдик майрамдарда,тойлордо, нооруз майрамында жана башка белгилүү убактарда өткөрүп турушкан. Элдик улуттук оюндар ар бир кыргыз жараны үчүн зор маанеге ээ десек жаңылышпайбыз.

Кыргыз эли байыртадан эле ар кандай оюндарды ойлоп таап, мурас катары кийинки урпактарга жеткирип келди. Биз жөн гана элдик оюндар деп атаганыбыз менен, кыргыздын улуттук салттуу оюндарынын ар биринин өзгөчө түрлөрү бар жана бири-биринен оюндардын шарттары менен айырмаланып турат. Ошондой эле ар бир оюндун өз максаты жана тарбиялык мааниси өтө зор. [3] Байыркы замандан бери кыргыз эли өз өмүрүнүн ар кандай кубанычтуу учурун улуттук оюн-зооктор, көңүл ачуулар менен өткөрүп келген. Эмесе ошол ойноло турган оюндардын айрымдарына токтоло турган болсок алар төмөндөгүдөй:

Ордо. Эки топко бөлүнүп ойнолуучу байыркы элдик оюн. Оюндун негизги жүрүшү тегизделген жерге чийилген чоң айлананын так ортосуна “кан” тигилип, анын тегерегине көп чүкөлөрдү тизип туруп чийиндин сыртынан томпой менен атып, же чертип чүкөнү чийиндин сыртына чыгаруу. Оюндун бул көрүнүшү сырттан каптап келген аскер башчыны (оюндагы “кан”) айланасындагы жоокерлери менен кошо (оюндагы чүкөлөр) жок кылуу максатында негизделген. Ордо оюнунун аталашы “орто”, “ортолук”, “ортонун” (элдин) деген сөздөн пайда болгону жүйөлүү.

Тогуз коргоол. Кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан көөнөрбөс эстелиги, акыл-ой байлыгынын казынасы, көчмөн турмуштун, жоокердик мамилелердин сырдуу түйүнү жана көпчүлүктүн черин жазган ортолук оюну.

Жаа тартуу. Согушта, аңчылыкта, мелдештерде жаа менен жебе тартуу өнөрү. Жаа тартуу өтө зор чеберчиликти, кайраттуулукту, күчтүүлүктү талап кылат. Жааны тизелеп олтуруп да, жөө да, атчан да да, басып баратып да, ат чаап баратып да тартышкан.

Эр сайыш. Жоокердик мезгилде согуш маселеси негизги орундардын бирин ээлеп, пикир келишпестиктердин көбү куралдын күчү менен гана чечилген. Эр сайыш жоокерчилик коомунун аскердик тарбия берүүсүндө негизги талап болгон. Жоокерчилик замандан бери аш-тойлордо эр жүрөк баатырлар жекеме-жеке чыгып ат үстүндө күч сынашчу. Эр сайыш согуш мезгилинде гана эмес, тынч убакта да атайын эрежеси иштелип чыгып, аскердик оюн катары аш-тойлордо өткөрүлгөн.

Ат чабыш. Ат чабыш байыртадан белгилүү болгон оюн жана бардык жерде кеңири жолуккан кыргыз элинин улуттук оюндарынын бири. Ал үйлөнүү үлпөтүнө, башкача айтканда, кызга үйлөнүүчү баатырга коюлган ар түрдүү шарттардагы сыноо-талаптарга да байланыштуу болушу мүмкүн. Баатырдык эпостордо чагылдырганы боюнча кызга үйлөнүп бүлөө курууучу талапкерлер үчүн атайын мелдештер уюштурулган жана кимиси мөөрөй алса, ошол кызды алууга татыктуу болгон. Талапкерлердин өнөрүнө көбүнчө үч мелдеш - ат чабыш, бута атуу, күрөш мүнөздүү болуп эсептелген. Мына ошол ат чабыштын да кыргызда бир канча түрлөрү бар. Алар аламан байге, чоң байге, кара жарыш, кемеге байге деп бөлүнөт.

Аламан байгеде аттар орто аралыктарга чабылып, күлүктөрдүн жаш өзгөчөлүктөрүнө чек коюлбайт. Чоң байгеде болсо (Кыргызда конолуу байге, коно ат чабыш, түнөтөр байге деп да атайт) өтө алыс аралыкка байге сайылат. Буга ашкан күлүк аттар гана катыша алат. Кара жарышта аттар жакын аралыкка чуркап, байге сайылбайт. Бул чоң байгенини алдында өткөрүлүп, аттарды сыноо, бой-келбетин байкоочу милдетти гана аткарат.

Кыз куумай. Кыз куумай кыргыз элинин байыртадан келе жаткан улуттук ат оюндарынын бири болуп эсептелет жана аял-эркек теңдешинин далили. Анын тарыхый мааниси никелешүүгө барып такалат. Салтка ылайык эгер жигит оюнга түшкөн кызга жеткен болсо, ага үйлөнүшү керек болгон. Салт боюнча кыз мине турган атын өзү тандап жигиттен алдыга чыгып, жигит артынан кубалап жөнөйт. Эгер кызга жеткен болсо бетинен өпкөн, жетпей калса жигит кыздан камчы жеген. Бул оюндун негизги максаты кыздын жигитке жеткирбей качуусу. Жигиттин да кызга жетүүгө далалат кылуусу болуп саналат. Азыркы учурда да Кыз куумай тойлордо, майрамдарда ойнолуп келет.

Улак тартыш, көк бөрү – кыргыздын улуттук ат оюну. Улак тартыш илгертен бери чоң салтанаттарда, майрамдарда, аш-тойлордо өткөрүлгөн. Таатаал, коркунучтуу, кокустуктары көп оюн болгондуктан атаандаштардын ортосунда кадыр-барктуу, тажрыйбалуу кишилерден калыстарды дайындашып, ошолордун чечими боюнча оюн өткөрүлгөн. Улак же серкени мууздап, баш, шыйрагын кесип салып, ичинин кичине жерин жиреп, ичеги-карынын да алып салып, кесилген жер менен мууздоосун бекем тигет. Атаандаштар эки тарапка (ата, айыл, аймак боюнча) бөлүнүшүп, жакшы аттарга минишет. Бөлүнгөн жаатгар бирдей санда (3, 5, 7) оюнчуларды чыгарышат. Оюндун негизги максаты жерге ташталган улакты эңип алып, атаандаштарга тарттырбастан белгиленген марага алып келип таштоо. [4]

Жогоруда биз кыргыз элинин салттуу улуттук оюндарынын айрымдарынын гана тарыхына токтоло кеттик. Эгерде жогоруда аты аталган ар бир оюнга токтолсок алардын ар бири эле өзүнчө кеңири макала болуп чыгууга татыктуу.

Кыргыз элинин маданиятын өнүктүрүүдө улуттук оюндар да өз салымын кошуп келет. Ар бир элдин үрп-адаты, каада-салты менен катар улуттук оюндар да өз кезегинде таасирдүүлүктү көргөзө алат. Мына ошондуктан биз келечектеги муундарга да сакталып кала тургандай салттуу оюндарыбызга көп көңүл бурушубуз керек. Антпесек жогорудагы аты аталган улуттук салттуу оюндарыбыздын көп бөлүгү бүгүнкү күнгө чейин сакталып калганы менен, ойнолбой да калган оюндардын катарына кирип калды.

Адабияттар

1. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). -Б., 2001.

2. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 4-том. -Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2014.

3. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы. – Б., 2010.

4. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. -Б., 1999.

УДК-63.5. З-34

Зарипбек кызы А.
ОГПИнин окутуучусу

КӨЧМӨН ЭЛДЕРДИН БАЛА ЧОҢОЙТУУДАГЫ КААДА-САЛТТАРЫ

ОБЫЧАЙИ И ТРАДИЦИИ КОЧЕВНИКОВ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

CUSTOMS AND TRADITIONS OF NOMADS IN THE UPBRINGING OF CHILDREN

Аннотация: *Макалада бала төрөлгөндөн чоңойгонго чейинки көчмөн элдердин каада-салттары, ырым-жырымдары жөнүндө кеңири маалымат «Манас» эпосу менен байланышып берилет жана бүгүнкү күндө да алардын бала тарбиялоодо мааниси жогору экендиги белгиленет.*

Түйүндүү сөздөр: *балалуу, бата, ата-эне, бешик, наристе, тушоо кесүү, үйбүлө, каада-салт*

Аннотация*:В статье широко описываются традиции, обычаи и поверья кочевых народов и взаимосвязь с эпосом "Манас" и их большое значение в современном воспитании детей.*

Ключевые слова: *с детьми, напутствие, родители, колыбель, дитя, перерезание пут, семья, обычаи-традиции In this article widely described traditions, customs and believes of the nomadic people and connection with Epic Manas and their great meaning in modern upbringing of children.*

Key words: *with children, parting wishes,parents, cradle, child, baby, cut the path, family, customs and traditions*

Көп балалуу болуу ар бир кыргыз үй-бүлөсүнүн тилеги болуп келген. Илгерки эркектерде малдуу гана бай болбостон, балалуу да бай болуш керек деген түшүнүк болгон. Ошондуктан элибизде “Балалуу үй –базар, баласыз үй- мазар” деген кеп бекеринен айтылбаса керек. Кыргыз үй-бүлөсү үчүн телегейи тегиз үй-бүлө деп көп балалуу үй-бүлөнү эсептешкен. Айрыкча эркек баласы жок адамдар өздөрүн бактысыз сезишип, кыз баласы болсо да “артымда туяк калбады, тукумумду уларым жок” деп зар какшап өтүшкөн. Ушундай түшүнүктө жашаган адамдардын көпчүлүгү ар кандай ырым-жырымдарды жасашкан.

Эл арасында болочок эне өзүн кандай алып жүрүү керек экендиги тууралуу бир катар кеңештер бар: оор басырыктуу болуу, албууттанбоо, тынч өмүр сүрүү, оор нерселерди көтөрбөө ж.б. “Манас” эпосу жана элдик оозеки чыгармаларда кош бойлуу аял өзүн кантип алып жүрүүсү боюнча кеп кеңештер жолугат. Болочок эне тынч жашап, турмуш түйшүктөрүнөн алыс болуш керек. Үй- бүлөдө эч ким майда маселелер боюнча анын тынчын албай, капа кылганга мүмкүн эмес. Кош бойлуу аял капа болууга мүмкүн эмес жана мыкты тамактанышы керек. Бардык үй-бүлө мүчөлөрү, туугандары болочок энеге ар тараптан колдоо көрсөтүп, анын аман-эсен көз жарышына, алты саны аман бала төрөлүшүнө шарт түзүп бериши керек.

Бүткүл кыргыз поэзиясынын туу чокусу, элдин сыймыгы болгон “Манас” эпосунда да балага таазим кылуу, аны алаканга салып бөпөлөө ачык эле берилген. Жакыптын уулу жок болгондуктан, ал өкүнүч менен “Бүт аалам кулашын каалаймын!”- деп айткан. Бекеринен кыргыздарда “Бала-үйдүн падышасы” деп айтылган эмес.[2;65-б]

Баланын жарык дүйнөгө келиши, үй-бүлөнү бакытка, кубанычка бөлөгөн. Көчмөн элдерде мурун эч кандай төрөт үйлөрү жок эле балдар боз үйлөрдө төрөлүшкөн. Жаңыдан төрөлгөн баланын киндигин кескен аял “киндик эне” деп аталган. Баланы колуна алып, ошол замат киндигин курч устара менен кесип, күйгүзүлгөн кийизди киндиктин кесилген жерине басышкан. Киндигин кескен эне балага жакшы каалоотилектерди, ак баталарды айткан. Манастын киндигин Канымжан аттуу аял кесет:

Бисмилла! Кайгы куулду,
Бөбөк-бакыт туулду.
Байлык нуру балбылдайт,

Кыз бекен же уулбу?
Кырк жылкысың кыз болсоң,
Урматыбыз уул болсоң.
Киндик энең мына мен
Оозантайын толгонсоң.
(интернет ресурстарынан)

Жаңы төрөлгөн баланы сары май менен оозантышкан. Анда ага акыл-эстүү, майлуу, сүттүү, ырыскешиктүү, ата-энесине, эли-жерине күйүмдүү болсун дешип жакшы тилектерди тилешкен. Эл арасында оозантуу учурунда төмөнкүдөй жакшы каалоо-тилектер айтылган:

Бисиммилахи-р -Рахмани-р-Рахим,
Оозуңа май салып турган умайым.
Алтын куйрук ашагын.
Алтымыш аша жашагын.
Жети куйрук ашагын.
Жетимиш аша жашагын.
Кызыл тилден таңдайлуу бол,
Ырыскыдан маңдайлуу бол! – деп ымыркайды сары май менен оозандырышкан. [3;438]

“Манас” эпосунда:

Сандык толо май деди,
Салган кошо бал деди.
Эки-үч карын май алып,
Эми оозуна сал деди.
Үч карын май алганы,
Үч кайтара салганы.
Үч карындын майларын,
Үч саатка койбой жалмады-деп Манасты үч карын май менен оозандырышкан. [6;61-б]

Көчмөн элдерде баатыр болуучу балдарды гана эмес, жаңы төрөлгөн наристелердин барын сары май менен оозандыруу салты бүгүнкү күндө да кеңири колдонулуп журөт. Балага айыл аксакалы же молдо азан чакырып, ат койгон. Элибизде адамдын аты анын келечегин, тагдырын айкындайт деп айтылат. Бирок кыргыздар балага ат койгондо көзүнө эң биринчи эмне көрүнсө ошону коюп коюшкан. Кийинчерээк жакшы тилек, жакшы үмүт менен уккулуктуу ысымдарды тандоого көбүрөөк басым жасашкан. Ат коюу азаны жөн эле айтылбастан ыр түрүндө болгон:

Аллоху акбар, Аллоху акбар!
Алпейим дайым сактаар.
Теңирим адам берди,
Ааламга адам келди.
Айыл, калаа сүйүнчү!
Арыштар кадам келди.
Азан айтып атын коем.
Теңир берген затын коем.
Ким дейбиз атын?
Көрүнчү бачым!...
Апакей отун келди!
Эмесе атын коем:
Отун алып баксын элди!
Аты болсун Отунчу!
Калк сабына кошулчу!

Азан чакырып ат койгон адам жөн эле баланын атын коюп койбой, айланага жар салып, бата берген. [3; 441-б]

Манас эпосунда ат коюу элестүү сүрөттөлөт:

Берген болсоң уруксат,
Мен коеюн атын,-деп
Дубана сүйлөп калганы
-Ат коюнуз акыр,- деп
Адамдын баары чуу этти.
Аты болсун Манас деп,
Алла Таала сактасын
Ар балаадан калас деп,
Бата кылды баарысы,
Жашы менен карысы. [6; 87-б]

Байкаганыныздардай азан чакырып, ат коюлгандан соң, төрөлгөн балага жентек той берилет. Жентекбул жарык дүйнөгө келген наристеге кубанышып, ата-энесине жакын санаалаштары, тууган-уруктары, жоро-жолдоштору мал, кийим, тамак-аш алып келишет. Жентектеп келгендер баланы көрүп, көрүндүк беришет. Жентек үчүн атайын карынга май сакталып, балага жана тойго келгендерге ооз тийгизилет. “Манас” эпосунда Манас төрөлгөндө көп меймандар чакырылып, чоң той берилет. Тойдо кыргыз элинин улуттук оюндары уюштурулуп, байге сайылып, малдар союлуп, элдин эсинде калат:

Баш байгеге саярым
Беш жүз кызыл нарым бар,
Эки төөгө жүктөгөн
Эмдей алтын зарым бар.
Беш жүз жылкы, бир миң кой
Баш байгеде дагы бар. [3; 443-б]

Баланы төрөлгөнүнө он күнчө болуп калганда бешикке бөлөшөт. Муну “бешик той” деп аташат. Айылдын кадырман ак байбичелери бешикти арча менен аластап, шимекти майлап,жакшы тилектерди айтышып, чүкөлөрдү, балка, балта баштаган буюмдарды бешиктин ичине салып, “Оңбу? Солбу?” деген суроолорду кайра-кайра беришип, айланасында олтургандар “ оң, оң” деген жоопторду айтышкан.Бул жоопторнаристенин келечеги кең, жолу ачык болсун ал эми, балта,чот кетмен сыяктуу буюмдардын салынышы бала чоңойгондо эмгекти сүйгөн адам болсун деген маанини түшүндүргөн.Баланы бешикке салышып:

Алдей, алдей кулунум,
Ай заманда туулдуң.
Шекер кошкон буламык,
Сары майга жуурудум.
Өөбай балам, Төлөгөн
Энең сени төрөгөн
Эмгекчи уулу болот деп,
Ак бешикке бөлөгөн- аялдар бешик ырын мукамдуу, жагымдуу үн менен ырдашкан.[2;12-б]

Наристеге кырк күн болгондо кыркылыгын чыгарышат. Кыркын чыгарганда “карын чачын” таякелери алып, аны катып коюшкан. Чач алган адам балага мал энчилейт. Баланы туз кошулган кырк кашык сууга тилек айтышып жуундурушкан. Туз кошкондун себеби, денеси чың болсун деген. Бул көрүнүш көчмөн элдеринде кеңири тараган. Ымыркайды киринтип жатканда:

Кырк атаңдын жөрөлгөсү,
Ата-энеңдин өбөлгөсү.
Кырк уруу кыргыз ичкен суу,
Кырк атабыз кечкен суу.
Кырк ашууну ашкан суу,
Кырк томолонуп келген суу.
Кыр, таштарды кырккан суу,
Кызыр атам таткан суу,

Суудай таза бол!
Нурдай сулуу бол!

“Бала периште болот”, баланын айтканы келет, баланын оозунда жакшы тилектерди билдиришкен. [3; 448-б]

Баланын улам жаңы умтулууларына, аракеттерине карап, ата-эненин ички сезимдери ойгонуп, жүрөктөрү элжиреп: “Сал билек”, “Тай бөбөк”, “Каз-каз” ырларын жакшы тилекте ырдап жүрүшөт.

Бөбөк каз-каз туруп алгачкы кадамдарын жасай баштаганда “тушоосун кесишкен”. Элибиздин эски түшүнүктөрү боюнча баланы бастырбай кармап турган нерсе бар аны кыйыш керек деп ойлошкон. Баланын “тушоо кесүү” тою да ата-эненин, туугандардын, достордун жана жаш балдардын курчоосунда өткөрүлөт. Баланын бутуна ала жипти байлап туруп, алыс жактан жаш балдарды жана чоң кишилерди баланы көздөй чуркатышат. Ким биринчи келсе ошол адам баланын бутуна байланган ала жипти кайчы, бычак менен кесип, жетелейт. Бул жарыштын негизги максаты- сыйкырдуу жол менен бала тезирээк басып кетсин деп үйрөтүү болгон. Биринчи келген адамдар баалуу белектер менен сыйланышып, жалпы келген элге таттуулар таркатылат.

Бул күнү балага жаңы кийим кийгизилет: “Көйнөгүң морт болсун, жаның бек болсун”, “Кийимиң эрте эле жыртылсын”. Ырымдын кыскача ыры төмөнкүчө:

Итке жабуу, битке жабуу,
Кийимиң күзгө жетсин,
Өмүрүң жүзгө жетсин! [3; 450-б]

Баланын тушоосу кесилген соң:

Кесилди балам, тушооң,
Жалтактабай аяк бас.
Бийик болуп учарың,
Аскарларга канатташ.
Душманың казган оруна,
Түшүп кетпей анык бас.

Оомийин! -деп тууштуу болуусун, ылдам басып кетүүсүн тилеген ак тилектер менен бата беришкен.

Эркек баланы сүннөткө отургузуу, мусулман кылуу же болбосо кол адалдатуу бул - ата-эне үчүн милдет болуп эсептелген жана өтө жоопкерчилик менен карашкан. Сүннөткө так жашта, башкача айтканда 3,5,7 жаштарда отургузулган. Сүннөткө отургузганды билген устат кишини ыраазы кылып туруп кестирип, кан чыккан жерге көк чүпүрөктү күйгүзүп басышкан. Сүннөткө отургузганда да балага өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша элден бата алып, той беришкен:

Бисиммилахи-р -Рахмани-р-Рахим,
Мусулман болдуң карагын,
Кана бери карагын:
Чырагын жагар уулсуң,
Ата менен апаңын.
Тоодой болсун талабың,
Муратыңа жете бер,
Күндөн-күнгө өсө бер.
Узак болуп өмүрүң,
Өмүрүңдүн түйүнүн,
Өзүң билип чече бер. [2; 47-б]

Оомийин ! - деп тойго келгендер бата беришкен.

Бала төрөлгөнүнөн баштап, там-туң басып чоңоюшу, эрезеге жетип, аман-эсен өсүп-жетилсе, ата-эне үчүн эң чоң бакыт эмеспи. Бала үчүң ата-энеден ашкан мээримдүү инсан жок. Айрыкча эненин мээриминдей мээримди эч нерсеге салыштырууга жана алмаштырууга мүмкүн эмес. Баланын баё сезиминен жашоодогу тазалыкты, аруулукту, боорукерликти көрүүгө болот. “Балдардын убайын көр” деп элибизде бекеринен айтылбаса керек. Атадан калган туяктын эң негизги милдети, анын жарык дүйнөдө татыктуу өмүр сүрүп, укум-тукумду улоосу болуп эсептелет.

Тарбия маселеси дайыма актуалдуу, анткени ал адамга, анын келечегине багышталган, ал адамды ойлонтот, өзүн сырттан каратат, себеби өз кемчиликтери жана жаңылыштыктары балдарга өтүп кетпесин деп тынчсызданышат.

Балдарды тарбиялоо салттары миңдеген жылдардан бери сакталып келе жатат.

Адабияттар

1. Апышев Б. Педагогика. -Ош, 1996.
2. Каада-салттар.Ак баталар. Эл адабият сериясы. 29-том. -Б., 2003.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы 1-том. -Б., 2004.
4. Максутов Т. Мырсабеков А. Улуттук педагогиканын негиздери. -Ош, 1996.
5. Максутов Т. Байымбетов М. “Манас” эпосу элдик тарбиянын кенчи. -Б., 1999.
6. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Манас 1-китеп.

УДК: 811.581:811.161.1

Алтымышова Ж. Ж.,
преподаватель
БГУ им. К. Карасаева,
e-mail: jaltymyshova@bhu.kg

ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨН ОЮНДАРЫНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

ВЛИЯНИЕ ВСЕМИРНЫХ ИГР КОЧЕВНИКОВ НА КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК

INFLUENCE OF THE WORLD NOMADIC GAMES IN THE KYRGYZ LANGUAGE

Аннотация*: Кыргызстанда быйыл 3-жолу өтүп жаткан Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндары Кыргызстанды дүйнөгө таанытып, көчмөн калктардын башында турган руху күчтүү, көз карандысыз, ажайып жерде жашаган кубаттуу өлкөлөрдүн бири экендигин жайылткандан, туризмдин өнүгүшүнө салым кошкондон башка дагы кыргыздардын байыркы тил түркүмүнө кирген кыргыз тилине кандай таасирин тийгизет? Бул макалада ушуга жооп издеп көрөлү.*

Түйүндүү сөздөр: *кыргыз тили, абдан, дүйнөлүк көчмөн оюндары, тарых, уюштуруу .*

Аннотация*: Благодаря проходящему в 3 раз Всемирных Игр Кочевников, всему миру стал известен Кыргызстан, а также независимые и сильные духом кочевники, живущие в одном из прекрасных мест. Кочевники, кроме помощи развития туризма государству какое влияние имеют в истории древнего языка кыргызов? Пощем ответ на этот вопрос в этой статье.*

Ключевые слова*: кыргызский язык, Всемирные Игры Кочевников, история, организовывать.*

Аннотация*: Seeing to the World Nomad Games, which is held 3 times, Kyrgyzstan became known to the whole world, independent and strong in spirit nomads. The nomads living in one of the most beautiful places, except for the development of tourism to the state, what influence does the history of the ancient language of the Kyrgyz have? Lets look at the answer to this question in this article.*

Key words: *Kyrgyz, very, World Nomad Games, history, organize.*

Оюндун тарыхынан...

Адегенде оюндун тарыхынан баштасак, 2012-жылы Түрк Кеңешинин саммитинде Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев жана ошол кездеги Кеңештин баш катчысы болуп турган коомдук ишмер Адахан Мадумаров тарабынан ушул демилге көтөрүлүп, түбү түрк , көчмөн элдердин көбү бул демилгени жактырышкан. Ошону менен чечим кабыл алынып, алгач 2014-жылы тарыхта биринчи ирет Кыргызстанда Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндары өткөрүлгөн. Бул оюнга АКШнын түпкү индец улутунтагы калктын өкүлдөрүнөн тартып, Индия, Арабия, Кытай, Түркия, Непал, Болгария, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Азербайжан, Армения, Чеченстан, Орусия, Румыния, Сербия сыяктуу баш аягы 20дан ашык өлкөдөн катышуучулар келип, байыркы көчмөн калктардын кан-жанына сиңген спорттук оюндарга катышып, байге талашышты. Бул ири масштабдагы окуяны "Евронюсь", "Аль-Жазира", "CNN", "BBC" сыяктуу дүйнөлүк теле каналдар чагылдырып, дүйнө эли Кыргызстанды байыркы көчмөн элдердин башаты катары тааныштыы. [1, 9б.]

Ал эми экинчи жолу 2016-жылы Экинчи Дүйнөлүк Көчмөн Оюндары кайрадан Кыргызстанда уланышы мурдагыдан да абдан масштабдуу, орошон окуялар менен коштолуп, бул ири спорттук мелдеш кыргыздарга

таандык болуп кала берди. Экинчи оюндун өзгөчөлүгү спорттук, улуттук оюндар менен бирге эле дүйнөдөгү көчмөн элдердин көөнө тарыхы, алардын башка отурукташкан калктардан өзгөчөлүгү, каада-салты менен маданияты, дүйнө таанымы тууралуу илимий иликтөөлөргө басым жасалды. Айталы, Бишкекте башталып, Чолпон-Ата шаарында уланган "Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары – тарыхый мурастар жана келечек" деген аталышта биринчи илимий, практикалык конференция өткөрүлүп, ага ар кайсы мамлекеттерден келген 60 илимпоз, изилдөөчүлөр катышышкан. Конференциянын негизги нугу Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары-2016 жыйынтыгы тууралу багытталып, анын ичиндеги социалдык мааниси, көчмөн элдеринин тарыхый-маданий балуулугу болду. Мындан тышкары этноспорт жана элдик оюндардын аспектиси, салттуу дене тарбияны менен этноспорттун профессионалдуу спортчуларды даярдоодогу орду тууралуу талкуулар өттү. Демек, бул ири маданий-спорттук иш чара Кыргызстандын гана эмес дүйнөдөгү түпкү теги көчмөн ондогон мамлекеттердин да маданий учугун улоочу мааниси терең иш-чарага айланып калды десек болот.

Ал эми быйылкы 2018-жылы Үчүнчү Дүйнөлүк Көчмөн Оюндарына даярдыктарга келсек, бул ирээт да маданий-илимий ачылыштарга, жыйындар менен конференцияларга азыртадан даярдыктар күч. Дүйнөдөгү көчмөндөр тарыхын, маданиятын, динин иликтеген белгилүү этнограв, тарыхчы, тилчи, социолог, философдор Кыргызстанга чогулуп ири илимий ачылыштарды баян кылаары күтүлүүдө. Ал эми спорттук оюндар мурдагыдан да кеңейип, кыргыздын Манастан берки ойнолуп келе жаткан эр сайыш оюнуна чейин программага киргизилгенин айта кетүүбүз абзел.

Кыргыз тилине тийгизген таасири

Дүйнөдөгү эң популярдуу спорттук мелдеш бул-Олимпиадалык оюндар экени талашсыз. Анын тарыхы тээ байыркы Грецияга барып такалып, дүйнө эли Олимпиада дегенде гректерди, гректер дегенде Олимпиаданы түшүнүп келет. [2, 46б.]

Ошол сыңары эле Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарынын Кыргызстанда катары менен үчүнчү жолу өтүшү да Кыргызстанга, кыргыз эли менен кыргыз тилине өз таасирин тийгизбей койбойт.

Айталы, бул үлкөн оюнга катышуу үчүн жыл сайын Кыргызстанда дүйнөнү 20дан ашык өлкөсүнөнө катышуучулар, 50дөн ашык өлкөсүнөн көрүүчүлөр келүүдө. 2016-жылкы өткөн Көчмөндөр Оюндарынын ачылышын дүйнөлүк теле каналдар аркылуу 800 млн. адам көргөнү боюнча статистикалык маалымат бар. Мына ушунун өзү эле кыргыз тилинин кеңири жайылышына, башка улуттардын бул керемет тилге кызыгуусуна алып келээри турган иш. Анткени, оюн эрежелерге ылайык, расмий салтанаттарда кыргыз итил менен катар орус, англис тилдеринде коштолгону менен негизги оюндун колдонулуучу тили бул-нукура кыргыз тили болуп кала берет. Анткени, Кыргызстандын босогосун аттагандан тартып эле айдоочулар, коштоочулар, тамактандыруучу жайлар, тейлөөчү кызматчылар, анан келип керемет Ысык-Көлдүн калкы, оюнга катышкан көрүүчүлөрдүн дээрлдик 60-70 пайызы кыргыз улутунан болгондуктан, келген мейманлар каалайбы, каалабайбы кыргыз тилин тыңшап, кыргыз тилин түшүнүүгө аракет кылып, көз жоосун алган керемет кол өнөрчүлүгү бар, пейили кенен, тулку бойду кызыткан спорттук оюндары, тамшанткан тамак-ашы бар кыргыз эли менен баарлашкысы келээри турмуштук факты.

Сөз кылсак, Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын алкагында, жыл сайын Кырчын жайлоосунда кыргыз элинин этнографиясы, каада-салты, фольклордук казынасы, заттык жана заттык эмес маданиятынын көөнөргүс байлыгы даңазаланган өзгөчө шаан-шөкөттүү маданий иш-чаралар өткөрүлүп жатат. Кадимки Манастагы Көкөтөйдүн ашын элестеткен, керемет жайлоодогу жумурткадай аппак боз үйлөр, жасалгалуу аянттар, андагы бир жума бою уланган театрлаштырылган чыгармалар, драмалар менен оюн-зооктор мунун баардыгы кыргыз тилинде болуп, тилдин байышына, көөнө сөздөрдүн күнүмдүк турмушка жуурулушуп, азыркы жаш муунга пропаганда болушу кыргыз тилинин өнүгүшүнө өз таасирин тийгизээри бышык.

Оюндарга ширетилген дал ушул кошумча компонент менен кыргыз эли бир кезде "Манас" дастанындагы Көкөтөйдүн ашында даңазаланган мыкты сапатты – тарыхый коңшуларды этностук тегине, динине, тилине, маданий жана башка айырмачылыктарына карабастан бир ынтымакка чакыруу, тынчтыкты, достукту, дурус коңшулукту чыңдаган элдик оюндарды уюштуруу үчүн зарыл болгон айкөлдүк жана данакерлик сапатын, - дагы бир ирет тастыктап, негизги байланыш бул тил экенин аныктайт.

"Көчмөндөр Ааламы" аталган маданий оюнзоок программасында жергиликтүү таланттар жана улуттар Ассамблеясынын ырчы, бийчилеринин коштоосунда өткөрүлүүчү кечки концерттер: улуттук аспаптардын үндөрү жаңырып, этнохиттер, этнобийлер элди эргүүгө салып, тилдердин жакындашына, байыркы түпкү тегибиздин жакындыгына алып келгенин окумуштуулар азыркыга чейин айтып келишет. [3, 21б.] Ошону менен бирге эле кол өнөрчүлөрдүн көргөзмөсүндө элдерге тери, кийиз, булгаары жана жыгачтан жасалган сувенир, буюмдарын көрүүгө мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Зергерлердин күмүш, алтын, колодон жасаган буюмдары да атайын чатырчаларда коюлуп элдерди көз жоосун алып, көчмөндөр дүйнөсүнө ала качат.

Көрармандан бул оюндарда көчмөн элинин дастарконунан даам татып, "Даам татуу" конкурсунун өтүшүнө күбө болушту. Кимдер гана байыркы көчмөн элинин нукура, таза, азыктары пайдаланып булактын же шар аккан суу менен жасалган даамдан татксысы келбесин. Коломтодо жагылган оттун жалынын көк сары түскө бойоп келген отундун, тезектин жыты элетке элди ээрчитип, мындай экологиялык таза азыктар көздөн учкан дүйнө элдери, европалыктар менен арабдар кыргыз тилин үйрөнүп, кыргыздын бир тээ тоо арасындагы айылдарында эле жашап калгысы келгендиктерин жашырышкан эмес.

Ак таңдай акындар кыргыздын бай тилин дагы бир жолу баян этип, айтыш конкурстары кызып, , Манасчыларыбыз күпүлдөп, кирген суудай толкуп-ташып Манас айтса, миңдеген комузчулар Чолпон-Атадагы ат майданда "Машботойду" бир ыргак менен чертип, жүздөгөн мамлекеттердин калкын кулагына тургузду.

Жыйынтыктап айтканда, мына ушунун баары байыртан келе жаткан, Дүйнөдөгү көлөмү жана көркөмдүгү менен эч бир теңдешсиз "Манас" эпосун оозеки көкүрөгүнө сактап келген улуу кыргыз элинин бар экенин, ал элдин аз сандуулугуна карабай бай кыргыз тили дүйнөдө орун-очок алып, көчмөндөрдүн башын кошуп турган улуу тил экенин азыркы өнүккөн технологиянын кылымында дүйнөгө дагы бир жолу даңаза кылып, тилдин өнүгүп-өсүшүнө өбөлгө түзгөн факторго айланып калды десек болот. Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндары-Кыргыздын дөөлөтү катары саналат. Анын кыргыз тилин жайылтууга болгон мааниси абдан зор.

Адабияттар

1. Акибаев А. Развитие национальных видов спорта в формате Всемирных игр кочевников // Состояние и перспективы развития национальных видов спорта: мат-лы Респ. науч. конференции. Б., 2010. С. 9-11.

2. Итоги II Всемирных игр кочевников: отчет Секретариата ВИК. Б., 2016. 46 с.

3. Мамбеталиев К. У. Национальная физическая культура: формирование, современное состояние и перспективы развития // Мамбеталиев К. У. Очерки по теории физической культуры. Б.: Нурас, 2010. С. 21-29.

4. Монголия, национальный праздник Наадам [Электронный ресурс]. URL: http://travelinca.ru/mongolia-naadam/ (дата обращения: 06.09.2017).

УДК:1:39:94(575.2)

Сатыбалдиева К.К
преподаватель
БГУ им. К.Карасаева

ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТИ КЫРГЫЗА В СПЕЦИФИЧЕСКИХ УСЛОВИЯХ ЕГО ЖИЗНИ

КЫРГЫЗ ИНСАНДЫГЫН ӨЗГӨЧӨ ШАРТТАГЫ АНЫН ЖАШООСУНДА КАЛЫПТАНДЫРУУ

FORMATION OF THE PERSONALITY OF THE KYRGYZ IN THE SPECIFIC CONDITIONS OF HIS LIFE

Аннотация; *Статья посвящена к философскому осмыслению образа жизни кыргызов, одного из древнейших народов Средней Азии, а также вопросам формирования личности кыргыза. К исследованию истории, самобытной культуры кыргызского народа в разное время обращались многие ученые, но, до настоящего времени этническая история, история материальной и духовной культуры кыргызского народа недостаточно изучены с точки зрения философии. В данной статье мною были использованы труды академика В.В.Бартольда, С.М.Абрамзона, В.Радлова и др.*

Ключевые слова: *кочевой образ жизни, личность, культура.*

Аннотация: *Макала Кыргызстандын жашоо бейнеси боюнча философиялык ой жүгүртүүгө арналган, Борбордук Азиядагы байыркы элдердин бири катары, ошондой эле кыргыз инсандыгын калыптандыруу маселелери каралат. Тарыхын изилдөөгө, кыргыз элинин түп маданиятын изилдөөгө көптөгөн илимпоздор ар кандай убакта кайрылып, бирок, ушуга чейин этникалык тарыхын, ошондой эле кыргыз элинин материалдык жана руханий маданиятынын тарыхын философиялык көз карашта толук изилдене элек. Бул макалада академик В.В.Бартольддун, С.М. Абрамзондун, В.Радловдун жана башкалардын эмгектери колдонулду.*

Түйүндүү сөздөр: *көчмөн жашоо бейнеси, инсан, маданият.*

Abstract: *The article is devoted to the philosophical comprehension of the way of life of Kyrgyz, one of the most ancient peoples of Central Asia, as well as the formation of the personality of the Kyrgyz. Many scholars have addressed the study of the history, original culture of the Kyrgyz people at different times, but, up to now, ethnic history, the history of the material and spiritual culture of the Kyrgyz people have not been sufficiently studied from the point of view of philosophy. In this article I have used the works of Academician V.Bartold, S.M. Abramzon, V. Radlov and others.*

Key words*: nomadic way of life, personality, culture.*

У каждого народа на земном шаре, каким бы ни был - большим или малым, - есть своя история, уходящая в глубь далеких веков. Исторические факты, сохранившиеся либо в легендах, написанные или передающиеся из уст в уста, все сведения, дошедшие до нас как наше прошлое, является ключом для понимания современного бытия народа.

Без краткого рассмотрения феномена образ жизни будет не полным и неубедительным. Скачок, который произошел в истории кыргызского народа во всем образе его жизни. Кочевой быт - явление, образ жизни, относящееся к историческому развитию племен, народов и человечества.

Человечество, населявшее Евразийский континент, развивалось по двум направлениям: сложились группы охотников за крупными травоядными и группы собирателей, из которых формировались примитивные земледельцы. [6, 44-52]

Сокращение численности крупного копытного скота лишало первоначально преобладавшие охотничьи племена преимущества, а развитие примитивного земледелия создало достаток продуктов, позволивший бывшим собирателям начать приручение травоядных.[6, 44-52]

Низкий уровень техники земледелия имел своим прямым последствием уничтожение дернового покрова вокруг поселений, которое привело вытаптывание и уничтожение кустарников и деревьев стадами домашнего скота, которое привело к опустыниванию земель. Вышеперечисленные положение населения привело в дальнейшем к развитию кочевого скотоводства по исследованию Л.Н Гумилева. Путем перегона скота из стравленных и развеянных участков на нестравленные и неразвеянные участки степи.

Как мы знаем кочевые кыргызы веровали доисламскую религию - тенгрианство, обожествлявшее небо, как создателя всего. И относились бережливо дару небо, старались жить в гармонии с природой и почитали его. Процесс кочевания происходил тогда, когда необходимо было дать земле восстановить свой дерновой покров, свои дары, понимая, что нельзя полностью истощать землю. Древние кыргызы с почтением относились к природе доказательством служат народные пословицы [9], называли землю - Жер эне (мать-земля), Бугу эне (мать Оленица) и т.д.И по сей день в сознании кыргызского народа сохранились понятия о покровителях.

Процесс формирования социально-этнической общности сложен и длится тысячелетия. Известный востоковед Л.Н.Гумилев образно заметил, что: «Нет, не было и не могло быть этноса, происходящего от одного предка. Все этносы имеют двух и более предков, как все люди имеют отца и мать».[6]

Если посмотреть с высоты сегодняшней науки, в регионе Центральной Азии, где в основном формировался и скапливался массив тюркоязычных племен, царила напряженная геополитическая ситуация. Явно проявляются две противоположные социально-политические тенденции: с одной стороны, в условиях сурового климата и географического ландшафта, имеющего обширные зоны пустынь и полупустынь со скудной растительностью, а с другой стороны, вследствие все возрастающего противостояния и напора их друг против друга, наиболее приемлемым путем выживания становится либо интеграция или дезинтеграция. Возможен и другой вариант присоединение к какой-либо мощной этнополитической конфедерации, стремящейся стать имперской державой, либо раздробление на более мелкие родоплеменные образования, но способные существовать самостоятельно.

Известно, что кочевники подозрительно относились к попыткам создания единого государства, в том числе и кыргызы. Они связывали его с неизбежным усилением какого-то одного рода или племени, представители которого возглавят единое государство, установят свой диктат в ущерб другим родам и племенам. По этой причине кочевые племена предпочитали формирование более гибкой структуры-союза племен, создаваемого на паритетных началах и с абсолютной внутренней автономией. Как, например, союз племен Сагы-Багышей под руководством Ормона Ниязбека уулу, союз племен Бугу под руководством Боромбая Менмурата уулу, возлавили единое государство враждующих между собой. Данная особенность развития кыргызского общества также повлияло на формирование мировоззрения кыргызов на сегодня.

Культура в какой форме она не была необходима для мира, для создания отношения между племенами, народностями, мы всегда взаимосвязаны во многих темах, проблемах, изменения климата, ресурсы, трагедии, когда людям приходиться переселиться из одной местности в другую.

Как известно, государственная власть у кыргызов формируется в довольно мощную систему, так называемый «Кыргызский каганат», по образному определению В.В.Бартольда упоминающейся еще как «Кыргызское великодержавие».[2] Возникновение этой первоначальной государственности имело огромное цивилизирующее значение в развитии кыргызского общества и народа.

Стихия кочевого общества, определяла характер хаотических, беспорядочных действий родоплеменных структур, в целом составлявших неуправляемый этнический организм. Этот организм подчинялся произволу случайных побуждений и страстей. Но он постепенно и неуклонно сменяется упорядоченной деятельностью четко взаимодействующих между собой подразделений, теперь уже единого народа, возглавляемого государем и вождем. Единство, борьба за независимость становятся принципом жизни народа.

Проблемы происхождения и переселения на современную территорию Кыргызстана кыргызского народа до сих пор вызывают жаркие споры среди ученых, в особенности историков. Исследуя эту проблему С.М.Абрамзон пишет: «…киргизская народность сложилась в результате тесных этнических взаимосвязей местного и пришлого населения…». [1, 30]

Итак, подытоживая краткую историю кыргызского кочевого народа, можно согласиться со следующим тезисом: «процесс формирования племен, образовавших киргизскую народность, протекал в течении длительного времени на огромной территории».[1, там же] Формирование этноса кыргызов непосредственно связано и с их общественным устройством. Постоянные потрясения, опусошительные взаимные набеги приводили крайне медленной эволюции в производственных отношениях. Но, несмотря на это к 19 веку производственным отношениям, которые господствовали в кыргызском обществе были присущи все характерные черты патриархально-феодальных отношений. Наименьшее значение для формирования личности кыргыза, имела и характеристика социальной структуры кыргызского общества до Великой Октябрьской социалистической революции.

Главным средством производства у кочевых народов была земля, а именно – пастбища. В современное время в целях экономического развития страны больше приоритета отводится к развитию сельского-хозяйства, которое является одним из основных производством страны. Но, к сожалению, для осуществления данных целей существует различные проблемы.

Ареал обитания имеет прямо-таки судьбоносное значение для формирования источника выживания людей. Основой жизненного уклада кыргызских ко-

чевых племен было, как уже подчеркивалось в основном скотоводство, стремились, во чтобы-то ни стало расширять и охранять свой ареала обитания. Именно из-за этого шли беспощадные внешние и междоусобные войны среди кочевых племен и стремительные неожиданные миграции этносов на ранее чужие территории. Кочевые этносы могли приспособиться к жесточайшим условиям, диктуемым сложившейся геополитической ситуации, лишь приспосабливаясь к такой вынужденной мере как постоянной готовности вести оборонительные и наступательные действия. Но также кыргызы как вышесказанно не могло не повлиять на формирование мировоззрения общества.

Как мы знаем, люди есть продукт исторически меняющихся социальных условий и обстоятельств и изменяются с изменением последних. Именно с этих позиций мы должны рассматривать жизнедеятельность индивида кочевого общества. Однако мы не можем отрицать и биологическую основу человека. Считаем, что она «присутствует» у человека, но не в «чистом» виде, а социализируется.

Слово личность происходит от латинского «persona». Первоначально это слово обозначало маски, которые надевали актеры во время театрального представления в древнегреческой драме. Раб не рассматривался как персона, для этого надо было быть свободным человеком. Выражение «потерять лицо», которое есть во многих языках, означает утрату своего места и статуса в определенной социальной иерархии. Данное выражение занимает огромное место в кыргызском обществе. Если в обществе кто-то совершит постыдное дело, то представители данного общество наказывали их очень жестоко и выгоняли прочь из племени, дабы они потеряли лицо. Так как, за неправильные поступки отдельного человека, нес позор весь род. В представлении кыргызов принадлежность индивида к родоплеменной группе не только необходимость, но и важное условие его существования. Поэтому в кыргызском менталитете люди бояться «потерять лицо», стараются правильно вести себя в социуме.

К сожалению, полностью изучить философские и исторические проблемы кыргызов невозможно, в связи с тем, что, была утрачена письменные источники на основе рунических записи, так и названная крупнейшими лингвистами «древнекыргызская письменность». Из сохранившихся китайский источников мы знаем, что, общенациональной чертой кыргызского менталитета является храбрость, развивавшаяся на протяжении многих сотен лет, отразившийся в эпосе «Манас».

Если обратиться исследованию высших ценностей в личностном аспекте по материалам эпоса «Манас», Ш.Б.Акмолдоевой, то она справедливо относит к личным достоинствам древнего кыргыза:[3]

Здоровье и долголетие как безусловное добро;

Трудолюбие как условие достатка;

Доблесть, долг, честь – основы достойной жизни;

Скромность и сдержанность как черта героя;

Мудрость как знание и верность слову.

Наряду с вышеперечисленными положительными качествами существует также отрицательное качество как бы нам не хотелось, это беспечное отношение ко времени, сформировавшего с кочевых времен. В сознании кочевого кыргыза не имело значение точность времени, ориентировавших от восхода и заката солнца. Как правило, образ жизни кочевых народов формирует ментальность народов.

Природные богатства, узкая однонаправленная хозяйственная специализация привили кыргызам определенную беспечность и черту довольствования малым, как говориться, данным богом существования.[8, 72] Кочевой образ жизни не всегда способствовал всестороннему развитию личности в современном его понимании.

«Патриотизм и единство, возрожденное чувство национального достоинства должны стать определяющим компонентом менталитета кыргызов».[8, там же]– в этом убеждены наши ученые-исследователи современного Кыргызстана. С этими мыслями невозможно не согласиться. Многочисленные попытки возродить патриотизм «вдохнуть» в чувство современное дыхание постепенно оправдают ожидание общества.

Литература

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. -Ф., 1990. 480 с.

2. .Бартольд В.В.. Киргизы. Исторический очерк. Соч.I-II. ч. I. М., 1963. с 474

3. Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир кыргыза. -Б., 1998.

4. Бартольд В.В. Киргизы//Сочинения.-Б., 1963, Т.2, часть 1.

5. Введение в философию.Фролов И.Т.и другие. Уч.для вузов. -М., 1989.

6. Гумилев Л.Н. Троецарствие в Китае. ФТМ, 1968, 637 с.

7. Гумилев Л.Н.. «Изменения климата и миграции кочевников», опубликовано в журнале "Природа", 1972, No 4, С. 44-52.

8. Койчуев Т., Брудный А. «Независимый Кыргызстан:третий путь». -Б.: Илим, 1993.

9. Народные пословицы: Суу кордогон кор болоор, суу зордогон зор болоор- кто воду не бережет, тот будет страдать, кто воду бережет, тот будет великим. «Чөптү кордосон, көзгө саят”- будешь мучать траву, глаз уколит и т.д.

УДК-63.5. Т-51

***Токторбаева А.Ч.**, ОГПИнин окутуучусу*

ӨЗ ЭЛИНИН ТАРЫХЫЙ МУРАСТАРЫН, МАДАНИЯТЫН, ЖАНА КААДА – САЛТЫН КАРМАНГАН ЭЛ ДАЙЫМА ЖАШАЙТ

НАРОД, СОХРАНЯЮЩИЙ ИСТОРИЧЕСКОЕ НАСЛЕДИЕ,КУЛЬТУРУ, ТРАДИЦИИ И ОБЫЧАИ СВОИХ ПРЕДКОВ, ЖИВЕТ ВЕЧНО

THEIR OWN HISTORICAL CUSTOMS, TRADITIONS AND CULTURE KEEPING PEOPLE WILL ALWAYS LIVE

Аннотация: *Бүгүнкү муундарыбыздын рухун жогору көтөрө турган, улуттук ар-намыс сезимин бийикте турган тарыхыбыз жана маданиятыбыз бар экендигин баяндоо.*

Түйүндүү сөздөр*: тарых, маданият, каада-салт, улут, үрп-адат, муундар, эне тил, адептүүлүк*

Аннотация: *В статье говорится о прославлении национальной истории и культуры, поднимающий дух подрастающего поколения ,честь и достоинство нации.*

Ключевые слова: *дух, история, культура, обычаи, нация, традиция, родной язык, нравственность.*

Abstract: *This article says about glorification of national history and culture, raising of spirits generation honour and dignity of nation.*

Key words: *history, culture, custom, tradition, nation, generation, national language, tolerance*

Мекенибиз Кыргызстан жайгашкан аймак – бүткүл дүйнөнүн чок ортосунан орун алып, адамзаттын тарыхый жашоосунда ар кандай цивлизациялардын толкундары тогошкон, маданий баалуулуктары ийкем айкалышкан, климаты мээлүүн, экологиялык жактан таза куттуу жай. Бул куттуу жайда кыргыз эли жашайт. Кыргыздар – өзүнүн дүйнө таанымы, философиясы, тарыхы, каада-салты, керемет тили, кайталангыс дөөлөт мурастары, таза дили, аруу жан дүйнөсү менен айырмаланган; адамгерчиликти, акыйкатты, калыстыкты, адептүүлүктү, абийирди, ар-намысты ыйык туткан; эзелтен жазуу маданиятына ээ, эркин коому, нарктуу демократиясы болгон; өзүнө гана таандык көчмөн цивлизациясын түзгөн жана духу күчтүү баатыр эл болгондугуна тарых күбө.

Акыркы жылдары коомчулугубузда байыркы мурастарыбызды иликтөө, кайрадан жандандыруу сыяктуу жакшы демилгелер колго алына баштады. Мисалы, «Манас» дастанынын ЮНЕСКОнун тизмесине алынышы, «Каражорго» бийинин таралышы, «Курманжан-Датка» фильминин тартылышы жана «Көчмөндөр оюнунун» өткөрүлүшү элибизге кандайдыр бир дем бергендей. Көтөрүп чыккан маданий баалуулуктарыбыздын бардыгы көчмөн турмушка байланыштуу.

Тарбия ишинин негизине алынып, мазмунун аныктай турган кенч - бул улуттук тарых. Кыргызстандын тарыхы – сыймыктана турган тарых. Манас атабыз, Барсбек, Тагайбий, Кубатбий, Жаныл Мырза, Курманбек баатыр, Эр Табылды, Эр Солтоной, Жайыл, Тайлак, Курманжан Датка, Искакхан, Алымбек Датка кийинкилерден Абдыкерим Сыдыков, Искак Раззаков ж.б. миңдеген баатырларыбыз - улуттук тарыхыбыздын мактанычы жана сыймыгы.

Кыргыз тилибиз - улутубуздун жүрөгү. Эне тилин жоготкон, унуткан адам - тирүүлүк, маңкурт, экономикалык макулук.

“Эне тилин билбеген элин сүйүп жарытпайт” (Байдылда). Демек эне тилибиз ар бир кыргызстандын атуулунун ар намысы, сыймыгы, жашоосунун маңызы, дүйнөгө көрсөтө турган улуттук паспорту (Э.Ибраев).

Эне тилге болгон терең урмат-сый жаш атуулдун ички рухий ыймандын патриоттук маданиятынын чен өлчөмү. Ошондой эле дүйнөлүк тилди үйрөнүү да өнүгүүбүздүн муктаждыгы.

Каада-салт – кандайдыр бир элдин турмуш тиричиликтеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары, эрежелери, ырым-жырым, адеп-ахлак, каада-жөрөлгө, жол-жоболордун жыйындысы. Кыргыздардын үрп-адаттары менен каада-салттары мазмуну боюнча бай жана этностук-маданий комплекс болуп саналат. Каада-салттарды жана үрп-адаттарды ар кандай ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр коштойт. Каада-салт адамдын өмүр мерчемин, социалдык мамилелерди, маданияттын материалдык объектилерин ж. б. өзүнө камтып, баланын төрөлүшү (сүйүнчү, көрүндүк, ат коюу, жентек, бешик той, тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу ж. б.), кыз берүү, келин алуу, бел куда, бешик куда, кудалашуу (тогуздап калың берүү, сөйкө салуу, күйөөлөө, жар көрүшүү, кыз оюн, кыз узатуу, келин көрүү, ника кыюу, өкүл ата, өкүл эне дайындоо, отко киргизүү, төркүлөтүү, сеп берүү ж. б.), сөөк коюу, эскерүү (кабар айтуу, кара кийүү, өкүрүү, конок алуу, сөөк жуу, кепиндөө, узатуу, сөөк коюу, мүчө таратуу, жыртыш берүү, кара аш, үчүлүк, жетилик, кыркылык, жылдык аш, жыт чыгаруу, куран окутуу ж. б.), (Нооруз тосуу, аластоо, Орозо айт, Курман айт өткөрүү ж. б.), көч, конок күтүү, тартуу берүү (эски журтта түлөө берүү, өрүлүктөө ж. б.), турак жай (үй көтөрүү, там салуу, үй тою ж. б.), күндөлүк жашоо-тиричилик (мал багуу, жер айдоо, түшүм алуу ж. б.), кийим-кечек (ак калпак, ичик, тон, топу, тебетей, шөкүлө, элечек, белдемчи, кемсел ж. б.), тамак-аш (айран, жуурат ж. б. сүт азыктары, бешбармак, жөргөм ж. б. эт азыктары, көжө, максым ж. б. дан азыктары, боорсок, көмөч ж. б. нан азыктары, кымыз, бозо ж. б. суусундук ичимдиктер) ж. б. байланыштуу бир нечеге бөлүнөт. Кыргыз элинин үрп-адаттары, каада-салттары жана материалдык маданияты анын улуттук этностук өзгөчөлүгүн аныктайт. Салт - муундан муунга, укумдан тукумга өтүп, узак мөөнөт бою сакталып келген социалдык жана маданий мурастын элементи. Ал сөзсүз кайталанат. Кайталанбаган жосун салт болуп эсептелбейт. Бирок, кайталангандын бардыгы эле салт эмес. Ал – каада. Каада заманга жараша салттын чегинде өзгөрүп турат. Алсак, учурашуу - бул салт эмес. Бирок, анын кандайдыр бир жөрөлгөлөр менен коштолгону, мисалы, кол алышып учурашуу, өбүшүп учурашуу, ийиндерин тийгизип учурашуу, кичүүнүн улууга озунуп салам айтышы ж.б. салт болуп саналат. Демек, ушул сыяктуу кандайдыр бир кубулуштун жөрөлгөлөр менен коштолуп кайталанышы улуттук каада-салттын көрөңгөсүн түзөт. Салттын жолу улук болот. Деги эле салттардын негизги милдеттеринин бири - жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, жоопкерчиликтүү болууга, ата-эне, эл-журт алдында милдетти сезе билүүгө, улууларды сыйлоого ж.б. жакшы сапаттарга тарбиялоо.

Элдик каада-салттар этностун, улуттун тубаса өзгөчөлүгүн, башка элден айырмачылыгын көргөзөт жана ошол өзгөчөлүктү сактап калууга жөндөмдүү жаңы муунду тарбиялоо анын негизги милдети болуп эсептелет. Дүйнөдө салтты колдонбогон эл жок.

Калкыбыздын уникалдуу боз үйү, түркүн сайма буюмдарына, ала кийиз, шырдака чөгөрүлгөн, түшүрүлгөн не бир керемет оюлар менен кыл көчөттөр – дүйнөдө сейрек кездешкен эстетикалык сулуулук.

Элдин байыртан өнүгүп келген керемет кол өнөрчүлүгү, материалдык маданияты, мындай өнөргө эгедер ата–бабаларыбыз менен жаш муундарыбыз сыймыктанууга акылуу. Кыскасы, биздин бүгүнкү муундарыбыздын рухун жогору көтөрө турган, көкүрөгүн сыймыкка бөлөп, улуттук ар намыс сезимин бийиктете турган даңктуу тарыхыбыз жана маданиятыбыз бар экендигин эч ким тана албайт.

Кыргыз тарыхынын бай жана баатырдык мазмуну-патриоттук тарбиянын соолбос булагы. Өзүнүн тарыхын ийне жибине чейин билип, аны жаш муундардын энчисине айландырып жаткан улут бактылуу улут (Махатма Ганди). Кыргыз элинин тарыхы менен бирге кыргызстанда жашап жаткан боордош элдердин тарыхы-жеткинчектерде, жаштарда тарыхый эс тутумду калыптандыруунун каражаты.

Дагы кайталасам каада-салт, үрп-адат элдин жаштарды ыймандуу, абийирдүү, адилет, акыл-эстүү, адамгерчиликтүү, кең пейил, эл алдында жоопкерчиликтүү болууга чакырыгы, эли-жерин коргоого үндөө, адамдар менен алака түзүп, маданияттуу болууга, тил табыша билүүгө үйрөтүү, улуулардан бата алып, аларды сыйлоо, өз кезегинде аларды дагы жаштарга таалим берүүгө үйрөтүү, башкача айтканда элдин жаштарга жол көрсөткүчү.

Ар бир эл өзүнүн салты, үрп адаты менен гана эмес, өздөрүнө тиешелүү болгон, (салттык) улуттук оюндары менен да айырмаланат. Ал эми кыргыз элинин улуттук оюндары болуп, ордо, тогуз коргоол, оромпой тебүү, дүмпүлдөк, акчөлмөк, селкинчек ж.б. ат оюндарынын түрү болуп эсептелинет. Атчабыш – улуттук спорттун түрү. Мелдештер, тегиз талаада, түз жолдо же туюм айлампада, (атмайданда) өткөрүлүп, күлүктөрдү атайын саяпкерлер таптап чабандеске чаптырат. Кызкуумай – оюну кыргыз элинин эң байыркы кызыктуу оюндарынын бири. Оюнда кыз тандаган атты минип, андан артканы гана жигитке тийген. Жигит кызга жетсе бетинен өпкөн, жетпей калса кыз атынын башын буруп камчы менен жигитти кайра кубалап келген. Кыз куумай азыр да элдик тойлордо, майрамдарда кеңири ойнотулат. Оодарыш, эңиш – улуттук ат спорту, ат үстүндөгү мелдештин бир түрү. Мелдештин максаты эки балбан бири-бирин ат үстүнөн оодарып, тартып же түртүп жерге түшүрүү. Улак тартыш, көк бөрү – кыргыз элинин улуттук оюну. Оюндун негизги максаты жерге ташталган улакты эңип алып, атаандаштарга тарттырбастан белгиленген марага алып келип таштоо. Аркан тартмай – оюнунда оюнчулар эки тарапка тен эки топко бөлүнөт. Ар бир топтун оюнчулары бир оюнчудан кийин аркандын бир жагынан, калган оюнчулар дагы бир оюнчудан кийин аркандын экинчи жагынан кармашат да, эки тарап арканды өз тарабына тартканга аракет кылышат. Аркан тартмай оюну ийилчээктикке, тырышчаактыкка жана биримдүүлүккөүйрөтөт.

Маданият - улуттун жүзү, анын тарыхы, тили жана руханий кенчи. Ата-бабаларыбыз миндеген жылдар өнөр дүйнөсүн аздектеп, муундан-муунга улуу эпосторду жана маданий мурастарды калтырган. Элдик оозеки чыгармачылык абдан өнүккөн. Мисалга алсак: Манас айтуу, айтыш дастанчылар ж. б.

Кыргыз эли байыртадан эле ыр-күүгө бай эл болгон. Кыргыздардын эң белгилүү аспабы – комуз. Комуз – кыргыз элинин байыртадан бери чертме кылдуу, үндүү аспабы. Ал өрүк, тал-терек, карагай, арча сыяктуу мөмөлүү жана мөмөсүз токой жыгачтарынан чабылган. Ошондой эле элдик аспаптарынын катарына кирген кыл кыяк жана темир ооз комуз дагы улуттук мурастардын бири болуп эсептелет.

Кыргыз элинин аш-тойлору, майрамдары акындарсыз өтчү эмес. Акындык өнөр кыргыз элинде өтө жогору бааланган. Натыйжада элдик оозеки чыгармачылыктын төкмөчүлүк өнөрү күчтүү өнүккөн. Төкмө акындар ой жүгүртүүсүнүн тездиги, баамчылдыгы, өзгөчө таланттуулугу менен айырмаланган. Элибиздин толуп жаткан оюн-зооктор менен катар акындарды айтыштыруу кеңири жайылтылган салт болгон. Эки ырчынын акындык дараметин салыштырып, бири-бирин жеңүү максаты менен ырдаган ырлары айтыш ырлары деп айтылган. XIX—XX кылымдардагы акындар: Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Жеңижок, Барпы Алыкулов, Осмонкул Бөлөбалаев, Калык Акиев ж.б.

Байыркы ата-бабаларыбыз адамдын дене тарбиясынын маанисин дагы өзгөчө белгилеген. ”Биринчи байлык - ден соолук”, “Дени сактын - руху сак” сыяктуу терең философиялуу учкул сөздөрдү бизге мурас калтырышкан. Кыргызстан өз элинин тарыхый мурастарына, маданиятына жана салт-санаасына терең таазим эткен өлкө. Ата-бабаларыбыздын улуу мурастарын жаштарга билим берүү жана тарбиялоо ишинде пайдалануу менен, байыркы салтты баалай билген жана аны өздөштүрүп, өркүндөтүп кийинки муундарга жеткире ала турган мыкты адистерди даярдоо азыркы учурдун эң негизги маселелердин бири.

Адабияттар

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. -Б., 1996.
2. // Кут билим 2013.
3. Мамлекеттик тил-таалим тарбиянын мазмундук пайдубалы(С. Байгазиев)
4. Апыш Б. Тарбия жараяны. -Б., 2008.
5. // Кыргыз туусу №70 6-сентябрь 2016.
6. Максутов Т. Мырсабеков А. Улуттук педагогиканын негиздери. -Ош, 1996.
7. Сейдалиев К. Элдик педагогиканын булактары. -Ош, 1998.

УДК 796: 394.3: 316.614

Ибрагимова Н.Э*. старший преподаватель*
КГУ им. И. Арабаева

РОЛЬ НАЦИОНАЛЬНЫХ ИГР И ФИЗИЧЕСКИХ УПРАЖНЕНИЙ В СОЦИАЛИЗАЦИИ МОЛОДЕЖИ

ЖАШТАРДЫ СОЦИАЛДАШТЫРУУДА ДЕНЕ-БОЙ КӨНҮГҮҮЛӨРҮНҮН ЖАНА УЛУТТУК ОЮНДАРЫНЫН РОЛУ

ROLE OF NATIONAL GAMES AND PHYSICAL EXERCISES IN THE SOCIALIZATION OF YOUTH

Аннотация: *Статья посвящена историческому развитию национальных игр и физических упражнений кыргызского народа. Раскрывается роль народных игр и развлечений кыргызского народа в социализации молодого поколения, в становлении личности молодежи, показана тесная связь народных игр с хозяйственной деятельностью населения.*

Ключевые слова: *Кыргызские национальные игры, физические упражнения, социализация, спорт.*

Аннотация: *Макала кыргыз элинин улуттук оюндарына жана дене-бой көнүгүүлөрүнө арналган. Кыргыз элинин элдик оюндарынын жана көңүл ачууларынын жаш муундарды социалдаштыруудагы жаштардын личность катары калып алышындагы ролун ачып берет, элдик оюндардын калктын чарбачылык ишмердиги менен тыгыз байланышын көрсөтөт.*

Түйүндүү сөздөр *: Кыргыз улуттук оюндары, көнүгүү, социалдашуу, спорт*

Abstract: *the Article is devoted to the historical development of national games and physical exercises of the Kyrgyz people. The role of national games and entertainments of the Kyrgyz people and socialization of the younger generation in the formation of the personality of young people is revealed, close connection of national games with economic activity of the population is shown.*

Key words: *Kyrgyz national games, physical exercises, socialization, sport.*

История физической культуры кыргызского народа уходит в глубокую древность. Издавна бытовали у кыргызов национальные виды физических упражнений, игр, состязаний. Возникновение и развитие народных игр и развлечений тесно связано с кочевым образом жизни, скотоводческим хозяйством. Народные игры, развлечения выполняли свою социальную роль, осуществляли социализацию молодого поколения.

Социализация – это процесс освоения человеком опыта жизни в обществе, отношений, связей, правил поведения, которые приняты в обществе. Этот приобретенный им опыт помогает человеку жить в данном обществе нормально. Благодаря социализации люди могут жить в обществе, вступать в общественные отношения. Каждая личность в процессе социализации усваивает правила поведения данного общества, приобретает необходимые для жизни умения и навыки повседневной деятельности как индивидуальной, так и в группе.

«Социализация – сложный многогранный процесс включения человека в социальную практику, приобретения им социальных качеств, черт, усвоение общественного опыта и реализации собственной сущности посредством определения роли в практической деятельности: экономической, политической, управленческой, бытовой и другой; выполняя определенную социальную роль, человек формируется как творец материальных и духовных благ». [2, 234]

Народные игры были одним из главных средств раннего приобщения детей к труду, обеспечивая их разностороннее физическое и психическое развитие, закалку организма и формирование характера. В игровой деятельности детей сочетались два важных фактора: с одной стороны, дети включаются в прак-

тическую деятельность, развиваются физически, с другой стороны – получают моральное и эстетическое удовлетворение от игры.

Как пишет доктор педагогических наук, профессор Х.Ф. Анаркулов, «Воспитанием мальчиков в основном занимались мужчины: дед, отец, старшие братья, а девочек- женщины… Родители, братья, сестры устраивали с детьми игры и состязания, связанные с промысловой, хозяйственной и оборонной деятельностью у мальчиков и домашним хозяйством у девочек». [3, 11]

По данным исследования Г.Н. Симакова, у кыргызского народа бытовало более 200 видов игр и развлечений. [4, 213]

Сюжеты большинства игр воспроизводили различные виды хозяйственно-бытовой деятельности, характерной для кочевого образа жизни. Так, широко применявшийся в хозяйственной жизни аркан, использовался в такой игре, как перетягивание каната. С подражанием трудовой деятельности народа связаны и игры «В волка» («Карышкыр оюну»), «Черный бычок» («Кара торпок») и другие.

В арсенале народных игр было много игр, связанных с умением метать копье, стрелять, необходимых в охоте. Это, например, игры «Слепой беркут» (Сокур беркут»), «Игра в волков и овец» и другие.

Вся жизнь кочевого кыргыза была связана с конем. К верховой езде ребенка приучали еще с колыбели во время перекочевок. Этому также способствовали конные игры «Ат чабыш» (скачки), «Кок -бору» (Борьба за тушу козла), «Оодарыш» (борьба на лошадях) и другие.

В умении управлять конем, лихо скакать женщины-кыргызки не уступали мужчинам. До наших дней популярны игры с участием девушек: «Кыз куумай» («погоня за невестой»), «Кыз жарыш; келин жарыш» («скачки девушек и невесток»). Состязания на лошадях и игры всегда были очень популярны, ни одно торжество не обходилось без них.

Условия жизни и быта кыргызского народа сделали народные игры средством воспитания силы, ловкости, выносливости, мужества и других качеств, необходимых скотоводу-кочевнику.По словам Х.Ф. Анаркулова, «кроме производственного назначения игры и физические упражнения способствовали развитию жизненно важных физических качеств, обучению двигательным навыкам, верховой езды, а также воспитанию нравственности, духовности, гуманизма, толерантности, послушанию и уважению старших и женщин». [3, 11]

Большинство игр и состязаний проводилось на свежем воздухе в тесной гармонии с природой, и имели большой оздоровительный и закаливающий эффект.

Для игр и развлечений использовались природные, естественные предметы: камешки, палки, веревки, плетки, альчики и т.д. Народные игры ускоряли воспитание полноценных физических умений, навыков трудовой деятельности.

Умелое использование подвижных игр и физических упражнений в воспитании и социализации детей приводило к тому, что к десяти и двенадцати годам они были настолько разносторонне подготовленными, что становились реальными помощниками взрослых в повседневных делах и заботах.

Кыргызская система физической подготовки подрастающего поколения включала в себя элементы состязательности, соперничества, соревновательности, что помогало вырабатывать в молодежи волю, настойчивость, смелость, отвагу.

Национальные игры и физические упражнения несли в себе также заряд для умственного развития ребенка, расширяли его кругозор, прививали ему любовь к природе, к животным, оказывая глубокое нравственное воздействие на становление личности.

Народные игры и развлечения прививали детям кочевников такие качества, как честность, благородство, достоинство, справедливость, уважение к старшим. Комплекс народных игр и развлечений, физических упражнений выполнял социализирующую роль как важного средства нравственного воспитания. Практика воспитания подрастающего поколения у кыргызов показывает, что народные игры являются одним из важных средств социализации молодежи и воспитания у них высоких физических способностей. Они передавались из поколения в поколение и усваивались как сумма традиционных знаний, умений и навыков, отражающих многие стороны жизни народа. С их помощью происходило воспитание двигательных умений, формирование соответствующих навыков, развитие физических способностей и качеств, интеллектуальных свойств личности.

Достижения народной педагогики в области физического воспитания детей являются важной частью культуры кыргызского народа, его достоянием.

Сегодня следует учесть этот бесценный опыт и широко использовать его в современной практике физического воспитания молодежи. Сегодня народные игры и спортивные противоборства оформились в институт спорта, многие виды народных состязаний стали массовым явлением физической культуры народа. Так, большой популярностью пользуются сегодня такие соревновательные игры, как кок-бору, куреш и др. [3, 15-21]

Спорт, физическое воспитание как сложные общественные явления включают в себя выработанные обществом нормы поведения, формы общения, которые входят составной частью в образ жизни, как отдельного современного человека, так и в жизнь всей нации.

Возрождение и дальнейшее развитие народных традиций в физическом воспитании оказывают эффективное влияние на физическое воспитание, нравственность, являются важным средством социализации молодого поколения. Народные игры, как в древние времена, так и сегодня, играют большую роль в подготовке к трудовой деятельности, в профессиональной ориентации. Национальные виды спорта отличаются простотой, они тесно связаны с культурой и бытом населения. Современную национальную физическую культуру составляют исторически сложившиеся народные подвижные игры, состязания, физические упражнения, на основе которых действуют сегодня 11 национальных видов спорта, действующих в виде соответствующих федераций по видам спорта. В Кыргызстане принят Закон «О национальных видах спорта». [1] Некоторые виды национального спорта

входят в международные спортивные сообщества, федерации, например, куреш, тогуз-коргоол. Большое место национальные физические упражнения занимают в семейно-бытовой физической культуре.

Литература

1. Закон Кыргызской Республики «О национальных видах спорта» [Текст].

2. Социологический словарь [Текст]. – М., 1989. – С.234.

3. Современное состояние и перспективы развития национальной физической культуры: Материалы конф. 15-16 окт. 2005. [Текст]. – Б., 2005. – 286 с.

4. Симаков Г.Н.Общественные функции киргизских игр и развлечений в конце 19- начале 20 века[Текст] / Г.Н.Симаков. – Л.: Наука, 1984. – С.213.

УДК -63.5. А-90

Аскарова Г.М.,
ОГПИнин окутуучусу

КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕГИ КЫЗ УЗАТУУ САЛТЫНЫН БААЛУУЛУГУ

ЦЕННОСТИ ОБЫЧАЯ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА ПРОВОДОВ ДЕВУШКИ В ДОМ ЖЕНИХА

THE VALUES OF THE CUSTOM OF KYRGYZ PEOPLE HARNESS THE GIRLS IN THE GROOM'S HOUSE

Аннотация: *Бул макалада кыргыз элинин кыз узатуу салтындагы баалуулугу жана айрым бир унутта калган ырым-жырымдар жөнүндө сөз болот.*

Түйүндүү сөздөр: *салт, мурас, үйлөнүү үлпөтү, кыргыз эли, жаңы муун, дөөлөт, туруктуу*

Аннотация: *В данной статье говорится о ценностях обычая кыргызского народа проводов девушки в дом жениха и некоторых уже забытых обрядах.*

Ключевые слова: *обычай, наказ, обряд венчание, кыргызский народ, молодое поколение, опора, стабильный*

This article talks about the values of the Kyrgyz people's custom of sending a girl to the groom's house and some already forgotten rites.

Keywords : *custom, punishment, rite wedding, Kyrgys people, young generation, support, stable*

Сабыр Иптар уулу «Кыргыз жан дүйнөсү» деген китебинде «Салт» түшүнүгүнүн эки маанисин көрсөтөт: 1. Жалгыз; 2. Туруктуу. Турмуш мыйзамы боюнча бардык нерсе салттуу, башкача айтканда, жалгыз жана туруктуу: төрөлүү да, өлүм да, ай да, күн да, жер да….. салттуу. Мындан « жалгыздык- туруктуу нерсе, ал эми туруктуу деген нерселер жалгыз болот деген жалпы тыянак чыгарган. Андыктан, жалгыз нерсенин баары сактоого, коргоого муктаж. Салт бир нече дооpлорду, замандарды кучагына алып элди ички-тышкы деградациядан, опурталдуу кыямат- кайымдардан сактап, калкалап, көпчүлүктү элге, массаны калкка айландырып, анын адамзат алкагындагы татыктуу ордун камсыз кылып келет. Салт- эл турмушун тескеген туруктуу рухий- маданий эреже. Салт жоголсо, эл жоголот. Андыктан, аны көздүн карегиндей сактоо зарыл. [5,78]

Бүгүнкү элибиздин өз алдынча эл болуп, өзүнүн ким экендигин таанып, өзүнүн өткөндөн калган жакшы мурастарынын көпчүлүгүн эстен чыгарып, ааламдашып турган мезгилде аларды кайра калк арасынан жыйноо, изилдөө, үйрөнүү жана аны жаштарды тарбиялоодо пайдалануу бүгүнкү күндөгү элдик педагогикабыздын эң көйгөйлүү маселелеринен болууда. Каада- салт гана эмес турмушубузда колдонулуп келген сөздөр, аталыштар, терминдерди так колдонбостон орус тилинен кирген сөздөр менен колдонуп калбадыкпы. Бүгүнкү күндөгү көпчүлүк жаштардан боз үйдүн жабдууларын, ат жабдыктарынын аталыштарын, кой-эчкилердин жаштарын, мүнүшкөрдүккө байланыштуу терминдерди, кыргыздын кыргыз болуп калышы үчүн жан үрөп аракеттенген инсандарды билишине, алардын өмүр таржымалы менен таанып экендигине ким кепил боло алат. Кыргыздын көчмөн турмушу менен тааныш, дайым көчүп- конуп жүргөн айрым малчы- чабандар, илим менен аракеттенген илимпоздор гана чечмелеп бербесе, кыргыз болуп жаралган көпчүлүк атуулдардын бул көрүнүштөрдү билсе да, түшүнсө да жарым- жартылай же караманча түшүнүгү жок.

Ошол бир нече дооpлорду, замандарды кучагына алып, эл турмушун тескеген туруктуу рухий- маданий эрежелерибиз болгон каада- салтыбызды көздүн карегиндей сактап, мурас кылып урпактарга өткөрүп берүү зарыл.

«Салт» деген сөзгө «Кыргыз энциклопедиясында» төмөндөгүдөй аныктама берилет: « Салт- укумдан-тукумга өтүп, кандайдыр бир коомдук топто узак убакыт сакталуучу коомдук жана маданий мурас элементтери: белгилүү бир коомдук тартип, жүрүм-турум эрежелери, дөөлөттөр, идеялар, каадалар, адаттар [4,228]

Салттар, үрп-адаттар жана каадалар бири-бирин толуктап турган түшүнүктөр. Алар бири-биринен

принципиалдуу түрдө айырмаланбайт. Анткени, алар адамдардын бул же тигил окуяларына карата уюшулган жүрүш-туруш нормаларынын, белгилүү бир тартиптин көрсөткүчү болуп саналат. Ал эми үрп-адаттар, диний ырым-жырымдар ата-бабалардан бери келе жаткан турмуш- тиричиликке, күндөлүк жашоо турмушунда колдонулуп келе жаткан тартиптердин системасы. Атап кетсек, курман айт, орозо айт, козу телүү, түйнөктөө, аластоо, дамбыр таш кагуу ж.б. атоого болот.

Каада- бул салттардын, үрп-адаттардын компоненти. Ар кандай салттар, үрп-адаттар белгилүү бир каадалардан, башкача айтканда, тартиптерден турат. Алсак, меймандостук кыргыз элинин орчундуу салттарынан болуп саналат. Ал эми мейман күтүүдө, кыз берүүдө, куда сөөк болууда ар түрдүү каадалар колдонулат. Мисалы, конок каадасы, кыз каадасы, кудаа каадасы сыяктуу сый, урмат көрсөтүүнүн нормаларын каада деп түшүнсөк болот. Кийинки мезгилдерде аш- тойлордо, кыз алып, кыз берген маараке лерде элдик салт, байыртан бери келе жаткан каадалар бир топ өзгөрүлүп бара жаткандай. Ошондуктан, каада-салтыбызды, үрп-адатыбызды, байыртан келе жаткан жөрөлгөлөрүбүздү иреттеп, аны калың элдин алдына кайра сунуу, тарбиялык маанисин ачып берүү зарыл маселелердин бири.

Үрп-адаттар өз ичине ар түрдүү каадаларды, ырым-жырымдарды, ырасым- жөрөлгөлөрдү ж.б камтып турат. Алар да адамдардын коомдук жана жекече турмуш чөйрөсүн тейлөө менен бирге өзүнө таандык милдеттерди аткарышат. Салттар мезгил менен мейкиндиктин зор алкагын өз кучагына алып, калктын рухий- маданий турмушунун туткасы катары жашаса, үрп-адаттар анын каражаты, ал эми каада, ырым-жырым, ырасым- жөрөлгөлөр болсо үрп- адаттардын туундусу катары калкка кызмат өтөшөт. Ошондон улам, алардын улуттук, аймактык, мезгилдик ж.б. жагдайларга жараша айырмалуу жактары, бөтөнчөлүктөрү көбүрөөк кездешет. Каадалар турмуштун көбүнесе коомдук- психологиялык жагдайларында колдонулса, ырым-жырымдар диний- маданий багыттагы, ал эми ырасым- жөрөлгөлөр атайын аткарылуучу нормативдик иш- аракеттер чөйрөсүн тейлеп турушат.....[5.79]

Уюткулуу улут болуп, улуу тарыхка бай, узак жашаган кыргыз эли байыртадан эле тарыхка, салт-санжырага бай, узак жашаган өз каада-салтын жоготпой келген улуу кыргыз болуп келет. Ушул улуу журттун урпактары, келечек ээлери, жаш муундар бүгүнкү күнү ата- бабалардын башынан кечирген тарыхты, каада-салттарды урматтабай, унутуп бара жаткандыгы ойлондурбай койбойт.

Бул макалада ата-бабадан келе жаткан, кары- жаш дебей, замандаштардын бардыгынын жан дүйнөсүнүн майрамы болгон үйлөнүү үлпөтүндөгү айрым бир каадалар, ырым- жырымдар, ырасым- жөрөлгөлөр тууралуу сөз болмокчу.

Кайталанбаган нерсени салт деп айтууга болборун, салт сөзсүз кайталанып турарын биз жогоруда кеп кылдык. Бирок, эски көрүнүш жаңы муунда ошол эле бойдон кайталанбайт. Ал жаңы көрүнүш менен бир аз өзгөрүп, эскинин алгылыктуу гана учурларына таянат. Анткени, эскиге таянбай жаңы пайда болбойт. Салт боюнча бирөөнүн кызына кудаа түшкүсү келсе, өзүнүн айылындагы тили жатык, абийири бар деген кишилерден үч- төртөөнү жуучулукка жөнөтүшөт. Үй ээси жуучулукка келгендерди колунда болсо коюн союп, колунда жок болсо тамагын берип, кызын берүүгө макулдугун же макул эместигин айтып узатчу экен. Бул көрүнүш азыркы күндө деле калк арасында каадалуу салт болуп аткарылып келет. Бирок, учурда жогоруда айтып өткөн кыз берүүдө жана келин алуудагы каадалардын кээ бирлери өз баалуулуктарын жоготуп, көз жаздымда калып жатат.

Кыргыз элинин келин алуудагы жана кыз узатуудагы каада-салттары: Жуучу жиберүү, кудалашуу, жыгач түшүрүү, кийит кийгизүү, күйөө келүү, жеңкетай берүү, оюн салуу, жоп суроо, жүз көрүшүү, коюнга салар, куржун сөгүү, түндүк көтөрүү, жылкычылык, кыз ойнотор, төшөк талашуу, күйөө-кызды жашыруу, толгоо табак, сеп көрсөтүү, кыз кыңшылатуу, кыздын кыз белгиси, жеңесинин көрүшүүсү, энесинин көрүшүүсү, ак чачуу, баяндос салуу, көрүндүк берүү, жол тосмой, кемпир өлдү, сеп жүктөө.

Элибиздин унутта калып бара жаткан кыз узатуудагы айрым бир ырым-жырымдарына токтоло кетсек, кызды узатуу-чоң салтанат болгон. Ырым-жырым да көп болгон. Ошонун бири- кыз кыңшылатуу. Узата турган кыздын башына жакшынакай кымкап же жаңы чапан жаап, айылындагы ынактары бирден ошол бүркөлгөн кымкапка башын катып, чекелерин тийгизип, коштошуп, кыңшылашып ыйлаган. Андан кийинки кезек чоң энесине, өз энесине, жеңелерине берилген. Алар курулай эле үн чыгара бербестен, жакшынакай үлгүлүү сөздөр менен кошок айтышкан.

Жыгач түшүрүү

Кыз атасынан жооп алгандан кийин келин алуучу куда жыгач түшүрүүгө камынат. Боорсок жасайт, мал союп,эт бышырып капка тигип, төөгө жүктөп кыз берүүчү жерге алып барышат.

Куржун сөгүү

- Жыгач түштү, той жегиле!- деп кыз атасы айланасындагы айылга кабар берет. Тойго келген аялдар сакалдашуулашып куржун сөгүшөт. Куржун сөккөндө кур эле сөгө бербестен, сөккөн кабынын, куржунунун оозуна жоолук- кече байлайт. Анан куржун сөккөн аял каптан же куржундан өзүнө табакка эт- боорсоктон салып алып, чыга берет. Тойго келгендер той тамагын талаша- тартыша талап, жеп тарап кетишет.

Өпкө чапмай

Бул каада келин келгенден кийин тууган- уруктун арасынан кадыры арткан байбиче эки жашты отургузуп, далысына өпкө чабат. Кан чачырабасын деп эки жаштын башы-көзү жабылат. Чабылган өпкөнү «башыңарга жамандык келбесин» деп төрткө бөлүп, төрт тарапка ыргытып жиберишет. Каада эки жаштын башына келчү жамандык ошол өпкө менен чыгып кетсин дегенди түшүндүрөт.

Акыркы мезгилдерде кыз узатуудагы дээрлик шаан-шөкөттөр коомчулукка кеңири тарап, үйлөнүү үлпөтүнө байланыштуу жаңы каада- салттардын, үрп-адаттардын, жөрөлгөлөрдүн калыптануу жана элге таралуу ишинде айрым кемчиликтер, бир жактуулук, ал гана эмес терс көрүнүштөр да байкалууда. Мисалы, ачуу басар, алдына бармай, кыздын себин бермей, куп келмей, кийит кийгизмей, жүк жыймай, отко киргизмей сыяктуу шаан-шөкөттөр менен кошо өкүл ата кой-

мой, мындан сырткары кыз узатуу аземин атайын бир ресторан, кафелерде өткөрүүдө канчалаган тамак-аш, аяктан ал, бияктан бул деп кой-козу, тайлар союлуп, кымбат баалуу белектер, чакыруу билеттерин даярдоодо канчалаган чыгым жумшалат. Бул жерде кеп тигил же бул жөрөлгөлөрдү кереги жок деп жерүүдө эмес, обу жок жөрөлгөлөрдү, шаан-шөкөттөрдү киргизүүнүн зыяндуулугунда. Учурда эзелтен бери кыргыз эли аздектеп келген баалуулуктардын тамырына доо кетип, азыркы күндүн жашоочулары бөлөк элдин маданиятын, жада калса жүрүм-турумун да адашып кабыл алып жатканы өкүндүрөт. Жаштардын же «кыз берүү», « кыз узатуу» жөрөлгөсүн кыздын айылына (үйүнө) өткөрүп, аны элибиздин жакшынакай салты менен узатып, келинди отко киргизүү, өкүл ата менен өкүл энени шайлоо, келин көрүү ж.б. салттарды сактоо керек.

Каада-салт, үрп-адат жана жөрөлгөлөр элдик педагогиканын түгөнгүс булактарынын бири экендиги талашсыз көрүнүш. Канча кылым өтсө да кадырлаган, ар бир улуттун өзүнө таандык, башкалардан айырмаланган, ошол элдин кулк-мүнөзүнө, шартына жараша ылайыкталган улуу салтыбызды сактап, сыймыктанып, аларды туу тутуп, кылымдан- кылымга аздектеп сактап, улуу элдин урпактарына өткөрүп берүү милдети турат.

Адабияттар

1. Акматалиев А. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 1-том Б-2004

2. Акматалиев А. Кыргыз адабияты: тарых жана мезгил. -Б., 2010.

3. Арстанбек Абдылдаев «Ата-бабалар табериги». -Б., 2011.

4. КСЭ. -Ф., 1980.

5. Сабыр Иптар уулу. Кыргыз жан дүйнөсү. -Б., 2017.

6. Максутов Т., Мырсабеков А. Улуттук педагогиканын негиздери. -Ош, 1996.

УДК:130.2:378 (575.2) (04)

***Алишерова Ч.Б.** – философия илимдеринин кандидаты,*
И.Раззаков атындагы КМТУнин алдындагы
Тоо кен иши жана тоо-кен технологиялар институтунун
окутуучусу

МАДАНИЯТТЫК МУРАС ЖАНА АНЫН КЕЛЕЧЕК МУУНДУ ТАРБИЯЛООДОГУ МААНИСИ

КУЛЬТУРНОЕ НАСЛЕДИЕ И ЕГО ЗНАЧЕНИЕ В ВОСПИТАНИИ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ

CULTURAL HERITAGE AND ITS IMPORTANCE IN THE UPBRINGING OF THE YOUNGER GENERATION

Аннотация: *Бул макалада маданияттык мурас түшүнүгүнүн мааниси, өтмөлүүлүгү жана анын келечек муунду тарбялоодогу ролу жөнүндө айтылат.*

Түйүндүү сөздөр: *мурас, маданият, рухий байлык, өтмөлүүлүк.*

Аннотация: *В статье раскрывается значение культурного наследия, его преемственность и роль в воспитании будущего поколения.*

Ключевые слова: *наследие, культура, духовная ценность, преемственность.*

Annotation: *The article the significance of the cultural heritage of its continuity and role in the upbringing of the future generation.*

Keywords: *culture, heritage, continuity, spiritual heritage.*

Маданияттык мурас - бул өткөн дооорлордон калган материалдык жана руханий өндүрүштүн натыйжалары жаңы коомду жана анын маданиятынын өнүктүрүү үчүн сын көз менен каралуучу адамдарга керектүү өткөндөн калган маданий баалуулуктардын суммасы [1].

Ар бир коомдо адамдардын өткөн дооорлордун маданияттык мурастарынын керектүү элементтерин үйрөнүүнү колдонуусуз өз өлкөсүнүн экономика жана маданият жагынан өсүшүн камсыз кыла албайт. Өсүп өнүгүүчү коом, бир жагынан жаны маданияттын жаралышын, өнүгүшүн, экинчи жактан, өткөн дооорлордун калтырган мурастарын жаңы заманды курууга чыгармачылык менен колдонууну талап кылат.

Материалдык өндүрүштүн өнүгүшү эмгек куралдарынын өркүндөшүн жана өндүрүштүк тажрыйбанын байышын талап кылат. Бирок мурунку муундардын жасап кеткен куралдарына жана топтогон иш-аракеттик тажрыйбаларына таянбай, аларды колдонбой туруп жаңы эмгек куралдарын, элементтерин өркүндөтүүгө, жаңылоого мүмкүн эмес. Элдер өзүлөрүнүн тарыхый өнугүшүндө өткөн муундардын калтырылып кеткен өндүргүч күчтөрду, материалдык жана рухий байлыктарды колдонушат.

Ар бир жаңы муун өзүлөрүнүн турмуш-тиричиликке аралаша башташынан тарта адамзаттын сезим-туюмдун жана мамилелердин, маданияттык мурастардын татаал дүйнөсү менен таанышат, беттешет, жаңы муун өз тиричилигинде тигил же бул өлчөмдө кылымдар бою топтолгон адамзаттын руханий - нравалык тажрыйбаны колдонот жана аларга таянат. Мындай өткөн муундар жана жаңы муундун ортосундагы байланыш инсандын ички дүйнөсүнүн байышынын жана жалпы коомдун өнүгүшүнүн негизги шарты, булагы болот. Эгерде өткөн тарыхты жаңы доор менен байланышта кароосуз мүмкүн болбосо, ошол эле сыяктуу өткөн дооорлордун маданиятын өздөштүрбөй туруп жаңы маданиятты жаратууга болбойт.

Ар бир өсүп-өнүгүп жаткан коомго, өлкөгө "тарыхый акыл - эс", өз элинин жана башка элдердин башынан өткөнүн, маданияттык мурастарын түшүнө билүү жана туура баалоо зарыл.

Адамдар өзүлөрүнүн маданиятын өздөрү жаратат, бирок аны алар өзүлөрү ойлонгонундай эмес, өзүлөрүндө болгон шартка жараша, өткөн муундан келген мурастарды издештирүү аркылуу жаратышат. Адамзат өзүнүн өнүгүшүндө бир тепкичтен экинчи тепкичке төмөнкү абалдан жоорку абалга көтөрүлүү менен, өзулөрүнүн мурунку жетишилген маданияттык байланыштарга таянуу менен көтөрүлөт.

Ата-Мекендик жана дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүндөгү маданият көрүнүштөрүнүн өтмөлүүлүк закон ченемдүүлүгүн издебей туруп, бул же тигил доордун маданиятынын өзгөчөлүгүн, маанилүүлүгүн туура баалоого болбойт [2].

Маданияттагы өтмөлүүлүк өз жаратылышы боюнча өтө татаал көрүнүш. Айрым чет элдик социологдор туура эмес теорияларга таянып, жаңы муун эски муундардын өткөн доордун маданияттык мурастарын сын-сыпаттабай талдоосуз эле кабыл алат деп, өтмөлүүлүктүн ички маанисин туура түшүндүрүшпөйт. Мисалы, немецтин белгилүү окмуштуусу Шпенглер ар бир цивилизациянын өз тарыхы бар, алар өзүнчө өсөт жана жоголот, тарыхта бири бири менен өткөн жана жаңы пайда болгон цивилизациялардын байланышы жок же алар анчейин деле фактор эмес дейт. [3] Чындыгында адамзаттын тарыхындагы болгон цивилизациялардын бардыгынын ортосунда бул же тигил өлчөмдөгү өтмөлүүлүк, бири бирине таасир тийгизгендиги жөнүндө толгон токой мисалдар бар. **Өтмөлүүлүк** - бул жөн эле бир доордун маданияты экинчи доорго өтөт дегендикке жатпайт, өтмөлүүлүк – бул өткөн дооролордун маданиятын талдап - анализдөөгө жана аны керектүү элементтерин чыгармачылык менен колдонуу жөнүндөгү илимий принцип [4]. Ленин бул жөнүндө мындай дейт: ”Мурасты архивариустар эски кагаздарды, главаларды сактагандай сактабайт. Мурасты сактоо - бул мурас менен чектелүү эмес”, аны чыгырмачылык менен өздөштүрүү колдонуу [5].

Өтмөлүүлүк мыйзам ченемдүүлүгүнүн мааниси маданият мурастарын үйрөнүүгө, өздөштүрүүгө илимий көрөгөчтүк менен, чыгармачылык менен пайдаланууда турат.

Рухий маданияттагы өтмөлүүлүктүн материалдык маданияттагы өтмөлүүлүктөрдүн айырмасы бар. Мисалы, материалдык маданиятта өндүргүч күчтөрдүн ар бир алга жылган кадамы жаңы техникалык жетишкендиктердин пайда болушу, өндүрүш күчтөрүн жана мамилелерин бир тепкичтен экинчи тепкичке көтөрүлүп , адамды жаратылыштын үстүнөн болгон бийлигинин күчөшү менен сүрөттөлөт. Руханий маданият чөйрөсүндө болсо дүйнөлүк маданияттын тарыхында толгон токой “артка жылуу”,туңгуюкка такалуу ситуациялары кездешет. Буга байыркы Грек жана Римдин руханий маданияттарынын өспөй токтоп, анан талкаланышы мисал боло алат.

Ушуга байланыштуу руханий маданияттын өсүш тарыхын изилдөө бир жана өткөн дооролордун жетишкендиктерин эмес , жаңы доордо пайда болгон маданият көрүнүштөрүнө, идеяларга, процесстерге өзгөчө, терең көңүл бөлүүнү талап кылат. Улуу орустун ойчулу Г.В. Плеханов өткөн доор менен жаңы доордун маданияттык өз ара байланышы жөнүндө сөз кылып мындай деген: “Ар бир таптын идеологиясы, ой пикири өткөн дооролордун идеологиялары менен оң жана терс жактары аркылуу тыгыз байланышта турат” [6].

Азыркы учурдагы маданият теориясынын өсүп - өнүгүшүндөгү маданият маселелерин чыгармачылык менен изилдөө тенденциясы үстөмдүк кылууда. Бул багыт айрыкча, прогрессивдүү ойчулдардын эскиден, илгертен калган маданияттык мурастарды терең үйрөнүүгө бүткүл прогрессивдүү адамзатты чакырууларында көрүнүп жатат.

Демократиялык жол менен өнүгүп жаткан өлкөлөрдө жаштарды маданият мурастарын терең үйрөнүү духунда тарбиялоо мамлекеттик программа катарында кабыл алынууда. Кыргыз Республикасында азыркы жылдары маданият мурастарын изилдөөдө бир топ жакшы иштер жүргүзүлүүдө. ”Манас” эпосунун 1000 жылдыгын, “Дүйнөлүк көчмөндөр оюну” иш – чараларын өткөрүү буга ачык далил боло алат. Бул иш – чараларды өткөрүш үчүн, атайын өкмөттүк программаны кабыл алуу, бүткүл дүйнөгө эпостун, көчмөндөр оюнунун мааниси жөнүндөгү маселелер боюнча баяндоо, жер-жерлерде бул маселелер боюнча илимий конференцияларды өткөрүү, бул иш – чаралар чоң маданияттык мурас, экендиги бир гана кыргызстандыктарга эмес бүткүл дүйнөгө даңаза кылды. Ошондой эле “Манас” эпосунун ЮНЕСКО эл аралык коомунун маданий мурас шедеврлеринин тизмесине кыргыз элинин руханий маданияты катары таанылышы ж.б.

Маданияттык мураска чыгармачылык менен мамиле кылуу үзгүлтүксүз жана ар башка жүргүзүлөт. Шык-ынтаасын, өз милдетин маданият мурастарын, маданият көрүнүштөрүн изилдөөгө арнаган инсандар (искусство таануучулар, реставраторлор, театр жана кино режисерлору, көркөм чыгыгармачылыкты аткаруучу актерлор ж.б.), бүгүнкү күндөрдө бир жагынан, өткөн доордун маданияттык көрүнүнүштөрүнүн тарыхый улуттук сын-сыпатын, калоритин жана алгачкы түрүн сактоого, экинчиден аларды жаңыча окууга азыркы доордогу адамзатынын рухий дүйнөсүнө тогоштуруп сүрөттөөгө аракеттенүүдө.

Азыркы инсандардын, муундардын маданияттык мурастарга болгон мамилесин өркүндөтүү, жакшыртуу үчүн маданияттык байланыштарды аң-сезимдүүлүк , ойлонулган түрдө кабыл алышына, өздөштүрүлүшүнө чоң маани берип изилдөө керек. Өткөндөн калган маданияттардын элементтерин ойлонуусуз, стихиялык түрдө кабыл алуу элге, журтка зыяндуу көрүнүштөрдү натыйжаларды берүүгө мүмкүн. Мындай маданиятка олдоксон мамиле кылуу, бир жагынан, өткөндөн калган мурастар менен болгон көп кырдуу мамилени үзгүлтүккө учуратууга, а мүмкүн маданияттын айрым керектүү элементтерин, түшүнүктөрүн эстен чыгарууга, унутууга алып келиши ыктымал, экинчи жагынан, руханий маданияттын өткөндөн калган мурастарына негизсиз, ойлонуусуз мамиле кылуу тигил же бул фактыны, кубулушту, көрүнүштү далилсиз эле ыйык деп мактоого, ага сыйынууга алып келет.

Адабияттар

1. Философский словарь. -Ростов-на-Дону, 2006.

2. Учебное пособие по истории мировой и отечественной культуры //Сост.Утрекеева Ж.А.,Старусева Т.И.-Б.,2012

3. Шпенглер О. Закат Европы. Опыт морфологии мировой истории: в 2т. Т.1. -М., 1998.

4. Ленин В.И. О морали и нравственном воспитании. -М.,1985.

5. Плеханов Г. В. Избранные философские произведения. В 5-ти т.1.1956.-547с.

6. Жумагулов М.Ж., Садыкова Г.Э. Культурология: Теория и история мировой и отчественной культуры: Учебное пособие.-Б., 2009.

7. Иманкожоев Т.А. Социалдык философия: окуу куралы.-Б.,2008

8. Мукасов Ы.М.,Алишерова Ч.Б. Пространство культуры.-Б.,2010.

УДК 371.398

Ибраимова Ж.Т.
КМЮАнын ага окутуучусу
Карыбек кызы Н.
КМЮАнын окутуучусу

УЛУТТУК БААЛУЛУКТАРДЫ САКТОО ЖАНА ЖАЙЫЛТУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

ПРОБЛЕМЫ СОХРАНЕНИЯ И РАСПРОСТРАНЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ

PRESERVATION OF NATIONAL WEALTH AND COMMON PROBLEMS

Аннотация: *Бул макалада улуттук баалулуктарды сактоо жана жайылтуу тууралуу маселелер, көйгөйлөр тууралуу. Биздин тарыхыбыз, тилибиз, динибиз, маданиятыбыз, салт-санаабыз, тарыхый эстеликтеribизге окшогон көптөгөн баалуулуктарды сактоо жана жайылтуу учурдун негизги маселеси жөнүндө сөз болот.*

Түйүндүү сөздөр: *Улуттук баалуулук , тарых, тил, сактоо.*

Аннотация: *В данной статье говорится о национальных ценностях, о их сохранении и проблеме распространения. Речь идет о сохранении таких национальных достоинств, как: история, язык, культура, религия, исторические памятники, а так же пропаганде сохранения ценностей.*

Ключевые слова: *национальные ценности, история, язык, сохранение.*

Annotation: *This article considers national wealth, their keeping and distribution issues. It said about keeping such national values as history, language, culture, religion, historical monuments and propaganda of the wealth keeping.*

Key words: *national wealth, history, language, keeping.*

Аалам айдыңы ар тараптан өнүгүп, адамзат коомуна технологиялардын жаңырышы илимий ачылыштар адам жүгүн жеңилдеткен техникалык каражаттардын ойлонуп табылышы керектөөлөрүбүздү канаттандыруу учун чоң жетишкендик. Дүйнө дүңгүрөп, арышын кенен аттап адамдар үчүн ажайып бир кереметти тартуулап турганы кандай жакшы. Бирок көңүл өйүтүп жүрөктүн үшүн алган эмне деген көрүнүштөр адам жашоосуна сүңгүп кирип, айрым жагдайларда акылга кирип алкымдан алып, айныткан учурларда жок эмес. Тагдырдын тараза ташы теңдигинен тайып бараткандай сезилет. Анткени биз адамдар жан дүйнөгө жан азык болгон рухий дүйнөнү жардылантып, материалдык байлыктын артынан түмөн түйшүккө түшүп алып, акча менен өзүбүздү азыктандырып жатканыбыз өкүнүчтүү. Өзгөчө баса белгилеп кетүүчү көрүнүш айрым учурда адам акылына сыйбаган аракеттерге азгырылып кеткенибиз, алдыда көйгөйдү чечүүгө жана арылууга муктаж блгон зарыл маселе. Аянычтуу жаман аракеттерден эмне курчап, турат деген суроонун тегерегинде ар бир атуул ой-жүгүртсө алар үчүн ыйман, адеп, маданият жана кыргыз элинен тиешелүү баалулуктары да жетишсиз.

Ыйман адамдын ички жан дүйнөсүнүн сулуулугун чагылдырып көрсөтсө, сырткы жүрүм-туруму аркылуу анын адептүүлүгүн байкоого болот. Абалтан ата-бабаларыбыз элдин ынтымагын арттыруу, маданиятын жогорулатуу улуттук баалулуктарды сактай билүү үчүн эч кандай акча каражатын коротуп күч колдонуп жөнгө салган эмес. Даанышмандыкка негизделген орошон ойлор, куюлушкан куйкум сөздүн көсөмдүк көрөгөчтүгү менен улуу касиетти адам акылына калыптандырган. Тарыхта таамай такталган, акыл кенчи сакталган асыл наркыбызды колдонуудан тайманбай, аруулукка ыймандык ыйык күчү, адептин айкын мүнөзүн калыптандыруу бүгүнкү күндөгү бирден бир милдетибиз. Улуттун улуулугу анын экономикасында эмес, ынтымагы бекем, мадниятка чулганган,

нарк сактаган, ыймандуу адептүү жана маданияттуу жарандарынын жүзүндө. Эзелтен элдин көөдөндөгү көөнөрбөгөн көрөңгөлүү улуу мурасын заманында залкар адамдар баа жеткис байлык катары урпактарга жеткирген. Кадырман кыргыз элинде улуу ойчулдар "туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок" деп капилеттен айтпаса керек. Улуу ойчул олуя Калыгулдун бул айтканы чындык экени талашсыз. Жылдар өтүп мезгил алмашып жашоонун жаңычыл жарышынын арааны жүрүп турганда, кайрадан ойгонуп, ойлонуп таасирленүү менен толгонуп жан дүйнөсү аруу жаштардын ак дилине керемет касиетти калыптандыруу учурдун талабы. Улуттун уюткусу болгон "Манас" эпосундагы жана башка таалим тарбиялык таасири күчтүү чыгармалардагы насаат, санаттардын терең үлгүлөрүн жаны муунга осуяттоо. 2017-жыл "Ыйман адеп жана маданият" жылы деп жарыяланышы да кыргыз эли үчүн пайдалуу болуп, жакшылык жалгнып, адепке арбалып, ынтымакка ыроолонуп ички дүйнөнүн байлыгы үчүн жана улуттук баалуулуктарды жайылтууга жакшы мүмкүнчүлүк болду.

Улуттук баалуулуктар ар бир улуттун, элдин туу туткан, төп көргөн ал муздактан бери аздектеп, эненин сүтү, бешиктеги ыры менен атанын кеби, нарктуу санжыралары менен укумдан-тукумга, атадан балага сакталып, өтүп келе жаткан баалуулуктары бар. Баалуулуктар руханий жана заттык болуп бөлүнөт. Кыргыз элинин байыртадан бери сактап келе жаткан баалуулуктары көп. Биздин тарыхыбыз, тилибиз, динибиз, маданиятыбыз, салт-санаабыз, тарыхый эстеликтерибиз ушуга окшогон көптөгөн баалулуктарга байбыз. Бирок доор алмашкан сайын, баалуулуктар өзүнүн ордун жоготуп, коом өзгөргөн сайын баалулуктарга болгон көз караштар өзгөрүп бара жатат. Ааламдашуу заманында, интернет доорунда биз, кыргыз эли бир коомдук (структурадан) башкаруудан экинчи коомдук жолго түшүп кетип бара жатабыз. Улуттук баалуулуктарыбыз күн өткөн сайын жок болуп унутулуп бараткан сыяктуу. Ооба, баалуулуктар тил, дин менен кошо өнүгөт эмеспи. Эң бир баалу баалуулуктарыбыздын бири, маданияттын өнүгүп өсүшүнө өтө чоң салымын кошо турган бул тил экени шексиз. . Баалуулуктар, коомдун жана улуттун тамыры менен өнүгүп жаралат. Өз маданиятын калыптандыра албаган жана жоготуп койгон улут, мөмө бербеген өсүмдүк сыяктуу. Ар бир кыргыз ата-бабалардын салтын үрп-адатын билип, кийинки муунга берүүсү керек. Себеби элди эл кылган, жана башка элдерден айрымалаган бул – улуттук баалуулуктар. Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты-элибиздин кылымдап чогулткан этикалык, педагогикалык тажрыйбасынын жыйындысы. Ал кыргыздардын улуттук аң-сезими дүйнө таанымы, диний ишенимдери жана тарыхый жашоо-шарттарынын негизинде келип чыккан.

Кыргыздын салттык жүрүм-турум маданий баалулуктарына жалпы түрк дүйнөсүнө жана мусулман дүйнөсүнө менен мусулман маданиятына таандык өзгөчөлүктөр камтылган. Анда элибиздин байыртадан бери колдонулуп келе жаткан тыюулары менен ислам дини аркылуу кирген тыюулардын синтезин байкаса болот.

Мисал кетире кетсем үй = бүлө курууга кыргыздар өтө жоопкерчиликтүү мамиле кылып, ажырашуу жокко эсе болгон Кызга кырк үйдөн тыюу дегендей, тарбия катуу берилген. Үй-бүлөдө үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар кимисинин өз орду, милдети так аныкталып, ички мамилелеринде субординация сакталган. Кыргыз үй -бүлөсүндөгү ички мамилелер тыюулардын негизинде жөнгө салынып, ал өз кезегинде үй - бүлөдөгү бейкуттукту, жоопкерчиликти камсыз кылган. Мунун натыйжасында балдар толук үй-бүлөдө чоңойушуп, ата-эненин тарбиясын жеткиликтүү алууга шарт түзүлгөн. Ал эми азыркы учурда үй-бүлөлүк жоопкерчилик жок болуп же ар кандай шарттардан натыйжасында ажырашуулар да көп. Балдар тийиштүү тарбия жана ата-эненин мээримине сугарылбай калгандактан ар түрдүү укук бузуулар, көйгөйлөр жана ажырашуулар коомдо көп болуп жатат. Бул сыяктуу мисалдарды келтирсек абдан көп. Ошондуктан, улуттук баалуулуктарды кийинки муундарга жайылтуу, аларды өнүктүрүү , сактап калуу ар бир кыргыз жаранынын милдети. Өзгөчө интеллегенция көп көңүл буруусу абзел. Көчмөндөр оюнунун мезгил мезгили менен өтүп турушу да улуттук баалуулуктарды сактоо, андан ары өнүктүрүү, жайылтуу жана дүйнө жүзүнө таанытуу үчүн чоң мүмкүнчүлүк болууда. Улуттук баалуулуктарыбызды сактоо жана аны жайылтуу, жаштарга үйрөтүү ар бир улуу муундун милдети десем жаңылышпайм. Улут өзүнүн улуттук баалулуктары менен улут болуп айрымаланып турат.

Адабияттар

1. Асипова Н.А. Социалдык тарбия. - Б.: КТМУ, 2005.

2. Молдокулова Д.Т. Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты. -Б., 2016.

УДК 338.121

Алимбеков К.А., *к.э.н., доцент, зав. каф.*
МиСИТ ИНДО БГУ им. К. Карасаева
Ибраева В.Ш. *ст. преп.*
ИНДО БГУ им. К. Карасаева

- Ханы менен бир чүкө калгыча ордо атышуу – бул кармашта кашык каны калганча кармашып, жетекчиң өлмөйүнчө, тууң жыгылмайынча кармаш, деп туруктуулукка чакыруу. Бүгүнкү күндө да Мекенди коргоодогу туруктуулукту, кажыбас бекемдикти калыптандыруудагы тарбиянын орчундуу бөлүгү болуп эсептелет.

Согуш ишиндеги ар кандай кырдаалдарды, уруштун жүрүшүндөгү абалдарды оюнда моделдеп көрсөтүүнүн көп мисалдары бар. Бирок мунун баарын бир макаланын көлөмүндө толук көрсөтүү мүмкүн эмес. Бул маселе, башка оюндар менен бирге атайын адабияттарда каралышы керек деген ойдобуз.

«Ордо» оюнун жаш муундарды тарбиялоодо колдоонуунун өтө ыңгайлуу өзгөчөлүктөрү бар.

1. «Ордо» оюнун уюштурууга көп каражат талап кылынбайт. Оюнда колдонулуучу спорт жабдыктары чүкө, томпой, абалак.

2. Оюнду уюштурууда оюн өткөрүүчү атайын спорт аянтчасы талап кылынбайт. Тоскоолдуксуз түз жер болсо, ордо чийип коюп, ойной берсе болот.

3. «Ордо» оюнун жылдын кайсыл мезгили болсо да ойноого болот. Илгери кыштын күнү күнөстүү түз жердеги аянтчанын карын күрөп ийип ордо оюнун ойной беришчү экен.

4. «Ордо» оюнунда командандын курамы жаш курагы боюнча чектелбейт. Команда жаш-кары, улуу-кичүү дебей эле, өз өнөрүн көргөзө беришет. Бул болсо улуу муундун кичүү муунга оюн боюнча, анын тарыхы боюнча тарбиялык маалыматтарын түздөн-түз берип турууга мүмкүнчүлүк берет.

5. «Ордо» оюнунда таамай атуу үчүн аралыкты болжоп мерчемдөөдө, оюнчулардын көз мелжеми өрчүйт, чүкө чертүүдө томпойго жетүү үчүн аракет кылууда бүткөн бойдогу булчуңдардын керилип-чоюлушу оюнчунун дене-түзүлүшүнүн өнүгүшүнө, калыптанышына (өзгөчө жаш муундар үчүн) олуттуу оң таасирин көргөзөт ж.б.у.с.

«Ордо» оюнунун жаш муунду тарбиялоодогу орду

1. «Ордо» оюнун жаш муунду тарбиялоодогу өзгөчө орунду ээлейт. Кыргыздарда бала кезинде үч таман, башма баш, кыргызча чүкө атышуу, чүкөнү коңторуу ж.б.у.с. оюндарды ойнобогон адам жоктур. Бул аталган оюндарды ойноп машыккан оюнчулар гана «ордо» оюнуна катышып, чыгаан оюнчулар болоору шексиз.

2. «Ордо» оюнунда ар кандай жаштагы, улуу-кичүүлөрдүн бир жамаатты түзүшү оюнду ойноодогу чеберчиликке ээ болууга шарт түзөт. Улуусу кичүүсүнө, тажрыйбалуусу шакиртине насаат айтышы ордо оюнунун Манастан бери – миң жылдан бери, жоголбостон өнүп-өсүп келе жаткандыгын күбөлөйт.

3. «Ордо» оюнун жогоруда айтылган жоокерчиликтик өзгөчөлүктөрүн камтыган чечмелениши, бүгүнкү күндө жаш муундарды аскердик ишке мектепте, жогорку окуу жайларда (билим берүүчү окуу жайларынын баардык деңгээлинде), ал гана эмес аскер бөлүктөрүндө да оюн аркылуу ар кайсыл деңгээлдеги аскер ишине, атайын ыкмаларга үйрөтүүгө шарт түзөт.

4. «Ордо» оюнунун пайда болуу тарыхын, анын көчмөндөрдүн философиясына туура келген маңызын, кыргыз элинин элдигин сактап келүүсүндөгү ордун баса көрсөтүп, жаш муундарга берүү алардын мекенчилдигин, элинин маданиятына, каада-салтына болгон сыймыктануу сезимин ойготуп, Кыргызстандын жаранымын деген ата-уулдук идентификациялоосун бекемдейт.

Акыркы жылдарда Кыргыз Республикасында көчмөндөрдүн оюнунун өткөрүлүп жатышы убагында адамзаттын өнүгүүсүнүн отурукташкан жана көчмөн болуп жиктелген экисинин бири болгон көчмөндөр маданиятынын кайра жаралуусун, дүйнө тарыхында өзүнө тиешелүү болгон ордун ээлешин көздөйт. Демек, ордо оюнун жана башка улуттук оюндарды бала-бакчадан баштап эле жаш муундарды тарбиялоочу мекемелердин баардыгында атайлап киргизүү, жайылтуу бүгүнкү күндүн талабы. Ошондуктан улуттук оюндарды «Хан таламай», «Тогуз коргоол», «Токту сурамай», Чакмак алышуу», «Чикит чапмай», «Жоолук таштамай», «Каным дат» ж.б.у.с. келечекте билим берүү мекемелеринде шартына жараша колдонуу, таралтуу мамлекеттик деңгээлде каралышы керек деп эсептөөгө болот.

Адабияттар

1. Манас: С. Каралаевдин варианты б-ча / Түз.: А.Жайнакова, А.Акматалиев. –Б.: «Турар», 2010. – 1008 б.

2. Кызыл кыргыз тарыхы: 1-китеп. Б.Солтоноев. –Б.: Мамлекеттик «Учкун» концерни, 1993.- 208 б.

3. Кыргыздар: К.Жусупов. –Б.: Кыргызстан басмасы, 1991.-530 б.

УДК:372.881.1(575.2)(04)

Карымшакова А.Т.
К.Карасаев атындагы БГУнун доценти, фил.ил.канд.
E-mail: talgarovna@gmail.com

КҮЧӨТКҮЧ БӨЛҮКЧӨЛӨР СҮЙЛӨМДҮН СИНТАКСИСТИК СТРУКТУРАСЫНДА ЭМОЦИОНАЛДЫК-ЭКСПРЕССИВДИК КАРАЖАТТАР КАТАРЫ

УСИЛИТЕЛЬНЫЕ ЧАСТИЦЫ В СИНТАКСИЧЕСКОЙ СТРУКТУРЕ ПРЕДЛОЖЕНИЯ КАК ЭМОЦИОНАЛЬНО-ЭКСПРЕССИВНЫЕ СРЕДСТВА

INTENSIVE PARTICLES ARE AS AN EMOTIONAL-EXPRESSIVE MEANS IN SYNTACTIC STRUCTURE OF SENTENCE

Аннотация: *Макалада күчөткүч бөлүкчөлөрдүн эмоционалдык--экспрессивдик каражаттар катары кепте активдүү кезигери жөнүндө сөз болот. Алардын келип чыгышы, семантикасындагы өзгөчөлүктөр, сүйлөм контекстинде колдонулуш бөтөнчөлүктөрү жөнүндө маалыматтар берилет.*

Түйүндүү сөздөр: *күчөткүч бөлүкчөлөр, күчөткүч бөлүкчөлөрдүн табияты, алардын синонимдештиги; этимону; күчөткүч бөлүкчөлөрдүн оозеки кепке мүнөздүүлүгү.*

Аннотация: *В статье речь идет об усилительных частицах, активно используемых в виде языковых средств для выражения эмоций и экспрессий. Кроме того, описываются происхождение усилительных частиц, их семантические особенности и способы их употребления в контексте предложения.*

Ключевые слова: *усилительные частицы, природа и этимон частиц; синонимичность частиц; присущность использования усилительных частиц в разговорной речи..*

Abstract: *The article describes the intensifying particles that are actively used in the form of the linguistic means for expressing emotions and expressions. Besides, it depicts the origin of the intensifying particles, their semantic features and ways for using them in the context of a sentence.*

Key words: *intensifying particles, nature and etymon of particles; synonymity of particles; distinctness of intensifying particles for using in the colloquial speech.*

Күчөткүч бөлүкчөлөр семантикалык классификация боюнча башка топтогу бөлүкчөлөргө караганда арбын топту түзөт. Булардын ичинен чыныгы бөлүкчөлөргө **түк, такыр, ным/дым, чылк, чылгый/чылкый, чымкый, өңчөй/өңкөй, ылгый, эң, өтө, абдан, эбегейсиз, ого бетер, ого эле/оголе, ак** кызматчы сөздөрү кирсе, функционалдык бөлүкчөлөргө **тим эле, жөн эле, таза, аябай, аябаган, аябагандай** деген сөздөр кирет. Биз булардын айрымдарынын келип чыгышына, тилде кандай функцияларды аткарып келгендиктерине, ошондой эле оозеки кепте, көркөм чыгармаларда эмоция-экспрессия жаратуучу тилдик

каражаттар катары милдет аткарып жатышына токтолмокчубуз.

Түк, такыр, таза, ным/дым бөлүкчөлөрү. Бул бөлүкчөлөр табияты жагынан карапайым оозеки кепке өтө мүнөздүү келгендиктен жана күчөтүү, баса белгилөө маанилерин да туюнтуу үчүн колдонулгандыктан, эмоция-экспрессия жаратуучу тилдик каражат катары тилде активдүү колдонулат. Башкача айтканда, сүйлөнүп жаткан кепти күчөтүп, баса белгилеп берүү аркылуу жандуу, уккулуктуу кылып өзгөртөт. Сүйлөм контексттинде көп учурда синонимдеш сөздөр катары биринин ордуна экинчиси колдонула да берет. Булардын ичинен **түк, такыр** бөлүкчөлөрү көпчүлүк учурда сүйлөмдө күчөтүү мааниси менен бирдикте, тануу маанисин да кошо алып жүрөт. Ошондуктан бул эки маанинин кайсынысы негизги орунду, кайсынысы андан кийинки орунду ээлейт деген суроого жооп берүүдө кыйынчылык туулат. Котормо сөздүктө "частица **такыр** употребляется "в отрицательном обороте" деп, анын алгачкы мааниси "голый, без растительности" деп берилген [1: 779, 694]. Ал эми **түк** бөлүкчөсүнүн орусча эквиваленти сөздүктө "абсолютно не..., никак, никогда" деп, андан ары **түккө турбайт** "ничего не стоит"; **түк неме** "ничего, абсолютно ничего" деген мисалдар менен коштолуп, бул сөздөрдүн баштапкы маанилеринде эле тангыч сема орун алып тургандыгы кыйытылып берилет [1: 779]. Ошондуктан бул эки бөлүкчө изилдөөчүлөр тарабынан бирде тангыч бөлүкчөлөр тобунда [2: 105-107; 3: 132-134; 4: 221-222], бирде күчөткүч бөлүкчөлөр тобунда [5: 177-179; ж.б. кийинки грамматикалар] каралып келген. Бөлүкчөлөрдөгү жогорку сыяктуу өзгөчөлүктөр финугор тилдеринде да орун алгандыгын К.Е.Майтинская да өз эмгегинде белгилеген [6: 130].

Түк, такыр сөздөрү бөлүкчөлүк милдетте башка түрк тилдеринде кезикпегендиктен, кыргыз тилине гана мүнөздүү бөлүкчө деп эсептөөгө болот. Бул бөлүкчөлөр басымдуу түрдө **эмес, жок** деген терс маанилүү сөздөр менен жана **-ба, -сыз** мүчөлүү этиштер менен айкалышып колдонулуп, алардын маанисин күчөтүп, баса белгилеп көрсөтөт. Бул учурда күчөтүү мааниси менен бирдикте тануу мааниси, сөзсүз, кошо жүрөт. Ошондуктан терс маанини туюнткан (**жок, эмес, -ба**) тилдик элементтери бар сүйлөмдөрдө бул бөлүкчөлөрдү **эч** тангыч бөлүкчөсү менен оңой эле алмаштырууга болот. (Салыштыруу максатында **эч** бөлүкчөсү кашаанын ичине кошо жазылат).

Мисалдарга кайрылалы: а) **такыр** бөлүкчөлүү сүйлөмдөр: Менин бар-жогумду мүлдө унутуп калгандай **такыр** (эч) назар салбайт (Ч.А.). Алдагы колуңдагы аялуу нерсени **такыр** (эч) ыргытпастырсың (оозеки кептен). Ошондой да, **такыр** эле (эч эле) үмүттү үздүргөн алсыз, коркок пенделерден эмес (Т.Сыдыкбеков). Дүйнөдө ким өзүн **таптакыр** (эч) жеңилбес эр ойлосо, аялдарга жибер (Б.Усубалиев). Абакир кылчайып койбоду, аздан соң жер соргонсуп **таптакыр** (эч) көрүнбөй кетти (Ч.А.). Ишенип кой... Нияз жердешиң **таптакыр** (эч) сен ойлогондой эмес! (Т.А.). Кызык, буларың бири-бирине **таптакыр** (эч) окшошпойт экен да, аялдар менен эркектерди айтам (Б.Усубалиев). Ал мурда эркек менен аялдын айырмасы жөнүндө **таптакыр** (эч) ойлоп көрбөптүр (Б.Усубалиев). Ал **таптакыр** (эч) унчукпас болду эми, сүйлөшкүсү да келбеди (К.Акматов). (**Такыр** бөлүкчөсүнүн тилде **таптакыр** деген варианты өзгөчө оозеки кепте эмоция-экспрессияны ашырып берүү максатында көп колдонулат).

б) **түк** бөлүкчөлүү сүйлөмдөр:...Жекинтай, берекем, мага **түк** (эч) келбейй койдуң да, же мени унуттуңбу? (Б.Ж.).

Кызыталак бул бурут
Салышсак чама **түк** (эч) келбейт
Чабышсак моюн **түк** (эч)ербейт ("Манас").
Дүйнөдөн **түк** (эч) көргөнүм жок,
Сендей эпчил бышыкты (А.Т.).

Бирок сүйлөмдө жогорудагыдай даана танууну билдирген тилдик элементтер (жок, эмес, -ба, -сыз) кезикпесе, анда **түк, такыр** бөлүкчөлөрүн **эч** тангыч бөлүкчөсү менен алмаштырууга мүмкүн эмес: **Такыр** эле катуу кетип калганыбызды кийин түшүндүм (Ч.Айтматов). Жөн койсо **такыр** басынтып жиберчүдөй (Б.Усубалиев). Кечетен бери анын айласын кетирип, **такыр** чүнчүтүп салды (оозеки кептен).

Бул бөлүкчөлөр оозеки кепте жана көркөм чыгармаларда **эле, да** бөлүкчөлөрү менен айкалышта колдонулганда, сүйлөмгө ийкемдүүлүк, көрктүүлүк, карапайым кептин жандуулугун тартуулайт: Апакай мамил чай экен. Мен опурма чайга **түк эле** тердебейм (А.О.). Кагылайын, сен **такыр эле** арыктап алгансын го?! (оозеки кептен). ...менин жүрөгүмдөн сүйүү таппай кыйналып жүрөбү деп ойлойм. Билбейм, айтор, издеп, издеп **түк да** табалбайм! (Т.А.).

Аталган бөлүкчөлөр сүйлөмдө редупликацияланып колдонулганда, алардын күчөтүү жана чектөө маанилери мурдагыдан да ашыкча күчөтүлгөн эмоцияга ээ болот: Башына түшкөн кырсыкка **түк-түк** көналбай, мурункусун эч бир унуталбай койду (Ч.А.). Балдар, бизди уксаңар мындан ары **такыр-такыр** андай терс жолго баспагыла! (оозеки кептен).

Диалогдук кепте бул бөлүкчөлөр өз алдынча сүйлөм катары колдонулуу менен, суроо **-бы** мүчөсүн кабыл алууга жөндөмдүү да болот: - Сени трассадан алып салышты,- деди. **–Таптакырбы?** –Таптакыр... (Ч.А.). –Кечир, биз эми көрүшпөйбүз! **–Түкпү!** –Ооба, бул чындык (оозеки кептен).

Түк, такыр бөлүкчөлөрүнүн нукура карапайым оозеки кептеги синоними катары сын атоочтон пайда болгон **таза** бөлүкчөсүн эсептөөгө болот. Ошондуктан күнүмдүк турмушта жөнөкөй пенденин оозунан **таза** кызык иш болду го, **таза** акмак неме го, кечээ **таза** жамгыр төктү го, эч кимге сөз бербей, **таза** бакылдап сүйлөдү деген айтымдарды кеңири эле эшитүүгө болот. Ошондуктан оозеки кепте, көркөм чыгармаларда **таза** бөлүкчөсүнүн күчөтүү мааниси сүйлөөчүнүн реалдуу чындыкка карата субъективдүү баасы берилгенде колдонулат: Бая күнү айласын **таза** кетиргендиктен, Карасарттын баласын какыс-кукус кылып койду эле, ошондон бери кутулбас куяга калды (Б.Усубалиев). ...Эмне кылсам? **Таза** уят болмой болдум го... (Ч.А.). Ушу бойдон аялга баш ийе берсек, кийин-кийин бир замандарда жигитчилиги бар эркектерден **таза** кол жууйсуңар (Б.Ж.).

Төргө өз ордуна өтүп отуруп, **таза** жанталашкан жаман кишилер турбайбы, кокуй,- деп кейий сүйлөдү (Т.Касымбеков). Акылдуу эле жан деп жүрсөм, **таза**

накта акылдан адашкан неме өңдөнөт, капыр десе! (оозеки кептен).

Түк, такыр бөлүкчөлөрүнө **ным/дым** бөлүкчөлөрү тилдеги аткарган функциясы боюнча дал келери кыргыз окумуштуулары тарабынан белгиленет [7: 223-227; 8: 222]. Чыгыш теги боюнча **дым** - зат атооч. Салышт.: үнү-дымы жок "безмолвие", "мертвая тишина" [1: 205]. **Ным/дым** бөлүкчөлөрү карапайым оозеки кепке мүнөздүү болгондуктан, фольклордо да жолугат, бирок тилде жогорудагы бөлүкчөлөргө салыштырмалуу өтө чектелүү колдонулат. Алар оң жана терс маанидеги этиштердин алдынан орун алуу менен, ал маанини күчөтүп берет:

Күүгүм кирип күн батты
Элдин баары **ным** жатты ("Манас").
Күүгүм кире, күн бата
Калктын алды **ным** жата("Манас"). Аны билесиң да, бирөөгө өмүрү **ным/дым** кызмат кылбайт (оозеки кептен). Мындай адамдар жосунсуз жоруктарын **ным** билгизбейт эмеспи! ("Тамчы" гез.).

Синонимдик катарды түзгөн **чылк, чылгый/чылкый, чымкый, өңчөй/өңкөй, ылгый** күчөткүч лексемалар сүйлөм конструкцияларында атооч сөз түркүмдөрү менен айкалышып келип, аларга күчөтүү маанилерин кийирет. Бул бөлүкчөлөр катышкан сүйлөмдөрдүн көркөмдүк деңгээлдери арткандыктан, угуучуга жеткиликтүү болуп, жандуу маанай да жаратат. Булардын түпкү этимонунда чектөө мааниси да орун алгандыктан, алар чектегич бөлүкчөлүк милдетти да катар аткара алат. Минтип бир катар күчөткүч бөлүкчөлөрдүн контекст ичинде чектегич бөлүкчөлүк милдетти да кошо ала жүрөрүн топтолгон факты-материалдар даана тастыктап келет.

Синонимдик катыштагы акыркы саналып өткөн бөлүкчөлөр бардык эле кызматчы сөз түркүмдөрүндөй алгач өзүнүн баштапкы лексикалык маанилеринде тилде кеңири колдонулуп келген. Ошондуктан өткөн кылымдын 50-60-жылдарында алар аныктагыч тактоочтордун өзгөчө тобу катары каралып келген [6: 26]. Айрым грамматикаларда **ылгый, өңчөй** сөздөрү күчөткүч тактоочтор деген аталышта берилип келген [9: 218-223; 10; 115]. Бул (**ылгый, өңчөй)** сөздөрдүн күчөткүч тактоочтор катары каралышы казак грамматикасында да орун алгандыгы белгилүү [11: 339].

Аталган бөлүкчөлөргө карата "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнөн" [12: 714-715] башкача маалыматты жолуктура алабыз. Анда **чылк, чылгый/чылкый, чым, чымкый** сөздөрү бөлүкчө деп белгиленсе, **өңкөй, өңчөй** сөздөрүнө тактооч деген белги коюлган [12: 485]. Ушул катарды толуктаган **ылгый** сөзү сын атооч катары белгиленген [12: 747]. Бирок тилдеги мындай бир түрдүү категориянын ар түркүн сөздөрдүн тобуна ыйгарылып калышы бир сөз түркүмүнөн экинчи сөз түркүмүнө өтүү абалы толук ишке аша элек мезгилде орун ала берчү көрүнүш экени илимде белгилүү. Ошондуктан С.А. Давлетов тактоочтор боюнча жазган эмгегинде буларды тактоочтор тобуна кошкону менен, тактоочко караганда атооч сөздөрдү күчөтүп көрсөткөн бөлүкчө катары таанылганы туура деп билдирген [6: 26]. Ошондон баштап кыргыз тилинин грамматикаларында акырындап көз караш өзгөрүп, булар биротоло бөлүкчөлөрдүн катарында карала баштайт. С.А. Давлетовдун бул илимий негиздеги чечимин биз да туура деп эсептеп, аны колдоп келебиз.

"Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгүндө" **чылк, өңкөй** бөлүкчөлөрү **чыл/к, өң/кө/й** морфемаларына ажыратылып берилиши да кызыгууну жаратпай койбойт [13: 342; 251]. Эмгектин авторлору бул сөздөрдөн негизги (1-бөлүктөрү) жана көмөкчү (кийинки бөлүктөрү) морфемаларды көрө билишкен. Демек, ушундай эле принцип боюнча **өңчөй** бөлүкчөсүн да **өң/чө/й** деген морфемаларга ажыратууга болот. Эгер биринчи сөздүн биринчи бөлүгүнүн (уңгусунун) мааниси азыркы абалдан алып караганда даана болбогону менен, кийинки сөздөрдүн биринчи бөлүктөрүнүн мааниси - ачык, түшүнүктүү. Себеби **өң** котормо сөздүктө – "лицо, цвет", ал эми **бир өңкөй** – "одинаковый, однообразный (цвет)" деп берилген [1: 595-596]. **Ылгый** бөлүкчөсү (орусча: сплошь, исключительно) этимологиялык жактан **ылга** (орусча: выбирать, отбирать, различать) этишине **-й** аффиксинин жалганышынан пайда болгон деп эсептөө илимий жактан негиздүү [1: 929].

Бул бөлүкчөлөрдүн ичинен **чым** лексемасы бөлүкчөлүк мааниде байыркы жазма эстеликтерде (**чим** тыбыштык турпатында) кезигери белгилүү болду. Маселен, "Древнетюркский словарда čim "препозитивная усилительная частица" деп белгиленип, төмөнкү мисалдар берилген: Čim jiq et "совсем сырое мясо"; čim öl ton "совершенно мокрая одежда" [14: 146; 15: 170].

Түрк тилдеринин ичинде **чым** (чымкый) бөлүкчөсү татар тилинде **чем** тыбыштык вариантында, чуваш тилинде **чи, чин, чен** тыбыштык турпатында жолугат [16: 339-349; 17: 121-125]. Сөз болуп жаткан бөлүкчөлөрдүн айрымдары өз этимондорунан дагы деле көп алыстай электиктен, алар баштапкы толук лексикалык маанилеринде колдонулуп калышы да мүмкүн. Маселен, **чылк** бөлүкчөсү (кээде **чылгый/чылкый**) этиш менен айкашып келгенде аныктагыч тактоочтун милдетинде келип калат: Асманды **чылк** каптап турган кара туман шамалдын ылдамдыгына туруштук бербеди окшойт, тез эле тарап кетти (Ч.А.). Алар дагы багыты белгисиз, максаты белгисиз тарапка дүйнөнү **чылк** чүмкөп турган буурул туман ичинде сүзүп баратты (Ч.А.). Ошентип, жогорку мисалдар бул сөздөр бөлүкчөлөрдүн катарына кошулганга чейин, чынында эле, тактоочтук милдетте келгенинен даана кабар берет.

Чылк, чылгый/чылкый, чымкый, өңчөй/өңкөй, ылгый бөлүкчөлөрүн талдоодон мурун бул бөлүкчөлөрдө (**чымкый** күчөткүч бөлүкчөсүнөн башкасында) күчөтүү мааниси менен катар, жогоруда белгиленгендей, чектөө мааниси да кошо жүрөрүн эскертебиз. Ошол себептен бул бөлүкчөлөрдү контекст ичинде **жалаң** деген чектегич бөлүкчө менен алмаштырып колдонсо да болот. (Оюбузду бышыктоо үчүн салыштыруу максатында **жалаң** чектегич бөлүкчөсүн кашаанын ичине күчөткүч бөлүкчөдөн соң беребиз). Ошентип, аталган синонимдеш бөлүкчөлөрдү сүйлөмдө колдонулуу өзгөчөлүктөрүндөгү байкалган айырмачылыктарына карата эки топко бөлүп карап көрөлү. А) **өңчөй, өңкөй, ылгый** бөлүкчөлөрү бир канчалаган нерселердин, белгилердин тобун, жыйындысын күчөтүп, чектеп көрсөтсө, Б) **чылк, чылгый/чылкый** бөлүкчөлөрү жалгыз, жеке нерсени, белгини да, көп-

төгөн нерселердин, белгилердин тобун, жыйындысын да күчөтүп, чектеп көрсөтөт. Булардын ар бирине өзөзүнчө мисалдар ыйгаралы: А) Тигил **өңчөй** (жалаң) көгала сакал карыялардын ортосунда отурган Саякбай алда ким колтукка түрткөндөй ыргып турду (Т.С.). Бул жолу **өңкөй** (жалаң) он сегиз, он тогуздагы бетинин түгү түшө элек балдар (аскерге) жөнөп жатты (Ч.А.). Айылдык клубда **ылгый** (жалаң) мотурайган мадыра баштар концерт коюп жаткан экен (“Супер инфо” гез.). **Ылгый** (жалаң) көктөрү менен жаңы кыяра баштагандары анын энчисине буюрган турбайбы! (оозеки кептен). Б пунктунда биринчи кезекте **чылк, чылгый/чылкый** бөлүкчөлөрүнүн жалгыз, жеке нерсени, белгини күчөтүп, баса белгилеп жатканына мисалдар келтирели, андан соң бир нече нерселерди, белгилерди күчөтүп, баса белгилеп жатканына мисалдар берели: Б.1. Ал турпаты **чылк** (жалаң) күмүш байгелүү жоргого ар дайым минет да жеңишке жетишет (оозеки кептен). Шырылып тигилген чапаны **чылгый** күрөң матадан болгондуктан, көзгө жагымдуу көрүнөт экен (“Тамчы” гез.). ...же араба эмес, **чылк** темирден куюлган немени жапжаш орус жигит башкарып айдап алыптыр (Т.С.). Б.2. Бул тойдо **чылгый** (жалаң) эле кары-картаңдар аңгеме-маек куруп отургандай элес калтырды (“Тамчы” гез.). Сууда сүзгөндөр **чылк** (жалаң) эле тажрыйбасы жакшы топтолгон жаштар экени сүйүнтөт (“Супер инфо” гез.). Жайлоонун бир тарабында көздүн жоосун алган **чылкый** (жалаң) апапак боз үйлөр тигилген (оозеки кептен). Мисалдарда камтылган бөлүкчөлөр аркылуу карапайым сүйлөшүү актысы күчөтүлүп, көркөмдөлүп берилүү менен, айтылып жаткан ой жандуу да, жеткиликтүү да мүнөзгө ээ болгонун байкоого болот.

Аталган күчөткүч бөлүкчөлөр көп учурда **эле** чектегич бөлүкчөсү менен айкашып келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындай айкашуулар сүйлөмдүн жалпы мазмунуна көрктүүлүк, кооздук, уккулуктуулук жана жандуулук тартуулайт: Ой, жубарымбек десе, **чылкый эле** мадыра баштарды жыйып келгенсиң го (оозеки кептен). Катыгүн ай, бүгүн **өңчөй эле** “тагдырдын тамашасына” кабылгандардын маселеси каралат окшобойбу?! (оозеки кептен). Алыска кара жумушка аттангандар **ылгый эле** сүтү оозунан кете элек боз балдар экен (“Супер инфо” гез.).

Чымкый бөлүкчөсү бул топко кирген башка бөлүкчөлөрдөн өзгөчөлөнүп өң-түстү билдирген сын атоочтор менен жанаша келип, сапаттын толуктугун билдирет. Ошондой эле жого рку күчөткүч бөлүкчөлөрдөн чектөө маанисинин жоктугу менен айырмалуу: Бет алдында **чымкый** кара аттын үстүндө чакчайган көзүн тигип бир киши турган эле (Т.К.). Кызыл кымкап тон кийген, башына **чымкый** көк селде орогон, бөдөнөнүн куйругундай чукчуйган ак сакалдуу кишинин алдына алып келди (Т.К.). ... башында **чымкый** кызыл манат тыштанган сеңсел жүндүү кара көрпө тебетей (Т.К.).

Бул бөлүкчө аркылуу нерсенин өңү-түсүнүн бир түрдүүлүгү баса белгиленет, күчөтүлүп көрсөтүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, күчөткүч бөлүкчөлөр табиятында оозеки кептин жагымдуу ажарын, уккулуктуулугун, угарманга жугумдуулугун ачуу үчүн жаралган лексемалар деп ойлоого тилдеги фактылар негиз берет.

Адабияттар

1. Кыргызча-орусча сөздүк. / Түз.: проф. К.К. Юдахин. –М.: Советская энциклопедия, 1965. - 973 б.

2. Бакеев К., Бактыбаев У. Кыргыз тилинин морфологиясы: 5-6-кл. үчүн. –Ф.: Кыргызмамбас, 1939.

3. Бакеев К. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология: 7 жылдык жана орто мектептердин 5-6-кл. үчүн. –Ф.: Кыргызмамбас, 1950.

4. Жакыпов Ы., Турусбеков С., Майрыков Д. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүк: Пед. окуу жайлары үчүн. –Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1955.

5. Исаев Д. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүк: 7 жылдык жана орто мектептердин 5-6-кл. үчүн. –Ф.: Кыргызмамбас, 1955-1958.

6. Майтинская К.Е. Служебные слова в финно-угорских языках. –М.: Наука, 1982, 185 с.

7. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. –Ф.: Мектеп, 1980. – 235 б.

8. Давлетов С.А. Азыркы кыргыз тилиндеги тактоочтор. –Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1960. - 77 б.

9. Жакыпов Ы., Турусбеков С., Майрыков Д. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Пед. окуу жайлары үчүн. –Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1955.

10. Дыйканов К., Кудайбергенов С. Кыргыз тилинин морфологиясы. –Фрунзе, 1957.

11. Қазіргі қазақ тілі: Лексика, фонетика, грамматика. / Под ред. Балакаева М. Исакова А. –Алматы: Қазақ ССР Гылым Академиясының баспасы, 1954. - 263 б.

12. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Ф.: Мектеп, 1969. -775 б.

13. Мукамбаев Ж., Осмонкулов А. Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү. – Ф.: Мектеп, 1978. – 380 б.

14. Древнетюркский словарь. –Л.: Наука, 1969. – 676 с.

15. Махмуд Кошгарий. Девону луготит түрк. Т. III. / Таржимон ва нашрга таёрловчи С.М. Муталлибов. –Тошкент, 1963.

16. Современный татарский литературный язык. –М.: Наука, 1969. -380 с.

17. Левитская Л.С. Историческая морфология чувашского языка. –М.: Наука, 1976. – 206 с.

УДК: 81,255:811.161.1:811.111.

Кадыркулова Ф. Д.
К. фил. н., профессор
Бишкекский Гуманитарный университет им. К.Карасаева
тел.:0552988887, e-mail: f.kadyrkulova@bhu.kg

ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ТЕКСТТЕРДЕГИ АНГЛО-АМЕРИКАНИЗМДЕРДИН КОТОРУЛУШУ

ПЕРЕВОД АНГЛОАМЕРИКАНИЗМОВ В ТЕКСТАХ НАУЧНО-ТЕХНИЧЕСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

TRANSLATION OF ANGLO-AMERICANISMS IN THE TEXTS OF SCIENTIFIC AND TECHNICAL LITERATURE

Аннотация: *Бул макалада англо-американизмдерди орус тилинен англис тилине которуу өзгөчөлүгү каралат. Ошону менен бирге англо-американизмдердин, интернационализмдердин которулушуна талдоо жүргүзүлөт. Макаланын актуалдуулугу илимдин, техниканын өнүгүшү жана адекваттуу котормо менен байланышат.*

Түйүндүү сөздөр: *котормо, англоамериканизмдер, илимий-техникалык өнүгүү, маалымат, транслят.*

Аннотация: *В статье рассматриваются особенности перевода англоамериканизмов с русского языка на английский язык. Данная статья представляет собой лингвистический анализ перевода англоамериканизмов, интернационализмов. Актуальность статьи связана с развитием науки и техники и его адекватным переводом.*

Ключевые слова*: перевод, англоамериканизмы, научно-техническое развитие, информация, транслят.*

The article deals with peculiarities of translation of Anglo-Americanisms from Russian into English. This article represents linguistic analysis of translation of Anglo-Americanisms, internationalisms. The actuality of the article is connected with the development of science and technology and its adequate translation.

Keywords: *translation, Anglo-Americanisms, scientific and technical development, information and translit.*

Азыркы мезгилде илим жана техниканын өнүгүшү өлкөлөр арасындагы илимий-техникалык маалыматтар менен үзгүлтүксүз алмашуусу менен коштолот. Илимий-техникалык өнүгүштүн кылымы илимий-техникага байланыштуу адабияттардын көлөмүнүн көбөйүшү менен мүнөздөлөт. Акыркы сегиз жылда дүйнөлүк илимий-техникалык адабияттардын жалпы көлөмү эки эсе жогорулады. Ошентип, илимий-техникалык маалыматтын үлгүлүү көрүнүшү, чет элдик тажрыйбанын өздөштүрүү жана жайылтуу системасы – техникалык прогресстин максималдуу тездөөсүнүн жана өндүрүштү уюштурууну жакшыртуунун маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. Ошону менен бирге илимий-техникалык маалыматтар менен алмашуу чон саясий мааниге ээ, б.а., өлкөлөр ортосундагы экономикалык байланыштардын бекемделишине, илим-техникадагы мамилелердин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Чет элден келген илимий-техникалык адабияттардын көлөмүнүн көбөйүшү менен аларды эне тилине которуу үчүн атайын котормочулар талап кылынат, атайын техникалык маалыматтар менен алмашууну камсыз кылган каражат катары техникалык котормонун ролу жогорулайт.

«Котормо» сөзү эки мааниде колдонулат: 1) котормо – башка бир тилде туюндурулган *билдирүүнү* берүүдөгү тилдик ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү; 2) котормо – котормо ишмердүүлүгүнүн натыйжасы. Котормо

процессинин натыйжалары которулган көркөм чыгармалар же илимий-техникалык адабияттар болуп саналат. Котормо – котормо ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары – түп нуска текстти башка тилдин жардамы менен мазмуну жана формасы сакталып кайрадан жаратуу. Азыркы мезгилде котормо теориясында бул маани «транслят» деген термин аркылуу берилип келет.

Транслят - котормо процессинде жаралып, өзүнүн мыйзамдары боюнча жүрүп, белгилүү бир эрежелерге багынат.

Котормочу бул мыйзамдарды жана эрежелерди билүүсү зарыл, котормо процессинин табиятын түшүнүп, жалпы эле котормо теориясынын негизги жоболорун өздөштүрүүсү керек. Теорияны түшүнүү менен түп нуска текстти аң-сезимдүү түрдө талдоого, транслят түзүүдө тигил же бул конкреттүү ыкмаларды тандап алууга жардам берип, так котормону жаралышын камсыздайт.

Ар бир тилде ой-жүгүртүү ошол тилдеги өзгөчөлөнгөн белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүккө баш ийет, ар бир тил өзүнүн ички мыйзамдарына ылайык өнүгөт, ой жүгүртүүдөн айырмаланып, ар кандай тилдердеги бир эле түшүнүк ар кандай тилдик каражаттар аркылуу туюнтулат. Мисалы, жыйырма төрт саатка туура келген мезгил аралыгын билдирген түшүнүк, б.а., күн-түн узактыгы орус тилинде *сутка* деген бир эле сөз менен берилсе, немис тилинде *Tag und Nacht – 24 Stunden* деген сөз айкаштары, англис тилинде *day, night, daily, 24-hours* же*24-hour* деген бир катар эквиваленттер аркылуу туюндурулат.

Тигил же бул түшүнүктү билдирген сөздөр башка бир сөздөр менен айкашып келип, таптакыр башка мааниге ээ болушу да мүмкун, б.а., белгилүү бир белгилери боюнча ошол түшүнүк тиешелүү болгон топко кирсе, ал белгилер жоюлуп башка бир түшүнүктөргө ээ болот. Тагыраак айтканда, бул сөздөр ар бир учурда ар кандай которулат. Алсак, орус тилиндеги *плита* сөзү - жалпак, тик бурч формасындагы металлдын, таштын же башка материалдын бөлүгүн билдирет. Ал эми немис тилинде бул түшүнүк *Platte, Fliese, Tafel* деген сөздөр менен туюндурулат. Ушул эле сөздөр газ деген зат атооч сөз менен айкашып, *газ плитасы* – үстү металл менен жабдыкталган ашкана буюмун туюндуруп калат. Бул түшүнүк немис тилинде *Gasherd* деген татаал сөз менен берилет.

Орус тилиндеги *ручка (калем, кармооч)* немис тилине ар бир учурда ар кандай мааниде которулат: *дверная ручка* (*эшиктин кармагычы) –Klinke*, *рукоятка (сап, тутка) - Griff, ручка посуда (идиштин кулагы, кармагычы) - Henkel, ручка для вращения (айлантуучу тутка) – Kurbel*. *Шариктүү* деген сын атооч менен айкашып, *шариковая ручка (шариктүү калем)Kugelschreiber* деген сөз менен которулат.

Демек, түп нусканы өзүнчо сөздөр менен которууга болбойт, тагыраак айтканда, кандай гана текст болбосун контекстке карап, сөздөр ортосундагы байланыштарды эске алып, котормонун негизги эрежелерине ылайык которуу керек.

Техникалык текстти которуп жатып туура жана сабаттуу берүү үчүн, котормочу азыркы котормо теориясынын негизги жоболорун жакшы билүү билүү менен бирге, төмөнкү жөндөмдөргө ээ болуусу зарыл.

1. Түп нуска текст таандык болгон тилдеги техникалык текстке мүнөздүү бардык лексикалык, грамматикалык жана фразеологиялык кубулуштарды жакшы билүү;

2. Бул кубулуштарды орус тилине которуу ыкмаларын билүү;

3. Ар бир жагдайга мүнөздүү болгон котормонун бир гана ыкмасын тандап алуу;

4. Маалыматтык булактарды пайдалана билүү;

5.Техникалык котормонун ар кандай түрлөрүн билүү жана аткара алуу;

6. Терминологиялык минимумдарды билүү;

Терминологияны билүү котормонун үстүндө иштөөдө гана маанилүү болбойт: азыркы мезгилдеги атомдук энергия, реактивдик техника, электроникаңы ж.б. колдонуу менен менен байланышкан илимий-техникалык революция жүрүп жаткан шарттарда ар бир билимдүү адам белгилүү бир деңгээлде техникалык терминдердин минумумун өздөштүрүү менен бирге, алардын мааниси менен таанып болуусу зарыл. Ошентип, илимий-технологиялык терминологияны которуу азыркы шарттарда өзгөчө мааниге ээ.

Көптөгөн адамдар жаны техника, турмуш-тиричилик буюмдарын жана ар кандай химиялык каражаттарды (шампунь, тазалоочу каражаттар ж.б.) сатып алуу жагдайында алардагы жазууларды өздөрү которууга туура келет, же чет тилин билген компетенттүү адистерге кайрылышат. Бирок көпчүлүк учурда бир катар адистер спецификалык илимий-техникалык материалдарды биле беришпейт. Эгерде,техникалардын көрсөтмөлөрү туура, так которулбаса, дезинформацияны жаратып, ар кандай жагымсыз жагыдайларга алып келиши мүмкүн. Алсак, кандайдыр бир химиялык каражаттын тиешелүү өлчөмү (дозасы) туура которулбаса, адамдын ден соолугуна залал келтирип же кандайдыр бир өзгөчө кырдаалды жаратат.

И.М.Соловьеванын белгилөөсү боюнча, «атайын котормо - атайын терминдердин эквивалентин сөздүк боюнча жөн гана тизип коюу эмес. Чындыгында, кээде гана же кокустан эле бир сөз экинчи бир тилде так эквивалент болуп келет. Бир дагы адам өзу түшүнбөгөн түшүнүктү тиешелүү деңгээлде которо албайт. Техникалык текстти тиешелүү билими жана техникалык ой-жүгүртүү жөндөмү бар адис гана туура которо алат... Котормочунун компетенттүүлүк деңгээли түп нуска тексттин мүнөзүнө жана материалына гана көз каранды болбостон, котормо тексттин кандай окурманга багытталганына да жараша болот» [АН СССР: Кафедра иностранных языков. Стилистико-грамматические черты языка научной литературы. -М.: Наука, 1970.с 197]. Ошондуктан мындай мүчүлүштүктөргө кабылбоо үчүн котормочу илимий-техникалык ар кандай жанрдагы адабияттарды которууда кыйынчылык жараткан эки тилдеги бардык тилдик кубулуштарды билүүсү керек. Алды менен, техникалык жана илимий-техникалык тексттерде көп кездешкен тилдик өзгөчөлүктөрдү (лексикалык, грамматикалык, стилистикалык) жана кубулуштарды аныктап алып, аларды которуудагы бардык варианттарга көңүл буруп, белгиленген өзгөчөлүктөрдү конкреттүү мисалдар (инструкция, гезит-журналдардан алынган макалалар, каталогдор, ойлоп чыгаруу патенти) аркылуу талдап, котормочунун негизги эрежелерин тактап алуу абзел.

Илимий-техникалык адабияттарды которууда башка тилдерден, англис, француз жана башка тилдеринен, өздөштүрүлгөн сөздөр көп кездешет. Мындай өздөштүрүү, өзгөчө, терминдерге мүнөздүү. илимий-техникалык прогресс, илим жана техникадагы жаңы ачылыштар жаңы сөздөрдү пайда кылып, интернационализм (эл аралык сөздөр) сөздөргө айланышат. Алсак,*Computer, Kybernetik, TV* деген сыяктуу сөздөр азыркы күндө бардыгына түшүнүктүү болуп, англис тилинен кабыл алынса да котормодо кыйынчылык туудурбайт. Белгилүү болгондой, англо-америка тилдеринен өздөштүрүү кеңири жайылган.

Чет тилдериндеги терминдерди өздөштүрүү белгилүү бир өлкөдө жаны нерсе иштелип чыкса патент алынса, илимий ачылыш болсо гана ишке ашат да, тил ал приоритетти бекемдейт. Мисалы, интернационализм сөздөрдүн тобуна кирген *спутник, космос* сыяктуу сөздөр буга далил боло алат.

Илимий тилде чет сөздөрүнүн колдонулушу ар кандай экени аныкталган. Аталган сөздөр көбүнчө химия, физика, кибернетика, генетика илимдеринде колдонулат. Оозеки тилде өздөштүрүү 8-12% гана түзсө, атайын терминологияда абдан көп кездешет. Англо-америка тилдеринен өздөштүрүүдө сөздөр немис тилине бир гана маанисинде өткөн: *der Breaker брекер (слой крышки – капкак каттмары) der Gangway - трап.*

Англо-американизмдер немис тилиндеги зат атоочтор сыяктуу эле баш тамга менен жазылып, грамматикалык родду кабыл алышат. Англис тилинен грамматикалык родду өздөштүрүү ар түрдүү болот. Алсак, англис тилиндеги сөз немис тилинде да окшош уңгуга ээ болсо, ошол эле родду кабыл алат. Мисалы: *der Trank – der Drink*.

Ушул эле принцип менен грамматикалык род жана синонимдер да кабыл алынат: *Der Kampf – der Fight*.

Англо-американизмдер тигил же бул грамматикалык родду мүчөгө жараша кабыл алат. Мисалы, *-er, -ismus* мүчөлөрү менен аяктаган зат атоочтор мужской родко таандык болот: *derWash – Primer- реактивдүү монурак; derTrawler – траулер* ж.б.

-ity, -ship, -ness, -су мүчөлөрү менен аяктаган зат атоочтор женский родко таандык болот: *die Activity – активность*.

Абстракттык жана табиятты туюндурган зат атоочтор, ошондой эле *-ment, -ing* мүчөсү менен аяктаган зат атоочтор средний родду кабыл алат: *dasArrangement – жайгашуу, түзүлүш, монтаж*.

Көптөгөн англо-американизмдер немис тилинде колдонуу процессинде ассимиляция кубулушуна дуушар болуп, немис тилинин системасында тиешелүү сөздөр болсо да, чыгыш теги боюнча немис сөзүндөй кабыл алынат. Мисалы: *parken- унааны токтотуу; das Parken- унаа токтотуучу жай; testen – текшерүү; der Test- тест, текшерүү*.

Акыркы мезгилдерде англо-американизмдер жарнамалык тексттерде кенири кездешет. Жарнама – илимий-техникалык адабияттын бир түрү болуп саналат. Ошондуктан, жарнамалык тексттерде көп кездешкен бир катар өздөштүрүүлөр менен таанышууга туура келет.

Жарнамалык тексттер адам ишмердүүлүгүндөгү илим, техника, косметика, мода, үй тиричилиги жана музыка сыяктуу бардык чөйрөлөрүнө жана багыттарына тиешелүү. Ошону менен бирге информатикадагы *Begin-башталыш, End-аякталыш, Array-антенна торчосу, Integral - бүтүн сан* сыяктуу *таза* өздөштүрүүлөр менен катар бир компонентин немис, экинчисин англис тилиндеги сөз түзгөн татаал сөздөр да кездешет:*Campingbeutel – кемпинг үчүн баштык; Freeser муздаткыч*.

Жарнамалардан улам англис тилиндеги *super* деген негиз-сөз көп мезгилдерден бери илимий-техникалык адабияттарда сөз жасоочу кызмат аткарат. Мисалы: *superfein – абдан жука; dasSuperoxid –өтө кычкыл* ж.б.

Кездемелерде тазалаган химиялык каражаттардын, косметикалык каражаттардын аталыштарынын курамында англис тилиндеги d*ry – кургак* деген сөзү катышат. Алсак, *drycream – кургак териге колдонулуучу крем*.

Англо-американизмдерди которууда кыйынчылыктар жаралса, немис-орус сөздүгүн кароо керек, аталган сөздүктөн тиешелүү сөз табылбаса англис-орус сөздүгүнө колдонсо болот.

Адабияттар:

1. Сабитова М.Т., Исина Г.И. «Теория перевода», Алматы, 1995.

2. Акуленко В.В. Интернациональные элементы в лексике и в терминологии. -Харьков, 1980.

3. Бруес Е.В. Основы теории и практики перевода с русского языка на английский. -М., 2000.

4. Казакова Т.А. Практические основы перевода. -М., 2002.

УДК:378.016:81.161.1.

Омуралиева К. С.
Ст. преп. Кыргызской Государственной Юридической Академии

ВЛИЯНИЕ ФИЛОЛОГИИ И ЛИНГВИСТИКИ НА РАЗВИТИЕ СОВРЕМЕННОЙ ФИЛОСОФИИ

ФИЛОЛОГИЯ ЖАНА ЛИНГВИСТИКАНЫН ЗАМАНБАП ФИЛОСОФИЯНЫН ӨНҮГҮҮСҮНӨ БОЛГОН ТААСИРИ

THE INFLUENCE OF PHILOLOGY AND LINGUISTICS ON THE DEVELOPMENT OF MODERN PHILOSOPHY

Аннотация: *В статье рассматривается влияние филологии и лингвистики на современную философию и их взаимосвязь в развитии бытия человека. Особое внимание уделяется тому, какие философские вопросы существуют в филологии и лингвистике до сих пор.*

Ключевые слова: *филология, лингвистика, философия, влияние, взаимосвязь, проблемы, язык и речь.*

Аннотация: *Макалада филологиянын жана лингвистиканын адамдын турмушунун өнүгүүсүнө заманбап философияда болгон таасири жана өз ара байланышы жөнүндө айтылат. Азыркыга чейин филология жана лингвистикадагы кандай философиялык маселелери бар, аларга өзгөчө көңүл буруу.*

Түйүндүү сөздөр: *филология, лингвистика, философия, таасири, өз ара байланышы, көйгөйлөр, тил жана кеп.*

Annotation: *The article deals with the influence of Philology and linguistics on modern philosophy and their interrelationship in the development of human existence. Special attention is paid to the philosophical issues that still exist in Philology and linguistics.*

Keywords: *Philology, linguistics, philosophy, influence, interrelation, problems, language and speech.*

Как происходит влияние филологии и лингвистики на развитие современной философии? Прежде чем ответить, посмотрим историю каждой из них.

Слово "филология" происходит от греческих слов: "филия" – любить и "логос" – слово, т. е. филология означает «любовь к слову», совокупность наук, изучающих культуру народа, выраженную в языке и литературном творчестве. Филология как ориентированное знание и практическая деятельность возникла в древнейшие времена, в конце III - начале I в. до н.э. Первым "филологом" называли грека Эратосфена, а в Древнем Риме преподавателя риторики Аттея, который занимался изучением филологических и исторических древностей. По наблюдениям Ю. Степанова, российского лингвиста, понятие "филолог" означает человек, изучающий слова в III - V вв. н.э. На Западе и Востоке возникновение и развитие филологии как практической деятельности и практически ориентированного знания возникает одновременно: в эпоху поздней античности, в эпоху эллинизма на Западе и эпоху Ханьской империи на Востоке, в Китае. [2] Ученые того времени занимались письменными текстами, создавали библиотеки; крупнейшей библиотекой считается библиотека в Александрии (Египет; III-II вв. до н.э.).

Другое направление филологии того времени - обучение. В V в. до н.э. обучение заключалось в чтении и разборе поэтических текстов, которые оценивались как первоклассные ("классические"), требовали перевода, комментария и толкования. Направление такой деятельности являлось основой появления поэтики. Поэтика возникла в V-IV вв. до н.э. в сочинениях софистов, Платона, Аристотеля, которые первые делали попытки разграничивать и описывать типы

литературных произведений, виды литературы: лирику, эпос, драму, стали основоположниками учения о жанрах.

Благодаря научной деятельности древнеиндийских и древнекитайских филологов в V-IV вв. до н.э. в мире появились стилистические и грамматические учения, наука о письменности, способы толкования текста. Человек, занимающийся непосредственно практическим аспектом филологии, обладал знаниями языка, аналитическими умениями в работе над письменным текстом, широкой культурой, как писал древнегреческий филолог, грамматик Дионисий Фракиец (170-90 гг. до н.э.), "осведомленность в том, о чем говорится у поэтов и прозаиков". Грамматическим искусством древние греки называли филологическую деятельность. Люди, посвятившие жизнь ее изучению, назывались грамматиками. Дионисий Фракиец, выделял шесть частей грамматики: **чтение, общепонятная передача трудных слов и рассказов, отбор аналогий (установление места изучаемого произведения в традиции), объяснение тропов, нахождение этимологии, оценка произведений**.

В развитии филологии как науки постепенно возникали первые филологические профессии - учителя словесности, толкователи текстов, библиотекари, переводчика. К этим профессиям так же относят профессию учителя риторики. Риторика представляет порождение демократического устройства афинского общества (V в. до н.э.). Это устройство требовало грамотно преподнести свои мысли, т.е. "владеть словом" - в народном собрании, в судебном заседании, в ситуациях торжества и т.п. Обучением граждан мастерству красноречия занимались учителя риторики, создатели первых трактат и учебников по риторике. Сохранены первые риторические сочинения - диалоги Платона (427-347 гг. до н.э.) "Горгий" и "Федр", трактат Аристотеля (384-322 гг. до н.э.) "Риторика". [2] Таким образом, древний ритор работает над словом, обладает энциклопедической образованностью и пониманием человека. В античном мире филология как "грамматическое искусство" и риторика как "искусство убеждения" существуют раздельно, как две разные науки о слове: филология - наука о «слове», риторика, - о слове убеждающем. В Древнем Риме грамматика и филология разделяются, риторика развивается отдельно от филологии. В первой половине XIX в. филология складывается как наука. В середине XX в. возрождается риторика, которая занимает свое место в системе филологических дисциплин.

Филологию называют комплексной, ученые, занимающиеся этой деятельностью, должны были обладать энциклопедическими знаниями. Это положение сохраняется до середины XIX в., когда филология больше не направлена на решение сиюминутных практических задач. В филологии начинают появляться и развиваться научные методы, имеют место многочисленные процессы дифференциации знания. "Донаучный" этап филологии сменяется этапом научным. Филологию также представляют, как искусство понимать сказанное и написанное. В сферу непосредственного изучения попадают язык и литература. Все что "говорит", "высказывает" человек невербальными средствами, заменяют слова, это есть филология, её подход, специальный, присущий ей подступ к человеческому бытию. При этом филологию не должны смешивать с философией; ее назначение - работа над словом, над текстом. Слово и текст должны быть для настоящей филологии существенными, чем система взглядов на что-нибудь - гносеологическая концепция.

На сегодняшний день в филологии и составляющих ее науках и научных дисциплинах человек постепенно становится центром знания. Филология следует за человеком - создателем и потребителем текстовых сообщений. Такое следование проявляется так, как в поле зрения филологии попадают типы, виды, разновидности текстов, созданных и создаваемых человечеством.

В современном мире речь вновь обретает власть. На основе взаимодействия лингвистики и литературоведения возрождаются и возникают новые интегральные области исследования и обучения.

Что же касается лингвистики? Лингвистика необязательно исследует тексты и не всегда затрагивает культурологические вопросы, для данной дисциплины характерна близость к точным наукам - лингвистические разделы: **историческое языкознание, общее языкознание, описательное языкознание.** Также появляются научные дисциплины литературоведения: история литературы, теория литературы, литературная критика и др.

Лингвистика, входящая с литературоведением, частными языковедческими дисциплинами и текстологией в состав филологических наук, изучает не только существующие языки, но и человеческий язык, что является главным отличием от языкознания, где рассматриваются конкретные факты речи, языковые явления, то есть акты речевого взаимодействия носителей живого языка. Это отличие дает лингвистике статус строгой науки и способность осмыслить целостность своего объекта. Её методология способна от системного анализа языкового материала выйти на уровень универсальных абстракций и предполагает наличие философской метапозиции относительно как объектов, так и методов исследования. В большинстве словарей лингвистика и языкознание представлены как синонимы.

В гносеологическом аспекте лингвистика включает в себя наблюдение; регистрацию и описание фактов речи; выдвижение гипотез для объяснения фактов; формулировку гипотез в виде теорий и моделей, описывающих язык; их экспериментальную проверку и опровержение; прогнозирование речевого поведения. При этом вызывает сложность отличие философских проблем лингвистики от лингвистических проблем философии. Ведь существуют такие направления, как лингвистическая философия (разновидность аналитической философии, занимающаяся логическим анализом языка в условиях естественной коммуникации) и философия языка (исследующая функциональные модальности языка в русле онтологии, теории познания и этики), семиотика и логика. Язык также рассматривается герменевтикой, феноменологией Гуссерль, прагматизмом, структурализмом, причем в философских направлениях не ставятся конкретные лингвистические вопросы, но на основе лингвистических данных совершается выход на более универсальный

уровень абстрагирования, где язык представляется в виде универсального трансцендентально-герменевтического единства. [3]

От Платона до Гумбольдта теории языка не разделялись на философию языка и лингвистику. С классической древности до конца XVIII в. лингвистика не была отделена от логики, и предметом ее считались единые общечеловеческие способы выражения мысли. [3] Вычленение лингвистики в отдельную сферу знания произошло в XIX в., это было связано с выработкой эволюционного взгляда на язык, позволившего определить предмет лингвистики — различные языки в их историческом развитии.

Как уже отметили, взаимосвязь слова и объекта берет свое начало еще в трудах античных философов. В диалоге «Кратил» Платон раскрывает мысль о радикальных подходах по вопросу соотношения имени и вещи и доказывает важность теоретического синтеза «натуроцентризма» и «человека как меры всех вещей». [3] Начиная ещё с натурфилософского периода, языковые знаки рассматривались как ступень познания, т.к. они способны отражать определённые свойства объективных сущностей. Вопрос о номинации и соотношении вещи и имени состоит в признании или отрицании сторонниками природной или конвенциональной теории происхождения языка взаимосвязи знаков с действительностью. Аристотель определяет знаковую ситуацию в триаде предмета, мыслимого понятия и звучащего слова: «слова, выраженные звуками, символы представлений, а письмена — символы слов». [2] Этот семиотический треугольник останется на долгое время основной теоретической базой для лингвистических изысканий. Как лингвистика влияет на современную философию?

Философские проблемы в лингвистике существуют до сих пор, но в них не усматриваются проблемы самой лингвистики как науки. Очень часто происходит подмена тезисов: когда говорят о философских проблемах лингвистики или о философии языкознания, это философские трактовки языка, мышления, языкового сознания, языковой картины мира, текста и т.д. Язык-объект полагается в поле языка-метода, языка-классификатора, языка-регистратора. В связи с тем, что язык как целостная смысловая система выступает посредником между человеком и окружающем миром, его основной характеристикой выступает имманентность человеческому бытию. Благодаря творческой способности человека применять символы через языковую систему, становится актуальным отношение между именем и вещью, знаком и значением, говорящим и понимающим. По словам М. Хайдеггера, язык помогает «сбыться человеку в собственном существе». Лингвистике как строгой науке недоступны метафизические смыслы собственного объекта, но в её проблемном поле лежит не менее значимая знаковая система символов или иногда называют, номенклатурная структура материального выражения языка: фонетика, грамматика, морфология, лексика, семантика, синтаксис, коммуникация и т.д. Философские проблемы лингвистики не затрагивают лингвистку, а обретаются в поле междисциплинарного взаимодействия. М.В. Лебедев, анализируя историческую эволюцию лингвистических учений, предлагает разбить на следующие направления: логическое, сравнительно-историческое, структурное и конструктивное. [4] В каждом из направлений можно выделить ряд философских проблем: в логике — критерий истинности, онтологические и когнитивные основания высказывания; в сравнительно-историческом языкознании — проблема происхождения языка и мышления, миграции смысловых концептов в рамках этимологии, взаимосвязь языка, мифа и ритуала; в структурализме — проблема структурных универсалий и инвариантных систем и т.д. То есть все этапы становления теоретического знания о языке соприкасаются в той или иной фазе с логикой, философией, историей, психологией, социологией. В конце XX века когнитивистика отказывается от соссюровских дихотомий язык—речь, синхрония—диахрония, синтаксис—семантика, лексика—грамматика, язык становится одной из когнитивных способностей человека (наряду с ощущениями, восприятием, памятью, эмоциями, мышлением), а лингвистика - частью междисциплинарной науки когнитологии (когнитивистики). Теория дискурса отказывается от естественной научной модели знания, предпочитает анализ и включает лингвистику в междисциплинарную науку — человековедение, объектом, которой является человек. [4]

Итак, философские проблемы лингвистики формулируются в контексте с другими дисциплинами, исследующих язык. Корпус лингвистики как целостной науки о системе языка состоит из отдельных междисциплинарных синтетических направлений: философия языка, психология языка, физиология речи, социолингвистика, прагмалингвистика, этнолингвистика, компаративистика, математическая лингвистика и т.д. В данном междисциплинарном взаимодействии решаются проблемы философии - основные функции языка, как язык и речь, их взаимоотношение и логическая взаимосвязь, системность языка и природа языкового знака, история языка (синхрония и диахрония), внутренние закономерности и внешние воздействия, единицы языка и аспекты (структурный, функциональный), изучение в соответствующих отраслях языкознания, индукция и дедукция, удельный вес в теоретических построениях современной лингвистики, место языкознания в системе наук.

Как объяснить зависимость осмысления языка в его целостности от степени взаимодействия лингвистики с другими отраслями гуманитарного знания? Ответ прост - зависимость кроется в самом объекте лингвистического исследования. Язык, в отличие от объектов узкоспециальных дисциплин, является во всеобщей полноте и многообразии своих аспектов, объектом философской рефлексии. Язык — это дом бытия (Хайдеггер), и инструмент, с помощью чего восприятие обладает субъектом (Мерло-Понти), и работа духа в материале членораздельного звука (Гумбольдт), и упорядоченная система знаков, совокупность смысло-разделяющих единиц (Соссюр). Все определения выводят проблемные области лингвистики за рамки строгой науки. По исследовательским механизмам функционирования языка всеобщего, языка конкретного, языка в узусе, лингвистика выходит к предельным основаниям языкового сознания, мышления, смыслового порождения, коммуникации,

лежащим в области фундаментальных философских изысканий.

Приведем пример дескриптивной констатации чисто лингвистических фактов знаково-символической системы, при обобщении и абстрагировании трансформируется в проблему философского характера. Американский лингвист, специалист по языкам американских индейцев Б. Уорф, в своей работе «Отношение норм поведения и мышления к языку» [5] ярко демонстрирует переход от лингвистического анализа грамматических категорий к особенностям мировоззренческих систем на примере европейских и языковой группы индейцев хопи (язык племени хопи). В европейских языках грамматическое выражение пространства и времени, позволяет сменяющуюся череду дней и ночей представить в виде временного отрезка длительности, на воображаемой линии можно расположить произошедшие, происходящие или намеревающиеся события. Этот временной план невозможно выразить в языке хопи, т.к. день и смена дня и ночи описывается языком не как векторный временной процесс, а как поочередное появление темного и светлого онтологического локуса. «Несколько людей» воспринимается не так, как «несколько людей», а как последовательное появление одного и того же человека. [5] Для комплексного изучения темпоральной грамматической категории, актуализированной в соссюровских языке (langue) и речи (parole), необходима философская рефлексия проблемы сопоставления духовно-экзистенциальной и духовно-культурной репрезентации времени в языковой деятельности в целом (langage); сюда же относится проблема онтологического статуса форм деятельности языкового сознания, выходящая за рамки научной лингвистической компетенции.

Итак, можно сказать, что для лингвистики в русле философии науки становится один из ключевых вопросов о её статусе в комплексе общего гуманитарного знания о языке. Иными словами, главная философская проблема лингвистики (не языка) - проблема её научной суверенности.

Литература

1. Аналитическая философия: Избранные тексты / Сост. и комент. А.Ф. Грязнова. -М.: Изд-во МГУ, 1993.

2. Чувакин А. А. Основы филологии. Учебное пособие. М.: ФлИнтА-наука, 2011.

3. Хрестоматия по истории философии. Учебное пособие для вузов. В 2 ч. Ч.2. -М.: Прометей, 1994.

4. Лебедев М.В. Философия языка на фоне развития философии. http://ru.philosophy.kiev.ua/ library/misc/diskurs/ lebedev.html.

5. Уорф Б. Л. Отношение норм поведения и мышления к языку / Новое в лингвистике/ Вып. 1. - М., 1960.

6. Хайдеггер М. Время и бытие: Пер. с нем. -М., 2005.

УДК: 371.8(575.2)(04)

Шаршембиева К. С.
К. Карасаев атындагы
Бишкек гуманитардык университети.
Доценттин милдетин аткаруучу
Жаныбек кызы А.
Ж. Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университети.
Окутуучу.

Т. СЫДЫКБЕКОВДУН «КӨК АСАБА» РОМАНЫНДАГЫ КӨӨНӨ СӨЗДӨР

ДРЕВНИЕ СЛОВА В РОМАНЕ Т. СЫДЫКБЕКОВА «КОК АСАБА»

ANCIENT WORDS IN T. SYDYKBEKOV'S NOVEL "KOK ASABA"

Аннотация: *Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романында кыргыз элинин VI – VIII кылымдардагы байыркы турмушу сүрөттөлөт. Макалада кыргыз элинин байыркы турмушунда колдонулган, бирок азыркы кыргыз тилинде колдонулбай калган көөнө сөздөр жөнүндө сөз болот. Азыркы кыргыз тилиндеги сөздүккө кирген жана ага кирбей калган романдагы архаизмдер тууралуу айтылат.*

Түйүндүү сөздөр: *көөнө сөз, сөздүк, лексика, архаизм, историзм, тил, цитата.*

Аннотация: *В романе Т. Сыдыкбекова «Кок асаба» описывается древняя жизнь кыргызского народа VI - VIII веков. В статье речь идет о древних словах, которые на сегодняшний день не используются. Некоторые из них не включены в словарь кыргызского языка.*

Ключевые слова: *древние слова, словарь, лексика, архаизм, историзм, язык, цитата.*

Annotation: *In the novel T. Sydybekov "Kok Asaba" describes the ancient life of the Kyrgyz people of the 6th - 8th centuries. The article deals with ancient words, which are not used today. Some of them are not included in the Kyrgyz language dictionary.*

Keywords: *ancient words, vocabulary, vocabulary, archaism, historicism, language, quote.*

Залкар жазуучу Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы кыргыз элинин VI – VIII кылымдардагы турмушун, жашоо-тиричилигин баяндаган көркөм чыгарма. Автордун өзүнүн баш сөзүндө мындай деп жазганы бар: “Ата бабаларыбыз тек жайдак турмушта күлала болушуп мазасыз күндөрдү баштарынан кечиришип, киши уулунун чоң маданиятына эч салым кошпогон сыяктанат... Үстүрт караган кишиге ушундай көрүнөт. Бийик Сепилдер, кооз Сарайлар (Дворецтер), Пирамидалар, монументтер куруп калтырбады бабаларыбыз дегенсип өз тегибизге жерий караган кезибиз да жок эмес.

Чынында иштин жайы ошондойбу?

Жок. Андай эмес!

Эң кооз, эң укмуш жана маанилүү асыл мурасты бабаларыбыз укум-тукумга белек этти! Ал сууга жуулбас, отко күйбөс алааматтарда кыйрабас Улуу сөз Сепилдери. Биз аны канчалык баалап, терең иликтеп туюнган сайын, ал бизге өзүнүн туңгуюктагы укмуш сырларын ача берээр эң асыл мурасыбыз. Жалпы элдин, чоң маданияттын төрүнө энчилеш!

Адеп башы – тил! – деп макал айткан элибиз ошол укмуш тилдин чеберчилигин курган сөз мунараларын

таасын көрүш үчүн биз тарыхтын шам чырагын колго алууга тийишпиз! Ансыз укмуштанган сөз мунарасы биздин көз алдыбызда күңүрт көрүнөт. Алыбыз келсе, аздыр-көптүр ошол күңүрттүктүн ажары ачылаар бекен деген ак үмүт менен ушул романды баштадык." (1, 11-б.).

Келтирилген бул үзүндүнү автордун айтайын деген ою ачык болбой калат деген максатта кыскарткан жокпуз. Улуу сөз Сепилдери дегенибизди биздин бул макалабыздын негизи болгон көөнө сөздөр экен деп түшүнүүгө болбойт. Роман дидактикалык материалдарга жык толгон. Кыргыз элинин өткөн кылымдардагы жашоосундагы каада-салттары, ырым-жырымдары, баланы тарбиялоо, улууну сыйлоо, келечек урпактарга кам көрүү, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып биримдикте болуу; элди, жерди сүйүү, элин душмандан сактоо, коргоо ж.б. ушул сыяктуу адептүүлүккө, патриоттуулукка тарбиялаган – Улуу сөз Сепилдери.

Кыргыз элинин көөнө тарыхын көркөм иликтөөгө алган бул романда көөнө сөздөр көп кездешет. Окумуштуу Э. Абдулдаев өзүнүн эмгегинде "Историзмдер эски коомдук түзүлүш, андагы башкаруу системасы, ар кандай тарыхый окуялар жөнүндө жазылган адабий чыгармаларда жана илимий эмгектерде кеңири кездешет. Анткени мындай чыгармалардын, илимий эмгектердин авторлору ошол доорго мүнөздүү болгон көрүнүштөрдү өз учурундагыдай атап, таамай сүрөттөш же илимий жактан талдаш үчүн историзм сөздөрдү колдонбой коё албайт" (2. 218-б.) деп айткандай, азыркы кыргыз тилинде колдонулбай калган сөздөргө, чыгармада кездешкен сөздөргө талдоо жүргүзүүнү максат кылдык.

Жазуучу көөнө сөздөрдү жөн гана колдонуп койбостон, алардын маанилерин шилтемеде түшүндүрүп кеткен. Биз сөздөрдү "Кыргыз тилинин сөздүгүнө", 2012-жылы жарык көргөн сөздүгүнө, киргенби же кирген эмеспи деп карап чыктык да, кирген болсо, алардын маанилерин салыштырдык. Сөздөрдүн саны белгилүү болсун деп келтирилген цитаталарды номерледик.

1. **Барча, Бутпарачтык.** "Кийин Аланча кандыкка келди. Ол кезде **барча** эл дөөлөттүү болду. Дөөлөттөн эсиргендер **бутпарачтык** баштады". Келтирилген цитатадагы **барча** деген сөз азыркы учурда да түштүк диалектиде колдонулат. Бул сөз бүт, бүткүл, баардык деген мааниде кыргыз тилинин сөздүгүнө кирген. Ал эми **бутпарачтык** сөзү автордун түшүндүрүүсүндө – теңирди тааныбай, жаман иштерге бет буруу деген мааниде берилет. Ушул эле сөз аталган сөздүктө **бутпарастык** деп берилет да, бутка сыйынып, табынуучулук деген мааниде турат (3. 278-б.). **Бутпарачтык – бутпарастык** сөздөрүндө бир гана тыбыштан фонетикалык айырма болуп турганына карабастан, түпкү мааниси бири-бирине үндөшүп турат б. а., **бутпарачтык** – теңирди тааныбай жаман иштерге бет буруу; **бутпарастык** - бутка сыйынуу – мында деле теңирди тааныбай, бутка, сүрөткө сыйынуу мааниси жатат.

2. **Табгач.** "- Коркпоң, коркпоң уул! Эр атаң учуп кетти. Ону **табгач** амалдап өлтүрдү". (4. 14-б.). **Табгач – кытай.** Автор ушундай түшүндүрмө берет, сөздүккө бул сөз кирген эмес. Кытай деген сөздүн табгач деп аталышын биз ушул китептен эле кездештирдик.

3. **Айырмач.** "**Айырмачтан** аз эле башы чыккан бала эми көчүгү ошол **айырмачка** биротоло жабышып калгандай эпейип Кунандын алга карай тикчийген кош кулагына карап, ал жыргап, кубанып, күлүп бараткан сыяктуу" (5. 15-б.). Автор тарабынан айырмач сөзүнө түшүндүрмө берилген эмес. Сөздүктө ("Кыргыз тилинин сөздүгү" мындан ары сөздүктө деп эле берилет). **Айырмач** – алдындагы жана арт жагындагы тик жыгачтарын кайчылашыырып, жүк артууга жана жаш балага ылайыкташтырып жасалган ээрдин түрү (56-б.). Азыркы учурда ат унаа катары көп колдонулбагандыктан, айырмач сөзү да көп айтылбай калды.

4. **Эртеги.** Бул сөзгө дагы китепте автордун түшүндүрмөсү жок. Бирок сөздүктө бар, анда мындай түшүндүрмө берилет: **Эртеги** – өткөн заман, мурда өткөн, илгерки. **Эртегинин** жомогу, Айтпай койсок болобу (фольк. 1437-б.). Романдан цитата келтирели: "Себеби, биз **эртеги** өмүрлөрдү сүрөттөп жатабыз. **Эртеги – эртеги**. Ал кездерде кишилер өтөгөн жөпжөнөкөй иштер азыр бизге жомок болуп туюлат" (6. 8-б.). Китепти окубаган көпчүлүк адамдар бул сөздү келер чактагы эртеңки деген сөз менен алмаштырып алышы мүмкүн. Келтирилген мисалда **эртеги** деген сөздүн маанисин мурунку өткөн заман экендигин контекст аркылуу түшүнүүгө болот.

5. **Ада болуу.** "Жылкы жылы **ада** болуп келатканда тоо-тоого найза бою кар жаап, жут болду. Мал кырылды, эрлер минер ат азайды. Аны билген тээ, амалкөй табгачтардан беш түмөн (элүү миң) кол келип кыйыр бузду". **Ада болуу** сөзүнө китепте түшүндүрмө берилген эмес, сөздүктө: **Ада болуу** – түгөнүү, калбай калуу, аягына чыгуу – деген түшүндүрмө берилип, мисалдар келтирилген (19-б.). Азыркы учурда бул сөз колдонулбайт.

6. **Жылбырскы.** "Кара кундуздан тигилген кыргак тебетейинин **жылбырскы** тышталган шоңшогой төбөсүнө тагылган кызыл чачык желге лепилдейт" (7. 15-б.).

Китепте: **Жылбырскы** – ичтен түшкөн улак же кулун териси.

Сөздүктө: **Жылбырска** 1) Ара туулган, ичтен өлүү түшкөн малдын төлүнүн жүнү өтө кыска териси. Атабек ара туулуп өлгөн **жылбырска** кара козунун терисин берди (К. Жантөшев. 513-б.). **Жылбырскы – жылбырска** экөө бирдей эле маанини берип турат. Көркөм адабияттарда гана кездешпесе, азыркы активдүү лексикада бул сөз колдонулбайт.

7. **Жанчар.** "О, аркыраган омоктуу ат алдында, өткүр **жанчар** колунда, болот шамшар кынында, журт кыйырын багып өйдө, кырда, талаа-түздө уйку билбес эрлер, силер, азайдынбы?!" (8. 15-б.).

Китепте: **Жанчар** – найза

Сөздүктө: **Жанчар** – Кыргыздын өткөн замандардагы жоокерчилик жана аңчылык куралы (415-б.).

8. **Билги.** "- Чап, чап, жаш бегим! Эр атаң кой жылы жашы он алтысында кол баштап, жоо сайган! Сен да эрте жетил. Батман темир курчан, башкадан келген жоого тике чык! Көзүм тирүү болсо, айкырып, **билгиң** болоормун. Чап, чап, жаш эрен!" (9. 16-б.).

Китепте: **Билги** – акылман

Сөздүктө: Билгич, баамдагыч, тез биле коюучу. Сөз билги, иш билги, сыр билги (10. 226-б.).

9. **Каскак. "Каскакка** байланган асабалар көк, ак, жашыл, кызыл, уруу асабалары" (11. 19-б.).

Китепте: түз, копшолгон шыргый бакан.

Сөздүктө: 1) Желектин, туунун сабы; Желек, туу байланган узун таяк. 2) Жыгач, бакан, келтек, союл. 3) Учуна темир ашталган найза. 4) Жолтоо, тоскоолдук, бөгөт. Бул кайдан чыга калган **каскак** эле. Эмгиче ишибизди тындырып алып жолубузга түшөт элек (Ала-Тоо журн.). 5) Тамак ичилип жаткан учурда ичинде суусундук, тамагы бар идишке кокустан түшө калган чегиртке, чымын сыяктуу курт-кумурска (663-б.).

Каскак сөзүнүн сөздүктөгү төртүнчү, бешинчи маанилери азыркы кыргыз тилинде колдонулуп жүрөт. Биринчи, экинчи, үчүнчү маанилери бүгүнкү күндө колдонуудан калган.

10. **Ажо.** "Ортоңку чоң ак үйдүн төрүндө жайкалган ак сакалын жашка чайып отурган Адылтай **ажо** баятан тек күңгүрөнүп, тек сыздап, тынчы кетип тиленди: "Уа, Көк теңири, ата кушун баланын башына кондуруң? Консо, кем болбоспуз, конбосо, толбоспуз"-деп, ичинен зар какшады" (12. 23-б.).

Китепте: **Ажо** – падыша, баш кан, мамлекет башчысы.

Сөзүктө: **Ажо** – 1) тарыхый сөз. Эне-Сайдагы Кыргыз кагандыгынын алгачкы феодализм доорундагы бийлик ээсинин кытай жылнаамаларында эскерилген чини, титулу. 2) Мамлекет башчысы, падыша (13. 32-б.).

"Кайсы бир учурда колдонулбай калган, же унутулуп бараткан сөздөр экинчи бир мезгилде кайра колдонулган учурлар да болот". Азыркы учурда **ажо** сөзү кайрадан колдонууга кирип, мамлекет башчысы катары айтылып жүрөт.

11. **Керик.** "Кыргыз усталары курал-жарак жасоодо өтө чебер болушкан. Кыргыз колунан чыккан темир курал бөтөнчө курч болгондугун, **керик** терисин да көзөп кеткендигин кытайлар жакшы билишкен жана летопистеринде белгилешкен" (14. 26-б.).

Китепте: **Керик** – носорог.

Сөздүктө: **Керик** – Тумшугунда мүйүзү бар зор жаныбар. Анда кыз тамам журтун жыйып алды, зоот, шайман, **керигин** минип алды (Эл адабияты, 696-б.).

12. **Көк.** "-Сок, аке, барсканды сок!

- Чыңалсын **көк**!" (15. 40-б.).

Китепте: **Көк** - темир.

Сөздүктө **көк** сөзүнүн омоним маанисинде беш мааниси берилген (772-б.). Бирок темир деген мааниде сөздүккө кирген эмес.

Көк туяк. "... Ат минип келген кол башчысын чөлгө жазгырды, бабалар. Чөлдө өздөрү **көк туяк** кулан болуп чаң көтөрдү. Парсынын атчан колу кыргын тапты" (270-б.).

Китепте: **Көк туяк** – болот туяк деген мааниде колдонулган.

13. **Або.** "Эрдене менен Урдананын ал арамын эми улантпас жагын ойлоп, Адылтай ажо кырк уруунун башын курап турган **або** – бектерди, колбашчы – кандарды ордого чакыртты" (16. 41-б.).

Китепте: **Або** - бек, министр даражасы. Сөздүккө бул сөз кирген эмес.

14. **Байыр.** "Мейли эл-журт **байыр** кезде, мейли жортуулга аттанаарда, мейли чечим ой айтаар ушундай ажо жыйынында ордо куту айым өз милдетин так тейлейт" (17. 52-б.).

Китепте: **Байыр** – тыныч деп берилет.

Сөздүктө: **Байыр** – 1) Белгилүү бир жерге токтолуп үйүр алуучулук. Ошондон бери бул кемпир **байыр** алды үйүнө. 2) Ынак, үйүр. Жарды менен жалчыга байыр элең Токтогул (Барпы). 3) Шайкелең эмес, салабаттуу, токтоо, омоктуу. Бириң кыздын шайыры, бириң кыздын **байыры** (Барпы) (161-б.).

Көрүнүп тургандай келтирилген мисалда тынч деген маанини контекстен түшүнүүгө болот. Азыркы кыргыз тилинде **байыр** сөзү тынч деген мааниде колдонулбайт, үйүр деген мааниде колдонулат.

15. **Аки, Апыт.** "Ким ошо табгач асылына кызыгып, жумшак кебине азгырылса, ошо муңайган. Ыйык жер-суудан айрылган. Асыл кыздарын күң эткен. Ата-эненин **акисин** тепсеткен. Менин **апыттарым,** мен айткан ушул кепти эшитиң" (18. 53-б.).

Китепте: **Аки** – ыйык касиет; **Апыт** – наам, даража.

Сөздүктө: **Аки** –акиташ (19. 62-б.). **Апыт** – сөздүктө жок, бул сөз кирген эмес, анткени абдан мурунку сөз. Азыр бул сөздүн синонимии жок, историзм сөз экендиги талашсыз.

16. **Марымчы.** "Түн каракчысынын кейпин кийип, Жаш-Тегинге өзү "кол салып" анын жүрөктүүлүгүн, тайманбастыгын сынады. Жаш-Тегинди билгилердин катарына отургузуп, аны кеп-сөзгө аралаштырып, анын акыл-эсин, жөн билгилигин, чечендигин сынады. Анын баарында Жаш-Тегин шыдыр болбоду. **Марымчынын** алдында такалган шакирттей ал бирде сынга толсо, бирде толбоду. Ошентсе да такыр эле үмүттү үздүргөн алсыз, коркок жамандай эндей, эпсиз эмес" (20. 60-б.).

"Ынанчы жеке уулга тамга үйрөтүп, уулга таалим берип тек отурбады. Ал Төлөс кандын кызынын **марымчысы** болду" (240-б.).

Китепте: **Марымчы** – нуска, жол-жобо үйрөтүүчү, илим берүүчү.

Сөздүктө бул сөз жок. Демек, **марымчы** деген сөз билим берүүчү, окутуучу деген түшүнүк бергенин контекстен билүүгө болот.

17. **Жыпар киндик, Битик** "Тээ жазыктын токол токоюн аралатың. Жолборско жебе узатканды билсин. Тээ коңурдун чөл мейкининен жейрен кубалатың. **Жыпар киндикке** ууга алпарың. Кызыкка батсын. Жарыктык **жыпар киндиктин** укмуш жыпары күн чыгышта табгачтын падышасына чейин, тиги чоң көлдүн этегиндеги чоочун журтка чейин, күн жактагы ындынын журту – жылыңаяк жарбашка, тиги торгут, тыргоот, уйгур; Күн жүргөн жакта улуу тоонун ары жагында жоокери төө минген, жөн киши пилге жүк арткан кишиден башка жылыңач журтка чейин, - Коңур, дүнүйөнүн баарында өмүр өткөргөн эчен баштуу, падышалуу, алтыны төгүлгөн акылманы көп, **битик** жаттап, амалын ашырган, көп журтка жеткен биздин жыпарды жаныбар – **жыпар киндик** берерин Тегин жанга көрсөтүң" (21. 69-б.).

Китепте: **Жыпар киндик** – Кайберен. Анын киндигинен жыпар алынган. Ал – мускус деп аталган кыргыз жыпары өз кезинде эң баалуу болгон. **Битик** – китеп (22. 69-б.).

Сөздүктө: **Жыпар киндик** – аял затына сүйкүмдүү, кыз-келиндер жакшы көргөн адамдарга карата айтылуучу сөз (520-б.). **Битик** – Жазуу, кат, чыгарма. Бул оңбогон сөздү мына ушул эле Долоноту айылында мурда

казы болуп, бий болуп жүргөн Сулайман деген кат тааныган **битикчи** неме чыгара койгон экен (23. 236-б.).

Т. Сыдыкбековдун бул романында көөнө сөздөр абдан көп кездешет. Алардын кайсы бирлери "Азыркы кыргыз тилинин сөздүгүнө" (2010-ж.) киргени бизди абдан кубантты. Анткени азыркы кыргыз тилинде колдонулбаган абдан байыркы сөздөрдү аталган сөздүктөн кезиктирбейбиз го деп ойлогонбуз. Ырас, кайсы бир сөздөр кирсе, кайсы бир сөздөр кирген эмес, бирок алардын кирбей калгандыгына сөздүк түзүүчүлөрдү күнөөлөй албайбыз, себеби романда кездешкен сөздөр абдан байыркы сөздөр. Мисалы: Жейде сөзү сөздүктө жок, китепте көйнөк деген мааниде берилет. Үзүндү келтире кетели: "Эр Киши ага аябай намыстанды. Сактанып кулак төрдү. Кылычты жейденин ичине байланып, чекеси жерге тийгиче жүгүнүп, жазыксыздай кылыйып келген табгачтын элчиси ажонун, кандын, алптын ичээр ашына тымызын уу тамызып кетчү... . Жумшак сүйлөп, жолго жибек төшөп, күлүңдөп туруп кебез менен мууздачу... ." Ушул сыяктуу табгач, або, апыт, чаа ж.б. сөздөрдү сөздүктөн таппадык. Ал эми ошондой эле байыркы сөздөрдөн болгон ада, эртеги, жылбырскы, жанчар, билги, бутпарас, керик, жыпар киндик ж.б. толгон байыркы сөздөр сөздүктөн орун алган.

"Көк асаба" романындагы бул сөздөр сөздүктө башка авторлордун, башка көркөм адабияттардан алынган мисалдар менен түшүндүрүлгөн. Романдагы байыркы сөздөр менен сөздүктөгү байыркы сөздөр маанилери боюнча көпчүлүк учурда бири-бирине төп келишип турат. Айрым гана сөздөр омоним маанисинде кездешет.

Макалабызды аяктап жатып, "Кыргыз тилинин сөздүгүнүн" башкы редактору болгон окумуштуу А. Акматалиевдин жазган баш сөзүнөн үзүндү келтирүүнү туура көрдүк. "Биз канчалык өз тилимди мыкты билем, сөз байлыгым кенен деп мактанбайлы, элдик оозеки чыгармаларды, тарыхый-адабий, азыркы көркөм тарыхый же кесиптик адабияттарды окуганыбызда, кыргыздын эски нукура сөздөрүн көп пайдаланып сүйлөгөн адамдар менен сүйлөшкөнүбүздө айрым сөздөр таптакыр тааныш эмес, же мааниси бүдөмүк болуп калган учурлар көп эле кездешет. Анын үстүнө азыркы жаштарыбыз да нукура кыргыз сөздөрүнөн алыстап, эски сөздөрдүн көбүн түшүнбөгөндүктөн, билбегендиктен, аргын тилдүүлүккө көбүрөөк оop жатышат. Керек учурда кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн кол алдында турушу мугалимдер, студенттер, акын-жазуучулар, маданий ишмерлер, ар түрдүү кесиптин ээлери жана жалпы эле калайык калк келечек муундар үчүн абдан зарыл" (Кыргыз тилинин сөздүгү. Бишкек, 2010.).

Чындыгында, элибиздин байыркы сөздөрүн биле жүрүү адамдын билим деңгээлин (кругозорун) кеңейтет деген ойдобуз. "Көк асаба" романындагы байыркы сөздөрдүн баарын камтыган жокпуз. Китепти баракtап окуп, кырк, элүүдөй байыркы сөздөрдү тизмеледик. Ар бир сөздү талдап, иликтөөчү окумуштуулар чыгаарына ишенебиз.

Адабияттар

1. Абдылдаев Э. Азыркы кыргыз тили. -Б., 1998.

2. Давлетов С., Мукамбаев Ж., Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы. -Ф., 1982.

3. Кыргыз тилинин сөздүгү КРУИА. -Б., 2010.

4. Сыдыкбеков Т. Көк асаба романы. Ф.

5. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин грамматикасы. -Ф., 1982.

УДК: 800.1 : 894.341 (043.3)

Элмира Төлөкова, *Ф.и.к.*
Кыргыз-Түрк «Манас» университети,
Чет тилдер жогорку мектебинин ага окутуучусу
elmiratolokova@mail.ru

«ТӨӨ» КОНЦЕПТИНИН ЛИНГВОМАДАНИЯТ БАГЫТЫНДА ИЗИЛДЕНҮҮСҮ

ЛИНГВОКУЛЬТУРОЛОГИЧЕСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ КОНЦЕПТА “ВЕРБЛЮД”

LINGUOCULTURAL STUDY OF THE CONCEPT “CAMEL”

Аннотация: *Бул макалада кыргыз тилиндеги төөгө байланыштуу сөз жана сөз айкаштары, улуттук маданий маанилик түшүнүктөр лингвомаданият таануу илиминин чегинде комплекстүү изилдөөгө алынып, төөгө байланыштуу сөз жана сөз айкаштары, сөз тизмектери, конструкциялар (фразеологизм, макал-ылакап, метафора ж.б.); тилдеги архетиптер (индивидуалдык аң-сезимде жашоочу, бардык замандагы маданиятка бирдей тароочу туруктуу образдар), мифологемалар (мифтеги маанилүү кырдаал же мифтен мифке өткөн «башкы каармандар», мисалы “Ойсул ата” – төөнүн пири, колдоочу ээси), символдор (каада-салт, ырым-жырымга мүнөздүү жогорку абстракттуу мааниге ээ болгон конкреттүү предмет же абстракттуу кыймыл-аракеттер, мисалы, төө тууса, анын башына жоолук салуу – ботолуу кылганы үчүн ага ыраазычылык билдирүүнүн символу, ботого “жентек берүү” – жаңы туулган ботону үй-бүлө мүчөсү катары кабыл алуунун символу ж.б.у.с. символдор) бир арага топтолуп, тематикалык негизде сунушталды.*

Түйүндүү сөздөр: *«төө” концепти, архетип, мифологема, макал-ылакаптар, фразеологизмдер.*

Аннотация: *В данной статье проведен комплексный анализ концепта “верблюд” в лингвокультурологическом аспекте, где рассматриваются слова и словосочетания, фразеологизмы, пословицы и поговорки, метафоры, архетипы (устойчивые образы, сушествующие в индивидуальном сознании человека и живущие в культурах во все времена), мифологемы (значительные ситуации в мифе или “главные герои”, переходящие из мифа в миф, например “Ойсул ата” – покровитель верблюда), символы (конкретный предмет, имеющий особое абстрактное зачение в обычае и традиции или абстрактные действия, связанные с обычаями и традициями, например, когда рождается верблюжонок, у кыргызов есть обычай одевать женский платок матери верблюжонка как женщине, которое означает радость и благодарность за выношенного верблюжонка; устраивать пиршество – на кыргызском “жентек”, в честь рождения верблюжонка. Это событие означало символ принятия верблюжёнка в семью владельца верблюда, а также другие символы), которые представлены на тематической основе.*

Ключевые слова: *концепт “верблюд”, архетип, мифологема, пословицы и поговорки, фразеологизмы.*

Annotation: *This article studies the complex analyses of words and word combinations, national cultural concepts in the Kyrgyz language concerning “Camel” in the linguocultural aspect.*

The article includes the thorough linguocultural research of words and word combinations, language units, constructions related with “Camel”, phraseologisms,

proverbs, metaphors etc; linguistic archetypes (stable images which are in individual consciousness belong to the culture of all times), mythologemes (important occasions in myths or "main heroes" that survive from myth to myth, for example: "Oisul Ata" is considered to be an invisible godlike patron saint of Camel); symbols (the specific object or abstract actions belong to the traditions and customs, rituals, for example: The birth of a Camel Colt is associated with birth of human being and Kyrgyz people wear a shawl around mother camel's head like covering a woman's head, and they shared good news with others and celebrated it like the birth of a child (made feast, in Kyrgyz - jentek). Such an event is a symbol of Camel Colt admission to the owner's family) are compiled in one research and proposed on thematic basis.

Keywords: *Concept "Camel", archetypes, mythologemes, proverbs, phraseologisms.*

Көчмөн турмушта *төө* өзгөчө мааниге ээ болуп, элибиз: "*Төө – малдын төрөсү"* – деп аздектеп баккан. Илгери эл жайлоого, күздөөгө, кыштоого, жаздоого көчкөндө төөнү жүк ташуучу унаа катары колдонгон. Замандын талабына ылайык азыр жүк ташууда ар түрдүү техникалык унаалар колдонулуп калды. Ошондон уламбы, төөнүн саны кескин кыскарды. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын статистикалык кызматынын каттоосунда 250дөй гана төө бар экен. Бул, албетте, жанды кейите турган көрүнүш...

2018-жылдын январь айында Түркиянын Измир шаарына караштуу Сельчук районунда «II Эл аралык Төөчүлүк маданияты жана төө күрөшү" симпозиуму болуп өттү. Ага 12 мамлекеттен: Түркиядан сырткары Казакстан, Кыргызстан, Иран, Алжир, Судан, Австрия, Германия, Бангладеш, Италия, Голландия, Азербайжандан окумуштуулар жана төөчүлөр катышты. Үч күнгө созулган симпозиумдун жүрүшүндө төөгө байланыштуу теоретикалык жана практикалык маселелер: төөнүн сүтүнүн, уузунун өзгөчөлүгү жана дарылык касиети, этинин, жүнүнүн пайдалуулугу, жалпы эле төөчүлүктү өнүктүрүү иштерине мүнөздүү суроолор, ветеринардык көйгөйлөр илимий негизде кеңири талкууланды. Симпозиумдун жүрүшүндө башка өлкөлөрдөгү төөлөрдүн санын сураштырсак, Казакстанда 180 миң, Африканын Судан өлкөсүндө 5 млн, Сомалиде 7 млн бакма төө бар экен. Казак мамлекети төөнүн этин, сүтүн Европа өлкөлөрүнө экспорттоп, абдан кымбат баада сатып жатыптыр.

Ал эми Кыргызстанда төөнү багып өстүрүү колдон чыгып, ал тургай I-II-Көчмөндөр оюндарына төө кирбей калган экен. Чындыгында, көчмөндөр оюнунун ачылыш салтанатында кыргыз көчүн чагылдырган *төө кербени* өткөрүлсө жакшы болмок. Керек болсо, *төө жарышын*, *төө күрөшүн* уюштурууга болот. Алсак, Түркияда жыл сайын төө күрөшү фестивалы уюштурулса, Араб өлкөлөрүндө төө жарыштары өткөрүлүп жүрөт. Ушуга окшогон иш-чараларды Кыргызстанда уюштурсак, төөчүлүктү өнүктүрүүгө жакшы шарттар түзүлмөк.

Чыңгыз Айтматовдун "Кылым карытар бир күн" романындагы каарман – Эдигей төөнүн сүтүн ботосунан талашып шубат кылып ичип жүрүп дартынан айыгып кеткени баяндалган... Төөнүн сүтү айыкпаган дартка даба боло турганын билип, аны сураштырып издеп жүргөн жердештерибизди көрүп жүрөбүз... Төө жууркан жылуу болот деп базардан издейбиз... Төөнүн жүнүнөн токулган жүн байпакты, кийим-кечелерди кышкысын издеп таба албайбыз... Төөнүн эти сиңимдүү жана дарылык касиетке ээ экендиги жалпыбызга белгилүү. Бирок Кыргызстанда төө багуу унутта калып, төө куш өстүрүүгө көңүл бөлүнүүдө. Илбирстер жоголуп бара жатат деп, ага байланыштуу эл аралык деңгээлдеги чоң-чоң иш-чаралар уюштурулууда. Ал эми төрт түлүктүн бири төө байкалбай жоголуп бара жатканына эмне үчүн жаныбыз кейибейт?..

Бул илимий макалада «төө» концепти лингвомаданият таануу багытында иликтөөгө алынды.

1. *Төө* сөзүнүн түшүндүрмөсү жана этимологиясы

Төө бир же эки өркөчтүү, чөлгө чыдамдуу мал (КТС, 2011:582). Кыргыз тилиндеги *төө* сөзү казак тилинде *түйө,* өзбек тилинде *туя,* монгол тилинде *тэмээн,* байыркы түрк тилинде *тебе* болуп айтылат. Кыргызча *төө* алгачкы *тек* же *теге* дегенден келип чыгышы мүмкүн. Байыркы түркчөдөгү *теве* сөзү *теге* түрүнүн *г* тыбышы *б* тыбышына өзгөрүшүнөн пайда болушу ыктымал. *Теге* сөзүнүн *э* тыбышы *ө* тыбышына алмашып *төгө* түрүндө айтылып, кийин *г* тыбышы түшүп калуусунан *төө* сөзү келип чыккан болуу керек (Сейдакматов, 1988:44).

2. *Төөнүн* түрлөрү жана *төө* түшүнүгүнө байланыштуу атоолор

Кош өркөчтүү төө // айры өркөчтүү төө, бир өркөчтүү төө // жалгыз өркөчтүү төө.

ботo: 1. Төөнүн тайлакка чейинки жаш төлү.

Бир жаштан беш жашка чейин: *сүт ботo // сүт тайлак, тай тайлак, кунан тайлак, бышты тайлак, асый тайлак.*

атан төө: бычылган, жүк жүктөөгө ж.б. жумуштарды аткарууга ылайыкталган төө.

иңген: ургаачы төө.

нар: 1. жалгыз өркөчтүү төө. 2. айры өркөчтүү төө менен жалгыз өркөчтүү төөнүн аргындашуусунан келип чыккан төө.

буура: төөнүн тукумдатуучу эркеги.

каймал: беш жаштан өйдөкү ургаачы төө.

лөк: бир өркөчтүү нар төөнүн эркеги.

желмаян: төөнүн түрү – күлүк жана чыдамдуу, күчтүү төө.

төө кийик: жапайы төө.

Ойсул ата: төөнүн пири, колдоочу ээси.

3. *Төө* сөзү катышкан тилдик бирдиктер

а) туунду сөздөр: *төөкеч, төөчү, төөмантек, төөлүк, төөлүү.*

Мисалы:

төөкеч: төөгө артылган жүктү алып жүрүүчү киреке, төө менен жүк ташуучу киречи.

төөмантек: оюнда уттурган баланын башына чыканакты коюп, ныгыра басып туруп колун тартып алганда, муштум күч менен барып башка тийген сокку.

төөлүк: 1. айырмасы чоң, айырмасы бир кыйла жогору. 2. төөгө тете, төөнүн күчүнө барабар.

б) сөз айкаштары: *төө буурчак, төө коко (бот.), төө тикен (бот.), төө уйгак (бот.), төө куйрук, төө таман (бот.), төө коңуз, төө куш, төө мылтык, төө чарбасы, төөдөй милдет, төөлүк өйдө, бир төөлүк жүк, төөлүү көч, бууракандаган төө, буйлаланган төө, бото гүл, бото мойнок, бото кур, төө кербени.*

Мисалы:

төө куйрук: тикенектүү жапыз бадал өсүмдүк.

төө таман: тикендүү, жазы жалбырактуу өсүмдүк.

төө мылтык: чоң мылтык

бир төөлүк жүк: (өлчөм) төө көтөргөнчөлүк өлчөмдөгү жүк.

буйлаланган төө: 1. буйласы бар (мурдун тешип өткөзүлгөн шиш же байланган жиби бар) төө; 2. *өтмө мааниде*, кимдир бирөөнүн жетегинде калуу.

бото гүл: нымдуу жерде өсүүчү майда көк гүлдүү өсүмдүк.

бото мойнок: көз тийбесин деген ниетте ботонун мойнуна тагылуучу бир жак учу көзөнөктүү, экинчи учу түйүн болуп жасалган жип.

бото кур: кооздолгон баалуу кур, жибек кур.

4. Төө жабдыктары

ком / ком-чом: 1. төөгө жүк артуу үчүн өркөчүнө, белине орой таңылган кабат-кабат кийиз же башка калың нерсе, чом. 2. абдан семирген төөнүн же уйдун жон майы.

чом: унаа малга токуу үчүн кийизден калың кылып, жумшактап шырылып жасалган токулга.

төө жал / төө мойнок: төөнүн мойнуна илип коюлуучу жасалга, кооздук.

ком жыгач: төөнү комдогондо эки капталына тартуучу жыгачы.

жеке сан: төөнүн мойнуна тагылуучу чоң коңгуроо.

5. Төөнүн этинен, сүтүнөн жасалган тамак-аштар: *төөнүн эти, төө куурдак, төө кымыз / шубат, төөнүн сүтү.*

6. *Төө* маанисине байланыштуу фразеологизмдер: *ботодой боздоо: "*муңдуу үн менен ыйлоо, кейишке дуушар болуу, аянычтуу сыздаган үн чыгаруу"*; мойнуна бото салынуу: "*толук баш ийип, күнөөсүн мойнуна алгандыгын билдирүү иретинде, кечирим суроодо таазим көрсөтүү"*; бото көз: "*бакырайган, жоодураган, балбылдаган чоң көз"*; ак төөнүн карды жарылган кез:* "бышыкчылык, токчулук, берекелүү күз мезгили"*; түлөгөн тайлактай*: "кейпи кетип, самсаалап, салбырап кийинген"; *төө кыядан өтүү*: "иштин учуру, оор мезгили өтүп кетүү, болору болуу, иш бүтүп калуу"*; төөнүн куйругу жерге тийгенде*: "жакында болбой турган же такыр болууга мүмкүн болбогон нерсе"*; төө көрдүңбү – жок, бээ көрдүңбү – жок*: "бир нерсени билсе да билбеген, көрсө да көрбөгөн, ал ишке катышы жок"*; нар кескен*: "өтө курч (төөнүн чоңу нарды да жара чапкан деген мааниден алынган) болот кылыч"*; төө карын* (бот.); *төө таман* (бот.); *төөдөй милдет*: "олуттуу милдет"*; төөң ак тууду:* "иши оңолуу, ойлогону ордунан чыгуу"*; төөнүн көзүндөй*: "өтө кичинекей (идиш-аякка карата)"*; төө басты:* "бирөөнүн үстүнө башкалары үйүлүп, басып ойноочу оюн"*; төө бастыга алуу*: "көптөп кетүү"*; жылаңач төөнү бучкакка чапкандай; төө чайнаганын билип, жуткандын билбейт; төөдөй го; төө десе, бээ дейт, ж.б.*

7. "Төө" түшүнүгүн камтыган географиялык аталыштар

Төө: Төө-Ашуу, Төө-Моюн, Төө жүгүн, Төө Камачу, Төөнчү, Кара төө өлчү (кара төө өлгөн жер).

Инген: Кара-инген.

Бото: Бото-Мойнок.

Тайлак: Ак Тайлак ашуу.

***8. Төөгө* байланыштуу ырым-жырым, ишеним, диний түшүнүктөр**

* * *

Төө туюу турган болуп калганда аны чөгөрүп, үстүнө кийиз же таар жаап коёт.

Төө ургаачы тууса дагы: "Эркек тууду!" – дейт, анткени энесинин жүгү жеңилденип калсын дегени.

Төө тууган соң, ал төөнүн башына ак жоолук салып, анын баласы – тайлактын башын ак чүпүрөк менен ороп коёт.

Төө тууганда кыргыз эли жакын-санаалаштарына, коңшу-колоңдоруна сүйүнчүлөйт, жентек берет. Төөнүн ботосуна жентек той бергенде, ингендин ууз сүтүнөн жарма жасайт.

Төөсү тууганда киндиги түшсүн деп үй ээси жети күнгө чейин эч кимге от бербейт.

Оозандырып эмизмейинче, эч кимди тайлак менен төөнүн ортосунан өткөрбөйт.

Төө тайлагын жерисе, эки кыз баланы эки төөгө мингизип, эки жакты каратып «төө жериди» деп айттырат.

Төө тууганда тайлакка көз тийбесин деп тумар тагып коёт.

* * *

Боюнда бар аял төөнүн этин жебейт, төөнүн этин жесе, боюндагысын төө сыңары он эки ай көтөрүп калат. Эгерде боюнда бар аял төөнүн этин күйөөсү менен бөлүшүп жесе, он эки ай көтөрбөй, убагында төрөйт.

Боюнда бар аял убагында төрөбөй ай-күнүнөн ашып кетсе, тик турган төөнүн астынан өткөрүшкөн.

* * *

Айыпталуучуну жаза катары куйрук-жалы кыркылган комсуз төөгө мингизген.

* * *

Энчиге комдолуу төө берген.

* * *

Төөнүн мурдун чүйрүгөнү – жаан-чачындын болорун кабарлаганы.

Түшкө төө кирсе, жакшылыкка жорулат.

* * *

Төөнүн өтүн бал менен жесе, көздүн көрүшү жакшырат, тамак оору айыгат.

Төөнүн жүнүн күйгүзүп жарага басса, айыгат, канап жаткан мурунга басса, кан токтойт.

* * *

Илгери кыргыз эли төөнү үч шартта гана союшкан:
жалпы айыл курмандык кылганда, түлөө бергенде;
хан көтөргөндө;
төөнүн буту сынганда, ооруп калганда.

9. **"Төө" түшүнүгүнө байланыштуу макал-ылакаптар**

Төө – малдын төрөсү. Жөө жүргөнчө, төө минген жакшы. Көрбөгөн төөнү да көрбөйт. Төө көп болуп конокко сойбойт. Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт. Бээ десең, төөгө кетет. Манап алжыса төө деп алжыйт (*ылакап, жашы өткөн эркек кишиге карата).* Төө баласы – төрө баласы. (*ылакап , төөнүн баласын көзүн карап багуу).* Төө кыядан өткөн соң «Оо...» дегениң курусун! Төө чайнаганын билип, жутканын билбейт. Жыгылсаң төөдөн жыгыл, буйласын кармай жыгыл. Бакырчаак төөнүн бары жакшы**.** Төө өлгөндө жүк өгүзгө жүктөлөт. Төө канча болсо, жүк ошончо. Төө качып, жүктөн кутулбайт. Төө минген иттен коркпойт. Жаманды төө минсе да ит кабат. Төө мингенде жигитти тегеректеп эл жүрөт, жөө жүргөндө жигитти келекелеп эл күлөт. Төө мингендин төбөсү бийик. Төө минип, эчкиге жашынба. Төө сойгон эчки сойгондон эт сураптыр. Төө чөлдү ойлосо, бака көлдү ойлойт. Төөгө минген боюн жашырбайт. Төөнүн бир өркөчү кесилсе, бирөөнүн күчү жок. Төөнүн мазар менен иши жок. Төөнүн пайдасы талаада билинер, адамдын пайдасы балаада билинер. Төөсүнө жараша – кому, эшегине жараша – чому, ж.б.

9. "Төө" түшүнүгүнүн улуттук мазмуну
төө – унаа;
төө – азык;
төө – ыйык.

Адабияттар

1. Древнетюркский словарь / сост.: Т.А.Боровкова, Л.В.Дмитриева, А.А.Зырин и др.– Л.: Наука, 1969. – 676с.

2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү / Ред. Э.Абдулдаев, Д.Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1969. – 775 б.

3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү / Ред. Э.Абдулдаев, Д.Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1984. – Т.1. – 624 б.

4. Кыргыз тилинин сөздүгү. КР УИА, Биринчи бөлүк / Ред. А.Акматалиев; Ж.Мамытов ж.б. – Бишкек: AVRASYA PRESS, 2011. – 880 б.

5. Кыргыз тилинин сөздүгү. КР УИА, Экинчи бөлүк / Ред. А.Акматалиев; Ж.Мамытов ж.б. – Бишкек: AVRASYA PRESS, 2011. – 891 б.

6. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү / Түз. Э.Абдулдаев, Д.Исаев, К.Сартбаев ж.б. – Фрунзе: Илим, 1980. – 324 б.

7. Кыргызча-орусча сөздүк. 40 000 сөзгө жакын: 2 китеп / түз. К.К.Юдахин. – Фрунзе: КСЭ, 1985. – 1-т. – 503 б.; 2-т. – 474б.

8. «Манас». С. Каралаевдин варианты боюнча, 1-китеп. -Фрунзе: Кыргызстан, 1984. -233-бет.

9. «Манас». С. Каралаевдин варианты боюнча, П-китеп. -Фрунзе: Кыргызстан, 1985. -249-бет.

10.Сейдакматов, К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Фрунзе: Илим, 1988. – 337 б.

11.Ч.Айтматов, Кылым карытар бир күн. 4-том, Бишкек, «Учкун», 2009. 5-379.

12.Максутова С. "Көчмөндөр оюндарына төө жарышын кошуу керек" (макала)."Эркин-Тоо" гезити. №19 (2877), 2018-жылдын 6-марты. 10-11-б.

13.К Адиев. «Манас» трилогиясындагы желмаян төөнүн образы. Филологические науки Теория. История литературы. УДК 808/398.221. (167.1Kb), 12.03.2014)) (интернет булагы)

14.www.bizdin.kg. ББК 82.3 (2Ки) Т-12 «Эл адабияты» сериясы Т-12 Табышмактар / Баш сөзүн жазган К. Ибраимов; А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; Кырг. Улут. И. А. ж.б. - Б.: «Шам», 2002. - 320 б. - («Эл адабияты»). ISBN 9967-10-062-1. (интернет булагы)

15.www.bizdin.kg. Каада-салттар. Ак баталар / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; Баш сөзүн жазгандар Н. Ыйсаева, М. Өмүрбай уулу; Түзгөндөр: А. Акматалиев, К. Кырбашев, М. Өмүрбай уулу, Ө. Шаршеналиев. Кырг. Улут. И. А. ж.б. - Б.: «Шам», 2003. – 400 б. - («Эл адабияты»). ISBN 9967-10-123-1. (интернет булагы)

УДК: 894.341(575.2)(043.3)

Устабаева Г.К.,
К.Карасаев ат БГУ, ф.и.к., д.м.а

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ИШ ЖҮЗҮНӨ АШЫРУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ ОКУМУШТУУ К.АРТЫКБАЕВДИН КӨЗ КАРАШЫ МЕНЕН

ВЗГЛЯД УЧЕНОГО К. АРТЫКБАЕВА НА РЕАЛИЗАЦИЮ И РАЗВИТИЕ ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА

Аннотация: *К.Артыкбаев кыргыз тилин мамлекеттик тилдин деңгээлине жеткирүү үчүн алгач мамлекет башында турган кызматкерлердин кыргыз тилинде так, сабаттуу сүйлөп, жаза билүүсүн талап кылуу менен бирдикте, ар бир окуу жайына (орто, орто-кесипчилик, жогорку окуу жайы ж.б.) кирген окуучу кыргыз тилинде дилбаян жазуу менен сынактан өтүп, окуу жайды бүтүрүп жатканда да кыргыз тилинен мамлекеттик сынак тапшыруусун сунуштаган. Мына ушундай этаптан өтөөрүн билген ар бүтүрүүчү мектептен эле мамлекеттик тилди сабатуу үйрөнүп чыгаарын баса белгилеген.*

Түйүндүү сөздөр: *Мамлекеттик тил, кыргыз тили, окуу жай, дилбаян, таасир, маселе, публицист-сынчы, үзгүлтүксүз, мамлекеттик кызматкер, компьютердик тестирлөө, иш кагаздары ж.б.*

Аннотация: *К.Артыкбаев для поднятия кыргызского языка до уровня государственного языка в первую очередь предлагал, чтобы государственные служащие разговаривали и писали на кыргызском языке грамотно, наряду с этим для поступающих в каждое учебное заведение (среднее, средне-специальное, высшие учебные заведения) предлагал написать сочинение и сдавать экзамены, а также при окончании учебного заведения сдавать государственные экзамены по кыргызскому языку. При этом отметил что каждый выпускник зная о прохождении такого этапа, с школы будет учится грамотно государственному языку.*

Ключевые слова*: Государственный язык, кыргызский язык, учебное заведение, сочинение, влияние, критик-публицист, без перерыва, государственный служащий, компьютерное тестирование, документация.*

Annotation: *K. Artykbaev proposes to bring the level of Kyrgyz language to the state level, first of all it is necessary to demand from civil servants to talk and wrote in Kyrgyz competently and accurately and at the same time, the students who are entering every educational institution (secondary technical school and higher educational institution) have to pass exam by writing an essay and at the end of the institution to pass the state exam in the Kyrgyz language.*

K. Artykbaev especially stressed that every graduate knowing of passing such stages will learn the state language from school very deeply.

Key words: *the state language, Kyrgyz language, educational institution, essay, influence, publicist-critic, ongoing, issue, civil servants, computer test, clerical work.*

Мамлекеттик тилдин өнүгүүсүнө 1991-жылдагы коомдук өзгөрүү, Союз ыдырашы, андагы ар бир республиканын өзүнчө мамлекет катары таанылып, эгемендүүлүккө жетишүүсү терс таасирин абдан тийгизген. Ушундан улам басма сөз беттеринде мамлекеттик тил үчүн тынчсызданган макалалар жарыялана баштаган [1]. Алардын пикирлери боюнча мамлекеттик тилдин өнүктүрүүнүн башкы критерийи болгон иш кагаздар, сессия, чогулуш ж.б. жыйындар дале болсо кыргыз тилинде жүргүзүлбөй жатканын бир ооздон белгилешкен.

Ошол убакта К.Артыкбаев да мамлекеттик тилдин проблемаларына байланыштуу макалаларды жазууну активдештирип, газеталарга байма-бай жарыялап отурган. Анын чоң проблемаларды козгоп, олуттуу сунуштарды киргизген мамлекеттик тилге байланышкан жыйырмадан ашуун макалалары жарыяланган. Мындай макалалары менен К.Артыкбаев мамлекет-

тик тил үчүн күйөрман катары талыкпаган эмгегин жумшаган.

К.Артыкбаев жазган макалаларында ар түрдүү ыкмада, ар башка проблемаларды козгоп, чогулуш, жыйындарда, конференцияларда доклад жасап, сунуш киргизип, аны иш жүзүнө ашыруу үчүн өзүнүн бардык күчүн жумшаган. Бул теманы ал 1989-жылдан баштап, өмүрүнүн акырына чейин үзгүлтүксүз козгоп келген. Публицист-сынчынын республикалык газеталарга жарыяланган мамлекеттик тил маселесине байланышкан макалаларынан жана 1999-жылы чыгарган «Мамлекеттик тилдин маселелери» аттуу китебинин мазмунун карап көргөндө аларда көп жаңы ойлор, көз караштар, сунуштар айтылгандыгы даана байкалат. Албетте, алардын бардыгын талдап отуруу, бардыгы жөнүндө сөз кылуу мүмкүн болбогондуктан, макалалардагы, жыйнактагы көтөрүлгөн маселелердин үндөштүгүнө, бирин экинчиси улантып, андан ары тереңдетип байыткан жагдайына жараша жалпылап кароо илимий жагынан да туура болоор деп ойлойбуз.

К.Артыкбаевдин мамлекеттик тилге байланышкан макалаларында кыргызды кыргыз кылуу маселеси өзгөчө мааниге ээ. Бул проблеманы чечүү үчүн алгачкы кадам катары жогорку окуу жайларда, техникумдарда окуу акырындык менен кыргыз тилинде жүргүзүлүшү керектигин 1990-жылы «Сөз менен эмес, иш менен...» аттуу макаласында белгилеп келип, төмөндөгүдөй принциптүү оюн айткан: «... эң башкысы – республиканын бардык жогорку окуу жайларына, техникумдарына кирүү экзамендеринин бири катары кыргыз тили жана адабиятынан сочинение жазуу киргизилиши өтө зарыл» [2]. Мына ушул оюнан улам К. Артыкбаевдин кыргызды кыргыз кылуу маселесине болгон күрөшүүсү башталат. Кыргыз тилин үйрөтүүдө дилбаян жаздырууну жогорку окуу жайларынан баштоону бекеринен талап кылган эмес. Себеби, орто мектепти аяктаган ар бир окуучу андан ары билимин жогорулатууда кыргыз тили жана адабиятынан экзамен берүүсүн алдын ала сезгенинен улам, орто мектептен эле аны жакшы өздөштүрүүнү баштамак.

К.Артыкбаевдин ушул сыяктуу конкреттүү сунуштары кийинки макаласында активдүү улантылат. Кайсы бир учурларда коомчулук тарабынан айтылган, бирок, көмүскөдө калгансыган пикирлерди ачыкка чыгарууда да өзүнүн сезгичтик ыкмасын көрсөтө алгандыгы байкалат: мисалы, 1991-жылы филология илимдеринин кандидаты С.Мусаев өзүнүн «Закондун маңызы эмнеде?» аттуу макаласында: «Мамлекеттик тилди үйрөнүү президент, премьер-министр, Жогорку Кеңештин депутаттары иштеген «ак мрамор үйлөрдөн» башталат – деп белгилеп келип, алардан, — өзүңүздөрдү төмөнкү структуралык органдарыңыздарга, алардын жетекчилерине, ар кандай документтерди, талап-буйруктарды, кат-кабарларды, суроо-жоопторду мамлекеттик тилде жөнөтүп, кайра алардан мамлекеттик тилде жооп талап кылсаңыздар эле мамлекеттик тил жөнүндөгү закон өлүк чектен чыгат да, бүтүндөй система кыймылга келет» [3] - деп талап кылган. Ал эми ушундай эле маанидеги маселе К.Артыкбаевдин 1992-жылы жазылган «Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акай уулуна үч сунуш» аттуу макаласында алда канча конкреттүү, жогорку деңгээлде козголгондугу менен макала өзүнүн баалуулугун арттырган.

К.Артыкбаев республикада чечилбеген көп олуттуу маселелердин ичинен дал ушул мамлекеттик тил проблемасын өлкөнү башкарган президенттин өзүнөн баштоо зарылдыгын күн тартибине алып чыгуу кыргызды кыргыз кылуудагы дагы бир олуттуу критерий экендигин баса көрсөтөт. К.Артыкбаевдин өлкөнүн президентине болгон үч сунушунун бири бул: «... угушумда (уккан кулакта жазык жок) жогору жактагы аппараттарга көпчүлүк кызматкерлер мамлекеттик тилде сабаттуу жаза албаган (сүйлөй билүүнү жаза билүү менен чаташтырбоо керек) адамдардан топтолгон экен. ... Ошондуктан президенттин, премьер-министрдин, Жогорку Кеңештин, министрликтердин аппараттарындагы кызматкерлерди тезинен эки тилде сабаттуу жаза билген, ишкер тажрыйбалуу адамдар менен алмаштыруу өтө зарыл. Ансыз эч убакта иш кагаздары мамлекеттик тилде жүрбөйт» [4].

Публицист-сынчынын бул пикиринде чындыктын үлүшү бар эле. Анткени, өкмөттүк аппараттардын бардыгында мурда орус тилинде тарбияланып, билим алган жаштар кабыл алынып, басымдуу көпчүлүгүн кыргыз тилинде сабатсыз сүйлөгөндөрдүн саны түзгөн. Муну күн мурун байкаган К.Артыкбаев негизги ишти ошолордон талап кылат. Ошондуктан сынчынын бул макаласы мурунку макалаларына салыштыра келгенде коомдун өзгөргөнүнө байланыштуу ачуу чындыктын бетин ачып, өзөктүү ишти эмнеден башташ керектигин, ошол учур эмнени талап кылса, ошого карата тайманбастык менен мамиле жасагандыгы көрүнсө, ошол эле учурда мамлекеттик кызыкчылык үчүн мамлекет башкарган президенттин да кемчилигин көрсөтүүгө болоорун далилдеген.

Ошону менен катар К.Артыкбаев иш кагаздарына байланышкан жаңы маселенин учугун чубайт. Бул маселе чынында кыргыз тилине байланышкан ар бир макалада козголуп өткөн. Анын бир мисалы катары 1992-жылы транспорт министрлигинин котормочусу Э.Өмүракунов «Кыргызга кыргыз тили керекпи?» аттуу макаласында иш кагазына байланыштуу: «... дагы бир жүрөктү өйүгөн маселе, ар бир мекемедеги иштеп жатышкан улуту кыргыз жетекчилери өзү баш болуп кыргыз тилинде буйруктарды, өтүнүчтөрдү, сунуштарды, талаптарды, маалыматтарды, токтом чыгарган иш кагаздарын кыргызча билишпейт. Башкача айтканда, кыргыз тили боюнча сабатсыз. Негизги иш иш кагаздарын кыргызчага өткөзүү, мына ушундан башталат» [5] - деген. Чынында ошол кездеги мамлекетти жетектеген кызматкерлердин кенебестигинен, кыргыз тилин чала сабат билгендиктен мамлекеттик тилдин абалы начарлап, иш кагаздары кыргыз тилинде жүргүзүлбөй келген.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамын ишке ашыруу көздөп, 1997-жылдын 1-январына чейин кечиктирилбестен иш кагаздарын мамлекеттик тилге өткөрүүнү талап кылган Кыргыз Республикасынын өкмөтү **«КРнын эл депутаттарынын жергиликтүү кеңештеринде, мамлекеттик акимдиктерде, акимдик ведомстволордо, мекемелерде, ишканаларда, мамлекеттик кооперативдак жана коомдук уюмдарда иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Түп нускоону бекитүү жөнүндө»**

токтомун чыгарышкан. Өз учурунда кыргыз тили жөнүндөгү мыйзамдардын иш жүзүнө ашырууда кандай иштерди жүргүзүү зарылдыгын Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси К.Токтоналиев: «... кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары коомдук чөйрөнүн бардык тармагына жайылтуу жана мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамды турмушка ашыруу үчүн эң биринчи иретте иш кагаздарын мамлекеттик тилге толук өткөрмөйүнчө тил жөнүндөгү мыйзамдын аткарылышы кур сөз бойдон кала берет» [6] - деп комментарийлеген.

Бул үчүн мамлекеттик тилге байланышкан маселелерди тездетип чечүү муктаждыгын түзүү зарылдыгы келип чыккан. К.Артыкбаевдин 1993-жылы 21-августта «Чүй баяны» газетасына жарыяланган «Тилибизди мамлекеттик тилдин деңгээлине кантип көтөрөбүз?» аттуу макаласында көтөрүлгөн бир проблема да ушул муктаждыкты көздөйт. Автор бул макаласында 1990-жылы козгогон билим берүү тармактарында кыргыз тили жана адабиятынан дилбаян жаздыруу маселесинин маанисин тереңдеткен. Өзгөчө кыргыз адамдарынын кыргызча жаза албаган проблемасын – дилбаянды орто мектеп, техникум жана жогорку окуу жайларда жүргүзүү менен чечүү мүмкүн экендигин көрсөтүп бере алган. Ал үчүн орто мектепти бүтүп жаткан окуучуга кыргызча сабаттуу жазып, сүйлөмөйүн окууну бүткөндүгү тууралуу документ берилбесин талап кылат. Мына ушундай абал түзүлгөндө гана мектеп окуучусу кыргыз тилине болгон мамилесин өзгөртмөк. Ошону менен катар бул олуттуу практика публицист-сынчынын төмөндөгү пикири боюнча: «... техникум, кесиптик-техникалык, жогорку окуу жайларында окуган окуучулардын, студенттердин окуу пландарына жазуу иштерин жүргүзүүнү киргизишип, (муну министрлик жана жогорку окуу жайлар тезирээк чечсе жакшы болор эле) мамлекеттик сынак түрүндө сыноодон өткөндөн кийин гана диплом берилсе, ошондо гана эл чарбасынын ар тармактарында иштей турган адистерибиз, интеллигенттерибиз, жетекчи кызматкерлерибиз кыргыз тилинде жазуу – документтик иштерди туура жүргүзүү мүмкүндүктөрүнө ээ болушмакчы» [7]. К.Артыкбаевдин койгон талабы туура, себеби, дилбаян жазуу ар бир адамды терең, логикалуу ой жүгүртүүгө, өзүнүн оюн кагазга туура түшүрүүгө, сөз байлыгын өнүктүрүүгө багытталган сынак. Кайсы тилде болбосун дилбаян жазууну толук өздөштүргөн адам, толугу менен ошол тилди үйрөндү дегенге барабар болмок. Демек, белгилүү бир тилде жазуу ишин өнүктүргөндөрдүн көпчүлүгү иш кагазын да эч проблемасыз жүргүзө алмак. К.Артыкбаев аталган макаласында коомчулукту ынандырган олуттуу сунуш-пикир айтуу менен бирге Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына жаңыдан кирип келе жаткан, мамлекеттик тилдин өнүгүүсүнө кедерги боло турган, актуалдуу проблема катары компьютердик тестирлөө практикасына биринчилерден болуп каршы чыккан. «Бул практика – деп баса белгилейт публицист-сынчы, – түздөн-түз мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын ишке ашышын жокко чыгаруучу практика. Анткени ал – адамды туура жазуудан биротоло четтетип, билген маалыматтарды, ой жүгүртүүлөрдү кагазга туура түшүрө билүү өнөрүнөн ажыратып сала турган практика. Компьютер тексттерге ой жүгүртүү, сабаттуу жазууга аз тиешеси бар илимдерге ылайык келет» [7].

Азыркы кыргыз тил илиминде «концепт» термини изилдөөлөрдөгү коюлган максаттарга ылайык ар башкача мааниде колдонулуп келет. Биздин оюбузча, төмөнкү аныктама биздин изилдөө принциптерибизге шайкеш келүү менен бул терминди тагыраак түшүндүрөт: «концепт» - бул ойлонулуучу коддун базалык бирдиги катары адамдын аң-сезиминде бар болгон, структурасы салыштырмалуу түрдө системаланган, мазмуну ар дайым эле вербалдаша бербеген, жеке инсандын жана коомдун когнитивдик - таанып-билүү ишкердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп эсептелген, курчап турган барлыктын нерселери жана көрүнүштөрү тууралуу адамдын маданий шартталган элестөөлөрүн жана маалыматтардын көптүгүн алып жүргөн дискреттик менталдык бирдик» (1: 76).

Ал эми бул бирдиктин түзүлүшү тууралуу кеңири жана так маалыматты россиялык окумуштуулар З. Д. Попова жана И. А.Стерниндин эмгегинен таба алабыз. Бул окумуштуулардын пикири боюнча, концепт аймактык түзүлүшкө (полевая структура) ээ болуу менен курамында образды, белгилүү бир маалыматтык-түшүнүктүк ядрону жана кээ бир кошумча белгилерди

камтыйт жана концепттин түзүмүндө үч базалык түзүмдү -_структуралык компоненттерди (элементтерди) ажыратууга болот: образ, маалыматтык мазмун жана интерпретациялык аймак (2: 105, 106).

Концептти толугураак номинация кылуучу – атай турган объективдештирүүчү сөз – негизги «ачкыч» сөз катары каралат (2: 177).

Кыргыз тилинде «мейман» «конок» концепттеринин негизги сөздөрү катары ушул концепттерди атоочу лексемалар кызмат кылат.

Бул синоним катары колдонулуп, бирок өз ара айырмачылыктарга ээ болгон эки сөздүн ичинен «мейман» сөзүнүн колдонуу чөйрөсү абдан кеңири, айтмакчы болгон ойдун максатына карай ар түрдүү мааниде колдонулат. Муну менен катар бул сөз кыргыз элинин менталитетин көрсөтүүчү эң негизги сапаттарын чагылдырган сөздөрдүн топтомуна кирет. Кыргыз эли өзүнүн меймандостугу менен дүйнөгө белгилүү десек жаңылышпайбыз.

К. К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө [3:522] «мейман» сөзү иран тилинен келгени белгиленүү менен анын мааниси мисалдар аркылуу берилген: *ир. гость (ср. Конок 1 1); мейманда бол – быть в гостях; милдеттүү мейман то же, что милдеттүү конок.* Бирок, сөздүктө бул сөздүн өзүнүн кандай маанилерде колдонулары ажырымдалып берилген эмес. Ал эми 2015 – жылы жарык көргөн «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» «мейман» сөзүнө бир гана аныктама берилген: *«Конок, сый көрүүчү адам»* [4: 206]. Көрүнүп тургандай, берилген аныктама бул сөздүн маанилик структурасын ачыктаганга эч кандай жардам бере албайт, кандай сый, ким тарабынан сый көрүүчү адам экендиги белгисиз. К.К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө [3: 400] «мейман» сөзүнөн пайда болгон сөздөр мисалдары менен берилген: *мейманда – принимать как гостя, угощать; ызат кылып меймандап, мен узатайын өзүңдү (фольк.) оказав тебе почет и угостив, я провожу тебя; меймандоо и.т.д. от мейманда – гостевание; бул меймандоонун арасында болгонсуң - на этом гостевании (угощении) был и ты; меймандос- ир. гостеприимный, хлебосольный, меймандостук - гостеприимство, хлебосольство; меймандосчул - то же ,что меймандос; мейманкана - ир. 1. Гостиная, комната для гостей; 2. редко гостиница, мейманчыл, то же что меймандос; мейманчыла – гостить, гостевать (бывать в гостях).* Бул жерден байкаганыбыздай, *мейман* сөзүнүн мазмунунун кыргыз элинин жашоо-шарты, көз карашы, дүйнөтаанымы, философиясына байланыштуу калыптанган этномаданий өзгөчөлүктөрүнө түздөн-түз катышы бар.

Ж. Мукамбаевдин диалектологиялык сөздүгүндө төмөнкүдөй аныктама берилет: *«Мейманчылык» – үйгө мейман келгенде ага карата коңшу-колоңдор ар кыл тамак алып келип, чогуу отуруп, аңгемелешип, сыйлашып убакыт өткөрүү жөрөлгөсү; мейманчылык кылып эт келет* [5: 636].

Концепттердин аталышы катары кызмат кылган «мейман» жана «конок» эки лексикалык бирдиктеринин кыргызстандык жана кытайлык кыргыздардын кебинде этномаданий өзгөчөлүктөр менен шартталган кээ бир маанилик боёкчолору бар экендиги кызыгууну жаратпай койбойт.

Кытайлык кыргыздардын кебинде жигердүү колдонулган «мейман» сөзүнүн кыргызстандык кыргыздардын бул сөздү колдонуусундагы берилген семантикадан кескин айырмаланган учурлары аз. Айырмачылыктар айрым маанилик боёкчолорго гана тиешелүү. Мисалы: *Илгери зоболоңдуу мейманда келген ободон эл жабыркачу эле.* Бул сүйлөмдө күтүүсүз келген мейманга мал союп, түркүн тамактарды жасап тосуп алуу даярдыгынын жоктугунан ызы-чууга түшүүнү *зоболоң* (ызы-чуу, балекети көп) сөзү менен билдирген, ал эми – *обо* сөзү жугуштуу ооруну билдирет. Бул жерде капылеттен келген оорунун күтүүсүз келген мейманды тосуп күтүп алуу сыяктуу ызы-чуулуу кыйын болору салыштырып баяндоо жолу аркылуу берилгенин көрө алабыз. *Аскар байке биздин кафенин дайым келип туруучу капчыктуу (чөнтөктүү) меймандары.* Бул сүйлөмдөгү *мейман* сөзүнүн *дайым келип тура турган бай (акчалуу) кардар* деген мааниде колдонулганын көрүүгө болот. *Кудалыкка келген кишилер көп болуп калып, меймандарды кошуналардын үйлөрүнө бөлүп жайгаштырдык.* Бул сүйлөм аркылуу кошуналардын ынтымак-ымаласын, тагыраак айтканда, келген меймандардын үйгө батпай калуу себебинен кошуналарга меймандардын бир бөлүгүн күтүү милдеттендирилип берилгенин түшүнүүгө болот. Кытайлык кыргыздарда *- бул дүйнөдө не жаман, күтүүсүз келген мейман жаман* – деген тамаша сөз бар, анын мааниси - мейман жаман дегендик эмес. Кыргыз эли кайсыл убакта болбосун, ким келбесин - кучак жайып тосуп ала турган меймандос эл, айтмакчы болгон ой - эч кандай даярдыксыз болуп турган убакта меймандын келүүсүнөн, келген адамдарга ар түрдүү тамак-аштарды толтура даярдап жакшы тосуп алууга мүмкүнчүлүк болбой, үй ээси ыңгайсыз абалда калуусуна карата айтылат. *Ал мейманды узатып жатып: Бат-бат меймандап келип, аңгемелешип чер жазышып турсаң, - деди.* Демек *мейман* сөзү алдын ала чакырылып, кандайдыр бир агыл-тегил дасторкон жайылып сый тамак бериле турган адамдарга гана карата колдонулбастан, жөн-жай гана барыш-келиш катнаштарга да колдонула тургандыгын көрүүгө болот. *Эртең кечинде үйгө келип мейман болуп кет!* Бул жерде сөздүн айтылуу басымына жараша мейман болуу милдеттүү түрдө жана мейман болууга өтүнүү түрүндө болуп эки түрдүү мааниде колдонулат, демек , *мейман* сөзү колдонгон орунуна жана сүйлөнгөн сөздүн басымына жараша ар түрдүү маани берет деген тыянак чыгара алабыз. *Анаргүл мейманчыл безаяк үйүнө токтобойт*. Бул жерде *мейман* сөзүнө -чыл мүчөсү кошулуп жасалып, *көп кыдыргыч*, *ар кимдин үйүнө баш сугуп жүрүү* маанисинде колдонулган. *Алыстан досторуң келиптир, кой союп меймандайсыңбы?* Бул жерде *мейман* сөзүнө *-ла* мүчөсү кошулуу аркылуу салттуу сый тамак берүү маанисинде колдонулган, *уяттуу адам, бөтөн киши* деген мааниде да колдонулат: *Меймандай болуп тартынбай, өз үйүңдөгүдөй эле алып-жеп эркин олтурсаңчы!* Дагы башка боёкчодо: *Мейманчыл Асылбек коноктору дагы тай союп меймандап жатат.* -чыл мүчөсү кошулуп жасалуу аркылуу *кең пейил, берешен* деген мааниде колдонулат. Ал эми *кезме, кыдырмач* деген мааниде: *Алтынай мейманчыл дагы бирөөнүкүнө мейманчылап кеткен го?!*

Кыргыз тилинин сөздүктөрүнүн бардыгында берилген аныктамаларга ылайык, «мейман» сөзүнүн толук семантикалуу синониминин болуп «конок» сөзү эсептелет. К.К.Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө

«конок» сөзүнүн бир канча мааниси белгиленген (3: 401): *1. Гость; кыз-конок погов. дочь-гость (родителей); конок конокту сүйбөйт, ээси баарын да сүйбөйт; милдеттүү конок; 2. Вечерняя пища, ужин; түнөгөнгө бээ союп, коногуна кой союп фольк.; 3. угощение; коногу жайсыз болду; 4. южн. этн. угощение, выделяемое натурой; 5. перен., чирей; конок конду – сел чирей (см. чыйкан); 6. Бельмо; көзүнө конок конду – на глазу у него появилось бельмо; конок жыгач – насест (напр. в курятнике); сөзгө конок бер – или кепке конок бер – предоставить слово, разрешить говорить; жазгы конгон коноктой, иттүү коноктой болуп, кудайы коноктой.*

Ж.Мукамбаевдин диалектологиялык сөздүгүндө Конок: 1. көмбө конок, өсүмдүктүн мөмөсү - жүгөрү, ак конок, белбол конок, кытай конок – жүгөрүнүн түрлөрү. 2. мөмөсүн терип ала турган өсүмдүктун аты; коноктон терип келет (кээде «жер конок» деп да аталат); көммө конок – (көммө конокту эми жүгөрү деп калышты); конок аш – Тогуз - Торо, Баткен жерлеринде колдонулат, жүгөрүдөн жасалган жарма, коноктон жасалган көжө тамак; жаз алды менен конок аш жасап кирди. 3. Конокчөп – Ноокат районунда, боюнун узундугу 90 см келип, үч – төрт сабак алып, башына майда тоголок урук байлап, ушаласа үбөлөнүп кете турган өсүмдүктүн аты; конокчөптүн конок башы болот [5: 519].

Ал эми «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» *мейман* сөзүнөн айырмалуу, *конок* сөзүнүн маанилери дифференцияланып, ажырымдалып берилген [4: 9]: 1. Жол жүрүп баратып, конуп кетүү үчүн токтогон жолоочу. 2. Коноктоо, сыйлоо үчүн атайы чакырылган мейман. 3. Келгендерди коноктоо, сыйлоо үчүн берилген оокат, сый.

Муну менен катар бул сөздүн омонимдеринин маанилери да мисалдар аркылуу тастыкталган: 2. 1) таруу сыяктуу майда дандуу кара эгин; 2) диал. Жүгөрү. 3. Көздүн сезгенишинин натыйжасында каректи басып калган кичинекей ак чел.

Белгилеп кетүүчү нерсе, *конок* сөзүнөн жасалган сөздөр *мейман* сөзүнөн жасалган сөздөргө караганда алда канча аз: *коноктоо, коноктош, конокжай, конокчул.* Кыргыз элинин менталитетин аныктоочу сөздөргө: *меймандос, мейманчыл,* ж.б. салыштырмалуу *конокчу/конокчул* сөзү сейрек колдонулат. Мунун себебин так айтуу кыйын. Бул жагдай түнөбөй мейманга келип кеткен адамдардын конуп, түнөп конок болгон адамдарга караганда басымдуураак болушу менен да шартталышы мүмкүн.

Жогоруда берилген сөздүк аныктамалары жана сөз маанисинин ажырымдалышы *мейман/ конок* сөздөрүнүн семантикалык структурасын түзө алат. Муну менен бирге аталган сөздөрдүн кепте колдонулуп, кызмат аткарышында ар кандай боёкчолор пайда болуп, же мурунку маанилер жаңы мазмундарга ээ боло башташы мүмкүн.

Кыргыз тилинде «конок» сөзү «мейман» сөзү менен маанилеш сөз (синоним) болуп гана калбастан, тескерисинче өз алдынча башка маанини бере турган да сөз болуп, колдонулуш кырдаалына карай ар түрдүү маани-маңызды чагылдырып берет. Тигил же бул концепттин актуалдашып жана вербалдашып, өз алдынча «формалдык кабыкка» - сөзгө ээ болушу россиялык окумуштуулар - З.Д.Попова менен И.А.Стернин баса белгилеген коммуникативдик баалуулукка байланыштуу [2: 78]. Демек, концепттердин, алардын маанилеринин пайда болушу жана алардын элге таркалып белгилүү болушу – элдин ошол концепттерди колдонууга муктаж болушуна, ал тууралуу сөз кылышына көз каранды. Эки лексеманын жалпы жана негизги мааниси катары – *чакырылып, же чакырылбастан кокусунан келип, ызат–сый көрүп кете турган адам* деген семаны бөлүп көрсөтүүгө болот. Эгерде *мейман* сөзү иран тилинен алынган болсо, *конок* сөзү кон- этишинен жаралган нукура кыргыз сөзү деп айтууга толук негиз бар деген ойдобуз.

Конок – койдон жоош деген айтым келген мейманды тамак-аштан алып жеп-ичип отурууга кыстоодо, жана ошондой эле конокко барганда өзүн талапка ылайык алып жүрүүнү үйрөтүүдө колдонулат. *Конок келбеген үй кандай жаман – аңырап турат (аңыроо - бозоруу, күлазуу). Конок* уңгу сөзүнө -ла мүчөсүн кошуу аркылуу жасалган *коноктоо* сөзү - *орноо, жугуу, насип этүү, түбөлүк калуу* деген маанини берет. Карыялар батасында: Башыңа бак коноктосун! - деген айтымды колдонушканы кездешет. Кыргыздын жөнөкөйлүгү менен кең пейилдиги бөтөн адам болсо да, алдын ала даярдыксыз, күтүлбөгөн жерден да барып конок болууга болорун шарттаган: *Конок – болжоосуз, өлүм – сураксыз* деген сыяктуу макал-лакаптардан көрүнөт. Мындан тышкары конок тосууга байланышкан терс маанидеги да айтымдарды, макал-лакаптарды кезиктирүүгө болот. Алардын негизги мааниси өз баркы-жолун, макамын билбеген конок, же үй ээси, конокту тоскондо салтты билбей, бузуп алып, уятка калуу коркунучу, ж.б. менен байланышкан. Мисалы, *«Конокту аткар, балаадан куткар»* деген айтымда, конок тосуудагы чоң жоопкерчиликтин бүткөнүнө болгон сүйүнүч чагылдырылат (мындагы аткар - атка мингизип узатуу маанисинде). «*Коноктун бир конгону кут, эки конгону жут»*, же болбосо – *«Биринчи күнү – жат конок, экинчи күнү – кут конок, үчүнчү күнү – жут конок»* сыяктуу айтымдарда үй ээсинин жакшы мамилесинен пайдаланып, өзүн туура эмес алып жүргөн, ыксыз көп конгон конокту жактырбоо маанисинде айтылат. Ал эми үй ээсин сыйлабай, аша чапкан конокту тыя албаган үй ээсин сындаган маанидеги – *«Жамандын коногу бийлейт/ билет»* деген сыяктуу айтымдар да тил корунан орун алып келет. *«Коноктун жакшысы – эрте келип, эрте кетет», «коногум, үйүңдү ойлой отур», «үйгө киргенди жакшы билсең, чыкканды да жакшы бил»* - деген сыяктуу макал, айтымдар кыргыздарды конок тосконго гана эмес, конок болгонго да үйрөтүүчү тарбиялык мааниге ээ деген жыйынтыкка келүүгө болот. Ал эми кыргыздар үйүнө келген конокту кандай тосуп алуу тууралуу өтө көп макал, айтымдарды муундан муунга эреже катары мыйзам сындуу кылып өткөрүп берип, алардын аткарылышына да көз салышкан. Мисалы, *«коногун жактырбаган үй шыпырат».* Бул сыяктуу айтымдар конок үйдөн кетмейинче башка иштерге алаксуу, башка нерсе менен алектенүү урматсыздык, сыйлабастык, көргөнсүздүк катары сындалып, жаш муундарды тарбиялоого колдонулуу менен конокту жактырбаган үй кожейкесинин кылыгына сын катары айтылчу. Ошондуктан, жалпы кыргыз элинде жаның кандай кыйналып турса да конокту жарык жүз, көтөрүңкү маанай менен кабыл алуу - эң катуу талаптардын катарына кирет: *түнөрүп берген бал суусун - ууга*

барабар. Ал эми конокту татыктуу тосуп алуу эрежелери менен байланышкан айтымдарга: *коноктун атын ал* (келген конокту алдынан тосуп чыгып, аттан түшүрүп, атын *мамыга байлоо), коноктун ал-жайын сура* (дасторконго отургандан соң гана), *куттуу үйдөн кур чыгарба* (сый көрсөтүү иретинде коноктоп, мейманчылап келген кишиге буюм, кийим ыроолоп тартуулоо), *конокту аттандыр* (конок кетип жатканда узатып чыгып, аттын ээр токумун токумдап, атка мингизип узатып чыгуу), ж.б. сыяктуу кырдаалга жараша репрезентацияланган бирдиктерди киргизүүгө болот. Конокко болгон сый жалаң коноктун өзүнө гана эмес, аны менен келген адам, жандыктардын баарына тиешелүү болуп саналат. Мисалы: *ээсин сыйласаң – атына чөп сал* (вариант: *ээсин сыйласаң – итине сөөк сал).*

Кытайлык кыргыздардын тилинде *конок* сөзүнө –ла мүчөсү жалгануу менен жасалган *коноктоо* сөзү *убактылуу аялдоо, убактылуу эс алуу, убактылуу байырлоо* маанилерин чагылдырат: *Булбул куш алма даректын бутагында коноктоп отуру*. Же болбосо: *Талга коноктогон куштай шашкалактабай, дагы бир канча күн конуп кеткиле.*

«Мейман» менен «конок» сөздөрүнүн айырмасы алардын маанилеш сөздөр (синонимдер) болгонуна карабастан, колдонуудагы боёкчолордун таасиринен такыр өзгөчө мааниге ээ болорунан байкалат. Мисалы, *мейман* сөзү чакырылганда келип ызат-сый көрүп, салттуу дасторкондон даам татып кете турган, бирок такыр конбогон адамга карата айтылат, ал эми *конок* сөзү болсо ызат-сый көрүп, салттуу дасторкондон даам татып, анан ошол жерден кетпей, түнөп кала турган адамга карата колдонула турган сөз болуп табылат. Ошондуктан, күндөлүк турмушта көптөгөн адамдар бул экөөнүн айырмасына маани бербестен, экөөн бирдей мааниде параллелдүү колдонушат. Бул анализге алынган синоним эки сөз сыяктуу жалпы мазмундары окшош, бирок колдонууда кызматтары менен боёкчолору айырмаланган сөздөрдү тактап, маанилерин туруктандыруу аркылуу окуу куралдарыбызга киргизүү – эне тилибизди байытуу боюнча бүгүнкү күндүн кечиктирилгис талабы болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, улуттук-этникалык маданиятта кыргыздардын *мейман/конок* концепти менен тыгыз байланышкан көптөгөн сөздөр актуалдашып, замандын таасири менен алардын маанилик структурасы өзгөрүп, трансформацияланып келет. Алардын узак убакытка жашашы, же колдонуудан чыгып калышы, өзгөрүшү – ошол тилде сүйлөгөн элдин коммуникативдик муктаждык-керектөөсү менен тыгыз байланышкан. «Мейман» менен «конок» концептинин улуттук-маданий спецификасынын репрезентацияланып, ишке ашуусу улуттук менталитет менен улуттук мүнөздүн өзгөчөлүктөрү аркылуу шартталган. Жогоруда белгиленгендердин негизинде, *мейман, конок* сөздөрү бул сөздөрдүн алкактарында орун алган концептуалдык билимдерди ачуучу жол катары кызмат кылуу менен, кыргыз элинин «мейман» жана «конок» концепттерине тиешелүү этномаданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырууга көмөк көрсөтөт деп айта алабыз.

Адабияттар

1. Камбаралиева У.Д. Темпоральная категоризация в концептуальной картине мира (на материале русского и кыргызского языков). Монография. – Б., 2018. – 392 с.

2. Попова З.Д., Стернин И.А. Когнитивная лингвистика. – М.: АСТ: Восток-Запад, 2007. – 314 с.

3. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. В двух книгах. – М.: Советская Энциклопедия. - 1965.

4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Экинчи бөлүк. – Б.: Аврасия пресс, 2015. – 800 б.

5. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. – Б., 2000. – 660 с.

УДК: 378.147: 811. 512.154

Секимова Б. Т. *БГУнун ага окутуучусу*

УГУП ТҮШҮНҮҮДӨ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨНҮН УСУЛДАРЫ

МЕТОДЫ РАБОТЫ С ТЕКСТАМИ ПРИ АУДИРОВАНИИ

METHODS OF WORKING WITH THE TEXTS WHILE LISTENING

Аннотация: *Бул макалада түшүнүү жөндөмдөрүнүн бири болгон угуп түшүнүүнүн этаптары жана колдонулуучу тексттердин түрлөрү, аны угузуунун, үндүн темпинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат берилет. Жогорку топто өтүлүүчү тексттин негизинде түзүлгөн мисалдар аркылуу угуп түшүнүүдө текст менен иштөөнүн усулдары көрсөтүлгөн. Макала ЖОЖдун тилчи окутуучуларына жана мектепте иштеген мугалимдерге арналат.*

Түйүндүү сөздөр: *Текст, угуп түшүнүү, усул, үндүн темпи, кабыл алуу, репродуктивдүү, продуктивдүү, багыттоочу аппарат, иллюстративдик материалдар.*

Аннотация: *В данной статье дается информация об этапах аудирования и видах текстов, особенности аудирования, темпа голоса. Показаны методы работы с текстами при аудировании на примере используемых текстов на занятиях продолжающих групп. Статья посвящается преподавателям-лингвистам ВУЗов.*

Ключевые слова: *Текст, аудирование, метод, темп голоса, восприятие, репродуктивный, продуктивный, ориентировочные аппараты, иллюстрационные материалы.*

This given article provides information on the stages of listening and the types of texts features of listening and voice rate. The methods of working with texts while listening are used on the example during classes for beginners and intermediate level. This article is dedicated to the teachers and linguists of the University.

Key words: *Text, listening, method, voice rate, perception, reproductive, productive, indicative devices, illustrative materials.*

Окуу жайларда кыргыз тилин үйрөтүүдө окутуунун коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемасы, чынында, негизги маселе болуп эсептелет. Бул көйгөйдү чечүүдө кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун негизги каражаттары болгон окуп түшүнүү, угуп түшүнүү, жазуу жана сүйлөшүү жөндөмдөрүнүн ролу чоң. Бул жөндөмдөрдү бирдей даражада алып баруу коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун нагыз ыкмасы болуп эсептелинет. Түшүнүү жөндөмдөрү окуп түшүнүү, угуп түшүнүүдөн, ал эми түшүндүрүү жөндөмдөрү жазуу жана сүйлөөдөн турат. Биз мурунку макалабызда түшүнүү жөндөмүнөн окуп түшүнүүгө токтолуп, аны жүргүзүүнүн усулдары боюнча маалымат бергенбиз.. Бул макалабызда түшүнүү жөндөмүнөн угуп түшүнүүдө текст менен иштөөнүн ык-усулдары боюнча сөз кылмакчыбыз.

Т Үсөналиев: “Методикада угуп түшүнүү (аудирование) - оозеки кепти тыбыш сигналдарынын, үндүн жардамы аркылуу угузуп түшүндүрө турган жана угуучу-үйрөнүүчү тарабынан кабыл алынып, түшүнүлүп (акылында чайналып) жана кайрадан ойдо реконструкцияланып (жаңыдан кайталанып) жазылып (айтылып) берилүүчү түрлөрдөн турган комплекстүү ишмердүүлүк процесс болуп эсептелинет” –деген ой-пикирин “Угуп түшүнүү жана анын илимий-методикалык негиздери” деген макаласында жарыялаган.

Жогорку ойго кошулуу менен биз угуп түшүнүү жөндөмүнүн этаптарына токтолобуз. Ал негизинен төрт топко бөлүнөт. 1. Угуп түшүнүү материалдарын даярдоо этабы. 2. Угуп түшүнүү материалдарын аудиторияга жеткирүү этабы. 3. Угуп түшүнүү материалдарын аудиториянын кабыл алуу этабы. 4.Угуп түшүнүү материалын аудиториянын кайталап айтып берүү этабы (натыйжа жана баалоо).

Окутуунун бул түрүндө үйрөнүүчү бир эле учурда түшүнө, аны өздөштүрө билүүгө, ошондой эле укканларына жакын болгон жоопту ошол тилде жаза билүү жөндөмдөрүн өстүрүүгө машыгат. Угуп түшүнүүнүн негизги каражаты текст болуп эсептелинет. Ал эми текст маанилик жана грамматикалык жактан байланышып турган сүйлөмдөрдөн түзүлөт. Тексттин

көлөмү аны түзгөн адамдын максатына, койгон милдетинин чечилишине карата аныкталат. Текст – кеп чыгармачылыгынын натыйжасы. Кептин предмети болуп тигил же бул турмуштук көрүнүштөр эсептелет. Текст түзүүдө өтүлө турган темага байланыштуу билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өлкө таанытуучулук касиетин эске алуу талап кылынат. Ошондой эле угуп түшүнүүдө кептин баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү түрлөрүндө даярдалган студенттердин оюн байытуучу, эстетикалык табитти калыптандыруучу көркөм, илимий, публицистикалык стилдердеги тексттер колдонулат. Тилди үйрөнүп жаткандарга кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн үйрөтүү үчүн ар кайсы жанр, стилдердеги, ар кандай кеп түрлөрүнө туура келген тексттерди колдонуу максатка ылайыктуу болот.

1. Угуп түшүнүү үчүн алынган ***материалдарды даяроо*** этабында бул материалдар белгилүү бир эрежелерге, принциптерге, кандайдыр бир тартипке таянуунун негизинде ишке ашат. Мисалы, өтүлүп жаткан текстти оозеки окутуу грамматика жана окуп түшүнүү процессинен кийин жүргүзүлгөндүктөн бул теманын лексикалык минимуму камтылышы зарыл. Жогорку окуу жайларында угуп түшүнүүнүн материалдары базалык жана жогорку деңгээлдеги топторго ылайыкталып түзүлөт, жөнөкөйдөн татаалга, белгилүүдөн белгисизге, майдадан көлөмдүүгө дидактикалык – педагогикалык принциптерге таянат да, ошого жараша тапшырмалар, суроолор, көнүгүүлөр иштелип чыгат. Угуп түшүнүү үчүн алынган тексттерде грамматикалык материалдар камтылышы керек, б.а. грамматикалык темалар тексттер аркылуу далилдениши шарт. Төмөндө биз ушундай ыкмадагы жоргорку топтор үчүн түзүлгөн тексттин үлгүсү менен таанышtырмакчыбыз.

"Кыргыз элинин турак жайы - Боз үй" деген темада жогорку топто ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлуу учурларын үйрөтүүдө өтүлүүчү угуп түшүнүү материалы. (Тексттер жыйнагы (Хрестоматия). Түзүүчүлөр: Абдувалиева Б., Секимова Б., Саттарова А, - Ош, 1999, 27-б.)

2. Угуп түшүнүүнүн экинчи этабы – текстти аудиторияга ***жеткирүү.*** Оозеки айтылып жаткан кеп мөөнөтүнүн кыскалыгы, кайталоого жол бербегендиги менен айырмаланат. Окутуучу текстти окуунун ылдамдыгы менен темпин студенттердин угуу жөндөмдүүлүгүнө карата аныктайт. Угуп түшүнүүдө убакыт угузулуучу тексттин көлөмүнө жараша болот, б.а. бул этапта убакытка чек коюуга болбойт. Ал эми тексттер боюнча түзүлгөн суроолорду, тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү аткаруу баштоочу топ үчүн 25-30, улантуучу топтордо 45 мүнөткө чейин созулушу мүмкүн. Текстти угузуу окутуучунун же диктордун өз оозунан болсо да, магнитофондон болсо да эки жолу гана кайталанат. Текст биринчи окулуп бүткөндөн он мүнөт өткөндөн кийин кайра угузулат. Бул этапта дагы жаңы сөздөрдү түшүндүрүү ыкмасынын колдонулушу зарыл. Окутуунун үйрөнүү учурунда студенттерге котормо, түшүндүрмө сөздүктөрдү пайдалануусуна уруксат берилет, ал эми текшерүү учурунда аларды колдонууга уруксат берилбейт.

Үндүн ролу текстти угузууда орчундуу орунду ээлейт. Окутуучу тексттин мазмунуна жараша окуунун ыгын билүүсү, ар түрдүү үндүн деңгээлинде түшүнүктүү, мукам үн менен окуп берүүсү, аткаруучулук таланты, жест, үндүн тонунун ар түрдүүлүгү, текстке жараша ритимдин тандалышы, кээ бир окутуучунун өздүк ык- усулдарынын колдонулушу өтө маанилүү. Сүйлөп жаткан адамдын кебинин темпи окутуунун угуп түшүнүү процессинде тексттин мазмунунун студентке жеткиликтүү болушуна, жакшы өздөштүрүүсүнө өз таасирин тийгизет. Ошондуктан угуп түшүнүүнүн материалдарын студенттерге жеткирүүнүн ыгын билүү окутуучудан чыгармачылык менен иштөөнү талап кылат, б.а. окутуучу кептик окуу ишмердүүлүгүнүн механизмдерин үйрөнүүсү, актердук аткаруучулук чеберчиликке, дикция, жест, мимикаларын текстке карата багыттоо, өзгөртө алууга жетишүүсү зарыл.

3. Текст окулуп жатканда аны ***кабыл алып түшүнүү*** – өтө татаал процесс. Белгилүү психолог-педагогдор окуу процессинде башка тилдеги текстти түшүнүүнүн төмөндөгүдөй бир нече деңгээлдерин белгилеп өтүшкөн: айрым сөздөрдү түшүнүү деңгээли, айрым сөз айкаштарын түшүнүү деңгээли, айрым сүйлөмдөрдү түшүнүү деңгээли, тексттин жалпы мазмунун түшүнүү деңгээли, тексттин деталдарын түшүнүү деңгээли, тексттин түрткү берүү – ниет маалыматын түшүнүү деңгээли. Тексттеги берилген ойду түшүнүү үчүн студенттерде лексикалык, грамматикалык билим-билгичтиктен тышкары, аң-сезимдүү угуу, дил-туйгу өзгөчөлүгү болуусу зарыл деп да ойлойбуз.

Текстти кабыл алып түшүнүү текстти кабыл алып жаткан адамдын билимине, курагына, жашоо чөйрөсүнө, маданий деңгээлине, ошол тема боюнча кабардар же кабардар эмес экендигине, ойлонуу жана ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнө, ошол учурдагы маанай-абалына жараша болорун методисттер белгилеп өтүшкөн. Мындан тышкары тексттин тилинин жеңил оордугу, тексттеги маалыматтуулуктун деңгээли, окулуп жаткан тексттин лексикасынын, грамматикасынын, стилинин таанышtыгы, терминдер системасынын татаал, жөнөкөйлүгү, жанрдык өзгөчөлүктөрү да кабыл алуу, түшүнүү процессине өз таасирин тийгизет. Ошондой эле адамдын эске тутуу жөндөмдүүлүгү да кепти угууда белгилүү бир деңгээлде роль ойнойт. Тез эстеп калуу жөндөмдүүлүгү угуп түшүнүү үчүн түзүлгөн тексттеги сүйлөмдөрүнүн кыска жана жеңил түзүлүшүнө байланыштуу болот.

Текстти кабыл алууда анын мазмунунун тереңдиги негизги ролду ойнойт. Кепти угуп кабыл алуу - бул көп деңгээлдерден турган процесс. Окумуштуулар аны ар түрдүү аныкташат. Бирөөлөр кабыл алуу, таануу, түшүнүү деңгээлдерин белгилешсе, экинчилери фонемалык, морфемалык, сөз-фраза деңгээлдерине бөлүп карашат. Тилди үйрөтүү процессинде угуп түшүнүүнүн ыгын билүү менен машыгуулар жөнөкөйлүктөн татаал түрлөргө карай өнүгөт. Ошого жараша кабыл алуунун деңгээлдери да кабыл алуу обьектисине карата аныкталып классификацияланат. Кабыл алуунун деңгээлинин обьектиси базалык деңгээлдер үчүн айрым сөз, сүйлөмдөрдөн тарта, абзацтар эсептелинсе, жогорку деңгээлдер үчүн бир нече абзацтардан турган бүтүн тексттер эсептелинет. Угуп түшүнүүнүн башкы максаты ушул деңгээлдерге жетүү болуп эсептелинет.

4. Студенттердин сабакта өтүлүп жаткан текстти терең өздөштүрүүсүнө шарт түзүүчү аппараттар бар,

аларды методикада тексттен тышкаркы компоненттер деп атайт. Бул компоненттерди багыттоочу жана өздөштүрүүнү уюштуруучу аппараттар, иллюстративдик материалдар деп бөлүштүрөбүз.

1) Өздөштүрүүнү уюштуруучу аппараттарды темалар боюнча түзүлгөн суроо- тапшырмалар, көнүгүүлөр, тесттердин түрлөрү түзөт. Тексттин мазмунун ачып бере алган суроолордун саны баштоочу топто төрт-беш, улантуучу топто беш-жетиге чейин түзүлүшү шарт. Алар өтүлгөн теманы өздөштүрүү, берилген билимди сиңирүү процессин, студенттердин конкреттүү темалар боюнча билгичтиктеринин деңгээлин, алган билимин бекемдөөгө, алардын өз алдынча ой жүгүртүүлөрүнө, чыгармачылык менен иштөөсүнө, үйрөнүп жатан тилде ой жүгүртүүгө, туура жазуу жана так сүйлөө ыкмалары менен куралдандырууга, алынган билимди практикада колдоно билүүгө багытталат. Өздөштүрүүнү уюштуруучу аппараттар репродуктивдүү жана продуктивдүү болуп экиге бөлүнөт. Репродуктивдүү мүнөздөгү көнүгүү, тапшырма, суроолор даяр текст угузулгандан кийин, текстти ошол деңгээлинде жазып аткарып берүүнү талап кылат. Мында үйрөнүүчүнүн текстти канчалык даражада түшүнгөндүгү жана кабыл алгандыгы, аны кандай деңгээлде кайра аткарып бере ала тургандыгы аныкталат. Суроолордун бул түрү студенттерден сюжетти так кайталап, толук жана конкреттүү жооп берүүнү талап кылат.

Продуктивдүү мүнөздөгү тапшырмалар, көнүгүүлөр угузулган текст боюнча көрүнүш, түшүнүк, окуялардын маанисин аң-сезимдүү өздөштүрүүгө багытталат, көрүнүштөрдү образдуу түрдө таанып-билүүчүлүк аракетке ылайыкташтырат жана өз алдынча тыянак, корутунду чыгара билүүгө жана аларды жаза билүүгө, ошондой эле ой жүгүртүүлөрүнүн, көз караштарынын өсүүсүнө багытталат, студенттерди ал тапшырмаларды аткарууга жетелеген, проблемалуу, изденүүчүлүк мүнөздө түзүлөт. Мисалы жогорку топто өтүлүүчү “Боз үй” боюнча угуп түшүнүү тексттинин суроолорун сунуштайбыз.

А. Суроолорго жооп бергиле:

1. Кыргыз элинин тубөлүк турак жайы болгон Боз үй азыр колдонулабы, эгер колдонулса аткарган функциясы боюнча айырма барбы?

2. Боз үй кылымдардын продуктысы, бабалардын мурасы экенин кантип далилдөөгө болот? Ой жүгүртүү.

3. Боз үйдүн жасалуу техникасы, бөлүктөрү, жасалгалары жөнүндө айтып бергиле жана кол өнөрчүлөрдүн эмгегин, кыргыз элинин акылмандуулугун кандай баалайсыңар?

4. Боз үй кыргыз архитектурасынын башаты деген ойго сен кошуласыңбы?

Бул боюнча сенин оюң кандай?

5. Азыркы учурда боз үйгө кандай мамиле жасалып жатат? Бул багытта сиздин сунушуңуз барбы?

Тапшырмалар студенттердин тилдик деңгээлине жана үйрөнүлүп жаткан тилдин грамматикалык өзгөчөлүгүнө ылайык түзүлөт. Ошол тилдин лексикасын өздөштүрүү максатында бош жерлердин ордун керектүү сөздөр менен толтуруу, кездешкен же кездешпеген бирок тексте эквиваленти бар сөздөрдүн синоним, антонимдерин таптыруу, ошондой эле тилдин морфологиялык түзүлүшүн баамдоо ыңгайындагы сызыкчанын, боштуктун ордуна мүчөлөрдү койдуруу, берилген сөздөрдөн сүйлөм түздүрүп тиешелүү мүчөлөрдү туура таптырып жаздыртуу талапка ылайыктуу болот. Тилдин синтаксистик, сүйлөм курулушунун өзгөчөлүгүн, стилин аңдатуу багытындагы чачкын берилген сөз, сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү маанилик жактан бириктирүү, бүтпөгөн сүйлөмдү андан ары улантып бүткөрүү, фразеологизмдерди, туруктуу сөз айкаштарын катыштырып сүйлөм түздүрүү, тексте кездешкен сөздөрдү баш аламан жайгаштырып, алардан текстке байланышкан сүйлөм түздүрүү же студенттин логикалык ой жүгүртүүсүн, түшүнүгүн баалоо максатында берилген сүйлөмдөрдүн ***туура*** же ***ката*** экендигин таптыруу сыяктуу ык-усулдарды практикалоого болот. Ошондой эле замандын талабына ылайык окутуунун инновациялык, интерактивдүү усулдарын б.а. кластер, мээ чабуулу, концептуалдык таблица, концептуалдык карта, Т схемасы, синквейн, даймонд сүрөт менен иштөө ж.б. түрлөрүн колдонуу да өтө жакшы жыйынтык берет.

Жогорку топ үчүн “Боз үй ”деген темага байланыштуу иштелип чыккан көнүгүүлөрдүн түрлөрүн сунуштамакчыбыз.

I. Бул чачкын сөздөрдөн сүйлөм түзгүлө.

1. элдердин, турак жайы, көчмөн, боз үй

---

2. кийиздер-----, бакан, үзүк, өрө, кереге, кирет, боз үйдүн, босого таяк, түндүк, туурдук, босого таяк, түндүк жабуу, жыгачтар------, эшик жабуу, уук, ача.

---

3. дөңсөө, малга, тигилет, дайыма, жылдыздар---, көз салууга, жерге, байкоо--, боз үй, анткени, ыңгай-------.

---

4. жана, жыйырма, жыгач-----, уста, анын, жасайт, беш, дасык--------.

---

5. ар бир, аткар-----, бар, элементтери------, боз үй-------, кызмат---.

---

6. кыргыз, боз үй, башат---, архитектура-----.

II. Туурасын “Т”, катасын “К” менен белгилегиле.

1. Боз үйдүн мыктысы – өргө, ага от жагылбайт, чыгдан тартылбайт. (....)

2. Кереге боз үйгө жарык киргизүү, түтүн чыгаруу милдетин аткарат. (....)

3. Саканактары 14-15 см. аралыкта кайчылаштырыла көзөлөт. (,,,,)

4. Боз үй жалаң жыгачтан , кийизден жана боочуудан турат. (....)

III. Берилген сөздөрдүн синонимдерин (+), антонимдерин (-) аныктагыла.

көз салууга+ жукараак -

дайырдайт + эң мыктысы -

эңсөө	+	чыдайт	-
жээктелет	+	жоон	-
тынымсыз	+		-

Базалык жана жогорку топтордо студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн, тилдин лексикалык, грамматикалык, стилдик материалдарды өздөштүрүүсүн баалоодо тест методикасын колдонуу жакшы жыйынтыктарды берүүдө. Практикабызда колдонулган тесттин түрлөрүнөн мисал келтирмекчибиз.

Туурасын белгилөө:

1. Боз үйдүн кире бергендеги оң тарабы ---

А) эпчи жак Б) ыпча жак

В) төр жак Г) улага жак

2. Туурдук ----

А) Боз үйдүн керегесин жабуучу кийиз

Б) Боз үйдүн түндүгүн жабуучу кийиз

В) Боз үйдүн каалгасынын милдетин аткаруучу кийиз

Г) Боз үйдүн ууктарынын үстүнөн жабылуучу кийиз

3.

Боз үйдүн элементтери жана ичинин бөлүнүшү	Алардын аталыштары
1. Боз үйдүн төбөсүндөгү жарык кирүүчү жана түтүн чыгуучу тегерек жыгачы. 2. Түндүк менен керегени бириктирүүчү чабак жыгачтар, ал көбүнчө талдан, балатыдан жасалат. 3. Боз үйдүн уук бириктирилүүчү таяныч жасалгасы. Саканактардын ар бири 14-15 см. аралыкта бири-бири менен кайчылаштыра көзөлөт. 4. Боз үйдүн так ортосу, ал жерге тулга коюлуп казан асылат. 5. Боз үйдүн сол тарабы, анда эркектердин кийими, куралы, ат жабдыктар ж.б. буюмдар коюлат.	1. уук 2. кереге 3. түндүк 4. эр жак 5. коломто 6. эпчи жак

1....., 2....., 3....., 4....., 5.....

4. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлуу учурларын аныктоо

А. Боз үй – көчмөн элдердин байыртадан жашап келе жаткан турак жайы.

Ээнин да, баяндоочтун да милдетин атооч жөндөмөлөгү зат атооч аткаргандыктан

Б. Түндө Нуржан, Чекибаш – экөө алда эмнелер жөнүндө купуя сүйлөшүшкөн.

Ээнин милдетин атооч жөндөмөлөгү зат атооч, баяндоочтун милдетин сан атооч аткаргандыктан

В. Кыргыз элинин турак жайы болгон боз үйдү баалай билүү, түбөлүк сактоо – ыйык милдет.

Ээнин милдетин кыймыл атооч, баяндоочтун милдетин атооч жөндөмөлөгү зат атооч аткаргандыктан

Г. Юрий Гагарин “Восток” корабль-спутниги менен космос мейкиндигине жол салды.

Ээнин да, баяндоочтун да милдетин атооч жөндөмөлөгү зат атооч аткаргандыктан

Д. Беш жерде беш – жыйырма беш.

Ээнин да, баяндоочтун да милдетин сан атооч аткаргандыктан

АВГ 2. БГД

3. АВД 4. ВГД

5.Бош орунду толтуруу



6. *Үзүктүн этегине кооздук үчүн оюу түшүрүлүп, чачы тагылат.* — *Анын аталышы*

1. алкак 2. төтөгө

3. чамгарак 4. чыгдан

А. алдыңкы үзүк Б. кереге чалгыч

В. түндүк жабуу Г. чыны кап

Д. туурдук

7. Өрө кийиздерине *кирбеген* **боз үйдүн элементтерин табуу**

1. АВ 2. БВ 3. ГД 4.ВГ

1. Иллюстративдик материалдар үчүн өтүлүп жаткан тексттин мазмунун, идеясын чагылдырган сүрөттөр, таблицалар, фото көчүрмөлөр алынат. Булардын баарын техникалык аппараттар аркылуу көрсөтүү ошол тексттин мазмунун эстеп калууга, студенттерди сабакка кызыктырууга, активдүү катышууга б.а. сабактын жандуу өтүшүнө, ошондой эле эстетикалык жактан тарбиялоого да шарт түзөт.

2. Багыттоочу материалдарга тексттин мазмуну, андагы подтемалар, ар кандай белгилер жана тексттин жанрдык өзгөчөлүктөрү кирет. Окутуучунун бул материалдарды аткарган кызматына жараша сабакта усулдук жактан туура пайдаланышы студенттердин текст боюнча терең маалымат алышына, тилди үйрөнүүсүнө жардам берет.

Жогоруда көрсөтүлгөн тексттен тышкаркы компоненттерди ар бир сабакта методикалык жактан туура уюштура билүү тексттин негизине камтылган илимий-методикалык, педагогикалык принциптерди, максат-милдеттерди ишке ашырууга салым кошот жана окутуучудан чыгармачылык эмгекти талап кылары шексиз.

Түшүнүү жөндөмдөрүндөгү окуп түшүнүү, угуп түшүнүүнү бирдей даражада өздөштүрүү үйрөнүп жаткан тилде өз оюн эркин түшүндүрүп бере алуусуна чоң салымын кошот.

Адабияттар

1. Абдулдаев Э., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп, 1986.

2. Алиева Ф. Кыргыз тилинин стилистикасы боюнча көнүгүүлөр жыйнагы. -Бишкек, 2005.

3. Балбакова С., Деркембаева Б., Черикова Н., Жумалиева Р., Мамырбаева Н. Дил билги. -Бишкек, 2008.

4. Добаев К. Орус мектептеринде кыргыз тилин окутуунун методикасы // Эл агартуу, № 9-10,1999.

5. Кыргыз-Түрк "Манас" университетиндеги кыргыз тилин окутуунун жаңыча усул-ыкмалары. -Бишкек, 2006.

6. Муфит Көмлексиз. Көптөн тандама тесттер. – Бишкек, 2002.

7. Низовская И. "Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу" программасынын сөздүгү. – Бишкек, 2003.

УДК: 809.434.1 (575.2) (043.3)

Анапияева А. А.
филол илим.канд.
К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун доценти
E-mail: Anapiyaeva 82@mail.ru
Өмүрзакова К. К.
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ
ага окутуучу

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ “АЯЛ” КОНЦЕПТИНИН МАКАЛДАРДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

ОТРАЖЕНИЕ КОНЦЕПТА «ЖЕНШИНА» В ПОСЛОВИЦАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

REFLECTION OF THE CONCEPT OF A «WOMAN» IN KYRGYZ PROVERBS

Аннотация: *Бул макалада «Аял» концептинин кыргыз макалдарында чагылдырылышы иликтенет. «Аял» концептине кирген сөздөрдүн маанилик өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, макалдарда аялдардын жакшы жана жаман сапаттары өз ара салыштырылып, алардын ар бири факты-материалдар менен чечмеленип берилди.*

Түйүндүү сөздөр: *концепт; концептосфера; анализ; аял; макал; эне; жакшы сапаттар; жаман сапаттар; кыргыз тили; лингвисттер ж.б.*

Аннотация: *В данной статье исследуется отражение концепта «Женщина» в кыргызских пословицах. Анализируя особенности значения слов, входящих в концепт «Женщина», идет сравнение положительных и отрицательных качеств женщин и все это дается фактическими материалами.*

Ключевые слова: *концепт; концептосфера; анализ; женщина, пословица, мать, хорошие качества, плохие качества, кыргызский язык, лингвисты.*

Annotation: *In this article, the reflection of the concept of a «Woman» in Kyrgyz proverbs is examined. Analyzing the features of the meaning of the words included in the concept of «Woman, there is a comparison of the positive and negative qualities of women in all this is given bu actual materials.*

Key words: *consept, conseptosphere, analysis, woman, proverb, mother, good qualities, bad qualities, the Kyrgyz language, linguists*

Концепт категориясын изилдөө - заманбап лингвистиканын орчундуу маселелеринин бири. Илимдин бардык тармактарында кандайдыр бир түшүнүккө бир жактуу аныктама берүүгө болбой тургандыгы, же берилген аныктамага кайчы пикирлердин жашашы – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анын сыңары бүгүнкү күнгө чейин, “Концепт” терминине бирдиктүү так аныктама жок.

Концепт – ой жүгүртүүнүн элементи экендиги жалпыбызга маалым. Бул жагынан алып караганда, ал албетте, менталдык бирдик. Анткени концепт эс тутумдун түйүндүү компоненти болуп, аң-сезимде гана жашайт. Концепт тилдик каражаттарда материалдашып, тилге өтүп гана ал тыбыштык турпатка ээ болот. Концепт категориясы бүгүнкү күндө лингвисттерди, философторду, психологдорду, логиктерди, ал тургай маданият таануучуларды өзүнө тартып, ал илимдерге мүнөздүү изилдөө ыкмаларын өзүнө камтып калды. Бул терминди алгач орус илимпозу С.А. Аскольдов-Алексеев 1928-жылы колдонгон. Бул окумуштуу концептти көптөгөн жандуу жана жансыз заттардын, кыймыл-аракеттердин жана кубулуштардын ойго

таандык функциясынын ой жүгүртүүгө болгон катышынан пайда болгон ой түзүмү катары аныктагандыгы белгиленип келет [7. 22].

Кыргыздар эл болуп жаралгандан бери үрп-адатын, салт-санаасын коргоп келе жатат. Кыргыздардын эң байыркы эл экенин биз алардын колдон-колго, урпактардан-урпактарга өткөрүп берген улуттук мурастарынан көрүп, баамдай алабыз. Анткени аларга тиешелүү болгон баалуу мурастарда бүтүндөй бир чоң тарых камтылган. Мындай мурастардын бири, кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын баалуу үлгүсү болгон – макалдар эсептелет.

«Макал – тээ байыркы ата-бабадан берки келаткан курч, уккулуктуу, таасын, учкул, таасирдүү жана куюлушкан нуска кеп… Макалдар – калктын акыл казынасы. Андан ар бир атуул чөмүчтөп сузуп алып, урунууга тийиш. Бул – кааласаң да, каалабасаң да аткарылчу жумуш. Сенин жарандык парзың» [3. 352].

Макалдар эмоционалдуу-экспрессивдүү сөздөрдүн бир түрү болуп эсептелет. Дүйнөдөгү тилдерде параллелизм макал-лакаптарда кеңири колдонулат. Макалдар өндүү кыска тексттер уккан же окуган адамга катарлаш келген элементтерди салыштырууга жана анын маанаиси боюнча оңой жыйынтык чыгарууга жардам берет.

Биздин максат – концептосферадагы “аял” концептинин мазмунун жана формасын иликтөөгө алуу. Анын ичинен “Аял” концептинин макалдарда берилишин иликтөө мезгилдин талабы. Кыргыз тилинин сөздүгүндө «Аял» сөзү зайып, эрге тийген ургаачы, эркектин жары, жубайы деген маанини берсе [5. 178], ал эми белгилүү окумуштуу Х.Карасаевдин Орфографиялык сөздүгүндө “аял” сөзүнүн маанаиси “ургаачы” деген гана мааниде колдонулган [4. 69].

“Аял” концепти тууралуу да түшүнүктөр түрдүүчө колдонулуп, ар башка кабыл алынат. Бул концептти катын, зайып, байбиче, кемпир сөздөрү менен да туюнтушат. Бирок ар бир сөздүн өзүнө тиешелүү кошумча семантикалык маанаиси бар. Алардын маанилерин ачып берүүгө аракеттенип көрөлү:

“Катын” – аял, зайып (аял деген сөзгө караганда одонороок мааниде) маанисинде колдонулат: Жакшы болсо катының, келип турат жакының (макал). [5. 806].

Ал эми К.К.Юдахиндин “Кыргызча-Орусча” сөздүгүндө “катын” аял, улгайган аял маанисин берет [8. 36].

“Байбиче” сөзү бир нече маанини берет: 1. Бир нече аялы бар адамдын биринчи аялы; 2. Үйдөгү оокат-тиричиликти башкарып, жашабыраак калган аял: Байбиченин бардыгы – төөдөй кара сандыгы; 3. Улгайган аялдарга карата урматтап кайрылуу иретинде колдонулат [5. 190].

Академик К.К.Юдахиндин “Кыргызча – Орусча” сөздүгүндө “байбиче” сөзү төмөнкүдөй чечмеленет: 1. Улуу аялы; 2. Үйдүн ээси, аялы: Байды тууп алат, байбичени сатып алат [8. 94]. Байбиченин түлкүсү түштө улуйт.

“Кемпир” – жашы улгайган, карыган аял [5. 829]. Мис.: Бир кемпир бир кемпирди кыз дептир (макал).

Ал тургай адамдын өзүн алып жүрүүсү, маанайы, турпатына жараша да аял концепти өз ичинен бир нече түрлөргө бөлүнөт: акылдуу аял, акылсыз аял, чечкиндүү аял, эр жүрөк аял, ажаан аял, долу аял, жаман аял, жакшы аял, уз аял, чоркок аял, албуут аял, кесирлүү аял, жоомарт аял, ач көз аял, ичи тар аял ж.б. [2. 102].

Аялдардын образдары илгертен эле элдик оозеки чыгармаларда, анын ичинен макалдарда чагылдырылып келет. Күндөлүк турмушта сулуулук да, өлүмдөн күчтүү, таза сүйүү да аял менен ажырагыс биримдикте экендиги жалпыбызга маалым. Маселен, “жакшы аял” дегенде аял затынын кулк мүнөзү, жүрүш-турушу жагынан үлгү болорлук, моралдык сапаты жагынан жогору жетиктиги ачык байкалып турат. Алсак, Аял жакшы эр жакшы, увазир жакшы хан жакшы; Алганың жакшы болсо, табылат акылың, келе берет жакының, Аял – үйдүн куту, Аял – үйдүн туткасы, Катыны жакшы болсо, эли бактылуу болот, Аял жакшысын – эри сүйөт, эр жакшысын эли сүйөт, Аял болбосо ашкана жетимсирейт, Аялды ашынан тааны, баланы башынан тааны, Аялдын акылын жесиринде көр, баланын акылын жетиминде көр, Жакшы аял – жарым ырыс ж.б.

Демек, бул макалдардан белгилүү болгондой, коломтонун отун өчүрбөй сактап, атургай, хандарды хан кылган, баатырлардын даңкын чыгарган аялдар экендиги шексиз. Аялдардын жеке эле үй-бүлөдө гана эмес, коомдо да зор таасири бар экендигине күбө болдук.

Байыртан адамзат жашоосунда аялзатынын, анын ичинде эненин орду, турмуштук вазипасы өзгөчө орунда турат. Эненин ыйыктыгына, улуулугуна маани берилип, элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрында эне мээримин даңазалаган чыгармалар, макалдар бүгүнкү күнгө чейин жазылып келатат. Ар бир макал элдин ой чабытынын бийиктигинен жаралып, өз мезгилиндеги турмуш жагдайын эненин образы менен чагылдырып отурду. Алсак, Бейиш эненин таманы алдында, Энесин көрүп кызын ал, Эшигин көрүп төрүнө өт, Аталуу жетим арсыз жетим, энелүү жетим эрке жетим, Эне сүтүн актоо – унутулгус карыз, Эне сыйлаган элине жагат [1. 5].

“Аял” концептине кирген эне сөзү өзгөчө талдоону талап кылат. Жогоруда келтирилген фактылар аркылуу эненин ыйыктыгын, сабырдуулугун, чыдамкайлуулугун, барктуу-даңктуулугун байкоого болот.

Ар бир эле адамдын жакшы сапаттары менен бирге жаман жактарынын болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Үй-бүлөөнүн бекем жана туруктуу болушу эки жактын кулк-мүнөзүнө байланыштуу, өзгөчө аялзатына. Илгертен каада-салты ыйык туткан кыргыз эли үчүн эркектердин орду өзгөчө бааланып, аялдардын жакшы – жаманы ачык эле сындалып, макалдарда берилип келген. Эркектерди кандай гана болбосун, сыйлап, урматтап, аздектеп келишкен. Төмөндө келтириле турган макалдар аялдардын терс сапаттарын айдан-ачык эле ачып бере алат: Жакшы аял жакшы эркекти хан кылат, Жаман аял жакшы эркекти кор кылат, Аялың жакшы болсо – бактың, аялың кыйды болсо – каттың, Бакылдаган эчкини суу кечкенде көрөрбүз, Шакылдаган жеңени үй чеченде көрөрбүз, Баланы башынан, катынды жашынан, Жакшы катын жарым ырыс, жаман катын күндө уруш, Жаман аял белгиси, казаны калат жуулбай, кабы калат буулбай, Катының долу болсо, замандын тынчтыгынан не пайда, Кечтим байдын кызынан, Акылдуу болсоң алганың, кулпундуруп жакшы бак, акылсыз болсо алганың, көп узатпай эбин тап, Алганың жакшы болсо,

бал сөзүн угуп сүйөсүң, алганың жаман болсо, суук сөз угуп күйөсүң, Аялдын жаманы – атыңды булгайт, эрдин жаманы элди булгайт, Аялдын анткору улуу болбой кичүү болот, ага болбой жеңе болот, Жаман атты алганча, жөө жүргөн артык, жаман аял алганча, бойдок жүргөн артык, Жаман аял кетем деп коркутат, жаман эркек өлөм деп коркутат, Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт, Жаман катын терисин жуубай иттен көрөт, башын жуубай биттен көрөт, Катындын кесири эрге, эрдин кесири – элге, Катының урушчаак болсо, элиң тынч болбосо койсун, Катыным сокур – жаным тынч ж.б. [6. 15].

Келтирилген макалдарда элибиз жаман аялга жолугууну "кырсык" катары көрүшүп, атүгүл жаман аялга жолукканча бойдок өтүүнү самашкан. Демек, жаман аял эрине гана зыяны тийбестен, бүтүндөй жумурай журтка да таасири тийе тургандыгын баса белгилешкен.

Демек, аялзатынын ар кандай сапатын туюндурган кыргыз элинин макалдары адамдарга өз таасирин тийгизип, аларды адамдагы жакшы сапаттарга үндөөгө көмөкчү материал боло алат деп ойлойбуз.

Адабияттар

1. Бегалиева Н.К. Кыргыз элинин аялдар жөнүндөгү макал-лакаптары. - Б., 2007.

2. Зулпукаров К. Кыргыз паремияларынын түрлөрү, түзүлүшү жана педагогикалык максатта колдонулушу// Эл агартуу. 2002. №3-4. – С. 53-58 б.

3. Исаков, Б. Кыргыз тили [Текст]: VII-IX кл. үчүн / Б. Исаков. – Б.: Педагогика, 2002. – 352 б. 38,352.

4. Карасаев Х.К. Орфографиялык сөздүк. –Ф.: КСЭнин башкы редакциясы, 1983.

5. Кыргыз тилинин сөздүгү. А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында, – Б.: "AVRASYA PRESS". 2011.

6. Кыргыз макал-лакап жана учкул сөздөрү / Түзгөн: М.Ибрагимов. – Кара-Балта, 2005. – 500 б.

7. Попова З.Д., Стернин И.А. Когнитивная лингвистика. – М.: АСТ Восток-Запад.: 2010. 7. 22.

8. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. –М.: Советская энциклопедия, 1965; - Фр.:КСЭ нин башкы редакциясы, 1985;- Б.:Шам, 1999. 94-бет .

УДК: 378.147: 811. 512.154

Секимова Б. Т. *БГУнун ага окутуучусу*

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУДА СЫНЧЫЛ ОЙЛОМ СТРАТЕГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ ЫКМАЛАРЫ

МЕТОДЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ СТРАТЕГИИ РЧПКМ (РАЗВИТИЕ ЧТЕНИЯ И ПИСЬМА, КРИТИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ) В ОБУЧЕНИИ ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА

USING THESKILLS INIRWCTH STRATEGY (IMPROVING OF READING AND WRITING, CRITICAL THINKING) IN THE KYRGYZ LANGUAGE

Аннотация: *Бул план – иштелмеде мамлекеттик тилди окутууда студенттердин сөздүк корун байытуу, байланыштуу речин өстүрүү үчүн алынган текст менен иштөөдө СОнун стратегияларын колдонуу ыкмалары көрсөтүлдү.*

Түйүндүү сөздөр: *Сөздүк кор, стратегиялар, байланыштуу кеп, даймонд, кубик стратегиясы, синквейн, максат*

Аннотация: *Это план-разработка по государственному языку для преподавателей языковедов и студентов высших учебных заведений. В этой разработке представлены навыки использования стратегий критического мышления. План-разработка представлен для того, чтобы активизировать словарный запас, развитие речи и работу с текстами с использованием стратегий критического мышления.*

Ключевые слова: *словарный запас, стратегии, развитие речи, даймонд, кубики, синквейн, цель.*

Annotation: *This is a plan of manual in the Kyrgyz language for teachers, linguists and students of higher educational institutions. These manual presents skills of using critical thinking strategies. The plan of manual is presented to activate vocabulary, develop speech and work with texts using strategies of critical thinking.*

Key words. *Vocabulary, strategies, speech development, diamond, cubes, sinkvein, goal.*

Мотивация; а) Кыргыз элинин көркөм кол өнөрчүлүгүнүн бири болгон жыгаччылык жана аны иштетүүнүн жолдору, андан жасалган бумдар, кыргыз элинин турмушун, ар кандай согуштук жүрүшүн, ошондой эле жомокчуларды, эпосту айтуучуларды, дастанды, айтыштарды жана элдик ырчыларды коштогон улуттук музыкалык аспаптар жөнүндө түшүнүк алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

б) Студенттерди сабакта өзүн эркин сезүүгө, өз алдынча сынчыл ойлом жөндөмдүүлүгүн ар тараптан арттырууга, шериктерин угуп айтылган ой-пикирди сыйлай билүүгө, өз ойлорун тартынбай айта жана жаза алууга, ар кандай жаңы билим үчүн биргелешип изденүүгө машыктырылат.

1. Сабактын темасы: Улуттук музыкалык аспаптар.

Комуз. Кыл кыяк. Темир комуз. Омоним, анын түрлөрү

2. Сабактын максаты: **а)** Кырыз элинин музыкалык аспаптары болгон комуз, кыл кыяк, темир комуз, жыгач ооз комуздардын жасалуу жолдорун, негизги элементтерин, алардын сакталышын, алгачкы ансамблдердин уюшулушун бири-бирин окутуу аркылуу түшүндүрүү.

б) Берилген тексттин негизинде студенттердин лексикалык корун байытуу, байланыштуу речин өстүрүү; тексттен антоним, синоним, омонимдерди табуу аркылуу грамматикалык материалды бекемдөө.

в) Студенттерди кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүн, маданиятын баалоого, улуттук аспаптарды барктоого, сактоого, сыйлоого тарбиялоо.

3. **Сабактын усулу**: Кубик. Даймонд. Синквейн. Концептуалдык карта. Венндин диаграммасы.

4. **Сабактын жабдылышы**: Комуз, кыл кыяк, темир комуз, магнитофон, ватман, боёк, тиешелүү адабияттар.

5. **Сабактын жүрүшү:** 1.Уюштуруу. 2. Муз жаргыч. Комуздун коштоосунда обондуу ырлар ырдалат. Окутуучу синквейн жазылган ватманды доскага илет да, биринчи сапты студенттерге таптыруу аркылуу өтүлө турган теманы аныктап алат.

6. **Жаңы тема**: Комуз. Кыл кыяк. Темир комуз. Омоним, анын түрлөрү

а) **Чакыруу**. Кана, балдар, синквейнди жазуу эрежелерин эстейличи.

1……..
2.Кылдуу, уккулуктуу
3.Чабылат, тагылат, колдонулат
4.Эл сыймыктанып баа берген
5.Чертме музыкалык аспап

1. ……..
2. Жаалуу, жагымдуу
3. Даярдалат, оюлат, капталат
4. Эпосту айтуучуларды, жомокчуларды коштоочу
5. Тартма аспап

1. ……
2. Кичинекей, тилдүү
3. Ийилет, жасалат, ойнолот
4. Байыртадан белгилүү күүлөр ойнолгон
5. Улуттук какма аспап

Биринчи саптагы зат атоочторду туура тапкандан кийин тема доскага жазылат.

Аудиториядагы студенттерден үч кооперативдик группа түзүлөт да (111,222,333) өз-өзүнчө отургузулат.

Доскага глоссарий жазылган ватман илинет

1. Берене -домбура, гитара жана башка ушуга окшош музыкалык инструменттердин ар түрдүү бийиктиктеги үндөрүнө ылайык туурасынан тартылган кыл, бөлүкчөлөр; **музыкальный лад.**

2. Булгаары - иштетилген тери; **выделанная кожа.**

3. Керки - балтадан кичине, балтага караганда мизи туурасынан келтирилип сапталган жыгач чабуу, кертүү үчүн колдонулуучу курал; **тесло.**

4. Кысыр калды – эки жашка караган төлдөй элек кой; **яловая**

5. Сомдоо - бир нерсенин болжолдуу кебетесин, толук бүтө элек турпатын түзүү; **придавать предварительную форму**.

6. Сыдыргы - көктү, кайышты тегиз кылып тилүү үчүн жасалган бир жагында оюкчасы бар тилке жыгач; **скобель приспособление для резки тонких полосок ремня, кожаной тесьмы.**

7. Тулку - бүткөн бой, бүткүл дене; **весь, целиком.**

8. Түрпү - ири быдырлуу, көбүнчө жыгач сүрүү үчүн колдонулуучу өгөө; **плоский напильник.**

9. Үшкү - көзөө, тешүү үчүн колдонулуучу аспап; **сверло, шило**.

10. Эки асый - алты жаштагы бодо мал; **по шестому году.**

Жаңы сөздөрдү окуп, маанисин түшүнүшкөндөн кийин окутуучу Тексттер жыйнагынын (Б.Абдувалиева, Б.Секимова, А. Саттарова Ош-1999) 9-10-11- беттерин ачып окуп чыгууну сунуштайт. Аны аткаруу үчүн 25-мүнөт убакыт белгиленет.

№1-топтогулар комуз, анын жасалышы, негизги элементтери, жана комузчулар ансамбли жөнүндө түшүнүк алышат.

№2-топтогулар кыл кыяктын кайсы жыгачтан чабыларын, анын коңур добушу ырчыларды, жомокчуларды коштогон музыкалык аспап экенин өздөштүрүшөт.

№3- топтогулар темир комуз, жыгач ооз комуздун жасалуу жолдору, алардын бири-бири менен болгон окшош жана айырмалуу жактары жөнүндөгү текст менен таанышат.

б) **Түшүнүү:** Тиешелүү бөлүктөрү боюнча ар бир студент текстти алгач жеке окуп чыгып, андан соң өз тобу менен ой бөлүшүп талкуулашат.

Ушул мезгилде магнитофондон комузда, кыл кыякта темир ооз комузда ойнолгон күүлөр угузулат.

в) **Ой жүгүртүү:** Текстти өздөштүргөндөн кийин презентациялоонун жолдорун макулдашышат. Презентациялоодо төмөнкүдөй ыкмалар пайдаланылат:

Комуз боюнча биринчи топтогулар концептуалдык картаны колдонушат. (Сабакта көрсөтүлөт, тиркелет).

Кыл кыякты экинчи топтогулар **Кубик стратегиясынын** негизинде түшүндүрүшөт.

1. Муну сыпаттагыла.

Моюну кыска, беренеси жок. Узундугу 60-70 см. Уч жагы ичке, санга коюуга ылайыкталган, жыгачы ачык күрөң, териси кара күрөң, тепкеги үч бурчтук формасында болот.

2 .**Муну салыштыргыла**.

Чарасы тең бөлүнгөн алмурут сыяктуу, бул белгиси боюнча комузга окшошот. Кулагы кыл кыяктын башында карама-каршы жагына орнотулат. Ал комуздукунан жоон болот. Кыл кыяктын жарымына төөнүн териси капталат. Тепкеги жыгачтан эки ача болуп жасалат, ошондуктан кыл кыяктын эки гана кылы бар. Бул - жаалуу тартма музыкалык аспап. Ушул белгилери боюнча улуттук чертме музыкалык аспап болгон комуздан айырмаланат.

3.**Буга ассоцация бергиле.**

Бул улуттук аспапты көргөндө кыргыз элинин турмушун, маданиятын элестетебиз. Ошондой эле кыл кыякчылар ансамбли (1930 - ж. М. Күрөңкеев уюштурган, 43-65-жылдары С. Бекмуратова жетектеген) жана белгилүү кыл кыякчылар, алар ойногон күүдөр эске түшөт. Казактардын кыл кобызы, кара калпактардын кобызы, алтайлыктардын иклеми, орус элинин скрипкасы биздин көз алдыбызга тартылат.

4. Муну анализдегиле.

Көк арча, өрүк жыгачынан чабылат. Жыгачы комуздукундай даярдалат. Ал негизинен тулку, кулак, моюн, чара, каптама тери, куткун, тээк, кыл, жаа жыгачынан турат. Чаранын оюгунун орто ченинен туура кеткен кичинекей бертик (төшөгүч) коюлуп, анын үстүн бастыра чаранын жарымына төө териси, жарымына кайыш тагылат. Төө териси болбосо жука чабылган капкак каптаса да болот. Кылы эки асый жылкынын куйругунан жасалат. Кылды жууп, карагайдын чайырын кайнатып сүйкөйт.

5. Муну колдонгула.

Кыл кыяктын коңур добушу адамдын үн интонациясына өтө жакын.

Адамдардын турмушун, тарыхый согуштук жүрүшүн баяндаган күүлөр тартылат. Алардын күлгөнү, ыйлаганы, кошкону, баланын, кемпирдин, келиндин, чалдын үндөрү, жан-жаныбарлардын аракети, табигый көрүнүштөрү элестетилет жана тууралып баяндалат. Эпосторду айтуучуларды, жомокчуларды жана элдик ырчыларды коштоочу аспап катары пайдаланылган.

6. Буга макулбуз же каршыбыз.

Адамдардын ар кандай турмушун, кубанычын, кайгысын, жаш өзгөчөлүгүн билдирген үндөрүн туурап көрсөткөн улуттук музыкалык аспап болгондуктан колдонууга макулбуз. Азыркы учурда кыл кыякта ойногондор өтө аз, ошондуктан мындан ары кыл кыякка өзгөчө көңүл бурулса деген ойдобуз.

Темир комуз, жыгач ооз комуз боюнча үчүнчү топтогулар экөөнүн окшош жактарын жана айырмаларын Венндин диаграммасын колдонуу менен түшүндүрүшөт. (Венндин диаграммасы тиркелет).

7) Өтүлгөн теманы бышыктоо максатында төмөнкүдүй көнүгүүлөр аткарылат.

1. Ар бир кооперативдик группалар өздөрүнүн тексттери боюнча суроо менен башка топтогуларга кайрылышат. Жоопторго көңүл буруп бири-бирин толукташат, текст боюнча алган билимдерин бышыкташат.

Комуз

1. Кайсы жыгачтардан комуз чабылат?
2. Эмнеге карата комуздун добушу бааланат?
3. Кайсы куралдар комуз чабууда колдонулат?
4. Куткун эмнеден жасалат жана кандай милдет аткарат?
5. Биринчи комузчулар ансамблин качан, ким уюштурган?
6. Комузда ойнолуучу кайсы күүлөрдү билесиңер?
7. Комуздун негизги элементтерин атагыла?

Кыл кыяк

1. Кыл кыяк кандай музыкалык аспап?
2. Кыл кыяктын комуздан айырмаланган элементтери кайсылар?
3. Беренеси жок дегенди кандай түшүндүңөр?
4. Чарасын капташ үчүн эмнелер колдонулат?
5. Кыл кыяктын кылы эмнеден даярдалат?
6. Чайырды эмне үчүн пайдаланышат?
7. Жаа кантип даярдалган?

Темир комуз, жыгач ооз комуз

1. Темир, жез, күмүштөн кайсы музыкалык аспап жасалат?
2. Темир комуз, жыгач ооз комуз кандай музыкалык аспап ?
3. Темир комуздун формасы кандай болот?
4. Болоттон эмне даярдалган?
5. Жыгач ооз комуздун тилине эмне тагылат?
6. Экөөнүн окшош жактарын атагыла?
7. Темир комузда ойнолуучу күүлөрдү айтып бергиле.

2**). Биринчи кооперативдик** группа өздөрүнүн текстинен асты сызылган сөздөрдүн синонимдерин таап, алар менен сүйлөм түзүшөт.

М: ***Добуш - үн – табыш*** Жайнаган көрктү куттуктап, жан-жаныбар салат **үн.**

Алыстан кыйкырган **табыш** чыккансыйт.

Ээн талаада **добушун** бийик чыгарып ырдагысы келди. ж.б.

Экинчи топтогуларга тексттен антонимдерди табуу жана антоним сөздөр менен даймонд жазуу сунушталат. М: узун-кыска, оң-сол, жаш-кары, жука-калың, түбү-учу ж.б. М:

Жай

ысык, жашыл

сагынтар, кубанткан, жүдөтпөс

келет, кетет, ойнотот, иштетет

үшүтөр, тазарткан, өтпөс

суук, аппак

кыш

Үчүнчү топтон тексттеги асты сызылган сөздөрдүн омонимдерин таап, ар бир маанисине сүйлөм түзүү талап кылынат.

М: **Жаа I** - зат (оружие, лук) ийилип, эки башы кайыш же жип менен кере тартылып, жебе менен атууга ылайыкташтырылган курал.

М: Алымкул **жаа** жасап, аңга чыгууга ниеттенди.

Жаа II - этиш. Идти (о снеге, дожде) жамгыр, кар, мөндүр түшүү.

Кар **жаай** турган эмес - деп, өз алдынча кобурап койду.

Кана, балдар, ушул эле омоним сөздөр көп маанилүү сөз боло алабы, эгер көп маанилүүлүккө ээ боло алса, алардын маанилерин аныктагыла.

М: **Жаа II** 1.жамгыр, мөндүр

2. үзгүлтүксүз себиле берүү. М: Ок мөндүрдөй жаады.

3. үстөкө-босток айтыла берүү. Шылдың сөздөр жаай баштады.

Жаа I 1. курал.

2. музыкалык аспаптын бир элементи. М: Кыл кыяк - жаалуу музыкалык аспап.

Маанилерин тапкандан кийин омоним менен көп маанилүү сөздөрдүн айырмачылыктарына токтолобуз. Демек, балдар, көп маанилүү сөз менен омонимдердин айырмачылыктары төмөнкүлөр:

1) Көп маанилүү сөздөр маанилик жактан жакындыкта болот, маанилердин келип чыгыш теги бир. Тактап айтканда, көп маанилүү сөздөр ички, сырткы белгилеринин, функцияларынын окшоштуктарына карай пайда болот. 2) Көп маанилүү сөздөрдүн ар бир мааниси өз алдынча сөз болуу касиетине ээ эмес.

1) Омонимдердин маанилеринде байланыш жакындык жок. 2) Алардын ар бири өз алдынча сөз болуу касиетине ээ. 3) Омонимдердин толук жана толук эмес түрлөрү бар.

3). Тил, кулак, кыл – бул сөздөрдүн маанилерин таап, көп маанилүү сөз, же омоним экенин аныктагыла.

Кулак I -зат. адамдардын, жаныбарлардын угуу органы.

М: Чынбы кулак укканы Ата деген үнүңдү.

Кулак II - зат. суу жаюу, жыгуу үчүн арыктан тарам-тарам болуп кеткен жөөкчөлөр, арыкка туурасынан коюлган бөгөт, байлоо.

М: Суу жайып жаткан Байгазы жаңы кулак ачып коюп, Абылга кыйкырды.

Кулак III- зат. эзүүчү тап, батрактарды, кедейлерди эзген жеке менчиктүү бай дыйкан, бай- манап. М: ***Айылда Түлөберди деген кулак бар эле.***

Кыл I – зат. адамдын чачынын, сакал-мурутунун, кээ бир айбандардын жалынын, куйругунун ар бир талы же ошондой жалдардын тобу.

М: Кыл чайнап, балбан Тиштээк кайраттанган.

Кыл II – сын. эң мыкты, өңчөй, нагыз, накта жакшы.

М: Биздин заман учкул заман – Замандардын кыл алды.

Кыл III – эт. иш аткаруу, жумуш жасоо, аракеттенүү. ***М: Мол түшүм үчүн көп эмгек кылдык.***

Тил I – зат. адамдын жана айбандардын ооздун ичиндеги даам сезүү органы; сүйлөө органы; байланыш жасоо системасы. ***М: Тигине карышкырлар тилдерин ууртуна жаныр боортоктоп келе жатат.***

Тил II – эт. миздүү нерсе менен тилик тарта кесүү, тилкелей из түшүрө кесүү. **М:** ***Кабыгын тилсе сүт аккан жыгач өнөт дейт.***

Жогоруда келтирилген **кыл, кулак, тил** деген сөздөрдүн ар бир мааниси аркылуу омоним сөздөр экенин аныктадык.

Эми ушул сөздөрдүн көп маанилүүлүгүнө мисал келтиребиз.

Кулак 1 – тумактын кулакчыны. **М:** ***Базарбек экөөбүз түлкү тумактарыбыздын кулагын түшүрүп алганбыз.***

Кулак 2 – нерсени кармоо, көтөрүү үчүн атайын жасалган бөлүкчөсү. **М:** ***Казандын кулагы.***

Кулак 3 – кылдуу музыкалык аспаптардын кылын бурап, чертилүүчү күүгө ылайыктоочу тетиги. **М:** ***Комуздун кулагы.***

Кыл 1 – жалпы эле жүн, териден түшкөн жүн. **М:** ***Кийим илгичтеги чапанынын суусун силкип, кыл-сылын тазалап кайрадан илип койдум.***

Кыл 2 – музыкалык аспапта тагылуучу ичегиден, зымдан жасалган жипче. **М:** ***Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз.***

Тил 1 – сүйлөөгө, өзүнүн оюн айтып түшүндүрүүгө болгон жөндөмдүүлүк. **М:** ***Оолуктуруп адамды, чечен кылган тил болот.***

Тил 2 – керектүү маалымат алууга мүмкүн болгон туткун. **М: "***Тилди " алып келген Жапар болду.***

Тил 3 – сөгүү, сөгүп тилдеп айтылган сөз. **М:** ***Тил угуп калдык.***

Тил 4 – ургулаганда, тартканда же какканда дабыш, үн чыгаруучу коңгуроонун, темир комуздун ж.б. ортосундагы арекетке келип туруучу металлдан жасалган бөлүгү, тилке сыяктанып чыгып турган тетиги. **М:** ***Коңгуроонун тили. Комуздун тили.***

4) Темир комуздун да, жыгач ооз комуздун да негизин **тил** түзөт, ал эми комузда, кыл кыякта -- экөөндө тең учуроочу негизги элементтердин бири - **кулак, кыл.** Ушул сөздөр катышкан фразеологиялык сөз айкаштарынын өтмө маанилерин же өтмө маанилери аркылуу фразеологиялык сөз айкаштарын жана сүйлөмдүн составынан фразеологиялык сөз айкаштарын табуу талап кылынат. Окутуучу тарабынын үч топко сүйлөмдөр, фразеологиялык сөз айкаштары же фразеологизмдердин өтмө маанилери жазылган баракчалар таркатылат. Ар бир топ бири-биринин жообун угуп кошумчалашат, эгер ката кетсе окутуучу тарабынан оңдоолор киргизилет.

I

1. Аябай кордоо, запкы көрсөтүү- **кылбаган санатты кылуу.**
2. Болбогон жерден күнөөлөө, жок жерден кемчилик табуу, чыр чыгаруу-**кылдан кыйкым табуу**.
3. Калыс, баарына тең кароо-**кара кылды как жарган**.
4. **Кыл жугузбоо** – өтө таза.
5. **Кылдай кара санабоо** – эч кенедей жамандык ойлобоо.
6. Усупбеков **кылы кыйшайбай** эле баягы кызматында иштеп жүрөт. (Эч зыян тартпоо.)
7. **Кылына да тийбептир**, баары бар экен. (Эч нерсесине тийбөө.)

II

1. Кулагынын сыртынан кетүү - **анча көңүл коюп укпоо**.
2. Кулда кулак жок -**үн чыгарбоо, сөз сүйлөбөө, укса да укмаксан болуу.**
3. Кулагыңа алтын сырга – **эсиңде болсун**.
4. Жалынып жалбарган оюн **кулагына илбеди**. (өз билгенин жасоо, укпай коюу)
5. Шорду катырып, **кулак уккус, көз көргүс** жакка кеттиби? (алыс)
6. Тез угат, көбүрөөк кабардар болуу-**узун кулак**.
7. Укканын эч качан унутпоо – **куйма кулак**.

III

1. Тил эмизүү - **куру бекер, үмүткөр кылуу.**
2. Тилиңе тишиң күбө – **сөзүңө бекем тур.**
3. Тил алдына катуу – **сары майдай сактоо, бекем катуу**.
4. Какшап жүрүп **тилим тешилди**. (айтып – айтып жадоо)
5. Тирмийген жалгыз жаш бала**, тилин тартпай** сүйлөдү. (эч тартынбай, каяша айтуу)
6. Ушунча адамдын ичинен кантип бир **тил билгиси** чыкпасын, сүйлөшүп көрөлү. (бир нерсенин жөн жайын тез түшүнө коюу)
7. Тил албаган, адамды тажаткан, кежир – **тил азар.**
8. Айтайын дегенин унутуп калуу, эстей албоо **– тилинин учунда туруу.**

8) **Тапшырма**: а) Азыркы мезгилдеги белгилүү комузчулар жана алардын күүлөрү менен таанышып келүү.

б) Жалпы музыкалык аспаптар боюнча кластер түзүү.

9) Ык – машыгууларды баалоо:

Ар бир топтун студенттери бири-биринин иштерин, жообун комментариялоо менен баалашат.

Адабияттар

1. Абдуллаев Э. Азыркы кыргыз тили. –Бишкек: Кыргызстан,1998.

2. Алагушев Б. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары. –Фрунзе: 1974.

3. Валькова К., Друзь Н. Развитие критического мышления. 2-ое дополнительное пособие. –Бишкек: Сорос – Кыргызстан, 1998.

4. Женни Стиль, Керт Мередис, Чарльз Темпл Сынчыл ойломдун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн методдор. 5-колдонмо. –Бишкек: Сорос Кыргызстан, 1998.

5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Ф: 1969.

6. Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү. –Ф: 1986.

7. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү -Ф: 1980.

8. Үй тиричилигинин кыскача энциклопедиясы.-Ф: 1989.

В Е Н Н Д И Н Д И А Г Р А М М А С Ы

УДК:39(059.3)(575.2)

Алтыкеева Н.Ж., Ниясалиева Б.А., *ТалМУнун окутуучулары*

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ УБАКЫТТЫН ЖЫЛДЫЗДАРГА КАРАП АНЫКТАЛЫШЫНА ЭТНОЛИНГВИСТИКАЛЫК АНАЛИЗ

ЭТНОЛИНГВИСТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ОПРЕДЕЛЕНИЯ ВРЕМЕНИ ПО ЗВЁЗДАМ НА КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

ETHNOLINGUISTIC ANALYSIS OF THE TIMING OF THE STARS IN THE KYRGYZ LANGUAGE

Аннотация: *Бул макалада убакыттын жылдыздарга карай аныкталышы боюнча кыргыз тилиндеги семантикалык талааларга астрономиялык, тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык маалыматтык таянуу менен этнолингвистикалык аспектинин негизинде анализ жүргүзүлүп, алардын лексикалык составын аныктоо менен пайда болуу себептери чечмеленди.*

Түйүндүү сөздөр*: убакыт, семантика, адабий тил, этнолингвистика, аспект, диалект.*

Аннотация: *В этом тексте даётся этнолингвистический анализ семантическим полям кыргызского языка по определению времени по звёздам, опираясь на астрономические, историко-этнографические и лингвистические сведения, определяется лексический состав и причины их возникновения.*

Ключевые слова*: время, семантика, литературный язык, этнолингвистика, аспект, диалект.*

Annotation: *This text gives an ethnolinguistic analysis of the semantic fields of the Kyrgyz language for determining time by stars, relying on astronomical, historical-ethnographic and linguistic information, determining the lexical composition and the reasons for their occurrence.*

Key words*: time, semantics, literary language, ethnolinguistics, aspect, dialect.*

Асмандагы жылдыздардын адамдардын турмушуна тийгизген таасири аркылуу жылдын маалын, мезгилин, түндүн кайсы убагы экенин жана жазгы, күзгү жумуштардын убагы келдиби ошолорду да айтып беришкен. М: Үркөр төбөгө келгени кыш ортосу болгону деп билишкен.

Өзгөчө Жети каракчы (Большая медведица), Сүмбүлө (Сириус), Үркөр (Плеяды), Чолпон (Венера) жылдыздары болгон. Биз жылдыздардын кандай маани бергендигине, келип чыгыш тарыхына этнолингвистикалык анализ жасасак.

Жети каракчы – бул жылдыздын тобу саат сыяктуу эле түндүн кезегин, учурун, жылдын мезгилин билдирген. Себеби, бул жылдыз жылдын ар мезгилинде жана түндүн ар убагында жылып өз багытын өзгөртүп турган.[6,48] Ошондуктан элде "Жети каракчынын тааный билген, жети күндө адашпас" деген сөздүн калышы бекеринен эмес. Талаада жашоочулар жети каракчынын кыймылын, убакыттын кичине өлчөмү, башкача айтканда сааттын кыймылы катары көрүшкөн. Түнкү кароолдо тургандан түндөсү ушул жылдыздын кыймылына жараша алмашып турушкан. М: Кийинчирээк көк жетиле чыгып, чөп бышкан кезде медресе жабылып, жети каракчы чыкканга чейин Каргабай үйүнө келе калчу.

Сүмбүлө – эң жарык жылдыздардын бири. Бул жылдыз август айында асманда эртең менен пайда болот. Сүмбүлө жылдызды асмандан, бийиктен көргөндө бул учурду күздүн, бышыкчылыктын белгиси катары белгиленип, сүмбүлө тууган убак деп коюшат. Сүмбүлө көрүнгөндөн баштап түн узарат. Өзгөчө сүмбүлөнүн көрүнүшү менен талаа жумуштарын шашылыш бүтүрүүгө туура келет. Себеби, талаада түшүм калса үшүккө урунат. Элде

"Сүмбүлө тууп суук түштү" деген сөз бар. М: Жайлоонун чөбү саргайып, сүмбүлө чыгып, суу алда качан муздаган.

Үркөр – бул жылдыздын кыймылына, жолуна карап кыргыз эли жыл мезгилдерин жана түндүн кайсы

учуру экенин айырмалап билишкен. Үркөр эң алгач чыгыш тарапта эртең менен эрте июль айында көрүнөт. Элде үркөрдүн көрүнүшү менен жайдын аякташын айтышкан. М: Үркөр түшө таң сууду.

Үркөр асмандын так ортосуна келген учурда кыштын так ортосу болот да, түндүн узарган учуру. Ал эми үркөр Батыш тарапка келгенде жай башталат. Илгери убакытты белгилегенде көбүнчө үркөргө карап айтышкан. Үркөр көтөрүлө берсе күн кыскара берген. Ай турса үркөргө каршы карап кыш түшөрүн билген. Ошондой эле үркөр жылдызы башка жылдыздарга караганда көбүрөөк кызыгууларды туудурган жана бул жылдыз жөнүндө да ар түрдүү уламыштар айтылган.

Асмандагы топ жылдыздын атын билдирген "үркөр" сөзүнүн келип чыгышын көпчүлүк окумуштуулар аны "үл", "үбөл" этишинен келип чыккан деп эсептешет. Биздин оюбузча үркөр сөзү түрк тилине монгол тилинен кабыл алынган. Монголчо "ухер" сөзү кыргызча "үрхер" түрдө айтылат. [5,242] "Кут адгу билиг" дастанындагы маалыматтарга караганда байыркы түрктөр асмандагы үркөр жылдызын "уд" деп атаган. [1,104]

Ал сөз азыркы кыргызча уй сөзүнө туура келет. Ошол эле убакта монголчо үркөр синонимии да тарай баштаган. Кийин үркөр сөзү активдүү колдонула баштап, байыркы түркчө **уд** сөзү асмандагы жылдыздын атын билдирүү үчүн колдонулбай калган болуу керек. Ошондой эле Европадагы жана Азиядагы байыркы элдер үркөр жылдызы турган жердеги жылдыздын тобунан мүйүзү оркойгон уйду элестетишкен. Ошондуктан орусча телец деп аталса, арабча соур, байыркы түркчө уд деп аталган болуу керек.

Чолпон – таң алдында чыгыштан чыгуучу эң жарык жылдыз. Бул учурда малды жайытка айдап чыгышып, сапарга чыгуучулар жолго чыгышкан. Чолпон жылдызы турган учурда жерге жарык кирип калган болот. М: Чолпон жылдызы чыгып калган кезде атын жетелей бирин учкаштырып, экинчисин өңөргөн бойдон жүрүп кетти.

Ай – бул биринчиден, айдын өзүн жылдызды билгизсе, экинчиден, бардык эле түрк элдериндегидей убакытты (30 – күндү) – айды билгизет. Кыргыздар жаңы жаңырган айдын өзүнө сыйынып, анын чаңкалап, жатып чыгышы менен же туруп чыгышы менен аба – ырайын бир айга айта билишкен. Жаңырган айга өз тилектери менен айга жакшылыкты алып келүүсүн тилек кылып айтышкан. Кыргыз элинин ар кайсы тарабында жаңырган айга ар кандай кайрылышкан. М: "Жаңырган ай жарыкка, эски ай эсирке" дешкен. Айдын жаңырышы менен жолго чыгууга ыңгайлуу убактарды да айта билишкен. М: Жылкы бакан кишиге жылдыздуу, айлуу түн кызык.

Күн – бул эң жарык жашоодо жарыкты жана жылуулукту тараткан планета. М: Күн так төбөдө түш. Күндүн жылышы же жайгашышы менен кыргыз эли убакытты да билишкен. Таптап айтсак күн жаңы көтөрүлдү, күн шашке болду, түш, чак түш , түш ооду, бешим, кеч бешим, күн батар мезгил, күн отурган мезгил.

"Күн – бул жашоодо жарыкты жана жылуулукту таркаткан планета, эртеден кечке чейинки сутканын бир бөлүгү. 24 саатты ичине алган мезгил, күн – түндүн маалын билгизүүчү бирден бир нерсе. Адам баласынын турмуш – тиричилик жашоо абалы жана башка көптөгөн маанилери бар".[2,218]

М: Күндүн жылуулугу менен жарыгы болбосо, жердеги тиричиликтин болушу да мүмкүн эмес. Мына күн узарып жылуулук берди.

Жогорудагы жылдыздардан тышкары да кыргыздын билген жылдыздарына кайрылсак:

1. Үркөр.
2. Толтойдун огу
3. Үч аркар
4. Жетиген
5. Кичи жетиген
6. Алтын казык
7. Кошоктолуу, кош музоо
8. Сар жылдыз
9. Чолпон (Венера)
10. Балбылдак жылдыз
11. Чычкылуу жылдыз (Меркурий)
12. Саман жол
13. Ай
14. Күн
15. Көргөн саба

Жылдыз оңоп, жолоочу жүрүү же айдын биринде же он бешинде жолоочу жүрүп, же чоң иш баштоо адети болгон. Жылдыз оңоп жүрүү айга карата болот. Маселен 1) айдын биринде жылдыз күн чыгышта, 2) күн жүрүш – күн чыгыштын ортосунда, 3) чак түштө, 4) күн жүрүш, күн батыштын ортосунда, 5) күн батышта, 6) күн батыштын түн жагы, 7) түн жакта, 8) түн жак күн чыгыштын ортосунда, 9) жерде, 10) асманда, жылдыздын чыгуусуна каршы жүрбөйт. Жүрсө жол болбойт деп билген. Тогузунда сапарга чыкса ат аягына оорлук келет, онунда жүрсө чар тарапка тең анда кандай жүрсө, айдай жүрсүн деген. Ар айдын бири, ону, жыйырмасы шамал – жаан болот деген жана 40 күн жайкы чилде, 40 күн кышкы чилде болуп, 90 күн "токсон болот" деп эсеп кылышкан.

Мындан башка эл аралык астрономияда "Чоң аюу" деп аталган 7 жылдызды кыргыздар " Жетиген" деп, "Кичи аюу" деп аталган жылдызды "Темир казык" деп анын жанындагы кош жылдызды, аны Темир казыкка уланткан катар үч жылдызды " Аркандалган ат" деп аташкан. Тараза жылдыз менен үч аркасындагы жылдыздарды "Мерген мылтыгы менен ити» деп аташат. [4,121-122] Булардын аты дагы кыргыздын мал чарбачылык, уучулук кесиби менен байланыштуу. Үркөр кулжа айынын биринчи күнү батып,кырк күндөн кийин терс айынын онунчу күнү кайта көрүнгөндө, тамыз жерге түшүп, жер астындагы муздаган булактар ээрип чыга баштаганда малды жайлоого көчүрүшөт. Бул жөнүндө эл оозунда мындай ыр бар:

Үркөр, үркөр, үч жылдыз,
Үркүп кайда барасың?
Жөө желимге барамын,
Жөө желимде эмнең бар?
Аштык Айдар уулум бар,
Аштыгынан айдашам,
Жибегинен созушам.

Үркөрдүн оозунан айтылган бул ыр да элди турмушка камдоого, даярдоого үндөйт. "Беш тогоол өтпөй бел чечпейт", "Үркөр үйдөн көрүнсө, үч ай токсон

кышың бар” деген эл макалы да кыргыз элинин узун жылдык табигатты таануудагы тажрыйбасы болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги убакыттын жылдыздарга карап аныкталышын билдирген сөздөрдөн семантикалык талааларды таап, анализдөөнүн натыйжасында кыргыз тилиндеги убакытты билгизген сөздөр кыргыз элинин турмушу менен тыгыз байланышта экендиги. Ошондой эле бардык региондордо бирдей таралат жана эч кандай фонетикалык, морфологиялык өзгөчөлүктөргө ээ эмес.

Адабияттар

1. Баласагын Ж. Кут адгу билиг .- Ф., 1988

2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. I – II том. -Ф., Мектеп 1984

3. Карасаев Х. Накыл сөздөр. -Б., 1995

4. Кыргыздар 2-том. -Б., 1993.

5. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин этимологиялыксөздүгү. -Ф., Илим, 1988

6. Сейдакматов.К. Кыргыз элинин календардык түшүнүгү. -Ф.,1988

7. Солтоноев.Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-китеп. -Б., 1993.

УДК:811.512.154:811.581

Кенеш кызы Айнура
БГУнун ага окутуучусу

КЫРГЫЗ ЖАНА КЫТАЙ ТИЛДЕРИНДЕГИ «БАШ» СОМАТИЗМИ КАТЫШКАН ФРАЗЕОЛОГИЯЛЫК БИРДИКТЕРДИ САЛЫШТЫРЫП ИЗИЛДӨӨ

СОПОСТАВИТЕЛЬНЫЙ АНАЛИЗ ФРАЗЕОЛОГИЧЕСКИХ ЕДИНИЦ С КОМПОНЕНТОМ «ГОЛОВА» В КЫРГЫЗСКОМ И КИТАЙСКОМ ЯЗЫКАХ

COMPARATIVE ANALYSIS OF PHRASEOLOGICAL UNITS WITH THE COMPONENT OF «HEAD» IN KYRGYZ AND CHINESE LANGUAGES

Аннотация: *Бул макала кыргыз жана кытай тилдериндеги «баш» соматизми катышкан фразеологизмдерди салыштырып изилдөөгө арналат. Анда эки тилдеги «баш» соматизмдин колдонуу өзгөчөлүгү жана семантикалык өзгөчөлүктөрү чагылдырып берилди. Мындай иликтөөлөрдөгү өзгөчөлүктөр жана окшоштуктар эки элдин тилдик, маданий жактан таанып билүүгө негиз түзөт.*

Түйүндүү сөздөр*: фразеологизм, соматизм, кыргыз тили, кытай тили, семантикалык өзгөчөлүк.*

Аннотация: *Данная статья посвящается сопоставительному исследованию соматизмов с компонентом «голова» во фразеологии кыргызского и китайского языков. В статье были выявлены семантические сходства и особенности употребления соматизма «голова» в кыргызском и китайском языках. Эти особенности позволят нам сравнить традиции и культуры этих двух народов.*

Ключевые слова*: фразеологизм, соматизм, кыргызский язык, китайский язык, семантические особенности.*

Abstract: *This article contains a comparative analysis of phraseological units with the component of «head» in Kyrgyz and Chinese languages. This article reveals semantic similarities and differences of phraseological units with the component of «head» that reflects identity culture and tradition of Kyrgyz and Chinese peoples.*

Key words*: idiom, somatic, Kyrgyz language, Chinese language, semantic features.*

Фразеологизмдер тил илиминин сөздүк курамындагы өзгөчө мааниге ээ тилдик каражаттар болуп эсептелет. Фразеологизмдердеги кайсы бир сөздөрдүн колдонулушу, алардын туруктуу сөз айкаштарына айланышы ошол элдин адамзаты, аны курчаган чөйрөсү, жаратылышы, жаныбарлар дүйнөсүнө болгон мамилесин, көз карашын жана философиялык тандоосун билдирип, ал элди башка элдерден айырмалап, үрп-адатын, руханий маданиятын, менталитетин билдирип турат. Фразеологизмдердин келип чыгуу тарыхы ар бир элде кандайдыр бир тарыхый окуяга байланыштуу болот. Алар канча убакыт өтпөсүн, эл арасында ооздон-оозго өтүп, муундан-муунга тарап, биздин бүгүнкү доорубузга чейин турукташып жетип олтурат. Азыркы учурда көптөгөн фразеологиялык сөз айкаштары кытай тилинде дагы, кыргыз тилинде дагы бүгүнкү заманбап жашоого ылайыкталып колдонулуп жүрөт. Менин илимий макаламда адамдын башы камтыган фразеологизмдер аркылуу кытай жана кыргыз элдеринин күндөлүк турмуш тиричилигиндеги, коомдогу жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү жөнүндө маселе каралат. Адам баласынын жүзүндөгү түрдүү өзгөрүүлөр, тулку-бойдун ар кыл абалы пикир алышууда, маалыматты жеткирүүдө активдүү катышып, чон жүкту

аркалайт. Сома – дене бой, тулку бой. Соматология – антропологиянын адамдын дене түзүлүшүн бүтүндөй изилдөөчү бир бөлүгү. Ал эми тутумундагы компоненттердин бири, айрым учурда экөөсү адамдын дене мүчөсүн билдирген соматикалык лексемадан турган фразеологизмдер соматикалык фразеологизмдер деп аталат. Изилдөөчү А.М.Эмированын пикиринде «Адам жаралган мезгилинен тартып эле өзүнүн дене кыймылдарына байкоо салат жана таанып билет. Ошону менен бирге айлана – чөйрөдөгү болуп жаткан окуя - кубулуштарга ошол дене кыймылдарын туура багыттаганга аракет кылат.»[Эмирова, 1998: 141] Демек соматикалык фразеологизмдер адам жаралгандан бери калыптанып, өздөштүрүлгөн көрүнүш болуп саналат. Окумуштуу Г.И. Берестнев белгилегендей, соматикалык фразеологизмдер аркылуу курчап турган чөйрөнүн адам баласынын аң-сезимине чагылышын аңдап билүүгө болот [Берестнев, 2010: 67]. А.О.Кармышаковдун орус жана кыргыз тилдериндеги соматикалык фразеологизмдерди структура-семантикалык жактан салыштыруусуна ылайык кыргыз тилинде адамдын, жалпы эле жан-жаныбарлардын көз, мурун, ооз, кулак, мээ орношкон дене мүчөсү болгон «башка» байланыштуу фразеологизмдер арбын. Тилде беттүзүлүшкө кирген (*тил, тиш, каш, кабак, кулак, көз, кирпик, ооз* ж.б.) дене мүчөлөрү, адамдын башка тулку бою кол, бут, ийин, баш, ички органдар (жүрөк, өпкө, ич, боор ж.б.) катышкан фразеологизмдердин саны абдан көп. Соматикалык фразеологизмдер тилде түрдүү маанилерди (көпчүлүк учурда адамдын мүнөзүн жана психикалык абалын) эмоционалдуу-экспрессивдүү туюндуруу үчүн кызмат кылышат да, ал маанилер бир нече топторго ажырайт. Маселен; 1. Адам мүнөзсапатын билдирген соматикалык фразеологизмдер: *колу ачык, өпкөсү жок, көк бет, ж.б;* 2. Адамдардын мамилесин туюндурган соматикалык фразеологизмдер: *шилекей алышкан, бет карашпоо ж.б*; 3. Адамдардын психикалык абалын билдирген соматикалык фразеологизмдер: *көзү от чачуу, кабыргасы кайышуу, көзүнөн чары чыгуу, бетинен түк чыгуу, жүрөгү элжирөө ж.б*; 4.Адамдын жүрүш-турушун сүрөттөгөн соматикалык фразеологизмдер: мурдун көтөрүү ж.б.

Соматикалык фразеологизмдерди семантикасына карай шарттуу түрдө гана жогорудагыдай бөлүштүрүүгө болот, чындыгында алардын туюндурган маанилери, жасалыш жолдору ар түрдүү. Дененин эн маанилуу бөлүгү, метонимия боюнча «**баш»** адамдын жеке өзүн да түшүндүрөт, фразеологиялык тутумдун курамына кирбей туруп эле контекстин күчү менен «**баш»** соматикасы дагы бир нече маанини билдирип келет. Мисалы: *башкалардан жогору, мыкты, бир нерсенин чокусу, бир нерсенин алгачкы чыккан жери ж.б.* Ал эми төмөндө «баш» соматизми катышкан фразеологизмдерге көңүл бурсак; 1. Баш кошуу – үй-бүлөө күтүү, үй-бүлөөлүү болуу; 2. Башы ачык – а) эч кимге таандык эмес б) турмушка чыгууга акысы бар, бирөөгө башы байланган эмес; 3. Башы байлануу - көз каранды, турмушка чыккан; 4. Баш багуу – эшиктен башын созуп көз жүгүртүү; 5. Баш аламан – иретсиз, жыйынтыксыз; 6. Баш калкалоо – бир жерде жашоо; 7. Баш көтөрүү – а)катуу ооруудан айыгуу б)каршылык көрсөтүү; 8. Баш-көз болуу – кимдир бирөөнүн жүрүш-турушуна, үй ооказына же кандайдыр бир ишине көз салуу, жетектөө; 9. Баш бербөө - моюн сунбоо; 10. Баш-оту менен – аябай кызыгуу; 11. Башы жерге кирүү – уят болуу; 12. Башы менен жер казуу – ойрону чыгуу, иши ордунда болбоо.

Кытай тили дүйнө тилдеринин арасында байыркы тилдерден болгондуктан,ошончолук баа жеткис, бай фразеологизмдерди камтыйт. Бизге белгилүү болгондой, фразеологизмдер ошол элдин тарыхын, маданиятын, улуттук кулк мүнөзүн чагылдырып сүрөттөп турат. Мындай мүнөз кытай элинде да байкалып турат. Бул тилдеги фразеологизмдердин өзгөчөлүгү башка тилге сөзмө-сөз гана которулуп, мааниси толук берилбегенинде. Себеби, кытай тилинин өнүгүү тарыхы беш миң жылды өзүнө камтыйт. Бул улуу элдин өзүнө тиешелүү тарыхы, дүйнө таанымы, улуттук аң-сезими, акылмандуулугу, даанышмандыгы,улуттук маданияты бар. Кытай тилиндеги фразеологизмдердин негизин кытай элинин жашоосунда болуп өткөн тарыхый окуялар, көрүнүштөр, фактылар түзөт.

Негизи эле кайсы гана тилде болбосун, адамдын башы ыйыктыктын жана бийиктиктин символу. Эки тилде тең «баш» соматизми фразеологизмдерде кеңири кездешет. Бул тилдерде тең «баш» соматизми адамдын аңдап билүүсүн, оюн, ойлонуусун, кылган ишинин тартибин, бир чечимди кабыл алуусун, ал иш үчүн башы менен жооп берерин туюнтат.

Кытай тилиндеги «баш» соматизми катышкан фразеологизмдер :

显露头角-xianlu toujiao – (*сөзмө – сөз*) мүйүзүн көрсөтүү, мүйүзү көрүнүү– *мааниси*: катылып жаткан өнөрүн көрсөтүү (кырг.:атагы чыгуу);

浪子回头 – langzi huitou – (*сөзмө – сөз*) тентип кеткен уул башын буруп келет, тентип кеткен уул үйгө кайтат – *мааниси:* туура жолго түшүү (кырг.: ат айланып казыгын табат);

笔头生花 – bitou shenghua – (*сөзмө – сөз*) калемдин башынан гүлдөр жаралат - *мааниси:* өнөрү мыкты адамга карата айтылган мактоо (кырг.:бармагынан бал тамган; кара жаак, жез таңдай);

缩头缩颈 - suotou suojing – (*сөзмө – сөз*) батына албоо, коркоктук кылуу- *мааниси:* чечкиндүү эмес (кырг.: коён жүрөк);

不知头脑 – buzhi tounao – (*сөзмө – сөз*) нес болуу – *мааниси:* эмне иш болуп кеткенин билбөө (кырг.: алапайын таппоо);

千头万绪 - qiantou wanxu – (*сөзмө-сөз*) миң ийне башына он миң жип – *мааниси*: чиймелешкен, чечилиши оор иш (кырг.: айласы алты кетүү);

神头鬼面- shentou guimian – (сөзмө – сөз) башы периштеники, бети шайтандыкы – *маааниси:* сүрөттөө кыйын; бир башкача; эч нерсеге окшобогон (кырг.:өңү серт);

少头缺尾- shaotou quewei – (сөзмө – сөз) башы кем, буту кем – *мааниси:* башы - аягы жок;

Кыргыз тилиндеги «баш-аягы жок» деген фразеологизмден айрымачылыгы бир аз бар, кытай тилинде «бир нерсенин толук эмес; кем экендикин көбүрөөк билдирет.

呆头呆脑 – daitou dainao– (*сөзмө-сөз)* башы бош, мээси жок – *мааниси:* акылы кем (кырг.: тооктукундай мээси жок);

土头土脑 – tutou tunao - (*сөзмө-сөз)* топурак баш – *мааниси:* замандан артта калган адамга карата айтылат (кырг.: караңгы киши/ түркөй);

向上人头- xiangshang rentou - (*сөзмө-сөз)* ийнинде башы бар – *мааниси:* акыл-ээси ордунда (кырг.: жөн билги; эстүү - баштуу);

评头论足- pingtoulunzu **– (***сөзмө-сөз)* башын текшерүү, бутун талкуулоо - *мааниси:* бирөөнүн ишине кийлигишүү, сыноо (кырг.: бөйрөктөн шыйрак чыгаруу).

Жогоруда берилген кытай тилиндеги фразеологизмдерден «баш» деген соматизмдин мааниси кыргыз тилиндеги «баштын» маанисине аябай жакын. Эки тилде тең адамдын башы эң бийик жан жеткиликтүү болгон акыйкаттын булагы болуп эсептелет. Ошондуктан «баш» катышкан фразеологизмдерде адамдын ою, ойлонуусу, кабыл алган чечими, кылган ишинин тартиби чагылдырылат. Биз мисал кылган кытай тилиндеги фразеологиялык бирдиктер өзүнүн татаал семантикасы менен айырмаланып, көп маанилүү болуп эсептелет.

Макалада кыргыз жана кытай тилиндеги «баш» соматизми катышкан 24 фразеологиялык бирдиктерди салыштырылып изилдедик. Изилдөөнүн жыйынтыгында кыргыз жана кытай тилдеринде кээ бир соматизмдердин фразеологияда аткарган орду, мааниси окшош экендигин байкадык. Бул соматизмдер эки элде тең бир предметке, кубулушка, болуп жаткан окуяга жан берүү үчүн, таасирдүүлүгүн арттыруу үчүн кызмат кылат. Ошондой эле соматикалык фразеологизмдер адамга байланыштуу түшүнүктөрдү билдирип,айтылып жаткан ойду көркүнө чыгарат.

Адабияттар

1.Артыкова Ж.А. Соматикалык фразеологизмдер жана бейвербалдык каражаттар: К.Карасаев атындагы БГУнун жарчысы. – 2013. - №2 (25). - 45-47-бб.

2.БерестневГ.И. В поисках семантических универсалий. Монография.Калининград: Изд-во РГУ им. И.Канта 2010.

3.Гэ Цзиншэнь Семантические особенности фразеологизмов с компонентом «голова» в современном китайском языке: Белгородский государственный национальный исследовательский университет, 2004

4.Го Синь И Телесный код в китайской фразеологии и его русское соответствие: Дис…канд.фил.наук: 10.02.22 Москва, 2004 187стр.

5.Кармышаков А.О. Соматичекие фразеологизмы в русском и кыргызском языках. -Б., 1992.

6.Керимкулова Б. Кыргыз жана кытай тилдериндеги соматизмдер катышкан фразеологизмдерди салыштырып изилдөө: Alatoo Academic Studies.2016.№1.

7.Лан Тунтун Фразеологические единицы со значением характеристики человека в русском и китайском языках: Дис.канд.фил.наук: 10.02.20 -Б., 2007

8.Эмирова А.М. Сопоставительная характеристика фразеологии русского и крымскотатарского языков.- Симферополь, 1998.

УДК 81-13 (575.2) (04)

С. А. Одокозова,
К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Үзгүлтүксүз жана дистанттык билим берүү институтунун улук окутуучусу

САБАКТА ЭТНОМАДАНИЙ ЛЕКСИКАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МААНИСИ

ЗНАЧИМОСТЬ ОСВОЕНИЯ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ ЛЕКСИКИ НА УРОКЕ

THE IMPORTANSE OF DEVELOPING ETHNOCULTURAL VOCABULARY IN THE CLASSROOM

Аннотация. *Бул макалада сабакта этномаданий лексиканы өздөштүрүүнүн мааниси жана анын айрым жагдайлары каралды. Этномаданий лексика кыргыз тилин эне тили катары алып жүрүүчү элдин материалдык жана руханий маданиятынын реалийлерин (чындыкты) билдирүүчү сөздөр, тактап айтканда, ал жеке улуттук-маданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырат. Ошондуктан алар аркылуу кыргыз элинин байыркы дооролордогу элдүүлүк өзгөчөлүгүн, улуттук өзгөчөлүктөрүн , этнофилософиясын көрө алабыз.*

Түйүндүү сөздөр: *этномаданий лексика, рухий дөөлөт, баалуулук, этникалык маданият, тарыхый булактар, этномаданий билим берүү, өздөштүрүү, каада-салт, үрп-адат, ааламдашуу, ж.б.*

Аннотация. *В данной статье рассмотрено значение освоения этнокультурной лексики и ее некоторые моменты. Этнокультурная лексика отражает материальную и духовную культуру кыргызского народа, т.е. она отражает личнонационально-культурную особеннность народа. Поэтому через них сможем увидеть особенности древних кыргызов и этнофилософию.*

Ключевые слова: *этнокультурная лексика, духовное наследие, ценность, исторические источники, этнокультурное образование, усвоение, обычаи-традиции, нравы, глобализация и т.д.*

Annotation. *This article considers the mastery of ethnocultural vocabulary 2 some of its aspekts. Ethnocultural vocabulary reflects the material and spiritual culture of the Kyrgyz people, i.e. it reflects the personal and cultural peculiarity of the people. So through them we will he oble the see the peculiarity of ancient Kyrgyz and ethnophilosophy.*

Key words: *ethnocultural vocabulary, spiritual heritage, value, sight, personality., refleetion., historical materials., ethnocultural education., notion., formation., upbrinying., assimilation., consciousness., customs and traditions, manners., globalization.*

Сабакта этномаданий лексиканы өздөштүрүүнүн мааниси.

Адамзаттын жашоо-турмушундагы бардык көрүнүштөр биринчи кезекте анын тилинде чагылдырылып, тил аркылуу элдин маданияты, улуттук өзгөчөлүктөрү окулуп үйрөнүлөт.

Улуттун руханий жашоосу – улуттун дүйнө таанымынын спецификалык өзгөчөлүктөрүн, анын саясий ой жүгүртүүсүн, коомдук ан-сезимдин ар түрдүү формаларынын өнүгүү даражасын, алардын өз ара алакасынын спецификасын, билим берүү деңгээлин камтыган, улуттун жашоо кечирүү, өмүр сүрүү сферасы. Ошол улуттук бирикменин баалуулук ориентациясы жана үрп-адат, каада-салттарды күтө билүүсү маданиятты пайдалануунун мүнөзү жана интенсивдүүлүгү ж.б. менен аныкталат. Улуттун руханий жашоосуунун

өзгөчөлүгүнүн өз алдынча кыймылдаткыч күчү болуп анын тили эсептелет. Анда (тилдин лексикасында, макал-лакаптарда, фразеологизмдерде) улуттун дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрү бекем сакталат.Алсак, элдик искусство, адат жөрөлгөлөр, ырым-жырымдар, каада-салттар, жүрүм-турум нормалары, көнгөн адаттар ж.б. укумдан-тукумга өтүп, натыйжасында спецификалык этникалык маданиятты калыптандыруучу компоненттер келип чыгат.

Маданият өзүнүн кен маанисинде – адамдын акыл-эси жана колу менен жасалган, түзүлгөндөрдүн бардыгы. Маданият – руханий баалуулуктарды түзүүгө, сактоого, таркатууга жана колдонууга багытталган руханий өндүрүштүн процесси жана продуктысы. Маданият адамзаттын бардык башка ишмердик (таанып билүү, нравалуулук, көркөм чыгармачылык) формалары менен тыгыз байланышта, ал эми тил бул контексттен алып караганда элдин улуттук маданиятынын формасы жана маанилүү элементи катары кызмат кылат. Бекеринен окумуштуулар «Маданият бардык элдер үчүн бирдей кандайдыр бир абстактуу нерсе эмес. Андай болсо элдин улуттук өз алдынчалыгын, улуттук духту чагылдырган өзгөчөлүгү жок болуп, эмнеси менен айырмаланмак эле. Маданияттагы бардык өзгөчөлүктөр тил аркылуу чагылдырылат, ошондуктан тигил же бул улуттун маданий өзгөчөлүктөрүн аныктоодо анын тилине кайрылабыз» деп белгилешпейт. [7:41-48].

20-кылымдын башынан баштап маданият баалуулуктардын жана асыл идеялардын спецификалуу системасы катары түшүндүрүлө баштады. Тактап айтканда, маданият адам тарабынын түзүлгөн абсолюттук баалуулуктардын кандайдыр бир биримдигин элестетет. Ошентип баалуулуктар системасы маданияттын бирден-бир маанилүү жагы болуп эсептелет. Бул баалуулуктар системасы өз кезегинде руханий маданияттын негизги стержени экендиги талашсыз.

Ал эми этникалык маданият – ошол этностун ичинен келип чыккан материалдык, руханий жана соционормативдик маданияттардын компоненти. Этномаданият аталган этнос өзүнүн жашоосун камсыздоодо адаптацияланган табигый шарттардын өзгөчөлүгүнөн келип чыгат.. Этникалык маданият – этнодифференциялык кызмат аткаруучу, ал этникалык өзгөчөлүктү камтуучу маданий элементтердин жана структуралардын жыйындысы. Адамзаттын маданиятынын локалдуу ар түрдүүлүгүнүн негизги формасы катары этникалык маданият эсептелет.Этномаданият этнолингвистиканын изилдөө обьектисине кирет. Этнолингвистика тил менен этникалык факторлордун бири-бири менен болгон байланышын изилдейт, тактап айтканда, этногенез жана этникалык тарых багытын, о.э. ички жана этностор аралык алакалардын этнотилдик процесстерин, этникалык жалпылыктардын функцияланышындагы жана калыптанышындагы тилдин ролун аныктайт.

Кыргыз элинин этникалык маданияты дегенде биз кыргыз элинин калыптанышы менен тыгыз байланышта өнүгүп, өзүнчө атоолорго, салттуулукка ээ болгон материалдык жана рухий маданий дөөлөттөнөрдү, баалуулуктарды түшүнөбүз. Ал эми этномаданий лексика болсо, кыргыз тилин эне тили катары алып жүрүүчү элдин материалдык жана руханий маданиятынын реалийлерин (чындыкты) билдирүүчү сөздөр, тактап айтканда, этномаданий материал жеке улуттук-маданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырат. Ошондуктан алар аркылуу кыргыз элинин байыркы дооорлордогу элдүүлүк өзгөчөлүгүн, улуттук өзгөчөлүктөрүн, этнофилософиясын көрө алабыз. Ошентип окумуштуу Л.А.Шеймандын аныктамасы боюнча улуттук-маданий маанидеги сөздөр «этномаданий лексика» деп аталат. Алар мааниси боюнча башка тилдерде кездешпеген, эквиваленти жок сөздөр, башкача айтканда, мындай сөздөр эки башка маданиятка таандык болуп, ошол маданияттардын айырмачылыгын көрсөтүп турат, алардын өзгөчөлүгү дал ошонусу менен түшүндүрүлөт (м: боорсок, боз үй, сүмөлөк ж.б.). Кыргыз элинин маданий турмушунун өзгөчөлүгүн ачып берүүдө, тил тарыхынын айрым фактыларын тактоодо, бул аркылуу жалпы эле тилдин өнүгүү мыйзам ченемин аныктоодо жана этнолингвомаданий түшүнүктөрдүн маанисин билүүдө этномаданий лексика маанилүү ролду ойнойт. Анткени этномаданий лексика ар бир элдин маданий-улуттук спецификасын чагылдырат, башкача айтканда, түздөн-түз турмуш-тиричилик менен тыгыз байланышта болуп «элдин духун» чагылдырат. Ошондуктан анын өнүгүү динамикасы жана функцияланышы социалдык өзгөрүүлөрдөн көз каранды.

Элдик акыл-эс, туюм, жүрүм-турум , жалпы эле этникалык маданият элдин руханий дүйнөсүнүн терендигин, кылымдар бою калыптанган каада-салттар жазылбаган элдик мыйзам, протокол экендигин туюндурат. Алардан кыргыз элинин материалдык жана руханий дүйнөсүнүн өз ара карым-катышын гана көрбөстөн, тилге байланышкан этнокаражаттардын үлгүлөрүн да көрөбүз. Алардын этнолингвистикалык булак катары мааниси чон.Тил маданияттын баа жеткис байлыгын, казынасын өзүнө сактап, ал маданий баалуу маалыматтарды муундан-муунга жеткирип келет. Бул боюнча С.Г.Тер-Минасова мындай деген: «Взаимоотношения человека с окружающим его миром в большинстве своем выражаются в языке и во многом формируются языком» [8: 22].

Ар бир эле маданият маанилүү, ал эми улуттук тил ошол маданияттын башка маданияттардан болгон кайталангыс айырмачылыгын билдирип турат. Ал башка улуттук маданияттар менен диалог түзүп, алардагы өздөрү көнүл бура элек маселелрге басым жасап, кызыгууну туудурат. Бул боюнча М.М Бахтин мындай деген: «Мы ставим чужой культуре новые вопросы, каких она сама себе не ставила, мы ищем в ней ответы на эти наши вопросы, и чужая культура отвечает нам, открывая перед нами свои стороны, новые смысловые глубины» [2,:335] . Демек, маданият улуттук болуш үчүн ал «өз элинин гана жашоо тажрыйбасын чагылдырып бербестен, жалпы адамзаттын жашоо тажрыйбасын чагылдырып берүүгө жөндөмдүү» жетишерлик денгээлдеги тилдик материалдарга ээ болушу зарыл.

Ар бир тилдин өкүлү өзүнүн дүйнө жөнүндөгү түшүнүгүн, элестерин өз алдынча аракеттенип, ойлонуп-толгонуп түзө албайт. Адам ал түшүнүктөрдүн дээрлик көпчүлүгүн тил аркылуу жана байыркы тилдик тажрыйбалардын негизинде, тактап айтканда, тарыхый тилдик булактар аркылуу калыптандырат. Болгону адамдар ал түшүнүктөрдү улам барган са-

йын жакшыртып, өркүндөтүп колдонууга аракет кылып келет.Адамдардын дүйнөнү таанып билүүсүнүн натыйжасында тилде кездешкен жаны түшүнүктөр келип чыгат, мына ошолордун өзү маданий дөөлөт болуп эсептелет.. Бул боюнча В.фон Гумбольдт мындай деген: «…язык есть «средство открытия до сих пор еще не познанного»». [3:37]. Демек, тил маданиятта кездешкен көрүнүштөрдү, фактыларды жөн гана атабастан жана билдирбестен, маданиятты калыптандырат, анын (маданияттын) өзөгүнөн өнүп чыгып, өзү да (тил) өнүгөт.

Азыркы коомдогу бирден-бир маанилүү маселелердин бири – руханий жана улуттук ан-сезимдин кайра жаралуусу. Бул маселенин чечилиши билим берүү тармактарында этномаданий багыттагы билим берүү менен тыгыз байланышта каралат. Этномаданий билим берүүнүн мааниси жана негизги функциясы – жаштарды этномаданий жактан социализациялоо. Натыйжасында адамдардын коомдо жашап жаткан башка адамдарга карата толлеранттуу мамилеси, адекваттуу жүрүм-турум моделдери калыптанып, этномаданий компетенттүүлүккө ээ болушу керек. Мындай иш жүргүзүүнүн максаты - азыркы ааламдашуу мезгилинде башка катарлаш улуттар арасында (казак, орус ж.б.) улуттук маданиятты сактап калуу жана трансформациялоо, ошондой эле, кыргыз элинин уникалдуу маданиятынын маанисин терендетүү.

Этномаданий билим берүүдө эне тил (кыргыз тил) сабактарынын мааниси чон. Анткени тил «улуттук маданияттын ар кайсы топтордо чагылдырылган кандайдыр бир концентраты» болуп эсептелет. [6: 28].

Этномаданий билим берүүнүн башаты катары тил сабактарында этномаданий лексиканы өздөштүрүүнү алсак болот. Этномаданий лексиканы өздөштүрүү окуучулардын кеп маданиятын жогорулатат. Тилдик каражаттарды өз алдынча оозеки жана жазуу түрүндө туура, орундуу колдонууга жардам берет, ошондой эле, кыргыз тилине, тилдин ээси болгон кыргыз элине болгон кызыгууну арттырат. Тил абдан баалуу тарыхый булак, ал өткөндү кайра тирилтет, ошондуктан болуп өткөндөрдү (окуялар, түшүнүктөр ж.б.) өзгөчө лингвистикалык материал аркылуу гана түшүнүүгө мүмкүн.

Сабакта этномаданий материалдарды колдонуу окуучуларды бир гана руханий, нравалык жана интеллектуалдык жактан өнүктүрбөстөн, алардын чыныгы мекенчил инсан болуп калыптанышына да көмөктөшөт.

Адабияттар

1. Акунова А.Р., Раимбекова М. Азыркы кыргыз тили. Лексика (ЖОЖдун педагогика адистигин сырттан окуган студенттер үчүн окуу куралы).- Б., 2005;

2. Бахтин М.М. Эстетика словесного творчества. - М., 1979;

3. Гумбольдт В. фон. О различии строения человеческих языков и его влиянии на духовное развитие человечества // Избранные труды по языкознанию. - М., 1994;

4. Жапаров Ш, Сыдыкова Т Азыркы кыргыз тилинин лексикологиясы жана лексикографиясы. – Б., 2013;

5. Маслова В.А. Лингвокультурология: Учебное пособие для студентов высш. учеб. заведений. – М.: Издат. центр «Академия», 2001;

6. Лихачев, Д. С. Очерки по философии художественного творчества: очерк / Д. С. Лихачев. - СПб: Изд-во «Наука», 1996;

7. Прохвачева О.Г. Образ «приватного» пространства в языковой картине мира (на материале русской и английской фразеологии) // Языковая личность: Культурные концепты.- Волгоград; Архангельск, 1996;

8. Тер-Минасова С.Г. Язык и межкультурная коммуникация / Тер-Минасова С.Г. –М., 2007;

9. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Б.,2009.

УДК : 373.1(575.2) (04)

Шабданова Г.О. *доц. м.а.*
К.Карасаев атн.БГУнун
Үзгүлтүксүз жана дистанттык билим берүү институту

КӨРКӨМ ТЕКСТКЕ СТИЛДИК АНАЛИЗ ЖҮРГҮЗҮҮ

СТИЛИСТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ В ХУДОЖЕСТВЕННОМ ТЕКСТЕ

STYLISTIC ANALYSIS IN THE LITERARY TEXT

Аннотация: *Аталган илимий макалада көркөм текстке стилдик анализ жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү иликтөөгө алынат. Тактап айтканда көркөм текстин аткарган функциялары теориялык жактан талданып, анын негизинде Ч.Айтматовдун "Жамийла" повестинен үзүндүлөр анализденет.*

Түйүндүү сөздөр*: микрообраз, нюанс, стилдик анализ, экстралингвистикалык фактор, ой–чабыт.*

Аннотация: *В статье рассматриваются особенности стилистического анализа в художественном тексте.*

Ключевые слова: *микрообраз, нюанс, стилистический анализ, экстролингвистический фактор, мышление.*

The stylistic analysis in the literary text. The article considers peculiarity of stylistic analysis in the literary text.

The key words: *micro manner, nuance, stylistic analysis, extralinguistic factor, thinking.*

"Стилдик анализ" деген терминдин түпкү мааниси кандайдыр бир деңгээлде айтуучунун максатын жана каалоо-тилегин тыңдоочуга ачып берүү болуп саналат.

Функционалдык стилде семантикалык анализ мазмун аркылуу туюндурулат. Ал эми көркөм чыгармадагы, мазмун, каражат, көрүнүш, адабий түшүнүктөр – баары биригип, бир бирдикти түзөт. Демек, көркөм стиль эки негизде анализделет. Маселен, көркөм стилге лингвистикалык анализ жана адабий стилдик анализ жүргүзүлөт. Бирок, анализдөөнүн маселеси көркөм текстте ар кандай болот. Мисалы, көркөм стилде образдык ой жүгүртүүнү туюндурууда мазмунга ылайык тил каражаттары колдонулат. Тагыраак айтканда анализ ушундай деңгээлде өз пайдубалын түзөт жана ары таталл маселелер менен иш алып барат.

Стилистикада көркөм текстти анализдөөнүн методдору, ыкмалары иштелип чыккан. Маселен:

1. Семантико-стилистикалык метод.
2. Салыштырма метод.
3. "Микрообраз" методу.
4. Статистико-стилистикалык метод.

Тактап айтканда текстке ой жүгүртүү, түшүндүрүү функциясына ээ болгондуктан, текстке анализ жүргүзүүдө семантико-стилистикалык метод негизделген. Башкача айтканда, тексттин семантикалык мааниси жөнүндөгү проблеманы изилдөөнү талап кылган метод болуп саналат.

Ошондой эле көркөм кепте "микрообраз" деп аталган метод бар. Ал тилдик бирдиктердин түзүлүшү, башкача айтканда, жазуучунун образ түзүүдөгү ой-чабыты, нюансы жөнүндөгү маанилерди козгойт.

Статистико-стилистикалык методдо экстралингвистикалык факторго кеңири орун берилет. Адатта, көркөм кепти талдоодо эки ыкма же багыт колдонулат.

1. Башкы идеядан формага келүү.
2. Формадан идеяга келүү.

Биринчи ыкмада адегенде чыгарманын негизги идеясын божомол түрдө бөлүп көрсөтөбүз да, андан кийин көркөм текстти тилдик каражаттарга (фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик) көңүл буруп, талдоону улантабыз. Тагыраак айтканда адегенде божомолдогон идеябыз бекемделип, ырасталат же аны танып, жаңы божомолду сунуш кылуу менен кайрадан анализдөөгө өтөбүз.

Экинчи тибинде багытыбыз өзгөрөт, башкача айтканда, формадан, идеяга өтөбүз. Мында көркөм текстти толук же анын бир бөлүгүн алабыз да, андагы көзгө дароо урунган, өзгөчөлөнүп бөлүнүп турган каражаттарга (алсак, метафора, ыргак жана башкалар) көңүл бурабыз да, аларды контекст, андагы башка бир өзгөчөлүктөр, каражаттар менен салыштырып, аларды колдонуунун себептерин териштирүүгө келебиз, бул аркылуу чыгарманын негизги идеясын аныктайбыз. Анан, көзгө чалдыккан өзгөчөлүктөр менен кара-

жаттардын бүтүндөй көркөм тексттеги ордун карайбыз. Албетте, бул эки типте тең эле биз мазмун менен форманын, бүтүн менен бөлүктүн биримдигин ачып берүүгө умтулууга тийишпиз.

Көркөм чыгарманын жаралышы негизинен, үч тепкичти басып өтөт. Биринчи, экинчи тепкичтеринде тил анча деле роль ойнобойт, тил үчүнчү баскычта гана башкы орунга чыгат.

Биринчи тепкичте ой – элес бүдөмүк болот. Ошондуктан, аны кепке чейинки образ деп атоо максатка ылайыктуу. Аны дал ушул кейипте кагазга түшүрүп алат. Мына ушул зарылдыктан улам, тил өзүнүн функциясынан (ойду жеткирүү, карым-катнаш) жогорку деңгээлге көтөрүлө албайт. Көркөм өнөрдүн закону менен караганда, жаксыз болот. Өзүнүн дүйнөсүн төгө албайт, буга мүмкүнчүлүк түзүлбөйт.

Экинчи тепкич ыдыроодон башталат, башкача айтканда, бүдөмүк ойду жиликтеп, жан киргизе баштайт. Буга байланыштуу тилге да жан кире баштайт.

Үчүнчү тепкичте көркөм чыгарма жаралат: тил өзүнүн бүтүндөй дүйнөсүн төгүүгө тийиш. Төгө алганда гана толук кандуу чыныгы көркөм чыгарма жаралат. Биз оюбузду далилдөө максатында белгилүү жазуучубуз Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестинин айрым материалдарына анализ жүргүзүүнү туура көрдүк.

«Тилдик каражаттарды бир гана лингвистикалык тараптан изилдебестен, бир канча тармактык изилдөөнүн негизин өткөн кылымдан баштап, америкалык дескриптивдик лингвистикалык багыт пайда болгондон башталат» [2.1972]. Чынында дүйнө тааным жана аны маданияттык, этностук, тарыхый, психологиялык, логикалык, философиялык ж.б. алкакта кароо максатка ылайыктуу. Муну тилдин келип чыгышы жана сөздүн пайда болуп, маанилик жылышын иликтөөдөгү (семасиологиялык) илимий көз караштардан көрө алабыз [2.]. Маселен, таң калуу дүйнө элдеринин бардыгына мүнөздүү, бирок аны сөз менен атап берүү ар бир элдин тил каражаттарында түрдүүчө. Кыргыз тилинде бир канча семантикалык талаанын чегинде: таң калды, айран калды, оозу ачылды, аңырайды, далдырады, колу шалдайды, оозунан сөзү түштү ж.б. бир канча синонимдер, фразеологизмдер менен билдирет да, таң калуунун деңгээли образдуу чагылдырылат. Демек, мындан улам, адамдын акылына таасир эткен түшүнүктөрдүн жалпы улуттук эмоциясында чагылдырылышынын натыйжасында сезимдик образдуу лексика ар түрдүү коннотацияга ээ болот. Ал эми өтө сезимтал эмес улуттук кабылдоодо мындай атоолорду пайда кылбаганынын себеби, балким, көп нерсени этибарга ала бербегендиктен, же жөн салды гана кабылдоодон келип чыга тургандыр деген ойго алып келет. Анткени кооздукту да өкүнүүнү да, кубануу, кайгыны да жаратылыштык-философиялык көз караш менен караган дүйнө элдери бар экендиги малым. Ошондуктан кыргыз тилин алып жүргөн элдин дүйнөнү кабылдоосун, элдердин арасындагы көптөгөн кылымдарды кечиргендеги тарыхый окуяларга бай мүнөзүн эске алуу менен адамгерчилик, ага карата болгон тышкы кебетенин жана ички мүнөзүнүн калыптанышын атайын иликтөөгө алуу менен «Манас» эпосунун мисалына кайрылууну тура деп эсептейм.

Эпостогу, дегеле элдик оозеки чыгармалардагы адамды сүрөттөө азыркы кыргыз тилиндеги мисалдарга караганда айырмаланып турат. Мындай айырманын болушу коомдук тарыхы шарттын, ошол мезгилдеги башка элдер менен болгон алакалар, түзүлгөн психологиялык жагдайдын башкалыгы ж.б. себептерди атоого болот. Адамдын өзүн курчап турган чөйрө менен байланышы, карым-катышы, өзү жашаган географиялык шарт кишинин келбетине, мүнөзүнө, ички жана тышкы эс-тутумуна таасир этип, калыптандырат. Кээ бир учурда ар бир улуттун психологиялык аңсезими, туюму, дүйнө кабылдоосу, адат-салты менен кошо жүрүм-туруму да чагылдырылып, ал эл жөнүндө түшүнүк калтырылат. Адамдын тышкы кейпи да улуттук образды, турумду билдирет. Ошого караганда адам мамилесине карата улуттук ориентир жасалат, анын улуттук портрети тартылат. Ар бир улуттун өкүлүнүн сырткы көрүнүшүндөгү жалпылык образы сүрөт катары да бир элди башкасынан айырмалайт. Мисалы, сырттан Манаска атасы Жакып келинчек издеп жүрүп Каныкейди алыстан бак аралап жүргөн жеринен сынаганын карасак:

Арылбаган шорум көп,
Арты болбой калар деп,
Тууса бирди тубар деп,
Тумшугу жок жанына,
Тукумдан кудай урар деп,
Желке жагы тар экен,
Жетигип жашы толгончо,
Туубастык жайы бар экен,
Кирпиги узун, тунук көз,
Ыйлуу болоор киши экен,
Жеткире акыл ойлогон,
Тереңдик жайы бар экен,
Короз моюн, боору таш,
Бекемдик жайы бар экен [4.355]

Келтирилген текстик үзүндүдө Манаска ылайык жардын портретиндеги келбетин берүүдө жалпы калыптанган улуттук анатомо-физиологиялык норма-

лардан улам айтуучунун натыйжалуу ою келип чыгат. Аң-туюмдагы бир канчалаган мезгилдерден берки калыптанган психикалык ойлоосу, нарктоосу, байкоосу, белгилүү бир иш тажрыйбаларынын жыйындысы тигил же бул адам жөнүндө эл ичинде пикир калтырат. Жогоруда берилген саптардагы: "Желке жагы тар экен, Жетигип жашы келгенче Туубастык жайы бар экен", - деген сапта, балким, анатомиялык-физиологиялык жетиле электигин илимий жактан билбегени менен, интуитивдик бир канча мезгилден берки баамыдыр, анын натыйжасыдыр.

Ошондой эле ***көзүнүн кареги тунук, кирпиктери узун*** аялзаты да байкоолордон улам ***ыйлаак*** деп аталаар. Турмуштук тажрыйбада көзү чоң аялдар жашык болот деп айтылат, бирок ***кареги тунуктук менен кирпигинин узундугу ыйлаактык*** гана сапатка карата эмес, жарына карата болгон ички сезимдин тазалыгы, берилгендиги менен байланышаар. Мындай психологиялык тажрыйбалар али иликтөөгө муктаждыр. Ушул эле учурда маңдайын, мойнун, чачын толук мүнөздөп, ***боору таш*** экендигин берүү аркылуу мүнөзүнүн бекемдигин айтат. ***Бекемдик – сараң, зыкым же таш боор мүнөзү*** жөнүндө эмес, мүнөзүнүн туруктуулугу, акылынын жетиктиги, адамдарга болгон мамилесинин өзгөрүлмөлүү эместиги, бир беткейлиги жөнүндө айгинелейт.

Ал эми ***бору таш*** деген сөз айкашындагы негизги мүнөздүк карым-катыш бирөөгө боору оорубаган, боорукер эмес, мүнөзүндөгү катаалдыкты түз маанисинде туюндурса, бул жерде хандын жарынын өтө мээримдүү болушу зарыл эмес экендигин билдирет. Психологиялык ченден алып караганда да, эл башчылары жана анын үй-бүлөсү өтө сезимтал болбоо керек, ар бир кишиге эзиле берсе, элди башкара албайт, бардык нерсени акыл менен калчоо керек. Андыктан хандын жубайы боло турган *каныке* дил билги болуу менен бирге эле ар бир адамга эзиле бербөөсү *боору таш* фразеологизми аркылуу туюндурулган. Демек, адамдардын мүнөзүндөгү сапаттардын улуттук каада берилишин тил каражаттары менен туюндурууда психикалык темперамент да маанилүү роль ойнойт.

Манас өзүнө тең келүүчү жары кандай болушу керек экендигин атасына айтып жатып, ушундай талап коет. Балким, бул эл башчылардын жубайы мээримдүү да, назик да, берешен да, акыл кошчу да болуу менен бирге *боору таш* болсун дегенине караганда, досдушманды баалай билүүдөн душманга колтук ачпоо, мээримдүү, боорукер болуудан адамдык сезимге ойноо деген сапаттардан өйдө туруучу мүнөзгө койгон талаптыр. Бул улуттук баамдагы психикалык мүнөз болсо, аны туюндуруучу тил каражатындагы энантиосемиялык билдирүүдүр.

Сапатты билүү менен бирге ар бир адам өзүнө жар күтөт, аны менен бирдикте *сезим жана акылдын* өз ара шайкеш келүүсү толук гармонияны түзөт.

Улуттук этномаданияттын, кааданын ж.б. калыптанышы да кылымдарды ичине батырып, атадан балага өткөн тарбия сымал ар бир үй-бүлөнүн өзүнүн тарыхый адат-салты жана сапаттары бир элдин моралдык маданиятын түзөт, чөйрө менен байланыштыруучу фактор боло алат. Аны улам кийинки муунга өткөрүүдө тилдик каражаттар кызмат аткарат.

Эпосту баяндоодо Манастын жары кандай болушу керектигин карайлы:

Аалимдигин ашырып,
Жарыбыгын иш кылып,
Пирдин кызы болбосун.
Үкүлүү сексек, дөң маңдай,
Түштө туруп мен кандай,
Жардынын кызы болбосун.
Жамандык көрсө кектеген,
Талабына жетпеген
Ардуунун кызы болбосун.
Чачылуу чачпак, чалма этек,
Караңгы үйдөн каймак жеп,
Байдын кызы болбосун.
Туурук таман, тултук бет,
Туура тилини чайнаган.

Кул кызынан болбосун [5. 347]- алынган мисалда Манастын өзүнө келечекте жар болчу кыздын кандай үй-бүлөдө тарбияланып өскөнүнө, турмуштук тажрыйбасына карата пикири берилип, болочок жардын ***пирдин, жардынын, ардуунун, байдын, кулдун кызынан болбосун*** деп алардын сапаттарына токтолот.

Кадыры элге сиңип, баатырдык даңазасы алыска кеткен Манас өзүнө ылайык, акылына акыл кошкон, кыйын учурда жагдайды оңдоп, баам сала билген сезимтал, баатырдын даңазасын дагы ашыра турган жар тандоосу зарыл болчу. Болочоктогу өмүрлүк жарында кандай сапаттардын болушун Манас төмөндөгү мисалда ачык санап атасына өз оюн билдирет:

Боло турган жумушту
Болжоп билип алыстан,
Көңүлү сылык, бейли кең,
Төрт тарабы болгон тең,
Жылдызы ысык, жылуу сөз,
Чырагы жарык, жоодур көз.
Алача моюн, түймө баш,
Акыл менен эр баккан,
Баркын билип мал баккан,
Жалбарып акка жан баккан,
Ойротто жок уз болсун,
Ою терең кыз болсун
Ошондой кызды көрмөккө,
Аянбай ата көзүңдү ач. [6.348]

Бул жерде келтирилген кыска тексттик үзүндүдөн көрүнүп тургандай, улуттук каада-салт кандай боло тургандыгын баамдоо менен кыргыз элине тиешелүү тарбия чөйрөсүнүн калыптанышын, жаш адамдын тарбияланышындагы башатта ата-эненин материалдык жана моралдык орду жөнүндө кеп болуп жатат. Жетиштүү эле үй-бүлөнүн тарбиясынын оң жана терс жактары, аны менен катар колунда жок үй-бүлөдөн чоңойгон кыздын турмуштук орду маалыматталат, натыйжада, этномаданий деңгээлде кароо аркылуу этнолингвистикалык семантика пайда болууда.

Адам сапаттарында ар-намыстуу киши каалаган максатына, мүдөөсүнө жетет деп билебиз. Ал эми бул жерде: ***Жамандык көрсө кектеген, Талабына жетпеген, Ардуунун кызы болбосун*** деп жатат. Демек, ***ардуу менен намыстуу*** бирде синоним болсо, бирде семантикалык ар башка талааны түзө тургандыгы белгилүү болду. Элде «***Жетим – кекчил, жесир, - арчыл***» деген макалдын төркүнү да ушуга окшош экен. Арчыл болуу бирөөдөн жамандыкты гана көрө алган, ал сапатынан улам ачууга жеңдирип, талабына жете албагандыгынан маалымат берип турат.

Контекст түшүнүктүү болуу үчүн үзүндүгө кайрылдык, бул чакан маанилик бүтүндүктү бир макаланын ченинде чечмелөөгө мүмкүн эмес. Ошондой болсо да, элдик этнолингвистикалык маанидеги тил каражаттарды жеке гана тилдик аспектиде карабастан, илимдердин аралаш негизинде (философиялык, психологиялык, логикалык, этнографиялык ж.б.) талдоо керектиги азыркы илимий изилдөөнүн актуалдуу маселелери экендигин окурмандарга тартуулайбыз.

Адабияттар

1. Өмүралиева С. Кыргыз тили. –Б., 2005.

2. Психолингвистическия исследования значения слова и понимание текста:меж.вуз.темат сб.науч.тр. Калинин:КГУ,1988.

3. Психолингвистика за рубежом: сб. ст. отв. ред. А.А.Леонтьев, Л.В.Сахарный. –М.: "Наука", 1972.

4. Манас 2-китеп, Ф.: "Кыргызстан", 1980.

УДК: 372.881.161.1(575.2)(04)

Жумаева Н. О.
преподаватель, ИНДО БГУ

ФОРМИРОВАНИЕ ЯЗЫКОВОЙ КУЛЬТУРЫ КОЧЕВОГО НАРОДА

КӨЧМӨН ЭЛДИН ТИЛДИК МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

LANGUAGE CULTURE FORMATION OF NOMADIC PEOPLE

Аннотация: *Автор статьи рассматривает вопросы соотношения языка и культуры, анализирует способы использования языка как инструмента построения культурной среды и пластом для социокультурного развития кочевого народа на примере кыргызов.*

Ключевые слова: *культура, языковая культура, кочевой народ, кыргызский язык, кочевники.*

Аннотация: *Автор макалада тилдин маданият менен болгон байланышын, тилдин колдонулушунун ыкмаларын, маданияттын чөйрөсүн, көчмөн кыргыз элинин социалдык маданиятынын мисалында карайт.*

Түйүндүү сөздөр: *маданият, тилдик маданият, көчмөн эл, кыргыз тил, көчмөндөр.*

Abstract: *he author considers the issues of the correlation of language and culture, analyzes the ways of using language as a tool for building a cultural environment and a layer for the socio-cultural development of the nomadic people by the example of Kyrgyz.*

Keywords: *culture, language culture, nomadic people, Kyrgyz language, nomads.*

Изучение языковой культуры кочевого народа (в нашей статье мы обратились к одному этносу – кыргызскому) имеет большое значение для познания исторических процессов в кочевом мире. Язык является неотъемлемой частью культуры, ее главным атрибутом. Языковая культура общества, как считает профессор В. И. Аннушкин, решает практические задачи: ее цель — благоустройство общественной, производственной и бытовой жизни человека. Культура предполагает сохранение всего ценного в нравственном, образовательном, эстетическом аспектах нашего бытия [1, с. 96]. С мнением В.И. Аннушкина я полностью согласна, поскольку языковая культура личности - это обусловленный языковой культурой общества характер языкового развития личности. При этом реализация свобод и обязанностей личности находится в существенной зависимости от ее языковой активности, детерминирующей определенный уровень языковой культуры. На мой взгляд, языковая культура личности проявляется в совокупности представлений, взглядов, чувств индивида, выражающего свое отношение к языку. По моему определению, языковая культура личности - это качество использования средств и возможностей языка, обусловливающее эффективное функционирование человека в социуме, его личностно-ориентированное развитие.

По мнению многих ученых, формирование языковой культуры кочевого народа представлял собой сложный многоплановый процесс, включающий в себя ряд компонентов: *мотивационноценностный* (формирование ценностных ориентаций и устойчивых мотивов развития языковой культуры); *системно-когнитивный* (приобретение конструктивных умений упорядочения лингвистических знаний и умений, формирование готовности к постоянному совершенствованию теоретической филологической подготовленности, потребности в актуализации личностного потенциала); *эмоциональноволевой* (выработка определенной психологической установки, нацеленной на эффективную практическую языковую деятельность).

Каждая национальная языковая культура в этом культурном многообразии предстает как равнозначная, равноправная, способная к коммуникации и сама являющаяся «желаемой» для коммуникации. Глобализация, с одной стороны, угрожает культурной идентичности, с другой, создает реальные возможности для диалога культурной индивидуальности.

В условиях современной глобализации возникает и укрепляется позиция, которая рассматривает сохранение культурного своеобразия, идентичности как высшее проявление цивилизации. Развитие современного Кыргызстана невозможно без изучения

истории и культуры народа, без понимания истоков этнического развития, приоритетных духовных, нравственных ценностей кыргызской культуры. В духовной истории прошлого кыргызского народа заложены глубинные истоки национальной идентичности, которые составляет ценностно-смысловую основу исторического процесса и конкретной этносоциальной реальности. Духовные ценности, накопленные за длительную историю развития казахской культуры должны составить историко-культурную основу современной культуры.

Кочевой образ жизни наложил отпечаток и определил уникальность культуры народа, его менталитета, обычаев и традиций. Духовный мир кыргызов веками вбирал в себя многие культурные влияния, переплавляя и ассимилируя их в своих исконных традициях. Эти традиции были столь прочны, что ни политические катастрофы и войны, ни культурная экспансия великих соседей (Китай, Россия), ни арабское и монгольское влияние, ни исламизация не смогли изменить их коренным образом. Причина этой жизнеспособности и жизнестойкости кроется, видимо, в том, что способ хозяйствования и тип цивилизации оставались практически неизменными на протяжении многих веков. Изучая историю, невольно приходишь к мысли, как поразительно сильно было желание наших предков сохранить свои традиции, обычаи, верования. Кочевой народ ревностно оберегал свою самобытность: не впустили в свой менталитет влияние обычаев китайцев или монголов. Духовно-нравственные ценности кыргызского этноса отражают такие добродетели как гостеприимство, терпимость, великодушие и т. д. Это то ядро, которое заложено в генетической памяти кыргызов и передается от поколения к поколению.

Богата традициями кыргызская культура и язык. Устные народные традиции, творчество акынов всегда несли большой воспитательный потенциал. Традиционная кыргызская культура и язык отличались высокой преемственностью в вопросах нравственного воспитания подрастающего поколения, духовного совершенствования личности. Именно устное народное творчество являлось средством коммуникации поколений, оно несло на себе нагрузку своеобразного института духовности и нравственности, являлось средством народного воспитания. Устное народное творчество можно назвать энциклопедией народной жизни, произведения его имели огромное влияние на духовно-нравственное формирование детей и молодежи. В условиях почти полной неграмотности эти произведения играли весьма важную роль в формировании личности от самых малых лет до глубокой старости. Посредством их из поколения в поколение закреплялись традиционные ценности общества.

Жизненные условия, порождавшие необходимость постоянного перемещения с одного места на другое, выработали у кочевников неприхотливость, веру в судьбу, решимость перед лицом опасности, что нашло отражение в произведениях устного народного творчества. Через них подрастающее поколение выясняло для себя, что хорошо, что плохо, приобщалось к исконным ценностям и духовности кочевого народа. Кроме устного народного творчества важнейшими средствами народного воспитания духовности и нравственности кыргызов являются: музыкальный фольклор, декоративно-прикладное искусство, традиции и обычаи, ритуалы и церемонии, национальные игры, традиции народной педагогики.

Источники сообщают, что главным занятием кочевого народа было кочевое скотоводство: «Переходят со скотом с места на место, смотря по достатку в траве и воде. Постоянного пребывания не знают. Живут в круглых юртах, из коих выход обращен к востоку. Питаются мясом, пьют кумыс, одежду делают из разноцветных шерстяных тканей. Кто храбр, силен и способен разбирать спорные дела, тех поставляют старейшинами. Наследственного преемника у них нет. Каждое стойбище имеет низшего начальника. От ста до тысячи юрт составляют общину. От старейшин до последнего подчиненного каждый сам пасет свой скот и печется о своем имуществе, а не употребляют друг друга в услужение. В каждом деле следуют мнению женщин, одни военные дела сами решают. Войну ставят важным делом» [2,с.14]. Такой же "варварский" образ жизни вели и древние кыргызы.

В период отделения племен - носителей тюркских языков от алтайской языковой общности и складывания общетюркских (близкородственных) признаков появляются все новые и новые понятия и термины, связанные с кочевым образом жизни, освоением новых пастбищ с новыми флорой и фауной, развитием скотоводства и земледелия, Постоянное общение кочевых племен- носителей протюркских языков содействовало выработке сходных элементов в языке, что нашло отражение в грамматике и отчасти в словаре современных близкородственных, то есть тюркских языков.

Что касается кыргызского языка, то в древности и раннем средневековье в его развитии можно выделить два этапа:

1. III в. до н.э. - VIII в.н.э. Этот древнекыргызский этап истории кыргызских черт языка территориально протекал в Восточном Туркестане, Тенгир-Тоо (Притяньшанье), в Минусинской котловине и в близлежащих районах Саяно-Алтайского нагорья.

2. IX - XIII вв. в этот период вполне сложились общенародные черты в кыргызском языке, составляющие его специфику и диалекты. Кыргызские кочевые племена в основном сформировались в народность [4,с.96].

На сегодняшний день, после обретения независимости для страны жизненно важным вопросом было продвижение и укрепление государственного языка, что отразилось и на функционировании системы образования. Кыргызский язык стал неотъемлемой частью учебной программы, а число часов, отведенных на изучение государственного языка, неуклонно растет, начиная с 1989 года, поскольку согласно ст.5. Конституции КР «Государственным языком Кыргызской Республики является кыргызский язык».

По моему мнению, в настоящее время идет тенденция к оживленному обмену мнениями и широкой

дискуссии по вопросам дальнейшего распространения и использования государственного языка, со стороны филологов и общественных деятелей делается оценка сегодняшнего его состояния и возможности для его всестороннего развития. С каждым годом нарастает интерес по переходу делопроизводства на кыргызский язык в государственных учреждениях Кыргызстана, однако вопрос о формировании языковой политики остается открытым.

Литература

1. Барфилд Т. Кочевое скотоводство во Внутренней Азии / Кочевая альтернатива социальной эволюции. - М., 2002. - С. 59 – 85.

2. Байтур Анвар. Кыргыз тарыхынын лекциялары. Кн.2-я. – Б., 1992.

3. Хазанов А.М. Кочевники евразийских степей в исторической ретроспективе // Кочевая альтернатива социальной эволюции. - М., 2002. - С. 37-59.

4. Койчуев Т.К. Менталитет кыргызов: история и современность // Избранные сочинения: в 3 т. Т. 3. Экономика Кыргызстана на переломном этапе. - Б., 2007.

УДК 82.151.2.154

Асаналиев З.А.,
БГУнун доценти, журналист

«ЭКИ ӨМҮР, ЭКИ ЖАЗЫ БАР АКЫН…»

«ПОЭТ, ИМЕЮЩИЙ ДВЕ ЖИЗНИ, ДВЕ ВЕСНЫ…»

«A POET WITF TWO LIKES AND TWO SPRINGS…»

***Аннотация**: Бул макалада Мидин Алыбаевдин лирикалык, сатиралык чыгармаларына иликтөөлөр жүргүзүлөт. Акындын А.Осмоновдун «Махабат» ырлар жыйнагына карата «Маани жок махабат» аттуу сын макаласынын жазылышы боюнча жекече пикирлер берилет. Ошондой эле М.Алыбаевдин журналисттик-публицистикалык ишмердүүлүгүн изилдөөгө карата сунуштар айтылат.*

***Түйүндүү сөздөр:** Мидин Алыбаев-эл сүйгөн акын…*

***Аннотация:**В данной статье исследуются лирические и сатирические произведения М. Алыбаева. Выражается мнение на критическую статью поэта «Бессмысленная любовь», написанную на сборник стихов А. Осмонова. А также сделаны предложения по изучению журналистко-публицистической деятельности М.Алыбаева.*

This article explores lirical and satirikical works of M. Alybaev. Expsessing opinion on article of poet "Fatuous lore" written in a collection poets of A.Osmonov. As well as suggestions for research on journalictic-publicustic activities of M. Alubaev.

Адатта кыргыз элинде «төрт аягын бир таштаган, суу куйса чайпалбаган жорго» деп коюшат эмеспи. Мына ушундай асыл сапаттар Мидин Алыбаевге таандыктай көрүнөт. Мидин жөнүндө замандаштары эскеришкенде: «дилден чыгып, тилге жеткен залкар лирик, калеминен мурч тамган өткүр сатирик, көрөрмандын жүрөгүнөн түнөк тапкан чыгармаларды жараткан драматург, белдүү котормочу эле»,- деп жазып, айткандарын окуп келдик.

М.Алыбаевдин жазмакердик дарамети жөнүндө кыргыз адабият таануучулары бүгүнкү күнгө дейре кеңири талдоого алынууда. Анын чыгармачылыгы туурасында окумуштуу И.Султаналиев кандидаттык ишин коргоп, диссертациялык эмгегинде кеңири талдоого алды. Адабиятчы, сынчылар К.Укаев, К.Артыкбаев, К.Даутов, А.Садыков, Э.Турсунов, О. Ибраимовдор тарабынан жетишерлик изилденип келе жатат. Эл сүйгөн акын катары окурмандары тарабынан да өзгөчө эскерилип келет. Акындын поэзиясын канчалык окуган сайын анын лирикасындагы жаңы бир табылгалар ачыла берет экен. Ошондон улам Мидин сүйүүчү катары биз да ой кошо кетүүнү туура таптык.

М.Алыбаев кыргыз поэзиясын лирикалык ырлардын өзгөчө формасы менен байыткан акын. Лирикалык ырларында автордук жекече мамилеси бар, адабий инерциянын шарданы менен жалпы даяр шаблон, стандартка түшүп калган уйкаштыктардан сырт. Бул теманы ал өзүнчө көрүп, ага башка жагынан жол таап кирип, өзүнчө чечет. Эң негизгиси, акын өз башы менен ачып, жүрөгүнөн өткөргөн чындыкты гана ырга айланткан, жалган сезимди, жалпыга ортоктош даяр ойду ортого салган эмес. Өзүнчө жаңыча нук издеген.

Алсак, согуш темасына кимдер гана ыр саптарын арнаган эмес. Мидиндин бул темага арналып жазылган «Ыйлабачы» деген ырын карасак, добушу, бүт идеялык-көркөм күчү, чатыраган эмоциясы азыр да көз алдыга тартылып турат. Ырда сүрөттөлгөн согушта өмүрлөшүнөн айрылган жаш келиндин жүрөгүндөгү кайгы муңу, окурмандын сезимин козгойт:

«Ыйлабачы, тырмабачы сулуу беттин анарын,
Кийбе, ташта! Кереги жок каранын!
Жыл оңолот, кемтик толот, жаш жетет,
Жашын тиле эмчектеги баланын.

Ыйлабачы! Кайгыны ичке батыргын,
Сабыр кылчы, айтканын ук акындын:
Коркок бирөө коюнуңда жатканча,
Аты жакшы, жесири бол баатырдын!»

Деги эле акындын поэзиясында эң башкы нерсе- бийик гуманисттик пафос экендигин бөлүп атасак болот. Бул сапат анын турган жеринде төрт сап ырга айланган экспромпторунан тарта эл, жерге арналган бардык ырларына мүнөздүү. Мисалы, Ала-Тоо жөнүндө кимдер гана жазбаган. «Адабият айдыңын изилдеген изилдөөчүлөрдүн айтканына караганда бул темада үч инсандын жазгандары окурман журттун жүрөгүнүн түпкүрүндө. Алар - Касым Тыныстанов, Алыкул Осмонов жана Мидин Алыбаев!» - деп адабиятчы, акын Э.Турсунов таамай белгилеген.

Мидиндин «Ала-Тоого» деген ырында анын эч кимдикине окшобогон, акындын өзүнө гана тиешелүү болгон поэтикалык үнүн, Ала-Тоого деген аздектеген мамилесин, аруу тилегин угабыз. Акындын айткандары сенин да Ата журтка деген жакшы оюңду, сезиминди кошо туюнтуп жаткандай сезилет:

«Кереметтүү сен атасың-энесиң,
Салыштырып сага ким жер теңесиң.
Көңүл толкуйт көркөмүңдү көргөндө,
Кандайдыр бир жүрөккө дем бересиң.
Ырым менин сенин демиң эмеспи,
Шыктанамын минип кыял кемесин.
Карааныңдан кагылайын Ала-Тоо,
Калкып жаткан кандай укмуш немесиң?
Качан жүрөк кагышынан танганда,
Бир тартылып өтүп кетээр элесиң...»

М. Алыбаевдин чыгармачылыгында сүйүү лирикасына да өзгөчө басым жасалып, жан дүйнө кыйкырыгынан жаралган, аруу сезимди аздектеген ырлары азыркы күндө да, жаштар арасында жатка айтылып, обончу-композиторлордун репертуарынын түшпөй келет. Анын сүйүү лирикаларынын баары чын дилден, чыныгы сүйүү, чыныгы сагынычтан чыккан өңдүү.

Жөн эле сүйдүм-күйдүм деп тажаалдана бербестен, сүйүү деген ыйык сезимге аздек мамиле кылып, аяр үн катат. Анын махабат ырлары азыркы кездеги жөргөмүштүн желесиндей чырмалышкан интернет желесинде, фейсбук, инстаграмм тармактарындагы азыркы жаштардын «өлүп баратам, жолуга калбайлыбы» деген желдей жеңил көз караштарындай эмес, айбыгуу менен, өзгөчө ызаат менен «Шылтоо кылып чочубасын дегенсип, жакаңдагы кызыл гүлдү жыттадым» деп адеп ыйман эрежелерин бекем сактайт.

Ал эми сүйгөнүнө салыштыруулары кээ бир акындар жазып, обончуларыбыз ырдап жүргөн: «Ош-Бишкек жолунда, айдаганың мерседес, Жанымдагы сүйгөнүм мерседестен кем эмес» деп ашык болгон кызын тарпы чыккан темирден кем көрүп салыштырбастан, «Көзүң укмуш ак чыныда карагат, көп караба жүрөгүмдү жаралап» деген саптар менен сүйгөнүн периште тутат.

Акынды аздектеп, ага экинчи өмүр тартуулаган Кадыркул Даутов агай айтмакчы, «М.Алыбаев - ар кандай шартта, ар кандай абалга кабылган кезде да өзүнүн ички адамдык сапатын, абийирин ыйык сактай алган, кенен көңүл, көкөлөгөн асыл ойлор менен жашаган акын» болгон тура.

Кыргыз жазма адабиятында жаңы мазмундук мүнөзгө ээ болуп калган жанрлардын бири - сатира Мидинге чейин эле болуп келсе дагы, жанрдын жогорку деңгээлге жеткен мезгили Мидинге таандык. Акын ушул жанрды жаңыдан баштап, ийине келтирейин деп өзүн-өзү зордобогон тубаса сатирик экендиги анын чыгармаларынан байкалып турат. Анын кайталанбас сыры да, башкалар ала албаган бийиктиги да, өзгөчө сейрек кездешчү күчү да мына ушунда. Окурмандар жатка айтып, бири ылакапка айланып, экинчиси афоризмге өтүп, жумурай журттун өз менчиги, өз сөзү болуп кеткен «Ак чүчү», «Сизге айтам», «Кошоматчы», «Бюрократ» д.у.с. сатиралык ырлары «Осмоналы лөкүй», «Дежур бука» өңдүү фельетондору өз доорунда эле эмес куду бүгүнкү күндүн көйгөйүн да сатиранын курч сабына кошуп тургансыйт.

Сатиранын жаңы түрлөрү эпиграмма, достук азил, пародиянын өзүнчө таанылган жанр катары калыптанып калышына М.Алыбаевдин кошкон чоң салымы бар. Өзгөчө акындын «Адабияттык парады» профессионал поэзиябыздын өсүү жолундагы жаңы бир нук болуп калган. «Адабияттык парадда» Мидин өз доорундагы калемдештеринин чыгармачыл дараметтерин акыл элегинен өткөрүп, бир-эки куплеттин тегерегинде кыска, бирок таамай баа бере алган. Бул, олчойгон сын макалаларга караганда бир жагынан так, таамай айтылган юмор, жолдоштук жумшак кеңеш, сын пикирлер эле.

«Сан жагынан Жангазиевди алсак,
Жакындап келет Лев Толстой, Бальзак.
Тигил экөөнү сатат...
Окуучулар талашып жаңжал-чатак.

Жангазиев жаны тынч складда жатат.
Ушундайда билинет экен сапат...»

М.Алыбаевдин чыгармачылык ишмердүүлүгүн, дегеле адамдык сапаттарын иликтөөгө алганыбызда аны ээрчиген бир кара так бар экендигин жакшы билебиз. Бул Алыкулдун «Махабат» ырлар жыйнагына карата «Маани жок махабат» аттуу сын макаласы. Акындын 100 жылдык маараке син өткөрүү иш чарасынын алкагында 3 томдугун чыгаруу аракетин көрүп, ал жөнүндө жазылган эскерүүлөрдү окуп, акынды көрүп калган замандаштарынын айткандарын чогултуп жүрүп ушул маселеге тымызын жоопиздеген элек.

«Бул жерде эки чыгармачыл инсан эмес, эки чыгармачыл доор кагылышты» - деп жазат адабиятчы О.Ибраимов «Мидин жана Алыкул» деген макаласында. Орус-фин согушун өз башынан кечирип, ок эмне, согуш эмне экенин көрүп, жарадар болуп кайткан акынга жалаң керт башынын көйгөйлөрүн, сүйүүсүн, ички турмуштун оор-кыйыштарын жазган Алыкулдун жыйнагындагы ырлар өөн учурагандыр. Мидин оорулуу акындын жан дүйнөсүндө философиялык көз караштажазылган ырларды пессимизм лирикасы катары кабыл алып, жазышы да мүмкүн.

Белгилүү адабият сынчысы Кадыркул агайдын айтканы көңүлүмө өзгөчө уюду. К.Даутовдун иликтөөлөрүнө таянсак, Мидиндин Алыкулду сындаганына эч

кандай деле негиз болбоптур. Биринчиден, эки залкар тең бир уруудан болуп, туугандык жайы да бар экен. Экинчиден, чыгармачылыкка баш оту менен кирип, такшалуу мезгилдеринде экөө бир квартирада жашап, бир нанды бөлүп жешкен ынак курбулардан болгонун дагы айтышат. Үчүнчүдөн, Мидин Алыбаев өзүнүн «Пушкинге берген отчетум» аттуу чыгармасында кыргыз жазма адабиятында көзгө көрүнүп калган акын жазуучулар жөнүндө жазып келип, Алыкулдун өзгөчө Ш.Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасын эркин которуп, элге бергенден кийин анын чыгармачылыгы олуттуу жаңы нукка өскөндүгүн сыймыктануу менен жазат.

К.Даутовдун айткандарына караганда бул суроону Мидиндин өзүнөн сурашканда «бул өзүнүн мезгили келгенде ачыкка чыгат» деп актанып да, далил тартып да жооп берчү эмес экен. Ал эми Эл баатыры, жазуучу, драматург агабыз Бексултан Жакиев «Чыгармачыл жаштардын адабий ийримин Мидин жетектеп турганда Алыкулду эле мисал тартып мактай берер эле» деп эскерет. Бексултан агай Улуттук университетте өткөн илимий-практикалык конференцияда Мидиндин бир жолу «Адам бир нерсеге кор болуп турганда иттик кетирет экен. Бирок мен анын атын атабай эле койоюн» деген эскерүүсүн ачыктады. Ошондон улам эл оозунда айтылып жүргөн «буюртма» менен жазылганына дагы бир ирет ынансам да, Мидин өзү жаздыбы, же бирөөлөр жазып Мидиндин атын пайдаландыбы деген күмөн ойдон арылган жокмун. Деген менен ошол сын макаладагы «Отуз жаш», Майдын түнү», «Букентай» деген асыл ырларды жеңил желпи талдоого алганга Мидиндин акындык табигаты, адамдык парсы деле жол бергенине түк ишене албай келем. Балким, Мидике ачкыл сууга азгырылып турганда бере бергиле деп койгонбу, же эки залкардын ортосуна чок таштаган адаттагы чыгармачыл адамдардын ич күптүүсүбү, тарых өзү таразалаар...

«Казак журту айткандай: «Жамандар жакшымын деп айкайлайды, жакшылар мыктымын деп айталмайды» демекчи, кыргыздар да жакшысын тирүү кезинде барктай албай, өлгөндөн кийин кайдан табабыз деп олтуруп калабыз.

Мидин Алыбаевдин маңдайына жазылган тагдыр ушулбу деген ойго кеттим. Акын тирүү кезинде эле ичи сырты бирдей болуп, атак даңк, сый урматты күтпөстөн элдин эркеси болгон тагдыр ыроолонгон экен. Өмүрлүк жубайы Жыпариса Кудайбергенова эскергендей «мен элден алам, элге берем» деп жашап өтүптүр. Өз учурунда баалап, сыйлык наам ыйгарбаган Өкмөтүнө деле таарынычын артпаптыр. Ошол тагдыры экинчи өмүрүндө деле кайталанып келүүдө. Мидиндин юбилейлик кечелери деле эл тарабынан даярдалып, элдин демилгеси менен өтүп келет. Жада калса, акындын 100 жылдык мааракесин өткөрүүнү мамлекетибиз тизмеге эле киргизип, формалдуу комиссия түзүп койгону болбосо, «элдин күчү, элдин каражаты менен өткөргүлө» - деп иттен чыгарып койгонуна бул ирет да күбө болдук.

М.Алыбаевдин журналисттик-публицисттик ишмердүүлүгү туурасында азыркы кезге чейин изилденбей келе жаткандыгы абдан өкүнүчтүү. Журналист катары райондук газетадан тарта республикалык басылмаларга чейин эмгектенип, бул багытта чоң эмгек кылып кеткендиги белгилүү. Адабият жанрынын элементтерин куймакка каймак кошкондой айкалыштыруу менен жараткан фельетон, очерк, таамай фактылары менен жатык тили аралашкан орундуу макалалары кыргыз журналистикасында али изилдене элек өнөр кылдары сыяктуу. Анын «Кызыл Кыргызстан», «Ленинчил жаш», «Чалкан» журналдарына жарыяланган очерк, фельетондору бул жанрларда жазышкан жазмакерлерге өз кезегинде эле эмес азыр да үлгү десек болот. Бул кенемтени толтуруу азыркы адабиятчы, журналист окурмандардын алдындагы кечиктирилгис милдет деп эсептейбиз.

«Өмүр - күлкү менен ырга, март жайылган дасторконго гана токтойт»-деген элибиздин жакшы сөзү бар. М.Алыбаевдин экинчи өмүрү кыргыз барда, өч бөксөрбөй жашоосун уланта берет деген терең ишенимдемин. Мидин Алыбаев ага татыктуу.

Адабияттар

1. Даутов К. Оргуган таланттын ээси. -Б., 2015.

2. Султаналиев И. Мидин Алыбаевдин поэзиясы. -Б., 2015.

3. Турсунов Э. Мидин Алыбаев. -Б., 2017.

4. Мидин Алыбаев Ырлар жыйнагы 1 том Б., 2017.

5. Ибраимов О. Мидин жана Алыкул. -Б., 2017.

6. Укаев К. Сөз бороону. -Б., 2017.

7. Кудайбергенова Ж. Өз элинин даңктуу жазуучусу. -Б., 2015.

8. М.Алыбаевдин 100 жылдыгына карата өткөрүлгөн жолугушууларда айтылган пикирлер, өздүк иликтөөлөр.

УДК 398.9; 80:808.5

Искендерова Ш. А.
Фил. и. к., доцент
И.Арабаев атындагы КМУ
Кыргызстан, Бишкек
E-mail: azem.shirin@mail.ru

БАКАЙ – БАЙЫРКЫ ЧЕЧЕНДЕРДИН МЫКТЫ ҮЛГҮСҮ

БАКАЙ – ОБРАЗЕЦ ОРАТОРСКОГО ИССКУСТВА СВОЕГО ВРЕМЕНИ

Аннотация: *Кыргыз чечендер чыгармачылыгынын башаты Манас жашаган доорго таандык болуп, байыркы чечендердин бири катары акылга бай Бакай болгондугу маалым. Бакай - байыркы элдик чечендердин мыкты үлгүсү. Анда көрөгөчтүк менен баатырдык, улуулук менен кайраттуулук ширелишип эл башы болгон Манаска акыл айтып, кара күчтү тунук акыл менен калчап турган сынчы дагы.*

Макалада байыркы эпостогу акылман Бакайдын чечендик өзгөчөлүктөрү, алардын кыргыз чечендер чыгармачылыгынын түптөлүшүндөгү ээлеген орду тууралуу сөз болду.

Түйүндүү сөздөр*: чечендик өнөр, сөз, чыгармачылык, эпос, форма, элчилик кызмат, жоокердик заман, чыгармачыл топ.*

Аннотация: *Творчество кыргызских ораторов исходит к временам Манаса и его современникам к которым относится и мыслитель Бакай. Он один из лучших ораторов своего времени. В нем сочетались дольновидность и храбрость, величие и сила, при этом являлся великим советником Манаса.*

В статьи рассматривается особенности ораторства мыслителя Бакая. Роль и место мыслителя Бакая среди основоположников ораторского исскуства кыргызского народа.

Ключевые слова: *ораторское искусство, слово, творчество, эпос, форма, посольская служба, рыцарское время, творческая группа.*

Annotation: *The creativity of Kyrgyz speakers comes to the times of Manas and his contemporaries, which includes the thinker Bakai. He is one of the best speakers of his time. He has such qualities as farsightedness and bravery, the greatness and the power, and he was a great advisor to Manas at the same time. The article deals with the features of the oratorical thinker Bakai. The role and place of the thinker Bakai among the founders of the oratorical art of the Kyrgyz people.*

Key words*: oratory, creativity, word,creativity, epic, form, embassy service, knightly time, creative group.*

Кыргыз чечендеринин чыгармачылыгынын башаты Манас жашаган доорго таандык болуп, ал заманда жашаган чечендердин ири алдында коңур чечен Бакай болгондугу белгилүү. Манастын доору деп айтылып жүргөндүгүн жүйөлүү себептер менен түшүндүрүүгө болот. "Манас" чыгарма болгондугуна карабастан, элдин түшүнүгүндө реалдуу турмуш, андагы каармандар турмушта жашаган адамдар катары жашап келген. Эл эпосту өтө сүйүп угуп, аны менен жашап, туу тутуп келгендиктен, чыгарма аткарылып жатканда ыйлап, тура калып, каарданып, кыйкырып, эмоционалдуу кабыл алышкан. Ошондуктан улуу жомоктогу акылмандар чечендиктин башында тура алат деп айтууга болот.

Эл ичинде кандай учур болбосун ылайыгына жараша таамай-таап сүйлөө, сөздүн мааниси менен маңызын куюлуштуруп, уйкаштырып айтуу – чечендик өнөрү байыркы замандардан бери бааланып келгендиктен эпостогу акылмандардын ар бир айткан кеби, сөздүн күчү, касиети, аны даңазалаган чечендикке - чоң артыкчылык, өзгөчөлүк катары аздектөө менен мамиле болгон. Бакай – акылга бай, теңдешсиз касиетке ээ, асыл адамдардын бири.

Ал чечендер сыяктуу тилдик таймашка түшкөн эмес, куюлуштуруп ырдаган эмес, бирок андагы теңдешсиз касиеттердин бири- алты айлык окуяны көрө алган көрөгөчтүгү, акылы менен боло турган окуяны

тескегени- акылмандыгы жана аларды ишке ашырып турган убагында жеткире айтылган таамай сөзү болгон.

Бакай карыя тууралуу адабий изилдөөлөрдө башынан эле мыкты пикирлер айтылып келген: "Бакайдын образы жомоктун биринчи бөлүгүндөгү окуялардан эле кең орун ала баштайт. Манасты Манас кылган ажарлуу, сүйкүмдүү каармандардын бири катарында Бакай жомокто чоң роль ойнойт. Ал казаттарда да, тынчтык турмушта да Манас менен ар качан бирге болот. Алгачкы боло турган иштин жайын баамдап, көрөгөчтүк кылып, Манаска ар дайым акыл берип, жеңишке жетишүүгө себепчи болот. Манас бир аз чеки иш кылса, аны Бакай туура жолго салат... Адамдын кулк мүнөзүн терең түшүнгөн калыс жана адилет Бакайга толук ишенгендиктен, Манас ага ичтеги сырын, жүрөктөгү муңун айтып, дайыма кеңешип жүрөт" [1.31]

"Бакай Манастын казаттарында жол баштап, колдун ичиндеги тартипти сактап, жалпы ички, тышкы саясы иштеринде эң жакын кеңешчиси болуп турат" [2.59]. "Бакайдын эң негизги асыл сапаттарынын бири- башына кандай гана каран түн түшпөсүн, кандай гана кыйынчылыкка учурабасын бийик адамгерчилигинен жазбаганы, өз башын корголотуп чыккынчылыкка барбаганы, даанышмандыгы, акылмандыгы, кайраты менен бардык кыйын-кезеңди жеңе билгендиги ". [3.47]

Бакай Манас менен бирге кыргыз элинин гана эркиндиги үчүн эмес, канатташ, коңшулаш, тектеш калктардын да бөштондугу үчүн күрөшкөн, алардын жалпы ынтымагына, аскердик конфедеративдик биримдигине кызмат кылган каарман. Ал кыргыз улутунун да, жалпы түркистандын да акылман, баатыр, лидер уулдарынын бири. Анын образынын калк аралык масштабын ар убак баалай жүрүүгө тийишпиз.... [4.125] Бакайдын өзгөчөлүгү- акыйкаттын балансы бузулган жерде ал чындыкты чырылдап айтып чыгат жана аны коргойт -дейт окумуштуу С.Байгазиев. Окумуштуу Бакайдын образындагы артыкчылыктарды көрсөтүү менен *дипломаттыгы – Бакайдын инсандар аралык, жамааттар аралык, калктар аралык алака- катыштардын дүйнөсүндө мамилешүүнүн ачкычын таба билген кылдат айлакерлиги анын акылмандыгынан агып чыгат- деп* белгилеп өтөт: [5.285]

Бакай акылман гана эмес, ал оозунда ширин кеби бар, кызыл тили менен элди туура жолго салып, акыл айтып, жол көрсөтүп турган даанышман. Саякбай Каралаевдин вариантында:

"Кеби ширин, сөзү бал,
Чечендиги дагы бар.
Берен да ошол, бел да ошол,
Береңиң Манас жолдошу,
Берен Бакай абаңдын
Бет алышкан жери ошол"- деп айтылып, Бакайдын акылмандыгы менен катар анын кызыл тилдүү чечендиги аркылуу мыкты элчилик кызмат кылгандыгы, кыргыз мамлекетин сактоого, чыңдоого арнаган аракети менен укмуштуудай касиеттери тууралуу белгиленип жүрүп отурат.

"Кыргыздардын ошол кездеги негизги жоосу уйгурлар менен согушта (820-840) жана алардын үстүнөн болгон жеңиште башкы командачы катары ал (Бакай) көрүнүктүү роль ойногонун кыргыздар таш бетине калтырган айрым жазмалар кабарлап турат". [6.163] "Көрсө, Бакай үчүн бийлик, хандык деген нерсе ыйык санала турган дөөлөт эмес экен. Ал өзүнүн руху боюнча бийликтен, мансаптан жогору турган **акылман** экен. Мансап бүгүн бар эртең жок, мансаптан адамдын башына мүйүз чыкпайт, дөөлөт деген сенин таруудай тарлыгы жок кишичилик кенендигине, адамдык наркнасилине токтой, адамдык асыл касиет бардыгынан жогору дейт Бакайдын логикасы". [4.225]

Акылман Бакай эл ичиндеги гана эмес, ар кайсы аймактагы аскерлердин да чоо-жайын көрө билип, боло турган алааматтын алдын алып, жагдайды тескеп турган көрөгөч. Алааматты колундагы куралы менен эмес, коргощундай куюлтуп, ар биринин жүрөгүнө жеткире айткан сөзү менен токтото алат. Буга "Алты хандын" окуясы мисал. Манаска каршы аттанаарын билдирип, алты хандын алдын ала эскертүү кат менен жиберген элчилерин Манастын Алманбет, Чубак, Сыргак чоролору абакка салып ачууланат. Манастын чоролору баштаган жоокерлер алты ханды бат эле кырып жок кылаарын көрүп турган акылман Бакай ортого түшөт:

Кокуй, Манас барсыңбы?
Баатыр экен деп жүрсөм,
Коштон чыккан карсынбы?
Алат күн Манас барсыңбы?
Арстан Манас деп жүрсөм,
Ааламдан чыккан карсыңбы?
Жосуну жок сүйлөйсүң,
Жолду кантип бийлейсиң?
Баралы жок сүйлөйсүң,
Баатыр экен деп жүрсөм
Элди кантип бийлейсиң?
Элчиликке өлүм жок
Жуучулукка кордук жок.
Арага келген адамга
Илгертен бери зордук жок

Чыгаргыла буларды. - деп алты хандын жиберген элчилерин абактан чыгарат.

Ушул сөздөрү менен илгертен келе жаткан "элчи менен жуучуга өлүм жок" деген накыл сөздү эскертип, баатырдык өзүнчө кеп, ал эми баатыр элдик наркнасил, салт- санааны билбесе ал элдик баатыр боло албаганын, эл ээрчибей кое турганын белгилейт. Элчи менен жуучунун сөзү дипломатиялык проект алып келгендей эле бааланышы керектиги баса көрсөтүлөт да, Бакайдын кеменгерлиги дагы бир жолу далилденет. Ал Манас менен дөөдөй алты ханды- Жамгырчы, Көкчө, Үрбү, Санжыбек, Музбурчак жана Төштүктү жолуктурат да, алар чырдын баш-аягын бирге талкуулашып, акырында хандар өз ара түшүнүшүп, жарашуу, элдешүү менен бир сөзгө келип, Манастын туусу алдында чоң казатка аттануу бүтүмү менен тарашат. Бакай эки тарап болуп чоң чабуул баштаган турган түмөндөгөн колду күчү менен токтоткон баатыр эмес, анын акылы – көрөгөчтүгү укмуштуудай таасирдүү сөзү менен айкалышып турат. Анын ар бир айткан сөзү – ок, эки тарапты бирдей муюткан курал. Ханга да, карапайым калкка да жаккан **ой** анын тилинде, ошондуктан анын күчтүү куралы – акылга ширелген сөзүндө жатат. Бул карапайым элдин бөөдө кырылып, кордук көрүп калуусун токтоткон эпостогу акылман Бакайдын элчилик кызматы баяндалган бир гана окуясы.

Эпосто акылман карыя Бакайдын өтө чырлуу, карама - каршылыктуу, чырмалышкан түйүндүү маселелерди чечип, жөнөкөй тил менен жөнгө салган окуялары арбын кездешет. Түрк элдеринин баарын элим деп эсептеген акылмандын алаканга салгандай көрүп турган, алдын алып тескеп- жайгарып турган окуяларынын диапазону кенен, ал жалпы түрк элдеринин ортосундагы мамилелерге санааркап, азыркы термин менен айтканда эл аралык мамилелерди башкарган тышкы иштер министринин милдетин аткарган.

Демек, Бакай - байыркы элдик чечендердин мыкты үлгүсү. Анда көрөгөчтүк менен баатырдык, улуулук менен кайраттуулук ширелишип, бүтүндөй кыргыз журтун тунук акылы жана бал тили менен жөнгө салып, Манастын улуу кеңешчиси болгон. Ал кызыл тилдүү акылман гана эмес, Манастай эл башын жөнгө салып, кара күчтү көрөгөчтүк, тунук акыл менен калчап турган сынчы. Бакай менен Кошойдун Манаска өмүр бою ак дилден кылган кызматы жагынан салмактары бирдей. Мисалы Манастын Каныкейге күйөөлөп келгенде колуктусунан билекке канжар менен жеп, ачуугa алдырып күйөөлөп келген жерине кызыл-кыргын, кара сүргүн түшүрүп жибере турган болгондо да Бакай токтотуп, каарданып айткан сындайт:

Баатыр десем мактанба,
Өз алдындан шаттанба,
Эр экен десем эркейбе,
Өз алдындан керкейбе,- деп, эси жок эңгиреп кетпесин деп, тескейт. Манас ачуусун басып, кыз-күйөө элдешип, тойдун шаан-шөкөтү улантылат.

Сын туура багытталып, салмактуу айтылганда максатына жеткирилген сыяктуу, Бакайдын ачуусыны Манас тарабынан туура кабыл алынып, оң колунун ачуусун сол колу менен басып, куру намыска алдырбай акылмандын айтканы менен болот. Жүйөөлүү кепке кулак салып, кеңешчисине “мен ханмын деп” атырылбай, улуу катары баш ийип угуп калган Манастын да тарбиясы мыкты, кыргыз элинин улууну урматтаган пейилин, адебин да көргөзүп турат. Ырас, Бакайдын эки ооз сөзү ошончолук таасирдүү да, уюткулуу да болгон, мындай акыл менен сын айкалышкан Бакайдын чечендик сөздөрү эпосто арбын кездешет.

Ошентип, чечендиктин башаты Манастын доорунда жатып, кыргыз чечендеринин чыгармачылыгынын калыптанышында Бакай- нускалуу карыя, акылмандык менен чечендикти бирдей алып жүрө алган, төгөрөгү төп келген элдик чечендердин мыкты үлгүсү болгон деп айтууга болот.

Адабияттар

1. Юнусалиев Б. Кириш сөз. / Манас, -Ф., 1958, 31-32 б.

2. Рахматуллин К. Улуу патриот, Укмуштуу Манас. -Ф., Кыргызмамбас, 1942. 59 б

3. Сарыпбеков Р. Манас энциклопедиясы, 1 том.- Б. 1995, 131 б.

4. Байгазиев С. Манастаануу: Бакай- чыгыштын акылманы, кыргыз калкынын руханий жол башчысы жана улуу патриоту.- Б., 2015. 125 бет.

5. Байгазиев С. Улуу “Манас” эпопеясы – дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы .- Б., 2016, 464 бет, 285-290 беттерде

6. Кляшторный С.Г. Историко-культурное значение Суджинской надписи. //Журнал Проблемы Востоковедегия, 1959, №5, 163 б.

УДК 82-131

А. Шерипбаев, *ЖАМУ*

ЖОО КИЙИМДЕРИ МЕНЕН КУРАЛ-ЖАРАКТАРДЫН “СЕМЕТЕЙ “ ЭПОСУНУН ВАРИАНТТАРЫНДА СҮРӨТТӨЛҮШҮ *(С.Каралаев жана Жусуп Мамайдын варианттарынын мисалында)*

ЗАРИСОВКА ВОЕННОГО ОБМУНДИРОВАНИЯ И БОЕВОГО СНАРЯЖЕНИЯ В ВАРИАНТАХ ЭПОСА “СЕМЕТЕЙ” *(на примерах вариантов С.Каралаева и Жусупа Мамая)*

DESCRIPTION OF CLOTHES AND WEAPONS OF WARRIOR IN VARIANTS OF EPIC “SEMETEI” *(in an example of variants of S. Karalaev and J. Mamai)*

Аннотациясы: *“Семетей” эпосундагы Семетейдин жоо кийимдери менен курал-жарактарынын түрлөрү, алардын жасалышы, аткарган кызматы, согушууга ыңгайлуулугу жана атадан балага мурас катары калышы С. Каралаев менен Ж.Мамайдын варианттарынын мисалында талдоого алынды.*

Түйүндүү сөздөр: *Курал-жарак, жоо кийимдери, согуштук аракеттер, варианттар, сүрөттөө, баяндоо, согуш куралы, ок, дары.*

Аннотация: *Взяты анализу на примере вариантов С.Каралаева и Ж.Мамая военное обмундирование, виды вооружения, их изготовление, выполняющая роль, надежность в бою и остающее как наследство передающееся от отца к сыну в эпосе “Семетей”.*

Ключевые слова: *вооружение, обмундирование, военная попытка, зарисовка, повествование, боеприпасы, патроны.*

Annotation: *The kinds of weapons and clothes of warrior of Semetei, their decoration, duties, adaptation for war and the inheritance from father to son were analyzed in variants of S. Karalaev and J. Mamai in Epic “Semetei”.*

Key words: *weapons, clothes of warrior, war actions, variants, description, narration, war tools, bullet, medicine.*

“Манас” үчилтигинин бардык варианттары-негизинен баштан аяк согуштук аракеттерди баяндаган же сүрөттөгөн эпизоддордон турган көп варианттуу, көлөмү жагынан өтө чоң, дүйнөлүк адабияттын казынасында өз орду бар чыгарма. Үчилтиктеги эпизоддордун дээрлик көпчүлүгү согуштук окуялардан тургандыктан, уруштук окуялардын көптүгүнө ылайык үчилтиктин бардык бөлүмдөрүндө коргонууга жана душмандарды жок кылууга ылайыкталган курал-жабдыктар менен жоо кийимдеринин түрлөрү арбын берилет. Алардын ар биринин өзүнүн аткарган кызматы бар жана алар атадан балага мурас катары калтырылып жүрүп отурат. Ал турсун баатырлардын ар биринин курал, жоо кийим менен камсыз болушунун салты бар. Башкача айтканда, кайсыл бир жоо кийим же курал чебер уз же белгилүү уста тарабынан иштелип чыгыш таржымалы, тарыхы болот. Мисалы, Төкөр уста Бөлөкбай (айрым бир окумуштуулар Бөлөкбайды Дөөт пайгамбардын прототиби катары божомолдошот) Саякбайдын, айрым бир башка варианттарда да Манастын курал-жарактарын жасаган каарман катары кеңири берилет. Төкөр уста Бөлөк-

бай Саякбайдын “Семетейинде” да бир нече жолу эскерилет.

Жогоруда айрым куралдар жана жоо кийимдери аталган үчилтикте атадан балага мурас катары өткөрүлүп бериле тургандыгы тууралуу сөз кылдык. Көп варианттуу үчилтиктин “Семетей” бөлүмүндө Манастын урунган куралдары менен жоо кийимдери Семетейге ар түрдүү жолдор менен өткөрүлүп берилет. “Манас” сыяктуу эле “Семетей” эпосу да көп варианттуу. Мындан келди, курал-жарак, жоо кийимдеринин жасалышы, алардын сапаты, атадан балага өтүү мотивдеринде семетейчилердин ар биринин өзгөчөлүгү бар жана жалпылыктарга да ээ. Биз С.Каралаев менен Жусуп Мамайдын варианттарындагы жоо кийимдери менен курал-жарактардын сүрөттөлүшүндөгү, аталышындагы, алардын мурас катары Манас өлгөндөн кийин Семетейге өткөрүлүп берилишиндеги, алардын сапат-касиеттеринин сүрөттөлүшүндөгү өзгөчөлүктөр менен окшоштуктарга токтолмокчубуз.

С. Каралаевдин да, Ж.Мамайдын да “Семетейлеринде” Манастан мурасталган жоо кийимдеринен Аколпок, курал-жарагынан Аккелте, Сырнайза, Ачалбарс, Наркескен эскерилет жана алардын Семетейге өткөнү баяндалат. Бул салттуу мотив биз салыштырып жаткан эки варианттын жалпылыгы же окшоштугу.

Чындыгында, С. Каралаевдин айтуусундагы үчилтиктин бардык бөлүмдөрүндөгү жоокерчилик окуялар көркөмдүгү жагынан да, курч окуялуулугу (приключениялуулугу) жагынан да башка варианттарга салыштырмалуу жогорку деңгээлде экендигин “Манас” изилдөөчүлөр тарабынан белгиленген. Ал каармандарды толук сүрөттөө максатында минген атына, кийген кийимине, урунган курал-жарагына, көпчүлүк учурда ата-тегине, эл-жерине кеңири токтолот.

Ал эми Жусуп Мамай жай турмуш, каада-салт эпизоддоруна көбүрөөк токтолот да, баатырлар урунган жоо кийим, курал-жарактарды сүрөттөө, баяндоо манерасы такыр бөлөкчө, тагыраак айтканда, буларды баяндоо же сүрөттөөлөр көлөмдүк жактан кыска келип, жоо кийимдер менен курал-жарактардын “Семетей” эпосунда чагылдырылышында кытай кыргыздарынын профессионалдык поэзиясына окшош белгилер барэкендиги байкалат.

Манас, анын мураскорлору кийген кийимдер менен урунган курал- жарактардын Манастын колуна тийиши, алардын сапаттык белгилери Ж.Мамайда да, С.Каралаевде да үчилтиктин алгачкысы болгон “Манаста” кеңири айтылат. Ал эми С.Каралаевдин айтуусундагы “Семетейде” бул буюмдардын сапаттык белгилери кайра-кайра эскертилип турат. Ал курулай эле көлөмдү көбөйтүү эместигин, окуяны курчуткан, ошол окуялардын мазмунуна ылайыкташтырылып берилгенин эскертип кеткенибиз оң.

Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Сайышка кийсе найза өтпөс.
Муну жетим кийсин деп,
Аколпокту камдады.

же:

Шиберге койсо өрт кеткен,
Манастан калган Наркескен.

Алынган ыр түрмөктөрү Каныкейдин Семетейдин “өздөн чыккан жат, өзөктөн күйгөн өрт” болгон душмандарга каршы турушу үчүн көргөн камы жөнүндөгү эпизодунан алынды. С.Каралаев мурас болчу жоо кийим менен куралдын сапатын гиперболизациялоо аркылуу абдан тереңдетти. Башкача айтканда, С.Каралаевдин вариантынан алынган ыр тексттен көрүнүп тургандай, Семетейге Манастан калган курал-жарак менен жоо кийимдери мурас экендиги менен бирге Аколпоктун жарашыктуулугу жана эр сайышка (согушка) кийгенге ылайыкталып, найза өтпөй турган болуп жасалганы кошо айтылат.

Наркескен Манастын баатырдыгын көтөргөн, бийиктеткен өзгөчө касиетке ээ. С.Каралаев бул куралдын өзгөчө касиетин гиперболизациялоодо экспрессивдик информацияны уюштуруучу “шиберге койсо өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен” деген күтүүсүз тилдик туюнтманы пайдаланган.

Ал эми белгилүү манасчы (семетейчи) Жусуп Мамайдын “Семетейинде” мурасталган жоо кийимдери менен курал-жарактардын Семетейге кантип, кимден өткөндүгү алардын сапаттык белгилери айтылбай эле баяндалат. Бакай менен Семетей Жакыптыкына келип, анын карасанатайлыгын көргөн Семетей төмөндөгүдөй аракеттенет:

Ыргып тура калды эми,
Жүгүнө жыйган Аколпок,
Тээп сууруп алды эми,
Куржунду *дагы алгын деп,*
Бакайды айтып калды эми.

Калган курал-жарактар Абыке, Көбөштүн үйүнөн төмөнкүдөй алынат:

Атамдан калган жабдыктар,
Кайда экен келсин, -деп,
Дасторконун жайганда,
Абыке турду алдырап,
Балага кылып кызматты,
Тил байланып жалдырап,
Анда калган Аккелте,
Олпок менен Сур жебе,
Айбалта менен Сырнайза,
Ачалбарс кылыч, булдурсун
Алдына алып келди эми.

Үзүндүдөн көрүнүп тургандай, Жусуп Мамайдын вариантында Манастан калган мурастар (курал-жарак жана жоо кийимдер) тууралуу, алардын сапаттык касиеттери талкууланбастан, аларды мураскор катары кимден, качан, кайдан, кантип, кандай жагдайда алуунун мотивдештирилиши Жусуп Мамайдын “Семетей”, “Сейтек” бөлүмдөрүнүн варианттарын өзгөчөлөп турат. Бул пикирдин тууралыгын Семетей алгач Таласка барып кайткандан кийин курал-жарак жана жоо кийимдерди кандай жагдайда кайтарып алганын Каныкейдин төмөндөгү суроосунан билүүгө болот:

Абыке, Көбөш көрдүңбү?
Күлүп койсо келдиңби?
Атаңдан калган жабдыкты
Эрдик менен алдыңбы?

Жусуп Мамайдын вариантында Каныкейдин "Эрдик менен алдыңбы?" деген суроосу аркылуу Семетейдин эрдигин, акылдуулугун сыноо мотиви семетейчи тарабынан ишке ашырылган.

С.Каралаевде ар бир куралдын же жоо кийиминин кайдан, кимден алынгандыгы "Манаста" кеңири баяндалат. Мисалы, Аккелтени Манаска Бакай энчилеп берет. Аккелтеде магиялык күч бар. Манас өлгөндөн кийин Абыкенин колунда калат да, он эки жылга чейин ал атылбай коёт.

Букардан келгенден кийин Абыкеден Семетей Аккелтени алат. Абыке, Көбөш жана кырк чоро (Ыраманды ырчы уулу менен Эр Шуутудан башкасы) Семетейге каршы турган урушта С.Каралаев Аккелтени 27 сап ыр менен сыпаттайт:

Атасы Манастан калган Аккелте,
Ойноп атса очогор,
Чындап атса койчагыр,
Анын курч темир алмабаш,
Ыраакы жакын ылгабас,
Алтымыш күнгө бузулбас.

Бул саптарда Аккелте кимден калгандыгы, согуш куралы катары күчү, кандай металдан жасалганы, окту жеткирүү кубаттуулугу, сапат гарантиясы баяндалды.

Нарбуурулга салуулуу,
Ак куржундун ичинде.
Алты чейрек ок, дары
Ойронду мыктап салыптыр.
Ошо турган куржундун
Оозун ачып алыптыр

Бул жерде Аккелтеге керектүү башка жабдыктар, аны дүрмөттөөгө кетүүчү ок, дарынын өлчөмү, ошол ок, дары салынып жүрчү Ак куржун, аны көтөрүп жүргөн Нарбуурул тууралуу кабар берилет.

Аккелте колго тийгенде,
Оңго оор бир атып,
Солго оор бир атып,
Сол жактын чаңын буратып,
Тийген сайын Аккелте,
Кашаттын башын уратып.

Бул жерде Аккелтенин уруш учурунда ыңгайлуулугу, кыйратуучу күчү берилди.

Бөлүнүп огу зыркырап,
Октун чуусун көргөндө,
Абыке, Көбөш, алты арам,
Бөлүнүп качып дыркырап.
Бир аткан жок, миң атты,
Миң катар огу жеткени.
Коркутмакчы кылам деп,
Бала султан эр неме
Алыс атып турганы.
Көмүрүлүп аткан ок,
Көбөштүн башын жулганы,
Көк тилкенин үстүнөн
Көбөш агаң кулады.

Акырында Манастан калган куралдын душманды жеңүүдө тийген пайдасы, кыскасын айтканда, Аккелтенин бүткүл сапат-касиеттерин берүү менен Саякбай манасчылык (семетейчилик) өнөрүнүн өзүнчө бийик деңгээлдеги вариантын түзө алган.

Жусуп Мамай да ушул аталган курал-жарактар жана жоо кийимдердин маанисин, каармандардын образын ачуудагы ордун берген, бирок алар тууралуу сүрөттөөлөр, баяндоолор кыска берилген. Ошого карабастан, аталган жабдыктар калтырылган эмес. Мисалы, *Жүгүнө жыйган Аколпок, Тээп суруп алды эми,* ***Куржунду*** *дагы алгын деп, Бакайды айтып калды эми,* - деген саптардагы *Куржун* Аккелте үчүн колдонулуучу ок, дарыларды салып жүрө турган идиш экендигин айтпаса да белгилүү болуп турат.

Жыйынтыктап айтканда, Саякбай менен Жусуп Мамайдын "Семетейлериндеги" жоо-кийимдери менен курал-жарактар сүрөттөлүшү ар биринин чеберчилигине, манасчылык дараметине ылайык болуп, "Семетейдин" варианттарынын калыптануусунда өз орду бар.

Адабияттар

1. Ашымов Манас: Энциклопедия. II том. Саякбай Карала уулу. – Б.: 1995.

2. Жусуп Мамай. Манас.- Үрүмчү. Шинжияң эл басмасы, 2004.

3. Кыдырбаева Р.З. "Манас" эпосунун варианттары. –Ф., 1995.

4. Кыдырбаева Р.З. Манасчынын айтуучулук чеберчилиги. – Ф.: Илим, 1984.

5. Саякбай Каралаев Семетей. I китеп. -Ф.: "Кыргызстан", 1987.

УДК:39:398.5

Н.Э.Сайпидинова, ф.и.к., Н.А.Жумашова ф.и.к.
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

"МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ ДААНЫШМАН КАРЫЯ АКБАЛТАНЫН ОБРАЗЫ

ОБРАЗ АКБАЛТА КАРЫЯ В ЭПОСЕ "МАНАС"

Аннотация: *Макалада "Манас" эпосундагы даанышман Акбалта карыянын акылмандыгы, кыргыз элинин эркин жашоо келечегине көргөн камкордугу жана Манастын баатыр болушу үчүн берген тарбиясы чагылдырылды.*

Түйүндүү сөздөр: *Даанышман, акылман, камкор, эр жүрөк, кайраттуу, көрөгөч, баамчыл.*

Аннотация: *В данной статье отражается роль Акбалта карыя в становлении Манаса как героя, также его заслуга в свободной, счастливой жизни кыргызского народа.*

Ключевые слова: *авангард, мыслитель, заботливый, храбрый, выносливый, ясновидящий.*

Annotation: *Thie article reflects the role of Akbalta old man in the formation of Manas as a hero, also about his merit in the free happy life of the kyrgyz people.*

Key words: *caring, brevity, courage, reserved, shrewd, viseman.*

"Манас" эпосун улуу мурас катары эсептеп келебиз. Себеби эпосто улуу идеяларды өз ичине камтып тургандыгы менен улуу экендигин айтабыз. Белгилүү окумуштуу С.Байгазиев: "Эпостогу улуу идеялардын бири – бул кыргыз элинин эркиндиги, көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү жөнүндөгү улуу патриоттук философия. Акбалта "Манастагы" ушундай эркиндик философиясынын көтөрүп жүргөн каармандардын бири. Анын образынын сулуулугу да, улуулугу да ушунда. Акбалта өз өмүрүнүн да, элдин жашоосунун маңызында бирөөлөрдүн таман алдында тепселбей, күнкор болбой өз алдынча түтүн булатуу боштондугунан көрөт" - деп белгилейт [1].

Ал эми "Манас" энциклопедиясында: "Акбалта - "Манас" эпосундагы каарман. Кыргыздын нойгут уруусунун каны (уруу башчысы), Чубактын атасы. Кытайлар кыргызды чаап, туш-тушка таратканда Жакып кошо айдалып Алтайга барган. Ошондой кыйын күндө элге туура акыл айтып, кайрат берген акылман карыя. Эпосто акылга дыйкан Акбалта деп айтылышы Акбалтанын ким экендигин кабарлап турат. Манастын элдик баатыр болуп өсүшүнө көп күч-кубатын, акылын сарптайт. Манас да анын адамкерчилигин, эмгегин баалай жүрөт. Мисалы ал ушул Акбалтанын нойгут элинин намысы үчүн Шоорук кан менен урушуп жеңип чыгат"[2]. Акбалта өз элинин эркиндиги үчүн жанын аябаган баатыр. Кыргыз эли жеринен ажырап Алтайга кетип атканда алардын келечек жашоосун ойлоп бушайман болот. Элдин кайрадан өз Мекенине келиши үчүн кам көрүүнү максат коет. Акбалтанын образы белгилүү манасчы Саякбай Каралаевдин вариантында бир кыйла терең иштелген. Окумуштуу Р.Сарыпбеков Акбалтанын образы тууралуу мындай ойду айтат: " Акбалтанын образы айрыкча эпостун башталыш эпизоддорунда, кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенге чейинки окуяларга активдүү катышат. Нойгутту Алооке, Молто чаап алганда Каракандын Жакып, Улаккан баш болгон балдарына качып келип, алар менен бирдикте баскынчыларга каршы күрөшүүгө аракеттенет. Кытайдын токсон балбанын жолдон тосуп, элден тартып алып токсон беш төөгө жүктөп Бээжинге алып бараткан баалуу буюмдарды, алтын, күмүштү ажыратып алышат да, элге таратып беришет. Ушундан кийин кытайлар аларды туш-тушка айдап жиберишет. Жакып Акбалта баш болгон кырк үйлүү кыргыз Алтайга сүрүлүп барат, мал мүлкүн кытайга тарттырып, оокатсыз калган эл Акбалтанын акылы менен дыйканчылык кылып жан багышат, акырындап мал-мүлк күтө башташат. Манастын төрөлүшүн аян берген Жакыптын түшүн жоруп, элди жакшылыкка үмүттөндүргөн да Акбалта болот:

Кырк үйлүү кыргыз жакыр журт,
Сары адырмак шыбыргак
Белди табат экенбиз.
О, кудай киндик кесип кир жууган
Жерди табат экенбиз!
Паана берип жараткан
Элди табат экенбиз (СК, 1.45) [2].

Элдин эгемендиги менен кайрадан өз жерине баруусун ойлогондо оюу онго, санаасы санга бөлүнгөн Акбалта бул жышаандан кийин жакшылыкка үмүткөр болуп калат жана Манастын төрөлүүсүн чыдамсыздык менен күтөт.

Манас туулганда Жакыпка уулдуу болгонун Акбалта өзү сүйүнчүлөп барат. Кытайлар кыргыздан Манас аттуу баатыр чыгарын сыйкырдуу китеби-данзасынан билип, аны таап эр жеткирбей жок кылуу үчүн издөө салат. Манасты өз атынан чакыртпай жашырып ал он эки жашка келип баатырдык күч- кайратка киргиче амал менен атын "Чоң жинди" дедиртип аман алып калган да Акбалта болот. Акбалта көптү көргөн көсөм карыя гана эмес, эр жүрөк, кайраттуу адам. Манас Кошойго жолукканы кетип, Эсенкан Манасты кармап келүүгө жиберген көп кол каптап келгенде элди көчүрүп жиберип, карыса да Акбалта Куттубий экөө душмандын жолун тосуп чыгат. (СК,1.126, 127-136) [2].

Акбалта Манастын баатыр болуп калыптанышына өтө чоң роль ойногон каарман. Ал Манас туулгандан баштап эле өз элинин боштондугу үчүн "ажыдаар болсо туткудай" болгон баланы тарбиялоонун милдетин алат.

"Акбалта балага карата өзүнүн тарбиячы катары педагогикалык мамиле-усулун жана позициясын Манастын алдыда турган элдик боштондук күрөшкө даярдоо максатын аныктайт. Акбалтанын педагогикалык позициясы-бул Манасты эркин тарбиялоо философиясы" [1]-деп окумуштуу С.Байгазиев белгилөө менен Манастын сейрек кездешкен алп мүчөсүн, кабылан мүнөзүн, кайраттуу турпатын эске алуу менен Акбалтанын көрөгөч, баамчыл экендигин далилдеп жазат.

Ал эми Манас баштаган "Чоң казат" учурунда Кыргылчалдын ушагына ишенип Манаска таарынып кетип Чубак Таластан Алайга качып барганда Акбалта баласына акыл айтып, аны оң жолго салат. (СК, "Семетей", 1.179). "Акбалтанын образы малга кароо, бакыл, суу жүрөк Жакыпка карама-каршы коюлат да Бакай, Кошой сыяктуу эле эпикалык чыгармалардагы жаш баатырды элдик идеалга тарбиялаган жана ар кандай иштерде анын кеңешчиси болгон акылман карыялардын салттык образы. Жоо төбөдөн басып, үстөмдүк кылып турганда да элдин кул болуп багынып бербестен баатыр уулдарын белге таңуу кылып, акылга дыйкан карыяларын туу тутуп, эркиндигин сактап калуу үчүн тынымсыз күрөшү эпосто Акбалтанын иш аракеттери аркылуу берилген[2].

"Кечээ кылчайганды кырганда, чамгарагын талкалап, кара калмак киргенде, каяшаяк бергендин, куйкасын бөлө тилгенде, мына ошондо өлгөнбүз, бул душмандын кордугун, так эки миң жолу көргөнбүз, артына колуң байланып, бери карай айдалып, чыккан күнү өлгөнбүз, өлгөн эмей эмне, өңүгүрөп өксүп жүргөнбүз-деген Акбалтанын ичинен кан өтүшү да анын чыныгы элим-жерим деген патриоттук сезими экендигин белгилөөгө болот.

Акбалтанын өткүр мүнөзүнүн чечими менен Алооке чаап алгандан кийин тирүү калган кыргыздарды түгөл кырып жиберүү ниетин бузуу үчүн, башка түшкөн бул мүшкүлдөн жапа чеккен калкты сактап калууну ойлойт. Бектур Исаков Ормошбек Чоюнбаев менен биргеликте жазган "Айкөл Манастын калыптанышы" аттуу эмгегинде-"Акбалтанын топтон суурулуп чыгып Алоокеге мындай дейт: "Баатыр кан экенин чын болсо, ээлесең кызык жер мына, кырып ийсең букара кыргыз эл мына! Менин чапчыша турган чамам жок, сиз менен алыша турган айлам жок. Менин кайыр айтар тилим жок, менин кагыша кетээр күнүм жок. Тойгуча алсаң мал мына, агызчу болсоң кан мына! Күтүп алсаң букара аргын, кыргыз эл мына. Бузук деп кырып жиберсең, башчысы Балта мен мына!(СК, "Манас", 1-китеп,1984,34-бет)"-деп элди аман алып калат.

Акбалта Алоокеден чабылган кыргыз элинин эми тукум курут болуп тыптыйпыл кырылышын каалабайт. Ал дароо акыл калчап көрүп, кыргыздардын келечегине карап иш кылууну чечет. Ал эмне? Ал багынып берүү, кыңк этпей баш ийүү. Так ушундай жол менен ушул башка түшкөн жапаадан кутулуп кетүүгө болот. Бул ат үстүнөн гана ойлонуп коючу иш эмес, тике жана так ушул кырдаалда ишке ашыруу зарыл. Чечендик да жүйөөгө келтирүүчү акылдуу сөз да ушул жерде колдонулушу керек эле. "Баатыр кан экениң чын болсо"-деген сөз менен Акбалта "чабылар журт чабылды, эл, жербаары колунда, биз багындык чыныгы кан ийилген башка кылыч шилтебейт" деген сыяктуу жүйөнү айтты. Калган сөзү менен "эрк өзүңдүкү, жумсаң уучуңда, ачсаң алаканыңда турабыз" деген маанини билдирди. Бул кеп түгөл түпкө чейин кырып жиберүү ниети менен турган кол башчыларды жумшартты молто кан дароо: "Куураган бурут кылды деп, бул журтту кантип кырып салалы. Жан сактоого жер керек, алым алып турууга бизге калың кара эл керек."(СК, 35-бет)-дейт Ал эми Алооке кыргызды кебез жип менен муунткан тариздүү амалдуу чечим кылат[3].

Каракандын сегиз уулун бирин айдап иренге, бирин түшүрүп тереңге, бирин айдап Каңгайга бирин айдап Алтайга деп буйрук берип, бирок кыргыз элин кырбастан аман калтырат. Бул Акбалтанын эли үчүн көргөн камкордугунун үзүрү экендигин белгисек болот.

Ошол эле эмгекте: "Акбалтанын дагы бир акылмандыгы, эл баккандыгы тыргоот, манжу, калмактын ээлигиндеги Алтайга баргандан кийин көрүнөт. Алоокенин алдын ала ойлогонундай болот, Алтайга жер ооду болуп келген кырк түтүн кыргыз ар кимге саанчы болуп кирип, жылкы жайып, мал багып, эчкинин тонгон майын жеп күн көрө баштайт. Демек, бул малай жүрүп күн көрөт, кырк түтүн журт да эптеп оокат кылып, күн көрүш үчүн дагы малдуу кишилердин кыштоо жайлоосуна кетип бөлүнөт, анан бири-бири менен көрүшпөйт, сүйлөшпөйт, өз тилиндн сүйлөөнүн зарылдыгы жоголо берет, малдын ээсине көз каранды болгондуктан, өз алдынча салттык кааадаларды уюштырууга чамасы келбейт, аны ойлогон күндө да жоктук колун кесет дегендик. Алтайга келген 12 айдын ичинде эле кыргыздардын башына ушундай кырдаал туш келди. Мындай учурда өзүн сактоо, тилин, дилин салтын жоготпоо сезими иштелип чыгышы керек.

Журт арасынан элдин башына түшкөн мүшкүлдү ойлоп, кабыргасы кайышкан, кантип калк болуп сакталып калабыз дегенде, ак эткенден так этип, жан этин жеп, боор толгоп, ой ойлоп, түйшөлүп акыл тапкан жандар чыгат экен. Ал дагы эле жогорто кеп кылган Акбалта. Дагы эле акылды да, иштин көзүн да ушул Акбалта тапты. Анын ички ой толгоолору, элине жан ачыгандыгы эпосто ар тараптуу, кең-кесири берилген эмес, бирок анын аракети жана ошол кылган иштеринин жемиши толук чагылдырылган. Ошол аракети менен майнаптуу иши Акбалтанын бейнесин түшүнүүгө жан аны элдик көсөм катары баалоого мүмкүндүк берет. Элди дагы байыртадан бери сакталып келаткан нарктуу кеп бар, ал "эл жакшыдан кем болбосун деген

тилек". Ошондой акылы көсөмдүгү менен "калк жакшысы" деп атоого чыныгы татыктуу адам-Акбалта[3].

Акбалтанын образы аркылуу "Манас" эпосундагы идеалдуу каарман экендигин көрүүгө болот. Бирок эмнегедир эле Акбалтанын жогоруда белгилеп кеткен патриот-мекенчил, эл-журттун кызыкчылыгын жогору ойлогон каарман эпостун кийин жагында солгун айтылып калат. Эпосто ал оорукчан же карып болуп калганыны тууралуу сөз жок. Бирок жогорудагы чыныгы баатырдын образы солгун айтылып калганынан анын ордун Бакай ээлеп калгандай туюлат. Ошондой болсо да Акбалта "Манас" эпосунда даанышман карыя катары образын көрсөтө алган. кыргыз эли-жеринин камын, жашоо-турмушун, келечегин, тилин-дилин, салт-санаасынын, ынтымак-биримдигин, эгеменди-гинин сакталып калышын ойлогон жана Манастын баатыр болуп калышы үчүн көргөн камкордугунан анын эң жогорку сапаттагы адамдык касиетинен курулган образы тууралуу азын оолак сөз кылдык.

Адабияттар

1. Байгазиев, С. «Манас» эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы [Текст]/С.Байгазиев.-Б., 2012.-39 б.

2. «Манас» энциклопедиясы, 2-том /Башкы ред. А.Карыпкулов/ Б.,1995.-432 б

3. Исаков, Б.,Чоюнбаев, А. Айкөл Манастын калыптанышы [Текст]/Б.Исаков, О.Чоюнбаев. -Б.,2009.-228 б.

4. Каралаев, С. «Манас»1-китеп [Текст]/С.Каралаев. -Ф.,1984.-258 б.

5. Каралаев, С. «Манас» 2-китеп [Текст]/С.Каралаев. -Ф.,1984.-258 б.

УДК:821.512.154:94(575.2)

Умарова Р.М. *ф.и.к,*
доц.м.а., БГУнун окутуучусу

М.ЭЛЕБАЕВДИН «УЗАК ЖОЛ» РОМАНЫНДА 1916-ЖЫЛДАГЫ ТРАГЕДИЯНЫН СҮРӨТТӨЛҮШҮ

ОПИСАНИЕ ТРАГЕДИИ 1916 ГОДА В РОМАНЕ М.ЭЛЕБАЕВА «УЗАК ЖОЛ»

IN THE NOVEL "UZAK ZHOL" BY M.ELEBAEV WAS DESCRIBED THE TRAGEDY OF 1916

Аннотация: *Бул макалада белгилүү жазуучу М.Элебаевдин "Узак жол" романындагы 1916-жылдагы Уркун темасынын орун алышы, чыгарманын кыргыз адабиятынан алган орду жөнүндө сөз болот. Кыргыз турмушун сүрөттөгөн оор трагедиялуу кырдаал, үркүн башталар алдындагы абал, анын башталышы, Кытай чек арасына чейин кыргыздардын жан далбастап качып барышы, элдин аргасыз абалын чагылдыруудагы жазуучунун сүрөткердик чеберчилиги жана алардын тарыхий чындыкка дал келиши, орустардын кыргыз жерин ээлеп алуудагы мыкаачылык иш-аракеттери, мезгилдин ачуу чындыгын ачык, тайманбай сүрөттөй алгандыгы далилдүү иликтөөлөр аркылуу көрсөтүлгөн.*

Түйүндүү сөздөр: *проза, жанр, тема, идея сүрөткер, образ, эстетика, речь, трагедия, доор, психология.*

Аннотация: *Аннотация к статье Р.Умаровой «В романе М.Элебаева «Узак жол» описывает трагедию 1916 года». В этой статье говорится как знаменитый писатель М.Элебаев своем романе «Узак жол» (Длинный путь) описывает события Уркуна 1916 года. Передает о тяжком кыргызском быту, о состоянии перед началом уркуна, о его начале, побеге кыргызов до Китайских границ, и его умении искусно описать безвыходное положение народа, и поражает подлинность исторических событий, жестокость русских при захвате кыргызских земель, и исследованиями ясно и точно передал реалии времени.*

Ключевые слова: *проза, жанр, тема, идея, писатель, образ, эстетика, речь, трагедия, эпоха, психология.*

Annotation. *This article considers how the famous writer M.Elebayev in his novel "Uzak Jol" describes the event of Urkun in 1916. He talks about the difficult Kyrgyz life, about the situation before the beginning of the Urkun, about its beginning, the escape of the Kyrgyz to the Chinese borders, and his ability to skilfully describe the desperate situation of the people, and amazes the authenticity of historical events, the cruelty of Russians in the seizure of Kyrgyz lands, and studies clearly and firmly conveyed the realities of time.*

Key words: *prose, genre, theme, idea, writer, image, aesthetics, speech, tragedy, epoch, psychology.*

М.Элебаевдин «Узак жол» аттуу чыгармасы кыргыз жазма адабиятынын тарыхындагы алгачкы көлөмдүү прозалык чыгармалардын бири. Чыгарманын жанрдык, тематикалык-идеялык өзгөчөлүгү, сүрөткердин жалпы эле эстетикалык изденүүлөрү тууралуу илимий эмгектерде пикирлер жарык көрүп келе жатат. Бирок чыгарма жарыкка чыгар мезгилде тоскоолдуктар болуп жана жарыкка чыккандан кийин да көркөмдүк-образдык сапаты, эстетикалык деңгээлине ылайык татыктуу деңгээлде өз баасын алган эмес.

Ал эми окумуштуу С.Байгазиев «Узак жолдун жаралышы менен 30-жылдарда кыргыз адабиятына принципалдуу жаңылыктар кирген. Мукай бул алгачкы романы менен кыргыз адабиятын капыстан профессионалдык деңгээлге көтөрүп таштаган. «Узак жол» биринчи болуп кыргыз адабиятына баяндоонун реалисттик нуктагы почеркин, кыскалыкты, локонизмди, речтик мүнөздөмөнүн, социалдык портреттин искусствосун психологиялык штрихтин өнөрүн, адабий мүнөздүн реалисттик чындыгын алып келген», - (1) деп чыгарманын эстетикалык деңгээли, сүрөткердин чыгармачылыктын машакаты аркылуу жетишкен ийгилигин, изденүүлөрүн акыйкат белгилеп көрсөткөн.

Чыгармадагы окуя Мукайдын энесинин өлүмү жана анын бир туугандарынын жетим калгандыгы менен башталат.Алардын үй-бүлөсүндөгү жашоодон ачкачылыктын азабы жашоонун оордугу, бүтүндөй кыргыз жерин каптаган каатчылык көз алдыбызга келет. Жокчулуктан улам алсыраган элди жугуштуу оору каптаса да , эртеңки күндөн үмүтүн үзбөй чыдамкайлык менен тиричилик-жашоо үчүн күрөшкөн кыргыз турмушу сүрөттөлөт.

Мукайдын энеси өлгөндөн кийин бир туугандары баары келте оорусу менен ооруйт. Аларды бир жактан оорунун, бир жагынан ачкачылыктын азабы кыйнап арандан зорго айыгып, куч-кубатка толуп-толо элегинде эле, Мукайды бир айдан кийин таенеси келип, үйүнө Кең-Сууга алып кетет, ал жакта тыным албай үч ай иштеп жүрүп, эмгек акысына бир жаман күрмө берет. Андан соң Кызыл-Кыяга келсе атасы төшөктө жаткан болот, көп өтпөй Мукай атасынан да ажырап бир туугандары менен томолой жетим калат.

Жашоо-турмуштун оордугун, каатчылыктын, жокчулуктун түйшүгүн көтөргөн Бурмаке кемпир топ жетимге энелик камкордугун көрсөтүп, эптеп жан сактап жашоонун аракетин көрөт. Кыскача айтканда, М.Элебаев өз үй-бүлөсүнүн мисалында Октябрь революциясынын алдынкы жылдарындагы ачкачылык менен кош кабат эзүүнүн заманында күнүмдүк жан багуу, теңдик заманга жетүү оңойго турбагандыгын, ал канчалаган эмгек, мандай тер жана талыкпаган күрөш, чыдамкайлуулуктан жараларын баян эткен.

Мукай балалыктын бактысынан ажырап, он бир жашынан тартып күн өткөрүү үчүн байлардын колунда малай катары жалданып иштеп, жарыбаган эмгек акы үчүн мал багып, апийим тилип аргасыздан күн өткөрөт. Таенесинин үйүндө жүргөндө да бир жылуу сөз укпайт. Кайсы байдын колунда иштесе да алардан кемсинткендикти, жийиркеничтүү мамилелерди ичкериден сезип туюп турат. Ал өтө зирек, сезимтал бала катары сүрөттөлөт. , бардыгына баамчылдык менен карайт. Өзүнөн чоңдор Ыбыкеге окшогондордун, приставдын кордугуна кабылган учурда да жардам бергиси келет. Автор бала Мукайдын Бурмакенин, Байболоттун образдары аркылуу да эмгекчил, боорукер, ак ниет карапайым жана орус падышасы менен жергиликтүү эзүүчүлөрдөн запкы тарткан адамдардын типтүү образдарын түзгөн. Өзгөчө Бурмакенин образы менен оор, кыйын турмуштун сыноо күндөрүндө адамдын адам алдындагы парзын, туугандык милдетин сезе билген, турмуштун ачуу таттуусуна, кыйынчылыгына чыдап бышкан каармандын образын түзгөн. Себеби чыгармада Мукай өзү баяндагандай ачарчылыктын азаптуу күндөрүндө бир топ жетимди эмес, бир кишини багуу оңой эмес эле.

Бурмакенин мүнөзүндөгү сабырдуулукту, көтөрүмдүүлүктү автор жетимдердин бардыгы келте оорусу менен ооруп калгандагы көрүнүштөрдөн баштап өмүрүнүн аягына чейинки учурга чейинки иш-аракеттерде чагылдырат. Бурмакенин мүнөзүнө да жазуучу аябай маани берген, анын мүнөзүндөгү кайраттуулукту, чындыкты айта билген жана гумандуу сапаттарды сүйлөө речи аркылуу берген.

Сүрөткер1916-жылдагы Үркүн окуясы жана анын келип чыгыш себептерин, тагыраак айтканда, орус падышачылыгынын кыргыз жерин каратып алышын, баскынчылык, талап-тоноочулук саясатын кыргыз элине көрсөткөн кысымын жаап-жашырбай ачык баяндаган. Бул жагынан алганда, кыргыз-акын жазуучулары үркүн темасын өздөрү көрүп-билген кырдаалга жараша көркөм сөздүн күчү менен түрдүүчө чагылдырып, баяндап жазып келишкен жана алар мындай «кычыктуу» теманы жазгандыгы үчүн каршылыктар да болуп келгендиги талашсыз.

Бул теманы сүрөттөө, турмуш чындыгын, кыргыз турмушундагы тарыхый кырдаалды трагедиялуулукту ачып берүү жагынан М.Элебаев тайманбай сүрөттөгөндүгүн белгилөөгө болот. Анткени чыгарманын жаралган мезгилин эске алсак, айрыкча 30-жылдарда кыргыз акын-жазуучулары үчүн чыгарма жазууда жобо катары ачык айкын көрүнүп турган талаптар күчтүү болгондугу белгилүү.Үркүн трагедиясы тууралуу сөз болгондо орус падышачылыгынын кыргыздарга жасаган аеосуз мамилесин, кыргыздардын Үркүн окуясында кырылышын совет бийлиги доорунда ачык айтуу кооптуу эле.

Окумуштуу Д.Асакеева белгилеп көрсөткөндөй, «Үркүн трегедиясы тууралуу жазганда падышачылыктын козголоңчуларга жасаган каардуу мамилеси, кыргыздардын аеосуз кырылганы тууралуу ачык айтылган эмес, анткени совет бийлигинин саясаты Николай II нин заманын эзүүчүлөрдүн кан ичер заманы, байлар кедейлерди эзген жана башкаларды айткаңы менен Россия бийлигинин кыргыз сыяктуу аз сандуу калктарга жасаган мыкаачылык мамилесин ачыкка чыгарышкан эмес».

Ал эми М.Элебаевдин «Узак жол» романында үркүн темасынын чагылдырылышын карап көрсөк, орустардын кыргыздарга жасаган акылга сыйбаган аеосуз өкүмдөрүн, терс мамилелерин өзү көрүп билип жүргөн көрүнүштөр, окуялар менен чебер сүрөттөгөн деп айтууга негиз бар. Үркүн болор алдындагы кыргыздардын жашоосунун күндөн күнгө оордошун, эл арасында нааразычылыктын күчөшү, кыргыз элин улам жер котортуу эгин-чөп чыкпаган тоо-ташка сүрүлүшүн жана башка ушул сыяктуу көрүнүштөрдү чыгармадан көрө алабыз жана мындай маалыматтар 1916-жылдагы окуялар тууралуу тарыхый эмгектерде да тастыкталган.

М.Элебаев «Узак жол» романында мына мындай тарыхый чындыкты Байболот деген каармандын орус падышачылыгынын өкүлү пристав менен болгон диалогу аркылуу бергендигин байкоого болот. Байболот – бул чыгармада кош эзүүчүлөрдүн буйругуна каршы чыккан карапайым эмгек адамы. Бир күнү Байболотту жасоол айдап алып Ыбыкенин ак үйүнө келип түшөт.

Ушул жерден төрдө муруту чычайган сүрдөнө караган приставдын алдына Ыбыке Байболот менен кирет. Ошондо Байболот приставдын сөзүнө мындайча жооп кайтарат:

«Падышам адил дейсин. Жерибизди оторлоп, бизди сураганына быйыл элүү жылдан ашкан экен. Ошондон бери биз эмнени көрбөдүк. Илгери Кокон каны сурап турган да муну көргөн эмеспиз. Адеп келе – сала жер-суубузду тартып алды. Жердин эң соорусун ырасийден көчүп келген мужуктарга алып берди. Эң аягында тоо-таштын арасындагы бирди- жарым жерибизден өйдө тартып алып кууп чыгып, капчыгайга камады. Көрө турган күн, иче турган суубуздан ажырадык. Кыштообуздан айдап чыгып, ордубузга пасолко түштү. Биз бир теше жерге жетпей жүрсөк, мужуктар түтүнгө кырк, элүү тешеден жер ээлеп жатты. Жерибизди сугарууга суу да тийбеди. Жадаганда ак кардуу мөңгүнүн арасын ыраа көрбөй казыналык деп алып коюп, туяк кат калды». (2. 233-бет.) деген сыяктуу узун саптуу каармандын диалогунан Байболоттун акыйкаттыкты ашкерелеген сөздөрү аркылуу автор тартынбай туруп мезгил чындыгын, орус падышачылыгынын кыргыз жерине жүргүзгөн 50 жылдан берки былык башкаруучулук саясатынын жүзүн ачып берүүгө аракет жасаган. Байболоттун мындай сөздөрү аркылуу Октябрь революциясына чейин орустар келип аралаша баштаган мезгилдеги көптөгөн көйгөйлөр ачыкка чыгат.

М.Элебаев бул романдагы мындай көйгөйлөрү чагылдырууда тарыхий маалыматтарга таянган. Кыргыздардын жашоо-турмушу Кокон хандыгы сурап турган мезгилдегиден да алда канча оорлошуп, орустардын кыргыз жерине келе башташы менен мал жайган жайыттардан ажыраган, отун сууга да жетпей, чыгым төлөө үчүн саап ичкен жалгыз уюна чейин сатып, тоотаашка кайра-кайра сүрүп көчүрүлүп, ата-бабасы мекендеген жеринен айрылган. Кыргыздардын ар кайсы шылтоо менен доого жыгылып түрмөгө түшкөнүн, айласы кеткенде кыргыз эли аркан жиби менен астына салынган кийизине чейин сатып оокат өткөргөн абалга жеткендигин өз көзү менен да көргөн. Ошондуктан жогоруда келтирилген чыгарманын каарманы Байболоттун сөздөрүнө орус падышачылыгы өкүмүн жүргүзгөндөн берки кыргыздардын жашоосу, Кокон хандыгы учурундагыдан да начар абалга келиши сыяктуу бүгүн тарых баракгарында тастыкталып келе жаткан ойлорду камтып кеткендиги - М.Элебаевдин чындыкты сүрөттөөдөгү, тайманбай айтуудагы эрдиги катары баалоого болот.

Чыгармада Байболот приставга батынып мындай сөздөрдү жөн жерден айткан эмес, буга чейин кош кабат эзүүнүн зордук-зомбулуктун запкысын далай жолу тарткан каарман катары сүрөттөлөт. Ал элдин таламын, нааразычылыгын көрүп туруп, психологиялык жактан өтө чыңалып, эл жегичтерге жек көрүү сезими жогорку чекке жеткен мезгили эле. Ошондуктан мындай баяндоолор чыгармада ишенимдүү берилген деп айтууга болот. Ошондой эле мындай ачуу чындыкты айткандыгы үчүн ал жазасын алат, түрмөгө камалат.

Жазуучунун бул чыгармасында 1916-жылдагы кыргыз турмушундагы өтө орчундуу окуялар, кырдаалдар сүрөттөөгө алынган.

Бүгүнкү эгемендүүлүк жылдарында эрдемсип эми ачык айтылып жаткан 1916-жылдагы кандуу окуядан, кыргыз элинин ачкачылыктан, орус падышачылыгынын огунан качуу учурунда азып-тозгон, кыргын тапкан элдин тагдыры жөнүндөгү улуу баянды Мукай Элебаев 30-жылдарда эле көшөрүп чындыкты бетке айткан мүнөзү менен чыркырап батынып көрсөтө алган экен.. Үркүн болор алдында элдин нааразычылыгы күчөп, элди күндөн күнгө коркунуч басып, эгин эгип, кандайдыр бир жумуш баштоого көңүлү чаппай, анын ордуна жооо же жолго аттанчудай түр менен алагды болуп турган элдин көбү ээр токумун камдап, найза, айбалта жасатып күтүлгөн коркунучка карата даярдыгын көргөнү баяндалат.

Чыгармада советтик идеологияга каршы келген сүрөттөөлөр көп.

Ошондой эле автор романда Мукайлар апийим кырып жүргөн мезгилде аларга жакын жерде бир үйдүн үзүгүн сыйрып кийиз жамап олтурган аялдардын өз ара сүйлөшүүсү аркылуу да орустардын кыргыз жерине келип кожоюндук кылып, жерлерди ченеп, тартып алышы жөнүндөгү көрүнүштү минтип камтып кеткен:

- Ушулар келип жер ченегенден бери жарыбадык. Жылдан жылга тегеректин баарын курчап эле келе жатат айтор…- деди.

- Бу жерден бизди дагы бир жакка оолактатат экен деп жүрүшөт го, - деди кийиз жамап жаткандардын бири.

- Апей, койчу, Ушуну менен кыштообуздан үч жолу которду эми…

-Анысын ким билсин. Бая күнү бирөө бу жерге дагы мужуктар келип түшмөк болуптур» дегенден улам айтам… (3. 238-бет).

Мына мындай баяндоолордон улам жазуучунун чыгарма аркылуу айтайын деген ою көрүнүп турат. Орус падышачылыгынын баскынчылык иш-аракеттеринин натыйжасында кыргыз элинин көргөн запкысын, жашоо үчүн күрөш, оор трагедияны башынан өткөргөн тарыхий доордун элесин түзүү, 1916-жылдагы кандуу трагедияны сүрөттөө болгон. Трагедиялуу окуянын өсүп чыгышын жазуучу ушундайча көркөм чечмелеген.

Үркүндүн башталышы мындай сүрөттөлөт: күтүүсүз жерден айкырык, ызы-чууга, ачуу чаңырыкка толуп кишилердин үнү, эл толкуп сүрмө топ менен малдай каптап, ата-баладан, мал ээсинен адашып, ар бир журт белги кылып желегин көтөрүп алган эле. Үйлөр эгиндер, тепселип кээ бири өрттөлүп, эл биринин сөзүн бири укпай жан далбастап качып бараткан мезгили укмуш элестүү сүрөттөлөт. Көчтүн артынан орус аскерлери кубалап келе жатканы мындан бир эки күн мурун:

-Кыргыздын бешиктеги баласынан өйдө дымын чыгарбай кырсын» деген Түркстан губернатору беш жүз солдат жибериптир» (4. 245-бет) деген каңшаары элге угулган эле деп чыгармада ачык жазылат.

Анысы да аз келгенсип көчтүн артынан кубалай жетип келген орус аскерлери тарабынан замбирек атылат, кайда барып конору, баш калкалары белгисиз болуп кан жутуп турган элди ого бетер дүрбөлөңгө салып, койлор маарап, октун коркунучунан дүркүрөгөн эл алдыга карай жабыла качканда алдынан тосуп турган кытай чек арачылары элди тарсылдатып мылтык атып кайра артка жапырып таштайт. Калын көч уюл-

гуй түшүп, жандын таттуулугунан бирде алдыга, бирде артка качып тагдыры бир ууч болуп акыр заманга» айланып тургандыгы баяндалат.

Мукай Элебаев 1916-жылдагы Үркүн окуясы болор мезгилдеги абалды жана анын башталышын, кыргыздардын өз жанын орустардын огунан аман калуу үчүн жандалбастап Кытайдын чек арасына чейинки качып баргандагы көрүнүштөрдү чыгарманын IX бөлүмүнөн XV бөлүмүнө чейин кеңири сүрөттөгөн. Ушул маселеге байланыштуу айта кетчү нерсе, жазуучу мындай окуяны баяндоодо «акыр заман», «кыямат» деген сыпаттоолорду колдонот.

Чыгармадагы ушул көрүнүштү окуган окурмандын көз алдына Ч.Айтматовдун «Кыямат» романынын биринчи бөлүмүндөгү беш жылдыктын планын толтуруу үчүн мөндүрдөй жааган, кулак тундурган коркунучта октон качкан бөкөндөрдүн, жандуу-жансызы, бөкөн, бөлтүрүк, карышкыр дебей адам баласы тарабынан жасалган кандуу алаамат көз алдына келет. ”Узак жолдо” адам пендесинин колунан адам запкы тартса, «Кыямат» романындагы ушундай сүрөттөөлөрдө адам пендесинен табигат запкы тартат эмеспи.

Албетте, жогоруда аталган чыгармалар эки башка доордун проблемасын камтып, аларды идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү, көтөргөн жүгү жакындыгы жок болсо да, адам мүнөзүндөгү жырткычтык, таш боордук сезимдерден адамзат менен айбанаттарга бирдей келген коркунуч менен кыргын учуру чагылдырылат

Жалпылап айтканда, М.Элебаев -1916-жылдагы кыргыз элинин башынан өткөргөн катаал трагедияны, мезгил чындыгын тайманбай сүрөттөгөн, көркөм сөздүн күчү менен жеткире сүрөттөгөн чебер, улуу сүрөткер.

Адабияттар

1. Байгазиев С. Жазуучунун чыгармачылык индвидуалдуулугун мектепте үйрөнүү: Мукай жана Жусуп. -Б., 1993, 27-б.

2. Асакеева Д. Советтик идеология жана XX кылымдагы улуттук көркөм адабий процесс. -Б., 2015, 72-б.

3. Элебаев М. Чыгармалар жыйнагы. 3-Т. -Б., 2015, 245-б.

УДК:801.8

Ч.Д.Толубаева *ф.и.к., доцент.*
Н.А.Жумашева *ф.и.к.*
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

"МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ ПСИХОЛОГИЗМ ПРОБЛЕМАСЫ

ПРОБЛЕМА ПСИХОЛОГИЗМА В ЭПОСЕ "МАНАС

THE PROBLEM OF PSYCHOLOGY IN THE EPIC MANAS

Аннотация: *Макалада "Манас" эпосундагы "Чоң казатта" чалгынга баратканАлманбет менен Чубактын кагылышуусу психологиялык анализдин аспектисинде иликтенди. Каармандардын ички жан дүйнөсүндөгү психологиялык абалды чагылдырууда монолог жана эпикалык диалогдор, ар түрдүү кырдаалдык кептин түрлөрү да психологиялык абалды чагылдырат.*

Түйүндүү сөздөр*: психологизм, монолог, эпикалык диалог, каарман, ички толгонуу.*

Аннотация: *В статье в аспекте психологического анализа изучается схватка между Алманбетом и Чубаком, которые едут в разведку в эпизоде "Чон Казат". Отражается внутреннее психологическое состояние героев, а также монологи и эпические диалоги, разговоры, которые происходят при различных обстоятельствах тоже отражают психологическое состояние героев.*

Ключевые слова*:психологизм, монолог, эпический диалог, герой, внутренние переживания.*

Abstract: *The scene on the conflict between Almanbet and Chubak, who were heading a military reconnaissance is examined the psychological analyze in the article. It depicts the inner emotional state of heroes in monologues, dialogues and discussions which took occurs during various circumstances throughout the episode.*

Keywords*: psychology, monologue, epic dialogue, inner experiences, drama.*

Бүгүнкү көркөм адабиятта психологиялык анализдин жетишкендиги катары каармандардын ар кандай кырдаал учурдагы ал-ахыбалын, ички санаркоолорун, кыял-жоругун, жеке адаттарына чейин чагылдырганы эсептелинет. Бул жазуучунун жеке чыгармачылык чеберчилигине байланыштуу каралат. Ушул сыяктуу эле эпостук чыгармаларды да психологиялык анализдин аспектисинде анализдөөгө болот. Бирок эпостук чыгармалардан психологизмдин айрым бир элементтерин гана жолуктурууга болот. "Манас" эпосу бөтөнчө көркөм түзүлүшкө ээ. Анткени "Манас"эпосунда канчалаган оң жана терс каармандардын, аялдардын, баатырлардын Мекен үчүн жасаган эрдиктери, ички толгонуулары, баатырдыгы, ички кыялдануусу чагылдырылган. Биздин илимий макалабыздын негизги милдети психологиялык анализдин кандай көркөм каражаттары аркылуу, кандай көркөм ыкмада психологизм камтылгандыгын аныктоо маселеси жатат. "Манас" үч илтигинде терең драматизм жана психологизм ширелген сюжеттик эпизоддор арбын учурайт. Мындай психологиялык ал-абалды чагылдырган көркөм ыкмалар тууралуу кезегинде эпосту изилдөөгө жана анын илимий изилденишине, терең салым кошкон окумуштуу М.Ауэзов да аталган эмгегинде төмөндөгүдөй баа берет: "Общераспространенные виды изложения литературного материала-описание, повествование, драматизация, главным образом в виде монологов-представлены во всей поэме, но в пределах каждой из больших тем они представлены неодинаково.Так, например, в "Поминках по Кокетею" преобладают описания и повествование, а в "Великом походе" равное место занимают и речи героев. В походах описательные приемы сменяются повествованием, а моменты наибольшего душевного напряжения, острые столкновения отмечены речами героев; столкновения же героев с врагами передаются исключительно авторским повествованием" [1.160],-дейт. Окумуштуунун эпосту психологиялык анализдин аспектисинде изилдөөгө байланыштуу айткан маанилүү пикирине таянып С.Каралаевдин айткан "Манас" эпосундагы "Чубак менен Алманбеттин урушу" эпизодуна токтололу. Эпостун сюжетинде айтылгандай

Кытай жерин акмалап, чалгынга барып келүү милдети Алманбетке тапшырылат. Алманбет “уйкусу жок., жоого сак Сыргакты кошо ала кетет. Бирок Кыргыл чал Чубак менен Алманбеттин ортосуна чагым салып, аны Алманбетке тукурат. Чубак Алманбеттен Бээжинге барганда чалгынга ала бер деп суранган. Сыргак менен чалгынга кеткен Алманбеттин артынан бузукулуктун курмандыгы болгон Чубак куугунга түшөт.

Ушул бөлүмдө жогоруда окумуштуу М.Ауэзов белгилеп өткөндөй окуяны сүрөттөө жалаң каармандардын өз ара сүйлөшүүсү аркылуу өнүгөт. Дал ушул бөлүмдө манасчы каармандардын ички толгонуусун, санаркоолорун адабий тил менен айтканда терең психологизмди чагылдырат. Чубактын ич күптүсү, өзү менен өзү сүйлөшкөн абалы чебер чагылдырылып, эпосто эмес, кадимки турмуштагыдай жандуу элес калтырат. Ал эч кимди укпайт, курал –жарагын асынып Алманбеттин артынан түшөт:

“Берген болсо Бээжинди
Беш капкасын сураймын,
Бербей койсо чалгынды
Беренсинген Алманбет,
Белеске канын төгөмүн!
Бербей койсо чалгынды,
Кабыргасын сөгөмүн!
Кайрылып колго келбестен,
Качырып Бээжин киремин,
Каңгайга жете сүрөмүн.
Алманбетти баш кылып,
Кытайды кырып келемин!” [4.574]

Алманбеттин чалгынга Чубакты эмес, Сыргакты алып кетиши экөөнүн ортосундагы тирешүүнү пайда кылды. Окуяны аягына чейин териштирбей, сабырдуулук менен ойлонбогон Чубак чукул кыялынын айынан өзүн Алманбеттен кем сезди. Алманбет да, Чубак да Манастын -эң мыкты баатырлары. Көрө албастык менен Чубакты көкүтүп коюшат. Биз белгилеген Чубактын жогорудагы монологунан анын ички ойлонуусу, Алманбетке болгон жини келүүсү, жеке керт башын жогору коюусу, ички өзү менен өзү сүйлөшкөн психологиялык абалы анын образына жаңы боёкторду тартты. Анын ич күптүүлүгү ошол учурда бир гана Алманбеттен өч алуу оюу турганынан ошондой эле Кытайга чалгынга жалгыз барып, баатырдык эрдиктерди жасап, өзүн көрсөтүү эле.

Кырк жигит арасында, алардын да ичинен өзүнө жакын баатырлары минтип көрө албастыктын курмандыгы боло турганын түшүнгөн Манас баатыр Айбан-Бозго минип аларды элдештирүү максатында жөнөйт. Манас алыстан эле Алманбет ашууну ашып кетпес үчүн Ак-Келте менен көккө атып, барабанын ургулап Алманбеттин токтошуна суранат. Алманбет алыска көз чаптырып Манас менен Чубакты көрөт. Аларды көрүп, ал өзүнчө бушайманга түшөт. Алманбет да сар-санаага батат, капаланат,ойлонот.

Каармандын ички дүйнөсүндө болуп жаткан толгонууларды чагылдырууда психологиялык анализдин активдүү көркөм каражатынын бири монологдун аткарган кызматы зор. “Адамдын жан дүйнөсүндөгү ачылбай жаткан терең психикалык преспсерди ачууда ички монолог эң кылдат инструменттин ролун аткарат”, [2] деп окумуштуу К.Асаналиев белгилеп кеткендей монолог каармандын ички жан дүйнөдөгү купуя сырларын, ой толгонууларын чагылдырууда маанилүү орунду ээлейт. Жогорудагы Алманбеттин алыстан Айбан-Боз минип келе жаткан Манасты жана атылган октой учуп келе жаткан Чубакты көрүп сарсанаага, убайымга түшөт. Ал кыргыз эли үчүн кандай гана кызматтарды, баатырдык эрдиктерди кылбасын , “бөтөн адам”, “каапыр”, “кул кытай” сыяктуу сөздөр айтылып келгенине жан дүйнөсү аңтарылып, жүрөгү толгонот. Ал анын баатырдыгын баалабай жатканына капаланган жок. Алманбетке ишеним жок экенине, ар дайым “кытай, кул” деген сөздөр коштоп жүргөнү үчүн бушайманга түшөт. Кыргыз эли үчүн ак кызматын өтөп келсе да анын абройуна шек туулат. Мына ошого кейип жатат. Бул эпизоддо каармандардын монологу эле эмес, драмалык чыгармадагыдай диалогдор, ар кандай кырдаал учурундагы кептин түрлөрү да жолугат. Ушул эле эпизоддо, кайрылуу, урушуу, акыл айтуу кептери бар. Мындай кептин түрлөрү тууралуу М.Ауэзов: “Речи характеризуют положительных героев в моменты осложнения их взаимоотношений, личных переживаний или мотивируют известные поступки, действия. В поэме можно найти самые различные виды речей: совещательные речи-на сборе в совете(речи Манаса и Алманбета перед походом на Бейджин); воинственные увещевания(речь Манаса на аше); речи угрозы(послания Манаса семи ханам); задушевные речи, выражающие раскаяние, огорчение(знаменитая речь(знаменитая речь Алманбета в “Чон казате”, которая в конце превращается в личное воспоминание, автобиографию); речи-завещания (керез Кокетея) дружеские наставления, укоры (речи Бакая, Кошоя, часто обращенные к Манасу) [1.161] кептин түрлөрүн белгилеп кеткен. Андыктан окумуштуу мурун эле белгилеп кеткен кептин ар кандай түрлөрү каармандардын психологиялык абалын чагылдырууда алардын образдарына көркөм түс, жан киргизип келет. Жогорудагы эле Чубак менен Алманбеттин бири бирине сөз менен психологиялык сокку уруп, сөз менен жерден алып ташка, тоого урган урушуна токтололу:

“Бээжиң сенин белиңби?
Бегирээк мактап олтурган
Калча сенин шериңби?
Кызыталак, кытай кул,
Бузайынбы чебинди,
Жарайынбы, кытай кул,
Ичиңдеги черинди?
Атаңдын көрү, кытай кул,
Бээжинде кытай элинен
Бөлүнүп окту жеп жүргөн,
Колу менен жарааткан
Колосун кудай,- деп жүргөн
Сарала аты, күлүк ит,
Дени кара бүрүк ит,
Талак кылып кытайды
Ушундай бузугунан келген ит!”[4.580]

“Байкасаң боло боло, сен Чубак,
Бакылдаган кызыталак!
Кечке койсом жайыңа,

Кекетип кытай дей бердиң,
Билгениңди жей бердиң.
Качан болсо, ит Чубак,
Менин кытай атым калабы?!
Каалап келдим диниңди,
Калыйпа султан бириңди?!
Аңылдаган Чубак кул,
Кан кыл,-деп айттым кимиңди?!
Каныңэкөөн бирикчи,
каңылдаган, ит Чубак,
Кагайынбы бу жерде,
Капкайда кеткен жиниңди?!
Кайтадан капыр мен болуп,
Чын эле бузайынбы динимди?!"[4.582]

Мындай кайым-айтышуу, тирешүү диалогунда бири бирине психологиялык сокку урган каармандардын ички жан дүйнөлөрүндөгү толгонууну, сарысанааны чагылдырган терең психологизм камтылган. Чубак Алманбеттин өз Мекенин таштап качкын болуп жүргөнүн, жерди эле эмес, улам бир элди которуп, атак-даңк издөө максаты менен жүргөнүн, анын капыр экенин баса белгилейт. Ушул сыяктуу Алманбет да Чубактын бузуку, жеке керт башын ойлогон, көөдөнү жок, ар дайым уруш чыгарып жүрө турганын айтып бири бирине заар чачып, бирин бири өлтүрүүдөн кайра тартышпайт. Эки баатырдын мындай психологиялык тирешүүсүнө күбө болгон Манас капаланат. Экөөнүн урушу жалпы кыргыз элинин арасына, аскер кошуун арасына жараңка туудураарын, ал эми кытай эли үчүн Манастын жакын жигиттеринин ичинен чыккан жаңжал алар үчүн ийгилик жаратаарына түшүнүп бушайманга түшөт. Манас эки баатыр бирин бири өлтүрөөрдө ортого түшүп бир колу менен Чубакты кармап, сол колу менен Алманбетти кармап , экөөнү эсине келтирүү максатында кайрылат:

"Астыга салсам ак жолум,
Атышка кирсе сан колум,
Алманбет, Чубак эгизим,
Ааламды бузган теңизим,
Албарс болот айбалтам,
Эки шер, айчылык жүрсө чоң аркам!
Кылычты сууруп кыйкырып,
Катар турба жаная,
Кайран жанды күйдүрүп,
Эгиз, түгөй эки шер
Кыла бербе тамаша!" [4.582]

"Чубак менен Алманбеттин урушу" бөлүмүндө каармандардын жаңжал чыккан кырдаал учурундагы эпикалык диалогдору алардын ошол окуядагы ички толгонуулары, кыял-жоруктары драмалык чыгармадагы психологизмден бешбетер терең психологизм менен берилген. Жогоруда белгилегенибиздей мындай каармандардын толгонууларын, ички кайгы капаларын чагылдырган эпикалык диалогдор арбын кездешери тууралуу айтканбыз. Ушул сыяктуу "Көкөтөйдүн ашында" бөлүмүндө Кошой менен Жолойдун күрөшү учурундагы эки баатырдын да тирешүү учурундагы эпикалык диалогдор тууралуу окумуштуу С.Байгазиев: "Адабий жагын айтсак, бул сөз кагылышы кандайдыр бир эпикалык диалогду эмес, чыныгы драмалык диалогду элестетип турат. Эки дөөнүн сөз менен айтышуусу өзүнүн курчтугу жана чегине жете чыңалгандыгы жагынан кадимки классикалык драмадагы нагыз драмалык диалогдун жана драмалык конфликттин өзү десек жаңылбас элек. Ушул жерден белгилеп өтө турган нерсе, дегеле "Көкөтөйдүн ашындагы" "Кошой менен Жолойдун күрөшү" темасы өзүнүн демейкиден тыш психологизми менен өзгөчөлөнүп турат. Балбандардын психологиясын, айрыкча, Кошойдун ички драмалык толгонууларын жана санаркоолорун берүү жагынан манасчынын чеберчилиги өзүнүн бийик нокотуна чейин өсүп барган дегибиз келет. "Манастын" ушул жерине келгенде, кандайдыр бир эпикалык баянды эмес, өзүндү кадимки социалдык романды, социалдык драманы окуп жаткандай сезип кетесиң"[3.324] деп айткан олуттуу, маанилүү пикири дал ушул жерге туура келет. Демек "Манас" эпосунда психологиялык анализдин монолог, эпикалык диалогдору каармандардын жан дүйнөсүнөн алардын жеке жашоолорунан, ички толгонууларын берүүдө кызмат кылуу менен эле чыгармага көркөм түс, кыймыл берет.

Адабияттар

1.Ауэзов М. О времени возникновения эпоса "Манас".-В кн: Энциклопедический феномен эпоса "Манас",1995.

2.Асаналиев К. Кыргыз роман мейкиндигинде. //Кыргызстан маданияты,1969,12-ноябрь.

3.Байгазиев С.Улуу "Манас" эпопеясы-дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы. -Б., 2016.

4.Манас.Баатырдык эпос.Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. -Б., 2010.

УДК:821.512.154

Дарманова З. БГУ,
ИНДОнун улук окутуучусу

ЗАМАНАЧЫ АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА “АКЫР ЗАМАН” ТЕМАСЫНЫН ОРУН АЛЫШЫ

МЕСТО ТЕМЫ «АКЫР ЗАМАН» В ТВОРЧЕСТВЕ АКЫНОВ-ЗАМАНИСТОВ

THE THEME OF “AKYR ZAMAN” IN THE WORKS OF THE ZAMANISTS

Аннотация: *Бул макалада кыргыз акындар чыгармачылыгында “замана” деп аталган адабий агымдын көрүнүктүү өкүлдөрү Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу , Молдо Нияздын чыгармачылыгы жана аларды совет бийлиги доорунда изилдөөгө, жайылтууга бөгөт болгон жагдайлар тууралуу маалыматтар берилген. Ошондой эле аталган маселеге карата айтылган окумуштуулардын көз караштары каптылган.*

Заманачы акындардын чыгармачылыгындагы заман жана акыр заман тууралуу жаралган чыгармалардын генезиси, алардын мазмундук жана тематикалык жактан үндөштүгү орто кылымдагы диний-мистикалык көз караштагы акындардын чыгармачылыгы менен байланышта каралган. Молдо Кылычтын, Алдаш Молдонун чыгармаларынан Кожо Ахмет Ясави жана анын хикметтери тууралуу берилген ыр саптары ага далил катары аталат.

Түйүндүү сөздөр*: замана акыр заман, тема, тематика, поэзия, мазмун, диний, мистикалык генезис, хикмет.*

Аннотация: *В этой статье говорится о литературном течении «замана» и о творчестве кыргызских поэтов Калыгул Бай уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Нияза. При власти советов исследовать и распространять их творчество было под запретом. А также приложен взгляд видных ученых к этой проблеме. Творчество акынов-заманистов и произведения о судном дне их генезис, содержание и тематическая созвучие рассматривается наравне произведениями религиозно-мистическими взглядами поэтов Средних веков. К тому же в произведениях Кылыча, Алдаша Молдо можно лицезреть строки Кожо Ахмет Ясави и его хитметы.*

Ключевые слова: *замана, судный день, тематика, поэзия, содержание, религиозно-мистический, генезис, хикмет.*

Annotation: *This articl deals with literary direction of zaman and the work of Kyrgyz poets like: Kalygul Bay uulu, Arstanbek Buylash uulu, Moldo Kylych Shamyrkan uulu, Moldo Niyaz. In Soviet time to investigate and disseminate their creativity was banned. And also the views of prominent scientists are attached to this problem. Creativity zaman-poets and their works about the judgment day, their genesis, content and thematic consonance is treated equally by works of religious and mystical views of poets of the Middle Ages. For example, the works of Moldo Kylych, Aldash Moldo can contemplate the lines of Kozho Ahmet Yasavi and his hikmets.*

Key words: *epoch, judgment day, subjects, poetry, content, religious and mystical, genesis, hikmet.*

Кыргыз акындар чыгармачылыгында “Замана” деп аталган адабий агымдын көрүнүктүү өкүлдөрү Калыгул Бай уулу , Арстанбек Буйлаш уулу , Молдо Кылыч Шамыркан уулу , Молдо Нияз ж.б. болушкан. Бул акындарды адабиятчылыр“заманачы акындар” деп,алардын чыгармаларын “замана поэзиясы”, адабий агым жана багыт катары каралып келе жатат. “Заманачы” акындардын чыгармачылыгын 20-30-жылдары чогултуу, жыйноо жагы активдешип, көбүрөөк көңүл бурулганы менен 40 -жылдардын экинчи жарымында токтоп калгандыгын белгилөөгө болот. Көркөм чыгармачылыкка болгон саясатташкан көз караш аларды жыйноого, окуп- үйрөнүүгө жол беребестен, атайын тыюу салынып, кысым көрсөтүлгөн. Окумуштуу Л.Үкүбаева бул жөнүндө мындай деп жазат: “Анткени тоталитардык режим мезгилинде көпчүлүк акындардын чыгармачылыгын жыйноого, окуп үйрөнүүгө, басмадан басып чыгарууга тыюу салынган, алар антисоветтик, реакциячыл адабият деп эсептелген. Алардын чыгармачылыгын окуу мындай турсун, аттарын атоо коркунучтуу болгон. Ал эми алардын чыгармачылыгын иликтөөгө алган окумуштуулар куугунтукталып, эл-душмандары катары репрессияга дуушар болушкан. Советтик идеологияга жат элементтер катары каралган.”

Айрыкча аталган маселеге байланыштуу заманачы акындардын чыгармачылыгын алгачкылардан болуп изилдеген Т.Саманчинден сырткары Ж.Шүкүров да кызматынан куулуп, өмүрүнүн аягына чейин куугунтукта жүргөндүгү да айтылып келет.Ал гана эмес 1987-жылдары жарыкка чыккан кыргыз совет адабиятынын тарыхынын I томдугунда К.Асаналиев замана поэзиясынын өкүлдөрүн чыгармачылыгы жөнүндө мындай деп жазганы бар. “Өз мезгилинин окуяларын чагылдырууда, тарыхый –социалдык маселелердин маңызын түшүндүрүүдө бул акындар реакциячыл көз караштардын жана тар жергиликтүү чектелүүчүлүктүн рамкасынан чыга алышкан эмес “Замана” адабиятында айрыкча Молдо Кылычтын чыгармасына баа берүүдө көркөм мурас жөнүндөгү марсистик- ленин-дик окууну негизге алуу зарыл” [Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1987.I том. 23-бет].

Адабиятчынын пикири XX кылымдын аягы Кыргызстандын эгемендүүлүк алган мезгилине жакынкы учурда жазылса дагы, анда “бул акындар реакциячыл көз караштардын жана тар жергиликтүү чектелүүчүлүктүн рамкасынан” чыга алышкан эмес деп көрсөтүлүп жатат. Жогорудан көрүнүп тургандай эле 40-жылдардагы чуулгандуу иш-аракеттердин таасиринен улам эгемендүүлүк алганча чейин эле, заманачы акындардын поэзиясы кеңири иликтөөгө алынбай”, талаш-тартыштарды жаратып, өз баасын ала албай адабиятчылар чыгарма жөнүндөгү акыйкат пикирин айтуудан жалтанып турганы байкалат.Ушундан улам 90-жылдардан кийин эгемендүүлүккө ээ болгон кыргыз элинин адабий-маданий багытында зор өзгөрүүлөр болуп, бир кезде реакциячыл, акын катары каралып, иликтөөдөн, окуп-үйрөнүүдөн четтетилип келген акындарга баа берүү киритерийи жаңыланып, бир топ макалалар, илимий эмгектер жаралып келе жатат. Ошого карабастан заманчы акындардын поэзиясы, анын ичинен Молдо Кылычтын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү толук ачылбай келе жатат.Мунун себебин окумуштуу К.Байжигитов мындай деп жазат: “Молдо” эпитетин алып жүргөн сабаттуу акындардын чыгармачылык туундулары компартиянын руханий талаптары менен жалпы эстетикалык жана тарбиялык мүрдөөлөрүнө, таптык кызыкчылыктарына дал келбеген.

Ошондой эле заманачы акындардын чыгармачылыгы ар кандай терминдер менен аталып жүрөт. Б.а, бүгүнкү күнгө чейин адабият таануу илимин-де бирдиктүү пикир жок”. Мына ушундай маселелер тууралуу окумуштуулардын пикирлерине токтолсок, адабиятчы Ш.Үмөталиев мындайча жазат: “XIX кылымдагы кыргыз поэзиясындагы туруктуу темалардын бири- “замана поэзиясы” деп аталат. “Айрым бир окумуштуулар, жазылмалар аны “адабий агым” десе, басымдуу көпчүлүгү адабий тема “форма” катары карашат. Биздин оюбузча, маселеге ушул көз караш менен караган дурус.

Ушул заманачы акындардын чыгармачылыгын иликтөөгө тыюу салынышы жөнүндө окумуштуу Д.Асакеева да мындай деп жазат: “Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч ж.б. “заманачы” акындарда диний тема менен бирге орус композиторлорунун кысымына каршылык көрсөтүү замандын оор абалына жана келгиндер орноткон жаңы бийликтин терс жактарын жактырбоодон улам келип чыккан. Акындар орустардын бийлиги кыргыздар үчүн кыйын, оор экендигин, бардык иштердин максаты жаңы орус-казак кыштактарын куруу жана жергиликтүү элди өз жерлеринен башка жакка айдоо, кыргыздарды кара иштерге чегерүү болгондугун, ошондой эле башкаруу формасынын ар түрдүүлүгү, башкаруучулардын көбөйүшү, жергиликтүү элден болуш шайланса, келгиндерден старшина, чиновниктер ж.б. толуп жаткан башкаруучулар башкарышкандыгын ырлары аркылуу билдиришкен. “Заманизмдин” түпкү теги ушундай болсо да совет коомунда такыр кабыл алынган эмес. Эскини четке каккан айрым адабиятчылар, эскичил идеяга толгон чыгармачылык катары карашып, өкүлдөрүн күнөөлөшкөн” [Асакеева Д. Советтик идеология жана XX кылымдагы улуттун адабий-көркөм процесс. 2015, 23-б].

Ушундай маселелерден улам “заманачы” акындардын чыгармачылыгынын иликтенүү тарыхын гана эмес, алардын чыгармаларынын маани-мазмунунун, тематикалык-идеялык өзгөчөлүгүн кайрадан карап чыгуу зарылчылыгы турат. Алсак, Калыгул Бай уулу (1785-1855) өзүнүн “Акыр заман”, “Масел сөздөрүндө учурдан кийинки кыргыз коомунун тагдыры тууралсында ой жүгүртүп, санаага батып ырдаган.

Акындын көрүнүктүү чыгармаларынын бири- “Акыр заман”. Калыгул өзүнүн “Акыр заманында” орус эли менен болгон карым-катнаштан кийинки кыргыздын жүрүм-турумундагы болуучу өзгөрүүлөрдү сүрөттөгөн.

Замана жөнүндө ой калчап, анын тагдыры, келечеги тууралуу түйшөлүү акындар поэзиясында Калыгулдан башталган. Калыгул ой жүгүртүүсү кенен нускоочу акын болгон. Ошондон ал коом, заман, адам жөнүндө кадыресе турмуш -тиричиликтердин гана алкагында ойлонбостон, масштабдуу ойлонгон. Акындын көп нерселер тууралуу алдын ала айткандары туура чыккан жана далилденген. Калыгул кыргыз коомчулугунда үстөмдүк жүргүзгөн патриархалдык нарк-нуска, адат-салттын ыдыроо алдында тургандыгын көрүп

келечекте анын социалдык маңызында, мамилелеринде, адамдардын жүрүм-турумунда, кулк-мүнөздөрүндө өзгөрүүлөрдүн болушун туура баамдаган. Ушул жерден белгилей кетчү маселе турат. Кыргыз элинин Россия империясына кошулушу тууралуу Калыгул акын андан көп мезгил мурда эле өзүнүн чыгармачылыгында айткан. Ал эми экинчи бир заманчы акын Арстанбек Буйлаш уулу чыгармачылыгы гүлдөп турган мезгилде жогорудагы бурулуш мезгилге туш болот. Ал орус колонизоторлорунун жасаган иштерин өз көзү менен көргөн жана өз башынан да өткөргөн. ошондуктан анын бул доордогу окуяга позициясы түшүнүктүү болуп турат. Ал эми орус колонизациясын башынан өткөрбөгөн Калыгулдун "Акыр заманында" орус темасысынын пайда болушу жана анын түпкү окумуштуулар ар кандай божомолдошот Аны эл оозунда айтылып жүргөн окуячыл касиети менен байланыштырган окумуштуулар да бар. Окумуштуу С.Байгазиев аталган маселеге карата жооп иретинде мындайча жазган: "Ала тоону аралап өткөн Улуу Жибек жолу менен жүрүп, узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына барган кербендер, саякатчылар, соодагерлер аркылуу кыргыздын узун кулак адамдары дүйнөнүн, ыраак-жакын аралыктарында өтүп жаткан окуялардан, коомдук саясий, социалдык-экономикалык процесстерден үстүрт болсо да кабардар болуп турган. [Байгазиев С. Олуя Калыгулдун жети осуяты же Канткенде адам уулу адам болот? Б., 2014. 32-б.].

Элибизде атам замандардан бери калыптанып калган традициялуу жүрүм-турум нормаларында улуу менен кичүүнүн, ата менен баланын, бир туугандардын, кайнене келин ж.б. мамилелеринде өзгөрүүнү мындайча баяндап жазган:

Карыядан каада кетер
Катындан уят кетер.
Келинден келбет кетер,
Уулдан умат кетер.
Атанын тилин уул албас
Аганын тилин ини албас.
Сааганың сары бээ болор
Ичкениң сары суу болор,
[Кыргыз эл ырчылары 36-37-б.]

Кыргыз элинде аял-үйдүн куту, очоктун куту деген сөз бар. Кыз бала, аялзаты дайыма сулуулуктун символу, тазалыктын, адеп-ыйманынын символу, алардын алып жүрүүчүсү болуп саналышы керек жана ошондой болуп келген. Тилекке каршы, Калыгул жазгандай, кемпирден каада кетти, келинден келбет кетти, кыздарыбыздан кылык кетти, карыядан каада кетти. Акын адамдын жашоосундагы бактылуулукту, коомдогу туруктуулукту, байлыкты дүнүйө оокат, байлык аркылуу эмес, аруу адеп-ахлак сактайт деп эсептеген.

Акындын ырлары эл арасында кеңири тараганы менен толугу менен бизге жеткен жок. Акын "Акыр заман", "Калыгулдун сөзү", "Ысык-Көл тууралуу айткаңы", "Санат, насият терме ырлары" эл оозуна кийинчерээк жыйналып алынган. Калыгулдун ырларында акыр заман идеясы көбүрөөк орун ээлесе да, санат, насият, терме ырларында адамдын жүрүм-турумун сындаган, жаштарды адептүүлүккө чакырган саптары да арбын.Калыгулдун ырларынын көбүнүн коомдук-саясий темага арналгандыгынын себебин Орто Азияга орустардын келе баштаганы менен байланышта караганыбыз оң. Анткени Калыгулдун ырларында орус менен кошо келген жаңылыктарга карата болгон мамилени да арбын жолуктурабыз. Баарыбызга белгилүү болгондой эле, XIX кылымдын орто ченинде орустардын келиши менен турмушта прогрессивдүү жактар көбөйө баштаган. Анын терс таасири, башкача айтканда, жаман жактары жөнүндө пейилдин бузулушун, мусулманчылыктын бекем кармалбай, тууганчылыктагы сый-сыпат бузулуп, замандын жагымсыз, бейжай жактары көбөйөрүн көрүп билген. Тарыхый маалыматтарга караганда падышачылыктын колониалдык саясаты казак жергесине келип, акырындан тарала баштаган. Акылман Калыгул бабабыздын мындай маалыматтарды угуп, сезип анын кыргыз жергесине да келерин алдын ала билгендиги күмөн туудурбайт. Коомдук-саясий тема Калыгулдун бардык ырларында орун алса да, "Акыр заман" казалында айрыкча көңүл бурган. Жогоруда айтылгандай Калыгулдун тушунда кыргыз турмушунда чукул өзгөрүүлөр жүз берип, ар кандай прогрессивдүү өзгөрүүлөр болуп баштаган. Аларда өзгөрүүлөрдүн болоруна акындын терс мамилеси катары эмес, кыргыздын уруучулук каада-салтын, жүрүм-турум нормаларын толугу менен жактаганы ушул казалда даана берилген:

Акыр заман адамы
Бакыл болот деп айткан.
Мал азайып арыктап
Жакыр болот деп айткан.
Эгини өнүп чөп чыкпай
Такыр болот деп айткан.
Илгери өткөн адамдан
Башка болот деп айткан.
Адеби жок сүйлөгөн
Кашка болот деп айткан.
Конуму такыр чөбү жок
Ташка конот деп айткан.
Акыр заман адамы
Аалым болот деп айткан.
Аганын тилин ини укпай
Залым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай
Жайыл болот деп айткан.
Каапыр менен аралаш
Ошондо айыл конот деп айткан.

Акындын чыгармачылыгындагы "Акыр заман" жөнүндөгү ой-түшүнүктөрдүн берилиши жана келип чыгышы, генезиси орто кылымдын акындары Кулкожоакмат Ахмет Ясави,Сулайман Бакырганынин чыгармачылыгынан бери келе жаткандыгын белгилөөгө болот. Кулкожоакмат Ахмет Ясавинин чыгармачылыгы диний –мистикалык көз караштарга терең сугарылган,анын ырларында айтылган идеялар ислам динининин негизги эрежелери тууралуу айтылган нормалар менен үндөшкөн ,аларды ырга салып элге жеткирүүгө аракеттенген. Заманачы акындардын чыгармачылыгындагы заман,акыр заман жөнүндөгү маселе тууралуу окумуштуу А.Эркебаев да мындайча жазат: "Акыр заман" идеясы алардын поэзиясындагы жаңылык эмес экенин эске алуу кажет: бул эсхаталогиялык

концепция “Библия” менен Курандан тартып орто кылымдардагы өзбек акыны Сулайман Бакырганынын “Акыр заман китеби” аттуу дастанынан (XII кылым), андан кийинки эле казак акындары Бухар-жырау, Нисанбай, Доскожо ж.б. (XVII-XVIII кылымдар) санатнасыяттарынан белгилүү. [Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. Ф., Адабият. 1990.14-б.].

Калыгулдун эл эсинде көбүнчө ал адамдын өмүрүнүн акыркы учурлары “Калаке”, “Калыгул бий”, “Калыгул акылман”, “Калыгул олуя” деген аталыштар менен аталгандыгы жана ырчылардай эл кыдырып, комузун күүлөп үн кошуп ырдабагандыгы белгилүү. Аны Т.Саманчин “Калыгул өзү чоң атанын тукуму болуп, ошону менен бирге эл арасында болгон, анын чоң кадыры ырдоого жол берген эмес. Ал заманда Калыгулдай кадыры улуу кишини канчалык ырчылыгы ашып-төгүлүп турбасын эл кыдырып, эл алдында ырдашы ар-намыс катарында болгон. [Акылман Калыгул. 212-б.].

Ушул маселени биз Калыгул олуяны такыба, диний эрежелерди бекем туткандыгы менен да байланышта кароону кошумчалар элек. Анткени диний эрежелерде көңүл ачуучу ырларды ырдоого, аткарууга тыюу салынат.

Жалпылап айтканда, заманачы акындардын чыгармачылыгындагы заман жана акыр заман тууралуу жаралган чыгармалардын генезисин орто кылымдагы жогоруда аталган акындардын чыгармачылыгы менен байланышта кароого болот. Молдо Кылычтын, Алдаш Молдонун чыгармаларынан Кожо Ахмет Ясави жана анын хикметтери тууралуу берилген ыр саптары кезигет.

Адабияттар

1. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. -Фр., 1987. I том. 23-бет.

2. Асакеева Д. Советтик идеология жана XX кылымдагы улуттун адабий-көркөм процесс. -Б., 2015, 23-б.

3. Байгазиев С. Олуя Калыгулдун жети осуяты же Канткенде адам уулу адам болот? -Б., 2014. 32-б.

4. Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. -Ф., Адабият. 1990.14-б.

УДК 82.131(575.2.)

***Алтыкеева Н.Ж., Ниясалиева Б.А.**, ТалМУнун окутуучулары*

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

ОТОБРАЖЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ В НАРОДНЫХ ДАСТАНАХ

DISPLAY OF THE KYRGYZ STATEHOOD IN PEOPLE'S EPIC

Аннотация: *Бул макалада элдик дастандардагы баатыр-каармандардын эл-жеринин бакыбат турмушу үчүн жасаган эрдиктери, иш-аракеттери тууралуу сөз болот. Сырткы душмандардын баскынчылык саясатын четке кагып, мамлекеттин түптөлүшүндө биримдик, ынтымак өтө маанилүү болорун тастыктаган каармандардын образдары талдоого алынат.*

Түйүндүү сөздөр*: эпос, композициялык курулуш, фабула, мамлекеттүүлүк, идея, сюжет, гумандуулук.*

Аннотация*: В данной статье речь идёт о богатырях-героев, совершённых подвиги ради благополучной жизни народа. Для образования единого государства отвергали внешнюю политику врагов и важнее всего считали для процветания государства дружбу и единство.*

Ключевые слова*: эпос, композиционное построение, фабула, государственность, идея, сюжет, гуманизм.*

Annotation: *In this article we are talking about heroes of accomplished feats for the sake of a prosperous life of the people. For the formation of a single state, they rejected the foreign policy of enemies and considered friendship and unity to be the most important for the prosperity of the state.*

Key words*: epic, composition structure, plot, statehood, idea, plot, humanism.*

Кыргыз эли оозеки чыгармачылыкка бай. Макаллакаптан тартып көлөмдүү эпикалык чыгармаларда элдин басып өткөн тарыхый татаал жолунда өз элин жана жерин коргоп калууда эл арасынан чыккан баатырлар тууралуу көптөгөн легенда, уламыштар, көлөмдүү поэма, дастандар "Эл адабияты" сериясынан жарык көргөнү күбө болуп отурат. Байыркы замандан бери ооздон оозго өтүп, укумдан-тукумга уланып келген мурастарда кыргыздар башка элдер сыяктуу эл катары жашоосун үзгүлтүккө учуратпай азыркы күнгө чейин жеткени-бул өз алдынча мамлекеттүүлүктүн башталыш булагы катары экендигин атоого татыктуу.

Эне-Сайда жашаган кыргыз эли алгачкы мамлекетин 5–6-кылымдарда түптөп, Алтайдагы Айдың-Көлдүн жээгинде биринчи ханын ак кийизге салып көтөрүшкөнү бизге тарых булактарынан маалым. Ошол доордогу кыргыздын мыкты эл башчылары катары Ыстам хан, Акылбек, Эр Сатылган, Эр Мундуз, Кыпчак, Эр Кылыч, Калач болгон деп айтылат. Ал эми 7-кылымдарда кыргыздардын башында Барсбек каган турган. Кыргыздар эл башчысын каган, ажо, элтебер, тегин деп аташканы белгилүү. Барсбек мамлекеттүүлүктү сактап калуу жана элдин бир бүтүндүгүн коргоо үчүн кытай, түрк хандыктары менен мамиле түзүп, алар менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоо үчүн бүт аракетин жумшаган. Барсбек каган түрк кандыгы тарабынан басылып алуудан кийин чачыранды болгон кыргыздарды чогултуп, элдин башын кошкон алп баатыр болгон.

"Көгмөн тоо жарыктык кыргыздардын бак-талаайына бүткөн жер эле. Кышкысын жылуу, жайы салкын, тоосунда жапайы кийик, аң толгон, Эне-Сай суусунда балыгы мол бейиш жер болгон" деген пикирди К.Жусупов айтат[1, 131-б.]

Мына ушул керемет жерди ээлеп жаткан кыргыздарга көз арткандар четтен чыга баштаган. Алардын мекенин ээлеп алуу үчүн кастарын тигип, түрк ханы Капаган хан, кол башчысы Култегин (аны колдогон бир тууганы Билге каган) кыргыздарды түн ичинде уйкуда жатканда басып кирип, чаап алат. Кандуу кагылышта Барсбек баатыр курман болуп, ал түптөгөн кыргыз элинин биримдиги чачырап, түрк каганаты кулаганга

чейин кыргыз эли оор турмушту башынан кечиришет. Таш эстеликтерде минтип жазылган: “Көгмөндү аша кыргыз жерине чейин жортуулдадык, кыргыз канын өлтүрдүк, элин чаптык”[2, 225-б.]

Турк каганаты кулап, өз күчүн жоготкондон кийин гана кыргыздардын башы бириге баштайт, алар биримдик үчүн бардык күчүн жумшап, элдүүлүгүн сактап калуу үчүн эл ичинен чыккан баатырлар сыртқы душмандарга каршы жан аябай күрөшүүнү улантышат. Бул маалымдамалар бизге таш бетине жазылган руникалык жазуулардан улам белгилүү болгон.

“Ташка чегилген эстеликтер ошол өз кезегинде баатырлардын эрдигин, алардын журт үчүн иштеген иштерин, алардын акылын, күчүн, максатын, тилегин ыр түрүндө баяндаган сюжеттүү чыгарма экендиги талашсыз”,-деп айткан Т.Сыдыкбеков [3, 46-б.]

Таш бетине жазылган кыска көлөмдүү дастан-баяндардагы баатырлардын образы кийинки мезгилде жаралган эпикалык дастандарда да учурайт. Муну биз көркөм чыгармалардын мазмунунда кыргыз элинин тарыхый турмуш жолу чагылдырылып жаткандыгынан көрөбүз. Буга мисал катары кытайлык кыргыздардын белгилүү манасчысы Жусуп Мамайдын “Толтой” эпосундагы баатыр Толтойдун кыргызды баскынчы душмандардан коргоодогу көрсөткөн эрдиктери далилдейт.

Анткени “Толтой” эпосунун сюжеттик өзөгүн уюштурган эпизоддордун композициялык курулушу баш каарман Толтойдун баскынчы душмандарга карата көрсөткөн эрдиктери бир бүтүн эпикалык чыгарманын фабуласын түзүп жатат.

Бардык эле эпикалык чыгармалардагы окуяларга, андагы берилген идеяга карата каармандар ар түрдүү катышат. Алардын кээ биринде окуя башкы каармандын кылган аракетине карата өнүгүп-өсүп, татаалданып отурса, айрымдарында негизги окуя жана анын чечилиши жалаң гана башкы каарман, анын көрсөткөн эрдиктери, дегеле кыймыл-аракети менен чектелет.

Эпикалык чыгармалар, алардын ичинен өзгөчө баатырдык эпостор белгилүү бир окуядан башталып, анан ар кандай окуялар, көрүнүштөр менен толукталып отурат. Эпос “Толтойдун балалык чагы”, “Чынкожонун Толтойду азгыра башташы”, “Толтойдун адашуусу” деген төрт чоң бөлүмдөн турат. Бул бөлүмдөр бир бүтүндүктү түзгөн жыйырма эки темага бөлүнгөн. Эпостун мазмуну көрсөтүп тургандай негизги идеяда чачыранды жашаган элди бириктирүү, баскынчы душмандарга каршы туруу, өзүнүн эли менен жерин коргоп, өз алдынча эркин жашоого умтулуу аракеттери баяндалган. Эл болуп жаралгандан кийин ошол элдердин бири-бири менен болгон байланыш мамилесинин натыйжасында эки элдин ортосунда достук мамиленин өсүшү, ынтымакка алып келиши шексиз көрүнүш. Бирок айрым учурларда коңшу жашаган элдер ортосунда карама-каршылык, көрө албастык күчөп, өз алдынча жашаган элди басып алып, кулчулукка айландырууга аракет жасашат. Мына ушундай жоокерчилик жашоо шартында эл башына оор трагедиялуу окуялар дуушар болору чыгармаларда чагылдырылган. Ал эми айрым учурларда элдин коопсуздугун сактаган, эл арасынан чыккан баатырлардын камкордугунун натыйжасында баскынчылар беттеп келе албай эркин турмушта жашап келишкен. Экинчи бир эл ошол баскынчылардын чабуулуна туруштук бере албастан, өзүнүн байгерчилик бейпилдигинен ажырап, кулдук турмуштун оор моюнтуругуна илинип, эл деген атынан айрылып, күчтүү уруунун запкысында калып жок болуп да кеткендери көп.

Бирок эл эл болуп жаралуунун негизинде алардын келечектен үмүт үзбөгөндүгү максат-тилеги ар убакта көркөм чыгармаларда иш жүзүнө ашырылып көркөм баяндоого ээ. Анткени, элдин басып өткөн коогалуу тарыхый жолундагы трагедиялуу окуялар, тарыхый-саясий кагылыштарды өз моюндары менен аркалаган кыргыздардын басып өткөн жолу да байыркы эл экендигин далилдеп бекемдейт. Ошон үчүн өзүнчө эл болуп жашап, өз хандык бийлигине ээ болгондугун жана өз алдынча мамлекет курулушунун алгачкы баскычынан азыркы жашоо мезгилине келгендигин баса көрсөткөн элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүндө сакталып калган. Мунун далили катарында өз атын жоготпостон “кыргыз” деген наамын ушул күнгө алып келгендиги менен түрк элдери ичинде байыркы элден экендиги тарых барагында жазылып калган. Алсак: “Кыргыз эли ошол толуп турган убактысында үч жүз жыл кандык доорун сүрүп өткөргөн. Кандары мамлекеттен мамлекетке өкүмүн жүргүзгөн. Бул элден кандык өксө болгон эмес. Бул үч жүз жылдын ичинде кыргыздар душмандарына үстөмдүк кылып, аларга бастырган эмес. Кыргыз эли өздөрү бай, өлкөсү кең келген. Эл ичиндеги карып, мискин, жетим-жесирлерге кайрымдуу эл болгон. Ошол кездеги кыргыз жигиттери өрттөн кайтпаган, жоодон качпаган баатыр эле” [4. 7-б.], - дейт Тоголок Молдо өзүнүн жыйнап жазган санжырасында. Бул маалыматка караганда кыргыздар басып өткөн тарыхый жолунда бир нечелеген кылымды аркалап келгендигин далилдеп жатат. Ушул тарыхый жолунда кыргыздар кандуу кагылыштарга кабылып, хандыктар менен басташып, баатырларча коргоно алган. Анткени, бул маалыматтар улуу эпос “Манастан” баштап, уламыш, легенда, санжыра, макал-лакапка чейинки оозеки айтылган үлгүлөрүндө бар экендиги далилдүү фактылардан. Ошондуктан, эл арасында айтылып жүргөн санжыраларда эскерилген кыргыз урууларынын таралышын салыштырып карасак, кандайдыр бир денгээлде тарыхый жактан болгон чындыкты байкайбыз. Мына ушул тарыхый даректи Ж.Мамайдын айтуусундагы жедигер уруусунан чыккан Багыштын уулу эр Толтой тууралуу “Толтой” баатырдык эпосунан да маалымат алууга болот.

Кандай гана баатыр болбосун эли менен жери үчүн өмүрүн сайып, эркиндик үчүн күрөшүп, элинин коопсуздугу үчүн кам көрөт. Ошондуктан, эпостун композициялык-сюжеттик фабуласынан алганда жедигер элинин тегерегинде коңшу жашаган кызыл баш, түркмөн, калмак, чүрчүт, шибе ж.б. элдердин кыргызга көз арткан баатырлары менен болгон кармаштар жөнүндөгү баяндардан курулган. Бул баатырлар өз элинин камы үчүн эмес, тынч жаткан башка элдерди басып алып, аларды көз каранды кылууну көздөйт. Бул Толтойдун алгачкы беттешүүсүндөгү Контукчу менен Камангил үчөөнүн ортосундагы кайым айтышуу баянынан эле байкалат.

Толтой араздашып согушкан Контукчу менен Камангилди арачалап, атынан учуп түшкөн Камангилди

атына мингизип, муздак суу жуткуруп, өлүмдөн алып калса, Камангил ага: “Менин сообума калды деп милдет-кебиңди көтөрүп жүрөмбү, кыйын болсоң мага жекеге чык “,- дейт [5, 72-б.]

Анда Толтой:

“Алышпаймын сен менен,
Айтышар киши мен белем?
Аксакалсын, карысың,
Ар иш болсун тең менен“, - [6, 73-б.] деп аны менен беттешүүдөн баш тартат. Мындан каармандын ар ишке жүйөлүү мамиле кылып, адилеттүү карап, өзүнөн улуу адамга катылууга дити барбаган асыл сапатына күбө болобуз.

Эпостогу кийинки окуялардын биринде, тагыраак айтканда, Толтой Ошту Карезгинин кысымынан куткаруу үчүн барганда бир жигитти кепке тартат. Андан Карезгинин кордугун уккан соң мындай дейт:

“Баштап жигит сен баргын,
Оштон жыйган мал-пулун
Алып келе калайын.
Ар кимдикин өзүнө
Таратып бере салайын”. [7, 123-б.]

Бул аркылуу Толтойдун эл камын көргөн каарман экенин ачык көрөбүз. Толтойдун аңчылык учурундагы алгачкы беттешүүсүнөн кийин улам эпостун мазмунуна жаңы мотивдер кошулат да, окуя барган сайын тереңдеп, ситуациялар курчуй баштайт. Жаңы мотивдердин пайда болушу менен баш каарман улам жаңы окуяга кабылып, эпостун композициялык жактан өнүгүү жолуна түшүп, жаңы нукка багыттала берет. Толтойдун көрсөткөн эрдиги жогоруда келтирилген эки баатырлар менен гана чектелип калбайт. Окуя андан ары уланып, жаңы душман баатырлары жөнүндө баян берилет. Анткени, кыргыздардын жерине, байлыгына кызыккан душман баатырлары баш көтөрүп чыга келет. Муну “Толтой” эпосунун композициялык курамын уланткан бөлүмдөргө катышкан душман баатырлары Коронкыр, Карезги, Керкимат, Бай Чакайдын кармаштарында кеңири баяндалганынан көрөбүз.

Толтой жедигер элинин коопсуздугун сактагандыгына курсант болуп жатып албайт. Ал жер кыдырып, эл көрүп, сөз угуп кыргыздардын тынчын алган хандардан кабар алып турат. Ошентип, Толтой Ош кыргыздарына кол салган жана мал-мүлкүн талап алган Карезгиге каршы аттанат. Толтой Карезгинин артынан түшүп, суусу жок чөлгө камап, өзүн өлтүрүп, колун таратып, талап алган мал-мүлкүн, дүнүйөсүн элдин өзүнө кайтарып берет.

Эпостун баш каарманы эр Толтой өзүнүн атасы Багыштын элине кылган ак кызматын улантып, өмүрүнүн акырына чейин эл-жерин коргоо үчүн тынымсыз кармаштарда жүрөт. Багыш баатыр тууралуу “Багыш” эпосунда кеңири айтылат.Ал өзүнүн атасы Байдан айырмаланып, коңшу калмак, манжу, маңгул, кейит, черчит, кызылбаш элдерине баш ийип калбастан, каршылык көрсөтүп, жеңилип бербейт. Анын негизги максаты жедигер элинин бейкуттугун сактап, душмандарга кор кылбоо болуп саналат. “Багыш өзү тараптан башка элдерге кол салып, өз үстөмдүгүн көрсөтүүнү максат кылбайт. Бирок жедигер элине келген душмандарга каршылык көрсөтүп, аянбастан кармашат. Актык менен чындык үчүн күрөшкөн баатырдын жүргүзгөн күрөшү максаттуу күрөш экендиги эпостун окуяларында даана көрүнөт”, [8, 9-б.] - дейт К.Кырбашев.

Эпикалык циклдешүүнүн негизинде түзүлгөн бул эпостордун мазмунундагы идеялар биринен экинчисине өтүп жүрүп отурат.

Жыйынтыктап айтканда, окуя башкы каарман Толтойдун тегерегинде өнүгөт. Композициялык курулуштун бөлүмдөрү Толтойдун башынан өткөргөн окуялары, эрдиктери, иш-аракеттери менен тыгыз байланышып, балалык кезинен өлүмүнө чейинки мезгилдеги окуяларды сүрөттөп берүү менен көлөмдүү эпикалык чыгармалардын катарында турат жана мамлекетүүлүктүн түптөлүшү үчүн Толтойдун кошкон салымы зор экенин кабарлайт.

Адабияттар

1. Жусупов К. Байыркынын издери. –Б.,200
2. Жусупов К. Байыркынын издери. –Б.,2001
3. Шамбеталиева К. Сөз кербени. Кыргыз адабиятынын хрестоматиясы .-Б.,2009
4. Тоголок Молдо . Тарых, түпкү аталар // Китепте: “Кыргыздар”, 2-том. - Б.,1993//
5. Ж.Мамай “Толтой” -Б.,1999
6. Кырбашев К. Ж.Мамайдын “Багыш”эпосуна жазылган баш сөзүнөн. //Китепте: “Багыш” (Ж.Мамайдын айтуусунда) -Б., 1998.

УДК 8-1/-14

Токушева Т. С., *ф.и.к., доцент*
Жусуп Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университети

Ч.АЙТМАТОВДУН АҢГЕМЕЛЕРИНДЕГИ ЛИРИЗМДИН ОРДУ

МЕСТО ЛИРИЗМА В РАССКАЗАХ Ч.АЙТМАТОВА

THE PLACE LYRICISM IN CH. AITMATOV'S NOVELS

Аннотация: *"Ч.Айтматовдун аңгемелериндеги лиризмдин орду" деген макалада көркөм чыгармага карата эстетикалык критерийлердин жаңылануусу, лиризмдин ролу белгиленди. Мындай фактордун өзү лиризмдин чыгармадагы сюжеттик-композициялык түзүлүшкө өтмө катар аралашуусу чыгарманын лирикалык табиятын түзүүгө, көркөм тексттин бөтөнчөлүгүн көрсөтүүгө шарт түзөөрү белгиленди.*

Түйүндүү сөздөр: *лиризм, лирикалык повесть, лирикалык каарман, лирикалык чегинүү, көркөм деталь, экспрессивдүүлүк, композиция.*

Аннотация: *В статье "Место лиризма в рассказах Ч.Айтматова" отмечена роль лиризма и обновления эстетических критерий к художественному произведению. Отмечено, что фактор влияния лиризма в сюжетно-композиционный строй произведения создает благоприятную лирическую содержательность, подчеркивает особенность художественного текста.*

Ключевые слова: *лиризм, лирическая повесть, лирический герой, лирическое отступление, художественная деталь, экспрессивность, композиция.*

Annotation: *In the article «The place lyricism in Ch. Aitmatov's novels» is written the role of lyricism and upgrades the aesthetic criterion of a work of art . Noted, that the impact factor of lyricism in the plot-composite structure of the work provides a fertile lyrical richness, emphasizes the singularity of a literary text.*

Key words: *lyricism, lyric novel, lyric hero, lyric digression, artistic detail, expressiveness, composition.*

Кыргыз адабиятына Ч.Айтматовдун келиши, анын чыгармаларынын жарыяланып, жарыкка чыгышы мыйзамченемдүү көрүнүш катары кабыл алынып келет. Анын бирден-бир себеби, согуштан кийинки адабий процессте адабиятка, адабий чыгармачылыкка карата саясий көз караштын өзгөрүүсү, анын натыйжасында көркөм чыгармага карата адабий-эстетикалык критерийлердин жаңылануусу болду.

Ч.Айтматовдун алгачкы «көзгө урунушун», адабий сынга илинишин К.Асаналиев төмөнкүдөй эскерет: «Баяндамада Н.Байтемировдун, К.Каимовдун, А.Убукеевдин, Т.Абдымомуновдун аңгемелери туурасында кеңири сөз болгон эле. Мындай болушу табигый иш, анткени 50-жылдарда кыргыз аңгемесин мазмун жагынан да, форма жагынан да жарыялоого аракет жасагандар ошолор. Бирок, мунун баары адабий процесстин орому, жалпы картинасы гана. Кантсе да баяндаманын эң түйүндүү жерин, мындайча айтканда, кульминациясын ал убакта мындай деңгээлде сөз боло элек, мындай деңгээлде аты чыга элек, Ч.Айтматов ээлептир. Ушундан көп узабай эле дүйнөнү дүңгүрөткөн «Жамыйла» таңкы чолпон жылдыздай жаркырап кыргыз адабиятынын асманынан чыгып келээри анда кимдин оюна келиптир...

Азыр журналдык публикацияны окуп көрсөм, канткен менен докладдын чордондуу чекити, негизги каарманы болуптур. Алигиче бир дагы китеби жарык көрө элек, бар болгону «Ала-Тоо» журналына жарыяланган үч аңгеменин авторуна төмөндөгүдөй берилип, кескин корутундулар чыгарылыптыр: 1) «Ч.Айтматов аңгемечи катарында өтө сараң жазуучу. Ал жай жазат, шашпай жазат, бирок ойлуу жана негиздүү жазат», 2) «Ч.Айтматовдун аңгемелери сюжет куруу боюнча, образдарды шөкөттөө боюнча кыргыз жазуучуларынын ичинен айрыкча айырмаланып турат», 3) «Чыныгы жазуучу бул окуяны дал ушундай бүтүрмөк».

Жаш жазуучунун сөз болуп жаткан үч аңгемеси ошол адабий кырдаал үчүн жаңылыктар экендиги,

кыйла жагынан оригиналдуу экени, а мен үчүн күтүүсүз болгону азыр да талашсыз» [1].

Жогоруда келтирилген пикир ырастап тургандай Ч.Айтматовдун чыгармаларынын оригиналдуулугу, жеке калемине таандык табигый өзгөчөлүгү повесттерине чейин жарык көргөн чыгармаларында эле көрүнгөн. Ал аңгемелерде кемчиликтер жок эмес. 20-40-жылдары адабий чөйрөдө калыптанган сентенциалуулукка алдырып жиберген учурлар бар. Бирок, автордун турмуш чындыгын өзүнчө кабылдоосу, социалдык көрүнүштөргө карата адабий жана эстетикалык мамилеси, каармандарга берген психологиялык анализдери тиричиликте кездешүүчү драматизмдерди туура тандай билүүсү анын жазуучулук көрөңгөсүн сездирип турган. Каармандардын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирүүгө болгон аракет аналитикалык ыкмада чагылдырылып, терең лиризм менен окурмандын сезимин ойготууга далалаттандыгы менен коштолгон.

Жазуучу чыгарманы жаратууда сюжеттик-композициялык маанилүү элемент катары лиризмге өзгөчө басым коёт. «Асма көпүрөдө» Нурбек аттуу заводдун жаш жумушчусу дың жерди жаңыдан уюшулган совхозго механик болуп келип, тажрыйбасыздыгынан кырсыкка кабылат. Алгач өзүн кыйын, баарын билчүдөй сезгендиктен улам тажрыйбалуу Трофимовдун сөзүн, кеңешин укпай, тоодогу жазгы өнөктүктү өз мөөнөтүндө бүтүрөмүн деген жакшы тилек менен киришет да, түн ичинде жантаймада жер айдап жүрүп трактору аварияга учуратат да, өзү качып кетет. Аңгемени окуп көргөн адам байкагандай, Нурбектин мекен алдында кызмат кылуу тилеги мурдагы прозалык чыгармаларды көндүм болгондой патриоттук-романтикалык пафосто эмес, каармандын жан дүйнөсүн терметкен лиризм аркылуу чагылдырат. Аңгемеде окуя чакан берилгени менен каармандын ички дүйнөсүндө динамикалуу өнүгөт. Нурбек канчалык намыскөй, өз элинин патриоту болбосун ал жерде кала алмак эмес. Анткени, турмуш чындыгы каармандын жан дүйнөсүн терметкен романтикалык кыялы гана болбостон, тиричиликтеги жаңылыштыгы, мүнөзүндөгү жеңилип жеңүүсү, андагы уйгу-туйгулары, анан барып кысталыштан «жол тапкан» тиричиликтин өзү катары көзгө даана көрүнөт. Бирок, мында сюжеттик өнүгүү өткөн он жылдардын чыгармаларындай автордук кургак баяндоо, же маалымат катары сунушталган сүйлөмдөр гана болбостон, каармандын көркөм чыгарманын ичинде «кадимки жашоосу», турмуштан келип чыккан драмалык окуялар андан жаралган лиризмдик тарамдалуу-келечектеги жыргалчылыкка сугарылган романтикалык лиризм (жаңыдан уюшулган совхоздун жазгы өнөктүгүн алга жылдыруу кыялдары); тажрыйбасыздыктан келип чыккан кырсыктан кийинки санаага толгон лиризм (трактору аварияга учуратып качып кетүүгө аргасыз санаа-түйшүктөрү); тиричиликтеги кыйынчылыктарды жеңүүгө шарт түзгөн үмүттөрдүн лиризми (Нурбектин гидрологиялык пункта иштеген Асияга жолуккандагы үмүт-тилектери, аны урматто сезимдери); өзүнүн жүрүм-турумун, баскан жолун таразалаган ыйман-паразат учурлар (Асиянын алдында өзүн бечара сезгендиги, жан дүйнөсүндөгү толгонуулар, өмүрү коркунучта турганына карабастан, Байдамтал суусунун үстүндөгү Асия күндө өтүп жүргөн асма көпүрөнү оңдоп кетиши сыяктуу) лиризимге таандык бир топ маселелер сюжет курууга кызмат кылат.

Ал эми «Түнкү сугатта» жазуучу лиризмге башкача мамиле кылат. Аңгемеде татаал окуялар жокко эсе болгону менен автор Каратай менен Сабырбектин ички дүйнөсүнө, адамдык сапатына айрыкча көңүл бурат. Мында лиризм каармандын ички сезимдериндеги айырмачылыктарды бөлүп көрсөтүүдө, адамдык психологиясы татаал экендигин, аны турмуштун белгилүү бир кырдаалдары гана жөнгө салып оңдой ала тургандыгын, конкреттүү турмуштук окуялар же көркөм деталдар аркылуу ишке ашырат. Бул ойду далилдөө үчүн чыгарманын өзүнө кайрылсак, согуштан аман-эсен келген Каратай менен Сабырбек, экөө тең чарбада мурап болуп иштеп калышат. Экөөнүн ортосунда кесиптик атаандашуучулук бар, бирок ага экөө эки башка өңүттөн мамиле кылат. Сабырбек мындай атаандашуучулукта өзүн иши менен көрсөткүсү келсе, Каратай ичи тардык, кара мүртөздүк сыяктуу жан дүйнөдө бугуп жаткан жек көрүү сезимдерин сыртка чыгаруу менен билдирет. Лиризм Каратайдын мүнөзүн, адамдык сапатын ачып берүүгө айрыкча кызмат кылат. Ал Сабырбектин ишинин алдыга жылып, өзүнүн озуп баратышын сезген Каратай ичинде кайнап жүргөн жек көрүүсүн ачыкка чыгарат. Чыгармада Каратайдын жек көрүүсү автордук баяндоодо лиризм менен коштолот, натыйжада каармандын аракети – Сабырбектин тиешелүү сууну бүт жыгып, колхоздун күйүп бара жаткан эгинин сугарууга киришүүсү; айдоо аянттарындагы арыктарын ошончо көп сууну батыра албай Каратайдын бушайман кылуусу; арыктардын чабылбай калышы ар кимге шылтап, Каратайдын ызаланышы; ызасына чыдабай сугатчылар менен болгон урушу автордук баяндоодогу гана лиризмди түзбөстөн, образды ачып көрсөтүүчү жан дүйнөнүн ар түркүн ал-абалын көрсөткөн, каармандын татаал психологиялык толгонууларына ээ болгон көркөм деталдык да милдетин аткарат.

Аталган бул аңгемелерде тең сюжет курууну жаңычыл бир формаларын кездештирүүгө болот, ал каармандын образга өсүп жетилүүсү үчүн социалдык-экономикалык коомдук өзгөрүүлөрдүн таасири, тарыхый өсүштүн адамдын жан дүйнөсүн жаңылоого карата роль ойношу, коомдук аң сезимдин жеке адамдын аң сезиминин жаңырышына тикелей өбөлгө түзүшү, ошол эле мезгилде жан дүйнөнүн калыптанышына карай улуттук каада-салттын, адат-жөрөлгөлөрдүн кызматы, ж. б. касиеттердин лиризмге ширелген жан дүйнөсүн ачып бере алгандыгы менен баалуу.

Мындай көрүнүш, лиризмди колдонуу аркылуу жеке адамдын өзү жашаган коомдук-саясий түзүлүшкө, социалдык-экономикалык жаңылануулларга карата ички мамилесин, уйгу-туйгуларын, саясий пикирин, атуулдук позициясын, жакшы жана жаман көрүүлөрүн, акыры келип өзү тандап алган «турмуш жолу үчүн болгон «күрөшүн башкы планга алып чыгуу аракети негизги маселе болгондугу көзгө урунат.

Лиризмди колдонуу чеберчилиги каармандын образын түзүү үчүн гана мүнөздүү эмес, ал пейзаждык сүрөттөөлөрдү берүүдө да өзгөчө мааниге ээ. Ал

жөнүндө адабиятчы А.Садыков төмөнкүдөй пикирин билдирет: «Ч.Айтматов ошол алгачкы аңгемелеринде эле табияттын чыныгы сүрөтчүсү экендиги байкалган. Ал кыргыз жаратылышын, айрыкча күндүн батышы менен чыгышын чексиз сүйөт жана ал көрүнүштөрдү лирикалык маанайда сезимге жеткирип сүрөттөйт. Табият көркү кээде каармандын ички дүйнөсү ой-туйгулары менен гармониялашса, кээде дисгармонияда болот. Муну жазуучу окуянын шартына, ыгына чыгармачылык максаттарына жараша жасайт»[2].

Адабияттар

1. Асаналиев К. Адабий айкаш. - Б., 2008, 105-106-бб.

2. Садыков А. Согуштан кийинки кыргыз совет адабияты (проза) / К-те: Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф.: Илим, 1987, 1-т. - 444-б.

УДК:82-131(575.2)

Алтыкеева Н.Ж, Доороновa А.Б.
ТалМУнун окутуучулары

ЭЛДИК ЭПОСТОРДУН БИРИМДИККЕ, ДОСТУККА, САРАМЖАЛДУУЛУККА ҮНДӨӨ ИДЕЯСЫ

ИДЕЯ ЕДИНСТВА, ДРУЖБЫ, ЗАБОТЛИВОСТИ НАРОДНЫХ ЭПОСОВ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

IDEA OF UNITY, FRIENDSHIP, CARE OF NATIONAL EPOSES OF THE KYRGYZ PEOPLE

Аннотация: *Бул макалада "Манас", "Багыш" эпосторундагы башкы каармандар болгон Көкөтөй, Багыш карыялардын керээздеринин социалдык мааниси талкууланып, ал керээздердин элдерди ынтымакка чакырып, тышкы душмандарга каршы туруу үчүн уруулар ортосундагы биримдикти күчөтүүдөгү маанисинин актуалдуулугу тууралуу сөз болот. Эпостор чагылдырган мезгилде элибиздин жашоосунун негизги булагын мал чарбачылыгы түзүп, малды сарамжалдуу кармап, туура колдонууга аракет кылышканы бизге белгилүү. Коңшулаш жашашкан калмак, кытай сыяктуу элдер менен кагылышта бирде жеңип, бирде жеңилген. Жеңилген учурда мал-мүлкүнөн ажырап, талоонго учурап, жакырчылыкка туш болуп, кыйынчылык мезгилди баштарынан өткөргөнү тарых баракчаларынан белгилүү. Мындай көрүнүштөрдү акылман карыялар баштарынан көп кечиргендиктен, кийинки муундарына сабак болсун үчүн акылман ойлорун, кеп-кеңештерин айтып келишкен.*

Түйүндүү сөздөр*: эпос, каарман, идея, актуалдуу, керээз, сарамжалдуулук, достук, биримдик, акылмандуулук, бейкуттук, көчмөн эл,*

Аннотация: В *данной статье идет речь о главных героях эпоса «Манас» и «Багыш»- как наставление социальных проблем. В этих наставлениях призывается объединиться и прекратить междоусовщину кыргызов. В те времена когда происходят эти события эпосов кыргызы занимались скотоводством, здесь дается идея о бережном отношении к животным. Кыргызы часто воевали с соседними калмыками и китаем, и в бою, то побеждали, то терпели поражения. Когда проигрывали, кыргызы теряли все, скот, богатство, и для них наступали трудные времена. Об этом пишется в исторических исследованиях. Мудрые старейшины давали совет предыдущему поколению и призывали кыргызский народ быть всегда едиными. Это идея эпосов «Манас» и «Багыш» и сейчас очень актуальна.*

Ключевые слова*: эпос, герой, идея, актуальность, завещание (наставление), заботливость, дружба, единство , мудрец, согласие, (единодушие), покой, кочевой народ.*

Annotation: *There is a speech about the main characters of the epos "Manas" and "Bagysh" are as manual of social problems in this article. This manual urges to unite and stop to an enmity of Kyrgyz. In those days when there are these events of eposes Kyrgyz went in for cattle breeding, the idea about careful attitude to animals is given here. Kyrgyz often were at war with the next Kalmyks and China, and in fight, won, suffered a defeat. When lost, Kyrgyz lost everything, the spot, wealth, and for them came hard times. It is written in historical researches about it. Wise elders gave advice to the previous generation and urged the Kyrgyz people to be always uniform. It is the idea of eposes "Manas" and "Bagysh" and now it is very urgent.*

Keywords: epos*, hero, idea, relevance, will (manual), care, friendship, unity, wise man, consent, (unanimity), rest, nomadic people.*

Кыргыз эли байыртадан тоолуу аймакты мекендеп, көчмөн турмушту башынан кечирип келгени бизге белгилүү. Географиялык жашоо шартына байланыштуу мал кармашкан, жоокерчилик заманга жана көчүп конууга ылайык жылкыны жогору баалап, күлүк тапташкан. Ал эми төрт түлүк мал адамдардын чөйрөдөгү ордун да тастыктаган. Башкача айтканда, бири малы жок, демек, эч каражаты жок кедей болсо, бири сансыз мал-мүлкү менен атагы алыска жеткен, сыйурматка ээ болуп, бийик даражаны туткан, эл бийлеп эл башчы аталган. Анын мартабалуу даражасы кийинки мураскорлоруна калган, сансыз байлыгы менен кошо бийлиги да улам кийинки мураскорлоруна өтүп турган. Мына ушул элдин жашоо-турмушундагы зарылчылыктар элдик эпостордо да кеңири баяндалат. Мисалы, С.Орозбаковдун варианты боюнча "Манас" эпосундагы "Көкөтөйдүн керээзи" бөлүмүн карап көрөлү.

Атактуу Көкөтөй хан өлөрүндө тууганы Байдын уулу Баймырзаны чакыртып керээзин айтат. Өз керээзинде эрке өскөн баласы Бокмурундун жаш,малынын бош калганын эскерип келип,төмөнкүлөргө токтолот:

1.Малдын жана дүйнөнүн эсебин айтып,ушул малды, дүнүйөнү бекер чачпоону,атасы өлгөнгө ар убакта мал керектигин эскертет.

2.Көкөтөй өлдү деп мусулман,капырдын баарын чакырып,топураксалганга түмөн журтту келтирип алып,ашкере зыянга туш болбоосун эскертет.

3.Дооранына,кара ашына эсепсиз малды сарптап,чыгымга учурабасын дейт.

4.Атама аш берем деп баласынын абылып-чабыларын сезип,"кедейдин башы,кемпирдин ашындай"-кылуусун айтат.

5.Ордодогу мүлкүн элге көрсөтүп,ачкөздөрдүн көзүн байлыкка түшүрбөөсүн эскертет.

6.Өлүк коюнун жол-жобоосуна токтолот жана баласы Бокмурун келмейин жайга койбой турушун сураНат.

7.Колундагы малды ысырапсыз күтүп,калктын ынтымагын бузбасын, -деп керээзинин жыйынтыгын чыгарат.

Бирок Бокмурунга атасынын керээзин Баймырза мындайча жеткирет:

1) Бар журтка кабар айтсын,

2) Элден эч нерсе албай,каражатты бүт өзмойнуна алсын,

3) Он эки ай өткөндө аш берүү үчүн Үч-Каркыраны жайлап,үч жылча даярдансын,ашка бардык журт чакыртылсын,-деп айтат. "Атанды акылман деп жүрсөм ,ушул кепти айтты"[1, 178-бет]-деп Көкөтөйдүн керээзин тенирден тескери баласына баяндайт.Анда Бокмурун атасынын керээзин кынтыксыз орундатмак болот.

Бокмурун Манаска келип,атасынын аянбай аш бер дегенин айтат.Манас кадырлуу карыянын кызматына даяр экенин билдирет.

Ошентип,эсепсиз эл келип,сансыз мал-мүлк сарпталат,Манас башында туруп ашы берилет.

Баймырзанын кылганы боюнча мындайча жыйынтык ойго келебиз:

1."Тууган тууганды көрө албайт"дегендей Баймырзанын эки жүздүү,арам ойлуу адам экендигин көрүүгө болот.Анткени,ал атанын керээз сөзүн уулуна туура жеткирген жок.Демек,ал өз жакынын көрө албайт,анын чабылып-чачылышын каалайт.Ушул мүдөөсүнө жетүү үчүн ал эки нерсеге таянат:

а) Бокмурундун энөөлүгүн,эси жоктугун,ишенчээктигин билгендигине ;

б) Көкөтөй керээзин Баймырзага гана айткандыгына таянат да,эси жок Бокмурунду атасынын сан дүйнөсүн чачууга түртөт.

2.Ал Көкөтөйдүн сөзүн өз сөзү кылып айтуу менен эстүү-баштуу көрүнүп,Бокмурундун ишенимине киргиси келген.Муну анын "Атанды акылман деп жүрсөм, ушундай кепти айтты" "[1, 189-б.] деген сөзү ырастайт.

Көчмөн турмушта жашап, өмүр бою мал чарбасы менен күн көрүп келген кыргыз эли үчүн төрт түлүк мал өтө бааланган. Көкөтөй карыя болсо башынан көп нерсени өткөрүп, жашоонун көп жактуулугун түшүнө билген. Көкөтөйдүн атагын алыска дүңгүрөткөн да мына ошол мал болгон. Албетте, Көкөтөй элге жасаган мамилеси, акылкөйлүгү, даанышмандыгы менен таанылган. Бирок анын социалдык, экономикалык абалын көтөргөн төрт түлүк мал экендиги ырас.Керээзинде эсепсиз малына, сансыз дүйнө –мүлкүнө токтолушу да ушундан улам болуп жатат.Ал мына буга:

1.Ошол мал-мүлккө жаш калган,анан да,алакөөдөн баласы Бокмурун ээ боло алабы,

2.Малы,дүнүйөсү эсепсиз чачылып,талоонго учурап,уулун итке минген кедейге айланабы деп кейийт.

Ушундан улам ал сөөк коюуга, кара ашка, чоң ашка эсепсиз малды сарптап чыгымга учурабаса экен, бөтөн журтту (кытай, калмактар ж.б) чакырып, малды да, элди да талоонго түшүрбөсө экен дейт жана ашыкча чыгым болуунун зарылдыгы жоктугун баса белгилейт.

Көкөтөйдүн түйшөлүшү да бекеринен эмес. Эпостогу Чон Казаттын башталышы да ашка барып такалат. Ашка келген Конурбай,Нескаралар баштаган жоо эли Мааникер деген күлүктү сурап,ортодон чыккан чыр-чатак ырбап,кандуу кагылышка айланат.Чон казатка аттанган Манастын чоролору набыт болуп,Манас да жаралуу болуп кайтат.Манастын өлүмүнө да ошол жараты себепкер болот. "Көкөтөйдүн ашы-көп чатактын башы"дегендей эле кыргыз элинин башына түшкөн чон мүшкүл,орду толгус жоготуу болот.

Көкөтөйдүн керээзине көп жагынан окшоштугу бар керээз катары "Багыш" эпосундагы (Ж.Мамайдын айтуусунда)Багыштын керээзи саналат.Эпосто жедигер элинин ханы Багыш өлөрүндө уулу Толтойго керээзин айтат.Ал негизинен төмөнкүлөргө кайрылат:

1.Кандай болбосун Манастын тукуму Семетейге катылбоосун эскертет.

2.Карыса да өзүнүн ишенген адамы- увазири Байтекенин тилин алып,кенешин угуп,эч убакта көөнүн калтырбоосун суранат.

3.Өзүнүн көзү өткөн сон, аш берем деп чарпылып,душманга элди талатып,сырын алдыргандан сактануусун айтат [2, 345-б].

Багыш да турмуштук тажырыйбасы мол ,Көкөтөй сыяктуу көптү көрүп,көптү билген карыя болгондуктан, аш берилсе чыгымдан сырткары да элинин бейкут турмушу бузулабы деп чоочулайт.

"Манас" эпосунун окуяларында Багыш Көкөтөйдүн ашына катышкан каарман.Муну ал өзүнүн

керээзинде да эскерип, калмактардын көрсөткөн кордуктарын баяндап өтөт. Ушундан улам жалгыз уулунун бөөдө чыгым болушунан, элдин күтүүсүз талоонго учурашынан кооптонот. Керээзинде жалгыз эле уулунун тагдыры үчүн күйүп-бышпайт. Ал жалпы журтка келер азап-тозокту алдын ала туюп, ошондуктан аш берүүнүн зарыл эместигин эскертет.

Эми эки керээзчи –Көкөтөй менен Багыш карыялардын жалпы журтка жагар акылкөйлүгүн карап көрөлү:

1. Эки карыя тен бөөдө чыгым тартып, аш берүүнү зарыл деп эсептешпейт.

2. Эл-журтка эзелтен кеги бар калмак, кытайлар ашка келип талоончулук кылып, үстөмдүгүн көрсөтпөсүн деп чоочулашат.

3. Ар бири өз иштерин улантуучу мураскор – уулдарынын кийинки тагдырын ойлоп, аларга кенешчи катары Баймырза менен Байтекени дайындашат.

Ал эми бул окшоштуктарды Багыштын Көкөтөйдүн ашына катышып, өзү күбө болгон нерселерди өз уулуна керээз кылып жаткан учурунан даана көрөбүз.

Жалпысынан биз сөз кылган керээздер төмөндөгүдөй идеяларды камтыйт:

а) мал-мүлктүн экономиканы, социалдык деңгээлди көтөрүүдөгү ордунун зор экендиги;

б) элдин жашоосунун негизин түзгөн малды сарамжалдоо, бүлүндүрбөй кармоого чакыруу;

в) мал-мүлк үчүн келип чыгуучу чыр-чатактардан сактануу зарылдыгы;

г) журттун бейкуттугун камсыз кылуу, элдин ыркын кетирбөө.

Керээздердин мааниси бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелерин чагылдырганы менен бааланат. Азыркы мезгилде деле төрт түлүк мал экономикалык, социалдык мааниси боюнча зор экени турмушта айкын көрүнүүдө.

Ал эми Көкөтөйдүн керээзинде кедейчиликти жоюу маселеси көмүскөдө турганы менен ачык эле байкалат. Анткени, ошончо эсепсиз чыгым кылбай эле, Көкөтөй карыянын өзүнүн сөзү менен айткандай, “кедейдин башы, кемпирдин ашы” кылып өткөрүп, ал эми жөн эле чыгымга кетүүчү мал-мүлктү кедейлерге, жетим-жесирлерге таратып берсе, кедейлердин турмушу онолмок. Мунун ачык күбөсү катары Ч.Валихановдун көлдүк манасчыдан жазып алган үзүндүсүндөгү Көкөтөйдүн керээзинде өзү кураган журтту кароосуз калтырбай, жакырларга жардам көрсөтүп турууну Баймырзага табыштаган окуяларын көрсөтсөк болот.

Демек, Көкөтөй менен Багыштын керээздеринен учурдун талабына төп келгендери деп төмөндөгүлөрдү айтууга болот:

1. Ысырапкорчулуктан сактануу, сарамжалдуу болууга чакыруу.

2. Бейкут жашоо, ынтымакта болуп, биримдикти бузбоо.

3. Төрт түлүк малды мээнет кылып асыроо жана бөөдө чыгымга учуратпай кармоо.

Ошентип, бул эки керээзде сабак болорлук чон ойлордун айтылгандыгын дагы бир жолу эске сала кетишибиз зарыл.

Бүгүнкү күндө аш тойлорду өткөрүү да эсепсиз чыгымдар менен коштолот. Өзгөчө каза болгон адамды коюу учурунда ашкере чыгымга учурашат. Алыстан мисал издебей эле Талас өрөөнүндөгү салт-санааларга токтолсок, мындай көрүнүштөрдүн күбөсү боло алабыз. Бизде бодо мал союу (бирөө эле эмес, айрым учурда эки баш бодо мал), кийит кийгизүү, ар бир жума сайын мал союп куран окутуу, кырк күндүгүн, элүү эки күндүгүн өткөрүү, андан кийин аш өткөрүү деген сыяктуу жөрөлгөлөр колунда бар адамдар үчүн билинбегени менен колунда жок үй-бүлөлөргө материалдык жактан кыйынчылыкты туудуруп, айрымдарды карызга да батырат. Колунда болгон малын союп коюп, эч нерсеси жок калып, “итке минген кедейге айлангандар” да жок эмес. Бирок кандай болгон күндө да каныбызга синип калган салттарыбызды четке кага албай жашап келебиз. Ал эми шариятта ар ким мүмкүнчүлүгүнө жараша гана куран окутууга тийиш экени айтылса да, салтка айланып кеткен жөрөлгөлөрдөн алыстай албаганыбыз өкүнүчтүү.

Жогорудагы керээздердин ички мааниси азыркы учурдун талабына толук жооп берет. Биз экономикалык жактан аксап турган бүгүнкү күндө ысырапкорчулукка жол бербей, сарамжалдуулукка көнө билүүбүз зарыл. Жалан жеке менчикке тиешелүү болгон мүлктөрүбүздү гана эмес, мамлекетке тиешелүү болгон кен байлыктарды, жаратылыш ресурстарын, тураккайларды көздүн карегиндей сактап, сарамжалдуу урунууга милдеттүүбүз жана келечек муундарды да ошондой тарбиялашыбыз керек. Мындан сырткары экономиканын гүлдөп-өсүшү үчүн бейкуттукта, тынчтыкта жашоонун да зарылчылыгы чон. Ошондуктан, бүгүнкү күндө өлкөлөр ортосундагы түзүлгөн келишимдер улуттар аралык алаканы бекемдөөгө чон мүмкүнчүлүктөрдү түзөт деп ишенебиз.

Адабияттар

1.Орозбаков С. “Манас”эпосу. -Ф.,1987.
2 Мамай Ж. “Багыш”эпосу. -Б,2002

Кошумча материалдар:

1. Жайнакова А. “Манас” эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер. -Ф.,1988.
2. Жүсүп М. ”Манас”. -Б.,2014.
3. “Манас” энциклопедиясы. II том. -Б.,1995.

УДК 82-1/ – 9(575.2)(04)

Ногойбаева Г.А.
ага окутуучу - ИНДО

ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВДУН “КӨК АСАБА” РОМАНЫНЫН ТАРЫХЫЙ-ЭСТЕТИКАЛЫК БААЛУУЛУГУ

ИСТОРИЧЕСКО- ЭСТЕТИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ РОМАНА “КОК АСАБА” Т.СЫДЫКБЕКОВА

TNE HISTORICAL AND AESTHETC MEANING OF TNE NOVEL OF WRITER T. SYDYKBEKOV “KOK ASABA”

Аннотация: *Бул макалада залкар жазуучу Т.Сыдыкбековдун “Көк Асаба” романынын тарыхый жана эстетикалык баалуулугу изилденет.*

Түйүндүү сөздөр*: мурас, эстетика, адабият, улут, өткөн тарых, ата-баба, доор.*

Аннотация: *В этой статье рассматривается историческая и эстетическая ценность романа выдающегося писателя Т.Сыдыкбекова “Кок Асаба”.*

Ключевые слова: *наследие, эстетика, литература, нация, древняя история, предки, век.*

Annotation: *This article analyzes the historical and aesthetic value of the novel of famous writer T. Sydykbekov “Kok Asaba”.*

Key words: *heritage, aesthetics, literature, nation, ancient history, ancestors, century.*

Залкар жазуучуларыбыздын бири Т.Сыдыкбековдун "Көк асаба" романы түрк тилдүү адабияттардын ичинен биздин эранын VI-VIII кылымдардагы "көк түрк" доорундагы енисейлик кыргыздардын турмушун көркөм сүрөттөп бергендиги менен баалуу деп келебиз.

Ар бир чыгарма элдин өткөнүн көрсөтүүдө белгилүү принципке, мезгил шартка ылайык талданып, турмуш чындыгын чагылдырат. Тарыхый романистика эл башынан кечирген өткөн окуяларга, улуу инсандардын жеке өмүрүнө, жашоо маңызына таянып сүрөттөөгө алынган доордун мүнөзүн, жалпы картинасын көрсөтөт.

Автор өз максатын ишке ашырууда тарыхый-маданий мурастарга, архаикалык булактарга, жазма эстеликтерге таянат. Тарыхый романдардын негизин тарыхтагы анык адамдар эмес, жазуучунун жеке шыкталантынан, кыял табытынан жаралган образдар түзөт эспи. Ошондуктан бул образдар ошол доорго тиешелүү болгон бардык турмуштук колоритти, адеп-ахлак нормаларды алып жүргөндөй болууга тийиш.

Демек, чыныгы тарыхый чыгарма эки баалуулукка ээ. Ал окурманга эстетикалык ырахат тартуулоо менен бирге тарыхты таанытуу, үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн берет. Тарыхый көркөм чыгарманын касиети тарыхый окуяларды реалдуу турмушта жашаган адамдардын жандуу образдары аркылуу чагылдырып, окурмандын кенен чөйрөсүнө эмоционалдык жактан күчтүү таасир бере алгандыгында. Тарыхый окуянын айрым өтө кылдат сырлары тарых илимине караганда көркөм адабиятта тереңирээк ачылышы мүмкүн.

Ошондуктан, Т.Сыдыкбеков көөнө түрк доорундагы Енисейлик кыргыздардын турмушун, андагы тарыхый окуяларды, эстетикалык баалулуктарды, чындыктын реалдуу картинасын чагылдырган “Көк Асаба” романын келечек муунга мурас катары калтырып кетти.

Аталган роман жазуучунун чыгармачылыгындагы ири ийгиликтердин бири болсо да, ал али өзүнүн чыныгы баасын ала электей сезилет. Бул жөнүндө педагогика илиминин кандидаты, доцент Ү.Култаева мындай дейт: «Көркөм сөз чеберлеринин бири Т.Сыдыкбековдун чыгармачылык дүйнөсүндө "Көк асаба" романынын өзгөчө орду мааниси бар. Роман 1989-жылы басмадан чыкканына карабастан, бүгүнкү күнгө чейин толук талдоого алынбай келет. Айрым гана кандидаттык диссертациянын (Караңыз Б.Темирова. Т.Сыдыкбековдун "Көк асаба" романынын көркөм наркы".

-Б., 1997) материалынын негизинде чыккан эмгекти, сейрек макалаларды эске албаганда бул көркөм чыгарма жөнүндө бүйүр кызыткан адабий талкуу, олуттуу пикирлер али жарала элек. Таң, калаарлык нерсе, кийинки эле мезгилде басмадан чыккан "Кыргыз адабиятынын тарыхында" да жазуучунун чыгармачылык портрети да "Көк асабасыз" жазылыптыр. Өзүнүн көркөм иликтөөгө алган объектиси, идеялык-тематикалык мазмуну, образдар системасы, тили жана стили жагынан кыргыз адабиятынын тарыхында кайталангыс бул чыгарманы көз жаздымда калтыруу менен Т.Сыдыкбековдун портретин да, улуттук адабияттын тарыхын толук деп айтуу кыйын болор». [3. 3.]

Албетте, бул чыгарма такыр эле илимпоздордун көз жаздымында калды деген ойдон алыспыз. Бүгүнкү күнгө чейин бул чыгармага арналган илимий изилдөөлөр, макалалар аз эмес. Атап айтканда: Темирова Б. Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романынын көркөм наркы". - Б.,1997;

Темирова Б. "Көк асаба романындагы стилдик айрым өзгөчөлүктөр жөнүндө. Ош. 1997; Мусаев А.И. "Т.Сыдыкбековдун романдары: Адамдын көркөм концепциясы", Бишкек докт.дисс -Б., 2002; Мусаев А.И. "Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгындагы айрым актуалдуу маселелер" -Б., 2002. Мусаев А.И. "Т.Сыдыкбековдун "Көк асаба" романы жана "Манас" эпосу" Б., 2001; Култаева Ү.Б. "Кыргыз мамлекеттүүлүгүн "Көк асаба" романында көркөм чагылышы". Жыйнакта: Тил тагдыры -эл тагдыры. Б., 2003; Солтобаева К.Б. "Көк асаба" романында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн көркөм чагылышы жана аны окутуунун айрым маселелери" Жыйнакта: Тил тагдыры —эл тагдыры. Б., 2003; Иманбердиева Н.А. Идея образы проблематика в романе Т.Сыдыкбекова "Көк асаба" (Голубой стяг) Б., 2001. ж.б.

Ошону менен бирге жалпы эле улуттук адабий процессиндеги этаптуу чыгармалардын бири эсептелинген "Көк асаба" романы кийинки муун үчүн чыгарманын нравалык, эстетикалык сабактарын дагы тереңдетип өздөштүрүүсү зарыл десек болчудай.

Анткени, "Көк асаба" романынын көркөм-эстетикалык баалуулугун эске алып, аны предметтер аралык байланыш аркылуу терең үйрөнүү, методикалык багытындагы иштелмелерди иштеп чыгуу, тарых сабагы, тил сабагы жана адеп сабагы менен байланыштырып окутуу жакшы натыйжаларды берет деген ойдобуз.

"Тарыхты кенен изилдеп, калыс бааласак, ал бизге ата-бабанын басып өткөн жолунан эң бай үлгү көрсөтүп, чоң илимге эшик ачаары шексиз" –деп окумуштуулар айтып келгендей, кантсе да, көркөм чыгарма катарында жазуучунун зор табылгалары, өзүнүн тарыхка болгон көз караштары, айрым бир баалуу материалдарды кезиктирүүсү окурман коомчулугун кайдыгер калтырбайт. Мезгил алмашып өткөн сайын, адамзат маданиятында мезгилге утурлаш өзгөрүүлөр болоору аныk. Ошондуктан, бул чыгарманын тагдыры да мезгил, коомчулугубуз менен байланыштуу.

"Көк асаба" романынын көркөм наркы" - деген макаласында Темирова Б. мындай дейт: "Көк асабанын тарам-тарам болуп, кеңири жайылып өзүнчө чоң алкакты алып турган сюжеттик мазмунунда тарыхый окуялар менен кадыресе күндөлүк тиричилик, ар кандай каада – салттар да өзөктөш өнүгөт. Бул тарыхый романдын тажрыйбасына тиешелүү көрүнүш. Ошондуктан романда байыркы кыргыздардын турмушуна тиешелүү темир иштетүү менен курал-жарак жасоо көп түшүнүктөрдүн берилиши да кокусунан эмес. Муну тажрыйбалуу романчынын ийгилиги катары карoого негиз бар". [2.17.]

Ошондой эле, романдагы сөз өнөрү өз мезгилинин олуттуу проблемаларын козгоп, элдин турмуш тагдырын, келечекке умтулуусун, руханий-нравалык философиясын чагылдырган көркөм дүйнө болуп саналат.

«Улуу сөз» романдын сюжеттик составынан орун алуу менен жалаң гана тарыхый чындыкты калыбына келтирүү максатында эмес, ал баарынан мурда, сюжеттин өркүндөшү үчүн кызмат кылат, кадимки жүрүп жаткан реалдуу окуядай жаш жоокерлердин баатырдык иштеринен үлгү көрсөтөт.

«Сөз өнөрүн туу тутуп, кылым карыткан кыргыз элинде «Накыл сөз», «Чечен сөз», «Улуу сөз» деген түшүнүктөр бар. Эгерде "Улуу" деген сөздүн өзү артыкчылыкты, кайталангыс сейректикти (улуу адам, улуу жазуучу, улуу чыгарма ж.б.) түшүндүрсө, «Улуу сөздүн» элдик мааниси андан да кенен жана терең. "Көк асаба" романы менен кийинки урпактарга, улуу сөздүн маанисине өзү да башын ийген сыяктуу. Чыгарманын башынан аягына чейин ар бир окуяга өзөк катары колдонулган улуу сөздү жазуучу элдин тарыхынан урпактар билүүгө тийиш болгон "караңгы" катмарларына шам чырак кылып кармагандай». [4.22.]

Тирүүлүктөгү элдин тынчылыгы бардык асылдыктардан жогору турарын туюндурат. Барс, Жаш-Тегин, Жолборс, Буйлаш - баарын өзүнүн акыл таразасына салып, жол көрсөтөт. Эр тамыры от күйгүзбөсө, бу боору түктүү жердин тентек балдары эмдигиче бирин-бири талап кетмек деп акыл айтат. Мына ушул акыл-насааттын теги «Чаа менен Аз» деген бөлүмүндө таасын уланат.

Т.Сыдыкбеков романдын негизги персонаждары Эр-Киши менен Жаш-Тегин кандай максат менен мындай азаптуу "саякатка" чыкканын акырындык менен, бирок системалуу түрдө ачып жүрүп отурат. «Чаа менен Аз» деген бөлүмдө автор бул жөнүндө эми ачык жазат: "Жаш-Тегинге эл таанытып келаткан Эр-Кишинин башкы максаты өз-өз алдынча көрүнгөнү- көрүнгөн жакка тизгин чойгон урууларды ынтымакка чакыруу".

«Баба жырымы» деген бөлүмүндө эл тагдыры тууралуу элестүү айтылган насыяттар окурманга таасир калтырат.

«Коркпос эр кылычын курчутар, коркок жан багар мокотор», "бөрү тарткан мал жаралуу, жоо чапкан журт жаралуу". Жаралуу жанды муң баспасын. Ол күч алыш үчүн чоң-кичик, жакшы-жаман баары кын дебей баш ийсин. Ажосун эшитпес жоого тизгин бүгөөр. Чабылган журт чачылып калбайды. Чабылган журт ыйык баба мыйзамын колдонсо, ол тез чыңалыр, тез кек алыр. Тез көгөрүр. Чабылган журтту башка калк кем көрүр".

Бөтөн сөз: Уурулук - киши кыялына батпас эң ыплас жосун. Ууру ыйык жерди басып, таза сууну ичип, катарда жүрсө, онун ач көздүгү башкаларга жугар. Улак уурдагандын сөөмөйү кесилсин, козу уурдагандын бар-

магы кесилсин, кой уурдагандын колу кесилсин, ат, төө урдагандар мууздалсын. Уурулуктун кандай айып үстүнө айып тартып, ал айыбын койбой дагы уурулук кылган арамдын кесилген башы атасынын мойнуна илинсин! Ууру асыраган жаман атанын тартар жазасы ошол.

Жаман сөз: Ушак эл бузар. Ага-ини арасында ынтымак бузган ушакчынын эрди кесилсин, өз журтун ушактаган ушакчы арам мууздалсын!

Өз журтун таштап жоого сатылып киши уулу иштеген кылмыштын эң арам иши. Ол арам ишти эң арам киши иштер. Эл-журтунан - энесин сатуу. Эне балага ыйык! [1.119.]

Романда сүрөттөлгөн окуялар аркылуу автор дааныштман кыргыз ата- бабаларынан бери келаткан тарбиячы улуу сөз уламасын урпактардын кулагына куюп, кезинде башка элдерден кем эмес өнүгүп, өсүү жолу бар экендигин түшүндүрүп, улуттук сыймыкты пайда кылат. Ар заманда калың катмарлуу, нарктуу жөрөлгө, улуу ишеними артып, уңгулуу салт менен көчүн баштаган инсандар алгалап келет. Өзүнүн кечээгисине көз жүгүрүп, бүгүнкүсүн калчап көрүп, эртеңкисине ой- чабытын узатып турат. Ар кандай кыйынчылыкка дуушарланып, кыйындыкта калганда да кырылбай тырмышып журт курап, коломтону өчүрбөй келген кыргыз көчүнүн учугу уланат. Ар бир доордо эл көчүн баштап, чыгаан инсандар чыгат.

Улуу муундун кичүү муунга кылган камкордугу уңгулуу жөрөлгөлөрү, калайыкка адеп-ахлактык сапаттары, баатырдык, эрдик өнөрлөрдү үйрөнүү менен, аны келечек муунга жайылтуу - Т.Сыдыкбековдун "Көк Асаба" романынын тарыхый-эстетикалык баалуулуктары катары карасак болот.

Адабияттар

1. Сыдыкбеков Т. "Көк асаба". -Ф.: Адабият, 1989.

2. Темирова Б. "Көк асаба" романынын көркөм наркы. -Б., 1997.

3. Култаева У.Б. Улуу сөз - улуттук идеология. //Аалам. 19-апр. 2005.

4. Мусаев А.И. «Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы жана «Манас» эпосу» - Б., 2001.

УДК: 370:398

***Кожобекова Н.**, ОГПИ*

ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАГЫ ТАРБИЯНЫН ТААСИРИ

ВЛИЯНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ УСТНОГО НАРОДНОГО ТВОРЧЕСТВА НА ВОСПИТАНИЕ

INFLUENCE OF UPBRINGING OF NATIONAL ORAL WORKS

***Аннотация**: Бул макалада саламдашуудан баштап, элдик оозеки чыгармалар жана «Манас» эпосундагы тарбия жөнүндө сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:** тарбия, каада -салт, үрп адат, фольклор, саламдашуу, макал, этнопедагогика,үй-бүлө.*

***Аннотация:** В этой статье говорится о воспитательном значении приветствия в подсевной жизни, в устном народном творчестве и в эпосе «Манас».*

***Ключевые слова**: воспитание, традиции, обычаи, фольклор, приветствие, пословица, этнопедагогика, семья.*

In this article is about educational meaning of greeting and national oral works in epic «Manas»

***Key words**: upbringing, traditions, customs, folklore, means of greeting, proverbs, ethnic pedagogy,family*

Энени сыйлаган элге жагат,
Атаны сыйлаган абийир табат.

Кыргыз калкы башкаларга караганда ата салты эң бай маданий мурастары менен өзгөчөлөнүп турат. Атадан балага, укумдан-тукумга таралып жаш муундун акыл-эсин өстүрүүдө көркөм эстетикалык табитин калыптандырууда кеңири колдонулуп келген эң бай мурастардын бири фольклордук чыгармалар болуп эсептелет. Бул мурастарды таза сактоо терең үйрөнүү маданиятыбыздын өнүгүшүнө негиз болуп руханий байлыгыбыздын байышына көмөк көрсөтүүчү эл чыгармачылыгы азыркы учурдагы маанилүү проблемалардын бири. Кыргыз Эл жазуучусу, академик Түгөлбай Сыдыкбеков «Эгерде биз кылымдардын акыл-насаатына кулак салбасак, биздин ата-бабаларыбыздын арбагы кечирбестир»,- деп белгилеген.

Элдик тарбиянын калыптануу өнүгүү мезгили атам замандан башталып, көптөгөн кылымдарды карытты. Ал улам мезгил өткөн сайын мазмуну байып, ичине улам жаңы байлыктарды сыйдырып калыптанып кеңейди. Бай тарыхка ээ болгон тарбия бүгүнкү күндөгү адамдардын акыл-азыгына айланып отурат. Илгертен эле элдик жомоктор, жөө жомоктор, эпостор элдик дастандар, элдик каада-салт менен үрп -адат балдарга улуттун руханий баалуулуктарын терең үйрөнүүгө негиз болуп келди. Жаш адамдын аң-сезимине, мекенди сүйүү, мекенчил адам катары калыптанып, өз элинин, жеринин чыныгы атуулу катары калыптанышына өбөлгө түздү. Асыл мурастардын кайталангыс үлгүсү «Манас» эпосунан тартып, оңдогон кенже эпостор элдик дастандар жаштарга тарбия берүүнүн уникалдуу үлгүсүн пайда кылды.

Элдик жөө жомок, жомоктор, мифтер менен легендалар, макал-лакап менен табышмактар, оозеки формада муундан-муунга сакталып этнопедагогиканын түгөнгүс казынасына айлангандыгын сыймыктануу менен белгилөөгө болот. Элдик педагогикалык ойлор элдик оозеки чыгармачылыктын бардык түрлөрүндө, бардык жанрларда, макал-лакап, жаңылмач, жомоктордо, учкул сөздөрдө, табышмактарда, уламыштарда, баатырдык эпостордо кеңири чагылдырылып, бекем сакталып, иш жүзүндө күндөлүк турмушта колдонулуп келди. Кыргыз фольклорунда акын жазуучулардын чыгармаларында кеңири чагылдырылып педагогикалык идеяларды түздү.

Кыргыз элинин атамзамандан бери каралып келе жаткан баалуулуктарынын негизгилеринин бири улууну урматтоо, кичүүгө ызат көрсөтүү сыяктуу тарбиянын элементтери бүгүнкү мезгилде тарбиянын каражаттарынан болуп калды.Эң эле жөнөкөй саламдашууну мисал келтирсек болот. Жалпы адамзаттын ар бир улуттун өкүлдөрүнүн бири-бири менен баарлашуусу саламдашуудан башталгандай ар бир адам менен саламдашууда жагымдуу үн, жылмаюудан, жайдары ырайдан башталса, башкалардын мамилеси да ошого жараша болот. «Жакшы сөз жан эргитет»деп пайгамбарыбыз Мухаммет Салаллоху Вассалам айткандай:

«Саламдашуу ар бир адамга жарык тартуулаган сыяктуу мээрим менен жакшылыктын да жышаанасы». Айрыкча жаш адамга маданиятуу саламдашуу менен коштошуунун этикасына көндүрүү кандай жагымдуу маанай.

Элдик салтка ылайык кичүү-улууга,атчан жөөгө биринчи салам берет. Саламга-алик алуунун да элдик салты,жөрөлгөлөрү болот «Ассалоому алейкум» деген саламга «Ваалейкума ассалом», «Арбаңыз» дегенде «Бар болуңуз» деген жооптор жарашып,ылыйык келип турат.Дегинкиси мындай таалим элге мурдатан эле үлгү болуп келген.Балдарды турмуштук ар кандай кырдаалдарда мүмкүн болушунча маданияттуу,кичи пейил сүйлөөгө жана мамиле кылууга көнүктүрүү талап кылынган.Элибизде улууга урмат,кичүүгө сый, «Жаш келсе ишке,кары келсе ашка»деген сыяктуу адеп-ахлак маанисинин зарылдыгы тарбиялуу,маданияттуу болууга үндөө. Бейтааныш адамга «сиз»деп кайрылуу,эки адамдын баарлашуусуна кийлигишпөө «Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат»-дегендей жапакеч,жумшактык,кичи пейил мамилелер тарбиянын башаты десек жаңылышпайбыз.

Эл кылымдан –кылымга басып өткөн жолундагы турмуштук тажрыйбаларынын эң керектүүлөрүн үлгү,сабак боло турган мисал,фактыларды пайдалуу байкоолорду сары майдай сактап кийинки муундарга мурастап келген. Ошондой баалуу рухий байлыктардын бири макал-лакаптар.Ал фольклордук чыгармалардын ичинен өзүнчө спецификалык,көркөмдүк,-мазмуундук бөтөнчөлүктөргө ээ,мазмунга формасы жагынан ар түрдүү көркөмдүүлүккө,элестүүлүккө өтө бай. Элдик оозеки чыгармачылыктын башка жанрларынын,түрлөрүнүн ичинде мазмунунун тереңдиги жана таамайлыгы,кыскалыгы,элестүүлүгү менен айрымаланат. Мына ушундай терең мазмундуулугуна,-турмушту таанытуудагы,таалим- тарбия берүүдөгү маанисине жана көркөм формасынын жеткиликтүүлүгүнө карап,макал-лакаптарды элдик поэзиянын,элдик акыл ойдун чалкып жаткан деңизи деп атоого болот. Адатта макал-лакаптарды эл эң эле жогору баалоо менен аларды «сөздүн бермети» деп коюшат.

Көркөм формасынын жеткиликтүүлүгү кыскалыгы ,элестүүлүгү,таамай жана тактыгы, эске тутууга, жаттап калууга жеңилдиги,эң негизгиси- турмушту таануучу,жалпылоочу,акыл,насыят,таалим берүүчү күчү,терең мазмунжана идеясы үчүн оозеки чыгармалардын ичинен макал-лакапты угуучулар –окуучулар тарабынан өзгөчө бааланат. Ал турмуштук тажрыйбалардын негизинде келип чыккан,такталган кыскача,-кескин,агын,түрдөгү корутунду жыйынтыктар макал-лакаптардын терең мазмунуна таалим тарбиясынын ролуна,көркөмдүк касиеттерине эң жогорку баалар,мүнөздөмөлөр берилген.Анда өмүр жана өлүм-,адилетжана адилетсиздик,чындык жана жалгандык адамдардын мыкты жана начар сапаттары кыял-жоруктарыж.б. ар түрдүү тема мазмундагы акыл-насаат иретиндеги ой - пикирлер,байкоочулар жана жалпылоочулар кеңири чагылдырылган.Көркөм формасы боюнча кыска,так,таамай элестүү көпчүлүгү афоризимдеги учкул сөздөргө жакын туруп сүйлөө речтерде колдонууга анын жанр катарындагы бөтөнчөлүктөрү ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрү,айрым жанрларга салыштырганда артыкчылыктары арбын.Дүйнөгө,турмушка карата болгон элдик көз караштаржана карама-каршылыктар,тарыхый этнографиялык жагдайлар- мындан башка да толгон токой мазмундагы темалар макал-лакаптарда таасын көркөм ыкмада чагылдырылат.Анда эмгек темасы эң орчундуу маанилүү темалардан. Эмгек-тиричилик,турмуш жашоонун негизги маңызын түзөрүн эл турмуштук тажрыйбадан ачык башташкан. « Эмгек кылган эгиндүү», «Эрдин атын эмгек чыгарат», «Мээнетиң катууболсо,тапканың таттуу болот».Өңдүү таамай байкоолор,үлгү,насаат,-мүнөздөө аркылуу менен мазмун жыйнактары үндөө,чакырык түрдө айтылат. Мазмуну, идеясы боюнча нукура залкар ойлор, чыныгы мекенчилдикке, эң сонун асыл-сапаттарга тарбиялаган акыл-насааттар, эл-журт, ата мекен темасындагы макал-лакаптар өзгөчө орунда турат. «Туулган жердин топурагы алтын». Ар бир адамдын киндик каны таамп, төрөлгөн өз жери баарынан жогору бааланат. Көп кырдуу, социалдык таптык маанидеги өмүр,өлүм, кубаныч, өкүнүч, жаштык,карылык, сүйүү жана үй-бүлө,адамдын ар түрдүү кыял-жоруктары, мыкты жана начар сапаттары,элдик этика,мораль,нрава темасындагы макал-лакаптар,элдик оозеки чыгармачылыктагы маданий мурастар баа жеткис байлык,алтын казына. Элдик макал-лакаптар адамды тарбиялап кеменгердик даража-дарametин эч качан бөксөртпөйт,төмөндөтпөйт.

Жакшы адам өзүнөн-өзү жетиле бербейт. Аны коом тарбиялайт. «Сынбайын десең элге жагар сөз сүйлө», «Өнөрлүү өлбөйт», «Өнөрүң болсо өргө чап» Өнөр менен акылды,чыгармачылыкты бириктире алгандар эл ичинде узак жашайт, тарыхта калат. «Ата баласы болбосо да эл баласы бол!», Алты күн ачка калсаң да атаңды, жети күн ачка болсоң да энеңди сыйла» демекчи бактылуу үй-бүлө барга жокко карабай балдарына жалпы баарына бирдей мамиле кылат. Кайсыл гана макалдарды албайлы дидактикалык добушка ээ, үлгүлүү адам болууга үндөйт. Улуулардан жана ата-энелердин жаштарга, балдарга берген баталары жакшы тилектерге кеңири орун берилет.Көптөгөн макал-лакаптар элдик оозеки чыгармачылыктын таасиринде жаралган.Өзгөчө эпостукчыгармалардагы эсте каларлык курч,сюжеттүү окуялар кийинкилерге таалим-тарбия берүүдө орчундуу орунга ээ болуп, баяндоолор, кызыктуу эпизоддор макал-лакаптардын пайда болушуна негизделген. «Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени-Семетейдин ажалынын жеткени» , «Чубактын кунундай чубалган», « Көз камандарча бычакташкан туугандар» ж.б. лакаптар «Манас» эпосундагы каармандардын окуяларынан улам пайда болгон. Дал ушундай элдик жомок,дастан, уламыш, миф, айтым-

дардын негизинде пайда болгон макал-лакаптар көп экендиги баарыбызга маалым.

Кыргыз макал-лакаптарынын пайда болуу жанры эл арасында жашап, колдонуу жактарын изилдеп, аны түрлөргө бөлүү жактары окумуштуулар тарабынан колго алынып келүүдө. Бул тема эч убакта маанисин жоготпойт. Келечек муундарга тарбия-таалим берүүдө гүлазык катары акыл-ой чабытынын кеңейишине үлгү боло берери анык. Жаштарга тарбиялоо татаал жана зарыл керектүү маселе болуп келген. Анын негизги максаты адамды инсан катары жакшы сапаттарга, жүрүш-туруш эреже нормаларына жана башкаларга ээ кылуу болуп саналат. «Элибиздин педагогикалык ойлорун изилдөө азыркы учурда эң актуалдуу проблемалардын бири. «Элдик педагогиканын берметтери» аталган элдик оозеки чыгармаларды окуп, үйрөнүү окумуштуулар тарабынан колго алынып келүүдө. Ал акыл тарбиясы, саясий тарбиясы, эмгек тарбиясы, адеп тарбиясы, дене тарбиясы, эстетикалык тарбия, үй-бүлө тарбиясы жана башка бөлүктөр менен иш алып барылууда.

Этнопедагогиканын талаптары жаштардан шыкжөндөмүнө, коомдогу ордуна карай белгилүү бир кесипке ээ болушуна,же шарттын өзгөрүшүнө байланыштуу кесибин өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө багытталат. Жеке өзүнүн жашоо турмуш-шартын жакшыртууга табылган кирешесин туура жана үнөмдүү пайдалануга үйрөтөт.

Келечекте үй-бүлө курууга, үй-бүлөлүк турмушка даярдоого байланышкан тарбия өзүн-өзү сыйлоого, өзүн-өзү коргоого гана көңүл бурулбастан, өзүнүн жакындарын, туугандарын жана үй-бүлөсүн сүйүүгө барктоого багыт берет. Гумандуулукка көнүктүрүү - адамдын өзүн-өзү, башкаларга мамиле жасоосу, коомдогу жүрүш-турушу, гумандуулуктун идеяларын инсанга сиңирүүгө багытталган. Ошондой эле коомдун, аң-сезимдин, коомдук мамилелердин негиздерин да адамгерчиликтүү нукта жүргүзүүгө шарт түзөт.

Маданиятуулуктун негизги максаты адамзат тарабынан иштелип чыккан маданий баалуулактарды, дөөлөттөрдү муундан муунга берүү, сактоо жана милдеттүү түрдө колдонууга үйрөтүү маданияттуу тарбия көргөн инсан өзүнүн айлана чөйрөсүндө маданияттуу болуусуна көмөк көрсөтөт.

Руханий баалуулуктарга ээ болууда адептик баалуулуктарга көнүгүү жаш адамдын дүйнө таанымынын калыптанышынын андагы моралдын мыкты сапаттардын калыптанып өнүгүшүнө, жалпы коомдогу мамилелериндин руханий баалуулуктарга, мыкты адеп-ахлак нормаларга негизделишине өбөлгө түзөт. Элдик тарбия инсандын суроо-талаптарынын чегинде эмес, анын коомдук инсанга койгон суроо-талаптарынын алкагында карайт. Тарбиялоонун максаты социалдык жүрүш болуп саналат. Коом өз өнүгүүсүн келечегинин негизинде акыл-эстүү, ден соолугу чың, аң-сезимдүү адеп-ахлактык, эстетикалык жактан өнүккөн өз алдынчалыкка ээ болгон инсандарды тарбиялоо максатын көздөйт. Улуттук тарбияны колдонууда элдик педагогика коомдук социалдык көрүнүш катары эл улут менен бирге жаралып, калыптанып, өнүгүп жана өзгөрүп туруучу жандуу процесс. Элдик педагогика эл менен жаралып кошо өнүккөн, анда элдик материалдык коомдук, руханий-социалдык бардык баалуулуктары каралып, илгерилеп жана өзгөрүп туруучу жандуу процесс өкүм сүрөт. Элдик педагогиканын таалим-тарбия системасы ал элдин тарыхы, үрп-адаты, каада-салты, диний түшүнүгү, адабияты, маданияты, дүйнө таануусу, экологиялык, адеп-ахлактык ж.б. түшүнүктөрү менен бекем байланышта иштелип чыгылганы белгиленип таалим-тарбиянын бардык жоболору реалдуу турмуш, географиялык абал, кесипчилик ж.б. тарбиялык кырдаалдар жашоо образдар менен түздөн түз байланышта үйрөнүү, көнүктүрүү, калыптандыруу ж.б. нукта тарбия иштерин турмуштук шартта, иш үстүндө берилген таалим тарбия берүүнүн формалары, мазмуну, ык-жолдору жана каражаты турмуш сынагынан социалдык тажрыйбалардан өтүп, сыналган түрдө гана колдонулган.

- Нусканын, таалим-тарбиянын тууралыгы керектүүлүгү жана зарылдыгы дароо турмушта сынактуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

- Этнопедагогикадагы таалим-тарбия берүү алардын турмуш чындыгында мыйзам ченем, өзүнүн кайталануусу менен таасирдүү болгон.

- Таалим- тарбия берүүдө угуу көрүү жана өзү жасоо ишмердиктери бирдиктүү аракетте болушу.

- Таалим –тарбиянын тажрыйбасынын дароо көрүнүшү .

- Таалим- берүүдө колдонулган ыкма жолдору каражаттардын өтө таасирдүү болуп, эсте көпкө сакталуусу же өмүр бою унутулбай, сабак болуу касиетке ээ болушу өзгөчөлөнөт. Элдик оозеки чыгармачылык аркылуу тарбияны берүү жана сактоо олуттуу мамилени талап кылат.

Адабияттар

1. Кыргыз этнопедагогикасы. -Ф., 1996-ж. 49-бет.

2. //Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. -Б., 2013-ж. №3.

3. //Шоокум 2009-ж. 4-28-33-беттер.

4. //Эл агартуу. (Илимий –педагогикалык жана методикалык журнал) № 1-2 2014-ж.

УДК:894.341.

А. Мамбетова,
Ж.Баласагын атындагы КУУнун окутуучусу

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН СЫН МАКАЛАЛАРЫНДАГЫ ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ТУУРАЛУУ

О ПУБЛИЦИСТИЧЕСКИХ ОСОБЕННОСТЯХ В КРИТИЧЕСКИХ СТАТЬЯХ Ч.АЙТМАТОВА

ABOUT PUBLICISTIC PECULIARITIES IN CH.AITMATOV`S ARTICLES

Аннотоция: *Ч.Айтматовдун публицистикалык макалаларындагы коомдук актуалдуу маселелери жана кыргыз искусствосу жөнүндө маалымат берилип, бир нече макалалардагы сын пикирлерге токтолгон.*

Түйүндүү сөздөр: *Макала, искусство, сын пикир, көркөм адабият, кыргыз поэзия, өнөр, чыгарма, кыргыз адабияты, маданияты, көз караш, жазуучу.*

Аннотация: *В публицистических статьях Ч.Айтматова рассматривается общественно-актуальные проблемы и кыргызское искусство, а некоторые из них посвящены критицизму.*

Ключевые слова: *Статья, искусство, критический обзор, художественная литература, кыргызская поэзия, ремесло, кыргызкие литературные произведения, культура, точка зрения, писатель.*

Annotation: *This article is considering the journalistic articles by Ch.Aitmatov which regarded the social actual problems, Kyrgyz art and also criticism in some articles.*

Key words: *Article, art, critical review, fiction, Kyrgyz poetry, craft, Kyrgyz literary works, culture, point of view, writer.*

Ч.Айтматов да өзүнүн публицистикалык сын макалаларында жеке эле коомдогу актуалдуу маселелерге токтоло бербестен кыргыз искусствосун байыткан. Театр ишмерлерин да көмүскөгө калтырбайт.

«Сыймыктанар адам» аттуу макала ар бир адамда табият берген бөтөнчө касиет дээринде кандайдыр бир тубаса бүткөн учкун болот.Ар бир адамга ар кыл өнөрдүн, ар түрдүү жөндөмдүүлүктүн тамыры да мына ушундай өнүүгө алат.

Кыргыз элинин театралдык тарыхында бир топ эле белгилүү кишилер адеп театр пайда болгондон тартып, жаңы маданиятка өз салымдарын кошуп келишкен. Ошолордун ичинен театралдык өнөрдү кадыресе Европалык деңгээлде өздөштүрүп, кыргыз оюнчусунун күчүн, кыргыздын улуттук сахна оюнунун дарегин кыйла жерге жеткирген кишибиз - М.Рыскулов экени талашсыз деп ойлойм. Демек, актердун өнөр - адам рухунун, эң бир жаркын көрүнүштөрүнүн бири. Мисалы, берилгендик, баатырдык көсөмдүк дейбиз оюнчунун өнөрү да мына ушундай мааниге ээ.

М.Рыскулов кыргыз элинин кымбат перзенттеринин бири, сыймыктанар адамы, кыргыз маданиятынын алыстан көрүнгөн чокусу. Эл албетте, өзүнүн таланттуу уулдарынын жасап кеткен иштерин, өрнөктөрүн ата мүлкү катары кабыл алаары бышык.

Демек, турмуштун уландысы, түгөнбөс дайрасы агып баратат. Ошонун бир четинде М.Рыскуловдун өстүргөн чынары да бүрдөп көгөрө бермекчи.

Ч.Айтматов жазуучулардын да эмгегин четке калтырбайт «Турмуштун чыныгы көркөмдүктө чагылдырган жазуучу» - аттуу макаласында У.Абдукаимовдун «Майдан» романы адабият үчүн орчундуу жаңылык болуп эсептелет. Согуш темасына арналган алгачкы кыргыз романы. Болгондо да, жоокердин өз колу менен жазылган роман. Автор романды согуштун алгачкы күндөрүнөн баштап эле ойлоп жүргөн. Арийне согуш деп аталган дүйнөлүк эң татаал кубулушту, философиялык жана көркөм андан билүүгө көп жылдарды жумшады. Мындай оор милдетти Абдукаимов элге жеткире аткарып берди. Аны иш билги жазылып, таасирдүү айтып берген чыгармасы айгинелеп отурат.

Ал өмүрүн орус жана чет эл адабиятынын классиктерин которууга жумшады. Котормо ага адабий мектеп болуп берди.

Ч.Айтматов жаңыдан чыгып келе жаткан таланттарды да көмүскөгө койбойт.

«Жаңы жээк» аттуу макаласында С.Эралиевдин акындык ыкыбалы да ушундай болду. Ал кыргыз поэзиясынын, ал турсун, мен айтар элем бүткүл түрк тилиндеги адабияттын жаңы жээгин ачты. Мен бул жерде акындык айтылуу «Ак Мөөр» поэмасын айтып жатам. Алды кызык, арты армандуу махабат жөнүндө мыскылдап болумуш жайынан санжыра чеккен бул дастанды акындын ар бир сабы толгонгон комуз кылындай чыңалып, алп эткен эпкинден дирилдеп, шыңгырлуу күү чыгарып куюлушкан уйкаштардын уюган кенине, түркүн түсүнө бөлөнүп, кулпуруп олтурат.

С.Эралиевдин «Жылдыздарга саякат» поэмасы космосту багынткан адам жөнүндөгү эпопея, тактап айтканда, XX кылымда жашаган адамдын олуттуу монологу, анын ой-толгоосу, дүйнөгө жасаган мамилеси, анын философиясы жана рухий санаты.

Ч.Айтматов кыргыз искусствосун байыткан театр ишмерлеринин эмгегин да даңазалап өзүнүн публицистикалык сын макалаларында «Таалайга бүткөн улуу бийчи» аттуу макаласында бул кыргыз элинин маданий жактан өркүнү өскөн бүткүл соңку жаңы доорунда Б.Бейшеналиева экени анын айдын тунук асманында балбылдап жанып чыккан улуттук биринчи жылдыз болду. Б.Бейшеналиеванын өнөрүн өз көзү менен көрүп, ага куштары байланган, көп адамдар үчүн алардын ичинде жазуучу үчүн анын элесин эч качан эстен чыкпас деп ойлойм.

Кандай гана учурда болбосун балеттин эбак табылган, эбак таанылган негизи-классикалык балет, классикалык жанрлар, классикалык сюжеттер бар алар өзгөрбөй калат. Б.Бейшеналиева классикалык кебелбес образ. Б.Бейшеналиеванын чыгармасынын үргүлжү караганыбыз абзел; репертуарын, жалпы жетишкендиктери. Бирок «Чолпон» балетиндеги Айдайдын партиясы, анын искусстводо жеткен эң бийик оролу болду.

Ч.Айтматовдун сын публицистикалык макаласында көрүнүктүү «Белсемдүү адабиятчы» К.Бобулов тууралуу «...Турмуштун күр-шар түшкөн агымында Камбаралы ар дайым акыйкаттын жана чындыктын жолун издеп келатат. Ал эми акыйкат менен чындыктын маңызы ары татаал, ары кыйын келет эмеспи. Өмүрдүн мына ошол жоопту тилкесинде да Камбаралы кыйынчылыктан калтаарыбаган баштагы каадасынан танбаса деп, мурдагы белсемдүү жана кайраткер бойдон калса деп каалайм.»- дейт. (1)

Ооба, ал адабияттын жетишкен көп кырдуу өнөрдүн ээси.

Бул мезгилге чейин Айтматовдун чыгармачылык улуу өнөрүнө карата даңазалаган, даңктаган сын пикирлер гана айтылып келгендиги гана белгилүү, байкаган адамга жазуучунун өнөрүн, баалагандан бөлөк, анын терс сынга алган сынчылар болбогон, бирок, кийинки учурда Айтматовдун чыгармачылыгына карата, түрдүүчө сындар айтылып келет. Мына ошондойлордун катарына Филолог сынчы Б.Акматовдун «Ч.Айтматовдун жазуучулук сынды өнүктүрүүдөгү ролу» аттуу макаласында Айтматовдун чыгармачылык өнөрканасындагы, кээ бир кемчиликтердин бетин ачкан макалалардан болуп эсептелет.

«... Жазуучунун «Биз дүйнөнү жаңыртабыз дүйнө бизди жаңыртат» аттуу кыргыз тилинде биринчи китептин жарык көргөнү белгилүү, ошондой болсо да, мында дээрлик бүт баары камтылбаганы өкүнүчтүү. Мындай өкүттөрдүн демин баса туруп, дегеле басма сөз беттеринде жарыяланган, ар түркүн жылдардагы сынчыл эмгектерин жайгаштырып төмөнкүдөй бөлүштүрдүк:

Кыргыз адабияты менен көркөм өнөрүнүн туу чокулары классиктери, кайталангыс таланттары жөнүндө.

Жазуучулук өнөр тууралуу.

Дүйнөлүк чеберлерге карата пикирлери.

Мында биз салыштырмалуу гана формада алганыбыз болбосо, майдалап жиктештирсек адабият менен өнөрдүн ар бир тармагына чоңбу, же кичинеби, айтор, Айтматовдук концепция бар экендиги бир эсе сыймыктандырса, бир эсе кубандырат», - дейт. (2)

Б.Акматов бул сын көз карашында ар бир адабият ишмерлерине жазуучуларына, искусство ишмерлерине жазуучуларын искусство ишмерлерине токтоло бергендигин айтып келүүдө.

Ал эми кыргыз адабияты жана өнөрүнө арналгандарына токтолсок «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу», «Ак таңдай акындын мурасы», «Түпкү маданияттан башталган устат», «Сыймыктанар адам», «Турмушту чыныгы көркөмдүктө чагылдырган жазуучу», «Таалайга бүткөн улуу бийчи», «Чегелөө өнөрүнүн чебери», «Белсемдүү адабиятчы» айтылган макалалардын тизмесин карап көрсөк, кыргыз элинин рухий бийик дөөлөтү - «Манас» эпосунан тартып, кыргыз адабият таануусунда белсемдүү эмгектенип келе жаткан адабиятчы К.Бобуловго чейин эске алынат.

Мындай пикирлердин ар бири өз алдынча шашпай изилдөөгө муктаж болуп турса да, убакыттын ченелүү экендигин эске алып,

«...Байыркы Кыргыз рухунун туу чокусу» аттуу макалага гана токтололу. Бул макала жарым кылымдан ашуун мезгилди талаш-тартыш менен карыткан С.Орозбак уулунун вариантына арналып жазылган баш сөз эле. Эгерде ошол мезгилде, идеологиянын, бардык тармакты катуу тескөөгө алып тургандыгын, аң-сезимдин канондук ыкмада өнүгүшүн эске алганда, Айтматовдун бир тарабынын эл үчүн керт башын тобокелге салып, рухий дөөлөт үчүн жасаган күрөшү десек, экинчи жагынан идеологиянын чирип бараткан, тосмосун акырындык менен аң-сезимдик өнүгүш жарып чыгып бараткандыгынын закон ченеми катары түшүнүү да зарыл»,- дейт.(1)

Анткени ошол эле Айтматовдун өзү совет коомунун алдыңкы өкүлү эмеспи.

«...Эми макаланын кыргыз адабий сынындагы орду на келсек, бул «Манас» боюнча жазылган биринчи да, акыркы да макала эмес»(1),- деген «Манас» эпосунун тегерегиндеги пикирлердин кылым ашып, бүгүнкү биздин күнгө жеткендери да жана мезгилдин өтүшү менен жаңыланып жаралышы бар. Бирок алардын ичинде Ч.Айтматовдун көз карашы өз алдынча бөлүнүп турат.

Азыркы кыргыз адабиятынын, генетикалык негизги кыймылдардын кыйырын, оозеки түрүндө , жашоо менен басып өтүп, бүгүнкү күнгө чейин келип, жетип олтурган, өлбөс-өчпөс, элдик оозеки көркөм

мурасыбыздын, туу чокусу болгон «Манас» эпосуна, байыркы жана орто кылымдагы түрк элдеринин, жазма эстеликтерине, ошондой эле, индивидуалдуу чыгармачылыктын, башатында турган, акындар поэзиясына барып такалат. өзүнүн, басып өткөн тарыхый жолунда, элдин көркөм ойлоо, сапаттык өзгөрүүлөргө туруктуу.

Тышкы дүйнөнүн реалдуу чындыгын жаратылыштын кубулуштарын, адам менен коом, адам менен адам, адам менен жаратылыш чөйрөсүнүн, татаал карым-катнашын, байланышын аңдап үйрөнүүдө, аларды ой-фантазиясынын, элегинен өткөрүп, көркөм чагылдырууда, сыпаттама статистикалуулуктан иликтөө , аналитикалуулукка, конкреттүү - жекеликтен, жалпылык абстракциялуулукка, философиялык терең-дикке дейре өсүп өнүктү.

Ч.Айтматовдун «Манас» эпосу боюнча эстетикалык концепциясы жөнүндө. «...Кыргыз элинин оозеки адабияты формасы жагынан да, мазмуну жагынан да, көлөмү жагынан да таң каларлык бай, түгөнгүс кенч» (1).

Ошол «руханий дөөлөттүн башаты», «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу» «Манас » эпосу экендигин Ч.Айтматов ар дайым сыймыктануу менен белгилеп келет.

«Манас» жазуучунун чыгармачылыгында өзгөчө орунда жана бул маселе көп катмарлуу, көп кырдуу, миң сырдуу дагы. Ошолордун ичинен, эң бир олуттуусу бул жазуучунун эпоско карата эстетикалык көз карашы. Мына ушул маселенин чоо жайын терең аңдап, тактабай туруп, жалпы эле анын чыгармачылыгында «Манас» баш болгон, кыргыз эпикалык традициясынын, жалаң эле кыргыз эмес түрк элдеринин, эпикалык традициясынын духун, маанисин туура түшүнүү мүмкүн эмес.

«Манас» эпосу - элдин нечен кылымдык, башынан өткөргөн кайгылуу, оор турмушун, салт-санаа, үрп-адатын, дүйнөгө көз карашын чагылдырган улуу жомок.

Акыйкатта «Манас» эпосуна, окшогон көп жылдык тарыхы бар, зор көлөмдүү, поэтикалык эстеликти иликтөө, анын көркөм-эстетикалык, ажарын ачуу чоң маселе.

«Манас» эпосунун, изилдөөчүлөрүнүн жана жалпы эле окурмандардын, улам мезгил өтүп, кайрадан кайра доор алмашканына карабастан, дамамат кызыгуусун арттырган бир маселе бар. Ал эпостун-түбөлүктүүлүгү.

Абай салып карасак «Манас» эпосунун идеялык-көркөмдүк куну, жылдар өткөн сайын анын, дүйнөлүк маданияттагы, ээлеген орду абройу кенейүүдө .

Ч.Айтматов – реалист жазуучу. Андыктан ал коомдук, турмуштук көп маселелерге реалдуу мамиле жасайт. Ал эпостогу даңазаланган, эркиндик, көз каранды эместикке умтулуу идеясы менен, бүгүнкү биз түшүнгөн, эркиндик, көз каранды элестик идеясынын, ортосунда ички маани-мазмуну боюнча асман-жердей айырма бар экендигин жана ушунун өзү, эпостук барк-баасын ого бетер арттырып турарын баса белгилейт. Эркиндик идеясы туурасындагы элдин идеалы төгүлбөй-чачылбай, ошол калыбында бүгүнкү күнгө жетип олтурушун Ч.Айтматов эпостун «майтарылгыс күчү» деп эсептейт.

«...Манас» эпосун таанып билүүдө эмпирикалык, партикулярдык абалдан чыгуу, коньюктуралык-утурумдук саясатташкан калыптардан бошонуу натыйжасында Ч.Айтматов. улуу сөздүн синкреттик искусствонун дүйнөлүк үлгүсү катарында, азыркы философиялык-эстетикалык көз караштын негизинде кабылдоо жана түшүнүү деңгээлине көтөрүлүп чыкты»(1).

Ооба, азыркы «Философиялык-эстетикалык көз караштын негизинде кабылдоо жана түшүнүү деңгээлине көтөрүлүп чыккан» адам гана эпосту трагедиялуулукту, ошол эле мезгилде бийик, өтө бийик гуманизм идеясынын, айкалышына келгенин таасын баамдап, чыгарма туурасындагы, буга чейинки айтылган, ойлордун стреотибин бузуп жаңыча баа бердик.

Элдин акылмандыгы, жараткан көп катмарлуу, жана, көп тармактуу «Манас» эпосу жөнүндө Ч.Айтматов дайыма ойлонот, ага карата өзүнүн эстетикалык көз карашын, ар бир ыңгайлуу учурда, концептуалдуу билдирип келе жатат. «Манас» эпосунун күйөрманы жана билерманы катары, ал 80-жылдардын аягындагы, талаш-тартышта өзүнүн акыйкат, омоктуу сөзүн айтты.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз дүйнө бизди жаңыртат. -Фр.: «Кыргызстан» 1988.

2. Асаналиев К. «Ч.Айтматов жана руханий маданият» китепте «Ч.Айтматовдун жазуучулук сынды өнүктүрүүдөгү ролу». -Б., 1999.

3. Үкүбаева Л. Ч.Айтматовдун көз карашы. -Б., 2000.

4. Бобулов К. Чыгармачылыктын жаңы тилкеси // Ала Тоо, 1986., №4, 1988., №12

5. Бобулов К. Турмуш сыноосунан өткөн каармандар // Ала Тоо, 1958., №11.

УДК:002704.49

Кийизбаева Ч. К.
И.Арабаев атындагы КМУнун ага окутуучусу,
Бишкек. E-mail: cholpon82@mail.ru

КЫРГЫЗ ПУБЛИЦИСТИКАСЫНЫН ГЕНЕЗИСИ ЖАНА ӨНҮГҮҮ БАСКЫЧТАРЫ

ГЕНЕЗИС КЫРГЫЗСКОЙ ПУБЛИЦИСТИКИ И СТУПЕНИ РАЗВИТИЯ

GENESIS AND DEVELOPMENT STEPS OF KYRGYZ PUBLICISM

Аннотация: *Макалада публицистика жанрынын келип чыгышы, анын өзгөчөлүгү жана бул жанрдын кыргыз адабиятында пайда болуу тарыхы, өнүгүшү, кыргыз акын-жазуучуларынын жанрдын өнүгүшүнө кошкон салымы талдоого алынды.*

Түйүндүү сөздөр: *публицистика, жанр, акын-жазуучулар, чечендик өнөр, кыргыз адабияты.*

Аннотация: *В статье были анализированы история возникновения и развитие жанра публицистики, ее особенность в кыргызской литературе. Также рассматривался вопрос, какую лепту внесли в развитие жанра наши поэты и писатели.*

Ключевые слова: *публицистика, жанр, поэты-писатели, ораторское искусство, кыргызское литература.*

Abstract: *The article deals with the origin of the journalistic genre, their characteristic and the history of genre in Kyrgyz literature, its development, the contribution of akyn-writers to the development of genres.*

Keywords: *journalism, genre, poets-writers, oratory, kyrgyz literature.*

Публицистика - учурдагы коом турмушунун актуалдуу маселелери менен көрүнүштөрү жөнүндө маалымат берген чыгармалардын бир түрү [5]. Терминдин өзү латын тилинен которулганда «коомдук» дегенди түшүндүрүп, адабияттагы күндөлүк, коомдук-саясий, актуалдуу маселелерге карата курч, көркөм сөздүн күчү менен жазылган өзгөчө жанр болуп эсептелет. Автордун эң актуалдуу саясий-коомдук маселелер жана күндөлүк саясий окуялар боюнча ойпикирин билдириши менен өзгөчөлөнүп турат [3]. Белгилүү орус окумуштуусу В. В. Ученова: «Под публицистикой следует понимать массовые популярные политические тексты, воздействующие на актуальные общественно-политические процессы оперативным документальным отображением, основанным на их идейно-политическом осмыслении и эмоционально выраженной оценке» [11], - дейт. Ал эми Е.П.Прохоров публицистиканын өзгөчөлүгүн «...воздействие на актуальные общественно-политические процессы оперативным, документальным отображением, основанном на их идейно-политическом осмыслении, и эмоционально-выраженной оценке» [8], - деп белгилейт. Б.В.Стрельцов болсо публицистикага: «Отражая общественное мнение, оказывать постоянное влияние на формирование общественного мнения» [10.18.], - деген аныктама берет. Биз болсо публицистиканы коомдогу актуалдуу маселелерди массалык маалымат каражаттары аркылуу ачык талкуулоо деп да түшүнүп жүрөбүз. Мына ушуга окшогон түрдүү аныктамага ээ болгон публицистикага саясий активдүүлүк, курч жана жеткиликтүү баяндоо, фактыларга негизделген далилдөөлөр мүнөздүү [2.214.]. Публицистика алдын ала айтуу функциясына ээ болуу менен, өткөнгө сереп салып, келечек менен мурунку жашоону бириктирген касиетке дагы эгедер. Бул жанрдын обьектиси болуп - социалдык, саясий-идеологиялык, философиялык, адабий, моралдык, диний, тарыхый, экономикалык, экологиялык ж.б. проблемалар эсептелет. Ал көркөм адабияттан ойдон чыгарылган нерсени жазбагандыгы, көркөмдүктү

аз пайдаланылгандыгы менен айырмаланып, негизги - факты, көз караш, аргумент, проблема, концепция, тыянак компоненттерине ээ [13].

Башка жанрлардан ушундай өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган публицистиканын пайда болушу, калыптанышы жана өнүгүшү байыркы Антикалык доорго барып такалат жана публицистиканын башаты чечендик өнөр болуп эсептелет. Бул өнөр Байыркы Грецияда б.з.ч. V кылымда түптөлүп, анын негиздөөчүлөрү катары Протагор, Горгий, Гипий, Лисий, Демосфен, Цицерон эсептелет [9]. Ал эми орус адабиятында бул өнөр 11-кылымда Илариондон башталып, Мономах, Даниил Заточник, Ермолай-Еразм, Филофей сыяктуу алгачкы публицисттердин эмгектери аркылуу өнүгүү жолуна түшкөн. XVI-XVII кылымдардагы мыкты публицисттер – Максим Грек, Вассиан Патрикеев, Иван Пересветов, Андрей Курбский, Иван Грозный, XVIII кылымдагы М.Ломоносов, М.Щербатов, А.Сумарков, А.Радищев, Ф.Прокопович ж.б., XIX кылымдагы Н.Гоголь, Ф.Булгарин, Н.Добролюбов, Д.Писарев, Н.Некрасов, М.Салтыков-Щедрин, Ф.Достоевский, В.Белинский ж.б. эмгектери орус публицистикасынын гүлдөшүнө чоң салымын кошкон [12].

«Публицистиканын өнүгүшү элдин аң-сезимининөөрчүшү, атуулдук активдүүлүгү, ар бир адамдын дүйнө таанымы жана социалдык өсүү милдетинин бекемделишинен келип чыгат» [2.215]. Жогоруда айтылгандай, башка элдердей эле кыргыздарда дагы публицистика элдин аң-сезиминин өнүгүшү менен пайда болуп, өзүнүн өнүгүү жолуна түшкөн. Кыргыз публицистикасынын башаты расмий түрдө Россияда падышачылык бийликти кулаткан Октябрь революциясынын жеңишинин аркасында жеткен жазма профессионал адабияттын пайда болушу менен аныкталат. Бирок публицистиканын күндөлүк, коомдук-саясий актуалдуу маселелерге карата курч, көркөм сөздүн күчү менен жазылган өзгөчө жанр экендигин [3] эске алсак, анда кыргыздарда дагы башка элдердей эле публицистика советтик доорго чейин эле пайда болгон деп айтсак болот. Себеби кыргыз эли илгертеден эле кеп багып, сыйлап, кептин кадырына жетип, ага терең маани берип, касиетине ишенип келген. Так, таамай, таасирдүү, курч, калыс сүйлөгөн акылмандарды кыргыздар “чечен” деп аташып, кадырлап-баркташкан. Кыргыздан чыккан чыгаан чечендердин кара кылды как жарган адилет кептеринин кудурет-күчү, касиети аркасында жоолашкан элдер ынтымакташып, сунулган кылычтар кынына кирип, кыргын, согуштар токтоп, эл-журт аман калган учурларды тарых тастыктайт [7.3.].

Негизинен адабиятчылар бул өнөрдүн башатын үч этапка бөлүшөт: 1-этап – IX-X кылымдар, Ажыбай, Байжигит (Манас доору); 2-этап XIV-XV кылымдар, Жээренче чечен, Алдар Көсө, Акыл карачач (Жаныбек хандын учуру); 3-этап – XVIII-XX кылымдар, Тилекмат аке, Сарт аке, Мойт аке, Садыр аке, Көкөтөй, Куйручук ж.б. [6]. Бирок В.Мусаева өзүнүн “Кыргыздын чечендик кебин окутуу” аттуу монографиясында [7.46.] В.В.Радлов, В.Томсон, С.Малов сыяктуу окумуштуулардын эмгектерине таянып, бул өнөрдүн башатын VI-VIII кылымдарга таандык экендигин белгилеп, аны Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазууларда сакталып калган эң мыкты делген чечендердин Кытай, Византия, Тибетке элчиликке баргандыгы менен байланыштырат. Чындыгында илгери эң мыкты, даанышман чечендер элдер, улуттар, уруулар ортосунда элчилик кызматты, хандын ордосунда кеңешчилик милдетти аткарышкандыгын биз көп эле элдик оозеки жана адабий чыгармалардан угуп, окуп келебиз.

Кыргыздын легендарлуу ырчы жана сынчылары - Кет Бука, Асан Кайгы, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Санчы сынчылардын ошол кездеги бай-манаптардын туура эмес иштерине карата өз көз караштарын тайманбай айтышы - публицистиканын элементтерине толук жооп берет. К.Мамбеталиев дагы бул ойду “История кыргызской сатиры” аттуу эмгегинде “Они имели отвагу давать советы правителям своего времени, критикуя их с иронией и сарказмом за неправедные поступки. Имменно они начали традицию наставлять правителей на путь истины и справедливости”, - деп тастыктайт.

18-19-кылымдардагы төкмө ырчылардын (Эсеналан, Найманбай, Солтобай), жазгыч акындардын (Молдо Нияз, Алдаш Молдо, Бекназар молдо ж.б.) жана “замана агымы” деп аталган поэзиянын өкүлдөрүнүн (Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч) чыгармалары кыргыз публицистикасынын совет дооруна чейинки тарыхын өзүнө камтыйт. Өз учурунда алар бай-манаптарды элди дааныштмандык менен башкарууга чакырышып, алардын кылык-жоруктарын сындап, мактачу жерден мактап ырдап турушкан. Кыргыз элинин акылмандарынын чечендик кеби мүнөзүнө, жөндөмүнө, талантына, шыгына, деңгээлине жараша бааланган. Алар кептеринде эпос, жомок, санат, айтыш, табышмак, жаңылмач, тамсил, макал-лакаптарды кеңири пайдаланышканы менен өзгөчөлөнүп турат. Алардын турмушту таанып-билүүчүлүк, таалим-тарбия берүүчүлүк максатты көздөгөн чечендик кептери эл арасында кеңири тараган.

Кыргыз элинин нечендеген кылымдар бою сактап келген бул өнөрүн XX кылымда А.Токомбаев, Ж.Турусбеков, К.Баялинов, М.Элебаев, Ж.Жамгырчиев, К.Маликов, А.Убукеев, Т.Сыдыкбеков, Ч.Айтматов сыяктуу акын-жазуучулар улашкан. Ал кезде кыргыз адабиятында публицистика жанр катары калыптана элек болгону менен акын-жазуучулар анын табиятына жооп берген чыгармаларды жазууга аракет кылышып, ар кыл темадагы макалаларды жазып, дареметине жараша коомдо болуп жаткан курч маселелерге карата өздөрүнүн үнүн кошуп, ой-пикирин билдирип турушкан.

А.Токомбаев айткандай, карышкырдын куугунтугунан кутулса, арстандын азуусуна түшкөн кыргыз элинин бай-манаптардын эзүүсүнөн кутулгандан кийинки жылдары маданий революциянын ишке ашышына өбөлгө түзгөн мезгил болуп, массалык түрдө басма сөз пайда болуп, ал ошол кездеги эркиндикти эңсеген кыргыз жаштарынын демилгеси жана аракети астында өтө тездик менен өнүктү. Улуттук жазууга жетүүнү эңсеп турган интеллигенция алгач улуттук тун гезит “Эркин Тоо”, андан кийин 1926-жылы “Ленинчил жаш”, “Коммунист”, 1928-жылы “Жаңы маданият жолунда” сыяктуу газета-журналдарды чыгарышып, 1926-жылы Кыргызстан мамлекеттик басмасын түзүүгө жетишишти.

“Эркин Тоо” гезити алгачкы күнүнөн тарта өзүнүн айланасына жаш жазуучуларды топтоп, жаңы

адабияттын өнүгүшүнө жол ачты. Ал кезде жаш калемгерлердин бир катарлары басма сөздөрдө иштеп, идеялык-саясий жактан такшалуу аракетинде болушса, айрымдары окуу жайларында окуп, чыгармачылык жактан жаңыдан такшалып жаткандар болгон. Алардын жазган макалалары ошол учурдун коомдук-саясий, маданий-агартуу, социалдык-экономикалык курч маселелерине арналып, жанытма формасында жарык көргөн. Булардын мындай белгилерге ээ болушун ошол мезгилдин талабы шарттаган деп айтууга болот. Себеби ал учурда гезиттин чыгышына катышкан кыргыз жаштарынын биринин дагы журналисттик билими болгон эмес. А.Токомбаев айткандай, адабиятыбыз жаңыдан түптөлө баштаганда жаза тургандар жок болгондуктан, бардыгын жазуу ошо муундагы акын, жазуучулардын үлүшүнө туура келген [5].

Кыргыз журналистикасына алгачкы чыйыр салган Осмонкул Алиев, Сыдык Карачев, Кусейин Карасаев, Мустапа Акматов өз мекенинен алыс, эч бир шарты жок жерде гезит чыгарышып, өз элинин сабатсыздыгын жоюуга, маданиятын өстүрүүгө аракет кылышкан. Бул кыргыздын патриот уулдарынын катарына 1926-жылы адабиятчылар: Аалы Токомбаев, Ж.Турусбеков, К.Баялинов, М.Элебаев, Ж.Жамгырчиев, К.Маликов, А.Убукеев кошулуп, улуттук басылманын беделин көтөрүүгө чоң салым кошушкан. Дал ушул бир ууч кыргыз жаштары улуттук гезиттин чыгышынан тарта кыргыз адабиятында жаңы жанрларды жаратууга белсемдүү киришишип, алардын жаңыча багытта өнүгүшүнө өздөрүнүн чыгармачылыгы менен үлгү көрсөтө алышкан. Алардын публицистикалык чыгармаларынын бардыгы элдин аң-сезимин көтөрүүгө, совет бийлигин чыңдоого, кулатылган таптардын калдыктары менен күрөшүүгө, жаңы түзүлүштүн артыкчылыгын даңазалоого арналып, дайыма күндөлүк коомдук-саясий маселелерге өз убагында үн кошуп, терс көрүнүштөр менен көркөм сөздүн таасирдүү күчү аркасында күрөшүп, совет өкмөтүнүн жеңишин, ийгиликтерин пропагандалашкан.

Жогоруда сөз болгондой, кыргыз элинин революцияга чейинки адабий-көркөм мурасы эки миң жылдык тарыхты өз ичине камтыйт. Бирок, тилекке каршы, дал ушул биз сөз кылып жаткан публицистиканын тарыхый өнүгүшү толук изилденбей жаткандыгын моюнга алуу керек. Кыргыз публицистикасы качан жана кандай шарттарда жарыкка келди, анын официалдуу тарыхый биографиясы башталганга чейинки тарыхы болгонбу, эгерде болсо ал кайда деген суроого так жооп алуу кыйын. Бирок жаңы жанр эч кандай түпкү теги, өбөлгөлөрү жок туруп эле жазма профессионал адабият көз жарары менен жарала койгон эмес.

Адабияттар

1. //Ала-Тоо, 1978, №10, октябрь

2. Большая советская энциклопедия. Гл.ред. А.Н.Прохоров, -М.: Изд-во "Советская энциклопедия", 1975. - 215

3. Кыргыз адабият энциклопедиясы. -Б., 2004

4. Кыргыз совет энциклопедиясы. -Ф., 1980.

5. //Ленинчил жаш, 1957, 27-октябрь.

6. Мамбеталиев К. История кыргызской сатиры. -Б., 2014. – 236-б.

7. Мусаева В. Кыргыздын чечендик кебин окутуу. Монография. – Б.: Бийиктик. – 2007.

8. Прохоров Е.П. Публицист и действительность. – М., 1973, 192-бет.

9. Прутцков Г.В. Введение в мировую журналистику. От Античности до конца XVIII века: Учебно-методический комплект (учебное пособие, хрестоматия; Под ред. Я.Н.Засурского. - М.: Аспект Пресс, 2010. -432 б

10. Стрельцов Б.В. Основы публицистики. Жанры. – Минск, Университет, 1990

11. Ученова В. В. Публицистика и политика – 2-е изд. – М.: Политиздат, 1979. - 230 с.

12. Ученова В.В. У истоков публицистики. - М.: Изд-во МГУ, 1989. - 214 с.

13. http://www.litdic.ru/publicistika/

Билбаева Г.Ж. *- ф.и.к.,*
К.Барскани атындагы Чыгыш университетинин доценти.

КЫРГЫЗ ПРОЗАСЫНДАГЫ КӨРКӨМ ДЕТАЛДАРДЫН АТКАРГАН ФУНКЦИЯСЫ *(60-70-жылдары)*

ОСНОВНЫЕ ФУНКЦИИ ХУДОЖЕСТВЕННЫХ ДЕТАЛЕЙ КЫРГЫЗСКОЙ ПРОЗЫ *(60-70 годы)*

Аннотация: *Макалада адабият теориясындагы көркөм деталдарды көркөм каражаты катары колдонуу ыкмалары каралган.*

Түйүндүү сөздөр: *көркөм деталь, деталь-пейзаж, сюжет, көркөм чеберчилик, көркөм образ.*

Аннотация: *В статье рассматривается художественная деталь как художественное средство в произведениях кыргызских писателей (60-70 гг.).*

Ключевые слова: *художественная деталь, деталь-пейзаж, сюжет, художественное мастерство, художественный образ.*

Abstract: *The article considers the artistic detail as an artistic medium in the works of Kyrgyz writers (60-70 years).*

Key words: *artistic detail, detail-landscape, plot, artistic skill, artistic image.*

Киришүү. Көркөм адабият объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы, б.а. чындыктын акындын жандүйнөсү аркылуу өтүшү же образдуу кабылданышы.

Жазуучу бизге көз карандысыз жашап турган дүйнөнү үйрөнөт, материал чогултат. Андан соң аны көркөм жалпылаштыруу, мындайча айтканда, тип жаратуу башталат. Мына ушул экинчи этапта сүрөтчүнүн колунда кадимки эң сонун азем буюм жасап жаткан зергер сыяктуу ар түрдүү аспаптары болууга тийиш. Эң башкы нерсе – тил. Көркөм дүйнө жаратып жаткан жазуучуда калыптанган адабий тил болууга тийиш, б.а. ал сөз устаты, өз тилинин лексикалык запасын жакшы өздөштүргөн, анын түз жана өтмө маанисин жакшы билет.

Мына ошентип, автор тандап алган темасын ачуу үчүн эң биринчи иретте эпикада баяндоону колдонот. Лирикада болсо сезимди кылдат жеткирүү үчүн сүрөттөө талап этилет, драмада каармандардын диалогу уюштурулат. Мунун бардыгында тил чеберчилиги өтө керектүү каражат болуп эсептелет.

Чыгармада эң негизги маселе – бул мазмун. Көркөм форма аны ачып берүү үчүн кызмат кылат.

Тил жана композиция менен сюжет мазмундуу чечмелөөдө колдонулган эң негизги каражат.

Көркөм адабиятта формага кире турган көп компоненттер бар. Акын – жазуучу ошолордун бардыгынан ыктуу пайдалануга жетише алса, ал анын устаттыгынын белгиси. Мына ушундай көркөм каражаттардын сыналган түрлөрүнүн бири троп жана анын түрлөрү. Бул грек сөзү, биздин тилге которгондо ал «ооштуруу» деп түшүндүрүлөт, б.а. сөздүн түз мааниден өтмө мааниге ооштуруп колдонуу. Буга салыштыруу, метафора, метонимия, гипербола, литота, аллегория, символ ж.б. кирет. Алар аркылуу акын – жазуучу өзүнүн айтайын деген оюн таамай, таасирдүү, образдуу жеткирүүгө аракеттенет.

Көркөм каражаттарга диалог, монолог, портрет жана пейзаж тартуу сыяктуулар да кирет. Мисалы, автор эки каарманды (айрыкча драмалык текте) сүйлөштүрүүдө алардын сөздөрүнө подтексттик маани сыйдыра билсе, бул жакшы касиет. Же портрет тартууда адамдын жөн эле сырткы кебете-кешпирин сүрөттөп тим болбойт, улуу устаттар муну да өздөрүнүн идеясын ачуу үчүн пайдаланышкан. Кайсы бир каармандын сырт түзүлүшүндөгү өзгөчө белгилерди таамай сүрөттөө менен ага белгилүү бир ой сыйдырышкан. Ал эми пейзажды алсак, ал каармандын жандүйнөсү менен гармониялаштырылып, же тескеринче дисгармония мүнөзүндө берилет.

Кээ бир акындар шарттуулукка көп кайрылышат, б.а. турмушта болбой турган нерсени боло тургандай кылып, көбүнчө жансызды жандандырып, адам кейпине келтирип жазуу. Бул да образдуулукка тиешелүү каражат.

Троптун түрлөрүнүн ичинен салыштыруу менен метафоранын мүмкүнчүлүктөрү абдан кеңири. Ага акын-жазуучулардын бардыгы дээрлик кайрылышат да, ал аркылуу өздөрүнүн айта турган ойлорун образдуу жеткиришет.

Символ да жазуучуга өтө көп жана ийкемдүү кызмат кылган көркөм каражаттардын бири. Бул сөздүн түз мааниси «белги» дегенди түшүндүрөт. Ал эми көркөм колдонушунда кандайдыр бир көрүнүштү сүрөттөө аркылуу белгилүү бир ойду туюндурат. Миса-

лы, Ч.Айтматовдун «Саманчы жолундагы» «Жылдыз жолу» - «Саманчы жолу» - бул токчулуктун, берекенин символу. Жазуучу ушул ыкманы өз чыгармачылыгында абдан көп колдонот.

Эми **деталга** келе турган болсок бул да сыналган көркөм каражаттардын бири. Анын колдонуш сферасы өтө кеңири. Мисалы деталга жогорку саналып өткөндөрдүн бардыгын пайдаланса боло берет. Алсак, каармандын портретин, табият сүрөтүн тартууда, салыштыруу менен метафораларда деталдар кездешет, б.а. кандайдыр бир көрүнүштү сүрөттөп жатканда жазуучу ага подтексттик маани берет, өзгөчө бир ойтуюму сиңирилет. Ошон үчүн биз аны шарттуу түрдө деталь-портрет, деталь-пейзаж, деталь-метафора ж.б-.у.с. кылып бөлүштүрсөк ылайык келет.

Адабият теориясында көркөм деталь деген термин кылымдардан бери жашап келет. Бирок, ал «Адабият таануу терминдеринин сөздүгүнө» кирген эмес, ал тууралуу окуу китептеринде да эч нерсе айтылбайт. Эмне үчүн деп сурагыбыз келет. Ага оңой эле жооп берилиши мүмкүн: «Мындай терминдер толуп жатпайбы, эгерде алардын бардыгын реестерге киргизе берсек, анда «Сөздүктөрүбүзгө» адабий түшүнүктөрдүн энциклопедиясы эмес, жөн эле катардагы «Түшүндүрмө сөздүк» болуп калбайбы?!». Ооба, ал «Орус тилинин түшүндөрмө сөздүгүндө» бар: Ага «Деталь – подобность, частность, мелочь» деп түшүнүк берилген. Бул сөздүн лексикалык мааниси. Ал эми тогуз томдон турган «Адабият энциклопедиясында» Ф.В.Путниндин «Деталь художетвенная» аттуу бир бет макаласы орун алган. Адабий атайын изилдөөлөрдөн антик адабиятынын мисалында Н.Л. Сахарныйдын «Реализм детали» XX кылымдагы классикага негизделген Е.Добиндин «Искусство детали» аттуу эмгектери бар. Булардан сырткары атактуу жазуучулардын стилдик өзгөчөлүктөрүнө арналган монографияларда деталга тиешелүү айрым ойлор айтылат. Жекече мүнөздөгү диссертациялар жана макалалар бар экендигин да жокко чыгарбайбыз.

Изилдөөнүн максаты. Кыргыз адабият теориясындагы көркөм деталдардын аткарган функциясын аныктоо, 60-70-жылдардагы кыргыз жазуучулардын (Т.Сыдыкбеков, Ч.Айтматов, М.Гапаров ж.б.) чыгармаларын талдоодо жазуучунун көркөм чеберчилигин далилдөө.

Изилдөөнүн милдеттери:

• көркөм чыгарманы талдоодо студенттерди көркөм каражаттардын колдонуу ыкмаларын окутуу ;

• кыргыз адабияты сабагында көркөм деталдарды чеберчилик менен пайдаланган кыргыз жазуучулардын чыгармачылыгы менен таанышгыруу

• кыргыз жана орус классиктердин чыгармачылыгындагы окшоштуктар жана айырмачылыктарын талдоо;

Изилдөөнүн методологиясы.

• Көркөм тексте салыштырмалуу-типологиялык талдоо жүргүзүү;

• Көркөм деталдарды түрлөргө бөлүү;

• турмуштан мисалдарды келтирүү

Изилдөөнүн объектиси. Т.Сыдыкбековдун, Ч.Айтматовдун чыгармалары, К.Асаналиевдин "Көркөм деталдар жана образдар" аттуу эмгеги изилдөөнүн обьектисин түздү.

Изилдөөнүн жыйынтыгы катары изилдөө материалдарын филологиялык факультеттеринде адабият теориясы сабагында колдонууга сунушталат.

Деталдын илимий адабияттарда талкууланышын жыйынтыктап келгенде ал белгилүү бир идеялык-көркөмдүк, маанилик, эмоционалдык жүк көтөргөн көркөм каражат. Ал чыгарманы окуп жатканда кандайдыр бир психологиялык ассоциация чакырат б.а. ошол деталь аркылуу окурман кандайдыр бир идеяны кабылдайт. Е.Добин өзүнүн «Искусство детали» аттуу эмгегине берген аннотацияда деталды «чыгарманын микроэлементи» деп аныктаптыр[1]. Мындан биз аны көркөм адабияттагы эң бир кичинекей элемент деп түшүнөбүз. Ал чыгарманын тулкуна сиңип, белгилүү бир идеялык-көркөмдүк жүк көтөрүп турат. Добин турмушту терең үйрөнүп, андагы карапайым көзгө анчалык байкалбаган эң бир «майда» деталдарды көрө билиш үчүн жазуучунун байкагычтыгын, көрөгөчтүгүн **микроскопко** салыштырат.

Деталдар кеңири [жана кыска сүрөттөөлөр аркылууу берилет. «Кеңирилик» – «подробность» менен «кыскалык» - (частность, мелочь) бири-бирине карама-каршы коюлбашы керек, анткени, кээ бир жазуучу деталдардын кыскача формасын жаратса-,айрымдарына кеңири сүрөттөө жагат, бирок, кандай түрүү болсо да, анын аткарган маанилүү идеялык жана көркөмдүк кызматы болууга тийиш. Алсак, «Саманчы жолунун» орусчасында («Материнское поле») өмүрлүк сырдашы куттуу талаага сыйынуу күнүнө чыгып бара жаткан мезгилдеги Толгонайдын кийген киймине көңүл бурат. Анан үстүндө жаңы чапан, белин ак жоолук менен курчанып, башына да ак жоолук салынып алган. Мындагы **деталь – ак түс**. Ал кыргыз элинде ар дайым жакшылыктын символу катарында кабыл алынып келген. Башка бир жазуучу үчүн, балким, деталдын башкача түрдөгү көрүнүшү жакмак.

Кыска деталь жана кеңири сүрөттөө бири-бири менен кандай карым-катышта турат? Булар туурасында да ойчулдар өз көз караштарын айтышкан.

«**Сжатость – первое условие эстетической цены произведения, выставляющее на вид все другие достоинства**» дептир Чернышевский. «**Краткость – сестра таланта**» дейт Чехов. Ага жооп катары Добин өз оюн мындайча билдирет: «Деталь – сжата. А подробности? Да, подробности – тоже, хотя и в иной степени. Никакое описание не может вместить всего неисчерпаемого богатства сторон, оттенков, граней, качеств реального явления»[1]. Кеңири сүрөтөөнүн формаларынын да ар кандай ыкмалары бар. Мисалы. Ч.Айтматовдун «**Эне-Бейит» легендасы** өзүнчө бир бүткөн **сюжет- деталь. Ал** манкурттун кандайча пайда болгонун жана анын кийинки көрүнүшүн далилдеп берет. Же болбосо. К.Акматовдон «Мезгил» романындагы «**Кош терек» мазары** жана анын чокусунда күндүр-түндүр сайраган боз чымчык эпизоду да бир **детадык милдет аткарып**, анда Сатылганов деген совхоздун директорунун табиятка душмандык мамилесин, өзүмчүлдүгүн, деспоттугун эң сонун ачып берет. Жаштар дайыма селкинчек салып, оюн-тамаша курган кош теректи кыйдырып, анын салынган уядагы боз чымчыктын жумурткасын талкалаган Сатылгановдун артынан калбай кубалаган боз чымчык акыры тигил өзүмчүлдү жүдөтүп,

психикалык ооруга чалдыктырат. Бул анын табиятган алган жазасы сыяктуу.

Эми «кеңирилик» («подробность») тууралуу кеп салсак, анын келтирилген мисалдардан ашып түшүп, бүтүн бир эки томдук китептин мазмунун кучагына алган жагдайы бар. Алсак, Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери», «Тоо арасында» романдарына коюлган аттардын да деталдык мааниси ачык. Ошо деталь чыгарманын бүтүндөй кан-жүлүнүн аралап өтүп жатат. Советтик доордун өзгөчөлүгүн автор ошол заманда жашаган адамдардын образдары менен ачып берди. Ал эми жаңы заман оңой-олтоң эле курула калбады, тоо арасында эски менен жаңынын кырчылдашкан күрөшү жүрдү. Бул маанини «Тоо арасында» деген деталь туюнтуп турат.

Ар бир жазуучунун өзүнчө стилдик өзгөчөлүгү бар. Кээ бирөөлөр кыска жаза албайт. Алар ошондой кеңири эпикалык баянга ыкташып калган, мындайча айтканда, табият аларга ошондой шык берген. Ошол эле Сыдыкбеков менен Жантөшевдерди кыска жаз деп кыйнасак да, анте албас эле, анткени, ал булардын каны-жаны менен кошо бүткөн өзгөчөлүк. Бирок, муну менен аларда кыска деталдар такыр жок деген жыйынтык чыкпайт. Алар жазган романдарда конкреттүү деталдар да кездешет. «Тоо арасында» романы эки томдон турат. Анда «майдалап» сүрөттөө көп, бирок, окурманды тажатпайт, анткени, анда деталдын экөө тең (кеңири жана кыска) кайчылашып кездеше берет. Мисалы, романда «Ыманбайдын өлүп-тирилиши» деген бир эпизод – деталь бар. Ал каармандын «уруучулук», «элчилик» деп жүргөн иллюзиялык түшүнүктөрүн жокко чыгарган караңгы, сабатсыз адамдын оор тагдырын мүнөздөйт. Саадат деген кулактардын куйругу кыз ала качып, эки уруу эл өз ара чабыша турган болгондо мурунку бай Кийизбай баштаган «жакшылар» Ыманбайды советтин «кишиси» деген шылтоо менен элчиликке жиберсе, кыз уурдаткан тараптар аны өлөрчө сабап ташташат. Ошентип, бечара киши өмүрүндө биринчи жолу байлар менен тең ата болдум деп сүйүнүп, эки урууну элдештирүүгө баргандыгы көргөн күнү ошол болот. «Тоо арасында» романынын алгачкы изилдөөчүсү атактуу адабиятчы К.Асаналиевдин ушул каарман тууралуу ой жүгүртүүсүн окуп көрөлү: «Автор Ыманбайдын образын комедиялык да, трагедиялык да планда көрсөтөт. Анын образынын таасирдүүлүгүнүн күчү – аны ачууда Т.Сыдыкбеков **эң майда штрихтерди**, эң зарыл курал катары пайдаланат. Ымандай Сарала атын минбейт, «соорусуна сагызганча конуп алат», анткени, анын жону бүтүндөй жоор. Жөө жүргөндө ал «далдактап» басат, саал кыймылдаса эле эскилиги жеткен тону же багелеги «куудурайт» [2]. Булар абдан мүнөздүү деталдар Ыманбайдын образынын комедиялык жагдайларын ачуу үчүн кызмат кылат. Ал эми трагедиялык ситуациялар каармандын жалгыз аты Саралага байланыштуу. Алар бири-биринин мүнөздөрүн толуктап турат. Ыманбайдын «мен тигил Сараланы билем, сарала мени билет» деген сөзүндө маани бар. Романдын башынан аягына чейин автор аларды кошоктоп сүрөттөйт. К.Асаналиев жазгандай, Ыманбай жалкоологу, шалаакылыгы аттын жоорлугу, арыктыгы менен шайкеш келет. Финалда Айсарала өлүп, аны менен көзүнө жаш алып коштошуп келе жатып Ыманбай айылдын жанындагы талаадан «калдаңдап» ары-бери чуркап жүргөн бир темирди көрүп, таңгалып карап турат. Көрсө, ал трактор экен. **Бул деталь** Ымандын эски турмушу менен коштошо тургандыгын алдын ала туюнтуп турат, анткени, айылга келген техника жаңылыктын жарчысы болчу.

«Биздин замандын кишилери» романына келсек, ал да ушундай эле деталдарга бай. Чыгарманын башталышында жогорку окшош дагы бир ситуацияны байкайбыз. «Б» колхозунун башкармасы Шамбет баш болгон бир топ адамдары Чүйдү көздөй жол жүрүп келатышат. Түшкөнү полуторка жүк ташуучу машине. Алардын арасында бир кемпир бар. Техниканын сырын, айдоочулардын жолдо жүрүүчү эрежелерин жакшы билбеген байбиче өзүнчө коркуп, азап чегип келе жатат. А кокус алдынан дагы бир машине чыга калса, кандай күн болот?! Анда Шамбет түшүндүрөт:

- Байбиче, коркпоңуз, биз жолдун оң жагы менен кетип баратабыз. Келаткан машина сол тараптан өтүп кетет [5].

Бул романды талдоодо К.Асаналиев көркөм деталдарга айрыкча көңүл бурат, анткени, ал жазуучуга таандык стилдик өзгөчөлүктөрдүн бир. «Ал анчейин гана каармандын мүнөзүн түзүүдөгү көркөм сөз каражаты эмес, ошону менен бирге сюжеттин жүрүшүнө кадимкидей темп киргизүүчү компоненттерден» болуп эсептелет [4].

Ырас эле сюжеттик ыргакты көп маанилүү көркөм деталдар коштоп келет.

Ошентип, Ата Мекендик согуш башталап, Шамбет, Сергей өңдүү жаштар армияга кетип, айылга баш-көз болуп Акман менен Дмитрий калды. Алар революцияга чейин эле бир аймакта жашап, суу талашып урушуп да жүрчү, бирок, Акман андан картошка айдоону, багууну үйрөндү. Кийин совет өкмөтү чыкканда алар колхоздо чогуу жашап, бир туугандай жакшы мамиледе болуп калышкан. Дмитрийди айылдаштары чоң сакал Метрей дешет. Орус кыргыздын тилин да, дилин да билет. Колхоздо темир уста болуп иштеп, соко-шаймандардын баарын ошол жасайт. Ат арабаны кыймылдаткан да ошол. Бул образ совет элинин достугун, биримдигин символдоштурат деталь. Метрейдин үлгүсү менен айылдаштары там-тарак салганды да үйрөнүштү, бирок, орустукуна кайдан жетсин. Дмитрийдин үйү кыштактын башындагы акталган чоң там, эшигинин алдында дүпүйгөн багы бар. Терезелери сыртка ачылма, эгерде жаап койсо, форточкадан аба кирип турат, ошон үчүн үйдүн ичиндеги аба таза. Акман аныкына келгенде минтип суктанат: «Нажеджа байбиченин үйүнө келгенде Соң-Көлгө чыккандай боло калам да! Көрчү! Гүл! Аба таза». Ушул деталга кошумча К.Асаналиев минтип жазат: «Дмитрийдикине Акман келгенде карыя үйдүн ээсин сыйлап, тебетейин алат да, чоң сандыктын үстүнө коет. Анан столдун үстүнө скатерт жабылган. Анда жакшынакай бышырылган бөлкө нан турат. Акман ооз тиет». Сыртынан караганда өтө эле «майдалап» сүрөттөгөндөй көрүнөт. А чынында мында чоң маани бар. Ошол 40-жылдардын деңгээлинде караганда Дмитрийдин үйүнүн сүрөттөлүшү анын маданиятынын бир топ бийиктигин көрсөтүп турат. Кыргыздар ал заманда үйгө форточка салганды билген эмес, аны актоо да кийинки кезде турмушка кирген жаңылык.

Дмитрий го бир кыштакта чогуу жашаган адам. Ал эми Украина жеринен эмчектеги баласын көтөрүп, эвакуацияланып ошол айылга келген жаш келинди

кыргыздардын абдан мээримдүү кабыл алышы – бул бүткүл совет жергесинде калыптанган достуктун улуу үлгүсү эмеспи: «Көрдүм аке, - деди сары кемпирди жактырбай камка, - Алда кайдан эмес, деле тигил чоң Поронзодон келсе да, биздин кеңеш өкмөтүнүн адамы. Бул бечара менин тилиме түшүнбөс, ниетиме түшүнөт. «Жакшы ниет жарым ырыс» деген. Ниеттери дурус болсо, жер жүзүндөгү калктардын баары бир тууган» [2]. Кары аялдын сөзү бутага даана тийген нускалуу сөз. Ошол улуу Союз жашап турган кездеги элдердин ынтымагы дүйнөдө болуп көрбөгөн жаңылык эле. Ал жомокто гана айтылуучу чындык болчу.

Ал эми ооруктагы элдин кайраттуу эмгегин Акия аттуу келиндин армиядан келген Шамбетке чор колдорун көрсөтүп, «карачы. Тепкени темир үзчү эр-азаматтардын жумушун ушул колдор менен бүтүрдүк» деп сыймыктанып отурушу – бул да чындык. Согуштун оор жылдарында аялзатынын жасаган тоодой эрдигин көрсөтүүчү **бул деталь** да абдан маанилүү.

Демек, көлөмдүү чыгармаларда «кеңири сүрөттөөө» ушул романдагыдай ишке ашырылса, аны максатына жеткен «кеңирилик» деп, ар тараптан кубаттоо керек: «Как детали, так и подробности свойственна способность к образно-смысловому расширению орбиты, к проникновению в суть художественного целого» дейт Добин. [2]

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Чыгармалар. 1-т. (беш томдук). –Б.: Шам, 1999.

2. Добин Е. Искусство детали. – М.: СП, 1975.

3. Асаналиев К. Көркөм деталдар жана образдар // Ала-Тоо, 1956, №9, 85-бет

4. Асаналиев К. Кыргыз прозасынын очерки. – Ф.: Илимдер академиясы, 1960, 2-китеп, 67-бет

5. Сыдыкбеков Т. Биздин замандын кишилери. – М.: СП, 1951, 9-бет

6. Садыков А. Кыргыз совет адабиятындагы эл достугу жана интернационализм идеяларынын көрүнүшү. – Ф.: Илимдер академиясы, 1963, 40-бет

УДК: 372.881.1 (575.2) (04)

Койчуманова А. А.
Преподаватель ИНДО БГУ

ДУХОВНО-НРАВСТВЕННЫЕ ЦЕННОСТИ ТЮРКСКОГО НАРОДА

ТҮРК ЭЛДЕРИНИН РУХАНИЙ ЖАНА АДЕП-АХЛАКТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ

SPIRITUAL AND MORAL VALUES OF THE TURKISH PEOPLE

Аннотация: *В статье рассматриваются духовно-нравственные ценности тюркского народа. Проблема духовно-нравственного развития индивидума - одна из актуальных вопросов в нынешней исторической науке. По мнению автора статьи, ее решению может оказать содействие наследие тюркских философов, мудрецов, мыслителей.*

Ключевые слова:*нравственность, тюркский народ, кыргыз, духовность,ценность.*

Аннотация. *Макалада түрк элинин руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктар алектенет. Адамдын руханий жана адеп-ахлактык жактан өнүгүү көйгөйү – ушул тарыхый илим өтө актуалдуу маселелердин бири. Жазуучунун айтымында, бул маселени чечүү түрк ойчулдар, акылмандар, жардам берет.*

Түйүндүү сөздөр:*: адеп-ахлак, түрк эли, кыргыз, руханият, маани.*

Annotation: *The article considers the spiritual and moral values of the Turkic people.The problem of the spiritual and moral development of the individual is one of the topical issues in the present historical science. According to the author of the article, her solution can be rendered by the heritage of the Turkic philosophers, sages, thinkers.*

Keywords:*morality, Turkic people, kyrgyz, spirituality, value.*

В разуме любого тюркского народа ощутима тесная взаимосвязь между нравственностью и религиозностью, поскольку эту мысль следует подтвердить хадисами пророка Мухаммеда. Для становления и развития духовной личности не менее важно осознавать истинность смысла жизни, свое предназначение в этой жизни, ради чего живет тот или иной человек. Такие ценностные аспекты напрямую связаны с такими категориями как «дружба», «великодушие», «нравственность», «честность». К наиболее ценным в исламской нравственности развития человека можно отнести:

- поддержание дружеских отношений между людьми;
- способность к миролюбию;
- доброжелательность, милосердие;
- толерантность, честолюбие.

Размышления о началах духовно-нравственных идей берут свои истоки в творческих наследиях выдающихся средневековых тюркологов, философов, таких как Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, Кожа Ахмет Яссауи, Дулати, Кадыргали Жалаири, Аль-Фараби и др.

Выдающийся ученый Востока Аль-Фараби в своих философских трактатах акцентировал на роль наставника и специально организованного воспитания, которое он понимал как закрепившееся в сознании тюркского народа этические нормы и человеческие принципы воздействия на человека, ученый Востока верил в силу воспитания, считал, что не все качества в человеке передаются по наследству: «Мы говорим, что все нравственные качества как прекрасные, так и безобразные приобретаются». [3]

Немалое значение придается философом-мыслителем проблема о счастье, о духовно-нравственном совершенствовании личности, о жизненно важных стезях и способах его достижения был во времена великого философа Аль-Фараби одним из вопросов, которые требовали своего решения.

Аль-Фараби является предшественником Махмуда Кашгари. Великий ученый, тюрколог, пребывая в

Багдаде, замыслил большой словарь с лингвистическими особенностями, но в настоящее время мы можем сказать, что посредством словаря свои философские идеи, направленные на становление и развитие личности с нравственным ориентиром.

Важно отметить, что «Диван лугатат-турк» Махмуда Кашгари - это не просто языковедческая работа тюркских языков, а еще историко-этнографическое, произведение для становления личности. В современной терминологии его можно было бы назвать лингвокультурологическим, включающим большой объём информации по истории, культуре, этнографии, фольклору, тюркских племён. [4]

Безусловно, можно сделать вывод, что Махмуд Кашгари, действительно, выдающийся ученый и личность, тюрколог, энциклопедист. Бесспорной для всех нас является та истина, что Махмуд Кашгари является великим современником величайшего, мудрого философа-мыслителя, а также государственного деятеля - Жусупа Баласагына.

«Благодатное знание» великого ученого, тюрколога, поэта Жусупа Баласагына имеет характерную духовно-воспитательную направленность. Данное произведение написано в дидактическом стиле, и представляет большую общечеловеческую заинтересованность как духовная, нравственно-этическая энциклопедия, в котором отражены также культура, духовные ценности, история. Многие учёные оценивают как произведение, в котором вопросы о смысле и содержании человеческой жизни, об общественных и личностных взаимоотношениях человека рассматриваются через призму философских убеждений и позиций автора. Духовно-нравственные ориентиры автора «Благодатного знания» наиболее ярко выражены понятиями честности, справедливости, разума, счастья, и олицетворены в конкретных образах.

Философ Средневековья представляет роль и значение научных концепций в духовно-нравственном совершенствовании человека. Он отстаивает положение: «Знание - это нравственность». [1] ЖусупБаласагына полагал, что знание и разум помогают человеку быть доброжелательным и толерантным, что люди, овладев научными знаниями, могут совершенствоваться духовно и нравственно. Поучительны его цитаты, к примеру, «В науке все благо, в познаниях величие». [1] Выдающийся мыслитель считал, что важно донести всем какими должны быть не только правители, но и простые люди и какими они должны обладать качествами.

Наследие и Махмуда Кашгари, и Жусупа Баласагына, живших и творивших в эпоху Средневековья имеет немалое значение не только для нашей истории, но и для истории всех тюркских народов как тогда, так и сейчас.

Благодаря трудам Махмуда Кашгари, Жусупа Балсагына и др. выдающимся ученым Средневековья мы видим, каким должен быть правитель, простой народ, какими качествами должен обладать человек для того, чтобы оставаться, прежде всего, человеком. И здесь невольно вспоминается слова кыргызского писателя, Чингиза Торокуловича Айтматова «Самое трудное для человека - быть каждый день человеком». А его произведения считаются нравственно-духовными ценностями. Во всех произведениях Ч. Т. Айтматова выдвигаются такие темы: как совесть, честь, гуманизм. И поэтому учителя школ, литературоведы стараются ввести в школьную программу повести и романы Ч. Айтматова, поскольку таким путем формируются нравственные принципы, духовное мировоззрение.

Таким образом, на основании вышеуказанных идей считаем, что доброта, честность, человечность, составляющие духовно-нравственные ценности тюркского народа должны быть нацелены на будущее, стать фактором развития личности, опираясь на вышеуказанные ценности, я верю, что мы построим устойчивое и сильное государство.

В условиях становления государственности тюркского народа ценностным значением для народа выступали такие понятия, как межэтническое единство, честь и достоинство, справедливость, терпимость, толерантность и т.д. И необходимо отметить, что толерантность является одной из важнейших категорий, раскрывающей ценностное содержание духовно-нравственной культуры любого народа.

В заключении хочется отметить, что актуальность данной темы заключается в том, что в современном мире тема духовности и нравственности является важным принципом, поскольку мы должны жить в этом мире, не забывая о дружбе, согласии, честности. По моему мнению, современное общество испытывает наитяжелейший кризис. На сегодняшний день, к великому сожалению, утерян духовно-нравственный стержень, который многие годы присутствовал в душе каждого человека. Наиболее важным и в какой-то мере, единственным выходом является воспитание подрастающего поколения, лишь затем, образование.

Литература:

1. Баласагуни, Юсуф ХасХаджиб // Казахстан. Национальная энциклопедия. — Алматы: Қазақэнциклопедиясы, 2004. — Т. I.

2. Юсуф Баласагунский. Благодатное знание / Пер. Иванова. — М.: Наука, 1983. — (Литературные памятники).

3. Аль-Фараби. Социально-этические трактаты. – Алматы, 1973.

4. Абдрасулов С. М. Введение в философию номадов, или Опыт философского осмысления культурных основанийкыргызов // Республика. Бишкек, 1995. 10 октября.

5. Гачев Г. Чингиз Айтматов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.

6. Нысанбаев А. Становление исламской философии в Казахстане. – Алматы, 2000.

7. Урманбетова Ж. К., Абдрасулов С. М. Истоки и тенденции развития кыргызской культуры. - Бишкек: Илим, 2009.

8. Шакенова Э. Художественное освоение мира // Кочевники. Эстетика. Познание мира традиционным казахским искусством. -Алматы: Гылым, 1993. С. 83-84.

9. Юсубов Ж. К., Джураева Н. А. Философия нравственного совершенствования Абу Насра аль-Фараби // Молодой ученый. — 2013. — №4. — С. 335-337. — URL https://moluch.ru/archive/51/6487/ (дата обращения: 12.06.2018).

УДК:37.091.3:811.512.154.

***Раймбекова М.Р.**, проф. м.а. И.Арабаев атн. КМУ*
***Ражапбаева П.А.** БГУнун ага окутуучусу*

ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРДИН НЕГИЗИНДЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУ

МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА НА ОСНОВЕ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ПРИНЦИПОВ

TEACHING METHODS BASED ON PRINCIPLES OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE

***Аннотация*:** *Педагогикалык принциптердин негизинде кыргыз тили сабагын окутуу - мугалимдин илимий – теориялык даярдыгы жогору болушун, окутуу процессин жандуу жана кызыктуу уюштуруунун негизги шарттарынын биринен болуп эсептелет.*

***Түйүндүү сөздөр:** педагогикалык принцип, метод, дидактика, синтаксис, фонетика, грамматика, окутуу, кыргыз тили*

***Аннотация:** На основе педагогических принципов обучения уроков кыргызского языка - научно-теоретическая подготовка учителя стоит выше, является одной из основных условий организации процесса обучения делая урок живым и интересным.*

***Ключевые слова:** педагогический принцип, метод, дидактика, синтаксис, фонетика, грамматика, обучение, кыргызский язык*

***Annotation:** Ased on the pedagogical principles of teaching the lessons of the Kyrgyz language - the scientific and theoretical training of the teacher is higher, is one of the basic conditions for organizing the learning process making the lesson lively and interesting*

***Key word**: pedagogical principle, method, didactics, syntax, phonetics, grammar, teaching, Kyrgyz language*

Дидактикалык принциптер - башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы негизги жоболордон болуп эсептелет. Ошондой эле ар бир предметтин өзүнө мүнөздүү болгон жеке принциптери да бар, буга байланыштуу башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун өзүнө тиешелүү болгон дидактикалык принциптери да кездешет, бирок практикада бул экөө өз ара байланыштуу каралат да, бири экинчисинен ажыратылбайт.

Окутуунун принциптери – мугалим ишмердүүлүгүн аныктоочу жана окуучулардын таанып – билүү ишмердүүлүк мүнөзүнүн баштапкы жобосу болуп эсептелет. Окутуунун принциптерин билбөө, же аны туура эмес колдонуу окутуудагы жетишүүнү, билимдерди өздөштүрүүнү жана окуучулардын инсан катары калыптануусун кечеңдетет. Окутуу-тарбиялоо процесси окутуунун билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялоочулук функцияларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Педагогикалык принциптердин системасын биринчилерден болуп Я.А. Коменский иштеп чыккан жана ал окуу процессин курууну негизги жоболор болуп саналат деп эсептеген.

Окутуу ишинин дидактикалык жалпы принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет: окутуунун илимийлүүлүк, ырааттуулук, улантуучулук, теорияны практика менен байланыштыруу, аң-сезимдүүлүк, активдүүлүк, көрсөтмөлүүлүк жана түшүнүктүүлүк, окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, окутууну индивидуализациялоо.

Ал эми башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасына тиешелүү принциптер катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот: кыргыз тилинин бардык бөлүмдөрүн байланыштырып үйрөнүү; окуучулардын ойлоосун, жазма жана оозеки кебин, орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулугун, өнүктүрүү; сөз маданияты менен стилистиканын байланыштуулугу ж.б. Чынында, кыргыз тилинин бардык бөлүмдөрү өз ара байланыштуу окутулууга тийиш.

Дидактикага жана кыргыз тилинин методикасына мүнөздүү принциптер окуу процессинде өз ара тыгыз байланыштуу каралып, бирин-бири толуктап турат. Эми биз, башталгыч класстарда кыргыз тилин үйрөнүүдө жетекчиликке алынуучу жалпы принциптер жөнүндө карайлы.

Илимий принцип боюнча синтаксистен өздөштүрүлүүчү материалдар кыргыз тил илиминен тандалып алынат, алар соңку жаңылыктардын деңгээлинде болууга тийиш. Өздөштүрүлүүчү тилдик материалдарды тандап алууга алардын илимий жактан изилденип такталгандыгы, талаш-тартыштын болгондугу эске алынат. Ошентип мектеп программасында берилген тилдик теориялык маалыматтардын жалпыга бирдей түшүнүктүү болушу зарыл жана турмуштук маанилүүлүгү болууга тийиш. Мисалы, сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карай жай, суроолуу, илептүү болушу; баш мүчөлөргө карай сүйлөмдөрдүн жалаң жана жайылма болуп бөлүнүшү жөнүндөгү маалыматтар А.Шабданов, К.Тыныстановдун окуу китептеринен бери окутулуп келе жатат.

Илимий принцип окуу ишмердүүлүгүндөгү илимдин ордун ачып берет. Теориялык билимдин деңгээли балдардын жаш өзгөчөлүгүнө, өнүгүү этабына карата мүнөздөлөт.

Илимий түшүнүктөр ырааттуулук жана улантуучулук принциптери менен тыгыз байланыштуу, себеби башталгыч класстарда кыргыз тилинин материалдары туш келди эле өздөштүрүлө бербейт. Мында белгилүү бир ырааттуулук сакталат. Мисалы, программада фонетикалык материалдар сөз түркүмдөрүнөн мурда, эки тутумдуу сүйлөмдөр татаал сүйлөмдөн мурда өздөштүрүлүүгө тийиш. Кыргыз тилинин материалдары негизинен окуу программаларында ушул принциптин талабына ылайык жайгаштырылган. Карап көрөлү: фонетика – лексика, морфология – синтаксис.

Кыргыз тилинин теориялык негиздерин үйрөнүүдө улантуучулук принциби да чоң мааниге ээ. Бул принцип боюнча мурдагы менен кийинки өтүлүп жаткан материалдар байланыштырылып окутулат. Ошондуктан окуучуларга мурдатан тааныш материалдар жаңыны өздөштүрүүдө эске алынып, аларга таянуу аркылуу жаңы материал андан ары улантылып, тереңдетилип окутулат.

Улантуучулук принциби окутуу процессинин бардык учурунда эске алынып, окуучуларга системалуу билим берүүдө жардам берери шексиз. Демек, мурда өтүлгөндөр менен жаңы материалдардын ортосунда түздөн – түз байланыштын болушу - бул терең билимге ээ болуунун мыйзам ченемдүү маселеси.

Теория менен практиканы байланыштыруу принцибинде мугалимдердин алдына окутууну практикага байланыштырып, окутуу милдети коюлган. Бул принципти ишке ашырууда кыргыз тилинин фонетикалык жана грамматикалык түзүлүшүн, адабий тилдин нормаларын терең өздөштүрүшүп, аларды өздөрүнүн күндөлүк турмушунда, оозеки жана жазма иштеринде эркин колдоно билүүгө жетишүүлөрү керек. Буларды ишке ашырууда ар кандай көнүгүүлөрдү, өз алдынча иштөөлөрдү, грамматикалык талдоолорду жүргүзүүгө машыгуу, дилбаян менен баяндама жазуу, иш кагаздарын түзө билүү, адабий тексттерди көркөм окуу, талдоо сыяктуу көптөгөн ишмердүүлүктөрдү аткаруу аркылуу жетишүүгө болот. Мына ошентип, окуучулар теориялык материалдарды курулай жаттай бербестен, аларды практикада машыгып, пайдалануу менен тилдин коммуникативдүү кызматын сезүүлөрү керек.

Аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциби окуучуларды өз алдынча ой жүгүртүп иштөөгө, активдүү болууга, чыгармачылык менен иш алып барууга үндөйт. Аң-сезимдүүлүк принцибинде окуучулардын активдүүлүгү маанилүү. Ошондуктан мугалим окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн: ой жүгүртүүсүн, кабыл алуусун, көңүл буруусун, кызыгуусун, эмоцияналдуу абалын ар тараптан үйрөнүп, аларды сабак учурунда эске алуусу зарыл.

Көрсөтмөлүүлүк жана түшүнүктүүлүк принциптери окуутунун натыйжалуулугун арттыруучу, таасирдүү болушуна көмөк берүүчү принцип. Мунун жардамы менен окуучулар тилдик материалдардын керектүү жактарын туура кабыл алууну үйрөнүшөт. Көрсөтмөлүүлүк принциби программалык материалдарды көрүү сезими, сезимталдык менен өздөштүрүп алуунун бирден бир шарты болуп эсептелет. Ар кандай таблицалар, плакаттар, схемалар, графикалык сызуулар, слайд, сүрөттөр, натура(накта зат) булар көрсөтмөлүү окуу куралдары. Ушулардын жардамы аркылуу грамматикалык категориялардын өзгөчөлүктөрү жалпылаштырылат жана алардын ар бирине тиешелүү жеке белгилери ачык–так көрсөтүлөт.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин үйрөнүүдө түшүнүктүүлүк принцибинин сакталуусу зарыл, анткени окуу программасында берилген маалыматтар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, алардын билим деңгээлине өздөштүрүлүүчү материалдардын оор жеңилдигине карата жайгаштырылган. Мисалы, экинчи класста айкындооч мүчөлөрдүн баары берилсе, ал балдар үчүн оор болуп калар эле. Демек, ар бир тилдик материал жөнөкөйлөштүрүлүп берилиши керек. Мында мугалимдин сөзү, анын билдирүүсү чоң мааниге ээ. Темага тиешеси жок маалыматтарды, ашыкча терминдерди башталгыч класста колдонуудан алыс болуу талап кылынат. Булар окуучулардын кабыл алуусун татаалдаштырат, тоскоол болот.

Ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүгүн эске алуу принциби мугалимден окуучулардын психологиясын жакшы билүүнү талап кылат, себеби ар окуучунун өзүнүн жеке өзгөчөлүгү, кабыл алуусу, эске тутуусу, жөндөмдүүлүгү, кызыгуусу, даярдыгы, эмоциясы бар. Мисалы, бир эле теманы ар бир окуучу ар кандай деңгээлде өздөштүрөт. Ошондуктан окутуунун принциптерин ишке ашырууда окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, окутууну индивидуализациялоо.

гээлде өздөштүрүшөт. Мына ошондуктан мугалим окуучунун жеке өзгөчөлүгүн изиллдеп, ага жараша мамиле жасоого тийиш. Кээ бир окуучулар бир эле теманы бир нече кайталоодон кийин түшүнөт, кээ бирлери мугалимдин жардамысыз түшүнө албайт, айрымдарынын ой жүгүртүүсү жай, айрымдарыныкы тез ж.б. Мугалим бат кабыл алган, жөндөмдүү окуучулар үчүн кошумча тапшырмаларды колдонуп, жакшы жактарын белгилеп туруусу зарыл.

Биз жогоруда педагогиканын жалпы принциптери жөнүндө сөз кылдык. Мындан төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот: окутуунун бардык принциптери бири-бири менен байланыштуу, анткени алардын ар бири окуу-тарбия процессин башкаруунун алгачкы абалы болуп саналат. Ошондуктан бир эле принципке таянып алуунун кереги жок, мисалы, көрсөтмөлүүлүк принцибин колдонуп жатып, калган принциптерди да жеңил түрдө колдонууга болот. Окутуунун принциптери окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгү менен мугалимдин машыгуу ишмердүүлүгүнүн бирдикте аткарылышына мүмкүнчүлүк түзөт. Ошентип, биз белгилегендей, дидактика менен методиканын принциптери өз ара айкашып колдонулат. Мындан ары башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасына тиешелүү болгон шарттарга токтололу.

Кыргыз тилинин методикасын изилдөөдө педагогика жана психология илимдериндеги жаңылыктар, жетишкендиктер окутуунун ыңгайлуу жолдорун табууга жардам берет. Окутуу – бул татаал жана көп кырдуу маселе, мугалим менен окуучунун, тескерисинче, окуучу менен мугалимдин ортосундагы өз ара максаттуу жүргүзүлүүчү иш аракет, анын негизинде мектеп окуучуларына таалим-тарбия жана билимдин урунттуу учурлары берилет. Ал эми ушул процессти ишке ашыруунун жолу метод болуп эсептелет.

Ошентип, билим алуунун мазмунун өздөштүрүү – бул окутуунун максаты, ал эми окутуунун методу ошол максатка жетишүүнүн жолу.

Окутуунун методдору төмөнкүдөй шарттарга байланыштуу:

а) окутуунун максатына (Эмнеге окутабыз? Эмнени окутабыз? Кандайча окутабыз?); б) окутуунун мазмунуна; в) окутуунун психологиясына; г) окутуунун шарттына. Окумуштуу – педагогдор И.Я. Леркер, В.А. Крутецкий, М.И. Махмутов ж.б. ойлору боюнча окутуу методунун ички мыйзамдары деп төмөндөгүлөрдү көрсөтүшөт: а)логикалык жагы: индукция жана дедукция, анализ жана синтез, салыштыруу жана карама-каршы коюу, жалпылоо жана иретке келтирүү, классификациялоо; б) психологиялык жагы: эс жана эрк, ой жүгүртүү жана эмоция, каалоо жана кызыгуу, көңүл буруу жана эске тутуу ж.б. Окутуунун сыртқы методдору: а) ой пикирди билдирүү; б) көрсөтүү; в) элестетүү; г) практикалык аракет.

Педагогика илими бир калыпта тура берүүчү илим эмес, ал уламдан – улам өркүндөп туруучу илим, анткени анын табияты ошондой. Мына ошондуктан, кийинки жылдарда педагогиканын теоретиктери, психологдор, методисттер, алдыңкы мугалимдер окутуунун методдорун өркүндөтүү боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп, алардын алгылыктуулары практикада колдонулуп жатат. Алар проблемалык окутуу, өркүндөтүлгөн окутуу, интекрактивдик метод. Окутуунун жогорудагы теорияларын иштеп чыгууда дидактиканын жана психологиянын көрүнүктүү өкүлдөрү: М.А. Данилов, П.Я. Гальперин, И.Я Лернер, М.Н. Скаткин, М.И. Махмутов ж.б. эмгектери зор мааниге ээ болгон. Бул окумуштуулардын эмгектеринде окутуунун мазмунун жана формасын өркүндөтүү жөнүндө тиешелүү ойлор айтылган.

М.И. Махмутовдун аныктоосу боюнча окутуу иши төмөндөгүдөй багытта жүргүзүлүшү керек: а) окутууну турмуш менен байланыштыруу (балдардын жашоо – шарты, турмушу); б) сабактын адат болгон түзүлүшүнө өзгөртүү киргизүү; в) окуучулардын өз алдынча иштөөсүн өркүндөтүү; г) окуучулардын билим алуу иш – аракеттерин активтештирүү максатында чыгармачылык мүнөздөгү тапшырмаларды көп колдонуу.

Окуучулар окуу процессинде белгилүү өлчөмдөгү билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болушат. Бир эле мазмундагы окуу материалы ар түрдүү каражаттардын, ыкмалардын жардамы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Ошондуктан, ар дайым мугалимдин алдында окутуунун ийгиликтүүлүгүн тандоо проблемасы турат. Окуу материалын үйрөтүүнүн ар түрдүү формасын издөө сабактын максатын, милдетин туура аныктоодон башталат. Мисалы, аныктаманы түшүндүрүүдөн мурда, бул аныктама балдарды туура жазууга үйрөтөбү, же речин байытуу үчүн керекпи, же ушул аныктаманын жардамы менен ж.б. ишмердүүлүктөр ишке ашабы деп анын максатын так аныктап алуусу керек. Метод – бул окуу материалын теориялык жана практикалык жактан өздөштүрүүнүн формасы. Окутуунун билим берүүчүлүк, тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк функцияларын ишке ашыруу методду туура талдоого көз каранды.

Балдарга билим берүүдө мугалимдин иш аракети канчалык ар түрдүү болсо, сабак да ошончолук кызык уюштурулат. Ошол себептүү башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда ар түрдүү методдордун колдонулушу зарыл. Методдорду колдонууда мындай шарттарды эске алуу керек: а) өздөштүрүлүүчү программалык материалдардын мүнөзүн; б) окуучулардын билим деңгээлин, психологиялык өзгөчөлүгүн; в) мугалимдин жана окуучунун жалпы даярдыгы; г) педагогика, психология, тил илиминдеги жаңылыктарды. Ушул шарттарга байланыштуу окутуунун ар кандай жолдору менен методдору, тапшырма менен көнүгүүлөрдүн түрлөрү дидактикалык материалдар менен көрсөтмө куралдардын түрлөрү тандалып алынат.

Бирок окутуунун методдору ар дайым эле таасирдүү боло бербейт. анткени, балдардын активдүүлүгүнө жана деңгээлине же ж.б. шартка байланыштуу таасирдүү болбой калышы мүмкүн. Бул жөнүндө илипоз, проф. А.В. Текучев мындай дейт: «Дайым эле таасирдүү болуучу универсалдуу методдордун болушу мүмкүн эмес» (43, 75 б.). Бул ой боюнча мугалимдин изденүүсү, анын чыгармачылыгы, таланты чоң мааниге ээ. Изденген мугалим окутуунун ыңгайлуу жолун табат.

Окутуунун методун эки жактуу кароо керек: 1) жалпы дидактикалык жактан; 2) жеке сабактын методикасы жагынан. Иш жүзүндө бул экөө бирин – бири толуктап турат.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууга мүнөздүү метод жана ыкмалар катарында төмөндөгүлөр көрсөтүлүп келе жатат: мугалимдин баяндоосу, аңгеме, тилдик материалдарга байкоо жүргүзүү, окуучулар-

дын өз алдынча иштөөсү ж.б. Ыкмалар: грамматикалык талдоо, салыштыруу, алмаштыруу, кошуу, бөлүү, топтоштуруу жана жалпылоо, тексттерди көркөм окуу жана анын үстүндө иштөө. Бул жерде метод жана ыкма деген сөздөрдүн маанилерин карап көрөлү. Метод жана ыкма педагогикада шарттуу түрдө гана аталган.

Методдун түзүлүшүнө окутуунун жол жоболору да кирет (кыргыз тилдин методикасында көбүнчө ыкма деп аталып жүрөт). Ыкма – бул окуучу менен мугалимдин акыл жана практикалык аракетин ишке ашыруу үчүн методдорду толуктап туруучу биргелешкен иш аракеттер. Окутуунун жол – жоболорун төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүүгө болот: а) кабыл алуу, эске тутуу, көңүл буруу, ой – жүгүртүү сыяктуу иш аракеттерди активтештирүү жана калыптандыруучу ыкмалар; б) окуучунун ой–жүгүртүү ишмердүүлүгүндөгү проблемалык жана кырдаалдык иш–аракеттерди аткаруусуна шарт түзгөн ыкмалар; в) окуу материалын үйрөнүүдөгү окуучулардын сезимин, көңүл буруусун активдештирүүчү ыкмалар; г) окуучулардын өз алдынча окуусун, өзүн – өзү контролдоочу ыкма ж.б. бир эле ыкма окутуунун ар түрдүү методунда колдонулушу мүмкүн. Мисалы, проблемалык методдо мээ чабуулу, топто иштөө, класстер түзүү, Венндин диаграммасы ж.б. ушул эле ыкмалар башка методдордо деле колдонула берет.

Жыйынтыктап айтканда, метод да, ыкма да экөө тең окуучуларга терең билим берүүнүн жол – жобосу. Шартка жараша мугалим булардын ичинен керектүүсүн тандап колдонушу керек.

Адабияттар

1. Байгазиев С. Окутуунун интерактивдик методу. -Б., 2004.

2. Бердибаев Э. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. -Ф.: Мектеп 1978.

УДК 398.9

Кадырова А.,
филология илимдеринин кандидаты, доцент, ЖАМУ.
Жалал-Абад шаары,КР., kadyrova.20.04@maiI.ru,

ОКУУЧУЛАРДЫН ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ, ТААНЫП-БИЛҮҮ КӨНДҮМДӨРҮН МАКАЛ-ЛАКАПТАР АРКЫЛУУ ӨНҮКТҮРҮҮ

РАЗВИТИЕ МЫШЛЕНИЯ, ПОЗНАВАНИЯ УЧАЩИХСЯ С ПОМОЩЬЮ ПОСЛОВИЦЫ И ПОГОВОРОК

DEBELOPING THE STUDANTS' KOGICAL THINKING AND COGNITIVE SKILLS THROUGH PROVERBS

Аннотация: *Макалада окуучулардын ой жүгүртүү, таанып-билүү көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында окуучунун макал-лакаптарга карата ички мамилесин калыптоо, жеке пикирин билдирүү, өз баасын берүү, турмушта макал-лакаптарды чыгармачылык менен колдоно билүү ыкмалары каралат.*

Түйүндүү сөздөр: *ой жүгүртүү, таанып-билүү, көндүм, макал-лакап, өнүктүрүү, окуу стратегиясы, таксономия, проблема, кырдаал*

Аннотация: *В данной статье рассматривается вопрос о формировании индивидуального отношения учеников к пословицам с целью развития их размышления и познавательных компотенции.*

Ключевые слова: *мышление, познавание, прывычка, пословица-поговорки, развитие, стратегия, учебу, таксономия, проблема, ситуация*

Abstract: *The article deals with the aim of developing the student's logical thinking, cognitive skills, and to form the student's inner world to proverbs, riddles to present own point of view, evaluate and use them with creative techniques in their life.*

Key words: *logical, thinking, cognition, skills(habit), proverbs, riddles, develop, riding strategy, taxonomy, problem, problem situation*

Учурда проблемаларды чечүү, чечкенде дагы ойломдун, таанып-билүүнүн жогорку деңгээлинде чечүү жөндөмдүүлүгү жогору бааланууда. Окуучулардын ой жүгүртүү,таанып билүү көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн өзүнө тиешелүү теориялык базасы бар. Ал теориялык базаны белгилүү өлчөмдө өздөштүрбөй туруп, ишаракет жасоо күткөн натыйжаны бербей тургандыгы белгилүү. Бул маселеге Н. И. Кудряшев, Л. С. Айзерман, Л. Н. Лесохина, В. Г. Маранцман, Т. В. Чирковская, Т.В.Э.Ландау, Я.А.Пономарев, Г.А. Русских, Б. Блум, К. Иманалиев, Б.Алымов, С. Байгазиев, А. Муратов, М.Эсенгулова, Ж.Асекова ж.б. педагог-методист, психолог окумуштуулар методикалык макалаларды, окуу куралдарды, фундаменталдуу эмгектерди жазып, басылмалардан чыгарышкан.

Кийинки учурларда психологдор окуунун психологиясынын ойлонуунун психологиясы менен болгон карым-катышына көбүрөөк кайрылып жатышат. Ойлоо процессинин башталыш элементи адатта проблемалык кырдаал болуп эсептелерин, бир нерсени түшүнүү зарылчылыгы келип чыкканда гана адам ойлоно баштарын психолог-окумуштуулар бир ооздон белгилешип келишет. Өз алдынча ойлонуунун жардамы аркасында алынган билим аң-сезимдүүлүк менен өздөштүрүлөт да, ал адамдын эсинде бекем сакталып калат. Ой жүгүртүү, таанып-билүү көндүмүн өстүрүүдө ушул учур эске алынат.

Ошондуктан проблемалык кырдаал илимий таанып-билүүдө да, окуу ишинде да ой жүгүртүүнүн башталышы, психологиялык абалдын келип чыгышынын негизи болот. Илимде проблемалык кырдаал илимдин өнүгүшүнүн логикасы боюнча пайда болсо, окуу ишинде проблемалык кырдаал стихиялык түрдө же атайын мугалимдин өзү тарабынан түзүлөт жана мугалимдин көзөмөлдөөсү менен окуучу фактыдагы материалдарды талдап, ой жүгүртүп, өз алдынча жыйынтык чыгарат. Окуудагы проблемалык кырдаалдын максаты; 1-ден, программалык материалдарды

өздөштүрүү; 2-ден, окуучунун ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүү, 3-дөн, окуучунун инсан катары калыптанышына таасир этүү. Илимий кырдаалда проблеманы окумуштуу өзү корутундулайт. Окуу кырдаалда проблеманы мугалимдин көзөмөлдөөсү менен окуучу фактыдагы материалдарды талдап, ой жүгүртүп, өз алдынча жыйынтык чыгарат.

Ой жүгүртүү, таанып-билүү ишмердигин активдештирүүнүн башкы факторлорунун бири талданып жаткан материалга карата окуучулардын кызыгуусун жана эмоциясын ойготуу. Психологдор "ойлоонун активдүүлүгү", "ойлоонун өз алдынчалуулугу", "чыгармачылык ойлоо" деген түшүнүктөрдү ачык, так ажыратышат. Ойлоо активдүү болушу мүмкүн, бирок ал өз алдынча же чыгармачылык ойлоо дегендик эмес. Чыгармачылык ойлоодо окуучунун активдүүлүгүнүн маңызы материалдарды талдап, ой жүгүртүп, өз алдынча жыйынтык чыгарышы.

Окуучунун ойлоо, таанып-билүү көндүмүн өнүктүрүүдө макал-лакаптарды окутуунун орду өзгөчө, анткени алардын мүмкүнчүлүктөрү өтө кеңири. Макал-лакаптар окуучунун ойлоо ишмердүүлүгүн коомдук жактан да, тарыхый жактан да, психологиялык жактан да, эмоционалдык жактан да, эстетикалык жактан да калыптандырууга негиздүү кырдаалдарды жарата алат. Ойлоо ишмердүүлүгү өзүнүн тааныпбилүүчүлүк табияты жагынан синтетикалуу. Ал макал-лакаптарды салыштырмалуу кароодо да бир топ артыкчылыктарга ээ. Кабыл алуунун ассоциативдүү мүмкүнчүлүгү тарабынан да масштабы кеңири. Макал-лакаптар үйрөтүлүп жатканда төмөнкү жагдайлар эске алынат: 1-ден, окуучуларды активдештирүү үчүн өздөрүнүн божомолдорун коё билүү адаттарын иштеп чыгуу; 2-ден, үйрөнүлүп жаткан макал-лакаптын мазмунуна жараша кырдаалдардын негизинде келип чыккан талаш, же белгисиз нерсени окуучулар өз алдынча чечүүгө аракет жасашын байкоо, жардамга муктаж окуучуга колдоо көрсөтүү; 3-дөн, макал-лакаптарды окуучу өз алдынча талдап, андан белгилүү жыйынтыкты өзү чыгарышын күтүү; 4-дөн, макал-лакаптар тууралуу теориялык билимдерге ээ кылуу; 5-ден, фактыларды келтирүү менен ырааттуу жагдайларды жаратуу, 6-дан, макал-лакаптардын маани-маңызын чечмелөөдө окуучунун өзү мурун аңдап-билген, адабият предметинен жана ага тектеш предметтер боюнча өздөштүргөн билимине, тажрыйбасына таянууну эскертүү; 7-ден, мугалим өзү теориялык материалдарды да, макал-лакаптарды да, адабиятка байланышы бар предметтерди да терең билүү. Аталган бардык жагдайлар биригип келип, бир гана максатты ишке ашырууга багытталган: ал макал-лакаптарды үйрөтүү аркылуу окуучуларга көркөм адабияттан терең, мазмундуу билим берүү, китеп окуу көндүмүн өстүрүү, көркөм чыгарма боюнча өз алдынча корутунду чыгарып, ой жүгүртүү, таанып-билүүчүлүк жөндөмүн өркүндөтүү жана кеп маданиятын калыптандыру.

Ой жүгүртүү, таанып-билүү көндүмүн өркүндөтүүдө проблемалык баяндоо, жарым-жартылай изденүү, изилдөө методдору колдонулат. Проблемалык баяндоодо мугалим проблеманы өзү коёт да, өзү чечип берет. Мында мугалим окуучунун күчү жеткендей болгон чыныгы карама-каршылыктарды ой жүгүртүү операцияларын толугу менен ачып берет. Мындай үлгүнүн негизинде окуучулар бүтүндөй проблеманы чечүүнүн этаптары менен таанышышат, үйрөнүшөт, өздөштүрүшөт. Бул окуучунун проблеманы андан ары өз алдынча чечүүсүнө көмөк көрсөтүү жана даярдоо болуп саналат.

"Макал-лакаптар оозеки чыгармачылыкта орчундуу мааниге ээ, адам турмушунда баалуу орунду ээлейт. Сөздүн эң тазасы, тунугу, таамайы, нускасы, философиясы, адам акыл-эсинин энциклопедиясы – бул макал-лакаптар. Ал турмуш-тиричилигибиздин, жашообуздун, жүрүм-туруму буздун, көз карашыбыздын бардык жагдайларын өз ичине камтыйт, анын тарбиялык мааниси күчтүү. Чындыгында, ассонансты, аллитерацияны колдонуу аркылуу элестүүлүккө, жогорку көркөмдүккө жетишип, эки ооз макал-лакап менен бир чоң ойду так, таамай, терең түшүндүрүп келишкен", - деген ф.и.д., академик А.Акматалиевдин пикири окуучулардын макал-лакаптардын теориялык негизи, башкы элементтери тууралуу окуучулардын программалык материалды өздөштүрүүсүнө негиз болот. Ошондой эле окуучулардын ойлоо көндүмүн активдештирет, макал-лакаптарга болгон кызыгуусун күчөтөт, алардын өздөрүнүн божомолдорун коё билүү адаттарын иштеп чыгууга нускама болот.

Проблемалык суроо, тапшырмалар окуучу проблеманы өз алдынча аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон учурдан баштап берилет Аны аткарууга мугалим түздөн-түз катышпайт, чыгармадагы проблеманы окуучулар өздөрү чечип, корутундулап, өздөрү жообун даярдайт. Алар класста өткөрүлгөн материалдардын негизинде гана берилбестен, класста өтүлбөгөн тектеш предметтердин материалдарынан да берилет. Бирок аткарылышы тууралуу мугалим менен окуучу байланышып , кеңешип турушат. Окуучулардын ой жүгүртүү, таанып-билүү көндүмдөрүн өстүрүүдө мугалим болжолдуу түрдө төмөнкүдөй суроо-тапшырмаларды колдонсо, иш-аракет натыйжалуу болот.

1.Бул макал-лакаптын мазмунун чечмелегиле: *"Алты күн ач калсаң да, атаңды сыйла", "Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол".* 2.Бул жомокторду (*жомоктордун тизмеси берилет*) өз алдыңарча окугула, мазмунун макал-лакаптар менен жалпылагыла. 3. "*Адам эмгеги менен бааланат*", *"Качкынбайдын каңырыш күлкүсү"* аталыштагы макал-лакаптын жаралыш тарыхын өз алдыңарча далилдегиле. 4. Чечендик өнөр тубасабы, же аны үйрөнөбү? 5.Фольклорист окумуштуулар: К.Мифтаков, З.Бектенов менен Т.Байжиев, Б.Керимжанова макал-лакаптарды тематикасына карап, түрдүүчү классификациялайт, аларды салыштырып, кайсы классификация сени ынандырды, эмне үчүн ынандырганын далилде жана өзүңдүн классификацияңды сунушта *(аталган окумуштуулардын классификациялары берилет).* 6. Берилген темалар боюнча эссе жазгыла: *"Менин макал-лакаптан алган сабактарым", "Эмне үчүн биз макал-лакаптарды окуп-үйрөнөбүз?, "Эгер мен макал-лакаптарды өз кебимде колдоно алсам...", Өз алдыңарча макал-лакап жаратқыла"* ж.б.д.у.с. 7.Макал-лакаптар боюнча окуучулар жана класстар аралык конкурстар, викториналар, диспуттар ж.б. өткөрүлөт.

Макал-лакаптардын бири-бирине окшоштук жана айырмачылык жактары бар. Лакаптар макалдарга салыштырмалуу тематикалык жактан көп түрдүү эмес, саны да эсептелүү. Бирок окуучуларды ой-сезимин өс-

түрүүгө чакырып, акыл-насаатка үндөп, адептүүлүккө багыттаган өздүк этикалык базасы бар. Лакаптар - болуп өткөн бир реалдуу окуянын натыйжасында жаралып, окуяны башынан кечирген заттын мүнөзүнө, иш-аракетине жараша курч сөз менен келекеленип, шылдыңдалып, же боор тарткан маанайда элестүү, так айтылып калган корутунду сүйлөм. Күндөлүк турмушта ошондой кырдаал жаралып калса, ошол окуя эскертилүү менен тексттин алдындагы каймана ой ачыкка чыгат. Мисалы, "Мурунку чыккан кулактан, кийинки чыккан мүйүз оозуптур" деген лакаптын жаралыш тарыхын билсе гана, окуучу лакаптын көмүскөдөгү маанисин чечмелейт жана кебинде орундуу колдоно алат. Элдик жомоктордо, айрыкча "Манас" трилогиясында лакаптар абдан көп. Мисалы, "Чубактын кунундай чубалжыган", "Тазбаймат Манасты унуткандай", "Тайбуурулдун тартууга кеткени, Семетейдин ажалынын жеткени" ж. б.

Ой жүгүртүү, тааныш-билүү көндүмү өнүккөн окуучунун белгилери: 1-ден, көркөм чыгарманы чыгармачылык менен өздөштүрүүнүн ыкмаларына ээ болот; 2-ден, өздөштүргөн билимдерин жаңы кырдаалдарда туура колдоно алат; 3-дөн, илимий изилдөөнүн методдорун өздөштүрөт.

Адабияттар

1. Акматалиев А., Мусаев С. Эл байлыгы – элге."Эл адабияты" сериясы, 1 том, -Б.: "Шам" басмасы, 1996, 19-бет.

2. Пономарев Я.А. Психология творения. –Воронеж, "МОДЭК" басмасы,1999

3. Стратегии понимания. [http://www.reasoning.ru/3language part 4]html.

4. Эсенгулова М., Асекова Ж. Мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү... (окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү" усулунун теориясы жана практикалык тажрыйбасы)// –Б., 2008.

УДК 378.147:811.161.1

Иманкулова Н.М.
Ст.преподаватель МОЦ БГУ

ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ПРИНЦИПЫ ПРИ ИЗУЧЕНИИ РУССКОГО ЯЗЫКА КАК ИНОСТРАННОГО

ЧЕТ ТИЛИ КАТАРЫ ОКУУДА УГУУЧУЛАРГА КЕРЕКТҮҮ АЙРЫМ ПСИХОЛОГИЯЛЫК ПРИНЦИПТЕР ТАЛКУУЛАНАТ

THE PSYCHOLOGICAL PRINCIPLES NECESSARY IN THE STUDY OF RUSSIAN AS FOREIGN LANGUAGE

Аннотация: *В данной статье рассматриваются некоторые психологические принципы необходимые слушателям при изучении русского языка как иностранного.*

Ключевые слова: *психологические принципы, специфические трудности, русский язык как иностранный, предтекстовые задания, послетекстовые задания.*

Аннотация:*Бул макалада орус тилин чет тили катары окууда (үйрөнүүдө) угуучуларга керектүү айрым психологиялык принциптер талкууланат.*

Түйүндүү сөздөр: *психологиялык принциптер, орус тили чет тили катары, спецификалык кыйынчылыктар, текст алдындагы тапшырмалар, тексттен кийинки тапшырмалар.*

The article considers some of the psychological principles necessary for students in the study of Russian as a foreign language.

Key words: *psychological principles, specific difficulties, Russian as a foreign language, pre-text assignments, post-text assignments.*

Каждый слушатель, приезжающий на курсы русского языка как иностранного в Международный образовательный центр (МОЦ) Бишкекского гуманитарного университета, должен иметь представление о некоторых психологических принципах изучения русского языка. Так как слушатели курсов, изучающие некоторые стороны языка именно таким образом, сознательно пользуются приемами, признанными педагогически правильными, то они сэкономят время преподавателя и группы, в которой они учатся. Однако, многие слушатели, поступающие на курсы, даже если они изучали один или несколько иностранных языков в средней школе или в университете, совершенно не понимают огромного значения каждого момента работы на занятии. Они не понимают, каких результатов можно достичь, пользуясь тем или иным приемом; не умеют преодолевать ни большие, ни маленькие трудности. Такие слушатели не могут добиться хороших результатов.

Часто преподаватели пытаются исправить такое положение при помощи одного или нескольких советов о том, как надо изучать иностранный язык (в нашем случае русский язык), или дают подробные объяснения к каждому заданию и индивидуальные указания каждому слушателю. Однако такой способ имеет серьезный недостаток. Записи, которые делают слушатели на занятиях, часто бывают неполными, с ошибками. Слушатели нередко пропускают занятия. Короче говоря, преподаватель часто не имеет возможности дать совет именно тогда, когда слушатели нуждаются в нем более всего. Отсюда очень желательно, чтобы у слушателей было удобное руководство на родном языке, к которому он мог бы обратиться в случае необходимости. Все изложенное ниже – это ответы на вопросы слушателей и советы отдельным слушателям, желавшим преодолеть специфические трудности.

• Считается, что для подготовки заданий по языку надо тратить приблизительно два часа в день. Ежедневные задания следует рассматривать как упражнения, которые надо научиться делать независимо от количества времени.

• При подготовке задания задействуйте все органы чувств: зрение, слух, органы речи и движения руки (письмо), как единое целое. Произносите вслух, когда читаете или пишите, научитесь осмысливать русские звуки и словосочетания и тогда вы быстрее выучите то, что учите, и дольше сохраните в памяти.

• Обращайтесь к преподавателю, если нужна дополнительная помощь или совет.

Характерной чертой кыргызского народа всегда было гостеприимство, стремление оказать помощь друг другу, поддержать в беде. Поделиться последним с гостем или попавшим в беду с человеком, было священным долгом. Такой образ жизни нашел отражение в менталитете кыргызского народа, для которого были свойственны открытости и толерантность, доброжелательное отношение к другим народам, этническим группам, приверженность к сотрудничеству и состраданию. Все эти качества складывались веками и отражали мудрость многих поколений, поэтому их также необходимо интегрировать в современную жизнь кыргызского общества.

Как известно, толерантность является главной ценностью демократии. Оно означает уважение и терпение к чужим правам и взглядам. Кыргызы на протяжении своей древней истории отличались толерантностью. Эту черту сформировали исторические, геополитические условия их жизни. Небольшой народ сумел пронести через тысячелетия свою целостность, культуру, традиции - может быть, во многом благодаря своему умению ладить с могущественными соседями, договариваться с властителями- словом, благодаря толерантности. “Жакшы болсоң, жатык бол!” (Хочешь быть хорошим- имей покладистый характер”), “Сабырдын түбү- сары алтын”(терпение- золото) - говорили они.

Испокон веков традиционное воспитание обязывало кыргыза уважать старших, родственников, не ссориться с соседями, уважать мужа, его родственников, друзей. Своим примером старшие показывали образцы толерантного поведения, терпимости, взаимопонимания. Это было одной из главных задач кыргызов – воспитать поколение, способное жить в дружбе и мире с сородичами и не всегда мирными соседними народами.

Кыргызские пословицы философски мудро объясняют необходимость толерантности, подражания хорошим образцам поведения: “Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт”(Какаов старший брат, таков и младший, какова старшая сестра, такова и младшая”) или “Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал”(Цени порядок в доме по двору, бери в жёны девушку, глядя на её мать”). Кыргызы не делали замечаний по поводу отрицательных качеств из уважения другим людям. “Жаманы болбой, жакшы жок” (Без плохого нет хорошего”)- утверждали они.

Особо надо отметить умение кыргызов сохранять личное пространство. Обычай предписывал нормы отношения к свекрови, снохе, тестю, теще, зятю, родителям и т.д. Эти обычаи сохраняли необходимую дистанцию между членами традиционно большой семьи, уважение к человеку, его чувствам, положению в семье.

Отношения между мужем и женой также регламентировались обычаями, направленными на сохранение семьи. Например, обычай обязывал мужа и жену обращаться друг к другу на “вы”, не повышать голос, если ссориться, то наедине. Если ссора перерастала в конфликт, то только вмешивались родители или родственники.

Пословицы хранят традицию уважительного отношения к старикам: “Карынын сөзүн капка сал” (Помни и храни слова старцев”); “Карысы бардын ырысы бар”(“Счаслив тот у кого есть старики”); “Карыны сыйласаң, карыбайсың” (Будешь уважать старость, не состаришься сам”) и др. В них сохранялось главное достоинство кыргызского народо- крепость семейных уз, гостеприимство, взаимоуважение, не было фактов одиночества пожилых.

Толерантность, великодушие заставляли кыргызов прощать даже своих врагов: “Таш менен урганды аш менен ур” (Если тебя ударили камнем, ответь тому угощением”). “Атаңды өлтүргөнгө энеңди бер” (Убийце отца отдай в жены свою мать”) и др. Для примирения, для того, чтобы остановить вражду, кыргызы шли на компромисс, не теряя при этом чести, не ущемляя других.

Понятие толерантности в целом (и этнической толерантности в частности) несет в себе идеи многообразия, равенства людей, отказ от доминирования и насилия одного человека над другим, касается ли это отдельных людей, групп или целых этносов и государств. Толерантность в таком ключе понимания должна стать важным компонентом жизненной позиции социально адаптированной личности, имеющей свои ценности и интересы и способной, если потребуется, их защищать. Одновременно личность должна с уважением относиться к позициям и ценностям других.

Литература

1. Блонский П.П. Избранные педагогические соченения: В2 т.Т.1. -М., 1979. -С.63.

2. Вербицкий А.А. Кросскультурный контекст образования и становление новой педагогической парадигмы. Высшее образование сегодня, №8.-С.28-31.

3. Казакова Е.И. Толерантность: путь к развитию.- Спб: “Юстас”, 2007

4. Кыргыз элинин макал жана ылакаптары. / Түз. Б.Керимжанова - Ф.: Кыргызмамбас, 1955. –100б.

5. Чавчавадзе Н.З. О ценностном аспекте понятия нации. Философские проблемы культуры. Сб. – Тбилиси, 1980. – С171.

6. Межуев В.М. Культура и история.- Москва, 1997.

УДК 370

Иманбакаева М.Г. *преп.*
Боталиева У.А. *ст.преп.*
ИГУ им. К.Тыныстанова

РОЛЬ НАЦИОНАЛЬНЫХ ИГР В ВОСПИТАНИИ ПОДРАСТАЮЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ

ӨСҮП КЕЛЕ ЖАТКАН МУУНДУ ТАРБИЯЛООДО УЛУТТУК ОЮНДАРДЫН РОЛУ

THE ROLE OF NATIONAL GAMES IN EDUCATION OF THE UNDERWEARING GENERATION

Аннотация*. В статье рассмотрены значение и место национальных игр кыргызского народа в воспитании подрастающего поколения в современных социокультурных условиях. Раскрыты типологии игры, их воспитательные возможности и значение.*

Ключевые слова: *игра, национальная игра, воспитание, воспитательное значение, социально-педагогические возможности.*

Аннотация. *Макалада кыргыз элинин улуттук оюндарынын азыркы социомаданий шарттарда өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодогу мааниси жана орду каралган. Оюндардын типологиясы, алардын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү жана мааниси ачылган.*

Түйүндүү сөздөр: *оюн, улуттук оюн, тарбиялоо, тарбиялык маани, социалдык-педагогикалык мүмкүнчүлүктөр.*

Annotation. *The article considers the significance and place of the national games of the Kyrgyz people in the upbringing of the younger generation in modern socio-cultural conditions. The typologies of the game, their educational possibilities and significance are revealed.*

Key words: *game, national game, upbringing, educational value, social and pedagogical possibilities.*

Народные игры неотделимая часть народного воспитания. Игры воспитывали и воспитывают подрастающее поколение любви к своему народу, своей земле, Родине, нравственности, трудолюбию, уму разуму, героизму, решительности и являются неотъемлемой частью народной педагогики.

Воспитание ребенка – первостепенная задача родителей и вместе с тем обязанность каждого гражданина, поэтому каждый родитель с рождения детей старается дать достойное воспитание своему ребенку.

Игра служит не только для развлечения, отдыха и организации свободного времени, но служит для воспитания подрастающего ребенка и как средство для развития его нравственности, чувства патриотизма, толерантности, для улучшения и обогащения культуры нации. Можно с уверенностью сказать, что национальная игра – это дар, который кыргызский народ сохранил и сберег через многие века. В игре, как ведущей деятельности человека, видны особенности и своеобразие народа.

Национальные игры охватывают все отрасли материального и нравственного развития человека, в ней видны особенности присущие деятельности, стремление к цели и социальная помощь.

Игра является сферой познания ребенка. Также игра важна в школе, как закрепление полученных знаний, и как средство для развития научных, трудовых стремлений. Школьники через игру укрепляют здоровье и учатся самостоятельности, в то же время в игре получают моральное и эстетическое удовольствие. Но в последнее время особой популярностью у большинства школьников и дошколят пользуются компьютерные игры, которые приносят больше вреда, чем пользы. Отчасти все школьники предпочитают играть

в спортивные игры, такие как баскетбол, футбол, так как других игр просто не знают. Но в последнее время в Кыргызстане идет популяризация национальных видов игр через игры кочевников, которая завоевала популярность не только в республике, но и за ее пределами, особенно среди тюркоязычных стран ближнего и дальнего зарубежья.

Сегодня мы чаще обращаемся к опыту наших предков, к истокам народного образования и воспитания, поскольку именно там мы находим истинные ценности и правила народного воспитания. Игра, особенно национальная, является издревле средством в комплексном воспитании подрастающего поколения.

Яркой чертой культуры кыргызского народа является созданные им игры. На протяжении веков эти игры сопутствуют повседневной жизни детей и взрослых, вырабатывают особые черты менталитета, важные личностные качества, отражают общественное устройство нации и взгляды на мир.

За национальным характером игры кроется культурное богатство, традиции каждого народа. Содержание многих игр может рассказать о кочевом быте и религии, трудовой деятельности кыргызов.

Кыргызские национальные игры сопровождали человека с первых дней и до последнего дня жизни. Начиная с колыбельных песен (бешик ырлары) программировался комплекс всех положительных качеств будущего гражданина, патриота и нравственного человека. Затем, когда ребенок подрастает, держа его на коленках старшие братья, сестры или родители ласкают его с помощью «Сал билек», воспитывают прилежности, крепкому физическому здоровью. Каждая игра, которая окружала ребенка была направлена на его физическое, интеллектуальное и моральное развитие и помогала формированию его жизненных взглядов, воспитывала настоящего патриота своей Родины. [5]

Национальные игры кыргызов делились на несколько видов:

- игры, направление на умственное развитие «Акуш», «Акыйнек», «Алтын шакек ыргып чык», «Ат коймой», «Беш таш», «Бёрщ таш», «Жарма данек», «Жеп кетти», «Жылдырмай», «Чатыра таш» и др. Например, в игре «Акыйнек» нужна сноровка к поэтическому, ораторскому искусству, участник должен в рифму и быстро ответить, найти нужное слово или фразу в ответ.

- игры, связанные с умением держаться и управлять конем, так как кыргызский народ считал коня крыльями человека, очень много игр, которые требовали сноровки как у юношей, так и у девушек: «Жамбы атуу», «Жорго салыш», «Келин жарыш», «Кунан чабуу», «Кыз куумай», «Оодарыш», «Тай жарыш».

- подвижные игры: «Ак чёлмёк», «Алма жемей», «Аксак кемпир бапалак», «Ак терек, кёк терек», «Эшек секирмей», «Алты бакан» и др. Эти и многие другие подвижные игры повышают сноровку, умение ориентироваться на местности, придерживаться определенных правил игры. В то же время, подвижные игры дают участникам делиться своими положительными эмоциями и сдерживать отрицательные, сохранять командных дух и быть верным до конца игре.

Народная игра представляет собой неотъемлемую часть народной педагогики и педагогической культуры этноса, обладающую культурно-исторической и социально-педагогической ценностью и требующую ввиду своей самобытности особого рассмотрения, а также специфических методик практического использования в воспитании и развитии личности в современных условиях. Являясь феноменом народной культуры, народная игра может служить важным средством приобщения детей к народным традициям, что в свою очередь представляет важнейший аспект социально-нравственного воспитания. Потенциал народной игровой культуры включает возможности социально-нравственного совершенствования и диагностические возможности игры, позволяющие отслеживать динамику социально-нравственных качеств ребенка. Народная игра позволяет обеспечить функцию переноса содержания и форм нравственного поведения ребенка из игры в реальную – жизнь, в конкретные обстоятельства его социального бытия, закрепить устойчивые навыки социально ценного поведения и отношения. [2]

Социально-педагогические возможности народной игры достижимы только при учете ее комплексности, заключенной во множественности задач, решаемых в тесном единстве, в содержании огромного разнообразия ее видов, в выполнении воспитательных функций.

Социально-педагогическая результативность игры зависит от ее грамотного психолога-педагогического обеспечения, от способности педагогов и родителей включить игру в воспитательный процесс не в качестве отдельного компонента, а как средство формирования и воспитания личности и развиваемых образовательным учреждением народных традиций. Игра выполняет различные функции (развивающую, познавательную, развлекательную, диагностическую, корректирующую), служит средством приобщения подрастающего поколения к народной культуре. [3]

Национальные игры настолько значимы в судьбе человека, что по ним можно судить о личности, характере, интересах, способностях, установках человека.

Воспитательное значение народных игр трудно переоценить, вот почему педагог должен уметь использовать их в учебно-воспитательном процессе не эпизодично, а целенаправленно и постоянно.

Одним из главных задач воспитания на сегодняшний день является воспитание детей в духе гуманизма. Необходимость сохранения традиций народа, через национальные игры одна из возможностей сохранения самобытности и индивидуальности кыргызского народа не только в КР, но и в мировом сообществе. Это очень важно начинать именно с семьи, дальше продолжать в образовательных учреждениях через систематическую работу учителей физической культуры и классных руководителей.

Воспитание детей через национальные игры поднимет авторитет школы, учителей, родителей и самого ребенка в том случае, когда каждый будет играть в национальные игры, гордиться тем, что он является гражданином суверенного, демократического государства.

Мы считаем, что роль национальной игры в воспитании подрастающего поколения никогда не утратит своей значимости, потому что кыргызы это самый

гуманный и самобытный народ, который имеет своё международное значение, авторитет и свою самобытную воспитательную систему.

Литература

1. Бектенов З., Мусин Ю. Кыргыздардын элдик оюндары. -Ф.,1987.

2. Волков Г.Н. Этнопедагогика: учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. - М.: Академия, 1999.

3. Измайлов А.Э. Народная педагогика: педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. [Текст] А.Э. Измайлов / -М.: Педагогика, 1991.

4. Рахимова М.Р., ПанковаТ.В. Кыргызская народная педагогика. – Б., 1993.

5. Токторбаев С. Детские игры. -Б., 1991.

УДК:37.013:39.

Сагынбаева Г., п. и.к., доц. м. а.
К. Карасаев атындагы БГУга караштуу
Үзгүлтүксүз жана дистантык билим берүү институту

УЧУРДА ЖАШТАРДЫ АТУУЛДУККА, ЫЙМАНДУУЛУККА, МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООДОГУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ В ВОСПИТАНИИ У МОЛОДЁЖИ ПАТРИОТИМА, НРАВСТВЕННОСТИ И ГРАЖДАНСКОГО СОЗНАНИЯ

SOME ISSUES IN THE EDUCATION OF THE YOUTH OF THE PATRIOTISM OF MORALITY AND GRADANS CONSCIOUSNESS

Аннотация: *Азыркы кооптуу заманда жаштарды мекенчилдикке, ыймандуулукка тарбиялоо, кыргызды кыргыз кылып турган эне тилин, мамлекеттин тили болгон кыргыз тилин урматтап, өстүрүп өнүктүрүү - учурдагы эң негизги көйгөй экендиги тууралуу сөз болот. Кыргыздын руханий байлыгы болгон каада-салтын, үрп-адатын, маданиятын, тарыхын унутта калтырбай билип, кадырлап барктоо жана билим берүү мекемелеринде, айрыкча, жаштарды атуулдукка тарбиялоо максатында "Ата Мекенди сүйүү" "Ата-Журтту коргоо" темалары боюнча тарбиялык иштерди көбүрөөк өткөзүп туруу маселелери каралган.*

Түйүндүү сөздөр: *атуулдук, мекенчилдик, аруулук, тарых, маданият, мурас, ыймандуулук, мамлекет, Кыргызстандын келечеги, эгемендүүлүк, каада-салт, меймандостук, комуз, ак калпак, Ата-Журт, Мекен, мамлекеттик тил, дүйнө жүзү, "Манас" эпосу, тынчтык, көчмөндөр оюну, кол өнөрчүлүк, ата-баба, руханий байлык, аң-сезим, акыл эстүүлүк ж.б.*

Аннотация: *В статье говорится, что в настоящее, неспокойное время надо воспитывать молодежь к патриотизму, воспитывать их быть честным и совестливым, любить и развивать родной и государственный язык, уважать и не забывать повадки старых обычаев, культуру и историю народа, которые считаются духовным богатством кыргызов. И еще в статье рассматривается вопросы, что в образовательных учреждениях в целях воспитания молодежи к патриотизму, честности, надо больше проводить воспитательные работы и мероприятия на тему " Любовь к Родине" , "Защите Отчизну".*

Ключевые слова: *гражданство, патриотизм, чистота, история, культура, наследие, нравственность, государство, будущее Кыргызстана, суверенитет, обычай, гостеприимство, комуз, ак калпак, Отчизна, Родина земной шар, государственный язык, эпос "Манас", мир, игра кочевников, кустарное ремесло, предки, духовное богатсво, сознание, разум.*

Annotation: *The article considers that at this turbulent time it is necessary to educate young people to patriotism, educate them to be honest and conscientious, to love and develop their native and state language, to respect and not forget the habits of old customs, culture and peoples history that are considered the spiritual wealth of Kyrgyz people.*

And the article also considers the questions that in educational institutions in order to educate youth for patriotism and civility, it is necessary to conduct more educational activities and works on the theme «Love of the motherland»,

Key words: *citizenship, patriotism, purity, history, culture, haritage, morality, state, the future of Kyrgyzstan, sovereign, custom, hospitality, comuz, ak kalpak, Fatherland, homeland, the globe, the state language, epos Manas, world nomads game handicraft, ancestors, spiritual, wealth, consciousness, mind.*

"Кыргызстандын келечеги – жаштардын колунда" дегендей азыркы учурда жаштарды аруулукка, ыймандуулукка, атуулдукка, мекенчилдикке тарбиялоо мугалимдерди, ата-энелерди, улуу муундарды ойлондура турган курч маселе бойдон калууда. Айта кетсек, Ата Мекенди сүйүү, Ата-Журтка кызмат кылуу, эне тилин барктоо, ата-эне, улууларды сыйлоо, кыргыздын нарк-насилин, каада-салтын сыйлап-билүү ж.б. болгон ыйык сезимдер жаштардын жүрөгүнөн, көңүлүнөн орун таппай, алыстап бараткансыйт. Албетте, мындай өкүнүчтүүлүк, эмнегедир ата-энелер үйүндө балдарын тарбиялоодо, көбүнчө материалдык жактан камсыздоо жагы көбүрөөк ойлондуруп жаткандай. Азыркы заманда, дүйнө мамлекеттери бири-бири менен аралашып, экономикалык, социалдык-саясий, маданий жактан алака түзүшүп, карым-катышта болуп, илимий техниканын, маалыматтык технологиянын чексиз өсүшү менен адамдар келечекке умтулууда. Кыргызстан мамлекети да артта калбай дүйнө элдери менен аралашып, алардын маданиятын, тилин үйрөнүп өнүгүүгө бел байлоодо. Бул абдан жакшы дечи, бирок кыргыз жаштары жогоруда айтылгандай, өз маданиятыбызды да, ата-бабадан мурас калган каада-салтыбызды да, тарыхыбызды да унутта калтырбай, тилибизди кадырлап-барктаса, Мекенибиздин аброю мындан да көтөрүлөт беле. Албетте, жаштарды атуулдукка, мекенчилдикке тарбияланышы биз сөз кылгандай, улуулардын, ата-эне, мугалимдердин жана мамлекеттин жаштарга кам көрүүсүнө жараша болору айтпаса да түшүнүктүү. Тактап айтканда, Мамлекет, Өкмөт жаштардын келечегине, тагдырына кош көңүл карабай, аларга жумуш орундарын түзүп берип, материалдык жана руханий жактан кам көрсө, жаштар чет жакка чыкпай, өз Мекенинде калып, иштеп, окуп, өз элине кызмат кылмак, тилекке каршы жаштар жумуш менен камсыз болбой, аргасыздан чет өлкөлөргө барып, ал жактан ар кандай оор тагдырларга дуушар болуп жатат. Орусияда иштеп, акча табам деп набыт болгон жапжаш кыздардын тагдырына ким күнөлүү? Мамлекет башчыларыбыз жаштарды Мекенинен кетирбей жумуш менен камсыз кылса, алар биринчиден, ар кандай кырсыктардан алыс болмок, кайгылуу тагдырларга дуушар болмок эмес, экинчиден, Ата-Журтун сүйүп, мекенчил болмок деген ой келет.

Дүйнө жүзүнө террордук күчтөр орун алып, бүтүндөй дүйнө элдеринин тынчтыгын бузуп, чоң трагедияларга алып барса, коңшу мамлекеттердин чек арада болгон жаңжалдары кыргыз элин аргасыздан мамлекеттин тынчтыгын, тагдырын ойлондурууга, мекенчил болууга түрткү берип отурат. Ушундай тынч эмес кооптуу заманда кыргыз элинин тынчтыгын сактоодо, Мекенди коргоодо жаштардын жүрөгүндөгү атуулдук сезимин ойготуу, мекенчил болууга, ыймандуулукка чакыруу керек экендиги катаал турмуш өзү эле көрсөтүп койду.

Тарыхы, маданияты болбой, эл болбойт сыңары, **Кыргызстанда экинчи дүйнөлүк көчмөндөр оюну** жогорку деңгээлде өтүшү, анда маданият менен спорттун айкалышта өткөрүлгөн иш-чаралар, спорттук улуттук оюндар, ыр күүлөр, кыргыздын тарыхын, басып өткөн жолдорун, каада-салтын, үрп-адатын, театрлаштырып, көркөмдөп кыргыз элине, чет жактан келген коноктoрго алты күн тынбай тартуулашы, меймандостугун көрсөтө билгендиги, кол өнөрчүлүгүн, уз чеберчилигин, ата-бабадан калган мурастарын: боз үйдү анын жасалгаланышын, улуттук музыкалык аспаптарды, "Манас" эпосунан үзүндүлөрдүн айтылышы, улуттук кийимдерди, бир нече кылым мурда колдонулуп келген идиш аяктарды, буюмдарды ж.б. көрсөтө алгандыгы менен кыргыз элин дүйнө жүзүнө таанытты. Бул биз үчүн, кыргыз эли үчүн чоң сыймык болду. Кыргыз элинин мындай дүйнөлүк масштабда өткөргөн жакшы жышаанасы биринчи кезекте өзүбүзгө, жаштарга абдан чоң тарбия болду, себеби элибиздин унутта калып бара жаткан салтыбызды, улуттук ат оюндарыбызды, тарыхыбызды чагылдырып, жаштардын патриоттук сезимин ойготту, мекенчил болууга чакырды, кыргыздын кыргыз экендигин, "конок келсе берген ашын жерге койгон" меймандостугун дагы бир жолу айгинеледи десек да туура болчудай. Ошентип, жаштардын улуттук аң сезимин өстүрүүдө, патриоттуулугун арттырууда мамлекет тарабынан ушундай ири тарыхый, маданий иш-чараларды өткөзүп туруу эң маанилүү.

Айта кетчү нерсе, кыргыз элинин чертме кылдуу музыкалык аспабы болгон комузубузга кыргыз жаштарынан көбүрөөк кызыга баштаганы кубандырбай койбойт.

"Тогуз жылдан бери, он жылдан бери комузумду колдон түшүрбөй, ар кандай конкурстарда, республикалык конкурстарда чертип жүрөм", - деген сөздөрүн уксаң абдан кубанасың. Дагы бир жаштардын бири: "Көчмөндөр оюнуна барып комуз черткенимде, жүрөгүмдө патриоттук сезим пайда болду, кыргыздын күүлөрүн, бүткүл дүйнөгө угузганда көзүмөн жаш да агып кетти",- дейт. Ушундан улам акын А.Үсөнбаевдин" Комуз" тууралуу ыры эске түшөт:

Тилге жолдош, үнгө дем,
Комузду кошуп ырдайлы.
Бабабыз черткен бул комуз,
Баркына жетип сыйлайлы.

Аркар, кулжа жайнаган,
Белди ырдайлы, комузум.
Абийир-бакка орногон,
Элди ырдайлы, комузум.

Демек, комуз кыргыздын өткөн тарыхы менен байланышкан кыргыздын жүрөгү экенине дагы бир жолу ынанасың.

Ал эми кыргыз элинин маданиятынын туу чокусу болгон "Манас" эпосу жөнүндө да айта кетсек, «Манас» деген сөз – адам баласына таандык болгон ыйыктыкты, айкөлдүктү, баатырлыкты, берешендикти, камкордукту ж.б. касиеттерди камтыган туюмдук сөз. Манас – кыргыз элинин колдоочу пири, бүтүндөй түрк элдеринин башаты. Ал эми эпостун өзү – дүйнөлүк эпостордун (Риг-веда жана Атхарведа, Гильгамаш, Махабхарата, Энум элиш, Илиада жана Одиссея, Жангар, Урал баатыр, Нарты, Алпамыш, Коблан жана Олонхо ж.б.) топтомдору тең келбеген чыгарма.

Бүгүнкү күндө да эпостун мааниси Кыргызстандын өнүгүү заманбап этабына да чоң таасирин тийгизет. "Манас" эпосу улуттук байлык катары кабыл алынып, республиканын бардык элдерин руханий кайра жаралууга, кийинкиде да биригүүгө жана Кыр-

гызстандын өнүгүүсүнө түрткү берет. Ошондуктан "Манас" эпосун балдарга, жаштарга таанытып, окутуп үйрөтүү мугалимдердин, ата-энелердин, улуулардын, мамлекеттин парзы демекчимин.

Билим менен тарбия бири-биринен ажырагыс процесс болгондуктан, азыркы учурда балдардын билим менен тарбия ала турган негизги очогу болгон мектепте окуучулардын толук билим жана тарбия алышына жетиштүү иш-аракеттер болбой келгендиги алардын жалпы республикалык тестирлөөдө, ар кандай сынактарда билими жетишерлик деңгээлде болбой жаткандыгында. "Улут - тили менен улут" дегендей, бала эне тилин, кыргыз тилин жакшы билсе, терең өздөштүрсө, ошол эне тили аркылуу башка окуу предметтерин да тилине салыштыруу менен кенен өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, тилекке каршы, айрыкча орус тилдүү мектептерде кыргыз тилге болгон мамиле өтө эле төмөн, эне тилге бала канчалык жакын болсо, ал тилди кадырлап барктап окуса, Мекенди да ошончо сүйүп кадырлайт. Ошон үчүн эне тилге арналган ырлар жаралат тура.

Кымбаттан кыналып бүткөн тилим,
Кылымдан ыйык энем күткөн тилим.
Төрөлүп бул дүйнөдө көз ачканда,
Жаралып жаным менен бүткөн тилим.
Бул тилдин кылдат, кымбат сырын ачам,
Канымды сыя кылып китеп жазам!
Таң эрте тил өмүрү бүтөт" десе,
Күн менен уккан кечте, кошо батам. (А.Т.)

Акындар эне тилин сүйүп ырдагандай, Мекенибиздин тили – кыргыз тил экенин, Ата-Журтубуздун келечектеги тагдыры эне тилибиз болгон кыргыз тили менен байланыштуу экенин жаштар унутпаса.

Класстан тышкары сабактарды өткөзүү да балдардын тарбиясына эң маанилүү роль ойнойт. Мисалы, "Сармерден" конкурсу, "5-апрель - Ак калпак күнүнө" карата кечелерди, "Манас" эпосу боюнча викторина-конкурстарын мектепте класстар арасында, мектептер арасында уюштуруп, өткөзүп турушса, мындай иш чаралар окуучуларды бир жагынан эне тилиндеги сөз берметтерин үйрөнсө, экинчи жагынан патриоттуулукка тарбияланышына шарт түзүлмөк. "Ак калпак" жөнүндө айта кетсек, ага жаштар көп деле маани бере бербейт. "Ак калпак" улуттук баш кийим экенин, кыргызды башка элден өзгөчөлөнтүп, кыргыздын кыргыз экенин билдирип, философиялык жактан маанисин зор экендигин түшүнүшсө. Ак калпак – ак тилектин белгиси. Калпак кыргыздын ак мөңгүлүү Ала-Тоосун, андагы бийик чокуларды элестетип, элдин меймандос пейилин чагылдырып турат. Ошон үчүн кыргыз менен калпакты, калпак менен кыргызды айрып кароо мүмкүн эместигин жашатар жана баарыбыз жүрөгүбүз менен туюшубуз керек.

Чындыгында, өсүп келе жаткан муундардын, жаштардын таалим-тарбиясы азыркы техниканын, маалыматтык технологиянын таасирленишине, курчап турган чөйрөсүнө жараша болуп жаткандыгын да айтсак болот. Арийне, маалыматтык технология жаштардын билим алып, тарбияланышына жакшы таасирин дагы ошол эле учурда терс таасирин да тийгизип жатат. Жакшы таасири окуучулар, студенттер сабак боюнча жана ааламда болуп жаткан ар кандай окуялар боюнча да кошумча маалыматтарды көбүрөөк, кененирээк алышса, ал эми терс жагы пайдасыз жактарга убакыттарын көп кетиришет. Азыркы учурда, илимий техниканын тынымсыз өнүгүп, өсүп турган чагында өсүп келе жаткан муундарды руханий көркөм дүйнөгө да аралаштырып, чоңойтуп тарбиялашыбыз абзел. Андыктан окуу китептеринен болобу, көркөм чыгармалардан болобу, балдардын көбүрөөк китеп окуусуна мугалим да, ата-эне да аракеттерин жумшап, көңүл бурушса, балдар бир аз болсо да "Манастын" жети осуятында айтылгандай, айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылууга, сулуулукка, аруулукка, көркөм дөөлөт баалуулуктарды сыйлап барктай билүүгө, ата-энени урматтоого, Мекенди сүйүүгө үйрөнүп тарбия алышмак деген жакшы ойлор пайда болбой койбойт. Мисалы, сабактарда жогоруда айтылгандай, патриоттук көркөм ырларды, кыргыздын обондуу ырларын, макал-ылакаптарды көбүрөөк жатташса, көркөм чыгармалардан үзүндүлөрдү окуп талдашса окуучуларга көп болбосо да жүрөгүндөгү патриоттук сезимдери ойгонуп, кыргыздын уулу, кызы деген татыктуу атка ээ болору чындык.

Мамлекет жаштарга ар тараптан кам көрүп, иштөөсүнө шарт түзсө, Кыргызстандын эгемендүүлүгүн, көз карандысыздыгын, мамлекеттүүлүгүн жаштар гана коргоп каларына шек жок, себеби 7-апрелдеги адилеттүүлүк үчүн өлгөн жаштардын аянычтуу тагдыры муну миң ирет тастыктап турат.

Адабияттар:

1. Муратов А. Кыргыз адабияты. -Б., 2006, - 62 бет

2. Кодоров Б.А., Сыдыкбаева М.М., Мамырбаева Н.Б. Кыргыз тили. -Б., 2009, - 12 бет.

3. Матикеев К. Кыргыз, Манас жана тарыхый география. -Б., 2009, -5 бет

4. Касмалиев, Кыргызча-орусча тематикалык сөздүк. -Б., 2009, -55 бет.

УДК: 370:316.3

Нурбекова С.Н.
преподаватель КНУ им.Ж.Баласагына

ӨСПҮРҮМДӨРДҮ ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕ САНАТ-НАСЫЯТ ЫРЛАРЫН КОЛДОНУУНУН МААНИСИ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ

СРЕДСТВА И ЗНАЧЕНИЕ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПОУЧИТЕЛЬНЫХ И НАЗИДАТЕЛЬНЫХ ПЕСЕН В ПРОЦЕССЕ ВОСПИТАНИЯ ПОДРОСТКОВ

MEANS AND SIGNIFICANCE OF THE USE OF INSTRUCTIVE AND INSTRUCTIVE SONGS IN THE PROCESS OF EDUCATION OF ADOLESCENTS

Аннотация: *Санат-насыт ырларынын түпкү табиятында элдик моралдын, турмуштук философиянын кылымдар бою агылып келе жаткан көз караштары чагылган поэтикалык түрмөктөрү орун алган. Ошол себептен элибиздин нечен кылымдаган турмуштук жолун таанып-билүүдө жана рухий байлыгыбызга илимий баа берүүдө элдик оозеки чыгармачылыктын, анын ичинде санат-насыят ырларынын мааниси чоң.*

Түйүндүү сөздөр: *төкмөлүк, санат сөз, улуттук өнөр, этнопедагогика, коомдук жашоо, эл ырчылары.*

Аннотация: *Роль и значение устного народного творчества, в том числе поучительных и назидательных песен очень велика в процессе анализа пройденного пути народа и оценивании с научной точки зрения этнических ценностей. Основу поучительных и назидательных песен составляют поэтические строки в которых заложены многовековые взгляды отражающие незаменимое воспитание.*

Ключевые слова: *сказительство, санаты, народный талант, этнопедагогика, общественная жизнь, народные сказители*

The role and importance of oral folk art, including instructive and instructive songs, is very great in the process of analyzing the path of the people and assessing from the scientific point of view of ethnic values. The basis for instructive and instructive songs is the poetic lines in which the centuries-old views are laid reflecting irreplaceable upbringing.

Key words: *fairy tales, sanatas, folk talent, ethno-pedagogy, social life, folk tales.*

Элдик оозеки чыгарачылыктын ар бир жанрын тарбиялык мааниге бай, турмушта ар бир инсандын керектөөсүнө жарай турган акыл кеп, мыкты кеңеш, асыл ойду жетелеген өзүнчө бир казына катары элестетүүгө болот.

Эл арасынан чыккан сөзгө чечен, кепке маани бере биген инсан Токтосун Бойкон уулу: "Баарынан мурда санат сөз жөнөкөй адамга эмне үчүн керек? Ал угуучуну ынтаа менен тыңшатуу, ойдун сулуулугу менен таасир этүү, таң калтыруу жана тез кабыл алдыруу үчүн керек. Санат сөз укканды ыракат алдырган, улам-улам уккусун келтирген канаттуу кеп. Аны менен акыл айтылып, тарбия берилет, эмне жаман, эмне жакшы экендиги, жашоо, адам, жаратылыш, заман санатталат" – деп белгилейт өзүнүн "Санат сөз" деген эмгегинде.

"Санат" бир түркөй оозеки чыгармаларды эмес, түрдүү жанрдагы ырлар деген маанини кыйыр түрдө билдирсе, башка бир учурларда таалим, тарбия, акыл, насаат берүүчү афористтик, же макал, лакаптарды

кеңири чечмелеген ырлардын тобуна таандык болуп айтылат. Бирок, мындагы сан, сана деген уңгу сөздөр ырдын аткарылышында бардык учурда өзүнүн нукура маанисин сактайт, ал эми "насыят" деген сөз ошол саналып айтылган түрдүү маселелердин максаты акыл айтуу дегенди түшүндүрөт."

Кыргыз эл акындарынын чыгармаларында ар кыл темадагы санат-насыят ырлары эң жогорку көркөмдүктө берилип, жашоо-тиричиликтин өтө майда-чүйдөсүнө чейин байкоо салынып, кыял-жоруктарын ачып көрсөтүү менен бирге, адам баласынын адептик касиеттерин жана мүнөзүндөгү туура эмес одоно сапатттары ашкереленип, жалпы жаштарды, өспүрүмдөрдү терс мүнөздүү сапаттардан алыс болууга чакырган. Буга мисал катары Барпы акындын "Санат", "Эмеспи", "Терме", "Ынтымак" деген ырларын атасак болот. Алсак, "Санат" ырында адам мүнөзүндө кездешүүчү жакшы-жаман сапаттарын карама-каршы коюу менен акылдууну, билимдүүнү баалай билүүнү, туугандуу, жолдошуңду, эл үчүн, жер үчүн кызмат кылган эр азаматты сыйлай бил деген элдик идеяны төмөнкүдөй чагылдырган:

Ариетти талашкан
Тууган болот турбайбы.
Баатыр жигит эл үчүн
Курман болот турбайбы.

Азыркы учурда санат-насыят, терме ырларын айтуучулар аларды эки түрдүү аткара тургандыгына күбө болдук: бирөөлөрү эмоция, көтөрүңкү үн менен дикломация мүнөзүндө сүйлөп аткарса, экинчилери комуздун коштоосунда обон менен аткарышат.

Санат деген сөз ырдын форасына тиешелүү болсо, насыят мазмунуна карата айтылат – деген С.Закировдун пикирине кошулбай коюуга болбойт.

Учурда жаштарды санат-насыят ырлары аркылуу адептүүлүккө, эл-жерди сүйүүгө, адамдык баалуу сапаттарды аңдап сездирүүгө тарбиялоо иши өтө орчундуу маселелердин бири болууда. Буга мисал катары азыркы учурдагы "Санат" телеканалынын иш жүргүзүүсүн, "Насаат" медиа порталынын пайда болгондугун атоого болот. Аталган телеканалдын негизги берүүлөрүнүн ичинен "Санат төр" берүүсүнө токтолсок, коомдогу көйгөйлүү маселелерди ата-бабанын салты, калтырган акыл-ойлору аркылуу чечүүнү максат коюп, кыргыз элине белгилүү инсандар менен маек куруу формасында жүргүзүлүп келет. Өспүрүмдөрдүн коомдо социалдашуусуна мындай иш-чаралар өз таасирин тийгизбей койбойт. Ал эми "Насаат медиа" порталында кандайдыр бир ой ортого салынып, ар бир инсан өз көз карашы менен бөлүшүп, талкуу жаралып, коомдогу жаштардын курч маектерине күбө болгон учурлар көп кездешет. Мына ушул өңүттө мезгил алмашып, доор алмашып, техника канчалык тез өнүккөн учурда дагы элдик казына, байыркы ата-бабалардан калган акыл-насааттар өз таасирин жоготкон жок деген тыянак чыгарууга болот.

Өнүгүүнүн туура жолун тандаган ар бир улут өз элинин тарыхын, улуттук баалуулуктарын сактай билүүсү зарыл.

Санат-насыят ырларынын объектисине дуушар болгон көрүнүштөр эң эле ар түркүн: балалык, карылык, жакшы, жаман, бай,кедей, өмүр, өлүм, кыял-жорук, жер-суу ж.б.

Моралдык осуяттын үстөмдүк кылышы кыргыз элинин санат-насыят ырларынын дагы бир өзгөчөлүгү болуп эсептелет:

"Адал жүргүн, арам болбо,
Сакы болгун, саран болбо.
Жаман ишти билип туруп,
Түшпөңүздөр жаман жолго.
Жигит таап сырлаш болгун,
Адамын таап, иштеш болгун.
Душманыңа сыр билдирбе,
Жакшыларга жолдош болгун."
(Элдик санаттан)

Санат-насыят ырларында гуманизм менен катар достук идеясына да чон көңүл бурулат:

Эл башкарып турганда,
Эрмектеш досуң табылат.
Досум качан келет деп,
Күн өткөрбөй сагынат.
Кээ бир киши дос болот.
Алып турса кош болот.
Албай турса таарынган.
Андай достук бош болот.
Дүйнө үчүн достошкон.
Ал досчулук калп болот.
Жокко кайыл, барга орток,
Ошол достук шарт болот.

Өлкөбүздүн өнүгүшү үчүн өз салымын кошо алган, өз ата-тегинин салт-санааларын, поэзиясын, элдик адабиятын так билген жана аларды туура колдонгон, ошондой эле коомдун саясий, маданий, экономикалык турмушуна активдүү катышкан келечек жаштарын тарбиялоодо санат-насыят ырлары бардык тараптан көмөк көрсөтө аларында шек жок десек жаңылышпайбыз. Элдик оозеки чыгармачылыктын өтө бай жанрдуулугу жана аларды ар кайсы куралтык өзгөчөлүктөргө карата колдонуу мүмкүнчүлүктөрү көркөм мурастардын жаш муундарды тарбиялоодогу маанисин мындан ары тереңдетүүгө мүмкүн экендигин кабарлайт. Элдик оозеки чыгармаларды сабактын стандарттык эмес түрлөрү менен окутуу, алардагы идеяларды катыштырып этикалык диалогдорду, маектерди, конкурс, викториналарды өткөрүү өсүп келе жаткан муундун билимин тереңдетип, алардын активдүүлүгүн, сынчыл көз карашын, өз алдынчалуулугун, калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Адабияттар

1. Исмаилов Ж. Акындар чыгармачылыгындагы өмүр, өлүм проблемасынын берилиши. -Б., 2011.

2. Исаков Б. Санат сөз. -Б., 2004.

3. Койлубаев К. Жазгыч акындардын чыгармачылыгынын калыптанышы, өнүгүшү. Филология илимдеринин кандидаты окумуштуу даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Б., 2007.

4. Мусаев А., Таштемиров Ж, Маленов Б. Кыргыз адабияты. 9 кл. – Ф., 1970.

5. Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы. Ж.Жаныбеков, Э.Шарипова, Ө.Акматов, Р.Эргешбаева, Ж.Итигулова, А.Акаев. -Б., 1998.

УДК: 37: 378.978

Кадырова Т., *ОГПИнин окутуучусу*

МУГАЛИМДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖОЛДОРУ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ

ПУТИ И СРЕДСТВА ФОРМИРОВАНИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ СПОСОБНОСТИ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ

WAYS TO FORM TEACHERS PEDAGOGICAL CAPACITY

Аннотация. *Бул макалада учурдун олуттуу маселелеринин бири болгон мугалимдин педагогикалык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жөнүндө аныктама берилип, анын маңызын жана маанисин анализдөөгө басым жасалган. Педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдүн түрлөрү бөлүнүп,ар бирине мүнөздөмө берилген. Жөндөмдүүлүктү жогорку билим берүүдө өнүктүрүүнүн зарылдыгы, анын жолдору жана каражаттары жөнүндө баяндалат.*

Түйүндүү сөздөр: *жөндөмдүүлүк, коммуникативдүүлүк, перцептивдик, калып тандыруу, өзүн–өзү өнүктүрүү, оптимисттик,педагогикалык процесс*

Аннотация: *В этой статье рассматривается вопросы о формировании педагогических способностей у студентов. Дано определение и на сущности педагогической способности, как их развивать в педагогическом процессе. Сказано о необходимости развития профессиональной способности студентов в период обучения в высшем образовании. Перечислены пути их формирования.*

Ключевые слова: *способности, коммуникативность, перцептивность, саморазвитие, оптимизм, педагогический процесс.*

Annotation: *This article consider the issues of forming students pedagogical capacity. Gived definition to pedagogical capacity and types of pedagogical capacity. Importance of pedagogical capacity development ways in education process.*

Key words: *Capacity, communicative, self-development, optimism, pedagogical process.*

Мугалимдик кесипке ийгиликтүү ээ болуу, бир гана шарттын негизинде, дайыма тынымсыз жана системалуу түрдө өзүн-өзү тарбиялоо жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн негизинде гана ишке ашарына студенттердин ынануусун, көз карашын калыптандыруу, профессионалдык жактан өсүүдөгү керектөөлөрүн тарбиялоо зарылдыгы туулуп жатат.

К.Д.Ушинскийдин төмөнкү сөздөрү кебелбес чындык экендигин ар бирибиз туура түшүнүүбүз керек: “Тарбиялоодо баардыгы тарбиячынын инсандыгына негизделиши керек, анткени тарбиялык күч инсандын жандуу булагынан гана агып чыгат. Эч кандай устав жана программа, кандай гана чеберчилик менен ойлоп табылбасын, ал жандуу тарбиячыны алмаштыра албайт. Тарбиялануучуга тарбиячынын түздөн-түз жеке таасирисиз анын мүнөзүнө жалгашуучу чыныгы тарбия мүмкүн эмес. Инсан гана инсандын өсүшүнө жана калыптанышына таасир көрсөтө алат, мүнөз менен гана мүнөздүү түзүүгө болот”. Мугалимдик кесип бул – адамтаануу илими, адамдын татаал жан дүйнөсүнө тынымсыз щөщп кирүү. Дайыма адамдагы жаңы нерсени ачуу, жаңы нерсеге таңдануу, адамдын калыптануу процессин көрүп туруу экендигин болочок мугалимдер түшүндүрүүсү зарыл. Адамдардын өмүрү, акыл-эси, мүнөзү, эрки, турмуштагы орду жана ролу, граждандык жана интеллектуалдык турпаты баардыгы бизге мугалимге байланыштуу. Демек, биз – мугалимдер келечекте коомду андан ары өнүктүрө турган, адамзаттын жашоосунун гүлдөп өсүшүнө салым кошо турган жаш муундарды даярдап окутуп, билим берип, тарбиялап чыгарабыз. Бул иш-аракеттеги негизги инструмент – мугалимдин өзү, анын билими, методу жана өз предметин кесибин сүйүүсү. Бул тууралуу Л. Н. Толстой минтип айткан, “Окуучуну илим менен тарбиялагың келсе, ал илимди сүй жана толук бил, анан окуучулар сени сүйөт, сен аларды тарбиялайсың, а эгер ал илимди өзүң сүйбөсөң, аны канчалык оку деп мажбурласаң да ал илим тарбиялык таасир бербейт”.

Ошондуктан, азыркы кездеги мугалим адептик жактан тарбиялуу, идеалдык ишеними, кенен эрудиция жана маданияты менен өз ишинин билерманы жана демилгечиси жана педагогикалык чыгармачылыгы менен адамдарга, айрыкча окуучуларга үлгү болушу керек.

Студенттин билиминин мазмунун педагогика, психология жана өзү окуткан адистиги боюнча предмети түзөт. Педагогикалык билимдин маанилүү өзгөчөлүгү болуп анын комплекстүүлүгү, башкача айтканда студент окуган илимин синтездештирүүсү керек. Синтездин өзөгү болуп окуган илимдери боюнча маселелерди чечүү, тажрыйба жүргүзүү аркылуу кубулуштардын мыйзам ченемдүүлүгүн түшүнүүгө жетишет.

Студенттин кесиптик билиминин негизинде педагогикалык аң-сезими калыптанат, башкача айтканда жасаган аракетинин эрежелери, принциптери иштелип чыгат. Бул эрежелер жана принциптер студенттин өз билимин байытканда, практикалык тажрыйбаны өздөштүргөндө гана калыптанат.

Кесиптик билим жана педагогикалык практиканын натыйжасында студенттерде педагогикалык жөндөмдүүлүктөр пайда болуп өнүгө баштайт. Педагогикалык жөндөмдүүлүк - бул педагогикалык иш-аракеттин ийгиликтүү өтүшүнө жардам берүүчү психикалык процесстердин өтүү өзгөчөлүктөрү болуп саналат. Педагогикалык жөндөмдүүлүк көп жагынан изилденип, төмөнкү жөндөмдүүлүктөрдү бөлүп карайт.

1. Коммуникативдүүлүк – балдарга туура мамиле жасоону билүү, кең пейилдүүлүк, ачык - айрым пикир алмашууга үйрөнүүнү түшүндүрөт. Бул педагогикалык кызматташтыкты түзүү десек да болот.

Жаш адистер пикир алмашуунун да маданиятын өздөштүрүүгө тийиш

- Окуучунун сөзүн уга билуу, аны толуктоо жана тактоо
- Түрткү берүүчү суроолорду берүү;
- Окуучунун сөзүн анализдей алуу;
- Окуучунун айтып жаткан оюн түшүнүү;
- Көз аркылуу мамиле кылуу:
- Класска жалпы көз салуу;
- Окуучулардын реакциясын көрүү, түшүнүү;
- Айтып жаткан сөз менен окуучуларды кызыктыруу;
- Конспектисиз, эркин, байланыштуу сүйлөө.
- Айтып жаткан түшүнүктү, же теманы илимий ачылыштар, далилдер, турмуш тажрыйба менен байланыштыруу;
- Айтылган ой боюнча өздүк пикирди, көз карашты билдирүү.

Студенттин коммуникативдик жөндөмдүүлүктү өздөштүрүүсүнүн дагы бир жагы – сүйлөө техникасын билүүсү. Мугалимдин эң негизги куралы **сөз** болуп эсептелет эмеспи, ошондуктан сүйлөө техникасына көңүл буруу өтө зарыл. Сүйлөө техникасынын төмөнкүдөй талаптары бар:

- Сөз грамматикалык жактан туура сүйлөнүүсү керек.
- Лексикалык жактан байытып, жаңы сөздөр менен толуктап туруу керек.
- Сөздүн көркөмдүүлүгү, эмоционалдуулугу жана образдуулугу.
- үндүн күчүнүн дэңгээлинин туура коюлуусу, үндүн өзгөрмөлүүлүгү, басым, тынымдын туура коюлушу;
- Сөздүн темпинин өзгөрүп туруусу.
- Ар бир мугалим өзүнүн сөзүнө анализ жүргүзүп, аны өнүктүрүп турууга тийиш.

Коммуникативдүүлүгү төмөн студент балдарга мамиле жасоодо кыйынчылыкка дуушар болот. Пикир алмашуудан жана мамиле жасоодон адам өзүнүн керектөөсүн канааттандырат, ошол мамиледен натыйжаны көрүүгө тийиш. Студенттердин практика учурунда балдардын көңүлүн өзүнө бура албай жана окуучуларды сөзү менен кызыктыра албай сабагы кызыксыз болуп, максатына жетпей калганын көп байкоого болот. Анткени студент сабагына, же тарбиялык саатты өтүүгө даярдыгы начар , ошондой эле окуучулар менен мамиле түзүүнү жакшы билбегендигине байланыштуу.

Балдарды сабакка кызыктыруучу ыкмаларды, методдорду өздөштүрүү зарылдыгы бар. Студенттин баяндап жаткан суроосу, же маселеси чыныгы далилдерге, турмуштук жагдайларга байланыштуу болууга тийиш.Көпчүлүк учурда студенттер окуучуларга арналган окуу китебинин материалынан тышкары жаңы маалыматтарды издешпейт. Ар кандай эле теманы өтүүдө окуучулар али угуша элек илимий ачылыштарды, мисалдарды келтирип, мүмкүн болсо тажрыйба жүргүзүү менен иштөө эң жакшы натыйжа бермек.

Педагогикалык жөндөмдүүлүктүн дагы бир түрү - **перцептивдик жөндөмдүүлүк деп аталат.** Бул мугалимге тиешелүү болгон көрөгөчтүк, байкагычтык сапаттар болуп эсептелет. Окутуу процессинде мугалимге окуучулардын ички психикалык абалын байкоого туура келет. Бул сапат өтө татаал. Байкоодо көрүү жана угуу аздык кылат. Окуучудан эмнени көрүп турса, аны анализдөөгө туура келет. Окуучуда өзгөрүү болуп жатканын тез эле көрүүгө болот, бирок ал кандай өзгөрүү, анын себептери кандай, позитивдүү жакка алып барабы, же начар жыйынтыкты береби деп ойлонуу зарыл.

Педагогикалык кесипти өздөштүрүүдө студент окуп жаткан мезгилден баштап эле педагогикалык техниканы үйрөнүүсү зарыл. Улуу мастерлердин тажрыйбасынан алардын сабак өтүү учурунда кыймыл аракетинин тактыгын, сүйлөө өзгөчөлүктөрүн, алдына коюлган максатын чеберчилик менен аткаргандыгын жана чечишкенин билебиз. Мугалимжеке адамдар жана коллектив менен сүйлөшө билүүсү талап кылынат жана ар кандай ыкмалар колдонулат.

Педагогикалык техника деп - ыкмалардын жыйындысын айтабыз.

Ал өз алдынча эки топко бөлүнөт.

1. Мугалимдин өзүнүн жүрүм – турумун, денесинин кыймыл – аракетин башкаруусу.Мисалы: окуучулардын алдында туура, ыргактуу басуусу, мимика, пантомимикасынын туура болуусу, ашыкча, жагымсыз кыймылдардын болбогондугу жакшы.

Ошондой эле бул группага студенттин сезимин башкара билүүсү жана сөз техникасы да камтылып кетет.

Педагогикалык техниканын экинчи бир группасы – студенттин жеке окуучуга жана коллективге таасир этүүсү. Бул бир канча татаал жөндөмдүүлүк болуп эсептелет.

а. Дидактикалык жөндөмдүүлүктү өздөштүрүүсү - бул окутуунун формаларын жана методдорун туура тандай билгендикти, окутуучулук жөндөмдүүлүктү, жакшы билим бере алгандыкты түшүндүрөт. Мында студент жакшы мугалим болууну максат кылып балдарды талапка ылайык деңгээлде окутууга умтулууга тийиш. Көрүнүктүү мугалимдердин тажрыйбасын үйрөнүп, өздүк практикасында колдонуусу.

б. Уюштуруучулук жөндөмдүүлүктү өздөштүрүү - бул студенттин балдарды оутуу жана тарбиялоо процессин уюштура алууну үйрөнгөндүгүн түшүндүрөт. Сабакта окуучуларды жакшы уюштуруу, тарбиялык сааттарды уюштуруу, окуучуларга майрамдарды, кечелерди, жолугушууларды, ата – энелер менен иштерди уюштура билүүнү талап кылат.

в. Конструктивдүүлүк жөндөмдүүлүк – бул студенттин окутуу жана тарбиялоо, усулдук иштерде ойлоп табуучулук, чеберчилик сапаттардын болуусун түшүндүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, болочок жаш мугалимдер ЖОЖ дордо окуп жаткан мезгилден баштап педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдүн элементтерин өздөштүрүүгө тийиш. Анткени азыркы учурда мектепке эрудициялуу, компетенттүү жаш адистер талап кылынып жатат.

Адабияттар

1. Высшее образование №3 2015 г. Стр. 12-14.

2. Высшее образование №1 2015 г. Стр. 55-58.

3. Дидактика и методика высшего профессионального образования. -М., Спутник 2012.

4. Зязюн В.А. Основы педагогического мастерства. -М., 1999.

5. //"Кутбилим" №32 2016.

УДК:372.881:161.1:371.3

Абышбаева А. А.
И. Арабаев атындагы КМУнун ФББПК
кафедрасынын ага окутуучусу

КЫРГЫЗДАРДЫН МАКАЛ-ЛАКАП СӨЗДӨРҮНҮН АЗЫРКЫ ЖАШ МУУНГА ТИЙГИЗГЕН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ КЫРГЫЗСКИХ ПОСЛОВИЦ И ПОГОВОРОК К НЫНЕШНЕМУ МОЛОДОМУ ПОКОЛЕНИЮ

Аннотация: *Берилген макалада макал, лакап, учкул сөздөр жөнүндө кеп козголуп, жаштарга гумандуулуктун жана бийик ыйман-адептин булагынан сугара турган адамкерчиликтин акылман үлгүлөрү туурасында кеп болду.*

Түйүндүү сөздөр: *макал-лакап, накыл сөздөр, тарбия, ыйман, ынсап, курч сөздөр, учкул сөздөр, адамкерчилик, акыйкат, инсан, өнөр.*

Аннотация: *В представленной статье идет речь о пословицах, поговорках и об острых словах, а также о высокой совести и гуманности молодежи, о высоких нравственных и мудрых источниках.*

Ключевые слова: *поговорки и пословицы, поучительные слова , воспитание, совесть, справедливость, острые слова, аффоризмы, человечный, истина, личность, умение.*

Annotation:*This article deals with proverbs, sayings and sharp words, as well as high conscience and humanity of youth, high moral and wise sources.*

Key words: *proverbs, instructive words, upbringing, conscience, justice, sharp words, human, truth, personality, skill.*

Макал, лакаптар – фольклордук чыгармалардын ичинде өзүнчө спецификалык, көркөмдүк, мазмундук бөтөнчөлүктөргө эгедер. Алар элдик оозеки чыгармачылыктагы жанрлардын ичинен мазмунунун тереңдиги жана тактыгы, кыскалыгы, элестүүлүгү менен айырмаланып турат. Турмуштук тажрыйбалардын негизинде, агартуучулук, тарбиялык мааниде, жакшы сапаттарды даңазалаган, жаман сапаттарды маскаралаган, калыстык менен чындыктын үлгүсү, турмуштун элдик эрежеси, акыл-насааттын кенчи болгон, эстөөгө жеңил, айтууга элпек, көпчүлүгү ыр же жорго сөз түрүндө кыска, таамай айтылган элдик оозеки чыгарманын бир түрүн макал, ал эми айрым бир кубулуштардан, окуялардан же адамдардын өзгөчө мүнөздөрүнөн улам, эл арасында көркөмдөлүп салыштыруу түрүндө мыскылдата айтылган, көпчүлүгүнүн тарыхы, чыгыш теги бар туруктуу сөз айкалыштарын лакаптар деп жүрөбүз.

Макал-лакап - адамдардын көп жылдардын бери келе жаткан философиялык ой корутундуларын жыйынтыктап, алардын турмуш тажрыйбаларын негизинен алынган, рифмалашкан жана ритмдешкен бир же бир нече сүйлөмдө ойду бүтүрө айткан тарбилоо максатында колдонулган фольклордук чыгармалар. Илгертен кыргызда сөздү терең баалап, барктап, сөзгө өтө чоң маани берип келгендиги, кичүү муундарыбыз куттуу, касиеттүү сөздөрдөн тарбияланып, таалим алгандыгы нукура чындык. «Сөзүң өлгөнчө өзүң өл» деп ата бабаларыбыз да бекеринен айтылбаса керек, бала төрөлгөндөн баштап эле, бешикте жаткан кезинен тарбиялык мааниси өтө чоң бешик ырын угуп таасирленишкен.

Жаасы келсе жан чыккан, каарланса кан чыккан канкор шерлер да өлүмдөн эмес, учурунда нарктуусалттуу сөздөн айбыккан, аны аттап кете алган эмес. «Сөз бакан адам эл багат», «Сөз баштаган көч баштайт» дегендей сөздүн керемет касиет-кудурети аркылуу адам акылын арбап, он сегиз миң ааламды багынтууга болоруна ишенбей коё албайсың. Белгилүү окумуштуу Константин Юдахин: «Кыргыздар сүйлөсө эле ыр сыяктуу төгүлүп турат», - деп бекеринен тамшанып айтпаса керек.

Ар бир айтылган накыл сөздүн өзүнчө бир айтып бүткүс касиети бардай.

Ушул касиети менен накыл сөз мурастары муундан-муунга, атадан–балага аздектелип асыл байлык катары шам чырактай жанып жан дүйнөсү жарыктанат деп ойлойм.

Атадан балага, муундан-муунга өтүп, адамзаттын өлбөс-өчпөс рухий байлыгына айланган учкул сөз ой түрмөктөрү ар бирибиздин жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн орун таап, күнүмдүк жашообузда соолбос башатыбыз, акыл кошчу насаатчыбыз, кеңешчибиз жана сынчыбыз, мезгил талабы койгон чиеленген суроолорго туура жооп табууда тутунган туубуз катары сезилет.

Мына ушундай сөз бакан сөз кадырлаган инсандар кылымдар арасында кыргыз элине тоодон аккан тунук булак сыяктуу учугу уланып, улам бири биринен өнөр көчүн өткөрүп алып келе жатышат. Атадан балага оозеки түрүндө сөздөрү жетип олтурган: Токтогул ырчы, Жээренче чечен, Бука ырчы, Көкөтөй чечен, Жусуп Баласагын, Жеңижок ырчы, Куйручук, Арстанбек, Көлдүк акелер тобу, Калыгул олуя ж.б. айткан санаттары, накыл сөздөрү биз үчүн турмуш сабактарына айланды. Мына ошондой элдик даанышмандардын орду кур калбайт экен, кийинки учурларда да эл арасында чыгып жаткан жазуучу-акындардын жыйнактары кызуу талкууларды жаратууда. Мисалга алсак кийинки жаңы пайда болгон макал, накыл сөздөргө көңүл бөлө турган болсок: «Өнөр кенч, ачкычы арыбаган аракетте», «Билим алган сайын, билбестигинди билесин», «Китепти аягына чыгыш үчүн эмес, сабак алыш үчүн оку», «Билгенин билбегенге үйрөтүү – сооптордун жакшысы», «Атадан алтын калганча, акыл калсын», «Устаттык чоң жоопкерчилик, анткени, сенин шакиртиң- сенин «кол тамгаң», «Арыктын нугу туура болсо, суу жаясың, илимдин нугу туура болсо, туу саясың». «Китеп окугандар көп, бирок андан сабак алгандар аз» ж.б. көптөгөн мисалдарды келтирсек болот.

Бул айтылган накыл сөздөр жаштарды билим алууда алдыдагы тоскоолдуктардан тайманбай өтүүгө, инсан катары кандай гана турмуштук кыйынчылыктар болбосун, бирөөдөн жардам күтпөй, өзүбүз аракеттенип, терен билим алууга умтулуп, улуулардын ишин улантып, жоопкерчиликтүү болууга үндөйт.

Адамдын он сегиз миң ааламда ээлеген орду, ыйман тазалыгы, өз эли-жерине болгон терен сүйүүсү, эмгекчилдиги, муундар аралык мамилеси жөнүндөгү маселеге көңүл буруп, жүрөк кылдарын козгой турган бийик сезимдерди билдирүүдө дал ушундай кыска, бирок нуска сөздөр өтө зарыл. Өсүп келаткан жаштарды тарбиялоодо, тарбиялык мааниси өтө зор: «Беттеген ишиңди баштаардан мурда беш жолу жакшы жагын, бир жолу жаман жагын ойлоп көр. Ошол ой, ишти баштатат же таштатат». «Эгерде келгенде керсейип кирген адам, кеткенде ой басып чыкса, бүгүнкү сабак максатына жетиптир де». «Бала тарбиялоонун камын төрөлгөндө эмес, төрөлгөнчө көр». «Ар бир ата-эне өмүр бою өзүлөрүн тарбияласын, балага андан артык таалимдин кереги жок» сыяктуу айтылган накыл сөздөрүнүн таасирин айтпасак да түшүнүктүү.

Байыртадан элибиздин салтында сөздөн күчтүү, сөздөн ыйык курал болгон эмес. Сөз кунсуз, ага баа жетпейт, ал өтө кымбат. Илгери кепке жыгылган адам эл алдында сөзгө жыккан кишинин астына ат тартып, үстүнө тон жапчу экен. Аны сыңарындай: «Эне тилде сүйлөгөндөн уялгандарга айтарыбыз: Эч нерсе эмес, биз деле арабызда силердин төрөлүп калганыңарга уялып жүрөбүз», -деп жазат акын. Ушул таамай айтылган калетсиз, акыйкат сөз адамды жер менен жексен кыла турган касиетке ээ экендигин, тилди чанган жаш муундардын намысын ойгото турган керемет айтылган сөз экендигин белгилегим келет.

Ыйман, ынсап, адал, арам, кусур, кесир, убал-сооп, адамкерчилик, акыйкаттык тууралуу асыл ой түрмөктөрү «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармалардан, акын-төкмөлөрдүн ыр саптарынан миңдеген жылдардан бери агын суудай аягы үзүлбөй келет. Накыл сөздөрдү баамдап карап көрө турган болсок: «Көнүлдүн кирин кетирүүчү эң жакшы «каражат» - кечирим». «Оронорум кепин болгон соң, оокатты неге жыйнадым, жатарым сыз жер болгон соң, алкымды неге тыйбадым». «Жаназага анын жакындары көрсүн деп барабыз, анан кантип Жаратканга жагабыз», «Улуулуктун учугу жөнөкөйлүктө», «Байлыкты акыл башкарса – өргө, акылды байлык башкарса – көргө». «Ичкилик менен итчиликтин уйкаштыгын карасаң» деп жазылат. Бул саптардан алынган таасын сөздөрдөн так эле ушул ыйман, ынсап, адал, арам, кусур, кесир, убал-сооп, адамкерчилик, акыйкаттык тууралуу таамай айтылганын байкайбыз.

Ал эми «Уча табак тартылат улуусуна меймандын, ушак айың айтылат, пастыгынан ыймандын», «Жукпас адам белгиси жумурткадан кыр издейт, муктаж адам белгиси, жумуш сурап пул издейт» же «Ажырашар катынды, ардактасаң коркок дейт, арбак урган жакырга, чапан жапсаң боркок дейт», «Коомго эң коркунучтуу инсандар – илим-билимдүү ыймансыздар», «Чындык сынбайт, тескерисинче аны канчалык ийген сайын анын серпилүү күчү көбөйөт», «Арамдан жыйылган байлыкка чардаганча ач-жылаңач зарлаган артык» ж.б. накыл сөздөрү бүгүнкү күндүн көзү менен бүгүнкү күндүн сөзү катары айтылгандыгы менен анын баасын арттырат. Биз жогорудагы сөз кылган мисалдар окурмандарга багыт берүү үчүн гана алынгандыгын айткыбыз келет. Накыс сөздөрдүн маани-маңызын терең талдап түшүнүү үчүн, бир эмес, бир нече жолу окуп чыгып, бешиктеги баладан бели ийилген карыга чейин турмуштук көйгөйлүү суроолоруна көркөм жооп аларына терең ишенебиз.

Кыргыз элибизде эзелтеден айтып келе жатышкандай: «Куттуу жер куру калбайт» - демекчи эл болгондон кийин арасында өнөр адамдары, баатырлары, башчылары, жакшылары ыңгайына жараша, заманына карата кайталанып келип кете берет экен да, алардын үзүрүн эл көрөт тура. Болгону ар нерсе өз учурунда дегендей мындай тарбия-таалими курч сөздөрдү билим берүү уюмдары, маалымат каражаттары аркылуу калк арасына жеткирсек идиреги барлар изги сөздөн жан дүйнөсүнө азык алып, жашообузга жакшылык дагы да тамырын терең жаят беле?...- деген аруу тилек менен жыйынтыктайлы.

Адабияттар

1. Жакыпов К. К. Аян ырлар. - Б., 2006.

2. Жакыпов К. К. Кут китеп. - Б., 2009.

3. Керимжанова Б. Кыргыз элинин макал жана лакаптары. – Ф., 1955.

4. Тажиева Г. Курманбекова А. Кыргыз макал, лакап жана учкул сөз түрмөктөрү, - Б., 2004.

УДК 159.9:364.179.2.

М.Ысакова, *ОГПИнин ага окутуучусу*

ҮЙ-БҮЛӨ – ТАРБИЯ БАШАТЫ

СЕМЬЯ - ИСТОЧНИК ВОСПИТАНИЯ

FAMILY - THE SOURCE OF EDUCATION

Аннотация. *Бул макалада учурдун олуттуу маселелеринин бири болгон үй-бүлө маселеси каралып, коомдун негизги маңызын түзүүчү болгон ата-эне жана баланын өз ара бири-бирине таасир этүүсү, ошондой эле бүгүнкү үй-бүлөдөгү тарбиянын аксап жаткандыгынын кээ бир себептерине токтолуу менен ата-эне – алгачкы тарбиячы экендигин, коомчулукта үй-бүлөлүк тарбиянын зарылдыгына токтолуу менен алгачкы тарбиячылар болгон ата-энелерге мүнөздөмө жана үй-бүлөдөгү тарбиянын жолдору жана каражаттары жөнүндө баяндалат.*

Түйүндүү сөздөр*: элдик дөөлөттөр, социалдык ролдор, баалуу идеялар, маданият.ыйман, рух,баарлашуу,каада-салт.*

Аннотация*. В данной статье говорится о путях и средствах домашнего воспитания. Автор рассматривает одну из важнейших задач современного общества – взаимодействие родителей и детей. Он так же останавливается на некоторых проблемах домашнего воспитания и подчеркивает, что родители являются первостепенными воспитателями своих детей, и востребованности обществом домашнего воспитания.*

Ключевые слова: *народное богатство, личность, формирование, воспитание, социалные роли, культура, общение, традиции.*

Annotation*. One of the main goals of this article is precisely the essence of the issue of the family and society, it was the parent and the child, as well as the mutual influence on each other in modern culture, that some of the reasons are lame in the family, referring to the parents of the first educators, the public stimulus, addressing the need for education for primary school teachers, parents and family characteristics, describes the ways and means of education.*

Key words *: People's sense of social roles and valuable ideascommunication, cultu re,spirit, and tradition.*

Үй-бүлө эки адамдан курулат. Үй-бүлө коомдун күзгүсү, бул жерде адамдар тарбияланып, мүнөздөрү калыптанып, эмгекке болгон мамиле бекемделип, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, идеялык жана маданият байлыктарыбызды барктоо сезими уялай баштайт. Үй-бүлөдөгү мамиле, бири-бирин урматтоо, адамды баалоодогу эң жогорку көрсөткүч болуп эсептелет.

Үй- бүлөдөн балдар адамдар менен карым- катыштын, өз ара таасир этүүлөрдүн алгачкы көндүмдөрүнө ээ болушат, эн алгачкы жолу эл тутунган жана кастарлаган социалдык ролдорду (жыныстарга тиешелүү ролдор, элдин жашоо образы, адаттары ж.б.) өздөштүрүшөт, алгачкы жолу коомдогу жашоо нормаларды жана элдик дөөлөттөрдүн айланасында ой жүгүртүшөт, аларды өз жүрүм- турумунда колдонууга үйрөнүшөт.

Үй- бүлөдө бала өзү жашаган элдин, улуттун каада-салтын, үрп-адаттарын, жашоо образын. баарлашуу өзгөчөлүктөрүн ж.б. үйрөнүү аркылуу инсан жана ошол элдин уулу катары жетиле баштайт.[4: 46.]

Үй- бүлө өзүнүн мүчөлөрүнө коомдук ан- сезимди, өз элинин ыймандык-адептик эрежелерин, жүрүм-турум адаттарын, өз мүчөлөрүн тарбиялоону, үй- бүлөдө өз ара мамилелешүү салттарын чон муундун кичи муунга үйрөтүүсүн, ыймандык-рухий тарбия берүүсүн ишке ашырат.

Үй-бүлөнүн рухий байлыктарыньш ичинен анын идеялык асылдыктары эн маанилүү орунду ээлейт. Биз үй-бүлөлүк турмушка даярдоо багытында жаштарга үй-бүлөлүк мамилелердин негиздерине жана үй-бүлөнүн эң маанилүү асылдыктарына, тактап айтканда. анын идеялык асылдыктарына байланыштуу маселелерди карап чыгуудабыз.

Үй-бүлөнүн негизин ата-эне түзө турган болсо, андагы жүрүп жаткан түрдүү процесстердин натыйжасын көрсөтүүчү жыйынтык - бала болуп саналат, т.а.

үй- бүлөнүн түзүмү ата-эне жана баладан турат. Элибизде сөз бар: ” Балапан уяда эмнени көрсө- учканда ошону алат ” демекчи кандай үй- бүлө болбосун ошол үй-бүлөдөгү бардык иш-аракеттерди коомго күзгү сымал алып чыга турган жаны инсан - бул бала.

Баланын инсан болуп калыптануусунда үй- бүлөнүн жана жакын туугандарынын, бала бакчанын, мектептин, окуу жайлардын, эмгек коллективдеринин жана жалпы эле коомдун идеологиясынын таасири чон. Айрыкча коомдун көз крашата алганда үй- бүлөнүн ролу өтө чон.

Ал эми ата-эне бала - бул эч нерсе менен алмаштыргыс байлык экени баарыбызга малым. Үй-бүлө биринчи турмуш мектеби экени эзелтен эле кашкайган акыйкат сыңары. Ошентсе да үй-бүлөдөгү тарбиянын проблемалары басма сөз беттеринде теле берүүлөрдө кызуу талкууланып, талаш-тартыштарды туудуруда. Учурда балдарга коомдук таасир уламдап-улам кучөөдө, аларды тарбиялоого ар кандай уюмдар менен мекемелер катышууда. Бала там-тун басканда эле балдар бакчасына барат, андан соң мектеп, институт, университет ж.б.у.с. А үй-бүлөчү? Ал өз таасирин жоготуп, тарбия берүүдө анын ролу экинчи планга сүрүлүп калган жокпу?

Бирок биздин балдарга берип жаткан баалуу деп эсептеген маалыматтарыбыз бүгүнкү күндүн талабына бир аз туура келбеген, заманбап мааниге ээ болбой калгандай. Себеби бүгүнкү күндөгү миграциянын өсүүсү, жетим балдардын санынын көбөйүүсү, жаштардын жүрүм-турумунун нормадан четтөөсү (бангилик. сойкулук , уурулук, наркомания ж.б.) , ажырашуулар, жаштардын өз ата-энелерин бакпай карыялар үйлөрүнө алып баруусунун натыйжасында биздеги “ мен кыргызмын” деген ар- намыстын элибиздин көөдөнүнөн алыстап, Батышты, Чыгышты туурайм деп жатып, өзүбүздүн “элдик тарбиянын” нормасынан четтеп кеткен сыяктанабыз.

Мунун баарын жөнгө салууга болобу? Кантип? деген суроолор жаралат. Албетте. биринчиден үй - бүлөдөгү жоопкерчилик, адеп, ыйман, туура тарбия негизги орунда турат. Бала коомго аралашууну алгач кайсыл жерден баштайт, кандай чөйрөдөн жана тарбияны кимдин алат, Албетте курчап турган чөйрөсүнөн көз каранды, өзгөчө белгилеп кете турган болсок. элибизде өсүп келе жаткан жаштарга, өспүрүмдөргө жүрүм-турум нормаларын үйрөтүүгө жана аны нарк, насил, баалуулук катары тутунуусун тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулуп, өспүрүмдөр үй-бүлө тиричилигине байланыштуу жумуштарды аткарып, эмгекке аралашып жүрүп адамдар менен мамилелешүүнү, элдик каада-салттарды жүрүм- турум нормаларына үйрөнүшөт. Эрте жашынан балдардагы инсандык, коомдук, улуттук жоопкерчилик сезимин кошо калыптандыруу керек. Мындай нормаларды калыптандыруу жоопкерчилиги үй - бүлөдөгү ата-энеден көз каранды.

Мисалга алсак, мектепке чейинки куректагы балдар үчүн чон ата, чон энелерибиз таасирдүү жомокторду, тамсилдерди айтып берип, аларга турмуштук көндүмдөрдү, жакшы менен жамаНды айырмалоону, коомдук ой жүгүртүүнү калыптандыруу менен турмушка даярдап, жашоонун туура нугуна салышкан. Өспүрүмдөр үчүн патриоттук сезимдерин болгон көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук сыяктуу сансыз көп нарктуу касиеттердин- артыкчылыгын айтуу менен, мактаанчактык, шашмалык, сараңдык сымал.[2: 36.]

Кыргыз элинин дүйнөгө таанылышы анын каада салт, үрп адаттары болуп саналат. Мында ата бабаларыбыз тээ байыртан акыл насаат сөздөрү менен өз өнөрүн чеберчилигин даназалап келген.

Элибизде жакшы бир сөз бар «акылдууга арак азык эмес» деген. Мында эгер сен билим тарбия алсан эч качан арам жолго барбайсың. «Адамдын байлыгы – мал, акылдын байлыгы - билим»-дейт. Жогоруда айткандай. «билимдүү болсон озоорсун, билимсиз болсон тозоорсун» дегендей ар бир инсан билимдүү болуусу керек. Бийликке чыныгы билимдүүлөр келсе-элдин бактысы. «Билими күчтүүлөрдүн акылы да билегиндей күчтүү болгондо өлкөбүз жакырчылыкты эчак багынтып өнүгүүнүн оор жолуна чыкмак» - деген сөздөрдү ата-бабаларыбыз бекеринен айткан эмес.

Байыртадан элдин акылмандуулугун өзүнө уютуп жана адамдын күнүмдүк турмушунда колдонгон баалуулук катары жеке сапатты өнүктүрүүдө, ошондой эле айлана-чөйрөгө туура мамиле кылып жана кыйын кырдаалды натыйжалуу чечүүдө иштелип чыккан ыкма - макал-лакап, акыл насаат болуп саналат. [1: 25-27.]

Кыргыз элинин акылмандуулугу миңдеген кылымдар бою элибизди ар кандай жашоо - кырдаалынан сактап келди. Кыргыздар жашап өткөн мейкиндик көчмөн элдеринин турмушу кайнаган олуттуу тарыхый тагдыр чечүүчү окуялардын чордонуна айланган. Балким кыргыз элинин руханий бай түбү бекем, дымаагы күчтүү болгондо азыр биз түптүү элдердин катарына кирбей, мамлекеттүүлүгүбүздүн ээси болот белек? Демек, мындан улам азыркы муун элибиздин салт наркын, макалын сактап жана анын бүгүнкү күнгө карай маанисин ачып беришибиз керек. Ата - бабалардан бери келе жаткан үрп адат каада салттарды үйрөнүп, башкаларга үйрөтүү, кийинки муунга сактап жеткирүү ар бир кыргыздын коом алдындагы милдети деп ойлойм. Үй-бүлө -бул жандуу система. Анын бекем болушу үчүн тең салмакта кармап турган күчтөр жакшы болуу керек. Ата-эне үй-бүлөдө канчалык таасирдүү жана биримдикте болсо, үй-бүлөдөгү тартип ошончолук бекем сакталат. Ата-эненин негизги милдети - бирөөгө көз каранды болбогон, эркин, демилгелүү, өзүнө ишенген, жоопкерчиликтүү балдарды өстүрүү.

Сөзүмдүн аягында негизги деп белгилеп кетким келет: «Үй-бүлө тарбия башаты демекчи, ар бир кыргыз үй-бүлөсүндө алгачкы этникалык түшүнүктөр, улуттук сезимдердин жаралуусуна тилектешмин жана унутулуп бара жаткан баалуулуктарбызды жандандырып, кийинки муундарга өзгөртүүсүз өткөрүп берсек”.

Адабияттар

1. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. -Б., 2000.

2. Алимбеков А. Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” дастанындагы педагогикалык билимдердин модели // Эл агартуу. Бишкек - 2007.№1-2. 36-бет.

3. Закиров А. Этнопсихология. Ош-2015.

4. Мурзаев М. Кыргыз этнопедагогикасындагы инсанды социалдаштыруунун өнүгүүсү. -Б., 2013.

УДК 37. 013.(575.2)

Д.С.Сагындыкова
К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин
Үзгүлтүксүз жана дистанттык билим берүү институтунун окутуучусу
D.S. Sagyndykova
Lecturer of Regular andRemote Educational Institution of
Bishkek Humanitarian University named after K.K Karasaev

ЖАШ МУУНДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН РОЛУ

РОЛЬ ЭТНОПЕДАГОГИКИ В ВОСПИТАНИИ ПОДРАСТАЮЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ

THE ROLE OF ETHNO-PEDAGOGY IN THE UPBRINGING OF THE NEXT GENERATION

Аннотация: *Кыргыздын жан дүйнөсүн канчалык үйрөнгөн сайын, анын уулкыздарынын шыгына, аракетине, акылына, дүйнө таанымынын назик сезгичтигине, ар нерсеге болгон терең баамына, элдик акылмандыгына жасаган аяр мамилесине баш ийип, таазим этүү гана керек!*

Түйүндүү сөздөр: *элдик тарбия, этнопедагогика, улуттук каада-салт, үрпадат, "Манас" дастаны, тил, макал-лакаптар, үй-бүлө, улут, боз үй, тарбиялык маданият, улуттук оюнда, эмгекке тарбия, элдик өнөр.*

Аннотация: *Сколько бы не изучали душу кыргыза, бережному отношению на способности его сыновей и дочерей, действию, уму,действительному мировозрению, глубокому восприятию,народной мудрости только надо преклонится!*

Ключевые слова:*народное воспитание,этнопедагогика,национальные обычаи, эпос "Манас", язык, пословицы и поговорки, семья, нация, юрта, культура воспитания, национальные игры, народное творчество,*

Annotation: *The more you learn spirit of Kyrgyz, the more you greet and honor its son's and daughter's workmanship, effort, wisdom, gentle sensitivity to the world cognition, deep comprehension of various things and careful attitude to the folk wisdom!*

Key words: *folk accomplishment, ethno pedagogy, national traditions, customs, "Manas" epic, language, proverbs and sayings, family, nation, bozuy, educational culture, national games, upbringing to labor, folk skills.*

Эгемендүүлүктүн желеги желбиреп, өз алдынча түтүн булатып, бөлүнүп, тең укуктуулукту алгандан бери чейрек кылым убакыт өттү. Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкты алгандан бери канча алгылыктуу иштер жасалууда. Бирок, окуу тарбия ишинде келечектин ээлерин кыргыздын каада-салттары,үрпадаттары,тили,дили, ооз эки чыгармачылыгы, кыргыз оюндары, макал-ылакаптары аркылуу окутуп-тарбиялоо эң бир зарыл маселелердин бири десек жаңылышпайбыз.

Этнопедагогика – бул өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык-калктын тажрыйбасы, анын педагогикалык көз караштары, турмуш тиричиликтин, үй-бүлөнүн, уруктун, уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим.

"Этнопедагогика – этнос" жана "педагогика" деген илимий терминдердин курамынан турат. "Этнос" уруу, урук, эл, улут деген түшүнүктөрдү жалпы туюнтуучу илимий термин. Демек, этнопедагогика термини элдердин, урук, уруулардын, улуттардын педагогикалык билимдери менен тажрыйбаларын жалпылоочу илим катары туура негизделген.

"Этнопедагогика" – элдик таалим тарбияны үйрөтүүчү педагогика илиминин бир тармагы болуп

саналат. Элдик педагогиканын кенч казыналары, булактары - уламыш, болумуштар, дастандар, жомоктор, макал-лакап, табышмактар, элдик ырлар, колдонмо-жасалма өнөрү, таштагы жазуулар, акындардын чыгармачылыгы, санжыралар.

Бул илим салттуу маданият, элдик ооз эки чыгармачылык жана санжыра менен түздөн-түз байланышкан. Этнопедагогиканын предмети болуп уруктун уруунун, элдин жана улуттук педагогикалык маданияты болуп эсептелинет.

Кыргыз этнопедагогикасынын предмети - бул кыргыз элинин кылымдардан берки иштелип чыккан таалим тарбиясынын улуттук системасы. Анын алып жүрүүчүсү болуп кыргыз этносу өзү саналат, бирок элдик педагогиканын өзөгүн кыргыздардын көчмөнчүлүк жашоо образы түзгөн баланы курчап турган чөйрө-жаратылыш, жашоо шарты, эмгек ишмердүүлүгүнүн түрлөрү жана нукура педагогикалык, башкача айтканда улуулардын балага таалим-тарбия (фольклор, дин, оюндар, үрп-адаттар ж.б.) берүү максатында таасир берүүсү эске алынат. Бул эки кыртыш тең маанилүү, буларсыз элдик таалим-тарбиянын негиздерин түшүнүүгө болбойт.

Байыртадан эле ата-бабаларыбыз жазуу-сызуусу жок эле келечек муундардан макал-ылакап, жөө жомоктор, табышмактар, элдик оюндар, эмгек ырлары, элдик билимдер, кыргыз рухунун туу чокусу болгон "Манас" эпосун күндөп-түндөп, айтып угуу менен эле тарбиялап келишкен. Тарбиялап окутуу, ошондой эле этнопедагогиканын каражаттары аркылуу илимий-тарбиялык бекем билим алып, аны практика жүзүндө кеңири пайдалана билүү, ар бир чыныгы кыргыз атуулунун, мугалимдердин, окуучулардын, студенттердин бирден-бир милдети болуп саналат. Элдик педагогиканын прогрессивдүү традициялары өсүп келе жаткан муундарды тарбиялап келген жана ата-энелер ошол традицияга кайтып жаткандыгы бекеринен эмес.

Элди эл кылган анын -эне тили. Тил жоголсо, эл жоголот. Бул тууралуу кыргыз элинде "эне тили денени азыктандырат, эне тили жан дүйнөнү тазартат" – деп айтылган бул макалда эне тилинин кадыры, наркы, адам үчүн канчалык маанилүү экендиги кылдат туюндурулган. Этнопедагогиканын негиз салуучусу академик Г.Н.Волковдун сөзү буга далил: "Эң күчтүү, эң таасирлүү, эң ишенимдүү педагогика мыкты элдик педагогика, ал эми тарбиячылардын эң мыктысы эл" – деген. Ал эми кыргыз элдик педагогиканын изилденишин окумуштуулар А.Э.Измайлов, Р.М.Рахимова, Ж.Койчуманов, Б.Тойбаев, К.Ормонов, Ж.Саныбаев, К.Кыдыралиев, ал эми эгемендүүлүк жылдардагы этнопедагогиканы жигерлүү изилдеп, эмгектерин жаратып, окурмандарга тартуулап жаткан илимпоз окумуштуулар С.Байгазиев, А.Ж. Муратов, С.Рысбаевтердин ысмы менен байланыштуу.

Азыркы кезде мамлекеттик деңгээлде улуттук салттарга кайрылуудабыз, атап айтсак "Көчмөндөр оюнуна" эл аралык дүйнө жүзүнөн элдер катышты. Жыл сайын С.Шернияздын жетекчилиги менен "Акындар айтышынын", "Улуттук кол өнөрчүлүгүнүн" көргөзмөсүнүн жыл сайын өтүүсү, кыргыз киносунун ийгиликке жетүүсү "Курманжан датка" тасмасы аркылуу дүйнө жүзүнө кыргыз аялзаты даңазаланды.

Эмгек – элдик тарбиянын негизги каражаты. Эмгектен сырткары эстетикалык да, физикалык да, адеп ахлактык да тарбия жок, эмгексиз толук баалуу акыл тарбиясы да болбойт. Кыргыздарда тарбия ишиндеги ийгиликке, балдарды эмгекке ырааттуу жана билгичтик менен тартуу салт болуп калгандыгы менен жетишет. Иштеп келип чарчаган кишиге кам көрүү, жумушуна жардам берүү, эмгек куралдарын ордуна коюу, кийимдерин илүү ж.б. Уйчу менен койчу болуп ойноо-көндүмдөрүнүн өз алдынча өнүгүшү үчүн чөйрө түзүлөт. Өзүн – өзү тейлөө, тууган-туушкандарын тейлөө, 5-6 жаштан баштап эле:

1. Өзүн-өзү кароо жана кийимдерин күтүү;
2. Түймө түйүү жана жип ийрүү;
3. Бешиктеги баланы багуу жана уктатуу;
4. Боз үйдүн тегерегиндеги ирээттүүлүктү сактоо;
5. Жүн тытканды, үйдөгү күнүмдүк жумуштарды жасоо жана башкалар балдарды тарбиялоого таасири өтө чоң болгон.

Эмгекке тарбиялоодо мугалим насаатчы жана окутуучу болуп эсептелет. Кыргыз эл оюндарынын жана тамашаларынын тарбиялык милдеттери көбүнчө эле акыл-эс, эстетика жагына тарбиялайт мисалы: айланкөчөк, жашынмак, тым-тым оюну, ак терек, көк терек, көк бөрү, улак тартыш.

Тарбия темасында элдик макал-ылакаптар, жөө жомоктордун мааниси зор. Макал-лакаптар бизге ата-бабаларыбыздан калган улуу мурастардын эң өзөктүүсү. Ал муундан-муунга жадыбалдай жатталып, ооздон-оозго өтүп келаткан томуктай сөзгө тоодой акылды батырган асыл ой казынасы. Макал-лакаптардын дагы бир өзгөчөлүгү- убакыт өткөн сайын жазуу түрүндө да, оозеки түрүндө да жашап жана өсүп-өнүгө берет. Кыргыз калкынын акылмандыгы миңдеген жылдар бою жараткан анын макалдарында, ылакаптарында, учкул сөздөрүндө чагылдырылып, азыркы учурга чейин жаш муундарды тарбиялап келет.

Макал – ылакаптар балдарды тарбиялоонун каражаты баланын мектепке барышын анын өзүнүн турмушундагы үй – бүлөнүн турмушундагы эң маанилүү, кубанычтуу окуялардын бири болуп саналат. Мына ушундан баштап, тарбия үйдө да мектеп жамаатында да жүргүзүлөт. Мындан үй бүлөнүн тарбиялык ролу эч кандай төмөндөбөйт, эми анын таасири мектептин таасири менен макулдашылып жүргүзүлөт. Ошону менен бирге балдарды билимге гана ээ кылбастан, эмгекти сүйүүгө, тырышчаак болуп, мүнөзүн калыптандыра турган күнү ырааттуу уюштурулуп жаткан окуу ишмердүүлүгүнө байланыштуу анын жашоо турмушунун негизги мазмунуна ылайык, үй-бүлөдөгү тарбиянын мазмуну да, педагогикалык милдеттери да өзгөрүлөт.

Демек элдик педагогика, сөздүн кеңири мааниси-синде эл турмушунун стимулу, элдин жашоо мүнөзү эле эмес, миң-миңдеген жылдар бою ошол жашоо мүнөз калыптанган дүйнө.

Адептүүлүккө тарбиялоодобуз үйдүн мааниси бар. Кыргыздын энтамгасы, кыргызды дүйнөгө таанытткан боз үй жөнүндө сабак өтүүдө, боз үйдүн кандай бөлүктөрдөн тургандыгы, жабдылышынын жасалгаларын айтып көрсөтүү жетишсиз. Эң негизги максат – боз үйдүн элдик идеалда, илимий философиялык жактан маани мазмуну жөнүндө терең түшүнүк берүү зарыл.

Элдик идеалда боз үйдүн түндүгү – ата, коломто ээси – эне, ууктары – балдары, бир туугандары, керегеси – неберелери. Үй-бүлөдө канча ынтымак болсо, ошончолук боз үй бекем болот. Ал эми илимий философиялык жолдо боз үйдүн: түндүгү – эне тилибиз, ууктары- билим, өнөр, керегеси – каада-салттар. Боз үйдүн түндүгү төмөн түшсө, эне тилибиз жоголуп, улут болуудан калабыз. Ошондуктан түндүгүбүз бийик болсун десек эне тилибизди унутпайлы. Ууктарыбыз узарсын десек – илимибизди, өнөрүбүздү өркүндөтөлү.

Элибизде улуу илим-билим, биринчи кезекте "Манас" эпосунда шифрленген "Манас" эпосу - адамзатка кыргыздар аркылуу оозеки берилген эң биринчи сөз – Аян кабар болгон. Жалпысынан алганда кыргыз жашоосу бардык жагынан илим билимге ширелешкен жашоо тиричилик экендиги айкын болуп калды. "Манас" эпосу элибиздин жашоо-турмушунун энциклопедиясы делинет. Ошондуктан бул дастанда шифрленген илим-билим, элибиздин жашоо тиричилиги аркылуу да көрсөтмө курал болуп көрсөтүлүп, чагылдырылып келет. Бул илим билим элибиздин көчмөн жашоо мүнөзү, оозеки адабияты, каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымы, жашаган боз үйү, буюм тайымдарындагы оюлар, кыргыз тили аркылуу чагылдырылып көрсөтүлүп турат. Кыргыз элинин педагогикасы оозеки эл чыгармалары аркылуу эл арасына кеңири таралган. Элдик педагогиканы кеңири жайылтууда ак таңдай акындар, акылман чечендер, ырчылар, санжырачылар, жамакчылар, жомокчулар, манасчылар ж.б. адабият, маданият ишмерлери чоң роль ойногон. Алардын мааниси азыркы жаңылануу доорунда да жаңы мазмун менен толукталып, жыл өткөн сайын анын мааниси улам артылып улам кудуреттүү күчкө ээ болуп жатат. Буга мисал катары Кыргыз Республикасынын биринчи президенти кыргыз жазуучуларынын 2-курултайында сүйлөгөн сөзүн келтире кеткенибиз жөндүү сыяктанат. Ал мындай: "Кыргыз элдин кылымдарды карыткан тарыхында акындардын көркөм сөз чеберлеринин, тилинен чаң чыккан чечендердин баркы өтө жогору болуп алардын мойнуна тагылган жүк да салмактуу болуп келген. Алар өз элинин агартуучусу, кеңешчиси, тар жол, тайгак кечүүдөн тайгалантпай алып чыккан акылманы катары улам соңку муундардын көркөм эстетикалык табитинин калыптанышына түздөн-түз жагымдуу таасир калтырган.

Этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмуну-теориялык билимдер менен бирдикте аны аймактык салттуу педагогикалык өзгөчөлүктөр менен толукталышы абзел. Этномаданий таалим-тарбия чөйрөнүн адамдын акыл сезимине, ишенимдерине, таасир этүү аркылуу "жандуу педагогикалык билимдерге" ээ кылуучу дареметке бай. Демек этнопедагогикалык билимдердин булагы – бул эл турмушунун дал өзү. Айрыкча элдик педагогика, каада салт, элдик өнөр, ооз эки таркаган чыгарма таризинде элдин күндөлүк турмушунда жашайт. Элдик педагогикалык билимдерди алып жүрүүчүлөрү менен жолугушу алар менен камыр-жумур аралашып жакындан таасир алуу болочок мугалимдердин этнопедагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн зарыл шарты.

Ошондуктан айыл аралап, эл турмушун, анын бүгүнкү күндөгү жандуу тарбиялык маданиятын таанып билүү иш-аракеттерин уюштуруусуз "кыргыз этнопедагогикасы" курсун окутуу өз максатына жетпейт. Бул жагдайда жогорку окуу жайларда "кыргыз этнопедагогикасы" курсуна экспедиция формасында "этнопедагогикалык практика" уюштуруу зарыл деп эсептейбиз.

Адабияттар

1. Кыргыз макал-ылакап,учкул сөздөрү. Жыйнаган Мухамед Ибраимов- Кара-балта, 2005.

2. Конгантиева С.А. Этнопедагогика. Окуу куралы/ ЖОЖдордогу бардык адистиктеги студенттери окутуучулары,мектеп мугалимдери үчүн.-: "Кут- бер", 2017.

3. Кыргыздардын улуттук маданияты / Түз.: К.Жусупов, Ж.Бакашова, К 97 К.Иманалиев, М.К.Өмурбай уулу. -Б., 2012.

УДК-81.2. Т-95

Тынчтыкбек кызы Гулнура,
ОГПИ колледжинин окутуучусу

КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕГИ СӨЗДҮН КУДУРЕТ КҮЧҮ, АНЫН ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ АКТУАЛДУУЛУГУ

ВОСПИТАТЕЛЬНАЯ СИЛА СЛОВА КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА И ЕЁ АКТУАЛЬНОСТЬ

THE EDUCATIONAL POWER OF THE WORD OF THE KYRGYZ PEOPLE AND ITS RELEVANCE

Аннотация: *Бул макалада кыргыз элинин тарбия берүүдөгү сөздүн таамай жана таасирдүү боло тургандыгы, сөздүн кудурет күчү, кыргыз элиндеги сөздүн орду баяндалды.*

Түйүндүү сөздөр: *сөз өнөрү, кадыр барктуу, керээз, жүрүм- турум, тарбия, асыл сапат*

Аннотация:*В этой статье говорится о месте, влиянии и могуществе слова в воспитании кыргызского народа.*

Ключевые слова: *творчество, уважаемый, наставление, поведение, воспитание, ценные качества.*

This article deals with the place, influence and power of speech in the education of the Kyrgyz people.

Key words: *creation, respected, instruction, behavior, upturning, valuable, qualities.*

Кыргыз эли көөнө тарыхты аласалап отуруп , бирде колу ай чапчып, бирде кыйрап кол сунуп, болбогонду болтуруп, толбогонду толтуруп келе жаткандыгы баарыбызга маалым.

Башка элдерден кыргызды бийик жүрсүн деп, балдарынын балдары билип жүрсүн деп уламалуу нарк түзгөн, ушуларды аткарсаң, урабаган чепсиң деп, сайма көзүн оюлтуп, сары кылымдан бериге , сан алтындай чогултуп, саябандуу салт түзгөнүн кыргыз журтчулугунун көрөгөчтүгүн, кыраакылыгын, сөз баккандыгын башка элдерден бөтөнчөлүгү деп билсек болот.

Мына ушул сөз баккан кыргыз журтчулугунун кызыл тил, сөз өнөрүнүн тарыхына бери дегенде эле эки миң жыл убакыт болду. Мына ошол эки миң жыл убакытты ичине камтыган сөз өнөрүнүн бүгүнкү күндөгү абалы кандай экени баарыбызга маалым.

Бүгүнкү күндө жат кадырынан өз кадыры, жаш кадырынан сөз кадыры кемип, тилибиз калкаланып, дилибиз талкаланып турган кезде, оймоктой ой дүйнөсүнө он эки миң аалам баткан калкыбыздын балбан сөзүнө, баба сөзүнө таазим этип бул макаланын негизин Шайлообек Дүйшеев айткандай “ сөз баба” атадым.

Кылымдар бою үрп адат, каада-салты, маданияты элдик оозеки чыгармачылыгы менен дүйнө элдерине таанылган кыргыз элинин башынан эмнелер өткөн жок. Ошол башынан өткөргөн жакшы, жаман көрүнүштөрдүн баарын акыл менен калчап, тил аркылуу берген не деген даанышмандарыбыз өттү.

Айтор, элибизде сөздү кыштай кынаган Жээренче чечен, Акылкарачач, куйкум сөз куюлткан кудай сүйгөн Куйручук, күндө түндөп ыр төккөн Жеңижок, Калык, Токтогул, Барпы сыяктуу сөз билген нечендер, сөз баккан чечендер өткөн.

Жаралган бардык ааламды туюнтууда сөздүн орду чоң. Ал эми төмөнкүдөй туюнтуу ар бир инсандын колунан келе бербеси толук ыктымал. Дегеле кыргыз элинде сөз билген адамдарды сыйлап урматташып кадыр барктуу адам катары кабылдашып иш чечкенде да сөз билген, сөз баккан адамдар чечишкен. Ошондуктан элибиздин эзелтен берки улуудан кичүүгө керээз катары айтылып келе жаткан сөздөрдүн кээ бирине токтоло кетели.

Кээде адамдар арасында сүйлөнүп жүргөн сөздөрдүн, таасирдүүлүгүнүн, таамай айтылгандыгын чынында кызык туюлгандыгын баарыбыз эле биле бербейбиз.

Мисалы: Кыргыз эл акыны Шайлообек Дүйшеев кыргыздын казына булактарынан алып отуз үч "жок" бар деп буларды жазат.

Өгүздө сүт жок
Өңүндө түш жок
Өпкөдө түк жок
Өлүмдө бүт жок
Мөңгүдө жыт жок
Мүйүздө кыт жок
Булакта кыш жок
Булутта ыш жок
Булутта ыс жок
Жылаанда бут жок
Жыргалда жук жок
Дөдөйдө бук жок
Кедейде жут жок
Ташта тамыр жок
Ташбакада арым жок
Сараңда кайыр жок
Сабизде чарым жок
Куланда жал жок
Кууда кал жок
Калпта жан жок
Кайгыда ал жок
Аюуда кашка жок
Токто ачка жок
Кулакта капка жок
Кулда апта жок
Желде түр жок
Үмүттө түн жок
Балыкта үн жок
Үкүдө күн жок
Жумурткада кыр жок
Жалганда чын жок
Кудайда чым жок
Дарданкүүдө келме жок

Дагы эмнеде эмне жок - деп турмушта чын эле ушундай экенин ырастайт.

Сөз – адамдын маданияты, куу чиренгендиги эмес, адамдын сөзү, жүрүм- туруму гана анын маданияттуулугун айгинелейт. Албетте бардык эле адамдар экинчи бир адам менен мамиле курууда ал адамдын жүрүм турумуна жана анын сүйлөгөн сөзүнө өзгөчө маани берет эмеспи, тактап айтканда керек учурда айтылган сөз өз угуучусун табат. Ал сөз даарыга алтынга тете. Ошон үчүн "Айтаар сөзүн акыл болсо, уккан кулак макул болот"- деп айтылат элибизде.

Мисалы, сөздөрдүн жакшы же жаман ниетте айтылганын баарыбыз эле туюп билебиз, алэми сөздөрдөгү сөздү туюп билүү оңой иш эмес.

Алсак, "төрөлүү" деген сөздө "өлүү" деген сөз бар тура. Ал төрөлгөн жандык акыры өлбөй койбойт - деген маанини билдиргени го.

Барак дегенде- ак деген сөз бар, барак ага жазганга чейин ак болот, таза болот деген сыяктанат. Сүйүү деген сөздү алалы. Анда үй деген сөз бар экенин байкоо кыйын эмес. Ал сүйдүңбү, үй бүлө куруу жөнүндө ойлон деп турганы эмеспи? "Арак" деген сөздө ар жана ак ал тургай рак деген эки үч сөз бар экен, ал арак ичсең арыңды, намысыңды, ак сактап ич дегени го, аракты коп ичсең, анын азабын тартасың, айыкпас дартка чалдыгасың деп эскертип жаткансыйт. "Терек" деген сөздү алалы. Анда тер жана эк деген эки сөз бар. Ал терек керек болсо, териңди төгүп, эмгектенип эк дегени го деп түшүндүм.

Айтор, сүлөп жатканы эле болбосо бардык эле адам сөз биле бербейт. Сөз билген адам анын ички поэтикасын, тышкы музыкасын сезет, туят, сөз билген адам сүйлөсө, ал ырдап тургансыйт. Биз айтып жаткан сөз, адамдын ички жигерин аныктап билгизет. Сөз билген, анын баасын күчүн туйган адам таасын так сүйлөйт, тантап таап сүйлөйт. Ага ошол акырын айткан бир ооз сөз жеткиликтүү болот. Ошондуктан "Сөз билген адам таап сүйлөйт, билбеген адам каап сүйлөйт"-деп ушундан улам айтылса керек.

Сөз улуу тарбиячы, акылман насаатчы, мыкты мугалим. Жоокердин куралы - кылыч, соттун куралы-түрмө, жалоолдуку айбалта, а тарбиячынын куралы- сөз. Ал курал баарынан күчтүү, курч да, баарынан өткүр. Сөз кандай болсо – тарбия да ошондой болот. Демек сөз баарынын башаты, баарынын натыйжасы.

Элибиз уул-кыз тарбиялоону биринчи орунга коюшуп, жакшы аял кандай, жаман аял кандай болоорун Хусейин Карасаевтин накыл сөздөр деген китебинде фразеологизм сөздөр менен мындайча баяндалат: "Алтын согончок жез шыргый", "Аркар эмчек акылгөй тараз", "Жабылуу кара инген" - деп аялдын мыктыларын аташса, жаманын "Дүнүйөкөй тоту", "Дүр кабак чабдар", "Суу мурун сөпөк" - деп аташкан. Мына ушул аталыштар эмнени кандайча туюнтат, баяндап кетели.

"Алтын согончок жез шыргый"- аялзаттын эн мыктысын ушинтип аташкан. Алыс менен жуукка асылын асыл дегизген, ай жаркын көркү келишкен, кеби таң калтырган, келбети көз талдырган, акылы менен ээрин гана эмес, элин да алган, акырын сүйлөп кеп салган, ажарым ишке чеп салган, таалайы бийик жаралган, тар кезде акыл таба алган, журт башкараар жок болсо, журт башына калка болгон, жаралууга арка болгон, шыңга бойлуу жез шыргый, алтындай уулкыздын апасы, азамат эрдин зайыбы.

"Аркар эмчек акылгөй тараз"-бала төрөп бакса да, акырын катуу басса да, көрк келбетин жоготпогон, көйгөй салсаң тоготпогон аты улук, акылы тунук, жото сөз аркар мүчө, бото көз, жан күйгөн кезде сыналган, жамандыкты билдирбей жакшылыкты чыгарган, уулкыз төрөп уланган ушундай аял экене деп уккан көргөн кубанган зайып.

"Жабылуу кара инген"- балдары алапайым, өзү карапайым, акыл эстүү иш билги, ийнеси колдо бийлеген, текебер кесир дегенди билбеген, мүнөзү көлдөй, тегизи күндөй, элге да. эрге да бирдей, күйөосүнүн тапканына көппөгөн, таппаса чөкпөгөн, жатка да, өзгө да алымдуу, барга да жокко да сабырдуу, бөлүнгөнгө бүйрө, үй бүлөөгө дүйнө зайып.

"Дүнүйөкөй тоту"- бар башында айыбы, талаада калгыр тапкан менен баккандын гана зайыбы, байы байлык менен бийликке тунса эсиреген башканы басынтып жекирген, элине эринин кадырын кетирген, алайын, жулайын, арааным жүрүп турганда алдыда турайын, андан башкасын баарын урайын деген ач көз, арамза, байынан бак дөөлөт тайса артыкбаш күчкө айланган жүдөп жүккө айланган чүпүрөк зайып.

"Дүр кабак чабдар"- дитине бирдеке жакпаса эле, итиркейи бузулган, иттатайы тутулган, кадырын кы-

йыр, кыйырын чыйыр кылган, коңшу колоң түтпөгөн, ушак айың бүтпөгөн. Жердин базарын элдин сазайын берген, бирде көк бет, бирде долу, кыял жоругун танып, кызылдай чанып, кол үзүп кетейин десең, балкайтып бала, кызартып кыз төрөп турган ургаачы.

"Суу мурун сөпөк"- Колунан же муш келбеген, же иш келбеген, жүйөөлүү кепке түшүнбөгөн, жүдөй берип эч нерсе бүтүрбөгөн, баштык кабы буулбаган, кир когу жуулбаган, балдары басылбаган, башынан шору арылбаган, бир бечара жан.

Кыргыз элинин аялзатына берген мындай сыпаттоосунун таалим тарбиялык мааниси, түпкү мүдөосү таасын чагылдырылган.

Тилде ар бир сөздүн өз орду, жөнү, жүгү, даамы, баамы бар. Ошого жараша: накыл сөз, насаат сөз, масел сөз жана башка болуп улана берет. " Сөз атасы кулак", "Угарман болбой соз чыкпайт" тактап айтканда элдин жашоо турмушунун натыйжасында бир топ накыл сөздөр бизге жетип отурат. Ошол накыл сөздүн таасиринин алдында ак ниеттүүлүк, айкөлдүк, чынчылдык, адилеттүүлүк, мээримдүүлүк, эрктүүлүк, эр жүрөктүүлүк, туруктуулук, чыдамдуулук, жоопкерчилик, максатка умтулуу, өз сөзүндө бек туруу сыяктуу адамдык асыл сапаттарга ээ боло алышат.

Адабияттар

1. *Советбек Байгазиев: " Педагогикалык руханият"*
2. *Сабыр Иптар уулу: " Кыргыз жан дүйнөсү"*
3. *Шайлообек Дүйшеев: " Агындылар"*
4. *Хусейин Карасаев: " Накыл сөздөр"*
5. *Рысбай Сулайманов: " Сөз жөнүндө дастан"*
6. *//"Шоокум" илим, турмуш жана маданият журналы.*
7. *//"Асаба".*

УДК: 37.013.42

Али Актюрк
аспирант БГУ им. К. Карасаева
Токсонбаев Р.Н.
профессор КНУ им. Ж. Баласагына

ОСОБЕННОСТИ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СОЦИАЛЬНОГО ПЕДАГОГА В ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЯХ

БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРДЕ СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН АДИСТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

PECULIARITIES OF THE PROFESSIONAL ACTIVITYOF THE SOCIAL TEACHER IN EDUCATIONAL INSTITUTIONS

Аннотация: *В статье рассматриваются особенности социально-педагогической деятельности, раскрываются сети учреждений, где проводится социально-педагогическая работа, а также ее особенности с лицами нуждающихся в оказании психологической и социальной помощи.*

Ключевые слова: *социально-педагогическая деятельность, микросоциум, социальные службы, физкультурно-оздоровительные службы, гармонизация, юридический статус.*

Аннотация: *Макала коомдук-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү, психологиялык жана коомдук колдоо көрсөтүүгө муктаж адамдар менен коомдук-педагогикалык ишти, ошондой эле, анын өзгөчөлүктөрүнө жүргүзгөн мекемелердин тармагын, ачып талкууланат.*

Түйүндүү сөздөр*: коомдук-педагогикалык ишмердүүлүгү, microsocium, коомдук тейлөө, спорт жана саламаттыкты сактоо кызматтарынын, шайкеш келтирүү, укуктук статусу.*

Abstract: *The article examines the features of social and pedagogical activity, reveals the network of institutions where social and pedagogical work is carried out, as well as its characteristics with persons in need of providing psychological and social assistance.*

Key words: *social and pedagogical activity, microsocium, social services, physical culture and health services, harmonization, legal status.*

Описывая общественную педагогику равно как профессию, можно отметить, что данная "концепция операций, гармонично сопряженных между собой и основанных на преподавательском познании, нацеленных на формирование общественно-преподавательских услуг удовлетворяющих необходимость покупателя".

Социально-преподавательская компетентная работа предполагает собой комплект операций и согласно преображению преподавательских обстоятельств микросоциума и предоставления "покупателю" общественно-преподавательских услуг, определенных его нуждам, которые обеспечивают формирование и деятельность лица.

Потребностям общественно-преподавательских услуг либо "покупателями" социального педагога считаются учреждения социализации (правительство, предпринимательство, формирования, вероисповедание, семейный круг), совокупность, категории людей, определенный человек.

Социальный преподаватель проявляет подобные разновидности общественно-преподавательских услуг, равно как: координационные, справочно-консалтинговые, методичные, реабилитационные, экспертные и т.д.

Формирование умений проявлять сведения и прочие обслуживания обязано реализоваться

в ходе преподавания учащихся профессии «Общественная тифлопедагогика» в базе конкретного нахождения, способов преподавания и обучения, координационно-административных, проектировочных и умозаключительных раскладов. Иначе изъясняясь, разговор о потребности исследования концепции и технологии создания высококлассного профессионала в сфере общественной педагогики в (верховных и посредственных специализированных) тренировочных заведениях высокого степени.

Работа социального педагога сопряжена с обучением и развитием детей и формированием обстоятельств, которые обязаны предотвращать асоциальные действия ребенка. Работа ведь профессионала согласно общественному труду ориентирована в главную очередность на покупателей, обладающих какими-то отличиями в физиологическом либо психологическом формировании, людей с асоциальным действием, имеющих необходимость в поддержке.

Социальная тифлопедагогика равно как дисциплина протекает непросто и имеет собственного подход развития и формирования, включая с осознания теоретиками и практиками потребности изучения общественных ньюансов сопровождения и обучения ребенка вплоть до развития аргументированного иерархического академического познания, равно как абстрактного основания педагогических специальных течений общественной практики.

На сегодняшний день в период преобразований в республике и в иных государствах постсоветского пространства создаются навыки общественно-преподавательской деятельности с разными категориями и группами жителей и концепция постоянного высококлассного создания профессионалов общественной области; обнаруживаются разнообразные тенденции академических изучений данной практики; делаются действующие усилия создать общественную педагогику равно как сравнительно независимую академическую выдержку.

Общественная тифлопедагогика имеет собственное место в концепции разных типов работы, сосредоточенной в разрешение общественно-преподавательских трудностей (общественных и преподавательских) разных компаний жителей. Многообразие общественно-преподавательских нужд жителей повергло к популяризации общественно-преподавательской работы, сосредоточенной в удовлетворенность данных нужд, в разнообразные раздела общественной области.

К нынешнему периодуобщественные преподаватели благополучно функционируют в концепциях создания и общественной охраны жителей, культуры и досуга, физиологической культуры, спорта и туризма, насильственных текстурах, здравоохранения, молодежных и социальных организациях и др. Данный обстоятельство дает достаточно конкретный результат в проблемы соответствия общественной деятельность и общественно-преподавательской работы: они схожи, однако никак не идентичны.

В последнее время выделены категории граждан, которым оказывается социально-педагогическая помощь:

дети-инвалиды,

дети-сироты,

дети-правонарушители,

дети группы риска,

та категория подростков, которая требует помощи в процессе социализации.

Это несовершеннолетние с психологическими, интеллектуальными, педагогическими и социальными отклонениями от нормы, а также те, что имеют физические, психические и умственные нарушения развития.

Подросток рассматривается как активный участник решения собственных проблем и обязательно выступает в роли субъекта. Социальный педагог и воспитанник в процессе деятельности вступают в объектно-субъектные отношения, которые характеризуются подвижностью.

Специализация социального педагога определяется:

- по месту работы или учреждению (школьный социальный педагог, социальный педагог в детском доме, социальный педагог учреждения дополнительного образовании и т.д.);

- по категории клиентов (по работе с инвалидами, сиротами, беженцами, - переселенцами и т.д.);

или по профилю деятельности (с семьей, детским объединением, валеологический, дефектологический, экологический, этнологический, физкультурно-оздоровительные и т.д.).

За последние 10 лет определилась система учреждений и видов социально-педагогической деятельности по оказанию квалифицированной помощи детям, нуждающимся в поддержке. Созданы методологические основы развития системы социальной службы для молодежи. Вместе с тем происходит дальнейшее ее развитие.

Сеть учреждений и служб, оказывающих социально-педагогическую помощь детям включает:

1. учреждения и службы образования (дошкольные, внешкольные, общеобразовательные школы, колледжи, лицеи, школы-интернаты, детские дома, ПТУ, средние профессиональные учебные заведения, вузы и др.);

2. учреждения и службы специализированных учреждений (дома престарелых, семейные детские дома, центры реабилитации, социальные приюты, спецшколы для детей с отклонениями в развитии, биржи труда и др.);

3. социальные службы муниципальных органов и их учреждений (социально-педагогические, культурно-спортивные комплексы, центры социальной педагогики и социальной работы, отделы по социальной защите населения, отделения социальной помощи на дому и другие органы опеки);

4. службы культурного досуга (подростковые клубы, дома культуры, сельские клубы, школы народных ремесел, семейные клубы, парки, игровые площадки и др.);

5. валеологические и физкультурно-оздоровительные службы, службы здравоохранения (профилактории, реабилитационные комплексы, центры народных средств оздоровления и лечения при больницах, медпунктах, на дому);

6. социальные службы предприятий, организаций, учреждений и их общежитий, коммерческих структур, творческих общественных организаций, различных фондов, банков, благотворительных орга-

низаций, юстиции, правоохранительных и административно-территориальных органов; а также частная практика;

Социально-педагогическая деятельность не имеет собственной вертикальной структуры, например, своего министерства или ведомства. С высочайшей долей уверенности можно утверждать, что не будет создано какое-либо "министерство социальной педагогики". Следовательно, специфика социально-педагогической деятельности заключается и в том, что эта деятельность строится "по горизонтали", обеспечивая межведомственное, межинституциональное взаимодействие социальных институтов.

Литература

1. Бочарова В.Г. Социальная педагогика: диалог науки и практики // Педагогика, 2003. – №9. – С. 3-1

2. Липский И.А. Становление и развитие научных исследований в области социальной педагогики // Социально-педагогическая деятельность. Материалы научно-практической конференции. – Самара, 2002. – С. 18-34.

3. Мудрик А.В. Социальная педагогика. – М.: Академия, 2000. – 200 с.

4. Мустаева Ф.А. Основы социальной педагогики. – М.: Академический проект, 2001. – 416

5. Токсонбаев Р.Н. Теория и практика профессиональной подготовки социальных педагогов в вузах // Вестник КГУ им. Арабаева, 2007. – С.334-337.

УДК: 372.881:161.1:371.3

Абышбаева А. А.,
И. Арабаев атындагы КМУнун
ага окутуучусу

САБАКТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУДАГЫ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

НЕКОТОРЫЕ ПРИМЕРЫ ПОВЫШЕНИЯ ЭФФЕКТИВНОГО УРОКА

SOME EXAMPLES OF THE INCREASE IN THE EFFECTIVE LESSON

***Аннотация**: Берилген макалада орус мектепти бүткөн студенттерге жана башка улуттун өкүлдөрүнө кыргыз тили сабагын кантип эффективдүү үйрөтсө болот деген айрым маселелер козголгон.*

***Түйүндүү сөздөр**: грамматика, кыргыз тили, сүйлөө, жазуу, тил үйрөтүү, инновациялык ыкма, интерактив, интерактивдүү ыкма, традициялык ыкма.*

***Аннотация**: В данной статье было рассмотрены некоторые примеры эффективного обучения кыргызского языка для студентов с русским языком обучения, а также для иностранцев.*

***Ключевые слова:** грамматика, кыргызский язык, говорение, письмо, обучения языку, инновационный метод, интерактивно, интерак*
тивный метод, традиционный метод.

***Annotation:** In this article have been considered some examples of effective teaching of the Kyrgyz language for students with Russian language of instruction, as well as for foreigners.*

***Key words:** grammar of the Kyrgyz language, speaking, writing, language learning, innovative method, interactive, interactive method, the traditional method.*

Көп улуттуу республикабыздын шартында улуттардын өз ара бири-биринин тилин билип, дилин түшүнүү турмуштук бирден бир зарылдык болуп турган шартта окутууну пикир алышуунун тилин үйрөтүү багытында кайра уюштуруу анын методикалык мазмунун өркүндөтүү студенттердин кызыгуусун жана окуу талаптарын арттыруу керектиги өзгөчө мааниге ээ. Андыктан маданий жана турмуш-тиричилик чөйрөлөрүнүн түрдүү кырдаалдарында кыргызча баарлаша билүүгө бирөөнүн ой-пикирин угуп, өзүнүн да ой-пикирин билдире алууга көнүктүрүү азыр мезгил талабы болуп олтурат. Ошондой болсо да буга чейин түзүлгөн окуу китептеринде мындай зарыл талаптар эске алынбай келген. Алар «Грамматика сабаттуулукка үйрөтөт» деген принципти бекем тутуу менен түзүлүп, башка тилдин өкүлдөрүн кыргыз кеби эмес анын грамматикасын үйрөтүүгө көбүрөөк басым коюлган.

Ал эми тил үйрөтүү сабагынын максаты биринчиден, ал тилде сүйлөөгө үйрөтүү, анан ал тилде сабаттуу жазууга, андан ары кеп маданиятына көнүктүрүү сыяктуу баскычтарда жүрөөрү табигый көрүнүш. Бул жагдайдан алганда, орус тайпаларына кыргыз тилинин грамматикасы туралуу маалыматтардын топтому эмес баарлашуу кебине үйрөтүү системасын иштеп чыгуу зарыл.

Кыргыз тили предметинде элдин адабий, маданий мурастарын кеңири өздөштүрүү менен бирге өз алдынча иштөөгө толук шарттар бар. Тексттер менен иштөөдө дидактикалык материалдарда кыргыз элинин жана дүйнө элдеринин асылзат маданий баалуулуктары көркөм эстетикалык рухий, маданий жетишкендиктерин чагылдыруу менен, аларды таанып билүүгө өз алдынча иштөөгө, өз ишин уюштуруп маселелерди чече билүүгө жалпы билим денгээлдеринин калыптануусуна өбөлгөлөр түзүлөт. Кыргыз тили бардык тармактагы билимдерди өздөштүрүүнүн негизги булагы экендигин эске алсак, тил үйрөнүү аркылуу бардык коммуникативдик, практикалык маселелерди чечүүгө шарт түзүлөт.

Кыргыз тилин коммуникативдик негизде окутуу деген эмне? Бул студенттер алган билимдерин кадимки турмушта колдонуп, карым-катнаш түзүлүп, өз ойлорун айта алуу менен бирге аларды далилдей алышы керек экендигин билдирет. Эгерде окутуу коммуникативдик негизге коюлган болсо, анда тилдин грамматикасын үйрөнүү өзүнчө максат эмес. Ал студент окуган, уккан жана сүйлөгөн материалдын мазмунунун маанисин түшүнүүгө каражат катары гана колдонулушу керек. Азыркы убакта көп мамлекеттерде тил үйрөнүү негиздеринин эң маанилүүсү болуп, коммуникативдик негиз эсептелет. Коммуникация деген эмне? Коммуникация — бул карым-катнаш түзүү процесси. Студенттер тил боюнча алган билимдерин ар түрдүү маалыматты берүүдө колдоно алышы керек.

Ал эми окутуу ишин жаңыча чыгармачыл багытка буруу инновациялык методдорун колдонуу керек. Бул иш чара бир кыйла өнүккөн өлкөлөрдө практикаланып, өзүнүн жемишин берүүдө. Мында эн башкы көңүл теориялык маалыматка басым жасалбастан, алгач билимин практикада колдоно алганга бурулат.

Студенттердин жакшы билим алуусуна мугалим жогорку чеберчилик менен иш алып баруусу зарыл. Сабак өтүүдө интерактивдүү ыкманын кодонулушу студент оюн ачык айтууга эл алдында сүйлөөгө сабакта өзүн эркин алып отурууга шарт түзөт. Бул ыкма студент менен окутуучунун ортосундагы ачык диалог.

